**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин чыгармалары**
**Кошумча окуу китептер сериясы: 13**

# Олжобай Каратаев
# КЫРГЫЗ ЭТНОНИМДЕР СӨЗДҮГҮ

Бишкек-2003

www.bizdin.kg

**Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Yaynları: 40**
**Yardımcı Ders Kitapları Dizisi: 13**

**OlcoBAy KARATAYEY**

# KIRGIZ E TNONİMLER
## (BOY VE KABİLE ADLARI)
# SOZLUGU

**Bişkek-2003**

www.bizdin.kg

ББК81.2Ки
К - 21

**Рецензент: Доцент М.Кожобеков.**

**К-21 О.Каратаев Кыргыз этнонимдер сөздүгү. — Б.: 2003.-265 б.**

**ISBN 9967-21-621-2**

Китепте кыргыздардын урук, уруу, этнографиялык топ, эл аттары кыргыз таануудa алгачкы ирет тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык комплекстүү изилдөөгө алынган. Кыргызстанда жарыяланган жана чет жердик илимпоздордун эмгектери, чыгыш жазма булактарынын маалыматтары, автордун эл арасынан жыйнаган материалдарынын негизинде 1065 этнонимге иликтөөлөр жүргүзүлдү. Китеп студенттерге, мугалимдерге, аспиранттарга, жогорку окуу жайлардын окутуучуларына, илимий кызматкерлерге арналып жазылды жана элибиздин тарыхын аздектеп окугусу келген ар кимди кайдыгер калтырбайт.

К 4602000000-03 ББК. 81.2Ки
ISBN 9967-21-621-2

© О.К.Каратаев
© Кыргыз-Түрк «Манас» университети, 2003

Cengiz BUYAJ*

**cengizbuya** r@hotmaH.com

*Бул китепти атам Кубатбектин,*
*карындашым Айжаңылдын жаркын элестерине арнаймын.*

Азия аймагынын эң байыркы элдеринен болгон кыргыздардын этникалык тарыхында, этногенезинде, тарыхый лексикасында бүгүнкү күндөргө чейин чечилбей келе жаткан бир катар ургаалдуу, илим чөйрөсүнө маалым түйүндүү маселелер бар. Ал маселелер кыргыздардын эзелки доорлордон соңку мезгилдерге чейинки тарыхына, лексикасына, материалдык жана руханий маданиятына байланышкан. Бул маселелерге жооп табууда ономастикалык маалыматтардын, айрыкча, этнонимиянын мааниси зор экендигин илимге киргизилген жаңы көз караштар, кыргызтаануу, түркология багытындагы көтөрүлгөн проблемалар айгинелеп турары баарыбызга маалым. Этноним (грекче этнос "эл", онома "ат, аталыш") - элдердин, уруулардын, уруктардын жана алардын түрдүү тарамдарынын аталышын туюнтат. Этнонимдер тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык баалуу маалыматтарды камтып, илимде өтө маанилүү булак катары колдонулары эбактан эле далилденгени да ырас. Ириде, уруу-урук ата" лыштары элдин этникалык тарыхын, курамын, этногенезин, көөнө маданиятын изилдөөдө, анын айрым бир баскычтарын калыбына келтирүүдө зор мааниге ээ. Ошону менен бирге, этникалык аталыштар кыргызтаанууда кээ бир түйүндүү маселелерде жазма жана башка булактарга салыштырмалуу так, баалуу фактыларды бере алары калетсиз. Маселен, этнонимдердин тил илиминдеги маанилүүлүгүн эске алсак, өткөн доорлордун түпкүрүнө кеткен, нечендеген кылымдар илгери пайда болгон энчилүү уруу-урук, эл аталыштары көөнө алтай, байыркы түрк дооруна таандык болгон фонетикалык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрүн сактап калган.

Этнонимия кыргыздардын курамындагы эң байыркы этникалык компоненттерди гана чагылдырбастан, элибиздин тектеш түрк жана монгол, тунгус-манжур элдер менен этногенетикалык, этномаданий байланыштарын, жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө зор булак катары кызмат кылат. Анткени, иликтөөлөрдүн натыйжалары кыргыздар менен аталган элдердин ортосундагы маданий-этникалык терең алакалардын болгондугун көрсөттү. "Кыргыз" этнокомпонентинин бир эле учурда башкыр, саха-якут, тува, сары югур (сары угур), алтайлыктар (алтай-кижи, куу-кижи, телеут, теленгит, майма, телес ж.б.), хакастар (качиндер, сагайлар, белтирлер, кызылдар ж.б.) лакай, катаган ж.б. элдердин курамдарында болушу, эбегейсиз зор аймактардагы этникалык чөйрөгө кыргыздардын тийгизген таасирин, көөнө этникалык алакаларын чагылдырары шексиз. Иликтөөлөр жогорудагы элдердин курамдарындагы "кыргыз" уруктарынын (урууларынын), эн тамга белгилеринин этногенетикалык жалпылыктарын аныктады. Бул болсо, кыргыз этнокомпонентинин өтө байыркылыгын далилдөө менен бирге, аталган элдердин этногенезисине кыргыздардын катышуу деңгээлин чагылдырат. Байыркы кытай жыл баяндарындагы, түрк руникалык (Орхон-Енисей, Талас, Кочкор жазуулары) жазуу эстеликтериндеги, араб графикасындагы булактарда эскерилген элдердин, уруулук бирикмелердин, уруу-уруктардын энчилүү аттарынын басымдуу бөлүгүнүн параллелдери кыргыз этнонимиясында сакталыш калгандыгын окурман китепти окуганда ынанат. Илимий негиздүү фактылар кыргыз этносунун тегинин байыркылыгын, бабаларыбыздын жазуу салты бар көөнө маданиятын, аскердик куру-

www.bizdin.kg

луш түзүмүн, мамлекеттик башкаруу системасын өнүктүрүүгө кошкон салымын далилдей алат. Анткен себеби, бул тарыхый фактылардын баары тең этникалык аталыштарда, алардын тарыхында жашап келет.

Уруу-урук, эл аталыштары аркылуу кыргыздардын этникалык курамына өнүгүүнүн түрдүү тарыхый баскычтарында жуурулушкан эзелки угро-фин, тунгус-манжур, огуз-түркмөн, кыпчак, монгол ж.б. этнокомпоненттерди байкоого болот. Ошону менен бирге, бул тарыхый булактар аркылуу бабаларыбыздын эзелки мифологиялык-диний (тотемизм, шаманизм) көз караштарын, түшүнүктөрүн, сырткы курчап турган дүйнөнү аңдап, туюп-билүүсүн (космостук - мейкиндик, географиялык-аралыктык түшүнүктөр, жаратылыштын кубулуштары ж.б.у.с.) окуп-билүүгө болот. Мындан сырткары, этникалык аталыштардагы маалыматтар кыргыздардын байыркы чарбалык-маданий укладдары, каада-салты, иерархиялык-башкаруу системасы жана анын титулатурасы ж.б. маселелер боюнча өтө баалуу илимий материалдарды бере алат. Ошону менен бирге эле, кыргыз этникалык аталыштарында байыркы кыргыз лексикасы сакталып калгандыгын белгилей кетүү зарыл.

Сөздүктө тарыхый процесстер менен кубулуштарды иликтеп, аны ийине жеткирип сыпаттоодо тарыхый-этнографиялык, археологиялык булактар, иликтөөлөр, элдик фольклордун маалыматтары менен катар тил илиминин каражаттары зор көмөк болоруна ынандык. Таанымал ономасттар В.А. Никонов, А.И. Поповдор изилдөөлөрүндө:"...этноним бул сөз, калган сөздөр сыяктуу эле тил илиминин мыйзамдарына баш ийет" (Никонов, 1970, 25), же тагыраак айтканда,"этнонимиялык изилдөөлөр тарыхый жана тилдик маалыматтарга негизделген, ошондуктан аны тарых же тил илиминде жекече кароого мүмкүн эмес" (Попов, 1965, 59) дешкен.

Эмгектеги материалдар фольклордун бир жанры болгон, муундан-муунга, атадан-балага мурас катары эзелтеден айтылып келе жаткан элдик санжырадан, тарыхый булактардан, илимий изилдөөлөрдөн алынды. Ч.Валиханов, В.В. Радлов, С.М. Абрамзон, Я.Р. Винников, А.Сыдыков, Л.П. Потапов, С.Аттокуров, В.Я. Бутанаев, К.Абышкаев, Э.Маанаев, Т.К. Чороев (Чоротегин), Д.Исаев, А.Боронов, Ө.К. Караев, И.Б. Молдобаев, Р.Г. Кузеев, Л.П. Потапов, В.Я. Бутанаев, Ю.С. Худяков ж.б., Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын Кол жазмалар жана аларды жарыялоо бөлүмүндөгү материалдар, белгилүү чыгыш илимпоз иликтөөчүлөрдүн, эски тарыхчылар Махмуд Кашгари, Рашид ад-Дин, Абул Гази, Сайф ад-Дин Аксикенди, Шаакерим, Осмоналы Сыдык уулу, Белек Солтоноев ж.б., санжырачылар Жапар Кенчиев, Тургунбай уулу Абдушарип, Жаңыбай уулу Сапарбай, Ракым уулу Абдыш, Т.Супатаевдин ж.б., автордун калк арасынан жыйнаган материалдары пайдаланылды. Жалпысынан сөздүктө 600дөн ашуун адабияттардан шилтемелер берилди. Айрым уруу-урук аталыштарынын генеалогиялык схемасы боюнча кээ бир так эместиктер, жазууда кеткен тилдик, стилистикалык мүчүлүштөр учурашы толук мүмкүн. Ошондон улам кезиккен айрым өксүктөр болушу мүмкүн, келечекте бул эмгекти толуктоо, тактоо керек болоруна ишенемин. Калк арасында катылып жаткан жаңы маалыматтарды жыйнап, илим айлампасына киргизүү, аны окурман назарына сунуштоо, кудай буюрса, улана бермекчи.

www.bizdin.kg



**Ават** - ичкиликтер (булгачы) уруулук тобундагы ири уруулардын бири. Этнонимдин параллелдери "аба" формасында алтайлыктардын (телеуттар) жана шорлордун курамында бар экендиги маалым (Потапов, 1969, 168-169). Ават - аба + т; -т мүчөсү бурят-монгол тилдеринде көптүк маанини туюнтат. Байыркы сөз жасоочу мүчөнүн колдонулган, таралган ареалы абдан кенен. Мисалы, тунгус тилдеринде бул мүчөнүн фонетикалык -тан / -тен, манжур тилинде -та / -те, байыркы корей тилинде -тен формаларынын болгондугу белгилүү (Рамстедт, 1957,59). Д.Е. Еремеев бир катар далилдүү маалыматтарга таянып, -т мүчөсү уланган түрк этнонимдери монгол тилдеринин таасири астында XIII кылымдан кийин гана калыптанган деген пикирин айтат (Еремеев, 1970, 38). Бул уруунун тегин байыркы "аба" уруусу менен параллели катары караса болчудай. "Аба" - теле урууларынын бири катары Суй династиясынын жыл баяндарында батыш түрктөрдүн мамлекетинин курамындагы уруу болгондугу эскерилет (Потапов, 1969,169). Аба же абиндер XVI-XVIII кк. бүгүнкү алтай-телеуттарга кошуна жашашып, негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенишерин И. Гмелин жана И.Георги изилдөөлөрүндө белгилешкен. Л.П. Потапов да бул уруунун чыгыш тегин байыркы "аба" уруусу менен жакын байланыштырат (Потапов, 1969, 169). Курамына "аба" уругу кирген алтай-телеуттар этногенетикалык жактан кыргыздар менен жалпылыгы илим чөйрөсүндө далилденип келет.

**Агынай** – саруу уруусундагы бош моюндун курамындагы урук (Абрамзон, 105). Агынай "Манас" дастанында эпизоддук кейипкер катары катышкан. Агынай Каныкейдин атасы Кара хандын бир тууганы экендиги баяндалат ("Манас". Энциклопедия, Т.I, 33-б.). Параллели казактардын курамында "агынай" формасында кездешет (Молдобаев, 1995, 142).

**Адий** - Адигиненин бөрү уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 105). Антропоэтноним. Ади - ар. башкаруучу, жетекчи, кол башчы маанисин берет (Жанузаков, 1982, 127).

**Адык** - тынымсейит уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 105). Этноним сөздүн байыркы формасын сактап калган. Энчилүү атты байыркы замандардан белгилүү жана кенен таралган тотемдерден болгон "аюу" менен байланыштырууга болот. С.М. Абрамзондун далилдөөсүндө "адыг" - мааниси "аюу" дегенди аныктагаи тотемдик этноним (Абрамзон, 1946, -№ 3, 126; История Кыргызской ССР. Т.I, 1984, 440). Аюу - байыркы түрк тилдеринде сүйлөгөн урууларда, элдерде "адыг", "азыг" формаларында кездешет. Тувалардын тилинде аюу - "адыг", хакас диалектилеринде "азыг", "адыг" деп айтылат (Щербак,1961, 131). Түштүк Сибирдин түрк элдеринде аюуга тотем-жаныбар катары сыйынуу өтө кенен таралганы маалым.

**Адына** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 105). Антропоэтноним. Адына - ир. 1. Одина - бойолгон, бойок; 2. Мусулманча жума күн; майрам (Жанузаков, 1982,27). Энчилүү ат ислам дининин таасири астында келип чыккан.

**Адыр** -бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 105). Этноним жер шартынын рельефине байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. Адыр - дөңсөөлүү жерлер (Юдахин, 23).

**Ажы** - найман, солто, сары багыш урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 105). Ислам дининин таасири менен келип чыккан. Ажы 1. дин. Меккеге барып, кудайга сыйынып, зыярат кылып кайткан же Меке жолунда каза тапкан мусулмандардын ардактуу наамы жана ушундай наамы бар адам. 2. Мекеге болуучу ушундай зыяратчылык. Ажыга баруу (КТТС, 29). Антропоэт-

www.bizdin.kg



нонимдин параллелдери казак, түркмөн, кара калпактардын уруулук курамдарында бар (Жданко, 1950, 37; Жанузаков, 1982, 164; Атаниязов, 1988, 14).

**Ажыбай** – солто (талкан), чекир саяк (курманкожо) уруктарынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон,105). Антропоэтнонимдер. Параллелдери мундуздарда "ажыбай мундуз", казактарда "ажибай" формаларында кездешери маалым (Жанузаков, 1982, 164).

**Ажыбек** – баргы, коңурат, саруу, солто, чекир саяк урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 105). Антропоэтнонимдер. Параллелдери казак жана түркмөндөрдүн курамдарында "ажыбай", "ажыбег" формаларында бар (Жанузаков, 1982, 164; Атаниязов, 1988, 14).

**Азбердижаман** - кыпчак уруусунун курамындагы урук. Параллели казактарда "азберген" формасында кездешет (Жанузаков, 1988,164).

**Азгалы** – бостон уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 196). Этнонимдин параллели чоң багыш уруусунда "аскалы" формасында кездешет. Хакастардын койбал уруусунда "аскачы" аттуу сөөк (урук) бар экендиги белгилүү (Бутанаев, 1990, 67). И.Б. Молдобаев өз изилдөөлөрүндө аскалы//аскачы урууларынын теги жалпы бир негизде экендигин билдирет (Молдобаев, 1995, 114). Кыргыз тилинде -чы; -лы мүчөлөрү "кайсыл жерден", "кайсыл жердик" деген маанини түшүндүрөт. Этникалык аталыштардагы окшоштуктар түпкү жалпылыктан кабар берери шексиз.

**Азоо** – черик уруусунун курамындагы уруктун аталышы (Абрамзон, 107). Этнонимдин параллели кыргыздарга теги жакын болгон лакайларда "азоо" формасында учурайт (Кармышева, 1954, 46). Бүгүнкү кыргыз тилинде азоо - "тынчыбаган, ээ-жаа бербеген", "алып-учкан" маанисин берет (КТТС, 24). Болжолу, этникалык аталыш лакап аттан улам келип чыккан.

**Азоо булаш** – жору уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 69). Лакап этноним. Булаш – күч менен тартып алуу, талап-тоноо (Юдахин, 157, 158). Этнонимдин параллели лакайлардын курамынан «азау» формасында кездешери маалым (Кармышева, 1976, 99-101).

**Азык** – оң канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 105). Этнонимди байыркы түрк руникалык жазууларда чагылдырылган "аз" (аздар) этникалык аталышы менен байланышта кароого толук негиз бар. Аздар байыркы кыргыз доорунда (VI-IX кк) азыркы Туванын батыш аймактарын мекендешкендигин тарыхый булактар тастыктап келери маалым (Потапов, 1969, 166). Географиялык өңүттөн караганда, бул аймак IX к. чейинки Кыргыз каганатынын түштүк-чыгыш чектери менен тутумдаш болгон. Даректүү тарыхый булактар байыркы аздардын кыргыздарга кошуна жашагандыктарын баяндайт (Орхон-Енисей текстери, 1982, 67-б; Бартольд, 1991, 139). Кыргыздардын жана аздардын ортосундагы этникалык түз алакалар дал ушул тарыхый мезгилдерден (VII к.) башталышы ыктымал. Ошону менен бирге, бир эле учурда аздар байыркы кыргыздардын уруусу болуусу да толук мүмкүн. Аздарды б. з. 706-жылы Билге-Каган (Могилян-Каган) жеңилүүгө учуратса, Күл-Тегин 716-жылы биротоло баш ийдирип алгандыгы маалым. Ушул окуялардан соң көз карапдысыздыгын жоготкон аздар батышты көздөй журт которушуп, түрктөрдүн курамына киришти (Потапов, 1969, 166-167). В.В. Бартольд VII к. Жети-Суудагы түрктөрдүн курамындагы "азийлер" менен байыркы "аз" элин этникалык жакындыкта карайт (Абрамзон, 1990, 50-51). Л.П Потапов бир катар маалыматтарга таянып, аздар алгач, VII к чейин теле конфедерациясынын курамына кирген деген иикирин айтат (Потапов, 1969, 167). Ал эми кытай жыл баяндарын-

www.bizdin.kg



да азыктар (ассиги) кушчу (гэшу) уруусу менен бирге, VI-VII кк.Батыш Түрк каганатынын Нушиби аймагына киргендиги эскерилет (Бичурин, 1850, Т. I, 288-289). X к. анонимдүү фарсы тилиндеги жазма булак "Худуд ал-Алам" ("Ааламдын чектери"), XI кылымдагы перс географы Гардизи аздарды огуз-түркмөндөрдүн бир бөлүгү катары баяндашат (Потапов, 1969, 167). Албетте, бул маалыматтар аздардын батышты көздөй журт которгонунан кийин жазылганы ырас. Кийинчерээк "аз" этнокомпоненти кыргыздардын курамына "азык", алтайлыктарга (телеуттар) "төрт ас" формаларында кирищти. Буга аталган "төрт ас" этноними менен кыргыздардагы " төрт тамгалуу азык"уруусу далил боло алат (Абрамзон, 1990, 51). Болжолу, алтайлыктардын курамындагы "төрт ас" этнокомпоненти кыргыздар аркылуу келип кирген. Азы+к; -к мүчөсү чыгыш теги боюнча байыркы гана болбостон, көптүк санды билдирип, түрдүү этнонимдердин жасалышына катышат. Байыркы түрк тилдеринде көптүк маанини билдирүүчү бул мүчө продуктивдүү колдонулган (Серебренников, Гаджиева, 1979, 88). Арийне, азык этнониминин эң байыркы формасы катары тотемдик "Azıq" сөзүн (мааниси боюнча - "аюу") алууга да мүмкүн (ДТС,13). Мындай болгондо, этноним Борбордук Азиянын аймактарында жашаган уруулардын аң-сезимине кеңири тараган тотем-жаныбарга (аюу) сыйынуунун негизинде келип чыгышы толук мүмкүн. XI к."азык" сөзү огуз, кыпчак, ягма тилдеринде "аюу" дегенди түшүндүргөнү ырас (Махмуд Кашгари. Индекс-словарь, с.13). Байыркы түрк тилдеринде көпчүлүк учурда сөздүн ортосунда **-з** (азак), **-д** (адак) тыбыштарды колдонулгандыгы маалым. Назарыбыздагы фактылар этнонимдин байыркылыгын, ал эми азык уруусу - кыргыздардын курамындагы эзелки этнокомпонент экендигин ырастайт.

**Ай баш** – мундуз уруусунун курамындагы урук, этникалык аталыш катары орто кылымдардан белгилүү. Сайф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму ат-Таварихинде" (XVI к.) ай баш мундуз кыргыздын сол канатындагы өз алдынча уруу катары чагылдырылат (МИКК, 1973, 207). Этнонимдин параллели өзбек-коңураттардын курамынан "ой баш" формасында кездешет (Кармышева, 1976, 90-93). Р.Г. Кузеев "ай" компоненти жалганып айтылган түрк элдериндеги уруу, уруктардын тегин байыркы түркмөн-огуздардын этникалык чөйрөсү менен байланышта караган пикирин айтат (Кузеев, 1974, 203).

**Айдармат** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук. Бул уруктун өкүлдөрү учурда Ноокаттын Төөлөс айылын байырлап келишет.

**Ай тамга** – дөөлөс (алангар) уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Аттокуров, 1995, 204). Бул топко төмөнкү уруктар кирет: 1. буйга; 2. бөлтүрүк; 3. шапан; 4. дунук; 5. качканак; 6. дөрбөн; 7. карагайлы.

**Ай тамга** - жору уруусунун курамындагы урук. Этноним уруулук эн тамганын аталышынан келип чыккандыгы байкалып турат. Ай тамга - саруу, солто урууларынын эн тамгалары, урук аттары катары да белгилүү. Байыркы этнонимдин параллелдери башкыр, өзбек-коңурат, түркмөндөрдүн уруулук курамында кездешет (Кузеев, 1974, 200-204; Кармышева, 1976, 90-93; Атаниязов, 1988, 15).

**Ай тамга** - саруу уруусундагы уруктун, эн тамганын, солто уруусунун эн тамгасынын аталышы катары белгилүү (Абрамзон, 105). Этнонимдин параллелдерин өзбек-коңурат, түркмөн, башкыр ж.б. элдердин уруулук курамдарынан учуратууга болот (Кармышева, 1976, 90-93; Атаниязов, 1988, 15; Кузеев, 1974, 202-204; Молдобаев, 1995, 182). Башкыр этнографы Р.Г. Кузеев көп жылдык өзүнүн изилдөөлөрүндө башкырлардагы эң ири "ай" уруусунун чыгыш тегин байыркы огуз-печенег этникалык чөйрөсү менен байланыштырган жыйынтыкка

www.bizdin.kg



келет (Кузеев, 1974, 202-203). Чынында эле, орто кылымдарда огуз урууларынын (XI к.) биринин эн тамгасы (жувалдар уруусу) формасы жагынан кыргыздардагы ай тамгага окшоштугу аныкталды (караңыз: Махмуд Кашгари Т. I, 1960, 90). Буга кыргыздын солто уруусундагы эн тамга, анын формасы, уруунун түпкү бабалары деп эсептелген Эштек (башк. Истяк) генониминин бүгүнкү башкырлардагы ынанымдуу параллелдери мисал боло алат.

**Ай туу** – солто уруусунун курамындагы негизги уруктардын бири катары эсептелет (Абрамзон, 1960,Т.IV, с.26). Этнонимдин биринчи компоненти “ай” - уруунун эн тамгасын (“ай тамга” же “ай тамгалуу солто уруусу”) аныктайт. Экинчи компоненти “туу”; “туу-тоу” бир маанини туюнтушу мүмкүн. Кытайлар Чыгыш Түркстандын мусулман-түрктөрүн (кыргыз, уйгур тажик ж.б.) “чантоу” деп аташкан. “Чан” - кытай тилинде “чалма”, ал эми “тоу” - “баш” маанисин аныктайт(Малов, 1957, 140). Демек, этноним “ай баш”, же “ай тамгалуу уруу, урук” маанисин туюнтушу ыктымал. Ай туу (тоу) - «ай баш» этникалык аталыштарынын маанисин синонимдеш сөздөр катары кароого болот.

**Айдарбек** - саруу, солто, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 105). Антропоэтнонимдер. Айдар: ар. ”арстан” маанисин берет (Жанузаков, 1982, 129).

**Айкөө** - сары багыш уруусундагы жантайдын курамындагы урук. Бул уруктун өкүлдөрү Чоң Кемин аймагын мекендеп келишет.

**Айт мерек** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 105). Этнонимдин биринчи компонентин төмөнкү маанилерде чечмелесе болот: 1. дин. Ислам динindеги элдердин жылына бир жолдон майрамдоочу диний майрамы (мисалы, Орозо айт, Курман айт). 2. Өзүнүн оюн сөз менен түшүндүрүү, бир нерсе жөнүндө баяндоо, сүйлөө (Юдахин, 44). Мындан сырткары, үркүтүп-чочутууда ж.б. колдонулат. Экинчи компоненти ”мерек” - иран тилинде “кан-жар” маанисин аныктайт (Юдахин, 525). Этнонимдин фонетикалык өзгөргөн формасы “айт маарек” - “айтыңар кабыл, куттуу болсун” дегенди да туюнтушу мүмкүн.

**Айтбай** - сары багыш (манап), солто (талкан) урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон,105). Антропоэтнонимдер. Айтбай: ар. эйдь - майрам (Жанузаков, 1982,129).

**Айтуу** – солто уруусунун курамындагы урук. С.М. Абрамзон саны анчалык көп эмес бул урукту Козордон тарарын белгилейт (Абрамзон,1960,Т.IV,с.26). Этникалык аталыштын параллелдери күнтуу(күнтү), чанту формаларында казак жана лакайлардын курамдарында бар (Жанузаков,1982,168,173; Кармышева, 1954, 11).

**Айтыке** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 105). Антропоэтноним. Сөздүн уңгусу айт(ы) - дин. ислам дининдеги элдердин жылына бир ирет майрамдоочу диний майрамы (КТТС, 44). Энчилүү аттын экинчи компоненти -ке мүчөсү кыргыз тилинде тууганчылыкты, кичирейтүү, эркелетүү маанилерин берет. Ушул эле мүчөнүн жардамы менен адамдардын энчилүү аттарын (антропонимдер) эркелетүү же сыйлоо формалары жасалат.

**Ак багыш** - тынымсейит уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, ТКАЭЭ., 1960, Т.V). (Караңыз: багыш этноними - О.К.)

**Ак барак** - кыпчак уруусунун (жаманан) курамындагы урук (Шаниязов, 1974,118). Этникалык аталыш орто кылымдардан белгилүү, мааниси “ак ит” (барак-ит) дегенди туюнтат. Этнонимдин негизинде байыркы тотемистик көз караш, түшүнүк жатат (караңыз: барак этноними). Параллелдери казак, түркмөн, кара калпактардын курамдарында бар (Жанузаков,1982,166;Атаниязов,1988,15).

www.bizdin.kg



**Ак баш** - басыз, мундуз урууларынын курамдарындагы уруктар. Ак-Баш топонимикалык аталыш катары белгилүү (Сузак району, Ак-Баш айылы). Параллели лакайлардын курамында бар (Кармышева, 1976, 99-101). Мындан сырткары. этноним топонимикалык аталыш катары Тоолуу Алтай жергесинде да чагылдырылат (Молчанова, 1979, 123).

**Ак бото** - кыпчак, кушчу, баргы урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 106). Экинчи компоненти "бото" 1. Төөнүн тайлакка чейинки жаш төлү. 2. Өтмө мааниде - "бала" (КТТС, 176). Энчилүү ат адамдарды кичирейтүү, эркелетүү маанилеринен улам келип чыгышы мүмкүн.

**Ак буура** - баргы, солто урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 106). Басыз уруусунун аскердик ураны "ак буура" деп чакырылгандыгы маалым. Ак буура - "тукумдатуучу төө" маанисин берет (КТТС, 1984, 198). Этноним байыркы доордогу ыйык жаныбар катары сыйынышкан төөгө байланыштуу келип чыккан. Төөнүн тотем-жаныбар катары ишенимдин калыптанышын, анын көчмөндөр турмушундагы ролун таанымал иликтөөчүлөр Л.П. Потапов (1935, 135), М. Боргояков (1975, 58) өз изилдөөлөрүндө кенен токтолуп өтүшөт. Тотемдик термин ("буура-бугра-богра"). Түштүк Сибирдин түрк жана монгол тилдүү элдеринде башка жаныбарлардын аталышын да түшүндүрөт. Мисалы, монгол, якуттардын тилдеринде "бур + а" - бугу, сойоттордо -багыш, ал эми алтайлыктарда (алтай кижилер) курмандыкка чалынуучу жаныбарды туюнтат (Вяткина, 1933, 50). Караханийлер дөөлөтүндө төөнүн мамлекеттик деңгээлдеги тотем-жаныбар болгондугун ырастаган далилдер бар (Бартольд, 1963, 505; Караев, 1975, 177-178). Мындан сырткары, ушул мамлекетте Буурахан (Богра-хан) титул катары жогорку бийлик мансабын да билдирген. С. М. Абрамзон солтонун курамындагы ак буура уругун адигине уруулук тобунан келип киргендигин белгилейт (Абрамзон, 1960, Т.IV, с.24).

**Ак буура** - геноним. Элдик санжыранын маалыматтары боюнча Сабатайдан Ак буура туулат. Ак буурадан коңурат, бөксө уруулары тарайт (Информатор: А. Тургунбаев, мундуз уруусунан, Базар-Коргон району, Жалал-Абад облусу).

**Ак буура** - сол канаттагы басыз уруусунун аскердик ураны катары белгилүү. Этнонимдин экинчи компоненти "тукумдатуучу төө" маанисин берет (КТТС,138). Орто кылымдардагы түрк урууларында буура - тотем, мансап адамынын титулу, курмандыкка чалынуучу жаныбарды аныктаганы ырас (Бартольд, 1963, 505; Караев, 1975, 177-175; Вяткина, 1933 ,50; Урстанбеков,Чороев, 1990, 34). Ак буура - жаратылышта сейрек кездешүүчү ак төө, буура. Аскердик ураан катары кыргыздарда гана белгилүү. Түрк элдеринен кыргыз, казак, каракалпактар согуштарда аскер ураанын чакыруу салтын кенен пайдалангандыктары маалым. Аскердик ураан кошунду башкарууда, бирдиктүү жетекчиликти уюштурууда, жоокерлердин согуштук духун көтөрүүдө маанилүү роль ойногон. Согуш учурунда ураан чакыруу салтын печенег жана кыпчактар да колдонушкандыгын орус жыл баяндары тастыктайт (Рабинович, 1963, 299-300). Байыркы доорлордон туруктуу сакталып келе жаткан аскердик ураандар негизинен ата-бабалардын эрдиктерин даңазалап, уруулук символдорду, сыйынуучу ыйык жерлердин аталыштарын чагылдырат. М.Г. Рабинович тотемди аныктаган (айрым учурда жырткыч айбандар же канаттуулар) уруктун сыйынган объектисин чагылдырган аскер ураандары байыркы замандардан белгилүү болуп келет деген жыйынтыкка келет (көрсөтүлгөн эмгек, 307-б.). Мисалы, ак төөгө сыйынуу, аны курмандыкка чалуу мал чарбачылыгы менен кесиптенген көчмөндөр үчүн мүнөздүү көрүнүш болгон (Потаиов,

www.bizdin.kg



1969, 75). Бул көрүнүш өткөн кылымдарда казактарда кенен таралгандыгы маалым (Валиханов, 1958, 153-154).

**Ак ит** - солто уруусундагы бөлөкпайдын курамындагы урук (Абрамзон, 106). Жашоосу мал чарбачылыгына байланышкан элдерде уруу аттары үй айбандарынын энчилүү аттары менен атоонун өзүнчө бир мааниси, себептери бар. Ит - карышкыр сыяктуу эле байыркы көп элдердин, анын ичинде кыргыз урууларынын да тотем-жаныбары болгондугун ырастаган далилдер бар (караңыз: С.М.Абрамзон, 1990, 305; Т.Баялиева, 1972, 19-21, Л.П. Потапов, 1949,122; С.Атаниязов, 1990, 9-б. ж.б.). Кыргыз санжыраларында айтылган мифологиялык сары иттер - тотемизмдин таасирлерин ырастагансыйт. “Кыргыздын ишениминдеги кызыл иттер жөнүндөгү мифология ислам дини кабыл алынгандан соң, бир топ бурмаланган” (Абрамзон, 1990, 305-306). Ит, барак, ногой (нохой) маанилеш этнонимдер. Ит байыркы кыргыздардын түшүнүктөрүндө ар түрдүү оорулардан, кокустуктардан, кайгы-муңдан арылтчу касиетке ээ болгон (караңыз: Т.Баялиева, 1972, 19-21). Кара кидандарда (кара кытайлар) жылдын күз мезгилинде туш келген майрамы “дан-хе-ми” (“ит баш”) деп аталган. Бул жамааттык майрамда мамлекеттин акими ак итти өз колу менен курмандыкка чалгандыгы жөнүндө маалыматтар бар (Толстов, 1933, 12-13). Ит тотем-жаныбар катары чыгыш теги карышкырга байланыштуу болуу керек жана адам баласы тарабынан эң алгачкы колго үйрөтүлгөн үй айбаны катары белгилүү. С.М. Абрамзон итке болгон байыркы ишенимди тотем-карышкыр менен бирдей түшүнүктө кароо зарылдыгын баса белгилейт (Абрамзон, 1990, 305- 306).

**Ак козу** – жедигер (асан) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров,1995, 175). Лакап этноним. Параллелдери казактарда “ак козы”, “козы”формаларында кездешет (Жанузаков, 1982,165, 170).

**Ак колу** - кандгы уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллели топоним катары белгилүү. Ак-Кол ашуусу, Талас району (СГНК, 1988, 15). Кандылар XI-XIII кк. Ысык-Көл, Талас аймактарын мекендегендиктери маалым (Абул Гази, 1906, 34). В.В. Бартольд Чүй суусуна жамаатташ аймактарды жердеген кандыларды кара кытайлар сүрүп чыгарганын жазат (Бартольд В.В, Т.I, Ч.I, 294). Талас жергесиндеги Ак-Кол деген ашуу уруктун энчилүү атына байланыштуу (этнотопоним) келип чыгышы мүмкүн.

**Ак кулак** - сары багыш, саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 106). Лакап этноним. Этнонимдердин параллели түркмөндөрдүн арабачы уруусунда “ак гулак” формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 16). С.Атаниязов бул этникалык аталышты “ак чачтуулар” маанисинде да чечмелейт (Атаниязов, 1988, 16).

**Ак көйнөк** - багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 106). Лакап этноним. Этнонимдин параллели түркмөндөрдө “ак койнек” формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 17). Кыргыздын бугу (кыдык) уруусунун ичинде “кара көйнөк” аттуу урук аталышы бар.

**Ак күп** - бугу уруусундагы желдеңдин курамындагы урук (Абрамзон,106). К.К.Юдахин бул сөзгө төмөнкүдөй мааниде аныктама берет: 1. Ак күп - балапандын денесиндеги пайда болгон жаңы назик түк; 2. Кыргыздын активдүү жаштарына айтылган тамаша сөз (Юдахин, 468). Этноним лакап аттан улам келип чыгышы мүмкүн.

**Ак кыпчак** – кыпчак уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу, 1995, 158). Этнонимдин параллели Өзбекстандын Самарканд аймагындагы кыпчактардын курамында бар. Айрым маалыматтарга караганда ак кыпчактар бул ай-

www.bizdin.kg



макка (Самарканд аймагы) XVIII-XIX к. азыркы Түштүк Казакстандан көчүп келишкен (Шаниязов, 1974, 129-130). Бул уруктардын түпкү теги бир болуу керек. Этнонимдин биринчи компоненти "ак" уруктун (уруунун) географиялык жайгашуусун аныктары ыктымал. Бүгүнкү хакастардын курамында "ак хыргыс" аттуу сөөк (урук) бар экендиги маалым (Бутанаев, 1990, 65). «Ак» компоненти этникалык топтун же бирикменин географиялык жайгашуу абалына байланыштуу келип чыгышы мүмкүн.

**Ак найза** - найман уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин келип чыгышы кыргыздардын байыркы жоокерчилик доорлору менен байланышкан. Этнонимдин параллелдери жалаң найза (жетиген), кыр найза (баргы), кан союл (мунгуш) ж. б. формаларда кездешет. Арийне, мындай маанидеги этнонимдердин лакап аттан келип чыгышын аныктаган фактылар да кездешет.

**Ак терек** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 106). Этноним байыртадан белгилүү болгон, ыйык деп эсептелген дарактардын бири - бай терекке байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. "Манас" үчилтигинде касиеттүү "бай терек" жөнүндө кызыктуу маалыматтар баяндалат (Абрамзон, 1990, 303 - 304). "Манас" эпосунда чагылдырылган "бай терек" дүйнөлүк дарак жөнүндөгү эзелки шамандык концепцияга дал келет (Молдобаев, 1995, 208-211). Түштүк Сибирдин түрк-монгол тилдүү урууларында, элдеринде карагайды, өзгөчө кайыңды ыйык тутуу(онгон уругунда) кенен таралганы маалым.Шамандар Көк Теңир менен байланышуу үчүн ритуал өткөрүүдө ыйык деп эсептелген уруулук (урук) дарактар көк асман менен байланыштыруучу милдетти аткарышкан. Этнонимдин параллели "бай терек" - (сары багыш), "беш терек" (баргы), казактарда да"бай терек" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 166). Мындан сырткары, казактын улуу жөзүндөгү канлы уруусунун аскердик урааны "байтерек" аталары маалым (Тынышпаев, 1925, 29). Ак Терек - айыл-кыштак, жер-суу аттары катары өтө кенен ареалга тараган (СГНК, 1988, 20).

**Ак тери** - саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 106). Этнонимдин параллели төркмөндөрдө "ак дере" формасында бар. Түркмөн уламыштарында бул урук ак койдун терисине оролгон абалда жолдон табылган баладан тарайт (Атаниязов, 1988, 16). Мындай маанидеги уламыштар түрк-монгол элдеринин фольклорунда кенен таралган. Маселен, кыргыздын Каба жөнүндөгү, байыркы кытай жыл баяндарындагы усундардын акими тууралуу санжыралык маалыматтарды параллель коюуга болот.

**Ак тондуу** – кытай (төмөнкү тамга) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 106). Лакап этноним. Тондуу уул - асырап алынган бала; тонсуз уул - өз бала (Юдахин, 810). Этнонимдин параллели өзбек-коңураттарда "ак тонлы" формасында учурайт (Кармышева, 1976, 90-93). Алтайлыктардын курамында (куманды, тубалар) "тон" аттуу чакан уруулар бар экени белгилүү (Баскаков, Тощакова, 1947, 217).

**Ак чубак** - черик уруусундагы ири уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 106). Этнонимдин параллелдери жору, саруу урууларыннын курамдарында бар. Махмуд Кашгари "Сөздүгүндө" этнонимдин экинчи компоненти (Cibaq) - "чибак"- ылаачын маанисин туюнтарын жазат (Махмуд Кашгари, Т.1. 369). Азыркы кыргыз тилинде "чубак": 1. Күндүн нуру. 2. Күндүн аптабы, ысыгы" дегенди түшүндүрөт (Юдахин, 873). Жырткыч куштар, мифологиялык канаттуу аргымак, багыш ж.б. байыркы мезгилдерде Көк Теңир менен Жердин ортолугундагы байланыштыруучу милдетти аткарса (шамандын минген канаттуу аргымагы, кушу ж.б.), анда этнонимдин баштапкы тотемдик маанисинин негиз болгон-

www.bizdin.kg



дугун болжолдоого болот. Демек, жыйынтыгында этноним "ак ылаачын" маанисин аныктайт дегенге толук негиз бар. Бул уруктар тобуна төмөнкүлөр кирет: дархан, жабыке, мамыке, жолуке, кытат ж.б. (Аттокуров, 1995, 85).

**Ак үйлүү мундуз** - мундуз уруусунун курамындагы ири урук (Аттокуров, 1995, 163). Этнонимдин параллелдери бүгүнкү түркмөндөрдө - "агөйли", көчмөн-өзбек урууларында - "ак үйли" формаларында кездешет (Атаниязов, 1988, 13; Абрамзон, 1990, 222). "Ак уйлик" термини орто кылымдардагы түрк тилдеринде (чагатай тили-О.К.) "барымта" маанисин аныктаган (МИКК, 1972, 241)."Ак үйлүү" терминининин биринчи мааниси "тектүү жерден барымтага кармалгандар" дегенди туюнтат. Урууну, элди баш ийдирип кармап туруу максатында, же болбосо эки мамлекеттин ортосундагы өз ара түзүлгөн келишимдин кепили катары тектүү адамдардын балдарын барымтага кармоо байыркы жана орто кылымдарга мүнөздүү көрүнүш болгон. Бул саясий-дипломатиялык ыкманы кытай династиялары да өтө кенен пайдалангандыктары маалым. Көчмөн элдерде барымтага кармалгандар (же берилгендер) хан сарайына жакын жердеги ак боз үйлөрдө сыйлуу туткун деңгээлинде, терең көзөмөл астында турушканы белгилүү. Бул тарыхый термин ("ак үй-лүү") ушул себептерден улам келип чыккан (Аннанепесов, 1984, 57-58). Экинчи мааниси түркмөндөрдө, ошондой эле, каршилик көчмөн өзбектерде уруунун ээлеген чегин кайтарган, үй-бүлө күтө элек боз уландардын тобун түшүндүрөт (Абрамзон, 1990, 224; Атаниязов, 1988, 13). С.М.Абрамзон көчмөн элдерде байыртадан туруктуу сакталып келе жаткан эзелки барымта салтын "Манас" дастанында да кенен чагылдырарын белгилейт (Абрамзон, 1990, 222).

**Ак эчки** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу, 1995,165). Болжолу, этникалык аталыштын чыгыш тегинде тотемдик негиз бар. Анткени, эзелтеден эчки-теке ж.б. кайберендер байыркы адамдарда аң уулоонун, бир эле учурда сыйынуунун объектиси болуи келген. Бул мифологиялык-тотемистик түшүнүк кыргыздын байыркы "Кожожаш" эпосунда да чагылдырылат. Параллели түркмөндөрдүн курамына "эркеч" формасында кездешери аныкталган (Атаниязов, 1988, 138).

**Акбай** - кушчу уруусунун курамындагы урук, топ (Абрамзон, 106). Антропоэтноним. Энчилүү аттын параллели саруу уруусунда(алакчындардын ичинде)бар.

**Аңгылдак** - саяк уруусундагы шыкмааматтын курамындагы урук (Абрамзон, 107). Лакап этноним. Тувалардын тилинде "аңгылаар" - "жекече болуу", "бөлүнүү" дегенди туюнтат (Тувинско-русский словарь, 1968, 62).

**Аким** – сары багыш уруусундагы манаптын курамындагы урук (Абрамзон, 106). Антропоэтноним. Аким – башкаруучу, бийлөөчү (КТТС, 35).

**Акман** - мундуз уруусунун курамындагы ири уруктун аталышы (Төрөкан уулу, 1995, 88). Акман - Базар-Коргон аймагындагы айылдын аталышы (этнотопоним) катары да маалым. Параллели казактарда "акбан" формасында кездешери аныкталган (Востров, Муканов, 1968, 88-89; Атаниязов, 1988, 17). Бул уруунун (уруктун) чыгыш теги орто кылымдардагы огуз-түркмөн этникалык чөйрөсү менен байланышта болуусу мүмкүн. Анткени, XII к. огуз-түркмөндөр "акман" жана "караман" деген ири уруулук бирикмелерге бөлүнгөндүгү маалым (Агаджанов, 1969, 227). Бүгүнкү Кытайдын Сюнхуа округун байырлап келишкен огуз (түрк) тилдүү саларлар өздөрүнүн түпкү бабалары катары легендарлуу Акман жана Караманды аташат (Атаниязов, 1988, 17). Кыргыз - огуз (түркмөн) этникалык алакалары орто кылымдарда өтө активдүү жүргөндүгүн этнонимиялык параллелдер (175 параллель) да аныктары шексиз.

www.bizdin.kg



Кыргыздардын этникалык курамына кирген огуз компоненттерине төмөнкүлөрдү мисал катары келтирсе болот: геклең (тейит), тек-рен (тейит), эрсары (кесек, тейит), түркмөн (каңды), йолатан (кыпчак) ж.б.у.с. (-ман мүчөсү боюнча караңыз: толуман, бычман этнонимдери - О. К.).

**Аксак бөрү** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 106). Этнонимдин параллели кыргыздын солто уруусундагы бөлөкбайдын курамында бар. Ушул эле кушчу уруусунун ичинде "сокур бөрү" аттуу урук бар экендиги маалым. Этноним, болжолу, лакап аттан улам келип чыккан. Параллели түркмөндөрдө "агсак" формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 13).

**Аксак кой** - кытай (төңтөгөр) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 107). Лакап этноним.Параллели түркмөндөрдө "агсак" формасында кездешери маалым (Абрамзон, 1988, 13).

**Аксылык** – мундуз уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,163) Топоэтноним.Этнонимдин Аксы аймагына байланыштуу келип чыккандыгы маалым. Бул аймакта мундуз уруусунун айрым топтору байырлашары аныкталган.

**Актамсопу** - каңды уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллели жер-суу аталышы (этнотопоним) катары Өзбекстандын Фергана облусунун Вуадил аймагында сакталып калган (Губаева, 1983, 33). Бул аймакты кыргыз уруулары (каңды, жоокесек, найман) эзелтеден мекендеп келишкен.

**Актачы** – найман уруусунун курамындагы урук. Академик Б.Ө. Орузбае-ва "акта" - монголчо "акта" = ат + чы; "атчы", "ат багуучу" деген маанини түшүндүрөрүн жазат (Орузбаева, 1980, 70). -чы, -ча морфемасы кесиптин, кыймыл-аракеттин маанисин билдирүүчү сөз жасоочу мүчө. Сөздүн уңгусу "акта" (ахта) П.М. Мелиоранскийдин пикири боюнча түрк жана монгол тилдерине монгол жеңип алууларынын учурунда фарсы тилинен XIII к. чектеринде кирген. Сөздүн алгачкы мааниси "бычылган ат" дегенди түшүндүрүп, кийинерээк жылкынын жалпы аталышы катары калыптанган (Щербак, 1961, 86). Этноним сөз катары эзелки формасын сактап калган.

**Актачы кыпчак** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 185). Бул уруктун өкүлдөрү Тажикстандагы Каратегин өрөөнүн байырлашат. Маалыматтар актачы-кыпчактар "үч куртка", "жеп кетер" деген эки чоң топко бөлүнөрүн баяндайт (караңыз: актачы).

**Ала даакы** - ават уруусунун курамындагы урук. Этноним лакап аттан (экзоэтноним) улам келип чыккандыгы байкалып турат. "Даакы" төмөнкү маанилерде чечмеленет: 1. Жаныбарлардын жазында түлөп түшүүчү жүнү; 2. Түгүн сыртын каратып кулундун терисинен жасалган тон. 3. өтм. Тытылып, самсаалаган, абдан эскирген кийим, төшөнчү ж.б. (КТТС, 228).

**Ала куржун** – багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 106). Лакап этноним.

**Ала көз** - дөөлөс, саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 106). Лакап этноним. Этнонимдин параллелдери түркмөндөрдүн сарык, йомут урууларында "ала гөз" формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 18).

**Ала көз** - саяк, черик урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 106). Лакап этнонимдер. Параллелдери тейит уруусунда "боз көз", багыш, кыпчак урууларында "көк көз", мундуз уруусунда "көз"формаларында кездешет. Бул урук аталыштары лексика-семантикалык жактан кыргыз этнонимдеринин анатомиялык лексикага байланыштуу жаралган тобуна кирет.

**Алагыр** - моңолдор уруусунун курамындагы урук. Этноним аркылуу

www.bizdin.kg



кыргыздардын тунгус-манжур элдери менен эзелки тарыхый байланышын, бир эле учурда бүгүнкү кыргыздардын курамындагы тунгус-манжур компоненттерин байкоого болот. Ала+гыр: гир/гыр/гур - эвенк тилинде "адамдар", "урук","уруу"маанисин аныктайт. Мисалы, гурагир (гуран)-"жапайы теке уруу-су", путугур-"каздар уруусу",куктыгыр-"күкүк уруусу", кандыгир-"өрдөк уруу-су" ж.б. (Анисимов, 1951, 194). Аталган эвенк урууларынын энчилүү аттары тотемизм менен түз байланышта келип чыккандыгы анык. Этноним алагыр "ала урук", "ала түстүү уруу" маанисин туюндурушу толук мүмкүн. Мисалы, алакчын ж.б.

**Алай** - баргы уруусунун курамындагы урук. Алай - топ, аскердик бөлүкчө, салтанаттуу жүрүш ж.б. Азыркы маанисинде рота, батальон деген аскер бирдигин аныктайт (Радлов, 1893, Т. 1, 354; Жанузаков, 1982, 129). Этнонимдин келип чыгышы байыркы түрк дооруна таандык. Алай - топонимикалык аталыш катары да маалым. Бул ат менен Ош облусунун аймактык-административдик бөлүнүүсү жана тоо кыркалары аталат.Мындан сырткары, Чоң-Алай, Алай-Куу деген жер аттары да баарыбызга маалым (Словарь географических названий Киргизской ССР, Фрунзе, 1988, 22). Эң кызыктуусу, бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуңунда (Хакас Республикасы) Алай-Берт аттуу жер аты кездешет (Бутанаев, 1995,23).

**Алакчын** - сол канаттагы саруу уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 106). Алакчындар адегенде "Цзю-Таншуда" (Тан династиясынын жыл баяндары, VII-X кк.) "Ге-ло-чжи", "э-ло-чжи", "бо-ма" (ала аттуулар уруусу) формаларында 638-жылы эскерилет. Ушул эле тарыхый жазма булакта алакчындар киргуттардын (кыргыздардын - О.К.) курамына кирген уруу экендиги баяндалат (Зуев, 1960, 124). "Бо-ма" (Алакчын) уруусу "Цзю-Таншуда" "ту-цюэлер" (түрктөрдүн) түндүккө карай 14 000 ли аралыкта көчүп-конуп жүрөшөт, 30 000 аскер коюуга чамалары жетет, алар турган аймакта кар көп жаайт, жерди соколуу ат менен иштетишет. Алардын жылкылары ала түстө, ошондон улам алардын жергеси Алакчын (Бо-ма - кытай транскрипциясы, VII-X кк.) деген ат менен белгилүү. Деңизге чукул байырлаган бул эл жылкы минишпейт, бирок анын сүтүн тамак-аш азыгы катары пайдаланышат. Цзе-гу (кыргыздар -О.К.) менен согуш абалында болуп турушат... (Зуев, 1960, 124). Болжолу, бул маалыматтардан кыргыздар өлкөсүнүн ээлигинин курамына кирген алакчындар уруусу айрым учурларда көз каранды эместикке ээ болуп турушкандыгын байкоого болот. Буга, албетте, Түштүк Сибирдин катаал жаратылыш шарттары, бул аймактардын ыраактыгы да себепкер болгондой. Байкал көлүнө туташ жерлерди мекендеген алакчындар кыргыздар мамлекети менен согуш абалында болушкандыгы жөнүндө маалыматтар бар (Кюнер Н.В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. - М., 1961, 52-53). VII-IX кк. Ангара дарыясы аркылуу жана кыргыздарга баш ийген чыгыштагы башка уруулар менен (кыштымдар - О. К.) алакчындардын ортолугунда табийгый чек ара өткөн (Савинов, 1985, 31-33).

"Түрк санжырасынын" автору Абул Гази Бахадур хан (XVI к.) төмөндөгүдөй маалыматты жазат: "...бул дарыянын (Ангара-Мурен) боюнда ири шаар жайгашкан, анын айланасында курчалган сандаган айыл-конуштарда көп сандуу уруулар жашашат. Алардын минген аттары абдан зор, түстөрү өңчөй ала келет. Алакчын деп аталган шаардан алыс эмес жерде күмүш кендери жайгашкан, ошондуктан алардын казан-табак, карапа идиштери бир өңчөй күмүштөн жасалат" (Абул Гази, 1906, 40). Алакчындар жөнүндөгү кытай жана мусулман булактарынын маалыматтары негизинен дал келет. Кытай жыл баяндарынын берген маалыматтарына караганда алакчындар (ала аттуулар уруусу) айрым учурларда

www.bizdin.kg



кыргыздарга көз каранды абалда калып турушкан. П.Пеллио Абул Газинин 1233 жана 1254-жылдардагы алакчындарга атайын жөнөтүлгөн монгол элчилиги тууралуу жазган маалыматтарына таянып, бул элди Енисей дарыясынын Түндүк муз океанына куйган жерине жайгаштырат. Ю.А. Зуев байыркы кытай жыл баяндарынын маалыматтарынын негизинде алакчындарды Байкал көлүнүн (кыт. "Бей-Хай") чыгыш тарабына жашайт деген (Зуев, 1960, 125). Демек,алакчындар түштүк-батыш тарантан кыргыздар, чыгыш тарабынан курыкандар менен чектешкен деген жыйынтыкка келсе болот. Кыргыздарга жамаатташ жашаган байыркы курыкандардын тукумдары болгон саха-якуттардын «Олонхо» дастанында Аан Алахчын аттуу жердин мифологиялык ээси жөнүндө уламыштар баяндалат (Бекмухамедова, 1995, № 2, 21). Ырас, «Олонходогу» бул маалыматтар бүгүнкү саха-якуттардын ата-бабалары болгон курыкандардын алакчындар менен байланышын тастыктары шексиз.

Алакчындар этникалык аталыштын мааниси аныктагандай эле байыркы түрк тилдеринин бир диалектисинде сүйлөшкөндөй. Г.Е. Грум-Гржимайло кыпчактарды "бо-ма" деген динлин урууларынын бир бутагы катары караса, Л.Н. Гумилев "бо-маларды" (алакчындар) өз алдынча мамлекеттик түзүлүшкө ээ, түстөрү ак жүздүү эл (уруу) болгон деп жазат (Грум-Гржимайло. Западная Монголия и Урянхайский край. Т. II, 59; Гумилев Л.Н. Динлинская проблема//ИВГО, Т. XCI., М-Л., 1859, 18-20). Л.Н. Гумилев бо-маларды эки жерге жайгаштырат: бир бөлүгү (түндүк бо-малар) бүгүнкү Саян-Алтайдан түндүгүрөөктө, калган бөлүгү "ди" бутагы деп аталып, Түндүк Кытайда (Ганьсу аймагы,КЭР) жашашкан(Шаниязов, 1974, 31). Байыркы "алакчын"(кыт.Бо-ма) этнониминин түз параллели бүгүнкү күндө кыргыздарда гана сакталып келет. Этникалык компонент кыргыздардын курамына VII-VIII кылымдардан кеч эмес кирген десе болот. Айрым изилдөөчүлөр алакчындарды бүгүнкү казактардын, каракалпактардын ичиндеги "алчын", "алшындар" менен этногенетикалык жактан жакындыкта карашат. Арийне, бул пикир кошумча илимий негиздүү тактоолорго муктаж. Алак + чын (-чын, -чин, -джин); бурят-монгол тилдеринде бул мүчө жалганып жасалган сөздөр кесипти, айрым учурларда адамдардын жашаган аймагын түшүндүрөт (караңыз: Т.А. Бертагаев, 1970, 127-129). Мисалы, Баргуджин-Токум (Баргулар жашаган аймак), булгачин - "булгун кармоочулар", кермучин -"тыйын чычкан кармоочулар" ж.б. Кыргыздарда "ак алакчын" деген термин бийлик иеархия-сындагы маисапты да аныктаган.

**Алайчы -** дөөлөс уруусунун курамындагы ири урук. Этноним жер-суу аталышынан келип чыккан. Топоэтноним. Бул уруктуи өкүлдөрү Ноокат районунун Төөлөс айыл өкмөтүнүн аймагында турушат.

**Алангар** - генеалогиялык маалыматтар боюнча дөөлөс уруусундагы ай тамга уруктар тобунун түпкү атасынын аталышы (Аттокуров, 1995, 204). Геноним. Аланго - монгол мифологиясында бул элдин түпкү энеси катары эрте орто кылымдардардагы жазма маалыматтардан белгилүү. Аланго жана Бортечино жөнүндөгү уламыштар монгол элдеринин фольклорунда кенен чагылдырылат. Мындан сырткары, бурят-монгол тилдеринде Оло(н) - "көп", "көптөгөн", "сансыз" маанисин, ал эми "гар" - кыргыз тилине "кол", "колдор" деген маанилерде которулат (Бурят- монгольско-русский словарь, 1959, 470). Демек, биздин пикирде, этникалык аталыштын (алан + гар) "көп сандуу", "сансыз көп уруу, эл, уруулук топ, канат" маанисинде чечмелениши туура болушу мүмкүн.

**Алапай** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 106). Лакап этноним. Алапай - шашкалактап, эмне кыларын билбей калуу, айласы кетүү(КТТС,

www.bizdin.kg



60). Кыргыз этнонимиясында адамдардын кулк-мүнөзүн, сырткы келбетин ж. б. өзгөчөлүктөрүн аныктаган урук аттары бир топ учурайт.

**Алаш** - моңолдор уруусунун курамындагы урук жана ири этникалык аталыш катары орто кылымдардын соңку мезгилдеринен белгилүү. Айрым элдер казак, алчын, ногойлорду өз энчилүү аттарынан сырткары, "алаш" деп аташкандары маалым. Айрым санжыра маалыматтарында алаш бүгүнкү казактардын түпкү болмуш атасы катары чагылдырылат (Аристов, 1896, 363; Тынышпаев, 1925,54-55). Казактын алгачкы тарыхчыларынын бири М. Тынышпаевдин белгилөөсүндө Алтайдагы Алаш топоними ногойлордо аскер урааны катары да маалым болгон (Тынышпаев,1925, 54-55). Бул параллелдер "Ногайлы"доорундагы түрк тилдүү көчмөн уруулар менен кыргыздардын этникалык алакаларын айгинелейт. Этнонимдин параллелдери түркмөндөрдүн жана казактардын уруулук курамында "алаша" формаларында белгилүү (Атаниязов, 1988, 20; Жанузаков, 1982,165).

**Алашан** - каңды уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 208). Алаш+н; Алаша - сулуу, татынакай, келбеттүү; -н мүчөсүн бир катар изилдөөчүлөр байыркы түрк тилдеринде көптүк маанини түшүндүрөрүн белгилешет (Кононов, 1949, №1, 81; Котвич,1962,336; Серебренников., Гаджиева,1973, 89).Бул мүчө бурят-монгол тилдеринде да көптүк маанини билдирген сөздөрдү (этнонимдерди) жасоого катышат. Мисалы, долон (жети), найман (сегиз), дөрбөн (төрт),сойон ж.б.у.с., Алашань -Батыш Кытайдагы тоо кыркаларды аталышы катары да белгилүү (Владимирцев, 1934, 189). Кыргыздар байыртадан Алашан, Тибетке чейинки аймактарды мекендеп келишкени белгилүү. Муну көптөгөн топонимдер, гидронимдер (суу аталыштары), оронимдер (тоо аталыштары), ошондой эле булар жөнүндө абройлуу изилдөөчүлөрдүн эмгектериндеги маалыматтар айгинелей алат. Мүмкүн, этнонимдин келип чыгышында бул тоо кыркаларынын аталышынын, топоэтнонимдин таасири болушу ыктымал. Учурда, Ноокат районунун аймагында Алашан атуу айыл-дын аталышы белгилүү (СГНК, 1988,23).

**Алдар** - кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 106). Этнонимдин мааниси кыргыз тилинде "алдамчы" дегенди түшүндүрөт (Юдахин, 49). Монголчо бул сөз 1. Даңк; белгилүү болуу; атак даңкка жетүү, ээ болуу; 2. Урматтоо түрүндө айтылган энчилүү ат, фамилия маанисин туюнтат (Монгол орос толь, 1957, 30). Кыргыздарда ж.б. кыпчак элдеринде Алдар көсөө жана анын жоруктары жөнүндөгү жомоктор кенен таралган. Биздин пикирде, этнонимдин түпкү маанисин монгол тилиндеги сөздүн чечмелениши ачып берет.

**Алдаяр** - баргы, бугу, кара багыш, солто, черик урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 106). Титул-антропоэтнонимдер. Алдаяр - ар.ир. хандарга, башкаруучу төбөлдөргө карата айтылуучу даражалуу титул (Юдахин, 48). Бул титул башка түрк элдеринде да абдан кенен таралгандыгы маалым.

**Алет** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 106). Этнонимдин байыркы формасы "алат" болушу мүмкүн. Изилдөөчүлөр бул энчилүү атты "алакчын" этноними менен байланышта карап жүрүшөт. "Алат" этноними кытай жыл баяндарында "гюньма", "хэлэ", "била", "элочжи" формаларында чагылдырылат. Ошол кытай жыл баяндарындагы "алат" этноними "ала аттуулар уруусу, эли" деген маанини туюнткан (Бичурин, 1950, Т. I, 350; Бартольд,1963, Т. II, 480-481; Савинов, 1985, 30). Байыркы кытай жыл баяндарында эскерилген "Бо-ма" этноними "алат" этникалык аталышынын түз калңкасы катары "ала аттуулар" маанисин берери такталган. Түсү ала жылкылар хунндарда, байыркы түрктөрдө, уйгурларда, кийинки доорлордогу башка көчмөн элдерде сыйынуучу ыйык жаныбар катары белгилүү болгондугу маалым (Савинов, 1985, 30)."Цзю-Таншу" 638-ж. Батыш Түрк каганы Торок ханга (Ду-лу кэхан) баш ийдирилген

www.bizdin.kg



басмыл, киргут (кыргыз), тухсикундарда да "ала аттуу уруулардын" болгондугун кабарлайт(Зуев, 1960, 124). Алаттар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар б.з. IV к. белгилүү боло баштайт. Ордос жана Иншандын түндүк тараптарын байырлашкан алаттар VI-VIII кк. Алтайдын түндүгүнө журт которушуп, кийинки кыпчак, огуз-түркмөн урууларынын курамдарына жуурулушуп кетишкен (Зуев, 1962, 116). Алаттардын айрым бөлүктөрү Лена дарыясынын жогорку агымы аркылуу түндүккө карай жер которушуп, кийинки саха-якуттардын этногенезисинде олуттуу ролго ээ болушту (Савинов, 1985, 37). Кытай жыл баяндары алаттардын сырткы антропологиялык келбети, каада-салттары кыргыздарга окшош келип, тили жагынан айырмаланарын кабарлайт (Бичурин, 1950, 37). Бул маалыматтардан улам, алаттарды кыргыздардын курамындагы эң байыркы этникалык компоненттердин бири катары кароого толук негиз бар.

**Алике** - бөрү уруусунун курамындагы топ, урук (Абрамзон, 207). Антропоэтноним. Энчилүү аттын параллелдери бугу, черик урууларында бар.

**Алма күчүк** - сары багыш уруусундагы манаптын курамындагы урук (Абрамзон, 107). Алма күчүк айрым маалыматтарда өткөн кылымдарда жашап өткөн (болжолу, XVIII к. аягы) белгилүү инсан катары баяндалат. Изилдөөчүлөр ушул эле уруунун курамындагы убашыларды Алма күчүк тарабынан туткундалган калмактардан таратышат (Абрамзон, 1960, Т. IV, 35-36).

**Алсейит** - бугу уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Аттокуров, 1995, 115). Бул уруктар тобуна бапа, туума кашка, ардам, жаманкулдар кирет.

**Алты уулдун тукуму** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 107).Уруктун аталышы этникалык компоненттердин санын, даражасын аныктап турат. Лакап этноним. Этнонимдин параллелдери "алты уул" формаларында ферганалык өзбек-кыпчак, каракалпак жана казактардын курамдарында бар (Шаниязов, 1974, 131; Жданко, 1950, 46).

**Алтыбай** -баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,107). Антропо-этноним. Параллели казактарда "алтыбай" формасында бар (Жанузаков,1982, 165).

**Алтыке** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 185). Айрым маалыматтарда "алтеке" деген ат менен да белгилүү. Этникалык аталыш "алты урук, топ", «алты уруктун бирикмеси» маанисин туюнтушу мүмкүн. Этнонимдин параллели "алтеке" формасында бүгүнкү казактардын курамында сакталып келет (Жанузаков, 1982, 165). Бул уруктар тобунун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү Өзбекстандын, Тажикстандын, Кытайдын аймактарын байырлашат.

**Алчы куртка** - солто уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллели казактарда "алжын/алчын" формасында кездешет (Жанузаков, 1982,66). Алшын (алчындар) деген ат менен казактын кичүү жүз уруулук тобунун жалпы аталышы да маалым. Казактын алгачкы тарыхчысы М.Тынышпаев теги байыркы алшындарды хакастардын курамындагы кызылдардагы (хы-зыл) "чоң ачын", "кичүү ачын" уруктары менен байланышта карайт (Тынышпаев, 1925, 20-21). Болжолу, бул уруктун энчилүү аты соңку учурларда фонетикалык айрым өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бүгүнкү хакастарда "ачыг" (улуг ачыг, кичиг ачыг) аттуу теги Енисей кыргыздарына таандык экендиги ырасталган уруктун (сөөк) өкүлдөрү бардыгы белгилүү (Бутанаев, 1990, 79). Деген менен, этнонимдин биринчи компонентинин аталышы алшын, алчын этнонимдерине жакын кароого болот. Алчы + н: Сөз жасоочу -н мүчөсү түшүп калуусу да мүмкүн. Бул мүчө (-н/-ан/-ен/; -ын/-ин; -үн/-ун) байыркы түрк тилдеринде

www.bizdin.kg



көптүк маанини билдирген (Серебренников, Гаджиева, 1979, 89; Котвич, 1962, 336; Кононов, 1949, № 1, 81; Жанузаков, 1982, 63 ж.б.). Урук аталышынын экинчи компоненти "Qurtya" - байыркы түрк тилдеринде "улгайган кемпир" маанисин билдирген (ДТС, 468-469).

**Алчыкен** - саруу уруусундагы алакчындардын курамындагы урук (Абрамзон,107).Сөздүн уңгусу - алчы: Чүкөнүн таасына карама-каршы бети, айкүр жагы(КТТС, 69). -кен сөз жасоочу мүчө. Этнонимдин параллелдери кыргыздын солто уруусунда "алчы куртка", казактарда "алшын" формаларында кездешет (Жанузаков,1982,66).Алчындар "Манас" эпосунда да эскерилет (Молдобаев, 1995,135).Алчы + н: -н мүчөсү байыркы түрк тилдеринде көптүк маанини билдирген (Серебренникова., Гаджиева,1979, 89). Ошондуктан, этнонимдин алчын/алшындар (айрым учурларда кичүү жүз, кээде бүт казак эли "алчындар" деп да аталып калган учурлар кездешет -О.К.) менен да байланышын тактоо зарыл.

**Алыйлар** - дөөлөс уруусунун курамындагыы урук (Абрамзон, 1960, Т.IV, 19). Лакап этноним. Этникалык аталыш кыргыздын ичкиликтер диалектисинде "жогоркулар", "төрөлөр", "урматтуулар" деген маанини берет (КТТС,262).

**Ана баарын** - баарын уруусунун курамындагы уруктун аталышы (Абрамзон, 107). Этнонимдин биринчи компоненти "ана" монгол тилинде "болжолу тең, бирдей, барабар" маанисин берет (Монгол орос толь, М.: 1957, 37).Баарун \\баарунгар "батыш" же "оң канат", оң колдогу (канаттагы) аскерлер маанисин аныктары белгилүү. Баарындар - орто кылымдардагы монгол тилдүү уруу, кийинчерээк Моголистандын түрк тилдүү урууларынын курамынан эскерилет. Аталган этнокомпонент кыргыздардын курамына XIV-XVкк. кирүүсү мүмкүн. Баарын кыргыз тилинде "ителги менен ылаачындын аргындашынан чыккан алгыр куш" маанисин берет (КТТС, 109). Этнонимдин баштапкы мааниси тотемдик түшүнүктөн келип чыгышы толук мүмкүн.

**Анжиянчы** – баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 107). Жердин, аймактын, шаардын атына байланыштуу аталган. Топоэтноним. Анжиян Фергана өрөөнүндөгү аймактын, шаардын аты.Анжиян + чы; -чы мүчөсү кыргыз тилинде "кайсыл жерден", "кайсыл жердик" деген маанини түшүндүрөт.

**Аргын** - кесек уруусунун курамындагы урук. Айрым маалыматтарга караганда бул уруктун өкүлдөрү Каратегин аймагын эзелтеден мекендеп келишет. Байыркы этникалык аталыштын параллелдери хакастардагы кызылдардын жана казактардын орто жүзүнүн курамындагы урук (сөөк) жана ири уруу катары белгилүү (Бутанаев, 1990, 81; Молдобаев, 1995, 143). Н.А.Аристов аргындар оболу, VII-VIII кк. азыркы Монголиянын түндүн чыгышын байырлашып, кытай жыл баяндарында ("Тан-шу") "басими" деген ат менен белгилүү болгондугун жазат (Аристов, 1894, 365). Басымыаргындар V к. гаогюйлардын курамындагы уруулук бирикме болгон. Казак илимпозу М.Тынышпаев аргындарды Рашид ад-Диндин жазган маалыматтарына таянып, алардын монгол тилдүү болушкандыгын эскерген (Тынышпаев, 1925, 7). Арийне, бул маалыматтар айрым тактоолорго, кошумча иликтөөлөргө муктаж. Анткени, этникалык аталыштын маанисинин өзү түрк сөзү экендиги байкалып турат. XI-XII кк. карата аргындар Тарбагатайдан түндүктө, кыпчактардан чыгыш, найман урууларынан батыш тараптагы аймактарды мекендешкен. Кытайдагы монгол династиясынын тарыхын чагылдырган"Юань Шиде"аргындар канглы, кыпчактар менен бирге, өз алдынча этникалык топтун курамына киришери эскерилет (Аристов, 1894, 363). Демек, орто кылымдардын соңунда (XIV-XV кк.) аргындар түрк тилдеринин бир диалектисинде сүйлөшкөнү анык. Аргындарды монголдордун кысымы менен жер которгон найман уруулары, кыпчактар жашаган аймактары-

www.bizdin.kg



нан чыгышка сүрүн чыгарышат(Аристов, 1894, 363). Ушул эле мезгилде найман уруулук бирикмеси кыргыздар менен да кагылышканы маалым. Бул маалыматтар, аргындар кыргыздар менен жамаатташ, мүмкүн бир аймакты байырлашканын байкоого болот. Бул маселеде Енисей кыргыздарынын түз тукумдары экендиги аныкталган хакастардын курамындагы "аргын" сөөгү биздин пикирдин тууралыгын бекемдейт (караңыз: Бутанаев, 1990, 81). Изилдөөчүлөр казактардын курамындагы аргын уруусун орто жүз уруулар тобунун аталышынын синоними катары карашат (Молдобаев, 1995, 144). Автор казак-аргындар менен кыргыздардын этнонимиясындагы окшоштуктар түз этникалык байланышты аныктарын белгилейт (аталган эмгек, 144). Казак-аргындар менен кыргыздардын уруулук аталыштарында 36 параллел бар экендиги аныкталды. Бул параллелдер кокусунан эле келип чыгышы мүмкүн эмес экендиги анык. Этнограф Б.Х. Кармышева өз эмгегинде лакайлардын бүгүнкү казак-аргындар менен өтө тыгыз этникалык алакалары бар экендигин белгилейт (Кармышева, 1976, 232-236). Бул «Сөздүктө» лакайлар менен кыргыздардын этногенетикалык жалпылыктары бир катар далилдүү фактылардын негизинде каралды (караңыз: лакай). Монгол аскерлеринин кысымы менен Жети-Суу тарапка оогон аргындардын бир бөлүгү кийинчерээк, XVI к. эл катары калыптанып жаткан казактардын курамына жуурулушту. Жогорудагы маалыматтар жана хакастардагы теги байыркы кыргыздарга таандык "аргын" сөөгү бул этнокомпоненттин кыргыздардын курамына VII-XII кк. кеч эмес киргендигин аныктайт.

"Аргын" этнониминин чечмелениши жөнүндө бүгүнкү күндөгү илим чөйрөлөрүндө бирдей пикирлер жок. Түркolog Г.Г. Мусабаев этнонимди монгол тилиндеги "аргуй"-"мал багуучу", "мал баккандар" маанисинде чечмелейт. Таанымал иликтөөчү Н.А. Аристов өз кезегинде этникалык аталыштын келип чыгышын Алтайдагы "Аргун" дарыясынын аты менен байланыштырат. Казак энциклопедиясында бул этникалык аталышка "аруг" (арык) - "таза", "тунук",ал эми "гун" -"байыркы уруу" деген мааниде түшүндүрмө беришкендиги маалым. Казак ономасты Т.Жанузаков А.Н. Кононовдун "арга-гун" термининде байыркы "arqa"-"жамаат", "көпчүлүк", "топ", "абдан көп" деген сөзүнүн негизи жатат деген пикирин колдойт (Жанузаков, 1982, 62-63).

**Ардай** - баргы, саруу урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон,107). С.М. Абрамзон жогорудагы ардай этнокомпоненттерин кыргыздардын курамына XII-XIV кылымдарда, тагыраак айтканда, монгол жеңип алууларынын мезгилинде келип кирген деген пикирин айтат (Абрамзон, 1990, 58). Кыргыз этнонимиясында монгол катмары бир топ экендиги аныкталган.

**Аркалык** -мунгуш уруусунун курамындагы урук. Аркалык - бүгүнкү кыргыз тилинде "сырт", "түндүк" маанисин билдирет. Тувалыктардын тилинде "аргалык"-"токойлуу жер", "тоо" маанисин туюнтат. Ушул эле элдин тилинде адамдарга карата "айлакер", "акылдуу" дегенди да түшүндүрөт (Тувинско-русский словарь, 1968, 64).

**Арпачы** - бугу уруусунун курамындагы урук. -чы/-чу сөз жасоочу мүчө катары кесиптин, кыймыл-аракеттин маанисин билдирет. Мисалы, сары сокучу (саяк), кара сокучу (саяк), базарчы (кушчу) ж.б.у.с., Болжолу, лакап этноним.

**Артык** - кыпчак уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллели казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 165). И.Н. Лезина Крым жарым аралындагы Артек (Артук, Артык) этнотопониминин келип чыгышын орто кылымдардагы кыпчактардын "артык" аттуу уругу менен жалпылыкта карайт. Автор кыргыздардын кыпчак уруусундагы "артык" аттуу этникалык аталышын Артек (Артук, Артык) этнотопонимине салыштырган иликтөөлөрүн жүргүзөт

www.bizdin.kg



(Лезина, 1985, 91). Кыргыз этнографы И.Б. Молдобаев кыргыздардын Крым жарым аралынын этникалык чөйрөсү менен байланышын аныктаган иликтөөлөр жүргүзүп келет (караңыз: Молдобаев, 1995, 185-195).

**Арык багыш** - багыш уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин мааниси, чечмелениши жөнүндө караңыз: арык тукуму (бугу). Параллелдери сары багыш, кара багыш, ак багыш (тынымсейит), куу багыш, чоң багыш, кызыл багыш формаларында кездешет.

**Арык(тукуму)** - баргы, бугу, нойгут урууларынын курамындагы уруктардын жана уруктар тобунун аталыштары катары маалым (Абрамзон, 106). Параллелдери казактарда "арык токум", түркмөндөрдө жана каракалпактарда "арык" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 165; Атаниязов, 1988, 14; Жданко, 1990, 45). Этноним хакас тилинде эки маанини туюнтары маалым: 1. Дарыянын ортолугунда пайда болгон арал; 2. Аралда өскөн өсүмдүк, бак-дарактар; Экинчи мааниси: 1. Тунук; 2. Ыйык (Бутанаев, 1999, 27). Монгол тилинде(монг. ариг) "таза", "тунук", "жакшы"дегенди аныктайт (Монгол орос толь,1957,43). Кыргыздар менен этникалык жакындыгы аныкталган сары угурларда "арык" сөзү "таза" деген мааниден башка, "кытайлардын бийлигин тааныган түрк тилдүү мусулмандар" дегенди түшүндүрөт(Малов, 1957, 18). XVIII к. арыктар өз алдынча урук болгондугу, кийинчерээк бугулардын курамына киришкендигин окумуштуулар өз иликтөөлөрүндө белгилеп жүрүшөт (Абрамзон, 1990, 50).

**Ас казан** - саяк уруусундагы шыкмааматтын курамындагы урук (Абрамзон, 107). Этникалык аталыштын так мааниси аныктала элек. Параллели өзбек -коңураттарда "беш казан" формасында кездешет (Кармышева, 1976, 90-93). Этноним лакап аттан улам келип чыгуусу мүмкүн.

**Асан** - жетиген уруусунун курамындагы урук, топ (Абрамзон, 107). Антропоэтноним. Энчилүү аттын параллелдери баргы, басыз, жедигер, бугу урууларында бар.

**Асан тукуму** - басыз уруусунун курамындагы топ, урук (Абрамзон,107). Антропоэтноним.

**Аскалы** - чоң багыш уруусунун курамындагы ири уруктун аталышы (Абрамзон, 107). Бул уруктун өкүлдөрү Чыгыш Түркстанды эзелтеден байырлап келишет. Этнонимдин параллели "аскачы" формасында Минусин ойдуңундагы Туба өзөнүнө жамаатташ аймактарды мекендеген хакас-койбалдардын курамынан кездешет (Бутанаев, 1990, 67). XVIII к. биринчи чейрегинде (Енисей кыргыздары 1703-жылы Жунгарияга күч менен көчүрүлгөндөн соң, -О.К.) бул сөөктүн (уруктун) бир бөлүгү Саян тоолору тарапка ооп, тувалардын курамына сиңип кетишкени маалым (аталган эмгек, 67). Аскалы "аска-чы»; Бул илимий негиздүү параллелди енисейлик жана теңир тоолук кыргыздардын этникалык жалпылыгынын далили катары кароого болот. Аскалы - Алай районундагы айылдын аты катары белгилүү (СГНК, 1988, 28). Элдик санжыра-уламыштардын айрым маалыматтары аскалы уругу курамына кирген чоң багыштардын XVII-XVIII кк. Алай аймагын байырлашкандыктарын баяндайт. Бул этнотопонимди өткөн тарыхый замандарга таандык энчилүү ат катары кароого болот.

**Асыл баш** - баргы, солто урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 107). С.М. Абрамзон солтодогу асыл баш уругу адигине уруулук тобунан келип киргендигин белгилейт (Абрамзон, 1960, Т. IV, 24). Бул пикирди баргы уруусундагы (Адигине уруулук тобу) асыл баш этнониминин параллели да ырастайт. Асылбаш - Сокулук районундагы айыл аталышы катары маалым (СГНК, 1988, 54). Этнотопоним.

www.bizdin.kg



**Ат басар** - мундуз (бай мундуз) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 108). Лакап этноним. Параллелдери казактарда "ат келтир", "тай келтир" формаларында кездешери белгиленсе (Жанузаков, 1982, 165), кыргыздын кыпчак уруусунун курамындагы лакайларда да учурайт (караңыз: Ат келтир).

**Ат келтир** - кыпчак уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыштын параллелдери казактарда "ат келтир", «тай келтир» формаларында кездешери маалым (Жанузаков 1988, 165, 172).

**Атабай** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 107). Антропоэтноним. Параллелдери "атабай" формаларында казактарда, түркмөндөрдө бар (Жанузаков, 1982, 165; Атаниязов, 1988, 24).

**Атаке** - бөрү уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 108). XVIII к.бөрү уруусунан чыккан атактуу Атаке баатыр жөнүндө эл арасында көптөгөн санжыра-уламыштар бар.

**Атан** - багыш уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 60). Атан -байыркы түрк тилдеринде "мингич төө" маанисин билдирген (ДТС, 59). Атан - кыргыз, казак, тува тилдеринде мингич төөнү туюндурат. Бул сөз кыргыз тилинде эки мааниде чечмеленет: 1. Бычылган эркек төө; 2. Аты чыгып, элге кеңири белгилүү болуу, атагы чыгуу (КТТС, 1984, 97). Арийне, байыркы лексикалык катмарга кирген бул энчилүү ат шамандык диний ишенимди чагылдырышы мүмкүн. Бүгүнкү алтайлыктардын курамындагы челкан, телеут жана теленгиттерде шамандын бубени "ак адан" деп аталары маалым (алт., тув. "ак адан" - "ак төө"). Хакастарда азыркы күндө "адан" сөзү шамандын бубенин билдирет (Бутанаев, 1999, 17). Түштүк Сибирдин түрк тилдүү элдеринде бубен шамандын мингич аргымагын элестетери белгилүү. Ритуал учурунда жаныбардын терисинен (марал, бугу, багыш, төө ж.б.) оролуп, коолдолуп жасалган бубен шамандын Жер-Эне менен Көк-Теңирдин ортосундагы аткарылуучу кабарчылык миссиясында канаттуу мингич аргымакты элестетет (Потапов,1969, 74-75). Телеут шаманы ритуал мезгилинде "алты өркөчтүү ак адан" деген дубасын айткан (Потапов, аталган эмгек, 176-177-беттер). Ушул эле автордун белгилөөсүндө "ак адан" диний ритуал мезгилинде челкан шамандарынын кыялында бычылган ак төөнү туюнткан. Бул мисалдар челкандардын, телеут жана теленгиттердин ата-бабалары өткөн тарыхый мезгилдерде төө багуу менен кесиптенишкендиктерин да тастыктайт (Потапов, 1969, 79). Унутулуп калган мал чарбачылыгынын бир тармагынын шаман бубенинде чагылдырылышы "ак төөнүн" алгач тотемистик мүнөзгө ээ болгондугун аныктайт. Кыргыз, тува, өзгөчө казактарда ак төөгө сыйынып, курмандык чалып, түлөө өткөзүү кенен тарагандыгы маалым (Валиханов, Изб. соч., 1958, 153-154).

**Атантай уулу** - чекир саяк уруусундагы чоронун курамындагы урук (Абрамзон, 108). Антропоэтноним. Атантай айтылуу Тайлак баатырдын агасы. XIX кылымдын биринчи чейрегинде Кытай аскерлерине жана Кокон хандыгына каршы күрөштө көтөрүлүшчүлөргө жетекчилик кылган баатыр. Антропоэтнонимдин параллелдери баргы, бөрү урууларында "атантай" формаларында бар экендиги белгилүү.

**Ахна** - Каратегиндеги мунгуштардын курамындагы уруктун аталышы (Абышкаев, 1965, 15). Этнонимдин адепки формасы "ухна" болуусу мүмкүн. Ухна - монголчо "теке", "талаа эчкиси" маанисин түшүндүрөт (Щербак,1961, 118-119). Бул термин бүгүнкү бурят-монгол тилдеринде "огоно" түрүндө да айтылат. А.М. Щербак бул терминдин кыргыз тилинде "она" формасында календарлык айлардын аттары - баш оона, аяк оона катары сакталып калганын

www.bizdin.kg



белгилейт. Этнонимдин чыгыш теги тотемдик түшүнүккө байланыштуу экендигин анын жылдын ай аталыштарында сакталышы да бышыктайт. Охна - Кадамжай районунданы ири айылдын аталышы катары маалым.

**Ача тамга** - жору уруусунун курамындагы урук (Турдубай Умар уулу,8). Уруктун энчилүү аты эн тамганын аталышына, түзүлүшүнө байланыштуу келип чыккан. Жагалмай тамга, керки тамга, кылыч тамга, ай тамга сыяктуу теги байыркы уруктардан экендиги шексиз. Сары югурларда "тамга" сөзү (Суң тамга, Ача тамга) "шамандардын кудайы", "кудай" дегенди туюнтаарын изилдөөчүлөр белгилеп жүрүшөт (Малов, 1957, 121).

**Ачы** - багыш уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 69). Айрым маалыматтар бул этникалык аталыштын параллелдери кыргыздын бөрү, мунгуш урууларынын курамдарында бар экендигин чагылдырат. Ачы - эң байыркы кыргыз уруусунун энчилүү аты. Енисей кыргыздары татаал этникалык жалпылыкты түзүшкөн. Алар негиздеген мамлекеттин курамы түрдүү тилдик жалпылыктарды түзгөн аймактарды кучагына камтыгандыгын тарыхый булактардагы жана илимий адабияттардагы маалыматтар тастыктайт. Кытай жыл баяндары тарабынан эскерилген, Тибетке расмий сапар менен барган кыргыз элчиси атактуу "болчар" (болшар) уругунан чыккан. VI-IX кк кыргыздардын этникалык курамына таш жана аска беттериндеги жазуу эстеликтеринде баяндалган "ач" аттуу эл кирген (Савинов, 1984, 78). "...VII-IX кк Кара Июс дарыясынан Енисейге, Уйбат дарыясынан Койбал чөлүнө чейинки аймактарды кыргыздын "ач" аттуу уруусу мекендегенин таш бетиндеги жазуулар ырастайт" (Евтюхова, 1948, 5). Ошону менен бирге, бул жазуу эстеликтеринде ач, болчарлар менен бирге кыргыздын "ли" аттуу уруусу да эскерилет. Таанымал окумуштуу Н.А. Сердобов бир катар иликтөөлөрдүн соңунда, VI-VIII кк Июс жана Уйбат дарыяларынын ортолугундагы жерлерде кыргыздын "ач" аттуу уруусу мекендеген деген С.В. Киселевдун көз карашын колдогон (Сердобов, 1971, 88). 1924-жылы Уйбаттан табылган байыркы кыргыздарга таандык күмүш идиште: "... алтын..., ач элинин белеги..." деген маалымат бар (Евтюхова, 1948, 33). С.Е. Малов бул жазууну "...алты он ашагы ачын - ач элинен алтымыш түр тамак" маанисинде чечмелеп окуган. Автор "ач" элин енисей кыргыздарынын бир бутагы болгон деп эсептейт (Малов, 1952, 15). Д.Г. Савинов "ач" эли VII-IX кк кыргыздардын этностук курамынын өзөгүн түзгөн деген ойду айтат (Савинов, 1984, 77-78). Жогорудагы көрсөтүлгөн фактылар, илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары байыркы бабаларыбыз түптөгөн мамлекеттин уруулук курамынын түзүлүшүн чагылдырары ырас. Мындан сырткары, Кыргызстандын жана Түштүк Сибирдин топонимиясында чагылдырылган Ачы (Көк-Арт өрөөнүндөгү, Базар-Коргон жергесиндеги топонимдер), Ачинск, Канск-Ачинск (Россия Федерациясы, Түштүк Сибир аймагы) сыяктуу жер-суу аталыштары (этнотопонимдер) жогорудагы фактыларды бекемдери ырас.

**Аюу** - ават, бөрү, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 108). Аюу дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде эзелтеден тотемдик жаныбар катары белгилүү. Байыркы түрк тилдеринин диалектилеринде бул сөз "aziq", "adiq" формаларында айтылганы маалым (караңыз: Махмуд Кашгари, Т.I, 86; ДТС, 13). Азыркы тува жана хакас тилинин айрым диалектилеринде "адыг", "азыг" түрлөрүндө айтылат. Түштүк Сибир түрк элдеринде, өзгөчө саха-якуттарда аюуга байланыштуу табу ("тыюу салуу") сөздөрү кенен таралганы анык. Мындан сырткары, аюуга байланышкан бир топ эвфемизмдер белгилүү. Мисалы, саха-якуттар аюуну - "өхө" (чоң ата), хакастар - "аба" (ата), алтайлыктар - "абага" (таяке, ага), тувалар - "ава" (эне, апа) деп аташат (Щербак, 1961,131).

www.bizdin.kg



Тунгус-манжур элдеринде (эвенктерде) "манги" аюу келбеттүү адамды элестетип, ата-бабалардын духунун мифологиялык символу, шамандардын башкы колдоочусу деген түшүнүктү билдирет. "Манги" сөзү "аюу", "ата-бабалардын духу" маанисин туюндурат (Анисимов, 1951, 200-203). "Тайганын кожоюну" деген ат менен белгилүү болгон аюу бүгүнкү күндө да бугу, жолборс, бүркүт сыяктуу кайберендер менен бирге тотемдик ыйык жаныбар катары эсептелет. Изилдөөчүлөр адамзат коомунун өнүгүүсүнүн энелик доордогу коллективдүү чарба жүргүзүү (коллективдүү аң уулоо) менен байланышына токтолушат. Сибирдин көпчүлүк элдеринде аюуга байланыштуу жамааттык түлөө өткөрүү ритуал-майрамы сакталып келери маалым (Васильев, 1948, 78-79). Айрым изилдөөчүлөр Түштүк Сибирде тунгус-манжур урууларына чейин "манги" ("аюу") аттуу уруу жашаганын далилдеп келишет (Васильевич, 1970, 31-32). Бул этникалык аталыштар кыргыздарда эзелтеден эле белгилүү десе болот. Параллелдери башкыр, өзбек-коңураттарда бар (Атаниязов, 1988,15).

**Аян** - тынымсейит уруусундагы жаманактын курамындагы урук (Абрамзон, 106). Этноним төмөнкү маанилерди билдирет: Аян. 1. Боло турган иш, окуя жөнүндө алдын ала билинген белги; 2. Пайда, кандайдыр бир нерседен түшкөн олжо, табылга. Аян кылуу. Аян табуу (КТТС, 107). Лакап этноним.

# Б

**Баарын** - оң канаттагы анчалык чоң эмес уруунун аталышы катары маалым (Абрамзон, 108).Этникалык аталыштын параллелдери башкырларда - "барын-табын", монголдордо "баарын", орто кылымдын кийинки мезгилдериндеги көчмөн-өзбектерде "бахрин" формаларында кездешет (Кузеев, 1974, 268; Лебедева,1958, 220; МИКК, 215). Баарын - кыргыз тилинде"ителги менен ылаачындын аргындашуусунан келип чыккан алгыр куш" маанисин берет (КТТС, 109). Баарун(гар) - монголчо "батыш", "оң"; -гар - "кол", "оң кол","оң канат"; "оң канаттагы уруу" дегенди түшүндүрөт. XVI-XVIII кк ойрот-моңгол уруулары "барунгар", "дзюнгар" (Жунгар) деген чоң уруулук бирикмелерге киришкендиги маалым. Этноним монгол урууларынын курамында "байрин" формасында кездешет. Байриндер Чыңгыз хандын сол канаттагы аскерлеринин курамына киришкен (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн. I, 186). Ушул эле автор баариндерди (баарын) теги таза моңгол уруусу экендигин жазат(Рашид ад-Дин,Т.I, Кн.II, 78). Г.Е. Грум-Гржимайло изилдөөлөрүндө барындарды(бариндер) насили моңгол уруулары экендигин, алар XII к. Селенге дарыясына жамаатташ аймактарды байырлашкандыктарын белгилейт (Кузеев, 1974, 268). 1206-ж. енисей кыргыздары Чынгыз-ханга өздөрүнүн баш ийгендиктерин билдиришкен соң, улуу каган кыргыздарды барин уруусунан чыккан Хорчинин ээлигине бөлүп берген. Арийне, Р.Г. Кузеев кыргыз жана башкырлардын курамдарындагы баарындардын этногенетикалык жакындыктарын (этнонимиялык жана уруулук эн тамгалардагы окшоштуктар) эске алып, XII к. эле Жети-Сууга журт которушкан баариндердин бир бөлүгү башкыр-табындардын, айрымдары кыргыздардын курамына жуурулушкан деген жүйөлүү пикирин айтат (Кузеев,1974,268).Бул пикир кыргыз-башкыр этникалык тыгыз байланыштарын дагы бир ирет бекемдейт. Албетте, Борбордук Азиядагы баариндердин көпчүлүк бөлүгү XII-XIIIкк. чегинде батыш тарапты көздөй журт которушкандыгы ырас. Кийинчерээк, бариндер теңир-тоолук моголдордун курамынан кушчу, дуулат, черик ж.б. уруулар менен бирге эскерилет (Юдин, 1965, 7-54). Моголистандын калкынын дээрлигин кыргыздар түзөөрүн эске алганда, баариндер өз алдынча этнокомпонент катары

www.bizdin.kg



кыргыздардын курамына XII-XIV кк. кеч эмес кирген деген пикир чындыкка жакындайт. Этнонимдин алдегендеги толук маани-мазмуну тотемдик алгыр кушту билдириши да мүмкүн. Этноним топонимикалык ат катары да белгилүү. Ош облусунун Ноокат районунда Баарын аттуу айыл бар экендиги маалым (СГНК, 1988, 36). Бүгүнкү Крым жарым аралындагы Барын этнотопоними орто кылымдардагы кыргыз жана монгол урууулларынын миграциясын чагылдырары шексиз (караңыз: Лезина, Суперанская, 1985, 81). Буга аталган жарым аралдагы,Түштүк Молдавиядагы Кыргыз-Кытай,Кыргыз-Суу ж.б.этнотопонимдер далил боло алат.

**Баатыр** - мунгуш уруусунун курамындагы урук. Параллелдери каракалпак, лакай, ногой, башкыр, казак, түркмөндөрдүн уруулук курамдарындабар (Жданко, 1950, 90; Кармышева, 1976, 38; Жанузаков, 1982, 166; Атаниязов, 1988, 28). Баатыр 1. Жоого каршы күрөшүүдө, салгылашууда эрдик көрсөткөн, ар кандай коркунучтардан жалтанбаган, тайманбас, эр жүрөк адам; 2. Урматтоо иретинде, кээде тамашалоо иретинде кайрылганда айтылат (КТТС, 109). Этникалык аталыш жоокерчилик доорлор менен байланышкандыгы байкалып турат.

**Баба** - саруу уруусунун (колпаг) курамындагы урук (Абрамзон, 109). Антропоэтноним. Баба 1.Түпкү ата, ата-баба; 2. Беделдүү карыя адамдарга карата урматтоо, кадырлоо иретинде колдонулат (КТТС, 109). Этнонимдин параллели казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 165).

**Бабаш** - кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 108). Бабаш уулу Өзгөн районундагы айылдын аты катары маалым. Айылдын аталышы уруктун энчилүү атына байланыштуу (этнотопоним) келип чыгышы мүмкүн. Мындан сырткары, Бабаш-Ата топоними Ноокен аймагындагы тоо, ашууну билдирет (СГНК, 1988, 33).

**Бабыр** - саруу уруусундагы алакчындын курамындагы урук (Абрамзон, 108). Антропоэтноним. Бабыр - Өзгөн районундагы айылдын да аты (СГНК, 1988, 83).

**Бавыл** - бөрү, кара багыш урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 108). Бавылган же бабырган төмөнкү маанилерди аныктайт: 1.Канаттуунун түрү, бабыраган; 2. өтм. Сурданган адам, түнт адам, кабагы ачылбаган адам (Юдахин, 90-91). Параллели мундуз уруусунун "павылган" (Кара-Дарыя өрөөнү) формасында кездешет. Лакап этноним.

**Багачы** - мунгуш уруусундагы төлөйкөндүн курамындагы урук. Этникалык аталыштын параллелдери кыргыздардын саяк уруусунда "бакачы", түркмөндөрдө "бага", "багача" формаларында кездешери маалым (Абрамзон,109; Атаниязов, 1988, 24). "Baga" байыркы түрк доорундагы аскердик-административдик титул катары да белгилүү (ДТС, 77). Илтереш каган өз амири менен Тоңйокукка ("Юан чжен") "бойла бага таркан" деген титул ыйгарганы маалым (Кляшторный, 1964, 31). Байыркы кыргыз мамлекети административдик-аймактык жактан алты бирдикке ("баг") бөлүнгөндүгү тууралуу даректүү маалыматтар бар (Кызласов, 1965, 39). Бүгүнкү Тувадагы Өөк Тарлактан табылган байыркы кыргыздарга таандык эстеликте: "...атым Эл Туган Тутук бен (мен). Теңири элимке элчиси эртим. Алты баг будунгка эр [тим]"-деген саптар жазылган (Памятники..., Вып.III, 8-9). Байыркы түрк сөздүгүндө (ДТС, 39) төмөнкүдөй маалымат бар: "Alti bag" IX к. азыркы Туванын аймагындагы аскердик- административдик бирдиктер, 840-ж. кийин (IX к.) азыркы Туванын аймагы Кыргыз каганатынын курамына киргендиги маалым. Уйгурлардан тартылып алынган жерлерге жаңы ээликтердеги жашаган уруулардын үстүнөн кыргыздар

www.bizdin.kg



өзгөчө башкаруу системасын киргизишкендиги көрүнүп турат. Бага + чы: чыгыш теги байыркы мезгилдерге таандык -гы / -гу мүчөсү түрк тилдеринде продуктивдүү колдонулуп, адамдардын жашаган аймактарын да аныктайт. Л.З. Будагов "бага" сөзүн "топ", "түйүн", "бөлүк" же, тагыраак айтканда, мааниси "урук", "уруу" дегенди түшүндүрөрүнө токтолот (Атаниязов, 1988, 26). Демек, "баг" термини административдик-аймактык бирдиктерге бөлүнүүдө "уруу", "урук" деген аталыш менен бирдей мааниде колдонулган десе болот. Анткени, эзелтеден аймактык-административдик бөлүнүштөр уруулук же этникалык белгилерге карата аныкталган.

**Багыш** - кыргыздын оң канатына кирген ири уруулардын бири (Абрамзон, 108). Этникалык аталыштын параллелдери кыргыз урууларында чоң багыш, кара багыш, куу багыш, ак багыш, сары багыш формаларында кездешет. Аталган этнонимдер өз алдынча ири уруулардын энчилүү аттары катары белгилүү. С.М. Абрамзон аталган уруулардын келип чыгышын иликтөө илимде татаал маселелердин бири экендигин жазат (Абрамзон, 1990, 51). Чындыгында эле, багыш уруусунун генеалогиялык схемасына назар салганыбызда, анын курамындагы уруктардын көпчүлүгүнүн тегинин байыркылыгы байкалат. Багыш уруусунун Саян-Алтайдын этникалык-маданий чөйрөсү менен байланышын эң оболу Н.А. Аристов айтып кеткен (Аристов, 1894, 454). Этнонимдин маанисинин чечмеленишинде Л.П. Потаповдун илимий көз карашы абройлуу көрүнөт. Автор энчилүү аттын келип чыгышын түндүк алтайлыктардагы (челкандар - "куу кижилер", "лебединецтер" деген кошумча аттар менен да белгилүү) шамандын бубенинин аталышына ("эр пагыч") салыштырган (Потапов, 1969, 353). Демек, "пагыч" терминин кыргыздын "багыш" этникалык аталышынын фонетикалык өзгөргөн варианты катары кароого негиз бар (Абрамзон, 1990, 52). Багыш (орусча - лось) жаныбарынын терисинен ултартып жасалган бубен ("эр пагыч"- багыштын эркеги) сыйынуу-ритуалдык процессте шамандын кыялындагы мингич аргымакты элестетип, "Көк Теңир менен баарлашкан" (Потапов, 1969, 353). Маселен, алтайлыктардын курамындагы телеуттардын ой-пикир, кыялдануууларында шамандын бубени - чагал (чагал + май / / загалмай = жагалмай) Көк Теңир менен Жер-Эненин ортолугундагы шаманды өзү менен кошо ала учкан канаттуу аргымакты элестетет (Дугаров, 1988, 147). Бул салыштыруулар Л.П. Потаповдун шаман бубени жасалган тери кайсыл жаныбарга таандык болсо, бубен ошол жаныбардын аты менен аталат деген пикиринин тууралыгын тастыктайт. Саян-Алтай жана Сибир аймактарынын тоолуу-токойлуу мейкиндиктеринде жашаган бул жаныбар кыргыз тилинде гана "багыш" деген ат менен белгилүү. Багыш туваларда - "булан", хакасча - "пулан", татарларда - "болан", казакча - "бұлан" формаларында айтылат. Монголдордо - "хандгай", тунгусча - "хан-дага" деген ат менен белгилүү. Махмуд Кашгари "булан" мифологиялык жалгыз мүйүздүү жаныбар", - деп жазган (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 77). Демек, XI к. эле багыш кенен аймакка белгилүү тотемдик ыйык жаныбар болгондугун аныктайт. "Манас" эпосунда да "булан" деп аталган жапайы жаныбар жөнүндө маалыматтар бар (Абрамзон, 1990, 52). Ушул эле эпосто "кандагай" аң-териден жасалган баатырлар кийүүчү шалбар шым экендиги айтылат. Адепки учурда кандагай магиялык күчкө ээ шым катары эсептелген. Муну анын кандагай аталышы ырастайт. Якуттардын (саха-якуттар) мифтик ишениминде Алын Хандагай токойдун ээси, аңчылыктын колдоочусу. Байыркы Сибир элдеринде Хандагай (багыш) жаныбар-тотем болгон. Тотемдик жаныбардын терисин кийген адам анын колдоосу менен жеңилбес күчкө ээ болот деген ишеним болгон ("Манас". Энциклопедия, Т. I, 265).

www.bizdin.kg



**Бадакшан** – саяк (каба) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 99). Топоэтноним. Этнонимдин келип чыгышы Тоолуу Бадакшан топоними менен байланышы болушу керек. Каратегин, Гисар тараита кыргыздар XVIIк. эскериле баштайт. Махмуд ибн Вели 1045-жылдын (1635-жылдын 11-декабрынан 1636-жылдын 9-январына чейин) Балхтагы өзбек ээлигине Каратегин аркылуу 12 миң түтүн кыргыздар көчүп келгендигин жазат. Балх ханынын кабылдоосуна 12 уруу башчысы келгендиги баяндалган (Бартольд В.В. Кыргыздар. II китеп, 174-175). Булар калмак (ойрот) чабуулунан аргасыз жер которгон кыргыз урууларынын бир бөлүгү эле. Бирок айрым илимпоздор кыргыздар бул аймактарда эзелтеден эле байырлап келишерин далилдүү маалыматтарга негизденип жазып жүрүшөт. Бул илимий далилдүү фактыны жазма булактар менен катар, жер-суу аталыштары, илимий изилдөөлөр элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрү далидей алары бышык (Маанаев, 1969, 7-29). Бул аймактарда кыргыздар бир топ убакыт токтолуп калышкандай. Анткени, буга кыргыздардын жергиликтүү этникалык чөйрөгө тийгизген таасири мисал боло алат. Профессор Э.Ж. Маанаев негиздүү тарыхый маалыматтарга таянуу менен, кыргыздардын бул аймактарда калмак чабуулуна чейин эле жашап келишкен деген тыянакты айтат (Маанаев 1969, 23). Илимий адабиятарда Түштүк Тажикстан жана Афганистандагы лакайлардын, коңураттардын кыргыздар менен тектеш экендиги далилденип келе жатат. Мындан сырткары, азыркы жергиликтүү калктын арасындагы (түрктөр, мугулдар ж.б.) "кыргыз" этнонимдери, Солто, Басыз топонимдери, материалдык маданияттагы, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндөгү окшоштуктар далил боло алышы шексиз (Кармышева, 1954, 26-28; 1976, 79, 220-250).

**Базар балдар** - найман уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 189). Этноним лакап аттан улам келип чыккандыгы байкалып турат. Параллели кара багыш уруусунда "базар" формасында кездешет (Абрамзон, 108).

**Базарчы** - кушчу уруусундагы жооштун курамындагы урук (Абрамзон, 108). -чы/-чу сөз жасоочу мүчө катары кесипти, адамдардын жашаган аймагын билдирет. Этнонимдин параллели казактарда "базар" формасында бар экендиги маалым (Жанузаков, 1982, 165).

**Бай** - сары багыш (манап) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 108). Антропоэтноним. Параллелдери казак, өзбек, башкыр, крым татарлары, монгол ж.б. курамдарынан кездешет. "Бай" этникалык термини менен байыркы түрк-монгол уруулары аталганы маалым (Абрамзон, 1988, 27). Р.Г. Кузеев башкырлардагы бай/байлар уруусунун тегин Түштүк Сибир жана Түндүк Алтайдагы самодий уруулары менен байланышта карайт. Демек, этникалык аталыш I миң жылдыктын аягындагы түрк-монгол жана самодий этночөйрөсү менен терең алакада болгон (Кузеев, 1974, 328-329).

**Бай багыш** - чекир саяк уруусундагы чоронун курамындагы урук (Абрамзон, 108). Этнонимдин параллели ак багыш (тынымсейит), сары багыш, кара багыш, чоң багыш, кызыл багыш (тейит) сыяктуу ири уруу (урук) аттары катары белгилүү. С.М. Абрамзон бай багыштарды XVIII к. Жамболоттун Или, Талас ж.б. жерлерге жасаган жортуулдарында туткундалып келгендердин тукумдары катары карайт. Мисалы, кыпчак, мундуз, саруу, тажик, калмак, казак ж.б.у.с. (Абрамзон, 1960, Т. IV, 43).

**Бай казак** - сары багыш уруусундагы манаптын курамындагы урук (Абрамзон, 108). Кээ бир маалыматтар бул урукту сырттан келип кирген этнокомпонент катары баяндашса, айрымдары бай казактарды Алмакүчүк тарабынан туткундалган, кийинчерээк кыргыздардын курамына жуурулушкан калмактардын ту-

www.bizdin.kg



кумдары катары эсептешет (Абрамзон, 1960, Т. IV, 35-36). Бул мезгил болжол менен XVIII к. экинчи жарымына таандык болуусу мүмкүн. Этнонимдин параллели тынымсейиттердин курамында бар.

**Бай калмак** - жедигер уруусунун курамындагы урук. Болжолу, бул урук аталышы калмак (ойрот) этнокомпоненттеринен кабыл алынуусу мүмкүн. Этнонимдин параллелдерин "калмак" формасында багыш, сары багыш, суу мурун урууларынан кезиктирүүгө болот.

**Бай кесек** - кесек уруусунун курамындагы ири урук (Аттокуров, 1995, 193). Параллели казактарда "кара кесек" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 169).

**Бай көнөк** - суу мурун уруусундагы үч олжобайдын курамындагы урук (Абрамзон, 108). Көнөк 1. Саан сааганда, суу ташыганда колдонуу үчүн төөнүн терисинен ыштап жасалган идиш; 2. Көөп, чоңоюп кеткен шишик (КТТС,571). Этнонимдин параллели казактарда "көнек" формасында бар (Жанузаков, 1982, 170). Энчилүү ат болжолу лакап аттан улам келип чыккан.

**Бай көчөк** - солто уруусундагы талкандын курамындагы урук (Абрамзон, 108). Этнонимдин параллели баргы, кара багыш урууларында - "көчөк", казактарда - "көшек", лакайларда - "күчөк" формаларында учурайт (Жанузаков,1982, 170; Кармышева, 1976, 99-101). Мындан сырткары, кыргыздын баргы, кара багыш урууларында "көчөк" аттуу этнонимдер бар экендиги белгилүү (Абрамзон, 115).

**Бай күчүк** - азык уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 108).

**Бай моңол** - моңолдор уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). "Бай" компоненти катышкан этнонимдер дайыма эле нукура социалдык, мүлктүк абалды билдире бербеши да мүмкүн. Анткени, "бай" сөзү өзүнүн семантикалык калыптанышынын алгачкы этаптарында "чоң", "байыркы", "түптүү", "тектүү" ж.б. маанилерди да бериши ыктымал. Мисалы, бай тейит, бай мундуз ж. б.у.с.

**Бай согур** - басыз уруусунун курамындагы ири уруктун аталышы (Абрамзон, 109). Этноним сөз катары байыркы формасын сактап келет. "Sogur" зоол. "суур" маанисин берет (ДТС, 507). Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" этнонимдин экинчи компоненти "сугур" - кескелдирик сымаал чөлдөгү жаныбарды түшүндүрөт (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 235). "Сугур" сөзүнүн байыркы мааниси "ачытылган сүттөн жасалган курут" дегенди да аныктайт (ДТС, 507).

**Бай тейит** – тейит уруусунун курамындагы урук (Маанаев 1969, 25). Бул уруктун айрым бөлүктөрү азыркы Өзбекстан, Тажикстандын аймактарын орто кылымдардан бери мекендеп келишет. Ноокат районунда Бай-Тейит этнотопоними, айыл аты бар (СГНК, 1988, 34).

**Бай терек** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Азыркы кыргыз тилинде төмөндөгүдөй аныктама берилет: Байтерек - жалбырактары калың, бутактап чыгуучу чоң терек (КТТС, 118). Минусин ойдуңунда (Хакасия) "Пай-Тирек" аттуу эзелки топоним сакталып келет(Бутанаев,1995,87). Өткөн доорлордо ар бир уруунун сыйынган жаныбары, кушу, тоосу, эн тамгасы, дарагы болгондугу маалым. Бул кыргыздарда, өзгөчө Түштүк Сибирдеги түрк-монгол элдеринде соңку мезгилдерге чейин сакталып келди. Бай терек кыргыздар үчүн ыйык дарак болгондугун айгинелеген фактылар бар. "Манас" үчилтигинде Букарды көздөй качып, жолдо чарчап-чаалыккан Каныкей жана

www.bizdin.kg



Чыйырды ыйык деп эсептелген бай теректин көлөкөсүнө эс алууга токтоп, уйкуга кетишет. Ушул учурда кайдан бир аркар пайда болуп, Семетейди сүтү менен эмизгендиги баяндалат (Абрамзон, 1990, 303-304). Ушул эле эпосто асман менен жердин ортолугундагы тирөөч катары турган дүйнөлүк дарактын моделтүшүнүгү чагылдырылат (Молдобаев, 1995, 208-211). Бай терек (Чынар терек) эпос боюнча бутагынан адамга укмуштуу ал-кубат берүүчү сүт чыккан касиеттүү дарак. Дүйнөлүк оозеки чыгармачылыкта жана диний түшүнүктөрдө аалам дарагы (өмүр дарагы, космос дарагы) жөнүндөгү миф кеңири белгилүү. Ал дарактын тамыры жер астындагы дүйнөдө (өлүктөр өлкөсүндө), ортоңку сөңгөгү жер үстүндө (кадимки адамдар өлкөсүндө), башы асманда (кудайлар өлкөсүндө) жайгашып, бүткүл ааламды өзүнө туташтырып турат деген ишенимге ээ. Бай теректин ээси көпчүлүк учурда аял (эне) түрүндө элестетилет. Атайын изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын пикирине караганда “бай” - “ыйык”, “жаратуучу” (кудай) деген мааниге ээ. Демек, “байтерек” - “ыйык терек”, “жаратман терек” дегенди билдирет. Соңку мезгилдерге чейин байыркы дин - шаманизмди тутунуп келген Борбордук Азияда жана Сибирде жашаган түрк элдеринин чыгармаларында бай терек биздин эпостогуга салыштырганда байыркы белгилерин толук сактай алган. Якут олонхолорунда ушундай эле дарак адамдарды ар кандай кырсыктан сактоочу гана эмес, алардын түпкү энеси да болуп саналат (“Манас”,Энциклопедия,Т.I,127).Кыргыз, хакас жана алтайлыктардын дүйнөлүк дарак жөнүндөгү мифологиялык түшүнүктөрүндө бир катар жалпылыктар бар экендиги аныкталган (Молдобаев,1995,209). Этникалык аталыштын параллели казактарда “бай терек” формасында сакталып келет (Жанузаков,1982,166). Мындан сырткары, казактын улуу жүзүнүн курамына кирген “канлы” уруусунун аскердик урааны “байтерек” деп чакырылгандыгы маалым (Тынышпаев, 1925, 29).

**Бай төбөт** - кытай уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). “Төбөт” сөзүнүн маанисине түрк тилдеринде этимологиялык так аныктама бериле элек. Айрым изилдөөчүлөр бул этникалык аталышты “иттин дөбөтү”, “карышкырдын дөбөтү” маанисинде чечмелеп жүрүшөт (Щербак, 1961, 127-128). Этноним алгач “түбүт” формасында Махмуд Кашгаринин “Сөздүгүндө” (XI к.) эскерилет: “...түбүттөр” түрк тилинде сүйлөгөн бир уруу. Чыгыш тарабынан Чин (Кытай), түштүктө Хинд деңизи, батышта Кашмир, түндүгүндө уйгурлардын ээликтери менен чектешет. Түбүттөрдө араб тилинин таасири күчтүү, энелерин “ума”, аталарын “аба” деп аташат”, - деп жазат (Махмуд Кашгари, Т. I, 337). “Манас” эпосунда Тибет (Тебит) - топоним, кыргыздарга чектеш, карым-катнашы бар элдин жери катары бир катар эпизоддордо эскерилет (“Манас”, Энциклопедия. Т. II, 277-278). Жогорудагы маалыматтарга көңүл бурсак, орто кылымдардагы кыргыздар жөнүндө айрым маалымат, кабар берилгенсийт. Айрым далилдүү фактылар, фольклордун, жер-суу аттарындагы ж. б. маалыматтар кыргыздардын Тибет, Кашмирге чейинки өтө кенен аймактарды байырлашкандыктарын тастыктайт (Абрамзон, 1990, 67). Буга ушул аймакты чукул мекендеп келишкен сары югурлар жана лобнорлуктардын кыргыздар менен этникалык терең жакындыктары да далил боло алары шексиз (караңыз, сары угурлар, лобнорлор). Бул маалыматтарды Б.Солтоноевдин жазгандары да бышыктай алат: “...1916-ж. Кытайга барган соодагер кашкарлыктын айтуусунда Тибетте эң азында 30-40 миң түтүн кыргыз бар. Тили бузулбаган, таза, араб сөздү катыштырбаган, дини калмакча, мусулманча бата кылбастан, өзүнчө бата кылат” (Манас, Энциклопедия. Т. II, 278). Келтирилген маалыматтар төбөт (бай төбөт) этнониминин келип чыгышында аталган аймактын этникалык жана табигый таасирин ырастагансыйт.

www.bizdin.kg



**Бай чубак** - черик уруусунун курамындагы ири уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 109).Бул уруктар тобуна төмөнкүлөр кирет: сары көбөн, кейике, онтогор,бөкө,карагул ж.б.(Аттокуров,1995,85).Салыштырып караңыз: Ак чубак

**Байге кашка** - каңды уруусунун курамындагы урук (Маанаев 1969, 25). Этникалык аталыштын биринчи компонентинин параллели монголдордо "байге" формасында кездешет (Лебедева, 1958, 221). Экинчи компоненти жөнүндө караңыз: кашка.

**Баймат тукуму** - бостон уруусунун курамындагы урук. Параллели орто жүз казактарында "баймат","баимбет" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 166). Антропоэтноним.

**Баймырза** - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Антропоэтноним.

**Баймырза** - солто (талкан), кытай (төңтөгөр) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 109). Антропоэтнонимдер. Параллели казактарда "баймурза" формасында кездешери маалым (Жанузаков, 1982, 166).

**Байсейит** – жетиген (кыбал), солто (талкан) урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 109). Антропоэтнонимдер. Параллели түркмөндөрдө "сейит" формасында кездешет. Сайид - ар. "падыша", "кожоюн"; кийинчерээк ислам дининин тушунда "Мухамеддин урпактары, тукумдары" маанисин туюнтуп калган (Атаниязов, 1988, 105).

**Байсу** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Этникалык аталыш катары VII-VIII кк. даректүү тарыхый булактарда эскерилет. Кытай жыл баяндарында (648-ж.) байсилер (байсу) - теле урууларынын бири экендиги чагылдырат. Тан династиясынын жыл баяны "Тан шудагы" маалыматтарга караганда байсилер (байсу) азыркы Эдзин-Голго жамаатташ аймактарды байырлашкан (Зуев, 1960, 112). Кыргыз жана теле урууларынын этникалык алакалары VII-VIII кк. чейин эле болгондугу белгилүү. Кыргыздар жуанжуандардын (айрым маалыматтарда хуннулар) кысымы астында азыркы Монголиянын аймагынан Минусин ойдуңуна журт которгонго чейин эле (V VI кк.) теле уруулары менен этникалык-маданий, соода алакаларында болуп турушкан. С.М. Абрамзон байыркы телелердеги "пу-гу", "бай-си" урууларынын энчилүү аттарын бүгүнкү кыргыздардагы бугу, байсу (саруу) этникалык аталыштары менен жалпылыкта карайт (Абрамзон, 1990, 65). Изилдөөчүлөр Крым жарым аралында да Байсу этнотопоними бар экендигин аныкташкан (Лезина, Суперанская, 1984, 84). Байсу компоненти кыргыздардын этникалык курамында бери болгондо VI-VII кк. белгилүү десе болот. Мындан сырткары, байыркы телес (теле) урууларынан кыргыздардын курамына төөлөс/дөөлөс, төлөк, телек ж.б. этнокомпоненттер кирген.

**Байталчы** - чекир саяк уруусундагы курманкожонун курамындагы урук (Абрамзон, 118). Этнонимдин параллели "кара байтал" формасында кыргыз-кыпчактардын курамынан кездешет (Шаниязов, 1974, 144). Таанымал окумуштуу Н.А.Аристов "кара байтал" уругун кыргыздардын курамындагы эң байыркы этнокомпонент экендигин белгилейт. Мындан сырткары, бул урууга башка кыргыздар өзгөчө сый-урмат менен мамиле жасашарын, ал эми этникалык аталыш эзелки тотемисттик түшүнүктөрдү чагылдырыларын жазат (Аристов, 1894, 435). К.Шаниязов байыркы тотемисттик түшүнүктөрдө жылкыны курмандыкка чалуу, атты көмүү салты ырым-жырымдардын генетикалык байланышын чагылдырарын белгилейт (Шаниязов, 1974, 149).

**Байталчы** этноними кыргыз жана түрк тилдеринде жакшы түшүндүрүлөт:

www.bizdin.kg



Байтал 1. Кулундай элек ургаачы жылкы; 2. Бээлерге карата колдонулуучу жалпы ат (КТТС, 118). -чы/-чу мүчөлөрү түрк тилдеринде продуктивдүү колдонулат жана адамдардын кесибин, социалдык абалын, жашаган аймактарын аныктайт (Орузбаева, 1980, 70-71).

**Байым** - бугу (арык) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Антропоэтноним. Этникалык аталыштын параллели башкырлардын курамында "баим" формасында кездешет (Кузеев, 1974, 66).

**Байыш** - бөрү уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 109). Этникалык аталыштын параллели казактардын курамынан "баис" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 166).

**Бакал** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Этнонимдин кыргыз тилиндеги мааниси "кант, чай, күрүч ж. б. буюмдар салынган дүкөн" маанисин туюнтат (КТТС, 89). Ушул эле сөз тунгус-манжур тилдеринде "аң тери" дегенди аныктайт(Вяткина, 1933, 50). Демек, этноним адамдардын соода-сатык ишмердүүлүгүнө байланыштуу келип чыккан десе болот. Акча бирдиги пайда боло электе чейин, өзгөчө көчмөн жана токойлуу аймактарда жашаган элдерде соода мамилелери көбүнэсе аң тери менен жүргүзүлгөндүгү маалым. Маселен, "тыйын" деген акча бирдигинин термини соода-сатык алакаларында кенен пайдаланылган тыйын чычкандын терисине байланыштуу чыккан. Ошондуктан, "бакал" сөзүнүн баштапкы мааниси аң терисине байланыштуу.

**Бакты ороз** - саяк (шыкмаамат) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Антропоэтноним. Параллели түркмөндөрдө "багты" формасында кездешери маалым (Атаниязов, 1988, 27).

**Бактыбай** - кара багыш, бакты-кытай урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 109). Антропоэтноним. Параллелдери казактарда "бахтибай", түркмөндөрдө "багты" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 166; Атаниязов, 1988, 26).

**Бактыгул** - басыз уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 109). Антропоэтноним. Бул уруктун өкүлдөрү компакттуу түрдө Сузактын Көк-Арт өрөөнүндө жана ага жамаатташ аймактарда жашашат.

**Бакшылар** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Кыргыз, казак, көчмөн өзбек, кара калпак, түркмөндөрдүгү - "бакшы", монгол элдериндеги - "бөө", тунгус-манжур ж.б. элдердеги "шаман", Саян-Алтай түрк элдериндеги - "кам" (кям) терминдери мааниси бир синонимдеш сөздөр. Этникалык аталыштын параллелдери түркмөн, кара калпак, казактардын уруулук курамдарынан кездешери аныкталган (Атаниязов, 1988, 27; Жанузаков, 1982, 168). Этникалык аталыш шаман дининин таасири астында келип чыккан. Шаман тунгус-манжур элдериндеги дин адамдарынын кызматтык-иерархиялык тепкичин аныктайт жана илимий айлампага бабаларыбыз сыйынган диндин шарттуу аталышы катары орус окумуштуулары тарабынан XIX к. киргизилген. Шаман дини түрдүү тарыхый-тилдик, маданий шарттарга ылайыкташып, тарыхый өнүгүүдөгү айрым эволюциялык өзгөрүүлөргө дуушар болуп турган. «Бахши» (бах + шы, - чы) термини санскрит тилинен кабыл алынып, "катчы", "кат тааныган адам" маанисин туюнткан (МИКК, 1973, Вып.I, 241). Бул термин кытай тилине "баоши" формасында өтүп, "окутуучу", "устат" (ДТС, 83; Махпиров, 1997, 186); ал эми санскритче "пахшы" - "кечил" (монах) дегенди да билдирген (Малов, 1957, 185). Ал эми түркмөндөрдө "багшы" - ырчы, дастанчы, санжырачы маанилерин берген. Мындан сырткары, "багшы" деген наамды уруу башчылары да алып жүрүшкөн. Хива хандары түркмөндөрдүн

www.bizdin.kg



атактуу уруу башчыларына аталган титулду ыйгарышкандыгы маалым (Атаниязов, 1988, 27). Демек, "бакшы" термини билимдүү, кат тааныган, жетекчилик шыгы бар киши, белгилүү дастанчы, санжырачы маанилерин туюндурган. Бул фактылар шамандардын коомдогу ээлеген ролун, абройун чагылдырат. Шаман жамааттык коомдогу активдүү индивид катары бир эле учурда катчы, табып (дарыгер), ата мурасын алып жүрүүчү, дастанчы, санжырачы милдеттерин аткарган. Кытай жана мусулман булактары орто кылымдардагы кыргыздарда шамандар (бакшылар) "кам", "фагинун" деп аталарын баяндашат (Караев, 1995, 54-55). Бакшы - ооруга чалдыккан адамды дубалап, "жин-шайтандарды" кубалап чыга турган сыяктанып, буркан-шаркан түшүп, жаалданган аракеттер менен эмдеп-домдой турган дарымчы ("Манас", Энциклопедия, Т.I, 134).

**Бакы** - баргы, бөрү, моңолдор урууларынын курамдарындагы ири уруктар (Абрамзон, 109). Этнонимдердин параллелдери түркмөн, каракалпактарда - "бакы", казактарда - "баки матай" формаларында кездешет (Жданко,1950, 37; Жанузаков, 1982, 166; Атаниязов, 1988, 28).

**Бала баарын** - баарын уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Баарын - кыргыз тилинде "ителги менен ылаачындын аргындашуусунан чыккан алгыр куш" маанисин берет (КТТС, 109). Баарун - моңголчо "оң", гар - "кол", "канат"; Барунгар - "оң канат", "оң колдогулар" маанисин туюнтат (караңыз: баарын). Лексика-семантикалык жактан этникалык аталыштын даражасын аныктайт.

**Бала кыйра** - моңолдор уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Лексика-семантикалык жактан уруктун энчилүү аты этникалык компоненттин даражасын аныктайт. Этнонимдин экинчи компонентинин мааниси азырынча так аныктала элек.

**Бала саруу** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Лексика-семантикалык жактан уруктун энчилүү аты этникалык компоненттин даражасын аныктайт. Бул түркүмдөгү этнонимдерге бала баарын (баарын), бала кыйра (моңолдор) ж. б. кирет.

**Балкыбек** - бостон, сары багыш урууларынын курамдарындагы урук (Абрамзон, 109). Антропоэтноним. Тилчи А. Боронов этникалык аталыштын чыгыш тегин Афганистандагы Балх шаарына байланыштырат (Боронов, 1988, 175). Этнонимдин параллели топоэтноним катары "балхы" формасында түркмөн-эрсарылардын курамында да бар (Атаниязов, 1988, 29). Балкыбек - "Манас" дастанында эпизоддук кейипкер катары катышат ("Манас", Энциклопедия, Т.I, 138).

**Балпай** - мунгуш уруусунун курамындагы урук. Лакап антропоэтноним. Балпай - денеси жайылып, балпайган тартып көрүнүү (КТТС, 272).

**Балта** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Маанаев 1969, 25). Антропоэтноним. Параллели казактардын уруулук курамынан "балта", "балталы", "балта-керей" формаларында чагылдырылат (Жанузаков, 1982, 166).

**Балталы** – кыпчак уруусунун (сары кыпчак) курамындагы урук. Бул уруктун өкүлдөрү Фергана өрөөнүн (Өзбекстан, Анжиян аймагы) ээлтеден мекендеп келишет (Шаниязов, 1974, 131). Этнонимдин параллели казактардын курамынан "балталы", "балта", "балта керей" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 166). Этноним болжолу уруулук эн тамганын аталышынан келип чыккан. Мындан сырткары ногой, кара калпак жана казактарда "балгалы" этнонимдери бар экендиги маалым (Баскаков, 1980, 5; Жданко, 1950, 37;

www.bizdin.kg



Жанузаков, 1982, 166). Башкырларда бул ат уруулук эн тамганы билдирет (Кузеев, 1974, 370).

**Балчы** - бостон, жоо кесек уруулурынын курамындагы уруктар (Маанаев 1969, 25). Параллели казактарда "балжан" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 166).

**Балыкчы** - кытай, саруу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, ТКАЭЭ,Т.V,109). Этнонимдердин иараллелдери башкыр, казак, каракалпак, тува, түркмөндөрдүн курамдарында кездешери маалым (Кузеев, 1974, 351-352; Жанузаков, 1982, 166; Потапов, 1969,47; Вайнштейн, 1961, 40; Аланиязов, 1988, 29). Р.Г. Кузеев башка түрк көчмөн элдеринде (башкыр, казак, кыргыз, каракалпак, тува, түркмөн) кенен таралган бул этнонимди байыркы түрк доорунда пайда болуп, кийинки найман кара кытай этникалык чөйрөсүндө калыптангандыгын белгилейт. Анткени, бул урук кытай (катай) уруулук бирикмелеринин толкуну менен келгендиги маалымдалган (Кузеев, 1974, 351). Демек, башкырлардагы - "катай" (кытай), кыргыздардагы "кытай" урууларындагы балыкчы этнонимдери аркылуу этникалык жакындыктарды байкоого болот. Себеби, Р.Г. Кузеев байыркы кытай (катай) уруусунун эн тамгасы менен башкыр-балыкчылардын эн тамгасынын генетикалык жалпылыктарын да далил катары келтирген (аталган эмгек, 352). Мындан сырткары, кыргыздын кытай уруусунун эн тамгасынын башкыр-балыкчылардын (катай уруусунда - О.К.) эн тамгалары менен окшоштуктары аныкталды (караңыз: л Ш ^ S). Байыркы руникалык жазууларда balik, baluk "шаар", balukdaqu "шаардыктар" маанисин берген (Малов,1951,368). Махмуд Кашгари "Сөздүктө" balik -"шаар" дегенди түшүндүрөрүн жазат (Махмуд Кашгари, Т.I, 360). Ушул эле автор "balikcin" (балыкчын)-сөзүн "каркыра", "ак кытан", "балык уулай турган ак куш" маанисинде чечмелейт (Махмуд Кашгари, Т.I,348). Балык + чы; чы мүчөсү адамдардын кесибин, жашаган аймагын да аныктары белгилүү. Байыркы түрк доорунда Беш-Балык, Орду-Балык ж. б. шаарлар болгону маалым. Изилдөөчүлөр "балыкчы" этноними байыркы түрк доорунда "отурукташкан адамдар", "шаар айланасында жашаган көчмөндөр" маанисин берерин аныкташат (Кузеев,1974, 351). Профессор Ө.К. Караев балыкчы (балыкчи) насили түрк уруусу, XIV-XV кк. Аксу шаарына жамаатташ жашаганын белгилейт (Караев, 1995, 126). В.П. Юдин кыргыздардын курамына жуурулушкан могол элементтерине балыкчы уруусун да кошот (Юдин, 1965, № 3, 61). Арийне, бул маалыматтар тактоолорду талап кылары шексиз. Анткени, аталган этнонимдер кыргыздардын курамына VI-X кк. (байыркы түрк доору) эле кирүүсү мүмкүн. Фергана өрөөнүндө "Балыкчы" деген топонимдер бир топ санда кездешери байкалган (Губаева, 1983, 60).

**Бапа** - бугу уруусунун курамындагы ири урук (Абрамзон, 109).

**Барак** - жору, саяк урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 109). Уруктар аталышынын паралелддери өзбек-катаган, өзбек-коңурат (кийинки учурларда бул этникалык топтордун өкүлдөрү лакайлар сыяктуу эле "өзбек" деген кошумча, жасалма аттан баш тартышкан фактылар бар - О.К.), казак, түркмөндөрдүн уруулук курамдарында бар. "Барак" байыркы түрк тилдеринде "ит" деген маанини түшүндүрөөрүн Махмуд Кашгари "Сөздүктө" чагылдырат (Махмуд Кашгари, Т. I, 359). Барак - орто кылымдардагы (X-XI кк.) кыпчактарда түгү узун иттин породасын (тукумун) түшүндүрүп, иоловец (кыпчак) княздарынын энчилүү аты катары да маалым болгондугун орус жыл баяндары чагылдырат (Баскаков,1984,53). Рашид ад-Дин "Жами ат-Таварихте" ит-барак терминин эскерип кетет (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 148). Демек, бул фактылар

www.bizdin.kg



"барак" жана "ит" деген синонимдеш терминдердин түрк дүйнөсүндө өтө кенен колдонулгандыгын аныктайт. Түркмөн ономасты С.Атаниязов айрым таанымал изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянып (Карпов Г.И. Список родоначальных групп Ирана. Ашхабад, 1942; Босварт К.Э. Мусульманские династии: Справочник по хронологии и генеалогии. М.: Наука, 1971, 204), түркмөндөрдөгү "барак" этнониминин келип чыгышын Алтын Ордо ханы Барак хан жана Чагатайдын түз тукумдарынын бири болгон Барак менен байланышта карайт (Атаниязов, 1988, 29). Арийне, бул этникалык аталыштын негизинде байыркы көчмөн уруулардын, анын ичинен кыргыздардын итке тотемдик жаныбар катары сыйынуусу жатат. Буга кыргыз санжыраларындагы мифологиялык иттер жөнүндөгү уламыштар да мисал боло алат. Уламыштын мазмуну жана маңызы кыргыздар ислам динин кабыл алгандан соң бир топ бурмаланган. Ушундай эле уламыш кыргыздарга теги жакындыгы аныкталган лакайларда да бар экендиги ырасталганы анык (караңыз: О.К. Каратаев. Лакайлар деген кимдер? / Кыргыз Руху, 1997, № 11, 21-март). Итке байыркы монгол тилдүү уруулар да сыйынышкандыгы маалым. Байыркы кидандар (кара кытайлар) жылдын күз мезгилине туш келген майрамын дан-хе-ми (кытайчадан сөзмөсөз которгондо "ит баш") деп аташкан. Ритуал учурунда мамлекеттин акими өз колу менен ак итти курмандыкка чалгандан соң иттин башын хан ордо үйүнөн жети кадам түштүк тарапка көмүп, тиштерин жер бетине калтырып коюшкан. Жети күн өткөндөн кийин иттин башы көмүлгөн жерге акимдин ордо үйүн орнотушкан (С.П. Толстов, 1933, № 3-10; 12-13). Тува шамандары табыптык милдетти аткарууда көк жал карышкыр менен катар түсү кара болгон ит (тув. "кара адай") оорулууну айыктырууда жардамчы рух болоруна ишенишкени жөнүндө маалыматтар бар. (Потапов, 1991, 137). Итке тотем катары мамиле жасоо алгачкы общиналык коомдо пайда болуусу ыктымал. Эң алгачкы колго үйрөтүлгөн үй айбаны иттин тотем катары чыгыш теги карышкырга байланыштуу болуусу мүмкүн. Демек, мындан уламыштардагы мифологиялык сары иттер жана Борбордук Азия чөлкөмдөрүндө байырлап, кийинчерээк тукум курут болгон кызыл карышкырлардын ортосунда байланыш барбы деген суроо келип чыгат.

**Баргы** - адигине уруулук тобундагы ири уруунун бири (Абрамзон, 110). Санжыра боюнча Баргы Адигиненин улуу баласы экендиги баяндалары маалым. Оң канатка кирген баргылар кыргыз этносунун пайдубалын түптөгөн байыркы уруулардан болот. Баргу азыркы Монголияда топонимикалык аталыш катары да белгилүү (Лебедева, 1958, 222). Айрым маалыматтар Ички Монголиядагы (Кытай Эл Республикасы) монголдордо "барга" аттуу ири уруу бар экендигин кабарлайт. Рашид ад-Дин (XIII к.) төмөнкүдөй маалыматтарды жазат: "Кыргыз жана Кэм-Кэмжиут кошуна, жакын турган аймактар, бул жерлер бир мамлекеттин (Кыргыздар мамлекети - О.К.) курамына кирет...Кэм-Кэмжиуттун бир тарабы наймандар, андан ары Баргужин-Токум деген жерде кори, баргу, тумат, байаут уруулары жашашат, алардын айрымдары монгол тилинде сүйлөшөт (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн. I, 150). Фарси автору баргулардан Иранда (монгол администрациясында, XIII к., - О.К.) белгилүү мамлекеттик ишмерлер болгондугун жазат. Рашид ад-Дин: "баргут, кори, төөлөс, тумат уруулары тектеш элдер, аларды Селенга дарыясынын аркы жээк тарабында жашагандыгы үчүн баргуттар, алар турган аймак ушундан улам Баргужин-Токум деп аталат" - деп жазат (көрсөтүлгөн эмгек, 121). Баргулар түрк (кыргыз) тилинде сүйлөгөнүн тарыхый булактагы адам аттары, алардын титулатурасы айгинелеп турары бышык. Демек, XIII к. бүгүнкү кыргыздардагы эң ири уруулар катары эсептелген найман, дөөлөс (төөлөс), баргы, баят (тейит), туума тукум (найман)ж.б.

www.bizdin.kg



"Кыргыз өлкөсү" жайгашкан аймактарды мекендешкен, кыргыз этносунун курамына жуурулушкан. Енисейдин чыгыш тарабындагы жайгашкан жерлер монголдордо XII-XIII кк. "Баргужин - Тукум" деген ат менен белгилүү болгон (Бертагаев 1958, 173). Рашид ад-Дин берген маалыматтарга караганда, баргуттар (-т монгол тилдеринде көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө - О.К.) Чынгыз хан жана анын мураскорлоруна ак дилден кызмат өтөшкөн (караңыз: аталган эмгек, 122-б.). Баргу, төөлөс, туматтар падышаларын "инал" деп ата-шары алардын тегинин кыргыз экендигин дагы бир ирет тастыктары ырас. Баргалжан (Баргужин) монгол тилдеринде "түнт токойлуу", "өздөштүрүлө элек тоолу аймак", токум - монг. төхүм. "төркүн", "уруулаштар", "туугандар" дегенди аныктайт (Бертагаев 1958, 174). Учурда Бурятияда Баргузин аттуу аймактык - админстративдик бирдик бар экендиги маалым. Демек, жогорудагы маалыматтарга таянсак, этникалык аталыштын эзелки мааниси "токойлуу, тоолуу аймакта жашаган тектеш, уруулаш туугандар" маанисин аныктайт.

**Баркы** - саруу, тейит урууларынын курамындагы уруктар. Этникалык аталышты байыркы "баргу" этноними менен жалпылыкта кароого негиз бар (караңыз: баргы этноними). Баркы - бүгүнкү алтайлыктардын тилинде тайаке тарабынан жээнге сөзсүз түрдө энчилеп берилүүчү "белек-бечкеги", "жээндин энчиси" деген маанини аныктайт (Баскаков, Тощакова 1947, 27). Бул байыркы салт Түштүк Сибирдин элдеринде кенен таралып, анын айрым элементтери учурда кыргыздардын каада-салтында (мал-жан, буюм энчилөө салты) жашап келүүдө. Этникалдык аталыштын параллелдери "барга" формасында монгол жана казактардын курамдарында бар (Орос монгол толь 1957,35; Жанузаков 1988,166).

**Барчык** – чекир саяк уруусунун курамындагы урук. Барчык – алтайлыктардын жана хакастардын тилинде "чыйырчык" маанисин туюнтат (Баскаков, 1947, 27; Хакасско-русский словарь 1959, 380). Мындан сырткары "Barcuq" – байыркы түрк доорунда уламыштарда Афрасиаб тарабынан негизделген шаар катарында эскерилет (ДТС, 83). Бул ат менен енисейликк кыргыздардагы бийлик адамдары (Барчык Магнай Кашка, Улагач Кашка, Төрө Барчык Кашка ж.б.) белгилүү болушканы ырас (Бутанаев 1990, 22). Демек, Барчык – кыргыздарда ээлтеден адамдын (уруктардын) энчилүү аты болуп келген деген тыянакка келүүгө болот.

**Басыз** - сол канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 110). Уруунун аскердик урааны "Акбуура" деп чакырылганы маалым (Абрамзон, Т.IV, -с. 79.). Басыз - кыргыз, мундуз, дөөлөс ж. б. этнонимдери сыяктуу эң байыркы этникалык аталыш катары кароого болот. Басыз: -з мүчөсү байыркы түрк доорунан көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө катары белгилүү (Серебренников, Гаджиева 1979, 88). Сейф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму ат-Таварихинде" (XVI к.) жазылган генеалогиялык баяндар боюнча басыз уруусу кыргыздардын сол канатына кирери айтылат (МИКК, 208). XVIIIк. кытай булагы "Сиюй тучжи" басыз уруусу "батыш кыргыз ордосунун" курамында экендигин баяндайт (Абрамзон С.М. Т.IV.-с.80). Этнонимдин параллели Афганистандын түндүк-чыгыш аймагын байырлаган катагандардын курамында да бар экендиги аныкталган. Бул ири этнографиялык топтун этностук тегинин кыргыздарга өтө жакындыгы абройлуу изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде далилденген. Д.Лорддун берген маалыматтарында басыздар өзбек-катагандардын (эскертүү: илимге өзбек-катаган деген ат менен кирип калган бул этностук топтун өкүлдөрү өздөрүн "өзбек" деп аташпайт - О.К.) он алты уругунун бири болгондугу чагылдырылат (Кармышева 1976, 105, 244-245;

www.bizdin.kg



Молдобаев 1995, 149- 150). Бул басыздардын катагандар менен этникалык байланышын тастыктары бышык. Санжыралык маалыматтарда басыз урууСунун түпкү атасы Аксуулук Түгөл деп аталат. С.М. Абрамзон бул топонимди Чыгыш Түркстандагы Ак Суу менен байланышта карайт (Абрамзон 1990, 68). Ч.Валиханов, П.П. Семенов Тянь-Шаньский, Н.А. Аристовдор өз эмгектеринде басыздарды оң канат кыргыздар экендигин баса белгилешет. Болжолу, бул пикирлер басыздардын оң канаттагы кыргыз уруулары менен бирге көчүп - конуп жүргөнүнөн болуусу мүмкүн. XVIII к. кытай жазма булагында ("Сиюй Тучжи") басыздар (кыт. ба-се-цзы) батыш кыргыз ордосунун курамына киришери баяндалат (Абрамзон С.М, 1960, Т.IV, 79-80).

**Баштык** – карабагыш жана калмак-кыргыздардын курамындагы уруктар (Аб-рамзан, 110). Баштык. 1.Башчы, башкаруучу, жетекчи; 2.Ун-талкан, азык түүлүк жана башка ар түрдүү нерселерди салып коюу же аны алып жүрүү үчүн ылайыкталып жасалган капчык (КТТС, 145). Бүгүнкү тува ти-линде «купкуу», «турмуштук тажрыйбасы бар», «акылдуу» дегенди аныктайт (Тувинско-русский словарь, 1968, 96). Лакап этноним. Параллели казактардан "бастыктийи" формасында кездешери аныкталган (Жанузаков 1982, 166).

**Баян** – чекир саяк уруусундагы катагандардын курамындагы урук (Абрамзон, 110). Антропоэтноним. Баян - монгол тилинде "бай", "байлык" маанилерин туюнтат (Монгол орос толь. Улаан Баатор, 1957, 67). Хакастардын тарыхый фольклорунда Пайан-хыс Коковдор уругунун (сөөгүнүн) Июс өрөөнүнөн чыккан болмуштуу түпкү энеси катары баяндалат (Бутанаев 1999, 82).

**Баянды** - жедигер уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин эзелки формасы баяндыр: -р көптүк маанини аныктаган байыркы сөз жасоочу мүчө. Параллели түркмөндөрдүн курамынан "байындыр" формасында кездешери маалым (Атаниязов 1988, 28). Энциклопедист Махмуд Кашгари (XI к.) баянды(р)лардын ("Сөздүктө" байундур) огуз-түркмөн уруулук бирикмесине кирери жөнүндө жазып, эн тамгасы тууралуу алгачкы маалыматты берет. Эн тамгасы 33 формада болуп, байыркы даректүү булактарда чагылдырылган жалпы кыргыз эн тамгасына (У) түзүлүшү жагынан окшоп турат (караңыз: Махмуд Кашгари, Т. I, 90). Рашид ад-Дин "Жами ат-Таварихте" баян ду(р)ларды Огуз кагандын Көк хан аттуу баласынан тараган уруу (урук) катары маалымат берет. Фарси окумуштуусунун берген маалыматтарына караганда баяндурлардын эн тамгасы Л О, сыйынган кушу - кыргый (Рашид ад-Дин, Т. I, Кн. I, 89). Ушул эле автор этнонимди жөнөкөй этимологиялык негизде"жер жүзү жыргалчылыкка толсун" деген мааниде чечмелейт (аталган эмгек, 89-б.). Абул Гази Бахадур-хан болсо, этникалык аталышка "бактылуу", "телегейи тегиз" маанисинде түшүндүрмө берет (Абул Гази,1906,25-26). Академик В.В. Бартольд орус жыл баяндарындагы берендейлерди байандурлар менен жалпылыкта карайт (Бартольд В.В., Соч. Т. V, 272). Арийне, этникалык аталыштар бири-биринен ыраак жайгашкан эки башка урууну да аныктары маалым. А.Н. Кононов "баяндур" жана "баят" этнонимдерин негизин түзгөн "бай", "баян" сөздөрү "бай", "байлык" маанилерин аныктарын жазат (Кононов А.Н. Родословное древо тюрков, 92, 96). Биздин пикирде, этнонимдин маанисин чечмелөөдөгү А.Н. Кононовдун айткан тыянагы илимий негиздүү. Эн тамгалардагы генетикалык жалпылыктарга жана кыргыз, огуз этникалык байланыштарына таянып, баяндыларды кыргыздардын курамындагы байыркы этнокомпонент катары кароого негиз бар.

**Баят** - тейит уруусунун курамындагы урук. Бул этникалык аталыш байыркы түрк доорунан эле белгилүү. Махмуд Кашгари байыркы огуз уруулук би-

www.bizdin.kg



рикмесине кирген баяттар жана алардын эн тамгасы жөнүндө маалымат берет (Махмуд Кашгари,Т.I,67). Рашид ад-Дин баяттарды орто кылымдардагы огуз-түркмөн урууларынын оң канатына кирген өз алдынча уруу экендигин билдирген (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн. I, 76). Арийне, ушул эле фарсы автору баяттарды (монг.“баяут”) монгол тилдүү этникалык чөйрөгө таандык экендигин, “жадай-баят” жана “кэхэрин-баят” деген эки дарыяга жамаатташ байырлаган сулдуздардын кошунасы катары сүрөттөйт (аталган эмгек, 173-175-б). Абул Гази Бахадур-хан да өз эмгегинде Рашид ад-Диндин берген маалыматтарын бышыктаган ойду айтат (Абул Гази, 1906, 52). Болжолу, XII-XIII кк. бул этникалык компоненттер бир эле учурда монгол жана түрк тилдүү уруулардын курамдарында болуу керек. Анткени, айрым изилдөөчүлөр байыртадан эле белгилүү болгон “баяттарды” печенег-огуздардын курамындагы ушул эле ат менен маалым болгон уруу менен этникалык жалпылыкта карашат (Кузеев, 1974, 174; Атаниязов, 1988, 30). Этникалык аталыштын параллелдери казак, өзбек, сары югур жана түркмөндөрдүн уруулук курамдарында бар. Учурда Монголиянын Убсунур аймагында өздөрүн “баят” деп аташкан, монголдордон айрым бир өзгөчөлүктөрү бар уруу жашайт (Народы мира: Историко-этнографический справочник. М.: 1988, 93). Балким, аталган этникалык топ монголдошкон түрк тилдүү уруулардын бири болушу да ыктымал. “Баят” сөзүн Махмуд Кашгари аргу (оргу) тилинде “кудай”, “алла-таала” маанисинде чечмелейт (Чороев,1991, 457). Рашид ад-Дин “бактылуу”, “телегейи тегиз”, ал эми Абул Гази “бактылуу”, “бай” деген формада аныктама беришет (Абул Гази, 1906, 25; Кононов 1958, 53). Бирок, соңку мезгилдеги изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү baiat < baian, монголчо “бай”, “байлык” (бая «бай» + т; -т мүчөсү бурят-монгол тилдеринде көптүк маанини билдирет) маанисин аныктарына токтолушат (караңыз: Махпиров, 1990, 67). Этникалык компонент кыргыздардын курамына IX-X кк. чейин эле кирүүсү мүмкүн.

**Беглер** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 110). Антропоэтноним. Беглер (бек+лер/тер) “бектер” маанисин билдирет. Этникалык аталыш уруунун түпкү бабасынын социалдык абалын чагылдырышы мүмкүн. Параллелдери түркмөн этнонимиясында бир нече ирет чагылдырылары маалым (Атаниязов,1988,30). Бек-кыргыздарда “бий”, “кашка” титулдары сыяктуу бийлик, мансап даражасын билдирет. Бек - “Манас” дастанында аскердик титул катары да эскерилери маалым(«Манас», Энциклопедия, Т. I, 142).

**Беглер/Бектер** - баргы, кесек урууларынын курамындагы урук (Абрамзон,110).“Бек”-титул, майда феодалдарга жана кызматчыларга берилүүчү наам (КТТС,96). Енисей кыргыздарынын улус башчылары бег (пиглер) деп аталган. Ар бир бектин өзгөчө туусу, белгиси, эн тамгасы болгондугу маалым. Енисейлик кыргыздар XVII к. монгол жана жунгарлардын таасири менен тайша, яйзан (кырг. жайсаң) ж.б. титулдарды кабыл ала башташкан (Бутанаев, 1990, 22).

**Беккулу** - бугу (кыдык) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 110). Антропоэтноним. Параллели башкырлардан “бекулы”, ”байулинцы” формаларында кездешет (Кузеев, 1974, 162-163).

**Бекман** - күркүрөө уруусунун курамындагы уруктун аталышы (Абрамзон, 110). Этнонимдин биринчи компоненти “бек”: 1.Эл башкаруучу кызмат адамынын титулу, наамы; 2. Туруктуу, бекем, чын (КТТС, 149). -ман сөз жасоочу мүчө катары байыртадан белгилүү. Бул мүчөнүн келип чыккан мезгили, чөйрөсү толук аныктала элек. -ман мүчөсү этнонимдерде, антропонимдерде, жер-суу аталыштарында сакталуу менен кенен ареалды кучагына камтыйт (караңыз: “бычман” этноними).

www.bizdin.kg



**Белек** - бугу уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 110). Этнонимдин параллелдери азык, баргы, кара багыш, солто, сары багыш урууларынын курамдарында бар экендиги маалым (Аттокуров, 1995).

**Бечел** – багыш уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Бечел 1. Маалына жетип, баспаган бала; 2. өтм, Чабал, начар (КТТС, 156). Энчилүү лакап аттан улам келип чыккандыгы байкалып турат.

**Бечен/печен** - сол канаттагы чоң багыш уруусунун курамындагы уруктардын бири. Айрым маалыматтарда "бечина", "пичине" формаларында чагылдырылат(ТКАЭЭ,Т.V,110). Печенектер (бэченэк, печенак) байыркы түрк тилдүү ири уруулук бирикмелерден болгондугу маалым. Бул уруулук бирикме кытай жыл баяндарында "бей-жу" деген ат менен белгилүү болгон (Кляшторный, 1963, 177). Орус жазма булактарында печенектер уруулук союзу IX-XI кк. чектеринде маалым боло баштайт. Бул бирикменин курамына хазар ж.б. көчмөн уруулар да киргени талашсыз. Болжолу, кийинчерээк ковуй, берендей, каепич, боут, могут, торк (орус жыл баяндарындагы ата-лыштары өзгөрүлбөй берилди - О.К.) уздар (огуз) печенек союзунан бөлүнүп чыгышкан.

Оболу печенек уруулары Балхаш көлү менен Арал деңизинин ортолугун байырлашкан (Гумилев, 1993, 214). IX к. печенектерди чыгыштан жер которгон кимак-кыпчак уруулук союзу кысымга ала баштаган. Волга дарыясынан чыгыш тарапта көчүп-конуп жашаган печенектер IX к. Киев Русунун түштүк аймактарына журт которушат (Бартольд, Соч. Т.V, 204). XI к. Махмуд Кашгари печенектерди ("Сөздүктө" - "бечанак" формасында жазылган - О. К.) Румга (Византия империясы) чектеш байырлаган түрк тилдүү уруулардын (элдин) бири экендигин жазат (Махмуд Кашгари, Т. I, 64, 90). IX-XIкк. Византия империясы, Киев Русу печенектердин чабуулунан көп жапа чеккендиктери тарыхый булактарда, элдик болмуштарда (орус былиналары) кенен баяндалат. Печенектер тарыхый аренага келген кыпчактардын этникалык жүзүнүн калыптанышына да олуттуу катышышкан. Айрым печенек этникалык компоненттеринин орто кылымдардагы кыпчактардын уруулук курамына жуурулушкандыгын изилдөөчүлөр белгилеп жүрүшөт (Кузеев, 1974, 170). Болжолу, IX-XI кк. печенек-кыпчак тилдери теги жагынан өтө жакын болушкан. Махмуд Кашгари "Сөздүгүндө" кыпчак жана печенек тилдери өтө жакын, окшош тилдер экендигин эскерген (Махмуд Кашгари, Т. I, 66). Кыргыз-печенек этникалык алакалары болжолдогондо, VIII-IXкк. Орто Азия чөлкөмүндө жүргөн десе болот. Биздин пикирде, бул алака Волга бою жана ага жамаатташ аймактарда да уланган. Таанымал иликтөөчү С.И. Руденко бүгүнкү башкырлардын курамындагы "кыргыз" этнокомпонен-ти аталган аймакта кыпчак толкунуна чейин эле (IX-X кк.) болгон деген жүйөлүү пикирин жазат (Руденко, 1955, 50, 329). IX к. Сыр-Дарыядан бүгүнкү Түштүк Уралдын аймактарына журт которгон башкорттордун тогуз уруусунун эң ириси кыргыздар болгондугу маалым. Демек, курамына "кыргыз" этнокомпоненти кирген башкырлар Волга тарапка печенектер менен бир мезгилде журт которгону аныкталып турат. С.М. Абрамзон печенек-бе-чен (чоң багыш) этнонимдеринин тегинин жалпылыгын белгилөө менен Теңир Тоодон түндүк-батыш тарапта (Волга дарыясы, Түштүк Урал аймактары) жүргөн кыргыз-огуз (печенек) этникалык байланыштары жөнүндө илимий негиздүү пикирин айткан. Кыргыздардын айрым бир элдик уламыштарында Болгар (Булгар) өлкөсү жана ал жактан бүгүн кыргыз жергесине журт которуп келген (күркү-рөө, жетиген, кушчу) уруулар жөнүндө маалыматтар бар (Абрамзон, 1990,76). Кыргыз этнографы И.Б. Молдобаев да өз иликтөөлөрүндө кыргыз этнони-

www.bizdin.kg



миясындагы бечен, чарык, баят ж.б. уруулук аталыштар орто кылымдар мезгилиндеги кыргыз-огуз этникалык алакаларынан кабар берерин белгилейт (Молдобаев, 1985, 162). Кыргыз фольклорчусу Т. Абдракунов "Манас" эпосундагы "Бээжинди" белгиленип жүргөндөй Пекин топоними менен эмес, VIII-X к. Сыр-Дарыяга жамаатташ байырлаган көчмөн уруулардын энчилүү аты "бэжэнэк" этноними менен жалпылыкта караган көз карашын айтат (Абдракунов, 1990, 92-93). Бул жүйөлүү илимий пикир кошумча иликтөөлөргө, айрым тактоолорго муктаж. Түрк тилдеринин огуз бутагында сүйлөгөн гагауздардын этникалык жүзүнүн калыптанышында печенек уруулары чечүүчү ролду ээлешкен. Бүгүнкү гагауздардын негизги бөлүгү жашаган Түштүк Молдавияда Кыргыз, Кыргыз-Кытай гидронимдеринин болушу да капысынан эмес чыгар (караңыз: Баскаков, 1984, 54-61). Этнонимдин мааниси жөнүндө илим чөйрөсүндө бирдей пикирлер жок. Рашид ад-Дин "жакшылык аракетте керектөө жана колдоо", Абул Гази "жасоочу", "аткаруучу" маанилеринде чечмелешет (Махпиров, 1997,114). С.П. Толстов этнонимди байыркы иран тилдүү апасиак же пасиандар менен параллел карайт (Атаниязов, 1988,32). Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү москвалык профессор Н.А.Баскаковдун илимге киргизген көз карашын колдоп келишет. Автордун пикиринде печенек этноними "бажа +нак"; "бажа" же негизинен бир уруудан үйлөнүшкөн урук, топ маанисин түшүндүрөт. Ал эми -нак мүчөсү кичирейтип, эркелетчү татаал суффикс (Баскаков, 1985,51). Бул илимий пикир В.В. Бартольддун, О.Притцак, В.Бангдын көз караштарын колдоо дегенди аныктары шексиз. Арийне, бул көз карашка немец алымы Г. Дерфер өз иликтөөлөрүндө каршы чыккандыгы маалым (Махпиров, 1997,114). Биздин көз карашыбызда, этнонимди башка мааниде, анын чыныгы маңызмазмунун аныктаган өңүттө чечмелөөгө болот. Бечeнек; бечен + ек; бечен деген сөз тунгус-манжур тилдеринде "элик" маанисин билдирет. Айрым изилдөөчүлөрдүн белгилөөсүндө бул термин тунгус-манжур тилдерине түрк тилдеринен келип кирген (Новикова, 1972, 141). -к; -ек көптүк маанини аныктаган байыркы сөз жасоочу мүчөлөр. Демек, бечeнек этноними "элик уруусу", "эликтин тукуму" дегенди туюнтуп, байыркы тотемистик ишенимди чагылдырат. Буга кыргыздардын бугу, багыш, кийик найман, кураи найман, теке ж.б. этнонимдерди параллел коюуга болот. Жыйынтыгында, этнонимдин маанисинин чечмеленишинин акыркы варианты чындыкка жакын деген пикирге токтолобуз.

**Беш абышка** – жору, саруу урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 111). Этнонимдердин параллелдери дөөлөс, жетиген урууларында "абышка" формаларында кездешери маалым.

**Беш баатыр** - жору уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин чыгыш теги жоокерчилик доорлор менен байланышта экендиги байкалып турат. Бул сөздү беш берен (баргы, саруу, чекир саяк), беш бала (мундуз) этнонимдери менен синоним катары кароого болот.

**Беш бала** - кесек, тынымсейит урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 109). Этникалык аталыштын маанисин "беш уул" (чекир саяк) менен жакын кароого негиз бар. Р.Г. Кузеевдин пикиринде түрк тилдүү элдерден кездешкен "беш уул" (беш бала) уруулары (уруктары) теги бир негиздүү Саян-Алтай, Монголиянын байыркы этникалык чөйрөсүнө таандык (Кузеев, 1974, 274-278). Параллелдери лакайларда, курамаларда (өзбек-курамалар), казактардын курамдарынан кездешет (Кармышева, 1976, 99-101; Кузеев, 1974, 275-277).

**Беш берен** - баргы, мунгуш, саруу, саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 110). Параллели "берен" формасында казактардын кура-

www.bizdin.kg



мында бар (Жанузаков, 1982, 167). Берен - кыраан куш, бүркүттүн бир түрү (Карасаев, 1986, 68). Экинчи мааниси "баатыр", "каарман", "кайраттуу" дегенди туюнтат (КТТС, 98). Этникалык аталыш орто кылымдардан бери белгилүү. Берендей жана берендилер орустун "Убактылуу жылдар повестинде" 1097-жылы эскерилет. Бул мезгилде берендилер Киев Русунун түштүк-чыгыш чек араларына жамаатташ жерлерди мекендеп жүрүшкөнүн башка тарыхый булактар да ырастайт. Венгр изилдөөчүсү Л.Рашоньи этнонимге "көз каранды, кыйышпас, берилген, ынак" маанисинде аныктама берет (Баскаков, 1983,42). В.В. Бартольд байыркы огуз уруусу баяндур (Баяндур, Берендей) менен жалпылыкта карайт (Бартольд В.В. Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью. Записки Имп. Академии наук, VII.4, Спб., 1897,105). Профессор Н.А. Баскаков этнонимге "чоюн темир", "кылыч", "канжар", ал эми өтмө маанисинде "акылман", "даңктуу" деген аныктама берет. Биздин пикирде Н.А. Баскаковдун көз карашын илимий негиздүү тыянак катары кароого болот. А.Н. Бернштам "беш эрен" терминине төмөндөгүдөй аныктама берет: эр «бег (эрен)», байыркы түрктөр менен аскер жүрүштөрүнө бирге чыгуучу урук-уруулардын жол башчылары, аскер өкүлдөрү (Бернштам, 1946, 128).

**Беш бөрү** – мунгуш (төлөйкөн) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 88). Этникалык аталыштын параллелдери Тувадагы байыркы кыргыз жазуу эстеликтеринде чагылдырылат. Бегре дарыясынын боюнда табылган эстеликте [Е-11, М. 40] төмөндөгүдөй маалыматтар бар: "...мен Төр Алп Чарекмин. Мен он беш жашымда тарбия алдым. Он беш жашка чыкканда (толгондо) баатырдык эрдиктерди жаратуу үчүн Табгач (Тан династиясы, Кытай, VII-X кк.) ханына бардым; ... баатыр болуш үчүн, жети бөрү өлтүрдүм, барс (жолборс) жана эликти өлгүргөн жокмун. Бүтүн жерде өзүмдүн (шамандык) бубенимден түбөлүккө ажырадым (Памятники древне-тюркской письменности Тувы, Вып.II, 26-27). Эстеликтеги "жети бөрү", "барс", "элик" терминдери байыркы кыргыздарга таандык уруулардын (уруктардын) энчилүү аттарын чагылдырат. Анткени, эзелки көпчүлүк этнонимдердин мааниси жаныбарлардын аттарын чагылдырган. Бул урук курамына кирген мунгуш уруусунун Саян-Алтай (Тува) аймагы менен этникалык терең алакалары бар экендигин изилдөөлөр аныктоодо.

**Беш калмакы** - сары багыштарга караштуу жантайдын курамындагы урук (Абрамзон, 108). Этнонимдин келип чыгышы лакап атка байланыштуу экендиги маалым. Айрым маалыматтар боюнча бул уруктун өкүлдөрү калмак туткунунда бир топ мезгилдей болуп калышкан экен. Туткундан бошонгон Дайырбек жана Тыныбектин тукумдарын "калмак" деген лакап ат менен да аташкан. Далил катары бул уруктун өкүлдөрүнүн бир бөлүгүнүн Шинжаңдын Боро-Тала деген жеринде байырлап келишин алса болот (караңыз: Абрамзон, 1960, Т. IV, 36).

**Беш каман** - бугу, саруу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 110). "Манас" дастанынын варианттарында "Көзкамандар окуясы" жөнүндө маалыматтар бар. Эпосто Көзкамандар Манастын жакын тууганы Үсөндүн жана анын балдарынын тукумдары катары чагылдырылат ("Манас". Энциклопедия, Т.1, 333.). Этникалык аталыштын параллелдери каракалпактарда "калкаман", түркмөндөрдө "халкаман" формаларында кездешери аныкталган (Жданко, 1950, 37; Атаниязов, 1988, 121).

**Беш кемпир** – багыш ичиндеги наймандын курамындагы урук (Абрамзон,110). Этнонимдин параллели каракалпактардын курамында бар (Жданко, 1950, 37).

www.bizdin.kg



**Беш кепе** - жору уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 69). Этникалык аталыш "беш үйлүү", "беш үйлүү жору" маанисин туюнтат."Беш" компоненти кошулуп айтылган урук аттары бул урууда бир топ санда кездешери байкалган.

**Беш көөрүк** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 110). Бул уруктун энчилүү атынын келип чыгышы жөнүндө айрым санжыра маалыматтары бар (караңыз: Абрамзон 1960, Т.IV, 26 ). К.К. Юдахин "көөрүк" сөзүнө төмөнкүдөй маанидеги аныктама берет: 1. Кооз, кооздук; 2. устаканадагы чокту үйлөтүүчү булгаары (Юдахин, 426, 430). Бүгүнкү алтай, тува, хакас тилдеринде "көрүк" (көрүк) сөзү "тыйын чычкан" маанисин да аныктары маалым (Баскаков.,Тощакова, 1946, 126; Щербак, 1961, 145). Этникалык аталыштын параллели "беш көрүк" формасында лакайлардын курамында бар (Кармышева, 1976, 99-101). (караңыз: лакай)

**Беш көрүң** – сары багыш уруусундагы манаптын курамындагы урук (Абрамзон, 111). Бул энчилүү ат кыргыздарга жуурулушуп кеткен калмактарда, сарт калмактарда да бар экендиги белгилүү. Параллели каракалпактарда "бес сары" формасында кездешет (Жданко, 1950, 37).

**Беш мерек (берек)** – баргы уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 71). Этнонимдин экинчи компоненти "мерек" - канжар маанисин аныктайт (Юдахин, 525). Демек, уруктун аталышы "беш канжар" дегенди түшүндүрүүсү мүмкүн. Кыргыздын басыз уруусунда козу мерек, теш мерек сыяктуу уруктар бар экени маалым. Этнонимди "беш урук" деген сөздүн калькасы катары кароого болот.

**Беш найман** - найман уруусунун курамындагы урук. Этноним "беш үйлүү" же "беш урук наймандар» маанисин туюндурат. Лексика-семантикалык жактан этникалык компоненттердин санын билдирет. Мындай маанидеги урук аталыштары кыргыз этнонимиясында кенен учурайт. Мисалы, беш (бугу), беш кемпир (багыш), беш көрүң (сары багыш), беш таз (саяк), беш уул (чекир саяк) ж.б.у.с. Этнонимдин параллели казак жана каракалпактарда "бес найман" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 166; Жданко, 1950, 37).

**Беш сары** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Шаниязов, 1974, 133). Этнонимдин параллелдери казак, каракалпактардан "бес сары" формаларында кездешет (Жанузаков,1982,166; Жданко,1950,44). Т.А. Жданко каракалпактардагы кытай уруусуна кирген "бес сарыларды" Чыгыш Орто Азиянын байыркы уруулары менен байланыштырган пикирин айтат (Жданко, 1950,44). Изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү этнонимди "сары" байыркы жана орто кылым мезгилдериндеги кыпчак этникалык чөйрөсү менен байланыштырышат (караңыз: саруу этнонимин).

**Беш терек** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Этноним байыркы шаманистик мифологиялык түшүнүк - аалам дарагына байланыштуу космикалык түшүнүктөрдөн улам келип чыккан. Уруунун тотеми, эн тамгасы, аскердик урааны менен бирге, сыйынган тоосу, дарагы болгондугу маалым. Бул алтай, тува, хакастарда кийинки учурларга чейин кенен таралган түшүнүк болгон. Мисалы, "Манас" эпосунда чагылдырылган ыйык деп түшүндүрүлгөн "бай терек" дүйнөлүк дарак жөнүндөгү шамандык концепцияга дал келет (Молдобаев, 1995, 209). Учурда Крым жарым аралында да Беш-Терек этнотопоними бар экендиги белгилүү (Лезина, Суперанская, 1984, 85). Бул жарым аралдын топонимиясында кыргыз этнонимдеринин көптөгөн

www.bizdin.kg



параллелдери бар экендиги маалым. Этнонимдин параллели ушул эле уруунун курамынан "ак терек" формасында кездешет.

**Беш уул** - чекир саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Параллелдери өзбек-коңураттарда "беш уул", башкырларда "биш уул" формаларында кездешет (Кармышева, 1976, 90-93; Кузеев, 1974, 274-275). Р.Г. Кузеевдин пикирине караганда "беш уул" жөнүндөгү уламыштар байыркы түрк дооруна таандык. Ал-Жувейни Чыңгыз-хан жана анын мураскорлору тарабынын негизделген Кара-Корум шаар чалдыбарындагы таштагы жазуудан байыркы уйгур уламышын окуган экен. Бул уламыш-маалыматта "Селенга менен Тогла дарыяларынын кошулган жериндеги эки дарактын ортолугунда тоо пайда болгондугу баяндалат. Уйгурлар бул жерге жакындап келишкенде тоо ачылып, дарактын тамырларынан аккан сүттү эмип жатышкан ай десе айдай, күн десе күндөй сулуу болгон алтын көкүл беш наристени көрүшөт. Табылган бул балдардын баарына тең ысым беришет. Уламыштагы маалыматтарга караганда алардын ичинен чыккан Буку хан чыгыштан батышка чейинки аралыктагы жерлерди жеңип алып, Беш-Балык шаарын негиздептир" (Радлов, 1893, 56-62). Ушул эле уламыштын сюжети түрк тилдүү байыркы булгарлардын (Балкан булгарлары) легендаларында да баяндалат. Байыркы мифологиялык сюжеттин түрк дүйнөсүндө кенен таралышы, этнонимиялык параллелдүүлүктөр (өзбек курамаларда "беш огул", заравшан өзбектеринде "беш бола", казактарда "бестен бала" ж.б.) этникалык жалпылыкты аныктары шексиз. Бул маселеде Р.Г. Кузеевдин көз карашын илимий негиз катары кабыл алууга болот (караңыз: Кузеев, 1974, 274-278).

**Бешей** - саяк уруусундагы кабанын курамындагы урук (Абрамзон, 110). Кытай уруусунда "кара бешей" аттуу урук бар экендиги маалым. Этнонимдин параллели башкырлардын курамынан "бишей" формасында кездешет. Башкыр бишейлер усерган уруусундагы үч урукту курамына камтыган бирикменин жалпы аталышы катары белгилүү (Кузеев, 1974, 196). Кыргыз-башкыр тарыхый-этникалык, маданий байланыштары эрте орто кылымдардан эле башталгандыгын соңку иликтөөлөр далилдөөдө.

**Бештер** - багыш уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллелдери казактын улуу жүзүндө "бестен", башкырларда "биш уул", каракалпактарда "беш сары" формаларында кездешет (Радлов, 1887, 23; Кузеев, 1974, 276; Жданко, 1950, 39). Этноним «беш урук», «беш уруу» маанисин аныкта-шы ыктымал.

**Бий тоо** - (тоу) кесек жана жерге талдык (Тажикстан) мунгуштардын курамындагы урук (Абышкаев, 1965, 15). Бий - кыргыздардагы башкаруу иерархиясындагы титул-термин катары VII кылымдан белгилүү. Тан династиясынын (VII-X кк) жыл баяндары VII к. орто чендериндеги енисейлик кыргыздардын үч баш министрлери Гйеси бей (бий), Гюй-шабо бей (бий) жана Ами бей (бий) жөнүндө маалымат берет. Профессор Ө.Караев изилдөөлөрүндө бул терминди (бей) "бий" терминин фонетикалык өзгөргөн "бий" формасы катары чечмелейт (караңыз: Ө.Караев, 1994, 8, 13). Этнонимдин экинчи компоненти төмөндөгүдөй маанини туюнтат: кытайлар Чыгыш Түркстандын мусулман түрктөрүн "чантоу" деп аташканы белгилүү. "Чан" - чалма, "тоу" - баш, тагыраак айтканда "чалма кийгендер", «мусулмандар» деген маанини түшүндүрөт (Малов, 1957, 140). Демек, этноним "бийлер тобу", "бий башкарган урук, топ" маанисин туюнтат десек болот.

**Билдир** - бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Этникалык аталыштын параллелдери хакастарда "пилтир", фу-ю кыргыздарынын кура-

www.bizdin.kg



мында "былтырды" формаларында кездешет (Молдобаев, 1995, 115; Чжан Тайсан, Шомаев, Скобелев, 1994, 230). Кыргыздардын, хакас жана фу-ю кыргыздарынын (Кытай Эл Республикасы, Хзйлуньцзян аймагы) тегинин жакындыгын аталган этнонимдер далилдеп турат. Изилдөөлөр этникалык жалпылыктардын тамыры өтө терең экендигин тастыктоодо. Хакастардын тарыхый фольклору белтирлерди (хак. «пилтир») 1703-жылы Жунгарияга күч менен көчүрүлгөн кыргыз хоорайлардын ата журтуна (Минусин ойдуну) кайрылып келгендердин урпактары катары баяндайт (Бутанаев, 1990, 48). Учурда хакас сагайлардын курамына сиңип кеткен "пилтирлер" калмак (монгол) тилинде "аралаш","бир өңчөй эмес", "жуурулушкан" деген маанилерди туюнтат. Убакыттын өтүшү менен "пилтир" деген термин этникалык аталыш (экзоэтноним) катары калыптанган (Бутанаев, 1990, 48). Азыркы учурда тувалар хакастарды "белдир" деп аташары маалым. Ал эми "белтир" хакас жана алтайлыктарда дарыянын, суулардын бириккен куймаларын, коктулардын кошулган жерлерин да билдирет(Баскаков,1966,107).Арийне, "белтир" енисей кыргыздарынын уруулук энчилүү аты катары 1703-ж. чейин эле белгилүү болушу мүмкүн. Анткен себеби, бул маселеде кыргыздын бугу уруусундагы "билдир" уругунун энчилүү аты далил боло алары шексиз. Фу-Ю уездиндеги кыргыздар (чигдыр, былтырды, табхын, кэргэс, табындыр, сандырдыр уруктары) XVIII к. орто чендеринде Жуңгар хандыгы Цинь империясы тарабынан талкалангандан кийин Манжурияга көчүрүлүп кеткен кыргыздардын урпактары болуп саналышат. Кыргызтаануудагы бул орчундуу, ары татаал маселе өз изилдөөчүлөрүн күтүп жатат.

**Битак** – жоо кесек уруусунун курамындагы урук. Этнонимди байыркы битик/битиг сөзүнүн өзгөргөн формасы катары кароого болот. Параллели түркмөндөрдүн курамында "битик" формасында бар (Атаниязов, 1988, 33). Махмуд Кашгари бул сөзгө ("битиг") "китеп", "кат", "тумар", "амулет" катары аныктама берген (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 1967, 170). "Битигчи" - байыркы түрк сөздүгүндө "катчы" деген маанини түшүндүрөт (ДТС, 103). «Битик» байыркы түрк тилдериндеги "жазуу", "кат" деген сөздөрдөн келип чыгат. Орто Азия жана Иранда монголдор үстөмдүк кылып турган мезгилде "битак" титул катары "башкы катчы" деген титул менен бирдей мааниде колдонулгандыгы маалым (Атаниязов, 1988, 33). Бул сөз "битиг", "битигчи" формаларында бүгүнкү алтайлыктардын жана хакастардын лексикасында колдонулат (Бутанаев, 2000, 14).

**Битике** – багыш уруусунун курамындагы уруктун аталышы. Этнонимди байыркы түрк тилиндеги "битиг" (битиги) сөзү менен параллел кароого болот. Битиг – "китеп", "кат", "тумар" (Махмуд Кашгари, 1967. Индекс-словарь,1967, 70). Битигги – катчы (секретарь) маанисин берет (ДТС, 103). Бул сөз өзүнүн байыркы маанисинде алтайлыктарда, тываларда, хакастарда "битике" формаларында сакталып келет (Баскаков, 1966, 108).

**Богорстон** - генoним. Элдик санжыра боюнча Долон бий. Долон бийден Ак уул, Ак уулдан Тагай, Тагайдан Богорстон, Богорстондон Эштек, Эштектен солто уруусу тарайт. Генонимдин адепки формасы "бага + арстан" болуусу ыктымал (Богачы этнонимин караңыз). "Бага" термини байыркы кыргыздардын "топ", "уруулук бирикме", "аймак" маанилерин түшүндүрсө, анда генoним "арстандар уруулук бирикмеси, тобу, уруусу" дегенди туюндурушу ыктымал.

**Боз калам** – кесек уруунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 193).

**Боз кутчу** - кушчу уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 111). Ушул эле уруунун курамында "көк кушчу", "кара кушчу" этнонимдери бар экендиги маалым(Абрамзон,119-120). "Боз", "көк", "кара"ж.б.

www.bizdin.kg



түскө байланыштуу компоненттер уруунун (уруктардын) географиялык жайгашуусуна байланыштуу келип чыккан десе болот.

**Боз тери** - мундуз, саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 111). Бул ат менен айыл аталышы да белгилүү (СГНК, 1988, 46). Этнонимдин параллели Тажикстандагы коргон-төбөлүк катагандардан "кара тери" (ак тери) формасында кездешет (Кармышева, 1976, 109).

**Боз торгой** - найман уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,189). Этнонимдин биринчи компоненти "боз" - түстү аныктайт. "Торгой" этноними профессор С.Атаниязовдун пикиринде тотемизмдин таасири астында келип чыккан. Этнонимдин параллели түркмөндөрдүн курамынан "торгай" формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 114).

**Бозала бостон** - бостон уруусунун курамындагы урук. Бозала Бостон Фергана өрөөнүндөгү топонимиялык аталыш катары маалым. Информаторлор бул уруктун Фергана түздүгүнө Айдаркенден (Хайдаркен, Кадамжай аймагы) жер которуп келгендигин белгилешет (Губаева, 1983, 85).

**Бокой** - чекир саяк уруусундагы курманкожонун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Антропоэтноним. «Бокой» монгол тилинде (монг. "бохой") карышкырдын табу (тыюу) салынган аталышын туюнтат (Монгол орос толь, 1957,77). Түштүк Сибирдин түрк, монгол тилдүү элдеринде жапайы аң жаныбарларды, канаттуу куштарды эфевемизм менен атоо кенен таралгандыгы маалым. Мисалы, аюуну "авагай", "тайганын ээси" деп аташары белгилүү. Хакастарда жеке жана уруулук менчикке кол салган ууруларга каршы карышкырдын тарамышында (пүүр сири) өзгөчө күч бар деген ишеним таралган жана бул магиялык ишеним кыргыздарда да белгилүү болгондугу ырас. Хакастар "пүүр - чир хулахтыг" - карышкыр жер тыңшоочу касиетке эгедер, аны өз аты менен чакыруу кырсык алып келет» деп ишенишет (Бутанаев, 1999, 99).

**Боку** - мундуз уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллелдери казактардан "боку", солто уруусунун курамынан "бооку" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 167; Абрамзон, 111).

**Боорсок** - черик уруусундагы бай чубактын курамындагы урук (Абрамзон, 111). Лакап этноним. Параллели казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 167).

**Борбаш** – кесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1985, 193). Этноним канаттуунун аталышына байланыштуу келип чыккан. Борбаш - курткумурска, майда канаттуулар менен тамактануучу, таранчылар түркүмүнө кирүүчү жырткыч куш (КТТС, 173). Урук атынын баштапкы маанисинде тотемдик негиз болушу мүмкүн.

**Боркемик** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Кемик (же бор кемик) - сөөктүн (көбүнчө жиликтердин) майлуу, жумшак бөлүгү.Бор кемик - жаш малдын (көбүнчө торпок, музоолордун) жумшак, майлуу эти (Юдахин,371-372;КТТС,505).Этноним болжолу, лакап аттан улам келип чыккан.

**Борколдой** - сары багыш уруусундагы манаптын курамындагы урук (Абрамзон, 117). Уруктун аты топонимиялык аталышка байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. Энчилүү аттын параллелдери Жети-Өгүз районундагы дарыянын, тоонун (бийиктик) аталыштарында чагылдырылат (СГНК, 1988, 45).

**Борой** - саруу уруусундагы агынайдын курамындагы урук (Абрамзон,111). Антропоэтноним.

www.bizdin.kg



**Борочор** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Кыргыз монголтаанучусу С.Сыдыковдун пикиринде "борочор" (монг. "борцор") кыргыз лексикасына монгол тилдеринен келип кирген жана "боз", "бозомтук", "бозумтал" маанисин туюнтат (Сыдыков, 1991, 93). Бул сөз жылкынын өңүтүсүнө карата да айтылат.

**Борукчу** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Этнонимдин параллели түркмөндөрдүн курамынан "боругчы" формасында кездешет. Түркмөн ономасты С.Атаниязов этнонимди "бор", "акиташ жасоочу киши" маанилеринде (-чы мүчөсү адамдардын кесибин билдирет) түшүндүрмө берет (Атаниязов, 1988, 34). Ушул эле сөз (монг. борук) ойрот-монгол тилдеринде "аска-зоолор" деген сөздү аныктайт (Кычанов, Бейшеналиев, 1991,Т..I, 242). Этникалык аталыштын мааниси бир эле учурда too, кен иштеткен адамды же аска-зоолуу жерди байырлаган урукту (-чы мүчөсү адамдардын жашаган аймагын да туюндурат), элди да аныкташы мүмкүн.

**Боруш** – кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзан, 111). Антропоэтноним. Этнонимдин параллелдери түркмөн жана крым татарларынын курамдарында бар (Атаниязов, 1988, 34; Суперанская, 1984, 6).

**Борчо** - басыз уруусундагы кудайлаттын курамындагы урук (Абрамзон, 111). Борчо - бөлөк-бөлөк, тилке-тилке бөлүкчө. Кара борчо - турмуштун ысык-суугуна бышкан, башынан кыйынчылыкты өткөргөн (КТТС, 176). Этнонимдин параллели монгол урууларынан "борчжи", "борчжик", "борчжи гит" формаларында кездешет (Лебедева, 1958, 224). Энчилүү аталыш жердин шартына байланыштуу келип чыгышы мүмкүн.

**Бос тумак** - чекир саяк уруусундагы чоронун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Этноним лакап аттан улам келип чыккан.

**Босого** - геноним. Элдик генеологиянын маалыматтарында Куу уул, андан Көбөш, Көбөштөн Босого, Босогодон мундуз уруусу тарары чагылдырылат (Төрөкан уулу, 1995, 65). Баарын жана кыдырша урууларынын эн тамгалары "босого тамга" деп аталары маалым (Абрамзон, 1960, 103-104). Бул уруулук эн тамгалардын параллелдери хакастардагы белтир, сагай жана тубиндердин курамдарында чагылдырылат (Токарев, 1952, 129; Кызласов, Леонтьев, 1980, 27, 157-158).

**Бостон** - ичкиликтер (булгачылар) уруулук тобундагы эң ири уруулардын бири. Этнонимдин параллелдери кара багыш, саруу, черик урууларынын курамдарындагы урук аталыштары катары белгилүү (Абрамзон, 111). Кыргыздар жөнүндөгү орто кылымдардагы баалуу маалымат болгон Сайф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму ат-Таварихинде" (XVI к.) Салус бек Булгачыдан тараган кыргыз уруусу катары чагылдырылат (МИИК, 1973, 207). Уруунун тегинин байыркылыгын анын курамындагы ыждар, сазан, жиңдөө, чаманай, гөдөк ж.б. урук аттары айгинелейт. Этноним "мөмө багы", "бакча" деген маанини берет (КТТС, 176). Элдик этимологияда "боз тон" деп да чечмелеп жүрүшөт. Мындан сырткары, "бостон" - орто кылымдардагы кыпчак (Дешт-и Кыпчак түрк уруулары) урууларынын курамынан да эскерилет (МИКК, 1973, 210). Бул уруунун өкүлдөрүнүн айрым бөлүктөрү азыркы Өзбекстан (Вуадил, Айым, Коргон-Төбө), Тажикстан (Жерге-Тал, Мургаб райондору), Афганистандын (Вахан коридору) аймактарындагы кенен ареалды эзелтеден мекендеп келишери маалым.

**Ботояр** - саруу уруусундагы жети уруктун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Антропоэтноним.

www.bizdin.kg



**Ботугур** - саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Этноним аркылуу кыргыздардын тунгус-манжур элдери менен байланышын, тагыраак айтканда, кыргыздардын этногенезисиндеги тунгус-манжур этнокомпоненттеринин катышуу даражасын аныктоого болот. Боту + гур: "гир", "гур" сөзү эвенк тилинде "адамдардын тобу", "урук", "уруу" маанисин берет. Мисалы, гурагир-(гуран) "жапайы теке уруусу", путугур "каздар уруусу", куктугир "күкүк уруусу", кандигир "өрдөк уруусу" ж.б. (Анисимов, 1951, 194). Эвенктердин курамындагы бул уруулук аталыштардын келин чыгышында тотемизмдин таасири аныкталган. Этнонимдин баштапкы формасы бото + гур (гур/гыр//гир) болуусу мүмкүн. Демек, энчилүү атты "бото уруусу" (бото - төөнүн ботосу) деген мааниде чечмелөөгө болот.

**Бош моюн** – саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзан, 112). Этникалык аталыштын параллелдери лакай, коңурат, өзбек-карлык, кара калпак, фергана кыпчактары жана түркмөндөрдүн курамдарынан кездешери аныкталган (Кармышева, 1976, 80, 93; Жданко, 1950, 37; Шаниязов, 1974, 116; Атаниязов, 1988, 41). Д.Айтмуратов моюн (муюн) байыркы түрк тилинде "көкүл", "чач" маанисин туюнтарына (караңыз: кара моюн этноними) токтолуп, этникалык аталыш биздин замандын III к. белгилүү болуп келирин жазат (Айтмуратов, 1986, 102-105). Арийне, этноним башка маанини да түшүндүрүшү мүмкүн. Boy-un (boyun) - тунгус тилдүү элдерде жапайы түндүк бугусун аныктайт (Вяткина, 1933, 51).

**Бошкой** - солто уруусундагы талкандын курамындагы урук (Абрамзон,111). Антропоэтноним. Этникалык аталыш монгол тилинде "бошго + й" (й) - "тапшырма, өкүм, алдын ала көрө, сезе, туя билүү" маанисин берет (Монгол орос толь 1957, 79).

**Бугу** – оң канаттагы ири уруулардын бири (Аттокуров, 1995, 112). Бул уруунун келип чыгышы, теги жөнүндөгү уламыш-санжыралар кыргыздардын байыркы тотемистик ишенимдерин чагылдырат. Этнонимдин параллели "пуга" формасында хакастардын курамында бар (Бутанаев, 1990, 80). В. Банг кытай жыл баяндарында эскерилген "пу-гу" этнонимин хунну жана телелердеги (төөлөс) аскердик титул-этноним менен байланышта карайт. "Бугу " бугуг - аскер башчысы, оң же сол канаттын аскер жетекчиси" (Зуев, 1960, 108). Арийне, VIII к. бугулардын (пу-гу) локализациясы тактала элек. Айрым кытай тилдүү булактар бугуларды ба-е-гу (байырку) жана до-лан-гэ (теленгит) урууларына кошуна жайгашкан уруу катары эскеришкен (Зуев, 1960, 108). Теле конфедерациясынын курамына кирген бугулар VIII к. орто чендеринен тартып Уйгур каганатына баш ийип калышкан (Гумилев, 1993, 370). Этнонимдин экинчи мааниси тотемдик жаныбарды туюнтат жана ал тотемдик сыйынуу объектиси катары байыркы түрк доорунан белгилүү (Боргояков, 1976, 57). С.М. Абрамзон да ушул пикирди кубаттап, өз иликтөөлөрүндө далил катары Мүйүздүү-Эне жөнүндөгү санжырага токтолот (Абрамзон, 1990, 298-302). Бугу - алгач, бир гана уруктун сыйынган тотеми болуу керек. Үстөмдүккө ээ болгон уруктун тотеми өзүнө баш ийип, моюн сунган көз каранды уруктардын тотемдерин сүрүп чыгарып, бүткүл уруунун энчилүү аты ошол негизги тотемдин аты менен атала баштashы мүмкүн десек болчудай. Чыгыштаануучу Д.Е. Хайтун да өз изилдөөлөрүндө ушундай жыйынтыкка келген. Түштүк Сибирдеги ж.б. түрк тилдүү элдердин ишенимдериндеги чагылдырылган "бугу" жана "бука" түшүнүктөрү мифологиялык бир жаныбарды аныктаганын бир катар иликтөөлөр тастыктайт (Егоров, 1985, 128-133).

**Буйга** -саруу (ай тамга) уруусунун курамындагы урук(Аттокуров,1995, 204).

www.bizdin.kg



**Буйга** – дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу, 1995, 154). Санжыралык маалыматтар боюнча бул урук Ай тамга уруктар тобунун курамына кирет. Бул уруктун өкүлдөрү Кадамжай аймагын эзелтеден мекендеп келери маалым.

**Буйга** – жетиген уруусунун курамындагы урук. Уруктун аталышы жер шартынын рельефине байланыштуу келип чыккан. Буйга (буйгат) – имерилиш, далдаа, буйтка, бурулуш (КТТС, 185). Буйга – Кара-Кулжа районундагы айылдын, суунун аталышы катары белгилүү (СГНК, 1988, 47). Этнонимдин параллели кaңды уруусунун курамында бар экендиги маалым.

**Буйла бөрү** - бөрү уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 112). Этникалык аталыштын биринчи компоненти буйла: 1. Мурундун эки таноосунун ортосундагы чемирек калканч; 2. Төөнүн мурдун тешип өткөзүлгөн шиш же байланган жип (КТТС, 185). Монгол, тува тилдериндеги “буйл” сөзү жогорудагыдай эле маанилерди аныктайт (Монгол орос толь, 1957, 84). Буйла (Бойла) биздин иликтөөлөрүбүздө эзелки кыргыздын энчилүү аты (антропоним), айрым жазма булактарда мамлекеттик башкаруу иерархиясындагы кызмат титулу катары чагылдырылат. VII к. рун сымал жазуу эстеликтеринде Тонукуктун демилгеси менен Кутлуг өзүн Илтериш-каган деп жарыялап, Тонукук “бойла бага тархан”, ал эми Мочжо жана Дусифу аттуу кенже инилери шад, ябгу наамдарына ээ болушкан (Кляшторный, 1964, 31). Демек, “бойла бага таркан” - кагандын башкы кеңешчиси иш башкаруучу баш министр, мамлекеттик аппараттын жетекчиси титулуна дал келген. Арийне, Монголиянын Суджа деген жеринен табылган (Суджа жазуусу) руникалык жазуу эстелиги өтө баалуу тарыхнаамалык мааниге ээ. Бул эстеликтеги чагылдырылган жазуу маалыматтарынын чечмеленишинин сунуш этилген бир катар варианттары бар. Илим чөйрөсүндө С.Г. Кляшторныйдын акыркы чечмелөөсү илимий тескөөлөргө, өзгөрүүлөргө учурай электигин эске алуубуз зарыл. Суджадагы эстелик IX к. туура келип, жазуу эстелигинин кыргыздарга таандык экендиги талашсыз. Жазуу эстелиги төмөнкүдөй болуп окулат: “...Мен келдим, Уйгур жергесинде Яглакар-ханды жаа менен атын өлтүрдүм. Мен кыргыздын уулумун (перзентимин). Мен Бойла Кутлуг Ярганмын. Мен башкаруучу Кутлуг бага таркандын өкүмүн (буйругун) аткаруучумун. Менин даңкым күн чыгыштан күн батышка чейин угулду. Менин ондогон айылым, сансыз мал-жаным бар эле. Жети кичүү инилерим, үч уулум, үч кызым бар эле. Уулдарыма чарба, мал бөлүп бердим, кыздарымы калыңы жок күйөөгө узаттым... (Кляшторный, 1959,163). Демек, Кутлуг Ярган (таркан) - кыргыз аскер башчысынын энчилүү аты, ал эми “бойла” термини мамлекеттеги кызматтык титулду аныктайт. Кыргыздын көрүнүктүү аскер башчысы Бойла Кутлуг ярган (тархан) кыргыз тартибинин Борбордук Азиянын аймактарына орношуна жетекчилик кылган. Бул жазуу эстелиги кыргыз тарыхы, анын байыркы тил маданиятын изилдөө үчүн өтө баалуу булак болуп саналат.

**Буйлалы** – саруу уруусунун (ай тамга) курамындагы урук (Абрамзон,112). Буйлала: 1. Төөгө буйла өткөзүү; 2. Өтм. Багындыруу, эркине койбой баш ийдирүү, тизгиндөө, “буйлаң” - төөнүн кыйкырыгы, чаңырган маанисин туюнтат (Монгол орос толь, 1957, 84). Салыштырыңыз: “буйла бөрү” этноними.

**Бука** - каңды уруусунун курамындагы урук (Маанаев 1969, 25). Бул этнонимдин параллели жергеталдык кыргыздардын ичинен да кездешери аныкталган. Бука түрк-монгол элдеринде байыртадан тотем-жаныбар катары кабыл алынып келгендиги маалым. Хуннулардын шаньюйлар (падышалар) чыккан уругунун тотеми да бука болгондугу ырас (Бернштам, 1946, 83-84;

www.bizdin.kg



Боргояков, 1976, 55). Огуз-каган жөнүндөгү байыркы уламыштарда анын мифологиялык букадан (уйгур варианты) туулгандыгы баяндалат (Бернштам, 1935, № 6, 34-35). Бул уламыш кийинки монгол доорунда да (Жувейни жана Юан-шинин маалыматтары боюнча) эволюциялык айрым өзгөрүүлөргө учурагандыгы анык. Түштүк Сибирдик ж.б. түрк тилдүү элдерде бугу жана бука мааниси жагынан мифологиялык бир жаныбарды аныктаганын бир катар иликтөөлөрдүн жыйынтыктары тастыктайт (караңыз: Егоров, 1985, 128-133). Бурят мифологиясында ушул эле элдин курамына кирген булагат жана хурхуттардын түпкү мифологиялык атасы катары касиеттүү бука эсептелери маалым (Кайыпов, 1990, 109; Манжигеев 1978, 32-33). Ал эми буряттардын айрым уруулары (хонгодорлор, хубсугул буряттары) Буха нойонду ири мүйүздүү малдын сакточусу (покровитель) катары билишкен (Галданова, 1992, 14 15). Буха нойон жөнүндөгү эзелки уламыштар этнограф К.В. Вяткинанын иликтөөлөрүндө да кенен чагылдырылат (Вяткина, 1933, 61). Тотемдик жаныбар шаман дининин эволюциялык өнүгүүсү менен бирге, шамандар сыйынган культтук объектке айлана баштаган. Мисалы, бука тува шамандарынын дубасы абдан күчтүү, абройлуу жана билимдүүлөрүнүн колдоочусу болгон. Бука-шаман наамын алып жүргөндөр коомдо башка шамандарга салыштырмалуу өтө кадыр-барктуу, сыйлуу абалда болушуп, устат болууга, өз алдынча окуучуларын (шакирттерин) тарбиялоого кадыресе укук алышканы маалым (Монгуш Кенин Лопсан, 1995, 162,183).

**Буларкы** - бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 102). Этникалык аталыштын уңгусу монгол тилинде “булар” - жумшак, борпоң маанисин туюнтат (Чареков, 1990, 45). Антропоэтноним.

**Булатай** - жоокесек уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллели “кулатай”, «булатай» формаларында казактардын курамынан кездешет (Жанузаков, 1982, 170).

**Булаш** - жору уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыштын баштапкы мааниси - “булас”, “буласта” болуусу мүмкүн. Буласта - келишимдүү, көрктүү көрүнүү, көйкөлүп туруу, кылактоо, булактоо (КТТС, 188). Лакап этноним.

**Булбул** - дөөлөс, саруу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 112). Этнонимдердин параллели түркмөндөрдө “билбил” формасында кездешери маалым (Атаниязов, 1988, 33). Этноним лакап аттан улам келип чыгышы мүмкүн.

**Булгачы** найман - найман уруусунун курамындагы уруктун аталышы. Бул уруктун өкүлдөрү Өзбекстандын аймактарын (Фергана өрөөнү) эзелтеден мекендеп келишери маалым. Булгачы-Найман айыл аталышы катары да маалым (Абрамзон, 1990, 49). Этнотопоним. Закамен буряттарынын жана алардын шамандарынын сыйынуучу жери “Булган тээби” деп аталчу. Бул жамааттык дуба кылуучу жерге ыйык деп эсептелген койондун терилерин көрүнөө жерлерге илип коюшкан. Шамандар тарабынан ырымдалган терилер жаш балдардын колдоочусу жана сактоочусу болгон. Г.Н. Потанин Алеар буряттарында бул онгон “Булгаша” же “Булгаша хан” деген ат менен белгилүү болгондугун жазат. “Тогуз бубендүү Булгаша хан” деген шаман аял сыйкырдуу өзгөрүп туруу касиетине ээ болгон. Буряттардын мифологиясындагы дубасы күчтүү, турган келбети шаман аял бардык балдардын сактоочусу милдетин аткарган (Галданова, 1992, 17-19). Булгаша хан - буряттардагы өтө архаикалык уруу онгону (культу) катары эсептелип, энелерди төрөт учурунда, наристелерди төрөттөн соңку мезгилдердеги сактоочу функцияларын аткарган (салыштырыңыз: Умай Эне).

www.bizdin.kg



**Буудай** - *кытай уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы* (Абрамзон, 109). Кытай уруусу муңгуш уруусунун уруулук курамы сыяктуу эле байыркы дуалдык структуралык формасын сактап калган. Мындай структуралык форма байыркы хуннулар, түрктөр, орто кылымдардагы моңолдор, кийинки түркмөн жана каракалпактардын уруулук курамдарынан чагылдырары маалым.

**Буура хан** - жоокесек уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыш XI к. Караханийлер мамлекетин негиздөөчүлөрдүн бири Сатук Богра (Буура) хан Абд ал-Керимдин аты менен дал келет. "Богра хан" - Сатук Абд ал-Керимдин Караханийлер мамлекетинин бийлик иеархиясындагы кошумча наамы болгон. Буурахан - Караханийлер мамлектиндеги эң жогорку бийлик ээлери пайдаланган мансап наам болгондугу маалым (Урстанбеков, Чороев, 1990, 34). Профессор З. Эралиев изилдөөсүндө Буура-хан Карахандар мамлекетинде "миң башы" деген аскердик административдик наамды аныктагандыгын жазат (Эралиев, 2000, 27). Буура - кыргыз тилинде "тукумдатуучу төө" маанисин туюнтат (КТТС, 138). Айрым изилдөөчүлөр этникалык аталыштын маанисин тотемдик-жаныбар төөгө байланыштырышат. Караханийлер мамлекетинде төөнүн тотем-жаныбар болгондугун тастыктаган далилдер бар (Бартольд, 1963, 505; Караев 1975, 177-178). Арийне, бул илимий көз караштардын баары негиздүү илимий тактоолорго, кошумча иликтөөлөргө муктаж экендигин белгилегибиз келет. Буура - алтайлыктарда (алтай кижилер), телеуттарда (буро-пуро) - курмандыкка чалынуучу жаныбарды аныктаса, монгол жана саха-якуттарда "бугу", сойоттордо "багыш" маанисин туюнтат (Вяткина, 1933, 50). Хакас тилинде "пугра" - "шамандын жаны" дегенди аныктайт (Бутанаев, 1999, 94). Демек, бул мисалдар теги байыркы этнонимдин Саян-Алтай чөлкөмү, анын диний-мифологиялык чөйрөсү менен терең байланышын чагылдырары шексиз.

**Бууралар** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 204). Этникалык аталыш Караханийлер мамлекетинде мансап наам катары белгилүү болгон (караңыз: буура хан этноними). Кыргыз тилинде "буура" - тукумдатуучу төө маанисин аныктайт (КТТС, 1984, 138). Ушул эле мамлекетте "буура" тотем-жаныбар болгондугун аныктаган фактылар бар (Бартольд, 1963, 505; Караев, 1975, 177-178). Арийне, этникалык аталыш биздин баамыбызда кыргыздардын байыркы шаман дини менен болгон байланышын аныктап турат. Кызыктуусу, түркмөндөрдө "пыр хан" - бакшы (шаман) маанисин туюнтат. Этникалык аталыш (Буура) алтай кижи жана телеуттарда курмандыкка чалынуучу жаныбарды аныктаса, монгол жана якуттарда -"бугу", сойоттордо (тувалар) "багыш" маанисин билдирет (Вяткина, 1933, 50). Буура (пура) - алтайлыктардын шамандарынын диний лексикологиясында кенен пайдаланылган термин болгон. Алтай түздүгүндөгү жана Тоолуу Алтайдагы телеуттардагы шамандар бул термин менен кансыз (муунтулуп өлтүрүлгөн) өлтүрүлүп, курмандыкка чалынган жылкынын жана анын көрүнбөгөн көмүскөлүү шеригин аташкан экен. Түндүк алтайлыктарда (теленгит, куманды, челкандар) "бура" ыйык духтардын жана кудайлардын мингич атын аныктаган. Алардын диний мифологиялык ишенимдеринде Көк Теңир "бураны" шамандарга жардамчы, колдоочу иретинде жөнөтүп турат имиш. Айрым шамандар диний ритуал учурунда "буранын" жардамы менен "көк асманга" көтөрүлүп турушкан (Потапов, 1991, 51). Шор, куманды, түндүк телеут, качин жана сагай шамандары бураны (пура) башкы жардамчы жана колдоочу катары билишип, аны бул дүйнөдөгү өзүнүн тирүүлүк өмүрү, жашоосу менен бир карашкан. Бул фактылар шаманизмдин Түштүк Сибирдин

www.bizdin.kg



түрк тилдүү элдеринде тарыхый-этникалык, маданий бир кыртышта өнүккөндүгүн ырастайт. Бура - шаман дининде үч функцияны аткарган: 1.Тын бура ("тирүү" же "кайрадан өлүп-тирилген бура") - шаманга жеке таандык болгон өзгөчө буура. Көк Теңир менен сүйлөшүү учурунда шамандын түгөйү, колдоочусу катары милдетин аткарган; 2.Таг бураны - шаман Ульген кудайынан жамаат сыйынган ыйык тоо аркылуу кабыл алган жана анын элеси шаман бубенине түшүрүлгөн: 3. Чар буранын (жер бура) - бу-бенге элеси түшүрүлүп, шаман тарабынан көпчүлүктүн назарына көрсөтүлбөй, жашыруун колдонулган (Потапов, 1991, 75). Негизинен, буура - жер менен Көк Теңирдин ортосундагы шамандын мингич аргымагын элестетип, шаман лексикологиясында кудайлар, духтар менен бууранын ыйык, касиеттүү байланышын чагылдырат (жаныбардын териси капталып жасалган бубен шамандын мингич аргымагынын функциясын аткарган). Жалпылаганда, этникалык аталыш кыргыздар тутунган байыркы шаман дининен кабар берет. Исламдын таралышы менен бул диний-ритуалдык термин күндөлүк колдонуудан чыгып, урук (уруу) аталышы катары сакталып калган.

**Бөгөжү** - кытай уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Бөгөжү теги байыркы кыргыз уруктарынын бири болорун аныктаган далилдер бар. Параллелдери хакастардагы туба, койбалдардан жана Чыгыш Саяндардагы хакас-камассиндердин курамдарынан "пөгечи", "бугажы" формаларында кездешет. Бул маалыматтар бөгөжүлөрдүн (хак. пөгечи, бугажы) байыркы мезгилдерде өз алдынча кыргыз уруусу болгондугун айгинелери шексиз. Хакастардын тарыхый фольклору пөгечилерди 1703-жылы Жунгарияга күч менен көчүрүлгөн енисейлик кыргыздардын калган бир бөлүгү экендигин баяндайт (Бутанаев, 1990, 66). Мындан сырткары, кыргыздарга теги жакын экендиги далилденип жаткан сары уйгурлардын уруулук курамында да "пөге-ши" (яглагкыр уруусунда) аттуу урук бар экендиги аныкталды (караңыз: Малов, 1957, 89). Хакас профессору В.Я. Бутанаевдин иликтөөлөрүндө казактын улуу жүзүнүн курамындагы "бөгечи" уругун 1703-жылы көчүрүлгөн енисейлик кыргыздардын урпактары экендиги аныкталып келет (Бутанаев, 1990, 66). Жогорудагы фактылар байыркы кыргыздардын уруулук курамын, мамлекеттик-саясий түзүлүшүн тактоодо негиздүү маалымат болору шексиз.

**Бөгөнөк** – моңолдор уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Этнонимди К.К. Юдахин "саргыч түстүү чымын" маанисинде чечмелейт (Юдахин, 149). Бөгөнөк – малдардын канын соруп, чагуучу чымын (КТТС, 178). Сөздүн бир мааниси лакап атты да туюндурушу ыктымал. Ал эми монгол тилдүү элдерде "бөөгнөх"-"чогулуу, жыйналуу, топтошуу, бир топ, жыйын"деген маанилерди түшүндүрөт (Монгол орос толь, 1957, 81). Болжолу, этнонимдин баштапкы мааниси "топ","жыйын","урук", "уруу" дегенди аныкташы да ыктымал. Мисалы,"ок" ("он ок"),"кармыш" сыяктуу термин-этнонимдер байыркы түрк тилдеринде "уруу","урук",«уруулук бирикме»,"топ","жыйын" деген сөздөргө синонимдер катары колдонулгандыгы маалым. Этнонимдин параллели казактардын курамында бар экендиги белгилүү (Жанузаков, 1982, 167).

**Бөгөчөй** – басыз уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 155). Этнонимдин тегин енисейлик кыргыздар менен байланыштырууга болот. Бул урук аталышынын параллели кытай уруусунан "бөгөжү" формасында учуратууга болот. Хакастардагы туба жана койбалдардын курамындагы "пө-гечи" "бөгөджү" уруктарын профессор В.Я. Бутанаев өз иликтөөлөрүндө байыркы енисейлик кыргыздарынын урпактары экендигин далилдейт (Бутанаев 1990, 66). Бөгөжө + й; -й байыркы түрк дооруна таандык көптүк маанини билдирген

www.bizdin.kg



мүчө экендиги аныкталган (Г.Рамстедт, 1957; В.Котвич 1962; Н.А. Баскаков 1962; Т.А. Бертагаев 1974 ж.б.). Демек, бөгөжөй / бөгөжү кыргыздарда байыртадан урук аталышы катары белгилүү болуп келет десе болот.

**Бөдөнө** – кытай уруусунун курамындагы урук. Лакап этноним. Бул уруктун өкүлдөрү учурда Чаткал өрөөнүн жердешери маалым.

**Бөжөй** - нойгут уруусунун курамындагы урук. К.К. Юдахин бул сөзгө "бүрүшүү", "куушурулуу" маанисинде аныктама берет (Юдахин, 150). Лакап этноним. Этнонимдин параллели "бөжей" формасында казактардын курамында бар (Жанузаков 1982, 167).

**Бөжөкөй** - тынымсейит уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 111). Этнонимдин параллели казактардын уруулук курамынан "бөжекей" формасында кездешет (Жанузаков 1982, 167).

**Бөксө** - кесек уруусунун курамындагы ири уруктардын бири. Бөксө - Кадамжай районундагы айыл аталышы катары маалым (СГНК 1988, 46).

**Бөкөй** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,119). Бөкөй - Сузак районундагы селонун, тоонун аталышы катары белгилүү (СГНК 1988, 46). Байыркы түрк эстеликтеринде Boqu 1. Акылдуу, акылман. 2. Энчилүү ат; Boqa 1. Баатыр, каарман, кайраттуу 2. Энчилүү ат (ДТС, 116). -й мүчөсү байыркы түрк дооруна таандык көптүк маанини билдирген сөз жасоочу мүчө экендиги маалым. Биздин пикирде этнонимдин чечмеленишинин экинчи варианты туура (Бөкө + й). Кыргыз жана монгол тилдеринде (монг. "буку") "балбан", "күчтүү" маанисин берет (Карасаев, 1986, 79; Чареков 1990, 35).

**Бөкөн** - чертике уругунун курамындагы урук. Этнонимдин келип чыгышын байыртадан белгилүү болуп келген тотемдик жаныбар бөкөнгө байланыштырууга болот. Бөкөн 1. Ийри тумшуктуу, кыска тик мүйүздүү чөлдө, талаа жерлерде жашоочу ача туяк жапайы жаныбар. 2. Чачтын же жылкынын куйругунун арасына чыккан жоон чач, жоон кыл (КТТС, 179).

**Бөлтүрүк** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 204). Бөлтүрүк - карышкырдын баласы, бөрүнүн күчүгү (КТТС, 181). Караңыз: "бөрү" этноними - О.К.

**Бөлөк сары** – кесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,193). Антропоэтноним. Этнонимдин параллели казактарда бар (Жанузаков, 1988,167).

**Бөлөк чал** - саруу уруусундагы жети уруктун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Санжырачылар бул этнонимди лакап аттан улам келип чыккандыгын белгилешет. Уруктун түнкү энчилүү аты "кырк уул" экендиги белгилүү. Таанымал окумуштуу Т.Абдракунов иликтөөлөрүндө бөлөк чал уругун (кырк уул) кыргыздардын курамына кирген огуз этнокомпоненти деген пикирин айтат (Абдракунов, 1990, 142-143).

**Бөлөкбай** - басыз уруусунун курамындагы ири уруктардын бири. Этнонимдин параллелдери казактарда "болек", кыргыздын саяк, солто урууларында "бөлөкпай" формаларында кездешерн маалым (Жанузаков, 1982, 166; Абрамзон, 111).

**Бөрчөк** - чекир саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 112). Антропоэтноним. Этноним узундук ченемин туюнтат (Юдахин, 153).

**Бөрү** - оң канаттагы (адигине уруулук тобу) ири уруулардын бири (Абрамзон, 107). Этнонимдин параллели кыргыздын азык уруусунун курамында да бар экендиги аныкталган. Этникалык аталыш кыргыздарда ж.б. түрк тилдүү элдерде тотемдик жаныбар болгон карышкырга байланыштуу келип чык-

www.bizdin.kg



кандыгы аныкталган. Бөрү, карышкыр, гурт//курт, мөжөк//мачак, чоно//чино синонимдеш энчилүү аттар болуп эсептелет. Борбордук Азияны мекендеген байыркы уруулар (хуннулар, түрк-монгол тилдүү уруулар) өздөрүнүн башатын карышкырдан деп түшүнүү менен ага касиеттүү күч катары сыйынышкандыктары маалым. Байыркы теле (төлөс) уруулары өздөрүн хунну акиминин кызы жана карышкырдан тараганбыз деген ишеничте болушкан. Байыркы түрктөр өздөрүн хунну ханзаадасы менен эне-карышкырдын урпактары экендигин өзгөчө белгилешкен (Гумилев, 1967, 21-23). Байыркы түрктөргө таандык "ашина" этноними (ашина - "а" урматтоону аныктаган байыркы кытай префикси, - шоно/чоно/чино; - чино монг. "карышкыр") "бөрү", "карышкыр" маанисин берет (Атаниязов, 1988, 34-35). Бүгүнкү монголдор чыгыш тегин касиеттүү марал (Гао марал) жана карышкырдан (Бортэ Чино) таратышары илим чөйрөсүнө белгилүү болгон уламыштарда чагылдырылат. Огуз кагандын аскер жүрүштөрүндөгү жол баштоочусу карышкыр болгондугу жөнүндө уламыштар айтылат (Боргояков, 1976, 56). Башкыр фольклорунда бул элдин мергенчи менен эне-карышкырдан тарагандыгын баяндаган уламыштар чагылдырылат (Сагитов, 1984, 79). Р.Г. Кузеев көпчүлүк түрк элдеринде кийинки учурларда тотем-карышкыр сактоочу (покровитель) функциясын аткарып калганын белгилейт (Кузеев, 1974, 155). Кыргыздарда бул маселе боюнча түз тиешелүү малыматтардын жоктугуна карабастан, карышкырга байланыштуу ырым-жырымдар эзелки тотемизмдин изин чагылдырат (Баялиева, 1972, 12). Карышкырдын тырмагы, тиши, тарамышы ж.б. оорудан, түрдүү кырсыктардан сактоочу амулет болгондугу ырас. Мындай ишеним ырым-жырымдар Түштүк Сибирдин элдеринде (алтай, тува, хакас) да абдан кенен таралган (Алексеев,1980, 48-51). Мисалы, карышкыр тувалардагы шамандардын жардамчы-духтарынын бири болгондугу маалым (Дьяконова, 1981,146). Байыркы кыргыздардын карышкырга карата тотемдик ишенимдери Түштүк Сибирдеги руникалык таш эстеликтеринде да чагылдырылат: "...Мен жети бөрүнү өлтүрдүм, кийик менен барска кол салбадым..." -деген маалыматтар бар (Малов, 1952, 33). Бүгүнкү хакастардын курамында теги эң байыркы "чити пүүр"(кырг. жети бөрү) атгуу урук (сөөк) белгилүү. Енисейдеги руникалык жазуулардагы маалыматтарда кыргыздардын өлкөсүнүн ичинде "жети бөрүлөр" жана алардын курамындагы "көк жана кара бөрүлөр" уруулары, алардын өз ара согушкандыктары баяндалат. Енисей кыргыздарынын түз урпактары экендиги далилденген хакастардын курамындагы "чити пүүр" (жети бөрү) уругу (хакас-сагайлардын ичинде) ак пүүр, хара пүүр, көк пүүр ж.б.у.с. жети уруктан турары маалым (Бутанаев,1990, 68). Жогорудагы орчундуу фактылар, келтирилген айрым параллелдер түз этногенетикалык байланыштарды аныктары бышык.

**Бөрүбай** – солто (талкан) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 112). Антропоэтноним. Параллели түркмөндөрдө "бөрүбеч" формасында кездешери аныкталган (Атаниязов, 1988, 35).

**Бөө найман** - найман уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Маанаев, 1969, 25). Этнонимдин биринчи компоненти "бөө" бурят-монгол тилдеринде "бакшы", "шаман" маанилерин туюнтат (Монгол орос толь, 1957,81). Монгол тилдүү элдер, түштүк тувалар шаманды "бөө" деп аташары белгилүү (Молдобаев, 1995, 246). Кыргызча бөө/бөй/бөйү/бөйөн/-"уулуу жөргөмүш" деген маанини туюнтары маалым (Юдахин, 150). Экинчи компоненти - "найман" бурят-монгол тилдеринде "сегиз" санын билдирет (Монгол орос толь, 1957,259). Этникалык аталыш кыргыздарда байыртадан белгилүү болуп келген жана анын жашоо образынын, каада-салтынын, маданиятынын ажырагыс бөлүгү

www.bizdin.kg



болгон шаман динин (шаманизм) чагылдырары шексиз. Параллели тувалардан “бө-ханайкин” аттуу урук аталышы катары учурайт (Дулов, 1956, 122).

**Бөө уулу** - басыз уруусунун курамындагы урук. Параллели “бөө найман” формасында найман уруусунан кездешери маалым. Этнонимдин биринчи компоненти “бөө” - бурят-монгол тилдеринде “бакшы”, “шайман” маанисин туюнтат (Монгол орос толь, 1957, 81). Этноним кыргыздардын шаман динин тутунгандыктарынан да кабар берери бышык.

**Бөөбүй** - чекир саяк уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыштын уңгусу “Бөө” - бурят-монгол тилдеринде “бакшы”, “шаман” маанисин аныктайт (Монгол орос толь, 1957, 431). Бобуй - Ноокен районундагы айылдын аталышы катары белгилүү (СГНК, 1988, 42).

**Бөөчөн** - баргы уруусундагы мырзакенин курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 72). Болжолу, этникалык аталышты “бечен” этноними менен жалпылыкта кароого болчудай (караңыз: бечен/печен этноними).

**Бүргө** – кушчу (жоош) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 112). Бүргө – секирип жүрүүчү кичиненкей кан соргуч мите (КТТС, 203). Лакап-этноним.

**Бүркүт** - сары багыш уруусунун курамындагы урук. Санжыралык маалыматтар боюнча жети уруктун курамына киришет (Абрамзон, 1960,Т.IV, 36). Этноним кыргыздардын байыркы тотемистик көз карашына байланыштуу келип чыккан. Фарси тарыхчысы Гардизи (XI к.) кыргыздар уй, кирпи менен катар бүркүткө да сыйынышкандыгын жазат (Абрамзон, 1946, 130). Тува шамандарынын баш кийиминин жасалгасы анын шамандар коомундагы күч-кубатынын, ээлеген кызматтык абройунун деңгээлин, урук (уруудагы) ичиндеги ордун аныктаган. Баш кийимге сайылган жырткыч куштун канаты (мисалы, бүркүт) шамандын ритуал учурундагы дубалоо мүмкүнчүлүгүнүн күч-кубатын туюнткан (Монгуш Кенин Лопсан, 1995, 145). Мындан сырткары, бүркүт (алп кара куш) Саян-Алтай элдеринин мифологиясында үч дүйнөнү (Көк асман, Жер-Эне, Жер асты) тең айлана учкан касиеттүү куш катары чагылдырылат. Буга параллел катары кыргыздардагы алп кара куш жөнүндөгү уламыштарды келтирүүгө болот (караңыз: “Манас”. Энциклопедия. Т.I, 85-86).

**Былык** - бөрү уруусунун курамындапгы урук (Абрамзон, 112). Лакап этноним. Былык - бузукулук, арамзалык, арамдык (КТТС, 132). Адамдардын кулк-мүнөзүн чагылдырган этнонимдер кыргыз этнонимиясында бир топ санда учурайт. Мисалы, тежик (азык), азоо (черик), момун (баргы) ж.б.у.с.

**Бычман** - азык уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 112). Этнонимдин параллели “бушман” формасында башкырлардын жана казак-конграттардын курамында бар (Кузеев, 1974, 179). Этнонимдин тегинин байыркылыгын анын сөз катары формасы да аныктап турат. Этникалык аталыштын экинчи компоненти -ман мүчөсү зор ареалдагы этникалык аталыштардын, топонимдердин, антропонимдердин, гидронимдердин жасалышына катышат. Изилдөөчүлөр “киши”, “адам” деген маанини аныктаган сөз жасоочу мүчөнүн индоевропа тилдеринен киргендигин белгилешет (Баскаков, 1972, 227; Тепляшкина, 1970, 134; Аманжолов, 1959,54; Жанузаков, 1982, 112-113 ж.б.). А.П. Дульзон бул сөз жасоочу мүчөнүн Сибир жана ага жамаатташ аймактарга кет, түрк тилдүү уруулар таралып, жайгашканга чейин эле белгилүү болгон деген көз карашын жазат (Дульзон, 1962, 23-25). Арийне, айрым иликтөөчүлөрдүн пикирлеринде бул мүчөнүн чыгыш теги азырынча тактала элек (Боронов, 1988, 193). Таанымал башкыр этнограф-тарыхчысы Р.Г. Кузеевдин

www.bizdin.kg



далилдөөлөрүндө «бушман = бычман байыркы түрк (кыпчак) этноними (Кузеев, 1974, 179). С.М. Абрамзон бычман уругун чыгыш тегин алтай аймагына таандык этникалык группаларга кошот (Абрамзон, 1990, 51). Бушман = бычмандардын бир бөлүгү бүгүнкү татарлардын (XIII к.) курамына этникалык компоненттер катары да киришкени маалым (Кузеев, 1974, 179). Башкыр-бушмандар менен азык-бычмандардын этникалык жалпылыктарын уруулук эн тамгалардагы окшоштуктар да айкындайт. Башкырбычмандар: U (айры тамга); И (азык тамга). Бул эн тамгалардын параллелин хакастардагы "хыргыс" сөөгүнүн (уругунун) эн тамгасынан да байкоого болот (хыргыс» сөөгү: И И ) ж. б.

**Бээ байлабастын беш уулу** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 163). Этникалык аталыш лакап аттан улам келип чыккандыгын санжыралык маалыматтар айгинелейт (А.Тургунбаев, уруусу мундуз, Жалал Абад облусу, Базар-Коргон району).

# Г

**Гирей** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 204). Этникалык аталыш орто кылымдардан эле белгилүү болгондугу жазма даректерде чагылдырылат. Параллелдери казак, түркмөн, ногой, каракалпак ж.б. курамдарынан "герейли", "керей", "керейли" формаларында кездешери маалым (Атаниязов, 1988, 49; Жанузаков, 1982,169-170 (караңыз: кереит этноними). Гирей - орто кылымдарда кыпчак тилдүү урууларда кенен таралган антропоним болгон. Мисалы, Султан-Гирей, Гирей-хан ж.б.у.с.

**Гурт//курт**. Кызыл гурт, түктүү гурт - саруу, түктүү курт - дөөлөс урууларынын курамдарындагы урук аттары (Абрамзон, 123). "Гурт/курт" сөзүнүн байыркы мааниси "карышкыр", "бөрү" дегенди аныктайт. Махмуд Кашгари "Сөздүктө" түрк урууларынын ичинен огуздар карышкырды "курт" деп аташарын жазат (Махмуд Кашгари, Т.I, 328; ДТС, 469). Байыркы "гурт" сөзүнүн экинчи мааниси азыркы кыргыз тилиндей эле курт (червяк) маанисин туюндурат (ДТС, 469). Карышкыр байыртадан түрк-монгол урууларынын дээрлиги сыйынган, ыйык туткан тотем-жаныбар болгондугу маалым (Зуев, 1960, 121-124; Сагитов, 1984, 79; С.М. Абрамзон, 1971, 280-290; Баялиева, 1981,44 ж.б.). А.М. Щербактын далилдөөсүндө карышкырдын түрдүү ат менен (эвфемизмдер) аталышы (мис., бөрү, мачак, гурт/курт, кызыл карек, агыз кара ж.б.) табу (тыюу салуу) салуу салты менен байланышкан (Щербак, 1960, 132). Анткени, байыркы мезгилде сыйынуунун объектиси болгон жаныбарларды, канаттууларды өзгөртүлгөн аттар (эвфемизмдер) менен аташканы аныкталып келет. Бул салт Түштүк Сибирдин түрк, тунгус тилдүү элдеринде бүгүнкү күнгө чейин жашап келет. "Башкорт" этноними (баш + корт) "баш карышкыр", "башкы карышкыр" маанисин берери эбак далилденген. Айрым уламыштарда башкыр урууларынын Түштүк Уралга журт которуусунда карышкыр жол баштап баргандыгы чагылдырылат (Кузеев, 1974, 447-450; Айтмуратов, 1986,61-63). Этнонимдин параллелдери казактарда "кызыл курт", "онгурт", түркмөндөрдө "гурт" формаларында кездешери маалым (Тынышпаев, 1926, 16; Атаниязов, 1988, 55). "Гурт" термини байыркы огуз тилдүү уруулардан келип кирген деп божомолдоого болот.

**Гөклең** – тейит уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 199). Этникалык аталыштын параллели түркмөндөрдүн "гөклең" формасында кездешери маалым. XI к. огуз-түркмөндөрдө "гөкли" аттуу ири уруу болгондугу

www.bizdin.kg



жазма булактарда чагылдырылат (Агаджанов, 1969, 245). Гөклендердин айрым этникалык учкундарын бүгүнкү күндө Азербайжан, Иран жана Түркиядагы огуз тилдүү чөйрөлөрдөн кезиктирүүгө болот. Айрым иликтөөчүлөр этникалык аталышты "көкүл" деген мааниде чечмелешсе, кээ бирлери гөкле > гөклен; көкүлен "тамыр жайын, биротоло отурукташууга өтүшкөндөр" маанисинде аныктама беришет (Атаниязов, 1988, 53). Арийне, байыркы кытай жыл баяндары гөклендерди (гокландарды) байыркы хунну урууларынын бири катары баяндайт. Таанымал иликтөөчү Ю.А. Зуев гөклендерди жана алардын жерлерин Ордостон Ци–Шанга чейинки аймактарда байырлаган хунну урууларынын этносаясий бирикмесинин (б.з. II-III кк.) органикалык бир бөлүгү катары карайт. Бул конфедерацияга усундар, куттар, куяндар жана гоклендер киришкен (Зуев, 1960, 18). Автор П. Пеллио жана Л. Амбинин усундардын кыргыздардагы сары уйсундар (кара усундар), казактардагы жана өзбектердин ичиндеги "үйшүндөр" менен теги бир деген көз караштарын колдогон пикирин айтат (көрсөтүлгөн эмгек, 18-бет.). Демек, гөклендер усундар сыяктуу эле кыргыздардын курамындагы эң байыркы этнокомпоненттер деген тыянакка келүүгө толук негиз бар.

# Д

**Дайырбек** - сары багыш (жантай, манап), солто (бөлөкпай) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 112). Антропоэтнонимдер. Даир. араб тилинде «сыйынуучу жай» деген маанини берет (Жанузаков, 1982, 135).

**Дан жебес** - бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 112). Антропоэтноним. Энчилүү аттын лакап аттан келип чыккандыгы байкалып турат. Параллелдери ферганалык өзбектерде "нан жемас", кара калпактардан "нан жемес" формаларында кездешери аныкталган (Губаева, 1983, 63; Жданко, 1950, 37).

**Данияр** - бугу уруусундагы белектин курамындагы уруу, топ (Абрамзон, 112). Антропоэтноним. Данияр (Даниял) араб тилинде «кудайдын бергени» маанисин туюнтат (Жанузаков, 1982, 135).

**Даркан** - чекир саяк уруусундагы күн чубактын курамындагы урук (Абрамзон, 112). Даркан 1. Согуштук куралдарды жасоочу уста; 2. өтм. Ардактуу, касиеттүү, ыйык, кадырлуу, сыймыктуу (КТТС, 239). Монгол тилинде төмөнкү маанилерде чечмеленет: Дархан: 1. Уста, устакана; Дархан 1. Ыйык, аяр, кол тийбес; 2. тарых. Мамлекеттик ар кандай милдеткерликтен бошотул-ган эркин адам (Монгол орос толь, 1957, 143). Дархандар орто кылымдардагы монгол хандарынын сарайында "кол тийбес укугуна ээ болушкан" (Чареков, 1990, 73; Жанузаков, 1982, 136). Байыркы түрк доорунда темир уста бир эле учурда шамандык жана кагандык милдетти аткаргандыгын аныктаган фактылар бар. Бул мисал темир устанын коомдогу ээлеген ордун чагылдырган. Болжолу, дархандар монгол коомундагы өзгөчөлөнгөн ак сөөктөрдүн катмарын түзүшкөн. Tarqan Э.Пуллиблэнктин пикиринде титул катары эзелки хунну доорунан эле белгилүү болгон. Кытайдын Хань династиясынын доорундагы хуннулардын "шаньюй" титулу кытай транскрипциясындагы "tarqan" маанисине дал келет. Бул титул байыркы түрк доорунда да кенен колдонулган. Таш бетиндеги жазууларда Тоңйокук "бойла бага таркан", ал эми Мочжо жана Дусифу "шад жана ябгу"титулдарына ээ болушкандыктары чагылдырылат(Кляшторный, 1964,31). Этникалык жана топонимикалык аталыштар катары Дархан//Тархан кенен ареалды кучагына камтыйт. Этникалык аталыш адегенде байыркы булгар

www.bizdin.kg



(болгар) урууларынын курамынан кезигип, конфедерациядагы аристократиялык уруу катары белгилүү болгон. Айрым абройлуу изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде этногенетикалык жактан "тархан" этноними дунай болгарлары, венгер, волгалык болгарлар, чуваш жана башкырлардын ортолугундагы этникалык байланыштарды чагылдырат (караңыз: Кузеев, 1874, 342-343). Этноним "дархат" формасында казак, ордостук монголдордо жана туваларда, дархан (тархан) вариантында бүгүнкү түркмөн, башкырлардын уруулук курамдарынан кездешет (Жанузаков, 1982, 167; Потапов, 1965, 50; Атаниязов, 1988, 111; Молдобаев, 1995, 183). Түркмөн тилинде бул сөз "мамлекеттин алдында аткарган зор кызматы үчүн айрым милдеткерликтен бошотулгандар" маанисин түшүндүрөт (Атаниязов, 1988, 111). Жогоруда келтирилген айрым мисалдар "дархан" сөзүнүн баштапкы мааниси "эркин", "кол тийбес", "милдеткерликтен бошотулган" дегенди түшүндүрөт деген тыянакка келүүгө болот. Дархан - көл кылаасындагы айылдын аталышы катары маалым (СГНК, 1988, 52). "Манас" эпосунда Даркан деген эпизоддук кейипкер, белгилүү уста баяндалат. Эпостун айрым варианттарында Манас үчүн Даркан ак болоттон кылыч жасап берет ("Манас". Энциклопедия. Т.I, 177).

**Даркы** - дөөлөс (герей) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 204). Этникалык аталыштын параллелдери казак жана монголдордо "дархат" формаларында кездешери маалым (Жанузаков, 1982, 167; Лебедева, 1957,45).

**Дашман** - мундуз уруусунун курамындагы ири уруктун аталышы (Төрөкан уулу, 1995, 88). Дашман - Базар-Коргон аймагындагы айылдын аталышы (этнотопоним) катары да маалым (СГНК, 1988, 52). -ман мүчөсү этнонимдин байыркылыгын далилдейт. караңыз: бычман, толуман ж.б. этнонимдери.

**Дебике** - сары багыш (манап) уруусунун курамындагы урук, топ (Абрамзон, 112). Антропоэтноним. Уруктун (топтун) аталышы бүгүнкү тувалардын тилинде "тува-монгол улуттук күрөш оюндарындагы аткарылуучу бийди" аныктайт (Тувинско-русский словарь, 1968, 151).

**Дербиш** - жетиген уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 112). Этноним ислам дининин кириши, таралышы менен байланыштуу болуусу мүмкүн. Дербиш - орто кылымдардагы ислам динин таратуучу, үгүттөөчү суффийлер коомунун мүчөсүн аныктайт.

**Дербишалы** - чекир саяк уруусундагы чоронун курамындагы урук (Абрамзон, 112). Антропоэтноним. Дербиш ар. ак сарайдагы кызматкер (Жанузаков, 1982, 136).

**Дидар** - чапкылдык уруусунун курамындагы урук. Этноним иран тилдеринин таасири астында калыптанган. Дидар. ир. "адамдын жүзү" (Юдахин, 1965, 194). Кыргыз лексикасында иран тилинен келип кирген сөздөр, анын ичинде этникалык аталыштар бир топ санда учурайт.

**Долон бий** - геноним, санжыралык маалыматтарда кыргыздардын түнкү атасы катары айтылат. Көчүлүк информаторлор Долон бийден -Ак уул (оң канат), Ку уул (сол канат), Кызыл уул (ичкиликтер же булгачылар) жана алардын тукумдарынан тараган урууларды баяндашат. Ал эми "Мажму ат-Таварихте" (XVI к.) Долон бий оң канат кыргыздардын түнкү ата-бабаларынын бири катары гана эскерилген (караңыз: МИКК, 1973, 207-208). Долон бурят-монгол тилдеринде "жети" санын аныктары белгилүү. "Бий" титулу болсо, кыргыздардын түпкү ата-бабаларынын дээрлик баарынын аттарына жалганып айтылган (көрсөтүлгөн эмгек, 207-208). Бийлик иеархиясындагы бул титул кыргыздарда байыртадан эле маалым. Кытайдын Тан династиясы-

www.bizdin.kg



нын (VII-X кк) императорунун падышалык сарайында расмий кабыл алууда кыргыз каганынын үч башкы министри: Гйеси бей (бий), Гюй-шабо бей (бий) жана Ами бейлер (бий) болгондугун кабарлайт. Ошол эле енисей кыргыздарынын каганы Шибоцюй (Шибокюй) Ачжан 648-жылы Тан императорунун атайын кабыл алуусунда болгондугу маалым (Караев, 1994, 7-8; Супруненко,1963,69). Профессор Ө.Караев "бей" титулун енисейлик кыргыздардын кытай булактарындагы чагылдырылган "бий" сөзүнүн калькасы катары карайт (Караев, 1994, 13). Демек, кыргыздардагы бул белгилүү жана кенен таралган титул эрте орто кылымдардан эле маалым болгон.

**Долондор** - Кытай Эл Республикасынын Шинжаң Автономиялуу областында жашашат. Бүгүнкү күндө уйгурларга жуурулушуп бараткан долондор өздөрүнүн түпкү тегин кыргыз экендигин белгилешет. "Долондордун материалдык маданияты жана алардын антропологиялык тиби да кыргыздаргв жакын экендиги белгилөө зарыл"(Абрамзон,1990,40). Ч.Валиханов Барчык жана Марал-Башы аймактарын мекендеген "долон" аттуу өзгөчө уруу жөнүндө жазган. Алар өздөрүнүн тегин кыргыздар менен жалпы экендигин белгилешет (Караев, 1985, 127-128). "Долон" - монгол тилинде "жети" санын түшүндүрөт. Этноним "жети уруу", "жети уруу эл" маанисин аныкташы мүмкүн. Кыргызстандын аймагында бул ат менен айыл-кыштактар, бийик ашуулар аталары белгилүү (СГНК 1988, 53).

**Долу** - жедигер уруусунун курамындагы урук. Лакап этноним. Долу: 1. Ачуусу келгенде кой дегенге болбогон, албуут, ажаан, бейжай; 2. Каардуу, катуу, каарданган, чамынган, бууркандаган (КТТС, 159). Параллели түркмөндөрдө "долы" формасында айтылат. С.Атаниязовдун пикиринде "долы" (долу) этникалык аталышын байыркы түрк доорундагы дулу (Дулу жана Нушиби, он октор, VII-VIII кк.) этноними менен жалпылыкта карайт (Атаниязов,1988, 64-65). Арийне, бул жүйөлүү көз караш кошумча иликтөөлөргө жана тактоолорго муктаж.

**Домбул бий** - геноним. Элдик санжырада Калпак бий, андан Домбул бий, андан Бабаш бий, Бабаш бийден Долон бий (Ак уул, Ку уул, Кызыл уулдун атасы) туулат (Информатор: А. Тургунбаев, мундуз уруусунан, Базар Коргон району, Жалал Абад облусу).

**Дос** - кытай (тоңтогор), доскулу - багыш, чекир саяк урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 112). Антропоэтнонимдер. Параллелдери казактардан "досон", "досым аргын" формада кездешери маалым (Жанузаков, 1982, 167).

**Доскана** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 185). Параллели казактардын курамынан "досум аргын", "досон" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 167). Сузак районунда Доскана аттуу айыл бар экендиги белгилүү (СГНК, 1988, 53). Этнотопоним.

**Досмат** - жору, кара багыш урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 112). Антропоэтнонимдер.Досмат. таж.+ар.Досмухаммед деген аттын кыскартылып айтылышы (Жанузаков, 1982, 136).

**Досой** - саяк (каба), солто (шалта) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 112). Антропоэтнонимдер. Параллелдери казактардан "досой", лакайлардан "дусой" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 166).

**Дубан черик** - черик уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Этникалык аталыш Сайф ад-Дин Аксикендинин "Мажму ат-Таварихинде" (XVIк.) эскерилет (МИКК. 1973, 209). Параллелдери башкырларда - "ду-ван", казак-

www.bizdin.kg



тарда -"дуан" формаларында кездешет (Кузеев, 1974, 213; Тыныштаев, 1925, 9). Дубан. 1. Уезд, округ, 2. Салтанаттуу жыйналыш (Юдахин, 200; Карасаев, 1986, 107). Орто Азиядагы хан сарайларындагы "диван беги" ("Жыйынды уюштуруучу") деген мансаптык термин жогорудагы сөзгө байланыштуу келип чыгышы толук мүмкүн. Ал эми этникалык аталыштын келип чыгышы башка тарыхый ж.б. себептерге байланыштуу келип чыгуусу мүмкүн. Башкырлардын тарыхый фольклору дувандардын (башкыр-дувандар) Алтай, Иртыш тараптардан журт которушуп келгендигин баяндайт. Р.Г. Кузеев башкыр-дувандардын монгол-дөрбөндөр (дөрбөттөр) менен этникалык жалпылыгына токтолгон көз карашын айтат (Кузеев, 1974, 213). Арийне, бул илимий тыянак кошумча тактоолорго муктаж.

**Дукун** - дөөлөс уруусунун курамындагы ири уруктун аталышы (Аттокуров, 1995, 204).

**Думана уулу** - саяк уруусундагы кайдуулаттын курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Параллели түркмөндөрдө "дивана" формасында бар жана бул сөз "таасирлүү" маанисин туюнтат (Атаниязов, 1988, 63).

**Думар** - жоокесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 194). Бул уруктун бир бөлүгө коңшу Өзбекстанды байырлап келишет. Фергана областынын Вуадил районунда Думар аттуу кыргыздар эзелтеден жашаган айыл бар (Губаева, 1983, 31).

**Дуулат** – саяк уруусунун курамындагы урук аталышы (Абрамзон, 113). Этноним кытай жыл баяндарында ну-ла = нуо (lo)–lat формасында чагылдырылат. Дуулаттардын орто кылымдарда кайсыл этникалык чөйрөгө таандык болгондугу илим чөйрөсүндө тактала элек (Зуев, 1960, 118). Рашид ад-Дин өз эмгегинде дуулаттардын Чыңгыз ханга жана анын мураскорлоруна союздаш болгондугун баяндайт (Рашид ад-Дин,T.I,Кн.I.193). Болжолу, дуулаттар XIII к. биринчи жарымында монгол урууларынын негизги толкуну менен Орто Азияга жана ага чектеш аймактарга журт которушкан. XIV к. тартып дуулаттар Моголистандын эң кубаттуу урууларынын бири болгондугу белгилүү (Юдин, 1965, 53-54). Моголистандын ээлеген аймагынын калкынын негизги бөлүгүн кыргыздар түзгөндүгү маалым. Этникалык компонент кыргыздардын курамына Моголистан мамлекетинин доорунан кеч эмес кирген десе болчудай "Дуулат" этноniminin параллелдери кыргыз урууларынын курамдарынан кайдуулат (саяк), меңдуулат (кушчу); ал эми казак жана өзбектерде дуглат//доглат формаларында кездешет. Таанымал иликтөөчү Ю.А.Зуев этнонимди монголчодон которуп, «дулан»,«дулат»="аксак" маанисинде аныктама берет(Зуев, 1960, 118).

**Дөбөт** - баргы уруусунун курамындагы урук, топ (Абрамзон, 112). Антропоэтноним (караңыз: бай төбөт этноними). "Манас" эпосунда Көкөтөйдүн ашына чакырылган Дөбүт кандын эли катары эскерилет ("Манас". Энциклопедия. T.I, 182).

**Дөмөр** – тейит уруусунун курамындагы урук. Айрым санжырачылар дөмөрлөрдү өз алдынча уруу катары да эсептеп жүрүшөт. Дөмөр – Сузак районундагы айылдын аталышы катары да маалым (СГНК, 1988, 54). Этнотопоним.

**Дөрбөн** - тынымсейит уруусунун курамындагы урук. Дөрбөт (дэрбэт) монгол тилдүү элдерде "төрт" деген санды аныктары маалым. Этникалык аталыштын келип чыгышын орто кылымдардын кечки мезгилдериндеги Жуңгар хандыгын негиздөөгө катышкан дөрбөттөр менен параллель кароого болчудай. Дөрбөттөр өз учурунда (XVII к.) (дэрбэттер) хошоут, хойт, зюнгарлар менен бирдикте Ойрот (Жунгар) хандыгын негиздешкен (Авляев, 1987, 112). Айрым

www.bizdin.kg



изилдөөчүлөр даректүү булактардын негизинде Ойрот (Жунгар) хандыгын негиздөөгө кыргыздар жигердүүлүк менен катышкнып, анын саясий турмушунда башкы ролду ойногон деген негиздүү илимий тыянакты кытай жазма булактарындагы маалыматтарга таянып айтышат (караңыз: Бейшеналиев, 1988, 7-9). Дөрбөттөр Волга боюндагы калмактардын ("хальмг", "халимаг") кийинки эл болуп калыптанышында да активдүү катышты. Дөрбөн (дөрбө + т) этноними тынымсейиттердин курамына этнокомпонент катары Батыш Кытайды байырлаган мезгилде эле кирүүсү мүмкүн. Параллели алтайлыктардын (алтай-кижи) курамынан "дербет" формасында кездешет (Потапов, 1969, 23).

**Дөрбөөл** – мундуз уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 163). Дөрбөөл «жаңы дөрбөөл» жана «эски дөрбөөл» аттуу эки урукка ажырайт. Дүрбөл – дүрбөлөң, будуң - чаң, аптыгуу; убара болуу, күйүп-бышып жүрө берүү (Юдахин,204). Дүрбөп –кол салуу, чабуул, капыстан чабуул коюу (Юдахин, 175). Энчилүү аттын келип чыгышы "дөрбөт" этноними менен байланышта болуусу мүмкүн деп божомолдоого болот. Дөрбөт-орто кылымдын кечки мезгилиндеги монгол (калмак) уруулук бирикмеси. Жунгар хандыгын кыргыздар негиздегендиги (Гүйлүчү кашка) маалым. Дөрбөттөр хандыкты негиздеген уруулардын бири.

**Дөөлөт** - басыз (кудайлат), саяк (шыкмаамат) урууларынын курамындарындагы уруктар (Абрамзон, 113). Антропоэтнонимдер. Дөөлөт ар. 1. Байлык, бактылуулук; 2. Мамлекет, өлкө (Жапузаков, 1982, 136).

**Дүйшөм** - суу мурун уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Дүйшөм. ир. ду эки, сеп, сенби, шамбэ "күн, жуманын экинчи күнү" (Жанузаков, 1982, 137). Параллели бугуларда (арык тукуму) бар экендиги маалым.

**Дүлөй** - бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Дүлөй 1. Кулагы укпаган, кереӊ 2. өтм. Тып-тынч, жымжырт, тынч мемиреген абал. 3. Жылкынын жүрөгүндө болуучу анча чоң эмес эт сыяктуу бөлүгү (КТТС, 265). Болжолу, лакап аттан улам. келип чыккан. Параллели "дүлөй уулу" формасында тынымсейит уруусунун курамында бар.

**Дүлөй уулу** - тынымсейит уруусундагы токтогулдун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Этноним лакап аттан улам келип чыккандыгы байкалып турат.

**Дүрбөөл** - мундуз уруусунун курамындагы урук. Бул урук "жаңы дүрбөөл" жана "эски дүрбөөл" деген эки чоң топко бөлүнөт. Айрым санжырачылардын баяндарында «дөрбөөл» деп да аталып жүрөт.

# Ж

**Жаан бала** -дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Лакап этноним. Бул уруктун өкүлдөрү Ноокат жергесин эзелтеден байырлап келишери маалым (Додоң, Жайылма айылдары, Ноокат району, Ош облусу).

**Жабагы** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Кыргыздын найман уруусунун ичинде "жабагылар" аттуу ири урук бар экендиги белгилүү. Урук аттарын орто кылымдардагы жазма булактарда чагылдырылган "йабаку" этникалык тобунун аталышы менен параллель кароого болот. Йабаку уруулук бирикмеси жөнүндөгү маалыматтар XI к. эрте эскерилбей тургандыгы аныкталган (Караев, 1983, 95). Фарси автору Гардизи "Шөкөттөлгөн кабарлар"

www.bizdin.kg



("Украшение известий") деген эмгегегинде йабакулар жана халлухтардын (карлуктар) бул эл менен байланышы жөнүндө санжыралык маалыматтарды берет: "Халлуха деген түрк аскер башчысынын нөөкөрү кылмыш иш жасап, жазадан коркуп, тогуз огуздар өлкөсүнө качып келет. Бул жерде ага "Ябагу" деген ат ыйгарышып, тогуз огуздар ээлигинде жашаган халлухтарга аскер башчы кылып шайлашат. Ушундан соң, бул уруулук бирикме "ябаку-халлух" деп аталып калат". "...Түркстан аймагында ябаку-халлухтардан тараган уруулар көп санда кездешери маалым..." (Жданко, 1950, 105). Махмуд Кашгари кыргыздардан батышыраак аймактарды мекендеген йабакулар түрк тилинде сүйлөшөрүн жазат (Махмуд Кашгари, Т.I, 64). Йабаку-Сувы (Yabaqu Suvi) Кашкар тоолорунан башталып, Өзджен (Өзгөн) жана Ферғананын ортолугунан агып өткөн дарыя (Махмуд Кашгари, Т.III, 36). Энциклопедист-алым "Сөздүктө" бүгүнкү күндө Өзгөн, Көк-Арт аймактары аркылуу агып өткөн Жазы, Кара-Дарыя суулары жөнүндө жазып жатат. Демек, йабакулар XI к. Кыргызстандын аймагын байырлашкандыктары анык экендиги көрүнүп турат. Ушул эле автор кыргыз, йабаку жана кыпчактар темирди өзгөчө аздектеп, баркташарын, темир менен шерт (ант) беришерин жазат (Махмуд Кашгари, Т.I, 342). Дал ушул көрсөтүлгөн аймактык чөйрөдө маданий-этникалык өз ара алакалар жүргөн. Буга илим чөйрөсүндө кыргыздардын тилинин X-XI кк. кынчак тилинин таасирин өтө күчтүү алган деген туруктуу көз караш да далил боло алары шексиз. Айрым изилдөөчүлөр йабакулар жөнүндө төмөнкүлөрдү жазышат: XI к. азыркы Жунгариянын түндүк-чыгыш аймактарын мекендеген йабакулар караханийлерге каршы согушуп турган. Йабакулардын айрым топтору Борбордук Теңир Тоодо да жашашкан, бүгүнкү кыргыздардын ичиндеги жабагы (жабагылар) уруктарынын теги XI-XII кк. йабаку элинен келип чыккан (Урстанбеков, Чороев,1990,64). Этнонимдин маанисине Махмуд Кашгари "кийиздин бир түрү" деген түшүндүрмө берет(Махмуд Кашгари, Индекс-словарь,103).Энчилүү ат кыргыз тилинде эки маанини туюнтат: Жабагы. 1. Беш-алты айлык кулун; 2. Түлөп түшүүгө айланган жазгы даакы жүн (Юдахин, 209; КТТС, 1984, 273). Каракалпактарда "жабы" (жабагы) бычылган жумушчу атты аныктайт (Жданко, 1950, 105). Этникалык аталышты түпкү мааниси кошумча тактоолорду талап кылары шексиз. Параллелдери бүгүнкү казак, каракалпак, өзбек-катаган, ногойлордун курамдарынан кездешет (Тынышпаев, 1975, 21; Жданко, 1950, 104; Кармышева, 1976, 334).

**Жавайы** - нойгут уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 173). "Жавайы" кыргыздын ичкилик диалектисиндеги жапайы сөзүнүн өзгөрүп айтылган формасы. Урук аталышынын так мааниси азырынча чечмелене элек. Болжолу, энчилүү ат лакап аттан улам келип чыккан.

**Жагалмай** - бугу, моңолдор, сары багыш, черик, мурзаке (адигине уруулук тобу) урууларынын эн тамгаларынын аталышы. С.М. Абрамзон аталган уруулардын эн тамгаларынын окшоштуктары этногенетикалык жакындыктарды айгинелерин белгилейт (Абрамзон, 1990, 43). Эн тамга ээлтеден менчиктин, көз каранды эместиктин символун аныктап келет. Жырткыч куштар байыртадан тотемдик ишенүүнүн объектиси катары белгилүү. Жагалмай кыргыйдан кичине, турумтай сыяктуу алгыр куш (КТТС, 1984, 275). Этнонимдин параллелдери башкыр, казак, каракалпак, түркмөндөрдө "жагалбайлы", "ягалбай", "ягалтай", "жагалтай" формаларында кездешери маалым (караңыз: Кузеев, 1974, 141; Жданко, 1950, 70; Атаниязов, 1988, 68; МИКК, 1973, 215). Эн тамгалардын параллелдери байыркы кытай жазма булактарында да чагылдырылат. Белгилей кетчү маселе, жагалмай тамганын байыркы кыргыздардын эн тамгасы менен да генетикалык байланышы байкалат (Зуев, 1960, 132; Абрамзон, 1990, 45).

www.bizdin.kg



Жогоруда аталган кыргыз урууларынын эн тамгалары крест же учуп бараткан кушту элестетет. Бул анын мифологиялык элесин жана маанисин сыпаттайт. Чыгыш теги эзелки сөз эки маанини аныктайт. "Загал" бурят-монгол тилдеринде кызыл түстүү аргымакты, бугу-маралды, телеуттарда ыйык аргымакты туюндурган шамандын бубенин, якуттарда канаттуу атты аныктаган (Дугаров, 1988, 147). Сөз жасоочу -май мүчөсү канаттууну, тагыраак айтканда, канаттуу жырткыч, алгыр кушту туюндурат. Д.С. Дугаров "май" сөзүн Умай (Эне) менен параллел карайт (көрсөтүлгөн эмгек, 148-бет). Умай - байыркы түрк доорунан белгилү кудай, жаңыдан дүйнөгө келген балдардын колдоочусу. Умай (иранча - хума) эзелки ирандыктардан (перстерден) түрк урууларына тараган мифологиялык ыйык Кудай-Эне. Жагалмай - байыркы адамдардын кыялында Көк Теңир менен жаратскандын жана колуктусу болгон Жер-Эне кудайынын ортосундагы байланышчы, кабарчы милдеткерлигин аткарган. Бир эле мезгилде жагалмай ак шамандын "жардамчы духуна" айланып, ал эми бубен болсо жагалмай алгыр кушунун элесин чагылдырган (Дугаров, 1988, 148). Жагалмайдын элеси түшүрүлгөн белгилер Түштүк Сибир (Хакасия, Тува, Алтай), Монголия, Кыргызстандын аймагындагы байыркы эстеликтерде көп жолугат.

**Жагалмай тамга** – мунгуш уруусундагы уруктар тобунун аталышы. Бул уруктар тобуна алты ири урук кирет: жапалак, жылкелди, жоош, кодогочун, тээке, сарылар. Бул уруктар тобу кирген муңгуш уруусу өзүнүн эң байыркы уруулук-структуралык түзүлүш формасын сактап калган. Мындан сырткары, аталып өткөн уруктардын теги да эң байыркы экендиги аныкталууда. Эчилүү аттын маанисинин чечмелешин караңыз: жагалмай тамга.

**Жагыш** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Этноним сөз катары байыркы формасын сактап калган. Махмуд Кашгари "jagis"- исламга чейинки түрк урууларындагы "курмандык чалуу" терминин аныктарын жазат (Махмуд Кашгари, Т.III, 10). Бул сөз шамандык дин системасындагы негизги ритуалдык терминдердин биринин аталышы болуусу мүмкүн. Мындан сырткары, кыргыз этнонимиясында шаманизмге байланыштуу бир топ урук, уруу аттары бар экендиги аныкталды. Албетте, бул фактылар исламга чейинки кыргыз коомундагы шаман дининин ээлеген ордун чагылдырары шексиз.

**Жайчы** - бөрү уруусунун курамындагы уруктун аталышы (Абрамзон, 112). Этноним кыргыздардын байыркы мифологиялык түшүнүктөрү менен байланышкан. "Жайчы"- жай таштын жардамы менен аба ырайын өзгөртүп жиберүүчү сыйкырчы (КТТС, 283). Жайташ - аба-ырайынын өзгөрүшүнө таасир кылуучу магиялык күчкө ээ таш. Коомдук өнүгүштүн алгачкы баскычтарында адам табияттын сырын билип, баш ийдирүүдө кылган аракетинен келип чыккан.("Манас". Энциклопедия. Т.I, 194-195). Мифологиялык термин (жайчы) байыркы түрк доорунан белгилүү; "jadci" -"сыйкырчы" маанисин түшүндүрөт (ДТС, 222). Бул сөз Орто Азия чөлкөмүнөн табылган таштагы орто кылымдык несториандык жазууларда да бар экендигин аныкталган. Жайчылык салт түрк-монгол урууларында кенен таралганын фарсы тарыхчысы Рашид ад-Дин (XIV к.) жана кытай авторлорунун эмгектеринен байкоого болот (Малов, 1947, 152). Жайташ монголдордо "жада", "яда", казактарда "жайтас", якуттарда "сата" деп аталып сыйкырдуу магиялык күчкө ээ таш катары сүрөттөлөт. Байыркы кыргыздардын ишениминде жайташ көбүнчө койдун же уйдун карынынан табылган. Мифтик мындай ишенимди дүйнө элдеринин оозеки чыгармаларында кеңири кездешкен суунун ээси жылан ажыдаар болуп эсептелген белгилүү салттык сюжеттин бир элеси, көрүнүшү катары кароого болот ("Манас". Энциклопедия, Т.I, 195). Жайчылык өнөргө Алмамбет ээ болгондугу "Манас" даста-

www.bizdin.kg



нында кенен чагылдырылган. Эпосто жайчынын чагылдырылышы табияттын ар кандай кубулуштарынын ички сырларын үйрөнүүгө аны адамдын эркине баш ийдирүүгө болгон ой-мүдөө болуп эсептелет (аталган эмгек, 195-бет). "Яда" термини (фонетикалык өзгөргөн формасы) Авестадагы "yatu" (сыйкырчылык), жаңы фарси тилиндеги "jadu" сөзү менен параллель кароого болот. Бул Ирандын байыркы түрктөргө тийгизген таасирин аныктайт (Малов, 1947, 154). Этноним кыргыздардын байыркы шамандык түшүнүктөрүн чагылдырары шексиз. Туваларда өзгөчө "чат" деген ташы бар шаманды "чатчы хам" деп аташкан. Бул таштын жардамы менен тува шаманы коркунучтуу кырсыктарды жарата алган экен. Тувалар күчтүү шамандар "чат" ташынын жардамы менен душмандарга каршы мөндүрдү, бороон - чапкынды жарата алышат деп түшүнүшкөн (Монгуш Кенин Лопсан, 1995, 91). Мындай маанидеги шамандык түшүнүктөрдү кыргыз эпосторунан да кезиктирүүгө болот. Этнонимдин параллели түркмөндөрдө "яйчы" формасында бар (Атаниязов, 1988, 140).

**Жакшыбай** - азык уруусундагы бычмандын курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Параллели казактардан "жаксыгул" формасында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 68).

**Жакшылык** - бугу, сарттар урууларынын курамдарындагы урук (Абрамзон, 113). Этнонимдин параллелдери алтайлыктардын курамынан (кумандыларда) "шакшылык", буряттарда "шошолок" формаларында кездешет (Потапов, 1969, 72; Галданова, 1992, 42-43). Айрым изилдөөчүлөр "шакшылыктарды" байыркы теле (төлөс) урууларынын урпактары катары карашат. Этнограф-окумуштуу Г.Р. Галданова бүгүнкү бурят-шошолоктордун насили түрк тилдүү уруу экендигин, бул уруунун мүчөлөрүнүн байыртадан ак кууга ыйык күч катары сыйынышарын байкап, иликтеп чыккан. Себеби, жогорудагы ж.б.у.с. фактылар өзү далилдегендей ак кууну Саян-Алтайдын түрк тилинде сүйлөгөн уруулары гана ыйык тутушканы маалым (караңыз: Галданова, 1992, 43). Демек, алтай-шакшылыктар менен бурят-шошолоктордун эзелки тегинде маданий-этникалык жалпылыктар болуу керек. Алтай-шакшылыктардын фольклорунда бул уруунун орто кылымдардагы енисейлик кыргыздардан өтө көп жапа чеккендиктери баяндалат. Айрым фольклордук маалыматтар бул уруунун энесай кыргыздары тарабынан толук кыргынга учурап, кокустан аман калган эки наристеден тукум улап, кийинки шакшылыктардын урпактары улангандыгын кабарлайт (Потапов, 1969, 70-71). Бул мисалдар мезгилинде кыргыздар менен алтай-шакшылыктар алакалаш болгондугун далилдейт десе болчудай. Л.П. Потапов иликтөөлөрүндө этникалык аталыштын "Шакшы" деген дарыянын (өзөндүн) атынан келип чыккандыгын белгилейт (Потапов, 1969, 72). Демек, шакшы + лык; -лык/-лук/-дык/-дук мүчөлөрү "кайсыл жердик", "аймактык" маанисин туюнтушу мүмкүн. Жогорудагы фактылар кыргыз-алтай этникалык алакаларын чагылдырат.

**Жаңы дөөлөс** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 114). Этнонимди дөөлөс уруусунун курамына соңку мезгилдерде келип кирген этнокомпонент катары кароого болот.

**Жаңы тууган** – саруу уруусундагы тубайдын курамындагы урук (Төрөкан уулу, 1995, 66). Лакап этноним.

**Жаңы черик** - черик уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 114). Этнонимди черик уруусуна соңку учурларда келип кирген этнокомпонент катары кароого болот. Этноним кыргыз урууларынын өткөн доорлордогу ич ара миграциясын, этникалык жактан жуурулушуусун да чагылдырары анык. Мисалы,

www.bizdin.kg



багыш уруусундагы басыз, монгол, мундуз, төбөй, төлөйкөн, жетиген ж.б.у.с. сырттан келип кирген этнокомпоненттер экендиги маалым.

**Жал** - жетиген уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Бул сөз кыргыз тилинде төмөнкү маанилерди берет: Жал 1. Кээ бир айбандарга моюндун кырына узатасынан чыккан кыл. 2. Жылкынын мойнунун кырындагы узатасынан кеткен майы, майлуу бөлүгү. 3. Кыр-кыр болуп узатасынан кеткен тилке, кырка жээк, жөөк. Көк жал 1. Карышкыр, бөрү, карышкырдын сыртаны, мыктысы; 2. өтм. Баатыр, эр жүрөк, кайраттуу (КТТС, 287). Бул сөздүн байыркы формасы "jal"түрүндө айтылат (ДТС, 227). Чүй өрөөнүндө Жал аттуу айыл, Бишкек шаарында болсо кичирайон аталары маалым. Этноним жер-суу аталышына байланыштуу келип чыгышы мүмкүн.

**Жалайыр** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Жалайырлар орто кылымдарда (Х-Х1 кк.) азыркы Монголиядагы Онон дарыясына жамаатташ байырлаган ири уруулардын бири болгондугу маалым. Айрым маалыматтарда жалайырлардын курамы он уруктан тургандыгы чагылдырылат: 1. жат, 2. тукараун, 3. нилкан, 4. тулангит, 5. шанкут, 6.тура ж.б. (Рашид-ад-Дин, Т.1, Кн.1, 92-93). Жалайырлар Чынгыз хандын жеңип алууларына өзгөчө салым киргизишкендиги маалым. Абул Гази жалайырларды насили монгол тилдүү уруулар экендигин белгилейт (Абул Гази, 1906, 53-54). Чынгыз хандын жана анын мураскорлорунун мезгилинде жалайырлар төрт топко ажырап калышкан. Биринчи бөлүгү Монголия менен Кытайда, экинчиси Жучи хандын тукумдарына ээнчи катары таратылып берилсе, үчүнчү бөлүгү Чырчык менен Ангрендин аймагында кийинки Жалайыр ордосун түзүшкөнү белгилүү (Тынышпаев, 1925, 6). Ал эми төртүнчү бөлүгү Хулагулар менен бирдикте Иранда монгол бийлигин орнотушкан (аталган эмгек, 6-бет). Жалайырлардын Жети-Суудан Орто Азиянын батыш тарабын көздөй журт которгон мезгили XIII к экинчи жарымына таандык деген көз караштар бар (Греков, Якубовский, 1950, 297). Араб тилинде жазган Ибн Араб шахтын берген маалыматтарына караганда Чагатай улусунда күч-кубаттуу негизги төрт уруу болгон: Алар арлат, жалайыр, каучин, барластар эле (Султанов, 1982,11). Аксак Темир бийлик чылбырын колго аларда жалайырлар алгач, аны колдошуп, кийинчерээк анын душмандары (Аксак Темир) дуулаттар тарапка ооп кетишкен (Тынышпаев, 1925, 6). 1376-жылы өзүнө баш ийгиси келбеген жалайырларды Аксак Темир жазалап, кууп таркатканы маалым. Ушундан соң, бул уруу бир катар эмирлердин ээликтерине бөлүнүп берилген жана жалайырлардын улусу ушул окуялардан соң, өз жашоосун токтоткон (Бартольд, Соч. Т.2, Ч.1, 49). Татаал тагдырга кабылып, чачыраган жалайырлардын айрым бөлүктөрү Теңир Тоого ооп, кыргыздардын курамына дал ушул мезгилдерде кирүүсү мүмкүн. Арийне, XIII к. чейин эле кыргыздар менен алакалаш болушкандыктары ажеп эмес. Этнонимдин параллелдери монгол, бурят, өзбек, казактардын уруулук курамдарында сакталып келет. "Жалайыр"-кокту аталышы катары Түштүк Молдавиянын топонимикасында да чагылдырылат (Баскаков, 1964, 487). Ушул эле аймакта Кыргыз-Кытай, Кыргыз-Суу ж.б. гидронимдер кездешери байкалган.

**Жалаң баш** - кытай уруусундагы төңтөгөрдүн курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Энчилүү аттын мааниси анын лакап аттан улам келип чыккандыгын аныктап турат.

**Жалаң найза** - жетиген уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Этноним жоокерчилик доорлор менен байланышкандыгы байкалып турат. Айрым учурларда мындай маанидеги этнонимдердин лакап аттын негизинде келип чыккан учурлары да кездешет.

www.bizdin.kg



**Жалаң төш** - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Этнонимдин лакап (кошумча) аттын негизинде келип чыгышында шек жок. Параллели лакайлардын курамында "йaлан төш" формасында бар (Кармышева, 1954, 45).

**Жалпак тил** - саруу уруусунун (ай тамга) курамындагы урук (Абрамзон, 113). Лакап-этноним. Талас дарыясына Жалпак-Тил деген суу куяры маалым (СГНК, 1988, 56). Гидроним уруктун энчилүү атынан улам келип чыгуусу мүмкүн.

**Жалчыман** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Жалчы 1. Жалданып иштеген киши, жалданып иштөө; 2. Жарытылуу бир нерсеге жетишүү, жаруу(КТТС, 294). Жалчы + ман: -ман кыргыз тилинде кесипти аныктаган сөз жасоочу мүчө. Мисалы, койчуман, уйчуман ж.б. Социалдык жана мүлктүк абалды аныктап турган энчилүү аталыштар кыргыз этнонимиясында бир кыйла санда учурайт.

**Жаман** - азык, кара багыш урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 113). Этнонимдердин параллели казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 168). Этноним лакап аттын негизинде келип чыгуусу мүмкүн.

**Жаман кара** - сары багыш, тынымсейит урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 113). Этнонимдердин параллели казактардын курамдарында бар (Жанузаков, 1982, 168).

**Жаман кыз** - баргы, кушчу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 113). Этнонимдердин лакап аттын негизинде келип чыккандыгы маалым.

**Жаман чапан** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 185). Лакап-этноним. Энчилүү аталыш болжолу, адамдардын социалдык, мүлктүк абалына карата калыптанышы мүмкүн. Параллели казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 162).

**Жаманак** - тынымсейит уруусундагы уруктар тобунун (фратрия) жалпы аталышы (Абрамзон, 113). Параллелдери кыргыздын саруу, кыпчак урууларында "жаманан", казактардан "жаманек" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков 1982, 123) Этнонимдин адегендеги мааниси аныктала элек.

**Жаманан** - кыпчак уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Маанаев, 1969, 25). Этнонимдин параллели саруу уруусунда "жаманан", тынымсейиттерде "жаманак" формасында кездешет (Абрамзон,113). Кыпчак-жамананлардын басымдуу бөлүгү Өзбекстандын аймактарын (Фергана өрөөнү) эзелтеден байырлап келишет.

**Жаманбай** - саяк уруусундагы кабанын курамындагы урук (Абрамзон,113). Антропоэтноним. Параллелдери казактардан "жаманбай", "жаманкара" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 168).

**Жаманкул** - дөөлөс уруусундагы кара сакалдын курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Параллели казактарда "жаманкерей", "жаманкара" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 168).

**Жамгырчы** - бугу уруусундагы арыктын курамындагы урук (Абрамзон,113). Антропоэтноним. Параллели "ягмур" формасында түркмөндөрдүн курамынан кездешет (Атаниязов, 1988, 144).

**Жангир** - саруу уруусундагы жети уруунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Жангир ир. жахан - жеңүүчү, ааламдын жеңүүчүсү (Жанузаков 1982, 140).

www.bizdin.kg



**Жанек тобу** - сарттар уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 113). Антропоэтноним. Параллели түркмөндөрдө "жанык" формасында бар (Атаниязов 1988, 113).

**Жантай** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 114). Антропоэтноним. Бул антропоэтнонимди XIX к. жашап өткөн тарыхый инсан Жантай менен чаташтырбоо зарыл. Бул уруктар тобуна кубатбелек, айкөө, токтоку ж.б. кирери маалым.

**Жаныбек** - бугу уруусундагы кыдыктын курамындагы урук, топ (Абрамзон, 114). Антропоэтноним. Параллелдери жетиген, саруу, сары багыш урууларында жана казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 162).

**Жанычкак** - саруу уруусундагы кырк уулдун курамындагы урук (Абрамзон, 114). Антропоэтноним.

**Жапалак** - мунгуш, солто урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 114). Жапалак - күндүз жакшы көрбөгөн, тамак таап жегенге көбүнчө күүгүмдө же түнкүсүн чыгуучу үкү тутумдаш кичирээк келген жырткыч канаттуу (КТТС, 1984, 307). Жырткыч куштар түрк-монгол элдеринде байыртадан тотем болуп келгендиги маалым. Фарсы автору Гардизи байыркы кыргыздар уй, кирпи, сагызган жана бүркүткө сыйынышкандыгын белгилеген (Абрамзон, 1946, 130). Этнонимдин параллели "үкү" формасында кыргыздын солто, казактын казбек урууларында бар (караңыз: Баялиева, 1972, 27). Казактын казбек уруусунун өкүлдөрү үкүгө тотем катары сыйынышканы маалым. Кыргыздар үкүнүн (жапалактын) канатын, сөөгүн оорулуу жаш балдарды дарылоодо, төрөт учурунда ырым - жырымдар үчүн пайдалангандыктары белгилүү. Үкүнү өлтүрүүгө тыюу (табу) салынган. Табу байыркы тотемистик башатты аныктайт (Баялиева, 1972, 27-28).

**Жарике** - саяк, жарике - баргы, саруу урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 114). Этнонимдин нараллели алтайлыктардын (тубаларлар, туба кижи же йыш кижи) курамынан "жарык" (ярык «дьарык») формасында кездешери белгилүү. Бул сөөк (урук) "кара жарык" жана "сыгынчы жарык" деген эки топко бөлүнөт (Потапов, 1969, 30). С.М. Абрамзон "жарыке" жана "жарык" (дңарык) этнонимдери баштапкы этногенетикалык жалпылыктарды аныктайт деген жүйөлүү илимий пикирин айткан (Абрамзон, 1990, 63-64). Тарыхый булактарда чагылдырылган "ярык" же "жарык" сөөгү (уругу) эрте орто кылымдар мезгилиндеги түрк тилдүү ж. б. уруулардын бирикмеси болгон Теле конфедерациясына киргендиги (Хотандан табылган "Сак документи" баяндаган маалыматтар боюнча) маалым."Жарык"этноними алгач ирет, азыркы Кытайдын Ганьсу аймагындагы Кара Тагды (Кара-Тоо) мекендеген телес жана тардуштардын уруулук курамдарынан эскерилет (Потапов, 1972, 54). Л.П. Потаповдун белгилөөсүндө теги байыркы теле (төлөс) урууларынан болгон "жарыктар" (дьарык) мундус жана төлөстөр менен бирге, кыргыздардын курамына жуурулушкан (Потапов, 1962, 30). Жогорудагы фактылар жарике / жарыке этнокомпоненти кыргыз этнонимиясынын эң байыркы катмарына кирерин тастыктайт.

**Жарты баш** - кынчак уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Маанаев, 1969, 25). Этнонимдин параллелдери казак, өзбек-коңурат, түркмөндөрдүн курамында бар (Жанузаков, 1982, 168; Кармышева, 1974, 91; Атаниязов, 1988, 69). Лакап этноним.

**Жая** – азык уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Этноним болжолу, лакап аттан улам келип чыккан. Жая – жылкынын учасынын кыртыштуу келген майлуу жумшак эти (КТТС, 322).

www.bizdin.kg



**Жедигер** - оң канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 114). Элдик санжыранын маалыматтарында Койлондон кооз Жедигер уруусу келип чыгары баяндалат (караңыз: Койлон генониими). XVI к. жазылган Сайф ад-Дин Аксикендинин "Мажму ат-Таварихинде" жедигерлер Тагай баатырдын Кулан (Койлон) деген уулунан тарары айтылган (МИКК, 1973, 208). "Манас" дастанынын бүт дээрлик варианттарында кыргыз урууларынын бири катары чагылдырылат ("Манас". Энциклопедия, Т.I, 213). Ошону менен бирге, башында Багыш деген жетекчи турган жедигерлер эпосто көп ирет эскерилет (Молдобаев, 1995, 139-140). Мындан сырткары, кыргыз санжыраларында Жедигер аттуу Астрахан ханы жөнүндө баян айтылган. 1549-жылы Казань шаары Едигенин тукуму Жедигер тарабынан басып алынганы маалым (Абрамзон, 1990, 78-79). Акыркы мисал кыргыздардын этникалык тарыхында, этногенезисинде таасирлүү орунду ээлеген "ногайлы" доорун чагылдырары шексиз. Этникалык аталыштын параллелдери казактардан "жедигер", лакайлардан "жадыгер" формаларында кездешет (Востров, Муканов, 1968; Кармышева, 1976, 99). Параллелдер жана айрым фольклордук ж.б. маалыматтар жедигерлердин орто кылымдардагы печенег, кыпчак тилдүү этникалык чөйрө менен байланышын чагылдырышы мүмкүн. Мисалы, кооз (жедигер) = кууз =гууз = окуз =огуз= уз;Ошону менен бирге, этнонимди байыркы "игдер" (игдер) уруусунун энчилүү аты менен параллель кароого болот деген пикир айткыбыз келет. Болжолу, жедигер этнониминин баштапкы формасы "жети игдер" же "жети игдер урууларынын бирикмеси, союзу" дегенди аныкташы ыктымал. "Жети игдер"= жетигер = жети иг(д)ер = жедигер - байыркы этникалык аталыштын фонетикалык айрым өзгөргөн формасы болуусу мүмкүн. Игдирлер араб графикалуу тарыхый булактарда байыркы огуз-түркмөн урууларынын бири катары түрдүү фонетикалык варианттарда чагылдырылат. Махмуд Кашгари "Сөздүктө" огуздардын курамындагы игдер уруусун анын энчилүү эн тамгасы менен бирге, ал эми Рашид ад-Дин -"йигдер", Абул Гази Бахадур хан - "икдур" формаларында эскеришет (Махмуд Кашгари, Т.I, 89; Рашид ад-Дин Т.I, Кн.I, 66; Абул Гази, 1906, 25 26). Аталган булактардын айрымдарында Игдир легендарлуу Огуз кагандын небереси, Деңиз хандын уулу катары айтылат. Изилдөөчүлөр этнонимди "негиздүү", "таза кандуу" маанилеринде чечмелеп жүрүшөт (Кононов А. Н. Родословное древо тюрков, 1958, 53). Игдер (игдир) этнониминин параллелдери азербайжандыктардын, Түркия түрктөрүнүн, Ирандагы түрк (огуз) тилдүү этностордун курамдарынан кездешери аныкталган (Атаниязов, 1988, 72).

**Жейдемыш** - жоокесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 195). Этнонимдин биринчи компонентинин (жейде) мааниси илимде тактала элек. -мыш мүчөсү байыркы түрк тилинде жана азыркы түрк тилдеринин түштүк группасында (азербайжан, түркмөн, түрк) өткөн чакты уюштурат. Кыргыз тилинде сейрек учуроочу -мыш мүчөсү, ошол байыркы форманын бир көрүнүшү (Кыргыз адабий тилинин грамматикасы, 1980, 165). Бул мүчө байыркы түрк тилдеринде арбын колдонулгандыгын Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгаринин эмгектериндеги Өтөмүш, Огудулмыш, Одгурмыш деген энчилүү аттар айгинелейт (Жанузаков, 1982, 112).

**Жейренчи** - басыз уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 1946, 129). Бул урук кыргыздар жөнүндө жазган таанымал орус иизилдөөчүсү Н.Ф. Ситняковскийдин (1900-ж.) маалыматтарында да берилген. С.М. Абрамзон этноним аңчылыктын кыргыздардын турмушундагы ролун, ордун чагылдырарын белгилейт (Абрамзон С.М., көрсөтүлгөн эмгек, 129).

**Желдең** - баргы, бугу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон,

www.bizdin.kg



114). Айрым кыргызтаануучулар желдең уругу менен хакастардагы "чилдег" сөөгүнүн (уругу) түз этногенетикалык байланышына токтолушат (Абрамзон, 1990, 66; Молдобаев, 1995, 115; Бутанаев, 1990, 62). Хакастардын курамындагы "чилдег" сөөгү теги жагынан кыргыздарга өтө жакындыгы аныкталган качин-хакастардын курамына кирет. "Чилдег" сөөгү хакас тарыхый фольклорунда желден, шамалдан туулган баладан тарагандыгын баяндайт. Хакас мифологиясындагы Чилдег-хан шамандын кожоюну катары чагылдырылат (Бутанаев, 1999, 216). Этникалык аталыштын экинчи компоненти -денг/-денг кеттердин (самодий уруктары) "адам", "киши" деген сөзүн түшүндүрөт. Хакас этнографы профессор В.Я.Бутанаев: "кыргыздардын курамында кет (самодий) этнокомпоненттеринин болушу, теңир тоолук кыргыздардын мекени Енисей чөлкөмү деген теориянын тууралыгын далилдейт" - деп жазат (Бутанаев 1990, 62). Эзелки замандардан адамдар от, суу, жер менен катар абага, өзгөчө шаманга да ыйык күч катары сыйынып келишкенин шаман дининен байкоого болот. Алтай шаманизминде шамал (жел) жаратылыштын күчүн чагылдырган, ритуал учурунда шамандар бороон-шамалды, жөнөкөй эле желди чакырышкан. Шаман ритуал процессинде бубендин, байланган тал-чөптүн, кездеменин кесиндилери менен бирге кыймылдап, алардын жардамы менен жасалма түрдө айланган желди (шамал) пайда кылышкан. Ушул желдин (шамалдын) көмөгү менен шаман өзүн колдоочу духтар менен баарлашкан (караңыз: Потапов, 1991, 80-81). Демек, этноним жогорудагы илимий далилдерди эске алганда, шамалдан (желден) туулган адамдар, кишилер, урук деген шамандык түшүнүктү аныкташы мүмкүн.

**Жети айгыр** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 114). Этникалык аталыштын параллелдери байыркы түрк доорундагы жазма эстеликтерде да чагылдырылат (VII-X кк.). Мисалы, азыркы Тувадагы кыргыздар жазып калтырган эстеликтерде (IX-XIII кк.) "жети бөрү" деген маалыматтар бар (Памятники древнетюркской письменности Тувы. Вып. III, 14). Сейф ад-Дин Аксыкенди "Жами ат-Таварихте" (XVI к.) Ак Темирден тараган "жети кашка" уруусу жөнүндө жазат. Тарыхый булакта "жети кашка жана Кар(а)-каранын түпкүлүгү бир" экендиги баяндалат (МИКК, 1971, 207). "Жети"саны кыргыздардын акыл-эс таануусунда, ой-жүгүртүүсүндө эзелтеден ыйык санды түшүндүрүп келери маалым. Этникалык аталыштын параллелдери казактардын жана хакастардын курамында сакталып келери белгилүү (Жанузаков, 1982,168; Бутанаев, 1990, 68).

**Жети кашка** - солто, басыз уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,114). Жети кашка - теги байыркы титул-этноним (караңыз: "кашка" этноними). Этноним Сейф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму ат-Таварихинде" "жети кашка" формасында кездешип, "жети уруунун жол башчылары", "жети уруу-нун жетекчиси", "жети аскер башчысы" маанисин берет (МИКК, 1973, 207). IXк. тарыхый маалыматтарда кимактардын этносаясий бирикмеси жети уруудан туруп, анын бири "кыпчак" деп аталган (Кумеков, 1972, 35-36; Плетнева, 1990, 26-27; Абдракунов, 1995, 8). Т.Абдракунов бир катар маалыматтарга таянып,"жети кашка" этнонимин байыркы кимак-кыпчак (IX к.), кийинчерээк кыргыздардын курамына кирген кыргыз-кыпчактарга таандык этнокомпонент деген жүйөлүү пикирин айтат (Абдракунов, 1995, 8). Анткени, "Мажму ат-Таварихте" "жети кашка менен Кар(а)каранын теги бир" деп айтылат (МИКК, 1973, 207). "Жети кашка"-кимактардын уруулук бирикмесинин жалпы аталышы болсо,"кар(а)кара" алардын курамындагы бир уруунун энчилүү аты болуусу мүмкүн (Абдракунов, 1995, 8). Автор "жети кан" деп аталган Манастын элин "жети кашка" этноними менен параллель карайт (ошол эле эмгек, 9-бет). Этнонимдин параллели "хасха"

www.bizdin.kg



формасында хакас-качиндердин уруулук курамында бар (Бутанаев, 1990, 22).

**Жети кошкон** – басыз уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин жети же андан көп этнокомпоненттерден турары аныкталган. Мындан сырткары,бул энчилүү ат түркүн уруктардан чогулган элге, айылга, айрым үчурларда адамдар жашаган айылдык көчөлөргө карата айтылып жүрөт. Параллели "жети урук" формасында кыргыздын кытай, саруу, багыш урууларында, "жетиру"формасында казактардын курамындарынан кездешет (Абрамзон,114;Жанузаков, 1982,168).

**Жети кул** - сары багыш уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 114). С.М. Абрамзон өз иликтөөсүндө бул уруктардын тобун "курама уруктар" деп атап, ага төмөнкү этнокомпоненттер кирерин жазат: кутчу (буудайчы, арпачы), моңолдор (кернейчи), мундуз, көбөн, төкө, бокбасар, бүркүт. Акыркы аталган төрт уруктун (топтун) ата-бабаларынын калмактарга тектеш деген маалыматтар бар экендиги аныкталган (караңыз: Абрамзон, 1960, T.IV, 36).

**Жети урук** - сары багыш уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 114). Бул уруктар тобуна төмөнкүлөр кирет: Чагалдак, сабыр, абыла, чечей, молой, кара курсак (Абрамзон, 1960,34-35). Этнонимдин параллели "жетиру" формасында казактардын уруулук курамынан кездешет (Жанузаков, 1982, 168). Орус жыл баяндары орто кылымдардагы кыпчактарда (Дешт-и Кыпчак түрк уруулары, XI-XIII кк.) "йета", "етебичи" деген этникалык аталыштар болгондугун кабарлайт (Баскаков, 1984, 65).

**Жети урук** - солто уруусунун курамындагы уруктар тобу (Абрамзон,114). Уруктардын бул чоң тобуна алты, айрым маалыматтарда 10 урук кирет. Алар төмөнкүлөр: беш көрүк, мааке, шалта, жоо чалыш, төлөк, көгөй. Ал эми ак буура, асыл баш, сөөк мурун, кайдоол уруктары жөнүндө талаш никирлер бар (караңыз: Абрамзон, 1960, 25-26). С.М. Абрамзон "жоо чалыш жана төлөктөрдү казактардан, сөөк мурундарды нойгут, жедигер, шалталарды тейит, маакилер саруу, беш көрүктөр тейит урууларынан келип кирген этнокомпоненттер"- деп жазат (Абрамзон С.М, көрсөтүлгөн эмгек, 26-бет.). Кыргыз урууларында ич ара миграциянын өтө активдүү жүргөндүгүн башка уруулардын генеологиялык схемаларынан да байкоого болот. Этнонимдин параллелдери сары багыш уруусунан "жети уруу", казактардан "жетиру" формаларында кездешет (Абрамзон, 1960, 114; Жанузаков, 1982, 168).

**Жети уруу** - кытай уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 114). Бул уруктар тобуна төмөнкүлөр кирет: 1. сатыкей; 2. тампагар; 3. балыкчы; 4. жол жакшы; 5. сакоо; 6. оготур; 7. күркүрөө; Этнонимдин параллелдери кыргыздын саруу уруусунда жана казактарда бар экендиги аныкталган (караңыз: Жанузаков,1982,168). Этникалык аталыш VII-XII кылымдардан эле ири уруулук бирикме катары маалым болгон. X-XI кк. орус жыл баяндарында бул этникалык аталыш Дешт-и Кыпчак түрк тилдүү урууларынын курамынан "йети", "йетебичи" формаларында эскерилери аныкталган (караңыз: Кумеков, 1972, 35-36; Плетнева, 1990, 26-27; Абдракунов, 1995, 8-9; Баскаков, 1982,65). Хакастардын (сагайлардын) этникалык курамында "чити пүүр" (жети бөрү) уругу белгилүү. Хакастардын тарыхый фольклору бул уруктун (сөөктүн) карышкырдан тарагандыгын баяндайт (Бутанаев, 1999, 99). Енисейлик кыргыздарда "жети бөрү" деген уруу болгондугун таш бетиндеги жазуулар ырастайт. "Жети бөрү" жана "жети уруу" энчилүү аттарын синонимдеш этникалык аталыштар катары түшүнүүгө болот. "Жети бөрү" деген диний-иеархиялык маанидеги наам тувалыктардын шамандарына түпкү жети муун ата-бабасы шаман болгондорго гана берилген. Бул жети ата шамандар карышкырга айланышып,

www.bizdin.kg



өздөрүнүн мураскор шаманын колдоп, аны түрдүү кырсыктардан кайтарып, колдоп жүрүшкөн (Монгуш Кенин Лопсан, 1995, 69).

**Жети уруу** - саруу уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 114). Бул уруктар тобуна балыкчы, сакоо, оготур, кашка тамга, кызыл курт, кызыл кулан ж.б. кирет (караңыз: Аттокуров, 1995, 146). "Жети" саны Евразиянын калктарында, араб элдеринде эзелтеден ыйык каада-салттын маанисин аныктап келет. Ыйык сан Монголиядагы байыркы руникалык жазууларда да эскерилери маалым. Күл Тегиндин эстелигинде анын (Күлтегиндин) жылдын он жетинчи күнүндө, кырк жети жашында көз жумгандыгы, жыйырма жетинчи күнү жерге коюлуп, эстелик жетинчи айдын жыйырма жетисинде тургузулгандыгы баяндалат (Петров, 1980, 149). Кыргыздарда да эзелтеден жети атаны билүү, бабалардын арбактарын урматтоо салты сакталып келет. Ал эми алтайлыктарда жети атадан аркы бабалардын атын атоого табу (тыюу) салынган ж.б. Жети - символикалык ыйык санды, тагыраак айтканда уруу союзун, бирикмелердин да аталышын аныктап келет. XI к. автор фарси Гардизи VIII-IX кк. Ибн Хордадбек, Джейхани жана ибн-Мукаффалардын маалыматтарына таянып, кимактар жөнүндөгү төмөнкү уламышты кагаз бетине түшүргөн: "Шад дегенге оболу жети киши, андан соң жети жүз киши өз уруу жетекчилери менен келишти, алар: имек (йемек), татар, кыпчак, ланиказ, ажад, ими" (Петров, 1980, 150). Байыркы кимак-кыпчак уруулук бирикмеси жети уруудан турган (Кумеков,1972,35-36; Плетнева,1990,26-27; Абдракунов,1995, 8-9 ж.б.). Тувадагы байыркы кыргыздарга таандык Төр Апа Ичреки аттуу атактуу жоокерге арналып тургузулган эстеликте(IX-X кк.)"...жети бөрү өлтүрдүм..."сыяктуу саптар бар. Бул атактуу жоокердин бир эле учурда шамандык (бакшылык) кызматты да аткаргандыгы баяндалган (Памятники древнетюркской письменности Тувы, Вып.II, 1963, 26-27, Бегре дарыясы, Е 11, М-40). "Жети бөрү" термини,"жети баатыр", "жети уруу" дегенди билдирген. Буга бүгүнкү хакастардын курамындагы "чити пүүр" уругу (сөөгү) мисал боло алат (Бутанаев, 1990, 68). Алтай-кумандылардын курамындагы жети сары (алт. дьети сары) аттуу уруу енисейлик кыргыздардын тукумдары экендиги белгилүү. Енисейлик кыргыз мамлекетинин бийлик башында "жети сары" аттуу уруу турган(Потапов, 1969,34).Орус жыл баяндары Руська жамаатташ жайгашкан кыпчак (половец) урууларында "йетебичи" ("семь родов") - жети уруу этноними болгондугун чагылдырат (Баскаков, 1982, 65). Этникалык аталыштын параллелдери башкыр, казактарда "жетиру" формасында сакталып келет (Кузеев, 1974, 116; Жанузаков, 1982, 168). Демек, жети уруу - этникалык аталыш катары кыргыздарда эзелтеден (VIII-IX кк.)эле белгилүү болуп келет.

**Жетиген** - сол канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 114). Н.А. Аристов жетигендерди (етиген) кыргыздардын этникалык пайдубалын түзгөн уруулардын бири экендиги жөнүндөгү эң алгачкы пикирди айткан (Аристов, 1994, 449, 450, 452). Мисалы, Чоң Жетиген жылдыз (орусча - Большая медведица) хакастарда "идиген" формасында айтылат (Хакасско-русский словарь, 1959, 382). Элдик санжыраларда этнонимди "жетиген" (жети шаар), "эдиге", "жетиген жылдызы" ж.б. менен байланыштырышат (Төрөканов, 1995,118,119). Чоң Жетиген жылдызы тува шамандарынын акыл-эсинде Долаан (жети), Бурхаан (Кудай) -"жети кудай" маанисин аныктаган. Асмандагы жети кудайдын урматына шаман кара койду өз колу менен курмандыкка чалган(Монгуш Кенин Лопсан, 1995, 135). Арийне, этнонимди байыркы "Өтүкен" (Otukan jys) топоними менен да параллель кароого болот. Жетиген = етиген = өтүген = өтүке(а)н. Otukan jus (Өтүкен йыш - Өтүкен токою) тарыхый булактардагы байыркы

www.bizdin.kg



(руникалык, кытай маалыматтары), изилдөөлөрдөгү маалыматтарда Чыгыш Хангайдагы токойлуу тоо кыркалары катары чагылдырылат (Кляшторный, 1964, 34). Л.П. Потапов байыркы түрк доорундагы топонимикалык аталышты азыркы Туванын түштүк тарабына локалдаштырат (Потапов Л.П. Новые данные о древнетюркском "Otuкен"//СВ, 1957, -№ 1, 106-117). Стратегиялык жактан маанилүү район байыркы түрктөргө азыркы Монголия, Түштүк Сибир, Түштүк-Батыш Манжуриянын аймактарына толук үстөмдүк кылууну камсыз кылган. Руникалык жазма эстеликте: "...акылман Тонукүк биротоло отурукташып жашоо максатында Өтүкен жерин тандап алды" - деген маалымат бар (караңыз: Кляшторный, 1964, 34). Бул топоним жайгашкан Хангай (кырг. Кангай) "Манас" эпосунун бардык варианттарында топоним, этноним, айрым учурда өлкө катары да чагылдырылат ("Манас". Энциклопедия,Т.I,271). Өдүгене - азыркы Тувадагы дарыянын ээнчилүү аты (гидроним) катары белгилүү. Этноним болжолу, кыргыздардын тарыхый мекени болгон Түштүк Сибирдеги байыркы топонимикалык аталышка байланыштуу келип чыккан. Акыркы гидронимдин байыркы тегинин кыргыздын оң канатындагы Адыгине уруулук тобунун энчилүү аты менен байланышы болуусу толук мүмкүн.

**Жинжеген** - тейит уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 199). Лакап этноним. Параллели казактарда "жиинжара" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 168).

**Жогор тон** - мундуз уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллели ушул эле уруудан "төмөн тон", кытай уруусунан "жогорку тамга", саяк уруусунан -"өйдө чекти" формаларында кездештирүүгө болот."Тон" компонентинин тегин Түштүк Сибирдин этникалык чөйрөсү менен байланыштырууга болот. Мисалы, "тон" сөзүнүн параллелдери алтай-кижилерде "тонжон", "туу тонжон","чарлызак тонжон"; теленгиттерде -"тонжон", туба кижилерде "тонду", кумандыларда "тон" формаларында кездешет (Баскаков, 1985, 21-22). "Хамтон" - алтай шамандарынын ритуал учурунда кийүүчү кийими болгон (Потапов,1991, 206,218). Арийне, «тон», «тонг» сөзү саха-якуттарда «бөтөн уруудан, элден», «бөтөн жердик» деген маанини билдирет (Алексеев, 1972, 32). Мындан сырткары, кыргыз санжыраларындагы айтылган «тондуу уул», «тонсуз уул» деген терминдер да мисал боло алары быщык. Бул урук курамына кирген кыргыздын мундуз уруусунун байыркы теги алтайлыктар менен тереӊ этникалык байланышта экендигин ошол эле алтай-кижи этникалык тобунун курамындагы "кочкор мундус","чеберек-мундус","чулум-мундус" уруктары айгинелей алат.

**Жогору тамга** - кытай уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 114). Бул уруктар тобуна (төңтөгөр жана кыйра) санжыралык айрым маалыматтар боюнча 25 урук кирет.Мисалы, төрт кара,кара кабак,балаш,жалаң баш, болку, чөбөк, чарык, кара кытай, жети уруу, сары кашка ж.б. Башкырлардагы "катай", өзбек-катагандардагы "хытай", каракалпактардагы "кытай" урууларынын этногенетикалык жакындыгын уруулук эн тамгалардагы тектүү окшоштуктар да тастыктай алат (караңыз: Кузеев 1974, 225).

**Жой** - ават уруусунун курамындагы урук. 1. Жой болот (же жойболот) эпостогу кылычтын аталышы; 2. Айла-амал, амалкөйлүк ж.б.; 3. Жоюу, курутуу, жок кылуу ж.б. (Юдахин, 262). Кыргыз этнонимиясындагы аскердик жоо курал-жарактарына байланыштуу келип чыккан урук (уруу) аталыштары байыркы жоокерчилик доорлордон кабар берет.

**Жол жакшы** - генонним. Санжыралык маалыматтар боюнча Адигинеден Жол жакшы, Жол жакшыдан жору уруусу тарайт (Аттокуров 1995, 69). Бул

www.bizdin.kg



уруунун өкүлдөрү негизинен компактуу түрдө Кара-Кулжа, Өзгөн, Кара-Суу аймактарын мекендеп келишет.

**Жол чоро** - бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 215). Этнонимдин чыгыш теги жоокерчилик доорлоор менен байланышкан. Мaанилеш энчилүү аттар кыргыз этнонимиясында бир топ санда учурайт. Мисалы, жоо басар (кара багыш, сары багыш), из басар (кыпчак), жоо чалыш (солто), найзачы (найман), чоро (чекир саяк) ж.б.у.с. Бул фактылар кыргыздар басып өткөн жоокерчилик доорлорду чагылдырары шексиз. Этнонимдин параллели тынымсейит уруусунда "чоро" формасында кездешет.

**Жолболду** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 114). Антропоэтноним. Параллелдери мундуз, саруу, черик уруктарынын курамында бар.

**Жолдош төбөт** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Антропоэтноним. Айрым иликтөөчүлөр "төбөт" сөзүнүн мааниси тактала электигин белгилешет (Щербак, 1960, 128).

**Жолдубай уулу** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 114). Антропоэтноним. Параллели казактардын курамынан "жолдыбай" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 167).

**Жолуке** - дөөлөс уруусундагы зумбулдун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Антропоэтноним. Параллели чекир саяк уруусундагы кулжыгачтардан кездешет.

**Жоо басар** - кара багыш, сары багыш урууларынын курамдарындагы урук (Абрамзон, 115). Этнонимдин чыгыш теги жоокерчилик доорлор менен байланышта экендиги байкалып турат. Параллели лакайлардан "жоу качты" формасында кездешери маалым (Кармышева, 1954, 11).

**Жоо кесек** - ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы ири уруулардын бири. Жоо кесектер теги байыркы кыргыз урууларынан болуп эсептелет. Казактын алгачкы илимпоздорунун бири М. Тынышпаевдин жазгандарына караганда, кесек (жоо кесек) урууларынын адепки бөлүгү Жети Сууга VI к. эле байыркы түрк уруулары менен кошо көчүп келишкен. Алардын эзелки ата-теги Чу-Мусундар болот, алар Чу (Чүй) суусунун батышында жашашкан (Тынышпаев, 1925, 23-25). Жоо кесектер андан соңку тарыхый булактардан кийинчерээк, XVI к. чегинде эскерилет. Сайф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму ат-Таварихинде" (XVI к.) Жоо кесектер Булгаачылар уруулук тобуна кирери, алар кыргыздын ири урууларынын бири экендиги чагылдырылат (МИКК, 1973, 208). Этникалык аталыштын параллелдери казактардан "кара кесек", "караул кесек", хакастардан "кезегет", тожулук тувалардан "кезек-хуулар", "кезек-соян", башкырлардан "кесе-табын" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 169; Бутанаев, 1990, 69-70; Вайнштейн, 1961, 23; Сердобов, 1971, 208; Кузеев, 1974, 270-273). Түркмөндөрдө учурда "алты кесек" аттуу урук бар экендигин изилдөөчүлөр белгилеп жүрүшөт (Атаниязов, 1988, 21). Бул параллелдер кокусунан эле келип чыгуусу мүмкүн эмес. Кызыктуусу, изилдөөчүлөр тарабынан бүгүнкү хакас-сагайлардын курамындагы кезегет уруусу (сөөгү) энесайлык кыргыздардын түз урпактары экендиги аныкталган (Бутанаев, 1990, 69-70). Р.Г. Кузеев башкырлардагы кесе(к) - табын уруусунун тегин Саян-Алтай аймагы менен байланыштырган негиздүү пикирин айтат. Изилдөөчү бул маселеде элдик фольклордун маалыматтарын, бул багыттагы жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн жыйынтыктарынан улам тыянакка келет (Кузеев, 1974, 271, 273). Демек, бул илимий тыянактар хакастын белгилүү тарыхчы-этнографы, профессор В.Я. Бутанаевдин кезегеттер (сагай-кезегеттер) енисейлик кыргыз-

www.bizdin.kg



дардын урпактары деген далилдөөсүн бекемдери шексиз. Жоокесектин курамына тумар, телмин, турчак, кырк уруу, жейдемыш, жору, кырк баатыр сыяктуу ири уруктар бар. Бул уруунун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү Өзбекстандын Вуадил (Фергана) аймагын эзелтеден мекендеп келишери маалым.

**Жоо чалыш** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Этнонимдин параллели түпкү тегинин кыргыздар менен жалпылыгы аныкталып жаткан лакайларда "жоу качты" формасында кездешет (Кармышева, 1954, 11). Жоо - душман. чалыш - окшош, кебетелеш (КТТС, 680). Лакап этноним.

**Жоортуулчу Байболот** - саяк уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Этникалык аталыш жоокерчилик доорлорго байланыштуу келип чыккан. Мындай маанидеги урук аттары кыргыз этнонимиясында бир топ санда кездешет.

**Жоош** - кушчу, мунгуш (жагалмай тамга) урууларынын курамдарындагы ири уруктар топторунун аталышы (Абрамзон, 115). Этнонимдин эзелки мааниси толук тактала элек. Бүгүнкү кыргыз тилинде "жоош"кишиге катуу сүйлөбөгөн, момун маанисин туюнтат (КТТС, 433). Этнонимдин параллели каракалпактарда "жуас" формасында кездешет (Жданко, 1950, 35). Жоош-Кара Суу районундагы айыл аталышы катары белгилүү (СГНК, 1988, 66). Этнотопоним.

**Жору** - оң канатка кирген адигине уруулук тобундагы ири уруунун бири (Абрамзон, 115). Жору - ири жырткыч куштардын тобуна кирет. Этноним кыргыздардын байыркы тотемдик ишенимдерин чагылдырат. XI к. фарси тарыхчысы Гардизи кыргыздардын уй, кирпи, сагызган, бүркүткө өзгөчө сыйынарын жазган (Абрамзон, 1946, 130). Жырткыч куштар эзелтеден кубаттуулуктун, көз каранды эместиктин символу болуп келет. Бул канаттуу куштар (жырткыч куштар) кыргыздарга тектеш Саян-Алтайдын түрк тилдүү элдеринде жана якуттарда кеңири тараган тотемдер болушкан (Баялиева, 1972, 25-26). Кыргыздардын байыркы тотемистик ишенимдерине Б.Аманалиев, С.М. Абрамзон, И.Б. Молдобаевдер өз иликтөөлөрүндө кенен токтолуп кетишкен (Абрамзон, 1946, 129-131; 1990, 297-307; Молдобаев, 1995, 213-223). Этнонимдин параллели солто уруусунун курамында бар (Абрамзон, 119).

**Жоруп** - баргы, басыз, дөөлөс урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 115). Этноним адамдардын чарбалык жана кесиптик ишмердүүлүктөрүнө байланыштуу келип чыккан. Жоруп - шыпыргы, кызылдаган эгиндин үстүндөгү башка чөптөрдү шилеп чыгаруу (КТТС, 217; Карасаев, 1986, 11).

**Жумаш** - суу мурун уруусундагы тогузактын курамындагы урук, топ (Абрамзон, 115). Антропоэтноним. Параллелдери азык, сары багыш, тынымсейит урууларында бар.

**Жүдөмүш** - бугу уруусунун курамындагы урук, топ. Антропоэтноним. Энчилүү ат лакап аттан улам келип чыгуусу мүмкүн (Экзоэтноним). Жүдөмүш - арыктоо, азуу, начарлоо, чүнчүү (КТТС, 225).

**Жүктүү** – бөрү уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Жүктүү: 1. Жүк артылган, жүгү бар, жүк салынган; 2. Боюнда бар, кош кабат, бооз (КТТС, 1984, 366). Лакап этноним. Бул уруктун өкүлдөрү Жалал-Абад облусундагы Тогуз-Торо районунун аймагын жердешет (Абрамзон, Т.IV, 1960, 65).

**Жыңайлак** – баргы уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,71). Антропоэтноним. Болжолу, бул этникалык аталыш лакап аттан улам келип чыккан. Айрым учурларда "жалаң аяк" деп да айтылып жүрөт. Энчилүү ат адамдардын социалдык, мүлктүк абалын да чагылдырышы мүмкүн. Этнонимдин

www.bizdin.kg



параллели каракалпактардын курамында бар экендиги аныкталган (Жданко, 1950, 37).

**Жыл келди** - мунгуш уруусунун курамындагы (жагалмай тамга) ири уруктардын бири (Аттокуров, 1995, 86). Этнонимдин түпкү мааниси так аныктала элек. Параллели өзбек-коңураттарда “желкелди” формасында кездешери аныкталган (Кармышева, 1976, 90-93). Жылкелди - Кара-Суу районундагы ири айылдын аталышы катары да маалым (СГНК, 1988, 68). Этнотопоним.

**Жылаңач кара** - солто уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу,1995, 23). Антропоэтноним. Энчилүү аталыш лакап аттын негизинде келип чыккандыгы байкалып турат.

**Жылчыман** - баргы уруусунун курамындагы уруктун аталышы. Этнонимдин экинчи компоненти болгон -ман мүчөсү эбегейсиз зор ареалдагы этникалык аталыштардын, топонимдердин, гидронимдердин, антропонимдердин жасалышына катышат. Н.А. Баскаков (1972, 227), С.Т. Тепляшкина (1970, 184), С. Аманжолов (1959, 54), Т.Жанузаков (1982, 12-113) сыяктуу изилдөөчүлөр чыгыш теги байыркы мезгилдерге таандык -ман мүчөсү индо-европалык тилдерде “киши”, “адам” маанисин түшүндүрөрүн белгилешет. А.П. Дульзон Сибир аймагындагы -ман мүчөсү катышкан топонимдер түрк тилдүү элдерге эмес, кеттер (самодий тилдүү элдер), мүмкүн аларга чейинки жашаган урууларга таандык экендигин өз изилдөөлөрүндө аныктайт (Дульзон, 1962, 23-25). Айрым изилдөөчүлөр -ман мүчөсүнүн келип чыгышынын тактала электигин да белгилешет (Боронов, 1988,193). Этнонимдин биринчи компонентинин (жылчы + ман) түпкү мааниси так аныктала элек. Параллели тынымсейит уруусунун курамынан “жылчыман” формасында кездешет (Абрамзон, 130).

**Жыртак** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Жыртак - көзү ооруп, жашы агып калган адам (Юдахин, 284). Этноним болжолу, лакап аттан улам келип чыккан (экзоэтноним). Кыргыз этнонимиясында адамдын кулк-мүнөзү, өңү-түсүнө ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карата келип чыккан урук аттары арбын учурайт.

**Жээнбай** - саруу уруусундагы баш моюндун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Антропоэтноним. Параллели казактардын курамында “жиеналы”, “жиембет” формаларында бар (Жанузаков 1982, 68).

**Жээрде** – найман уруусунун курамындагы урук (Маанаев, 1969, 25).Бул уруктун өкүлдөрү Тажикстандын Жергетал, Мургаб аймактарын байырлашат. Жээрде – саргыч кызыл, кочкул-күрөң кызыл түс (жылкынын түсү, сакал жөнүндө) (КТТС, 383). Этникалык аталыш уруунун (уруктун) жайгашкан аймагын, байыркы бабалар ыйык тутушкан жаныбардын өңү-түсүн да аныкташы мүмкүн.

**Жээренбай** - бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Этноним кыргыздардын курамына жуурулушкан ойрот-калмак этнокомпоненти катары маалым (караңыз: Абрамзон, 1990, 46).

# З

**Закчы** - адигиненин бөрү уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Антропоэтноним. Мааниси монгол тилинде (“заагч”) 1. Жол көрсөткүч көсөм. 2. “Мугалим”,”устат” деген маанини түшүндүрөт (Монгол орос толь, 1958,35). Болжолу, бул термин кыргыз тилине монгол тилдеринен келип кирип, “уруу башчысы”, “көсөм” маанилерин туюнткан.

www.bizdin.kg



**Зулум** - мундуз уруусунун курамындагы ири уруктун бири(Төрөкан уулу, 1995, 87). Этнонимдин параллелдери "чулум-мундуз" (телеут-алтайлыктар), "чулум" (Краснояр аймагындагы түрк тилдүү теги байыркы этнографиялык топ), чулум кашка (кыргыздын дөөлөс уруусунун курамында) формаларында сакталып келет (Потапов, 1966, 235; Языки мира: Тюркские языки 1997,491; Абрамзон, 1960, 134). Мындан сырткары, XV к. чейин азыркы Кама дарыясы "Чулуман" деп аталганы маалым (Кузеев, 1974, 485). "Зулум"- «чулум» этнониминин өзгөрүп айтылган формасы. Алтайлыктардын (телеуттар) курамындагы (мундус уруусу) "чулум мундус", "коткор мундус" этнонимдеринин параллелдери кыргыздын мундуз уруусунда "зулум мундуз", "коткор мундуз" формаларында учурашы түз этногенетикалык, маданий-этникалык байланышты аныктайт. Мындай параллелдин келип чыгышы кокусунан эмес экендиги анык. Анткени, мундуз, мундус сыяктуу макроэтнонимдер эки элдин гана курамдарынан кездешет

**Зумбул** – дөөлөс уруунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Этнонимдин параллели каракалпактардын курамында "сумбул" формасында кездешет (Жданко, 1950, 37). Этникалык атылышты төмөнкү маанилерде чечмелесе болот: Сумбул; ир. сумбул чач "кара чач", "кара чачтуу"; 2. Сумбула: ар. күн календарынын алтынчы айынын аталышы; 22- августан 21- сентябрга чейинки мезгил (Юдахин, 663). Сумбула – Лейлек районунун аймагындагы өзөндүн аталышы катары маалым (СГНК, 1988, 163).

**Зуркай** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу 1955, 87). Этноним бурят-монгол тилдеринде "чортон балык" (zu r-qay) маанисин түшүндүрөт (Вяткина, 1933, 50). Зуркай (zu r-qay) этнониминин чыгыш теги Борбордук Азиянын (Түштүк Сибир) түрк-монгол этникалык чөйрөсүнө таандык экендиги байкалып турат. Курамына "зуркай" уругу кирген мундуз уруусунун дал ушул этникалык чөйрө менен байланышы далилденген. Байыркы кыргыздардын түшүнүгүндө балык молчулук, түшүмдүүлүк жана байлыктын символун чагылдырган (Кызласов, Король, 1990, 167).

# И

**Ийрек** - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Этникалык аталыш бир эле учурда адамдардын кесибин жана лакап атын да чагылдырышы мүмкүн. Ийрек 1.Терини оңдоого ылайыкталып жасалган орокко окшош, мизи мокок курал. 2. диал. Орок (КТТС, 400). Кыргыздарда үй буюмдарына байланыштуу келип чыккан адам аттары кенен таралгандыгы маалым.

**Илек** - найман уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталышты орто кылымдардан белгилүү болуп келген "Илак" аттуу топонимиялык ат менен параллель кароого болот. X-XII кк. мусулман географтары Илак шаарын азыркы Ангрендин (Өзбекстан, Ташкент облусу) жанында экендигин белгилешкен (Чороев, 1997, 93). Этноним кыргыз тилинде төмөнкү маанилерди туюнтат: 1. Сан жеткис, эсеп жеткис, болжолсуз көп; 2. диал. Элечек (КТТС, 402). Арийне, бул этнонимдин түпкү мааниси "илег-илег" дегенди да аныкташы ыктымал. Илег-илег - буттары тартайган, тумшугу узун, чоң келгин куш (КТТС, 402).

**Инал (Энал)** - ават уруусундагы генонимм. Айрым маалыматтарда уруктун аталышы катары да белгилүү (Аттокуров, 1995, 210). Инал (Энал) - байыркы кыргыздардын мамлекеттик башкаруу системасындагы колдонгон термини болгон. Азыркы Тувада (Оттук-Даш. Е-5) кыргыздар калтырган рун сымал жазуу эстеликтеринде (IX-X кк.) "ынал" термини чагылдырылат (Памятники

www.bizdin.kg



древнетюркской письменности. Вып. I-III, 1963, 23). Рашид ад-Дин кыргыздар жөнүндө маалымат бергенде, алардын падышасы "инал" деп аталарын, кыргыздарды Урус инал аттуу хан башкарарын жазат (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 150). Чынгыз хан тарабынан жөнөтүлгөн Алтан жана Букра аттуу чабармандар менен бирге, хандын өргөөсүнө (Чынгыз хандын) кыргыз хандарынан элчилер Урут, Уйгу, Элик Темир, Аткирактар келишти (көрсөтүлгөн эмгек, 150-бет). Бул маалыматтар кыргыздар жана алардын мамлекети кара кытай чабуулунан соң административдик-аймактык, этникалык эки бөлүккө ажырап калышкандыгын чагылдырары бышык. Абул Гази Бахадур хан "Түрк санжырасында" ("Шеджарай-и түрк") кыргыз каганы болгон Урус Инал Чынгыз-хандын Алтан жана Турамыш аттуу чабармандары менен бирге, моңгол өкүмдарына өзүнүн расмий элчилерин жибергендигин жазат. Чынгыз-ханга тартуу кылынган белектердин ичинен эң кымбаты ак түстөгү алгыр куш болуптур (Абул Гази, 1906, 76). Кыргыз-монгол саясий мамилелери болжолдогондо, XIII к. баш чендеринде (1206-ж.) туура келет. Махмуд Кашгари "Сөздүктө" "инал" сөзүнө төмөнкүдөй аныктама берет: 1. Энеси хан тегинен, атасы карапайым жерден чыккан; тектүү, жогорку даражалуу. 2. Энчилүү ат, титул (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 209). Бул маалыматтар орто кылымдардагы кыргыздар коомундагы энелик доордун сакталып калышын айгинелери ырас. Ал эми ушул эле Туванын Көжелик Хову деген жердеги табылган [Е-45] кыргыздарга таандык жазуу эстеликте: "Баатырдык атым Шубуш-ынал, өз атым Күмүш өгө... . ...отуз жашка чыкканда акылым толду, мамлекетте тутуктук (башкаруучу) кылуу менен бирге, ошол эле учурда элди башкардым, тышкы душмандар менен согуштум, жеңдим..." - деп жазылат (Памятники древнетюркской письменности. Вып.II, 44-46).

**Индустан** - кесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 193). Тарыхый маалыматтарга кайрылсак, XVII к. биринчи жарымында сан жана аскердик жактан басымдуулук кылган ойрот-калмактардын кысымы астында кыргыз урууларынын көпчүлүк бөлүгү азыркы турган аймактарынан Түштүк-Батыш (Тоолуу Бадахшан, Түндүк Афганистан жана аларга чектеш аймактар) тарапты көздөй жер которуп, ата журттарынан аргасыз, мажбур чегинишкендиги белгилүү. Азыркы мезгилде да Кытай, Афганистан, Индия чектешкен аймактарда (Вахан коридору катары маалым) кыргыз уруулары (кесек, мунгуш, тейит, найман, катаган, окчун ж.б.) мекендешет. "Индустан" топоэтноними катары ушул аймакта калыптанса керек.

**Инка** - ават уруусунун курамындагы урук (Турдубай Умар уулу, 1991,5). Этнонимдин параллели хакастардын курамында "Ингара" формасында кездешери маалым. Учурда бул сөөктүн (уруктун) өкүлдөрү («ингара») Минусин (Мөнгү Суг) ойдуңундагы Туба дарыясына жакын жерлерди мекендеп келишет (Бутанаев, 1990, 67). Инка - орто кылымдар мезгилиндеги (Моголистан доору) адамдын энчилүү аты катары белгилүү болгон. Сейф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму ат- Таварихинде" Инга-төрө Бай-Мурад Черик жана анын генеологиясы жөнүндө маалыматтар чагылдырылат (МИИК, Вып.I, 209-210). Тарыхчы К.И. Петров Анга (Инга=Инка) төрөнүн улусу кыргыздар жашаган аймактын курамына киргендигин белгилейт. С.М.Абрамзон "черик" терминин Инга төрөнүн ысымына жалганып айтылган титул катары карайт (Абрамзон, 1990, 60). Инга-төрөнүн тектик генеологиясы "Мажму ат-Таварихте" баяидалган кыргыздардын уруулук курамын чагылдырган санжыра менен дал келет (МИКК, Вып.I, 209-210). Демек, Инка антропоэтноним (антропоэтноним) катары кыргыздардын курамында бери болгондо XVI к. белгилүү тарыхый булактардан маалым

www.bizdin.kg



болгондой, Моголистандын калкынын негизги бөлүгүн кыргыз уруулары түзгөн. Мисалы, булгачы, баарын, кушчу, нойгут, моңолдор ж.б.у.с.

**Ит бак** – каңды уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 208). Этнонимдин так мааниси аныктала элек. Болжолу, этникалык аталыш лакап аттан улам келип чыккан. Параллели казактардан "ит батык" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 168).

**Ит бакбас** - чекир саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Энчилүү ат лакап аттан улам келип чыгышы мүмкүн. Параллели казактарда "ит батык", түркмөндөрдө "ит" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982,168; Атаниязов, 1988, 73).

**Ит куйрук** - кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Этноним лакап аттан улам келип чыгышы мүмкүн. Параллелдери ит тийбес (бөрү), ит күчүк (баргы), ит бакбас (чекир саяк), ит боп (дөөлөс) формаларында аталган кыргыз урууларынын курамдарынан кездешет (Абрамзон, 115). Параллелдери түркмөндөрдө"ит агыз","ит аклы" формаларында бар (Атаниязов, 1988, 73).

**Ит күчүк** -баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,115). Лакап этноним.

**Ит эмген** - жетиген, саруу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 116). Ит эмген жана Сүт эмген жөнүндө уламыштар, алардан тараган муркут (дөөлөс), кулжыгач (чекир саяк) уруктары санжыраларда чагылдырылат (караңыз: Абрамзон, 1990, 304-305). Уламыш-санжыра этнонимдин байыркы ит тотеми менен байланышын айкындайт. Ит - карышкыр сыяктуу эле эзелки адамдардын ишениминде жалпы бир тотемди аныктаганы ырас (караңыз: барак, мачак, бөрү ж.б. этнонимдерин). Этнонимдин параллелдери башкыр жана түркмөндөрдө "итэмен" казактарда "итемген" формаларында бар (Кузеев, 1978, 198; Атаниязов, 1988, 73; Жанузаков, 1982, 169).

**Итий бас** - бугу (желдең), моңолдор (улуу кыйра) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 115). Итий - организмдеги минералдардын алмашуусунун натыйжасында сөөк жана нерв системаларындагы өнүгүштүн бузулушу менен мүнөздөлүүчү балдар оруусу, рахит (КТТС,411-412). Бул ат балдарды түрдүү ооруудан сактоо максатында коюлган жана анын негизинде тотемистик-табу түшүнүгү жатат. Этнограф Т.Д. Баялиева кыргыздардын итке болгон ишеними жөнүндө бир катар ынанымдуу далилдерди келтирген. Кыргыздардын байыртадан келе жаткан ишенимдеринде ит өзүнүн ээсин түрдүү кокустуктардан, кайгы-муңдардан сактаган. Итке "көзү ачык" жандык катары мамиле жасашып, жаңы төрөлгөн балдарга (эгерде туулган балдар токтобой чарчап калса) ырым-жырым жасоодо анын тиштерин, баш сөөгүн, жүнүн пайда-ланышкан. Итти сабап-кордогон адамдын баласы тубаса итий ооруусу менен төрөлөт деген түшүнүк болгон. Бул ооруга кабылган баланы иттин баш сөөгү ж.б. дарылашкан (Баялиева, 1972, 19-20). С.М. Абрамзон итке болгон байыркы ишенимди тотем-карышкыр менен жалпы түшүнүктө кароо зарылдыгын баса белгилейт. Автор кыргыздардын ишениминдеги "кызыл иттер" тууралуу мифологиянын ислам динин кабыл алгандан кийин бир топ бурмалангандыгын жазат (Абрамзон, 1990, 305-306). Этнонимди түркмөндөрдүн, казактардын курамдарындагы "барак", түркмөн-текелердеги "ит" этникалык аталыштары менен катар, чыгыш тегин маанисин тотем менен байланыштырууга болот (Атаниязов, 1988, 73-74; Жанузаков, 1982,168). Байыркы тибеттиктер да итке тотем-жаныбар катары сыйынышканы маалым (Абрамзон,

www.bizdin.kg



1990, 307). Жогорудагы фактылар, иликтөөлөрдүн жыйынтыктары иттин байыртадан тотемдик ыйык жаныбар катары белгилүү болуп келгендигин айгинелейт.

**Иттер** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 115). Ит - түрк-монгол элдеринде, анын ичинде кыргыздарда тотемдик жаныбар болгондугун тарыхый жазма булактар, санжыра-уламыштар ж.б. чагылдырырат. Учурда этнонимдин параллели түркмөн-текелердин курамында сакталып келет (Атаниязов, 1988, 73). Орус жыл баяндары орто кылымдардагы кыпчактарда (половец-кумандылар, XI-XII кк.) "итляр" аттуу уруу болгондугун баяндайт (Баскаков, 1984, 65).

**Ичкиликтер** - кыргыздын эң ири үч уруулук бирикмелеринин биринин аталышы. Айрым тарыхый жазма булактарда, санжырачылардын маалыматтарында "булгачылар" деген ат менен да белгилүү. Кыргыздардын өз алдынча ири уруулук тобу катары XVI к. жазылган Сайф ад-Дин Аксыкендинини "Мажму ат-Таварихинде" баяндалат: "...Ушундан соң, алар (Мир Жалил маулан) салт атчан жолго чыгышты, арадан бир топ убакыт өткөндөн соң, Салус-бек Бул(а)гачинин жерине келишти. Алты уулу менен бирге, конокту сый-урматка бөлөгөн Бул(а)гачи ыйык Мир Жалил Маулан А'замдан балдарына бата берүүнү суранды, жооп иретинде алкоо алышты. Ушундан соң, (алар) алты уруу болуп калды: бостон, теит (тейит), жоо кисек (жоо кесек), дөөлөс, хыдыршах (кыдырша), кангды (каңды)..." (МИКК, 1972, 208). Бул тарыхый булактагы маалыматтардагы айрым апыртууларга карабастан, кыргыздардын ислам динин расмий кабыл алышы катары түшүнүү зарыл. Этникалык аталыш "борбор", "борбордук" маанисин түшүндүрүп, аскердик жана чарбалык зарылчылыктардан улам келип чыккан. Маселен, орто кылымдардагы огуз-түркмөн урууларынын жайгашкан аймагынын борбордук бөлүгүн ээлеген «бозок» уруулук бирикмеси "ич огуз" деп аталганын "Коркуд атамын китеби" эпосу да чагылдырат (Атаниязов, 1988, 74). Бүгүнкү күндө ичкиликтер уруулук тобунун курамына төмөнкү уруулар кирет: найман, кесек, жоо кесек, тейит, кыпчак, бостон, каңды, коңурат, бөксө, дөөлөс, чапкылдык, ават, кыдырша, оргу, нойгут. Параллели казактардан "ишкилик" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 169).

# К

**Каба** - саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 114). Кыргыз санжыраларында эне-карышкырдын, айрым варианттарында эликтин сүтүн эмген жалдуу Каба баатыр жөнүндө уламыштар бар. Ошол бечел баладан бүгүнкү каба уругу тарайт (Абрамзон, 1990, 303-304). Этникалык аталыштын баштапкы мааниси тотемисттик түшүнүктү аныктайт. Жогорудагы санжыралык маалыматтарда баяндалган карышкыр жана аркар-кулжаларга байланыштуу уламыштар, түрдүү варианттардагы болумуштар түрк-монгол тилдүү элдердин элдик оозеки чыгармаларында кенен таралган. Каба - байыркы түрк тилдеринде "жүндөн токулган кийим" маанисин туюнтат (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 338). Этникалык аталыштын параллелдери алтайлыктарда "каба" (кабалы), туваларда "хова", хакастарда "хобый" формаларында кездешет.Мындан сырткары, бүгүнкү туваларда "хыргыз-ховалыг" аттуу ири урук бар экендиги белгилүү (Бутанаев, 1990, 76). Хакас этнографы В.Я.Бутанаев алтай, тува, хакастардагы "хова"="коба"="хобый","хыргыз-ховалыг" урууларынын өз ара тектик байланышы аталган Түштүк Сибир элдеринин теңир тоолук кыргыздар менен этникалык жакындыктарын чагылдырарын белгилейт (Бутанаев, 1990, 76).

www.bizdin.kg



**Кабай** - моңолдор уруусундагы бөгөнөктүн курамындагы урук (Абрамзон, 116). Антропоэтноним. Энчилүү ат монгол тилинде "бешик" маанисин аныктайт. Параллели солто уруусунун курамынан кездешет.

**Кабалы кыпчак** – кыпчак уруусундагы торуайгырдын курамындагы урук (Шаниязов, 1974, 140-141). Этнонимдин параллелдери кыргыздын тынымсейит уруусунан "каабели", алтайлыктардан "кобалы", туваллардан "ховалыг" формаларында кездешери аныкталган. Мындан сырткары, бүгүнкү күндө тувалардын курамында "кыргыс-ховалыг" аттуу ири урук бар экендиги иликтенди. Профессор В.Я. Бутанаев өз иликтөөлөрүндө хакастардын"хобый"="кобый" уругун (сөөгүн) тувалардын "хавалыг" аттуу уруусу менен генетикалык жалпылыкта карайт (Бутанаев, 1990, 33). Этнонимиялык жана илим чөйрөлөрүндөгү абройлуу илимий көз караштар аталган элдердин ортосундагы терең генетикалык жалпылыктарды аныктары шексиз.

**Кабели же Каабели** - тынымсейит уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 116). Санжыра боюнча кабели (каабели) Шалтак жана Мортук менен бирге тынымсейиттердин түпкү бабалары катары баяндалат (Абрамзон, 1960, Т.IV, 62). Этнонимдин параллелдери алтайлыктардан "кобалы", тувалардан "ховалыг" формаларында кездешери аныкталган (Потапов, 1969, 33). В.Я. Бутанаев бул уруктардын чыгыш тегине хакастардын ичиндеги хобый = кобыйларды (бул уруктардын генетикалык жакындыктары) тегин жакын караган көз карашын айтат. Автор тувалардын курамында кыргыз-ховалыг (хообалыг) аттуу уруктун бар экендигине токтолот. Мындан сырткары, аталган этникалык аталыштар хакас, алтайлыктар жана тувалардын этникалык алакаларын чагылдырарын белгилейт (Бутанаев, 1990, 76). Кыргыздардын курамындагы "каабели" этноними (өзгөчө тувалардагы кыргыз-ховалыгтар менен О.К.) В.Я. Бутанаевдин айткан никирин бекемдейт. Ошону менен бирге, каабели уруусунун келип чыгыш тегин хакастардын курамындагы "койбал" деген ири этнографиялык топ менен да жакын кароого негиз бар деген пикирди айткыбыз келет. Демек бул этноним кыргыздардын Түштүк Сибирдин этникалык-маданий чөйрөсү менен түз алакаларын чагылдырат.

**Кабылан** - сарттар уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Кабылан 1. Жолборс, илбирс, арстан сыяктуу жырткыч айбандардын жалпы аты. 2. Эпостук чыгармада баатырларга колдонулуучу эпитет (КТТС, 421). Алай районунда Кабылан-Көл деген ат менен айыл, көл аталат (СГНК, 1988, 92).

**Кавала** - кесек уруусунун (кызыл саяк) курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 193)

**Кагазды** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 116). Айрым учурларда "кагасты" формасында да айтылат. Кагаздылардын айрым бир бөлүгү Чыгыш Түркстанда да жашары аныкталган (Абрамзон, 1990, 68). Бул маалыматтар кушчу уруусунун XVII-XVIII кк. Чыгыш Түркстандын саясий турмушуна өтө жигердүү катышкандыгын баяндайт. Этноним сөз катары байыркы формасын сактап калган. Байыркы түрк тилдеринде "Qagaz" 1. Кагаз. 20. «Эрдик көрсөткөн, кайраттуу" маанисин түшүндүрөт (ДТС, 405). Атоочтуктарды жасоочу байыркы -ды//-ты жана топонимикалык аттарда жолугуучу -ды// -ты мүчөлөрү түзүлүшү жагынан окшош (Кыргыз адабий тилинин грамматикасы, 1980, 130). Бул мүчө этнонимдерде да сакталып калган: конгайты (багыш), карды (кушчу), бакты (кытай), газды (нойгут) ж.б. Хакас тилинин кызыл диалектисинде "хагас" сөзү төмөнкү маанилерди туюндурат: 1. Кагаз; 2. Карта; 3. Документ (Бутанаев, 1999, 170).

www.bizdin.kg



**Кадаасын** - жору уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин биринчи компоненти: Кадаа: 1. диал. Тирөөч, түркүк; 2. Үйрөтүлгөн алгыр куштарды (кыргый, чүйлү ителги) кондуруучу туур; 3. Жип менен тигип бекитүү ж. б. (КТТС, 423). Монгол тилинде "гадасан" - казык, тирөөч маанисин туюнтат (Монгол орос толь, 1957, 106). Этнонимдин баштапкы мааниси уруулук эн тамга менен байланышы болуусу мүмкүн.

**Кадаң** - саяк уруусундагы өйдө чектинин курамындагы урук (Абрамзон, 116). Антропоэтноним. Тувалыктардын тилинде "кадаң" сөзү "арыкчырай" маанисин туюндурат (Тувинско-русский словарь, 1968, 215).

**Казак** - саяк, казактар - сары багыш уруусунун курамындагы уруктар (Абрамзон, 116). Этнонимдерди "казаң" макроэтноними менен параллель кароого болот. Казак тили түрк тилдеринин генеологиялык классификациясында батыш хунну группасынын кыпчак тобуна кирет (Баскаков, 1962, 198). Кыргыз-казак этникалык, маданий байланыштары орто кылымдардан уланып келет. Эки элдин калыптанышында катышкан жалпы түрк-монгол этнокомпоненттери арбын (Абрамзон, 1990, 77). "Манас" эпосунда да кыргыз-казак маданий-этникалык алакалары жөнүндө маалыматтар чагылдырылат (Молдобаев, 1995,134). Этногенетикалык жана этномаданий байланыштарды эки элдин этнонимиясындагы 160 ашуун параллелдер аныктай алат (Каратаев, Рукопись канд. дисс ..., 1994, .103-109). Эки элдин ири урууларынын аталыштарындагы гана эмес, алардын структураларындагы окшоштуктар этникалык терең байланыштарды далилдейт (караңыз: Молдобаев, 1995, 134-140). Кыргыз-казак этникалык карым-катнаштары элдик фольклордун маалыматтарында да кенен чагылдырылат (Кебекова, 1982, 12).

**Казак айгыр** - чекир саяк уруусундагы чоронун курамындагы урук (Абрамзон, 116). Чекир саяк уруусунда кыпчак, мундуз, саруу, кытай урууларына ж.б. элдерге (казак, тажик, калмак) таандык компоненттер бар. С.М. Абрамзон XVIII к. чоро уруусундагы Жамболотттун Или, Талас, Фергана өрөөндөрүнө жасаган жортуулдарында туткундалып келгендердин урпактары катары эсептейт (Абрамзон, 1960, Т.IV,43). Бул уруктун чыгыш теги дал ошол тарыхый доорго байланышы болуусу мүмкүн. "Айгыр" компоненти топонимикалык аттарды да жасоого катышат (СГНК, 1988, 11).

**Казанбак** - дөөлөс уруусундагы абышканын курамындагы урук (Абрамзон, 116). Этнонимдин параллелдери саяк уруусунда "казан", "ак казан" формаларында жолугат(Абрамзон,107).Өзбек-коңураттарда"беш казан" аттуу урук бар экендиги маалым (Кармышева, 1976, 90-93).

**Каздар** - кесек уруусундагы бөксөнүн курамындагы урук (Аттокуров,1995, 193). Каз - Аксы районундагы айылдын аталышы катары белгилүү (СГНК,1988, 93). Тунгус тилдүү элдерде (эвенктерде) каз-өрдөккө сыйынып мамиле жасашары маалым (Анисимов, 1951, 194). Алтайлыктардын шамандары дуба окуу ритуалы жана ага тиешеси бар себептерге байланыштуу бубенин жер үстүнө калтырып "көккө учканда", анын (шамандын) эң жакын "жардамчысынын" (колдоочусу) ролун каз аткарчу (Потапов, 1991, 214-215).

**Казы** - саруу уруусунун курамындагы урук (Аттокуров,1995,145). Антропоэтноним. Энчилүү ат ислам дининин таасири астында келип чыккан. Казы-шарият жолу менен иш алып баруучу судья(КТТС,252). Этнонимдин нараллел дери казак, түркмөндөрдө бар экендиги маалым (Атаниязов 1988, 75; Жанузаков 1982, 169).

**Кайдоол** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 116). С.М. Абрамзон этнонимдин чыгыш тегин азыркы Тажикстандын аймагын байыр-

www.bizdin.kg



лашкан байыркы эфталиттердин "хайтал" аттуу уруусу менен этникалык жактан жакын караган көз карашын жазат (Абрамзон, 1990, 79-80). Хакас тилинде "хайдол" саан уй маанисин туюнтары маалым (Бутанаев, 199, 173). Этникалык аталыш тотемистик түшүнүктү да чагылдырышы мүмкүн. Уй - байыркы көптөгөн жана архаикалык диний түшүнүктөрдө молчулуктун, түшүмдүүлүктүн, жыргалчылыктын символу катары чагылдырылат (Мифы народов мира. М., 1992, Т. II, 5). Мындан сырткары, байыркы кыргыздар жаныбарлардын ичинен уйга сыйынышкандыгын фарси тилдүү чыгыш жазма булактары чагылдырат (Абрамзон, 1946, №4, 127).

**Кайдуулат** - саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 116). Кай + дуулат эрте орто кылымдардагы эки этникалык аталышты чагылдырат. ("дуулат" этнонимине өз алдынча аныктама берилет. Караңыз:"дуулат" этноними) Алгач, "кай" этноними кытай булактарында Си (hai) формасында чагылдырылган (Зуев,1960,123). Кайлардын теги байыркы монголдордун сяньби уруулук бирикмесине барып кошулат. Кытай булактары Ци-дань (кидан) жана си (кай " hai) урууларынын тилдери өтө жакындыгын кабарлайт (Зуев, 1960, 129)."Кай" этникалык аталышы IX к. белгилүү жана анын түпкү мааниси "жылан" дегенди түшүндүргөн (Кумеков,1971, 20; Кляшторный, Султанов, 1992, 136-137; Чороев, 1995, 96-99). Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" йабаку, басмыл, татарлар менен катар, кайлар да жалпы түрк тилинде сүйлөшөрү, ал эми кайлардын өзүнчө бир тили (диалекти) бар экендиги айтылат (Махмуд Кашгари, Т.I,64,65). Кытай булактарындагы droектерди жана Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүнүн" берген маалыматтарын байланыштырсак, IX к. чегинде монгол тилдүү кайлардын бир бөлүгү түрктөшүү процессин башынан өткөзүүсү мүмкүн. Анткени, кайлар IX к. түркмөн-огуздардын курамындагы уруу катары айтылат (Зуев, 1960,129). Дал ушул учурдан тартып, кайлар кимак-кыпчак, огуз-түркмөн урууларын батышты көздөй сүрө башташат. Эдестик Матвей мындай деп билдирет: "жылан" деп аталган эл "сары чачтууларды" (сарыларды) өз жерлеринен сүрүп чыгарышты...(Ахинжанов,1980,47-48).Мусулман даректеринин айрымдарында кайлар Енисей кыргыздарынан чыгышта делсе, кээ биринде алардан батышта деп көрсөтүп жүрөт (Урстанбеков, Чороев, 1990, 70). Этнонимдин параллели алтайлыктардын курамынан "кый" формасында кездешет. "Кай" этнокомпоненти кыргыздардын курамына орто кылымдарда эле келип кирүүсү мүмкүн.

**Кайык башы** - жедигер уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 170). Этнонимдин так мааниси азырынча чечмелене элек. Бул сөз кыргыз тилинде төмөнкү маанилерди туюнтат: Кайык 1. Кайып тигилген тигиш; 2.Сууда жүрүүчү транспорт каражаты; 3. Катуу үшүү, калчылдоо, тоңуу (КТТС, 438).

**Каңгыр** - азык уруусунун курамындагы урук. Айрым маалыматтарда геноним катары баяндалат. Этнонимди орто кылымдардагы "кангар" этникалык аталышы жана кангар уруулары менен байланышта кароого негиз бар. Византия императору Константин Богрянродный (905-959-жж.) кангар - бул печенегдердин байыркы аталышы, X к. согушчал, тынчы жок, ак сөөк печенег урууларынын бир бөлүгү ушул ат менен белгилүү болгондугуи жазат (Кляшторный, 1964,163-164). Р.Г. Кузеев бир катар далилдүү маалыматтарга таянып, кангар-печенегдердин жалпы бир аталышы болгон деген жыйынтыкка келет (Кузеев, 1974, 174). Этнонимди байыркы кангюй =кангха =кенгерес=канглы=канлы этникалык аталышынын бир варианты катары кароо зарыл. А.Т. Кайдаров бул этнонимдин түрдүү булактардагы чагылды-рылган варианттарын жалпылаган беш топко бөлөт(Кайдаров,1985,42-43). Ал эми И.Маркварт кангарларды Орхондогу жазуу эстеликтериндеги эскерилген кенгерестер менен жакын караган эң алгачкы көз

www.bizdin.kg



караштьı айткан. Ибн Хордадбектин жазган маалыматтарында Сыр-Дарыя - “Кангар дарыясы” деп аталат. Фарси тилдүү ж.б. булактар, руникалык жазуулардагы чагылдырылган маалыматтар кенгерестердин локалдашкан жери жогоруда аталып кеткен аймакта жайгашкандыгын аныктайт(Кляшторный, 1964, 165,167). Евразияда өтө кенен ареалда тараган “кан” сөзү жалганып айтылган жер-суу аталыштары “суу”, ”өзөн”, ”дарыя”,”суу бассейни”,”суу башаты” маанилерин туюндурат (Кайдаров, 1985, 45). К.Менгес этникалык аталышка төмөндөгүдөй аныктама берет: “кенг”-дарыя, “ерес” көптүк маанидеги уланды мүчө же “Канг суусунун боюндагы адамдар”(көрсөтүлгөн эмгек, 47 бет).Демек, этнонимдин баштапкы мааниси “дарыя”, ”дарыя боюн байырлаган уруу, эл” деген маанини берет. Орус жыл баяндары половец (кыпчак) урууларынын курамында “кангароглы” деген уруу болгондугун кабарлайт (Баскаков, 1984, 66). Кангароглы - кыпчактарга печенектерден келип кирген этнокомпонент болуу керек. Кангюйлар огуз, кыпчак тилдүү элдерге жуурулушуп, алардын кийинки этностук тарыхында олуттуу орунга ээ. Буга түрк тилдүү элдерде кенен тараган канлы/каңгар уруу, урук аталыштары далил боло алат. Кыргыз-печенег (кангар) этникалык алакаларын чоң багыш уруусундагы “бечен” уругу аркылуу да байкоого болот.

**Кандабас** - чоң багыш уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 117). Бул уруктун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү Чыгыш Түркстанды (Кытай Эл Республикасы) байырлашат. Энчилүү аттын тегин “каңды” этноними менен да байланышта кароого негиз бар.

**Каңды** - ичкиликтер (булгачылар) уруулук тобундагы ири уруунун аталышы. Каңды - тектеш түрк элдеринде кенен таралган уруу-урук аталыштары катары маалым. Параллели башкы, казак, кара калпак, ногой, өзбек, крым татарларынын курамдарында бар (Тынышпаев, 1925, 6-7; Лезина, Суперанская, 1985, 81). Изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү “канды” этнониминин чыгыш тегин биздин заманга чейинкп III-I кк. Сыр-Дарыянын орто агымына канатташ жайгашкан Кангюй же Кангха (кытай жыл баяндары жана Авестанын маалыматтары боюнча) мамлекети менен байланыштырышат. Мамлекеттин борбору бүгүнкү Отрар шаары жайгашкан аймакта болгондугу белгилүү (Кайдаров,1985, 35). Түрк тилдүү кангюйлар зароастризм динин тутунушуп, күнгө, айга жана айрым жапайы аң жаныбарларга сыйынышкандыгы маалым. Усундардын көрсөткөн согуштук кысымынан улам, кангюй уруулары түндүк хуннулар байырлаган аймактарга аргасыз көчүп өтүүгө мажбур болушкан. Тарыхый өнүгүүнүн соңку этаптарында кангюйлар алан-сармат, хазар, согду, эфталиттерге, Батыш Түрк каганатына, арабдарга, караханийлер дөөлөтүнө каршы күрөшүүшкөн, айрым учурларда көз каранды абалда да калып турушкан. Кангдылардын (канлы) кыпчак уруулары (IX к. баштап) менен алакалары өзгөчө бөлүп каралуучу маселе. А.Т. Кайдаровдун пикиринде кыпчак үстөмдүгүнүн мезгилинде каңдылар кыпчак уруулук союзуна структуралык компонент катары киришкен (Кайдаров, 1985, 38). XIII к. кангдылар кыпчактардын орчундуу бөлүгүн түзүп калышкан (Кузеев,1974,358). Рашид ад-Дин кандылар Элуй Сирас жана Көк Ирдыш (Иртыш) дарыяларынын ортолугунда наймандар менен бирге, кыргыздарга жамаатташ жашагандыктарын жазат (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 136-137). Болжолу, XI-XIII кк. кангдылардын бир бөлүгү Жети-Суудан түндүкчыгыш тарапта көчүп-конуп жүрүшкөн. Дал ушул мезгилде Хорезм шахтарынын мамлекетиндеги саясий турмушунда каңдылардын таасири абдан күчтүү болгону маалым (Керейтов,1994,10). Абул Гази каңдыларды огуз уруулары менен Ысык-Көл, Жулы,Телашта(Талас) жамаатташ жашагандыктарын баяндайт (Абул Гази, 1906, 34). Академик В.В. Бартольд бир катар тарыхый жазма маалыматтарга

www.bizdin.kg



таянып, Чүй суусун бойлоп көчүп-конуп жүргөн каңдыларды чыгыштан ооп келген кара кытайлар сүрүп чыгарганын жазат (Бартольд, Т.I, Ч.I, 294). Ушул мезгилде каңдылар Хорезм шахтары негиздеген мамлекеттин чегине сүрүлүшү мүмкүн. Плано Карпини жана Рубрук XIII к. каңдыларды Сыр-Дарыянын төмнкү агымына, Кара Кумга чектеш аймактарга жайгаштырышат (Тынышпаев, 1925,7). Демек, XIII к. карата каңдылар Орто Азиядагы эбегейсиз зор аймакка (огуз-кыпчак этникалык чөйрөсүнө) чачырап кетишкен десе болот. Кыпчак уруулары менен жуурулушкан каңдыларды бүгүнкү ногой, кара калпак, казак, крым татарлары ж.б. этностука пайдубалын түптөөгө катышкан негизги этнокомпонент катары кароо зарыл. Каңды уруусу кыргыздардын курамында Булг(а)чынын тукумдары катары XVI к. Сайф ад-Дин Аксыкенди тарабынан жазылган "Мажму ат-Таварихте" эскерилет (МИКК, 1973, 208). Демек, каңды этнокомпонентин кыргыздардын курамына жуурулушкан мезгилин X-XII кк. кеч эмес мезгилде кароо зарыл. Этнонимдин чечмелениши жөнүндө төмөндөгүдөй көз караштар бар: Н.Ф. Катанов, А.Н. Бернштам, С.Г. Кляшторный жана В. Мурзаев дер канглы\канлы этнониминин жер-суу аттарында чагылдырылышын Евразиянын аймагынын көпчүлүк жерлеринен учуратууга болоорун белгилешет (караңыз: Кайдаров, 1985, 44). Фарси тарыхчысы Рашид ад-Дин (XIV к.) этнонимди "канг"-"араба" деген мааниде чечмелейт (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 84). Ономаст Р.А. Агеева, Т.Жанузаковдун (1980, 20-21) "Канлы" - Кан (Енисейдин байыркы аталышы) дарыясынын негизинде келип чыккан топоэтноним деген пикирин колдойт(Агеева,1990,72). Арийне, айрым изилдөөчүлөр канглы\каңлы этноними байыркы мезгилдерде "дарыя боюн мекендеген адамдар", "дарыяны жамааташ байырлаган уруу, урук" маанисин түшүндүрөөрүн (каңды=канглы=каңлы; -лы жалпы түрк тилдериндеги таандык мүчөсү) белгилешет, И. Маркварт, К. Менгесттер да жогорудагыда айтылган пикирди изилдөөлөрүндө колдошот (Кайдаров,1985,45-46). Ал эми С.Г. Кляшторный жана С.П. Толстовдор этнонимди "Канг адамы", "Канг адамынын тукумдары" деген варианттарда чечмелешет (Кляшторный С.Г. Кангюйская этнотопонимика в орхонских текстах\ \СЭ. 1951, №3, 54-63). А.Г. Кайдаров бир топ маалыматтарга таянып, этнонимди Канг\Кан\Каң-Сыр-Дарыянын байыркы (иран тилдеринде) аталышын чагылдырган этноним деген жыйынтыкка келген. Демек, Кан - "дарыя" маанисин туюнтат (Кайдаров, 1985,47). Жалпы түрк-монгол этнонимиясында жер-суу аталыштарына байланыштуу келип чыккан уруу-урук аталыштары кенен учурайт.

**Калай баш** - кесек уруусунун (кызыл аяк) курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 193). Лакап этноним.

**Калдай** – баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 116). Кытайча -"калдай" согуштук аскер наамын аныктаган. Бул аскердик чин Цинь империясындагы (XVIII-XIX кк. баш чендери) аймактык-административдик башкаруучуларынын мансаптык наамын билдирген ("Манас". Энциклопедия, Т.I, 258). Калдай. 1. Монгол-калмак элдериндеги жогорку мансаптуу адамдын чини; 2. Ничке бышырылган нан; 3. Өтө чоң, көлөмдүү болуп көрүнүү (КТТС, 446). Калдай Цинь империясынын саясий – административдик системасындагы титулатуралык мансап тепкичтеринин бири болгондугу маалым. Бул титулдар (калдай, дуу-дуу, доотай ж.б.). "Манас" эпосунда да чагылдырылат (Молдобаев,1995,56).

**Калдар (каллар же калдарлар)** - тейит уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 199). Айрым учурларда санжырачылар бул урукту "калдарлар" деп да айтып жүрүшөт. Кэл - кыргыз тилинин түштүк диалектисинде"таз" маанисин аныктайт. Этнонимдин келип чыгышы, анын мааниси жөнүндө бирдей көз караштар жок. Энчилүү атты алтайлыктардын (алтай-кижи) курамында

www.bizdin.kg



"кал", "каал" этнонимдери менен параллел кароого болот (Баскаков, Тощакова, 1947, 216). Хакастардын курамындагы "халлар" этноними жана анын чыгыш теги да кызыгууну жаратпай койбойт. Хакас этнографы, В.Я. Бутанаев хакастардагы бул сөөктүн(уруктун)"чити пүүр"(жети бөрү) уруусунан бөлүнүп чыккандыгын белгилейт (Бутанаев, 1990, 83). "Жети бөрү" - Енисейдеги Кыргыз мамлекетинин курамындагы "баг" ("баг" - аймактык-административдик бөлүнүү, уруулар жайгашкан жердин аталышы) катары да маалым болгон. Параллели өзбек-коңураттардын курамында бар (Кармышева, 1976, 90-93).

**Календер** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 110). Этноним ислам дининин таасири астында киргендиги байкалып турат. Календер - дүнүйөдөн кечкен адам, дербиш (Карасаев, 1986, 135).

**Калмак** - саяк, тейит, багыш, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар. Этнонимдер кыргыздардын курамына калмактардын таасири менен келип кирүүсү толук мүмкүн. Бул мезгилди XVII-XVIII кк. чектери деп атоого болот. «Калмак» этникалык аталыш катары монгол тилдеринин бир диалектисинде сүйлөшкөн ойрот урууларынын биригүүсүнүн натыйжасында калыптанган. Мындан сырткары, бул энчилүү ат менен жер-суу аттары белгилүү. Мисалы, Калмак-Кырчын айылы, Калмак-Ашуу ж. б. (СГНК, 1988, 96). Этнонимдердин параллелдери "калмакы" формасында жору, сары багыш, суу мурун урууларынын курамында чагылдырылат (Абрамзон, 116).

**Калмак-кыргыздар** - Кытай Эл Республикасынын Шинжаң Автономиялуу областындагы Эмел-Гол Монгол Автономиялуу округунда жашашат. Саны 1000 адамдан ашуун (XX к 60-70 жж маалыматтар боюнча) калмак-кыргыздардын курамын сары багыш, мундуз, баарын, ханзу (кытай), тува, казактар түзөрү аныкталган. Турмуш-тиричилиги, каада-салты моңголдордукуна окшош. Буддизмдин бир тарамы болгон лама динин тутунушат. Лексикасынын басымдуу бөлүгү С.М. Абрамзондун белгилөөсүндө казак, айрым элементтери кыргыз тилинин каражаттарынан куралган. Өздөрү ата-бабаларынын бул аймакка мындан 300 жыл мурда келгендигин белгилешет (Абрамзон, 1990,40). Бул этнографиялык топ XVII-XVIII кк калмактар (ойроттор) тарабынан сүрүлгөн түрдүү этникалык топтордун аралашуусунан улам келип чыккан.

**Калмакы** - жору, сары багыш, суу мурун урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 116). С.М. Абрамзон бир катар иликтөөлөрдүн негизинде этнонимдин теги ойротторго (калмак) таандык деген көз карашын айткан (Абрамзон, 1990, 46). Иликтөөчү В.П. Жамбалова этнонимди ("хальмыг") "аралаш", "жуурулушкан" маанисинде чечмелейт (Жамбалова, 1970, 266). Параллели казактарда "калкаман" формасында бар экендиги аныкталган (Жанузаков, 1982, 169).

**Калматай** - баргы уруусунун курамындагы урук, топ (Абрамзон, 116). Антропоэтноним. Параллелдери кара багыш, бугу, саяк урууларынан, казактардан "калмакы" формаларында кездешет (Жанузаков 1982, 169).

**Калча** - баргы, бостон, жору, кара багыш, тейит урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 116). "Манас" үчилтигинде калчалар кыргыздарга жоо, ал эми айрым варианттарында жакын эл катары чагылдырылат. И.Б. Молдобаев калчалар кыргыздарга, өзгөчө тажик жана өзбектерге жакындыгын эпостогу "кара тегин калча" терминине ж.б. этнографиялык маалыматтарга таянып айтат (Молдобаев, 1995,151-153). К.К. Юдахин калчалардын өзбек жана тажиктерге жакындыгын белгилөө менен төмөндөгүдөйчө чечмелейт: 1. Көрүнүшү сүрдүү (кочкор тумшук) киши; 2."Манас" эпосунда Коңурбайга карата айтылчу эпитет; 3. Тоолук тажик (негизинен каратегиндиктер); 4. Эпостук чыгармаларда "сакчы", "кароолчу" катары айтылат; 5. Эпосто "кул" маанисин

www.bizdin.kg



түшүндүрөт (Юдахин, 333-334; КТТС, 451-452; Молдобаев, 1995, 151-152).Бул сөзгө X. Карасаев төмөндөгүдөйчө аныктама берет: 1. Памирдик тоолук ирандыктар галча/калча, ал эми өрөөндөгүлөр "тажик" деп аталат; 2. өтм. Кочкор тумшук,айбаттуу,багалчак адам (Карасаев,1986,136,421). Бирок, И.Б.Молдобаев этнонимдин чыгыш тегин тактоо зарылдыгын белгилейт (караңыз: И.Б. Молдобаев 1995, 153). Биздин пикирде, этнонимдин чыгыш тегин аныктоодо анын баштапкы маанисин тактоо зарыл. Байыркы буряттарда коллективдүү аңчылыктын жетекчиси, коомдо өзгөчө абройго ээ шаман (бакшы) болгондугу маалым. Коллективдүү аң улоонун алдында ырым-жырым ритуалын аткарып, жалпы процессти башкарган шаман "галша" деп аталган (Вяткина, 1933,-№56, 64-65). Галша (галшин, галчи) сөзүнүн түпкү мааниси "гал" -от, -ша/-ча суффикси кесиптин жана кыймыл-аракеттин маанисин аныктайт. "Галша" - отту сактоочуну, бир эле учурда алачыкты күзөтүү, аңды ууга катышкандар үчүн бөлүштүрүүнү башкаруу функцияларын да аткарган. Терминдин баштанкы маанисинде отко сыйынуу салты жатат. Алгачкы жамааттык коомдо уруктагы (уруудагы) отту өчүп калуудан сактаган абройлуу милдет жана ага сыйынуу ритуалын аткаруу кийинчерээк шамандардын карамагына өткөн (Жамбалова, 1991, 92-95). Анонимдүү фарси тилдүү булак "Худуд ал-Аламда" (X-XI кк) кыргыздар отко өзгөчө маани беришери баяндалат. Шамандын коомдогу ээлеген социалдык жана экономикалык ролунун жогорулашы менен бирге, галша/галча урууда (урукта) шамандын уруу жетекчиси, аскер башчылык милдеткерликтерин аткара баштайт. Бул процесс жапайы жаныбарларга карата уюштурулган коллективдүү аң улоо гана эмес, башка кошуна жашаган урууларга да кол салуу менен коштолгон (Вяткина, 1933, 64-67; Жамбалова, 1991, 92-93). Узак тарыхый процессте галшанын (галча) коомдогу ролу жана милдеттери бир топ өзгөрүүлөргө учураган. Ошондуктан, кыргыздардын курамындагы калча (тейит уруусунда - галча) этнонимин байыркы галша/галча титул-термини менен параллел кароого болорун белгилегибиз келет. Анткени, башка түрк-монгол элдери сыяктуу эле көчмөн кыргыздар да тарыхый өнүгүүнүн бул этабын басып өтүшкөнү ырас. Кийинчерээк, колдонуудан калып, унутулган "калча" же "галча" титултермини кыргыздарда энчилүү ат катары калыптанышы чындыкка жакын.

**Каман** - басыз, солто урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон,120). Басыз уруусунун курамындагы ири уруктардан болгон камандар айрым учурларда "шыбакай-каман" деген ат менен да белгилүү. Этникалык аталыштардын адегендеги мааниси байыркы бабаларыбыздын тотемисттик түшүнүктөрүн аныкташы мүмкүн. Каман-монгол тилдүү кара кидандарда (кара кытайлар) жана бурят урууларынын биринин тотемдери болгондугу белгилүү (Цыдендамбаев, 1972, 207). "Qaman" (qaban) - орто кылымдардагы Дешт-и Кыпчак урууларында (кыпчак уруулары, XI-XIII кк.) бир эле учурда "каман", "баатыр", "алп" маанилерин туюнтат (Баскаков, 1984, 62). Мындан сырткары, бул жапайы жаныбар дүйнөнүн айрым элдеринин мифологиясында аскердик күч-кубатты жана түшүмдүүлүктү, молчулукту түшүндүрөт (Мифы народов мира. М.: 1991, Т.I, 232). Хакас тилинде "хаман" сөзү төмөнкү маанилерди туюнтат: 1. Бийлик; 2. Күчтүү бийлик; 3. Штат; 4. Өкмөт (Бутанаев, 1999, 176). Шыбакай - байыркы кыргыздын энчилүү аты. Б.з. 648-жылы Кытайдын Тан династиясынын императорунун атайын чакыруусу менен падышалык сарайга кыргыз элчилиги келген. Жаңы түзүлгөн аскердик-саясий кырдаалда кытайлар кыргыздардан өзүнүн күч-кубаттуу, табигый союздашын көрө алышкан. Бул элчиликти кыргыз каганынын атынан Шибокюй (Шыбакай) Ачжан жетектеп баргандыгын кытай жыл баяндары эскерет (Супруненко, 1963, T.V,Вып.I, 69). Тан императорунун жана кыргыз каганынын сарайларына өз ара көптөгөн мамлекеттик деңгээлдеги

www.bizdin.kg



расмий элчиликтер жөнөтүлүп тургандыгын даректүү тарыхый жазма булактар тастыктайт. Кытайдын тарыхындагы экономикалык, аскердик жактан өтө кубаттуу мамлекет катары белгилүү болгон Тан империясынын кыргыздар менен согуштук-дипломатиялык терең алакада болушуна умтулуусу бабаларыбыздын Борбордук Азиянын саясий аренасындагы күч-кубатын билдирген.

**Кампир** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Этноним лакап аттан улам келип чыккандыгы байкалып турат. Параллели “куртка” формасында бөрү (адигине) уруусунун курамында бар (Абрамзон, 122).

**Кампир уулу** - кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,117). Лакап этноним. Параллели түркмөндөрдө “кемпир” формасында бар (Атаниязов, 1988, 177).

**Кан келди** - кушчу уруусундагы жоонтун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Бүгүнкү алтайлыктарда (алтай кижи) “кан” аттуу урук (сөөк) бар экендиги маалым (Баскаков, 1985, 21). Крым жарым аралында “Хан-Келди” топоними белгилүү (Лезина, 1985, 92).

**Кан союл** - мунгуш, мундуз уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин жоокерчилик доорлор менен байланышы бар десе болот. Союл - чабуу, уруу үчүн колдонулуучу жоон жыгач (КТТС, 539). Кыргыз этнонимиясында аскер тактикаларына, ыкмаларына байланышкан урук-уруу аттары бир топ санда учурайт.

**Кандар** - баргы уруусунун курамындагы урук(Аттокуров, 1995,70). Этникалык аталыш “хан”, “хандын уруусу” маанисин аныктайт. Параллели түркмөндөрдө “ханлар” формасында кездешери маалым (Атаниязов, 1988, 122).

**Кандуу моюн** - багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Этнонимдин келип чыгышы болжолу, жоокерчилик доорлор менен байланышкан.

**Канжыгалы** - кыпчак уруусундагы сары кыпчактын курамындагы урук. Бул уруктун өкүлдөрү эзелтеден Фергана өрөөнүн (Өзбекстан, Анжиян аймагы) мекендеп келишет (Шаниязов, 1974, 131). Этнонимдин параллелдери “канжыгалы” формасында каракалпактарда, казактарда, өзбек-коңураттардагы урук аттары катары белгилүү (Жданко, 1950, 37; Жанузаков, 1982, 169; Кармышева, 1976, 90-93). Параллелдер уруунун (уруктун) кыпчак тилдүү этникалык чөйрө менен түз байланышын аныктап турат. Канжыга: 1. Бир нерсени байлоо, бөктөрүү үчүн ээрдин эки капталына тагынган кайыш боо; Канжыгалуу: 1. Канжыгасы бар, канжыга байланган; 2. өтм. Олжо жагынан жолдуу, жолу болуп турган (КТТС, 460). Канжыга -Сузак жана Ноокен райондорундагы айыл аттары катары маалым (СГНК, 1988, 97). Эл арасында «канжыга боолуу кан кыпчак, төрө төөлөс, бек найман» - деген аңыз кеп бар экендиги маалым.

**Капсалаң** - бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Антропоэтноним. Энчилүү ат лакап аттан келип чыккандыгы байкалып турат. Капсалаң: 1. Каардуу бороон, алай-дүлөй, бурганак; 2. Дүрбөлөң, жоболоң, чыр-чатак (КТТС, 466).

**Кара азык** - азык уруусундагы козугунанын курамындагы урук (Абрамзон, 117). Этноним уруктун географиялык жайгашуусунан улам келип чыккан десе болот. Айрым изилдөөчүлөр “кара” сөзү баш ийген уруктарга да карата айтыларын белгилешет (Лезина, Суперанская, 1984 ,88).

**Кара баарын** - баарын уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Этникалык аталыштын түпкү теги орто кылымдардагы даректүү жазма бу-

www.bizdin.kg



лактарда чагылдырылган "баарин" же "байриндер" менен байланышкан. "Баарын" сөзү кыргыз тилинде "ителги менен ылаачындын аргындашуусунан келип чыккан алгыр куш" маанисин аныктайт (КТТС, 109). Этнонимдин баштапкы мааниси уруу (урук) сыйынган тотемдик жырткыч кушту айкындап турат. "Кара баарын" мааниси жагынан "улуу, чоң баарындар" дегенди да түюнтушу мүмкүн

**Кара багыш** - адигине уруулук тобундагы ири уруунун аталышы (Абрамзон, 117). Этнонимдин параллели бөрү уруусунун курамында бар. Кара багыш өз алдынча уруу катары Сейф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму ат-Таварихинде" (XVI к.) эскерилет. Адигине, Мунгуш, Тагай баатыр менен бирге Отуз уулдун балдары катары чагылдырылат (МИКК, 1973, 207,209). «Кара багыш» чыгыш теги боюнча байыркы тотемдик этноним.

**Кара байсу** - саруу уруусундагы кырк уулдун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Этнонимдин биринчи компоненти уруктун географиялык жайгашуусунан улам келип чыккан десе болот. Айрым изилдөөлөр бул термин ("кара") баш ийген уруктарга, элдерге карата айтыларын билдиришет (караңыз: Лезина, Суперанская, 1984, 88). "Байсу" этнокомпонентинин адегендеги теги байыркы түрк дооруна таандык. Кытай жыл баяндары (648-ж.) байси (байсу) теле конфедерациясындагы уруулардын бири болгондугун тастыктайт. "Таншу" берген маалыматтарга караганда байшилер (байсу) азыркы Эдзин-Гол аймагына жамаатташ байырлашкан (Зуев, 1960, 112). С.М. Абрамзон теле конфедерациясындагы "пу-гу", "бай-си" этникалык аталыштарын бүгүнкү кыргыздардын курамындагы бугу, байсу (саруу) этнонимдери менен жалпылыкта карайт (Абрамзон, 1990, 65). Байсу - Крым жарым аралында этнотопоним катары да белгилүү (Лезина, Суперанская, 1984, 84). Жыйынтыктаганда, "байсу" этнокомпоненти кыргыздардын курамына байыркы түрк доорунда эле кирүүсү мүмкүн.

**Кара баргы** - баргы уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 117). Этникалык аталыш уруктардын географиялык жайгашуусуна байланыштуу келип чыккан. Бүгүнкү хакастарда "хара хыргыс", "сарыг хыргыс", "ак хыргыс", "көк хыргыс", "хасха хыргыс", "малчан хыргыс", "паратан хыргыс" аттуу уруктар кездешери маалым (Бутанаев, 1990, 258).

**Кара баш** - төбөй уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Параллели казактардын курамынан "кара бас" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 169). Ирандагы түрк тилдүү этностордун ичинде "кызыл баш" атту эл бар экендиги маалым. Алар (кызыл баштар) учурда ислам дининин шиит (шия) агымын тутунушат.

**Кара бешей** - кытай уруусундагы төңтөгөрдүн курамындагы урук (Абрамзон, 117). Этнонимдин биринчи компоненти кээ бир изилдөөчүлөр географиялык маанидеги "түндүк" терминин түшүндүрөт дешсе, айрымдары бул терминдин баш ийген уруктарга карата айтыларын белгилешет (Лезина, Суперанская, 1984, 88). Этнонимдин экинчи компоненти башкырлардын курамынан "бишей","бешей" формаларында кездешери маалым (Кузеев, 1974, 196).

**Кара боор** – бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,117).Кара боор – каракур тукумуна жатуучу токой илбээсиндин бир түрү (Юдахин,747). Этникалык аталыштын параллели "кара бовур" формасында Ферганалык өзбек-кыпчактардын, «кара багыр» формасында түркмөндөрдүн курамдарында бар экендиги маалым (Шаниязов, 1974, 143; Атаниязов 1988, 40).

**Кара бостон** - черик уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Бул урук чериктерге сырттан келип кирген этнокомпонент (бостон уруусунан)

www.bizdin.kg



болуусу мүмкүн. Бул мисалдар кыргыз урууларынын ич ара миграциясын да аныктайт.

**Кара булуң** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,117). Этнонимдин биринчи компоненти түстү туюнтса, экинчиси “булуң”, ”бурч”, ”булуң-бурч”, географиялык түшүнүктө аккан суунун, деңиздин булуңун, бурчун аныктайт (Юдахин, 159).”Булуң” сөзү монгол тилдүү элдерде да жогорудагыдай мааниге ээ (Казакеевич, 1934, 17).

**Кара буура** – саруу (кырк уул) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 150). Кара Буура топонимиялык аталыш катары да белгилүү (СГНК, 1988, 100). Этнотопонимдер. Параллелдери казак жана өзбек-коңураттардын курамдарында бар (Жанузаков, 1982, 168; Кармышева, 1976, 90-93). Караңыз: ак буура, бууралар, бууракан этнонимдерин.

**Кара бөкө** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Этнонимдин биринчи компоненти түстү, айрым маанисинде “чоң”, “улуу”, “жогору” дегенди да аныктары маалым. Ал эми этнонимдин экинчи компоненти кыргыз тилинде «балбан» маанисин туюнтат (КТТС, 170). Байыркы түрк тилинде бул этнокомпонент “Вөqа” формасында чагылдырылат. Воqа. 1. Баатыр, каарман, кайраттуу; 2. Энчилүү адам аты (ДТС, 116). Монгол тилинде бул сөз “буку” формасында айтылып, “балбан”, “күчтүү” маанисин берет (Чареков,1990, 35). «Бөкө» алтайлыктардын ти-линде да “күчтүү”, “алп” дегенди аныктары маалым (Баскаков, 1966, 110).

“Манас” дастанында да “бөкө” термини жөнүндө маалыматтар чагылдырылат: Бөкө - эпизоддук кейипкер; Бөкө - балбан, карылуу адам. Түрк-монгол эпосторунда жеке адамдын күч-кубатын, тайманбас кайратын мүнөздөй турган көркөм каражат катарында милдет аткарат. Эпосто сейрек болсо да сакталып калган Бөкө деген көркөм каражаттын байыркылыгы байкалат. Анткени, алгачкы баатырдык эпостордун салттык эпитеттеринин бири болгон Бөкө деген сөздүн Манас менен Жолойго карата айтылгандыгы алардын байыркы образ экенин аныктайт (“Манас”. Энциклопедия, Т.I, 157).

**Кара бөрү** - бөрү уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 122). “Кара” компонентинин жардамы аркылуу жасалган уруу-урук аталыштары кыргыз ж.б. түрк тилдүү элдердин этнонимиясында арбын кездешет (кара азык, кара каңды ж.б. этнонимдерди салыштырыңыз).

**Кара жалак** - басыз уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,155). Этнонимдин экинчи компоненти: Жалак 1. Туз сураган мал же кийиктер жалай турган шор жер, шорчо, марча; 2. Эринге чыккан жара, желки (КТТС, 287).

**Кара каңды** - каңды уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Аттокуров, 1995, 167). Этнонимдин параллели казактардын “канлы” уруусунда “кара канлы” формасында кездешери маалым. Бул параллелдүүлүктөр этногенетикалык түз байланыштарды аныктайт. Казак ономасты А.Т. Кайдаровдун пикиринде казактардагы “каңлы” этнониминин “кара каңлы”, “сары каңлы”, “кызыл каңлы”, “ак каңлы” сыяктуу этнокомпоненттерине дифференциялануушуусу уруктун же уруунун түскө карата географиялык жайгашуусун аныктайт. Маселен, кара каңлы - “батыш каңлылар” маанисин туюнтат (Кайдаров, 1985, 41). Мындай көз караш А.Н. Кононов, Н.А. Баскаков, В.Я. Бутанаев ж.б. илимпоздордун изилдөөлөрүндө да кенен чагылдырылат.

**Кара кесек** - кесек уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Аттокуров, 1995, 195). “Окчу” уруусунан чыккан Кара кесек “Манас” дастанында эпизоддук кейипкер катары катышат. Кара кесек Алтайдан Анжиянга көчөлү

www.bizdin.kg



деген кеңешке катышат жана Кең-Көлдөгү Орго ханды көздөй жөнөгөн аскердин ичиндеги баатырлардын катарында аты аталат ("Манас".Энциклопедия, Т. II, 175). Параллели "кара кесек" формасында казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 169).

**Кара кужур** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,117). Топоэтноним. Кара кужур монгол тилинде "худжур" - туздуу тоо маанисин берет (Монгол орос толь, 1957, 44). Этникалык аталыштын параллелдери Кыргызстандын айыл, дарыя тоо бийиктиктери аттарында чагылдырылат (СГНК, 1988, 105).

**Кара кунас** - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 1960, 117). Qaraqunas - байыркы түрк доорунан адамдын энчилүү аты катары белгилүү (ДТС, 425). Карагунас (караунас) Рашид ад-Диндин "Тарыхтар жыйнагында" ("Жами ат-Таварих") монголдордун сулдуз уруусунун курамындагы урук катары эскерилет (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 175). С.М. Абрамзон этникалык аталыштын канаттуу кушка байланыштуу келип чыккандыгын жазат (Абрамзон, 1946, 130). Каракунас - буту менен мойну узун, илегилек сыяктуу келгин куш (КТТС, 595). Бул этноним Фергана өрөөнүндө байырлашкан түрктөрдүн (учурда бул этнографиялык топтордун кыргыз, өзбек ж.б. курамдарына жуурулушу процесси жүрүүдө) курамында да бар экендиги аныкталган. Ушул эле сөз менен XIII-XVII кк. Мавераннахр чагатайларынын лакап аты белгилүү болгон. Мындан сырткары, XV к. моголдор (Моголистандыктар) теги аралашкан адамдарды «караунас» же «карагунас» деп атапчу (Губаева, 1983, 71; Атаниязов,1988, 47). С.Атаниязов түркмөндөрдөгү "гарнас" этнономи учурда "аралаш", "конгломерат" маанисин аныктарын жазат (Атаниязов, 1988, 47). Демек, бул сөз орто кылымдардан адамдардын, уруунун энчилүү аты, айрым этникалык топтордун (чагатайлар) лакап аттары катары белгилүү болуп келет. Арийне, түпкү мааниси "топ", "жыйын", "конгломерат", "курама эл, урук" деген бул сөздүн канаттуу куштун да атын туюнтушу кошумча иликтөөлөрдү талап кылат.

**Кара курсак** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,117). Айрым маалыматтар бул уруктун тегинин калмактар (ойроттор) менен жакындыгын кабарлайт (Абрамзон, 1960, Т. IV, 35). Этнонимдин параллелдери кара калпак жана өзбек-коңураттарда бар (Жданко, 1950, 37; Кармышева,1976, 90-93). Энчилүү ат лакап аттан улам келип чыгышы ыктымал.

**Кара кучкач** – бөрү, саяк, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон,117).Кучкач–көбүнчө суу бойлон жүрүүчү бүт денеси кара, анча чоң эмес чымчык.Кара кучкач – кара чыйырчык (КТТС, 605-606). Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" бул энчилүү ат "Qusyac" формасында чагылдырылат (Махмуд Кашгари, Т.I, 455).

**Кара куш** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 117). Кара куш - талаа бүркүтү (Юдахин, 456). Кара куш (бүркүт) түрк-монгол элдеринде эзелтеден сыйынуунун объектиси болуп келерп маалым. XI к. фарси автору Гардизи кыргыздар үй, кирпи, сагызган менен катар, бүркүттү ыйык тутушарын жазат (Абрамзон, 1946, 130). Кыргыздардын байыркы тотемистик түшүнүктөрү өзгөчө этнонимдерде кенен чагылдырылган. Кара куш (алп кара куш) кыргыз эпосторунда, элдик фольклордун маалыматтарында да чагылдырылат. Алп кара куш "Манас" эпосунда, "Эр төштүктө" баатырларга зарыл учурда келип жардам берген бүркүт. Бүркүт - түрк-монгол, иран тилдүү элдердин мифологиясында кенен чагылдырылып, сыйынуучу объект болгондугун археологиялык материалдар, фольклордун маалыматтары ж.б. тастыктайт (Молдобаев, 1995, 213-216). "Алп кара куш - оң каармандарга колдоо көрсөтүүчү сыйкырдуу,

www.bizdin.kg



абдан зор куш, бүркүттүн мифтештирилген кейпи. Түрк элдеринин оозеки чыгармаларында кездешүүчү алп кара куш, ажыдардын туруктуу колдоочулар болушун байыркы мезгилге байланыштуу кароо керек. А.П. Окладников түрк-монгол элдеринин көпчүлүк чыгармаларында бүркүттүн образы жөнүндө: "бакты-таалайдын жана молчулуктун залогу катары, мал менен кесипчилик кылган коомдун эң жогорку колдоочусу катары ыйык асмандын ээси болуп саналат"-дейт. Айрым археологиялык табылгалардагы сүрөттөргө караганда бүркүттүн бул образы байыркы коло доорунан эле белгилүү болгон ("Манас". Энциклопедия, Т.I, 85). Уламыштагы Огуз каган өз балдарына, анын тукумдарына таратып дайындаган онгондордун (сыйынуучу объектилер) дээрлигин канаттуу жырткыч куштар түзгөн. Уруунун мүчөлөрү жалпы жамаат сыйынган конгон-канаттуунун этин жешкен эмес (Бернштам, 1995, 37-38). Эзелки бука (бугу) тотемин кийинчерээк канаттуу жырткыч куштар алмаштыра баштаган. Анткени, бул тотем уруунун (уруктун) жырткыч куштай күч-кубаттуулугун аныктаган (көрсөтүлгөн эмгек, 38-бет). Бүркүт буряттардын түшүнүгүндө жакшылыкты да, аны коштоп жүрчү кырсыкты да адамдарга жөнөтчү касиетке ээ болгон. Ушул эле бурят уламыштарында бүркүт кушу шамандардын түпкү бабалары катары баяндалат. Хакас-качиндерде да дал ушундай диний-мифологиялык түшүнүк болгон (Вяткина,1933,63-64). Алтайлыктардын мифологиясында Ульген жер менен көктү гана эмес, күндү, айды, отту жараткан кудай бар. Анын жети уулунун бири-Кара Куш деп аталган (Потапов, 1991, 247). Хакас тилинде "хара хус" - бүркүттү аныктайт (Хакасско-русский словарь, 1959,380). Махмуд Кашгари Юпитер жылдызын "кара куш" деп жазганы маалым (Махмуд Кашгари, Т.III, 30). Демек, кара куш байыркы адамдардын акыл-эс таанусундагы тотемистик гана түшүнктү аныктабай, алардын космостук аң-сезимин Көк Теңирге болгон ишенимин чагылдырып, ыйык асмандын ээси деген түшүнүктү тастыктайт. Орто кылымдардагы X-XI кк. кыпчак урууларында(Дешт-и Кыпчак түрк уруулары) "ак куш" аттуу этникалык аталыш болгондугун орус жыл баяндары чагылдырат (Баскаков, 1984, 55).

**Кара кушчу же "кара кутчу"** - кушчу уруусундагы меңдуулаттын курамындагы урук (Абрамзон, 117). "Кара" этнокомпонентин түркологдор уруктун, топтун географиялык жайгашуусунан келип чыккандыгын белгилешет. И.Н. Лезина, А.В. Суперанская өңдүү абройлуу лингвисттер "кара" сөзү "түндүк" маанисин берет дешсе, ономаст А.Т. Кайдаров "батыш" дегенди түшүндүрөрүн жазат (Лезина, Суперанская, 1984, 88; Кайдаров, 1984, 41). Мисалы, кара кыпчак, кара кесек, кара каңды, сары багыш ж. б.у.с.

**Кара кыз уулу** – бугу уруусундагы арыктын курамындагы урук (Абрамзон, 117). Уруулук-натриархалдык түзүлүштүн экилик структурасы, ага байланыштуу кудаа-сөөктүк жана авункулаттык мамилелердин калдыктары Орто Азиянын көчмөн элдеринде (көчмөн өзбектер, казак, түркмөн. каракалпак) кийинки мезгилдерге чейин сакталып келди. Генеалогиялык маалыматтарда тууган-туушкандык байланыштар эне тарабынан да жүргөндүгү чагылдырылат. Мындай көрүнүш кыргыздарга да мүнөздүү болгондугу белгилүү. Мисалы, Наалы эже, Зуура эли (саяк), Чолпон уулу (бугу), Мамаш (солто) ж.б. (Абрамзон, 1990, 222). Маселен, Рашид ад-Дин "Жами ат-Таварихте" кыргыздарда хандарын "инал" (энал) деп аташары баяндалат (Рашид ад-Дин, Т.I. Кн.I,146). Махмуд Кашгари бул башкаруучу бийлик терминине "атасы тектүү эмес, карапайым элден, энеси тектүү элден, уруудан чыккан башкаруучу, хан" деген аныктама берет (Махмуд Кашгари, Т.I, 67).

**Кара кыпчак** – кыпчак уруусунун курамындагы ири уруктун аталышы (Маанаев, 1969, 25). Бул уруктун өкүлдөрү Чыгыш Түркстанды эзелтеден ме-

www.bizdin.kg



кендеп келишет. Этникалык аталыш байыркы мезгилдерден эле маалым жана параллелдери казак, кара калпак, крым татарларынын курамдарында бар(Кузеев, 1974, 178; Жанузаков, 1982,169; Востров, Муканов, 1968,75). "Коркут атамын Китебинде" ("Китаби дедем Коркуд") А.Н. Кононов түрк тилдеринде "кара"сөзү "жаман", "оначар", ошол эле учурда "түндүктөгү", "башкы", "улуу","жогорку", "чоң" маанилерин туюнтарына токтолот (Кононов, 1962, 259). Р.Г. Кузеевдин пикиринде "кара кыпчак" этнониминин мааниси "күч-кубаттуу, көп сандуу, улуу кыпчактар" деген маанини аныктайт (Кузеев, 1974, 177). Профессор И.Б. Молдобаев жогоруда аталып кеткен параллелдүүлүктөр этногенетикалык терең алакаларды далилдерин жазат (Молдобаев, 1995, 190).

**Кара кытай** - кытай уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 118). Этнонимдин параллели башкырлардын курамында кара кытай (кытай) формасында кездешет (Кузеев, 1974, 224-225). С.М. Абрамзон бул уруунун чыгыш тегин XI-XIII кк. кара кидандар (кара кытайлар) менен жакындыкта карайт (Абрамзон, 1990, 58-59). Тарыхый булактар кара кытайларда XI-XII кк. түрктөшүү процесси жүргөндүгүн аныктайт. М. Кашгари "Сөздүктө" (XI к.) "...Хитай (кытай) ӱз алдынча тили, жазуусу бар эл, алар түрк тилин толук билишпейт" - деп жазат (Материалы по истории Татарии, Казань, 1948, 184). Ляо мамлекети өз жашоосун токтоткондон соң, батышка чегинишкен кара кытайлар кыргыздар менен бир нече жолу кагылышканын эске алсак, этнокомпоненттин кыргыздардын курамына XI к. кийинчерээк кирген деп божомолдоого болот. Кыргыздын "кытай", өзбек-катагандардагы "хытай", башкырлардагы "катай", каракалпактардагы "ктай" урууларынын этногенетикалык жакындыгын эн тамгалардагы окшоштуктар тастыктай алат(караңыз:Кузеев,1974, 225).

**Кара мерген** - солто уруусундагы күнтуунун курамындагы урук (Абрамзон, 118). Этникалык аталыштын параллелдери түркмөндөрдөн "гара мерген", лакайлардан «катта мерген» деген формаларда кездешет (Атаниязов, 1988, 44; Кармышева 1976, 99). Мерген - орто кылымдардагы енисейлик кыргыздарда жогорку аскер наамын аныктаган. Мисалы, Мерген Кашка, Магнай Мерген Кашка ж.б. (Буганаев, 1999, 183). Тува тилинде "мерген" сөзү "акылман", "көсөм" деген маанини да берет (Тувинско-русский словарь, 1968, 293).

**Кара молдо** - кесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,193). Этнонимдин параллели коңурат уруусунда "сары молдолор" формасында кездешери аныкталган (Абрамзон, 128). Этнонимдин параллели "молдо кесек" формасында өзбектердин (өзбек-туяклы) курамынан кезигет(Шаниязов, 1974, 130).

**Кара моюн** – мунгуш, жетиген, нойгут, кушчу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 118; Аттокуров, 1995, 87; Төрөкан уулу, 1995, 12). Этникалык аталыштын параллелдери лакай, өзбек-коңурат, карлык, кара калпак, фергана кыпчактары жана түркмөндөрдүн курамдарында бар (Кармышева 1976, 80, 93; Жданко 1950, 37; Шаниязов 1974, 116; Атаниязов 1988, 41). Каракалпак окумуштуусу Д. Айтмуратовдун пикиринде этникалык аталыш "кара чачтуулар" (каракалпак этнониминин калькасы), "кара","муюн" байыркы түрк тилдеринде "көкүл","чач" маанисин туюнтат. III к. сяньби урууларынан Муюн жана Тобо уруулары бөлүнүп чыгышкан жана бул этникалык аталыштар адамдардын чачтарынын жасалгаланыш өзгөчөлүктөрүнө карата бөлүнүшкөндүгү маалым (Айтмуратов, 1986, 102-105). Биздин пикирде, байыркы этникалык аталыш башка маанини да аныкташы мүмкүн. Boy-un (boyun) – тунгус тилдүү элдерде жапайы түндүк бугусун түшүндүрөт (Вяткина 1933, 51). К.В. Вяткина бул энчилүү аттар тотемизмдин таасири астында келип чыккандыгын белгилейт (аталган эмгек, 31-52 б.,).

www.bizdin.kg

**Кара мыкчы** - кытай, коңурат урууларынын курамындагы урук (Абрамзон, 118). Этнонимдин так мааниси аныктала элек. Энчилүү аттын чыгыш теги Чоң Алай жана Жергеталдагы Карамык топонимдери менен байланышта болуусу мүмкүн (караңыз: СГНК, 1988, 106). -чы/-чу мүчөсү чыгыш теги жагынан байыркы доорлорго таандык жана түрк тилдеринде продуктивдүү колдонулат. Бул мүчө жалганган этнонимдер адамдардын кесибин, социалдык абалын, жашаган аймактарын аныктайт.

**Кара мырза** – бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзан, 118). Саны анчалык көп эмес бул уруктун өкүлдөрү Түнтүн Токтоян айылын байырлап келишет (Абрамзон, 1960, Т. IV, 19). «Мырза» Ногой ордосундагы аскердик-феодалдык титул болгондугу маалым. Мырза "Манас" дастанында эипизоддук кейипкер катары катышат ("Манас". Энциклопедия Т..II, 120). Мырза. ар.ир. 1. Кожоюн; 2. Катчы; 3. өтм. Берешен (Юдахин 1965, 547).

**Кара найман** - найман уруусунун курамындагы ири урук (Аттокуров,1995, 189). Этноним «көп», «абдан көп», «көп сандуу наймандар» маанисин туюнтушу мүмкүн. Этникалык аталыштын параллелдери тектеш түрк тилдүү элдерде кенен кездешери маалым (Жданко, 1950; Кармышева, 1976; Жанузаков, 1982; Тынышпаев, 1925, ж.б.).

**Кара орус** - бостон уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,196). Этнонимдин параллели жедигер уруусунан "орустар", тынымсейиттерде - орус уулу, казактардан "орыс", "кунан орыс" лакайлардан - "орус" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 171)

**Кара саадак** - дөөлөс, найман урууларынын курамындагы уруктар (Аттокуров, 1995, 188). Этникалык аталыш кыргыздардын өткөн доорлордогу жоокерчилик турмушунан кабар берет. Саадак - жаа, жаанын огу(жебе) салынуучу баштык (КТТС, 611). Параллелдери лакайларда - "кырк саадак", каракалпактарда - "кырк саадак", "саадак" формаларында кездешет (Кармышева, 1976, 99-101; Жданко, 1950, 37).

**Кара сакал** - баргы, дөөлөс, саяк, солто, суу мурун урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 118). Этнонимдер болжолу, лакап (кошумча) аттардан улам келип чыккан. Уруктардын аталыштарынын параллелдери казак жана түркмөндөрдүн курамында бар экендиги аныкталган (Атаниязов, 1988, 44; Жанузаков, 1982, 168).

**Кара сокучу** - саяк уруусунун курамдарындагы урук. –чы/- чу сөз жасоочу мүчө катары кесиптик, кыймыл-аракеттин маанисин аныктайт. Этноним адамдардын ишмердүүлүгүнө байланыштуу келип чыккан. Параллелдери чекир саяк уруусунан (курманкожо, чоро) "сокучу" формасында кездешет (Абрамзон, 129).

**Кара тай** - кара багыш, саяк, солто, урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 119). Этнонимдердин параллелдери казактардан "каратай", түркмөндөрдөн "гаратайлы" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982,169; Атаниязов, 1988, 45). Кара-Суу районунда Каратай аттуу айыл аталышы белгилүү. Этнотопоним.

**Кара такыя** - бугу уруусунун курамындагы арыктын курамындагы урук (Абрамзон, 118). Лакап этноним. Этнонимдин экинчи компоненти: "такыя"-"кыздардын баш кийими, топу" маанисин түшүндүрөт (Юдахин, 694). Параллели кушчу уруусунан "көк такыя" формасында кездешет.

**Кара таман** - моңолдор, солто урууларынын курамындагы уруктар (Абрам-

www.bizdin.kg



зон,118). Лакап этноним. Параллелдери казактардан "таманбай", башкырлардан "табын" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 172).

**Кара тейит** - тейит уруусунун курамындагы урук (Маанаев, 1969, 25). Этникалык аталыштын биринчи компоненти "кара" - уруктун, уруунун географиялык жайгашуусунан улам келип чыккан. "Манас" эпосунда кара тейиттер кыргыздын белгилүү урууларынын бири, айрым каармандардын уруусу катары чагылдырылат ("Манас".Энциклопедия.Т.I, 273-б.). Чоң Алай жергесинде Кара-Тейит аттуу топонимикалык аталыш бар (СНГК, 1988, 109).

**Кара текей** - кытай уруусунун курамындагы урук. Кыргыз этнонимиясында жердин фауна жана флорасына байланыштуу келип чыккан урук аттары бир топ санда кездешери байкалган. Текей - ката элек, солкулдак кезде желе турган бир катар өсүмдүктөрдүн жалпы аталышы. Мисалы; кой текей, уй текей, жылкы текей (КТТС, 586). Лакап этноним.

**Кара тон** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 109). Бул уруктун чыгыш тегин Түштүк Сибир жана ага чектеш аймактардын эзелки этникалык чөйрөсү менен байланышта кароого негиз бар. Бул этнокомпонент курамына кирген мундуз уруусу түштүк алтайлыктар менен этногенетикалык жалпылыктары аныкталган. Этникалык аталыштын параллелдери алтайлыктардын (алтай кени) курамынан "тонжон", "куу тонжон", "чарлызак тонжон"; теленгиттерде "тонжон"; кумандыларда - "тон" формасында кездешери маалым (караңыз:Баскаков,1985,21-22). Мындан сырткары, өзбек-коңураттарда"ак тонлы", кара калпактарда "сары тон" этнонимдеринин бар экендиги маалым (Кармышева, 1976, 90-93; Жданко, 1950, 37).

**Кара тукуму** - моңолдор уруусундагы бөгөнөктүн курамындагы урук (Абрамзон, 118). Антропоэтноним.

**Кара туума** - каңды уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,208). Этникалык аталыштын параллелдери лакайлардан "кара туума", алтайлыктардан "кара тума", "тумат"; тувалардын курамынан "тумат" формаларында кездешери маалым (Кармышева, 1954, 2; Потапов, 1963, 23). Урук аталыштын байыркы тума (тумат = тумет) этноними менен байланышта кароого толук негиз бар. Рашид ад-Дин "Тарыхтар жыйнагында": "туматтар" Кыргыздар өлкөсүнүн чегинде, Енисейдин жогорку агымында турушат"- деп жазат (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 122). Башкыр-тамаларды иликтеген Р.Г. Кузеев бул уруунун оболку мекени Кытай тарап экендигин, алар күн батышка печенегдердин толкуну менен келишип, казак, башкыр, лакай, курама, каракалпак жана башка уруулук курамдарына жуурулушканына токтолот (Кузеев, 1974, 165-166). IX-X кк. башкыр, татар, ногой ж.б. элдердин курамына печенегдердин толкуну менен кыргыз этнокомпоненттери киргендигин соңку иликтөөлөр далилдөөдө. Башкырлардын курамындагы тогуз уруунун эң ириси деп эсептелген "кыргыз" этнокомпоненттеринин бир бөлүгү IX-X кк. Сыр-Дарыя, Арал жээктери аркылуу, ал эми калган экинчи бир бөлүгү Саян-Алтайдан XII-XIII кк. түз журт которуп келишкен. Жогорудагы көрсөтүлгөн этникалык-маданий параллелдер буга мисал боло алары шексиз (этнонимдин маанисин караңыз: туума тукум).

**Кара усун** - кесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 195). Этникалык аталыштын параллелдери ушул эле уруудан "сары усун", казактардан "сары уйсун", "уйсун"(үйшүн) формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 172-173). Кара усундарды (сары усундарды) эзелки усундар менен этникалык байланышта кароого негиз бар. Усун урук союзу жөнүндө илимий адабияттарда, окуу китептеринде азын-оолак чагылдырылып келет. Байыркы усун

www.bizdin.kg



урууларын енисейлик кыргыздардын батыш бөлүгү деген көз карашты Н.А. Аристов алгачкы ирет 1896-ж. айткан. Бул автордун гипотезасы япон алымы К. Сиротори тарабынан Цинь Ханңшудагы (Хань династиясынын жыл баяндары) айрым энчилүү адам аттары, титулатуралык маалыматтардын негизинде колдоого ээ болгон. Бул көз карашты Ф.Хирт, О.Франке, И. Маркварт, П. Пеллио жана Ю.А. Зуев сыяктуу белгилүү чыгыштаануучулар өз иликтөөлөрүндө колдоп чыгышкандыгы ырас (Зуев,1960,№I,6-7). Биздин эрага чейинки I кылымдын соңку чейрегинде канцзу (каңды) уруулары усундар тарабынан катуу кысымга алынган. Натыйжада, канцзулар (кандылар) суюнну=хунну шаньюйу Чжи Чжиге жардам сурап кайрылууга аргасыз болушкан. Усундардын ханзаадасы Күн-баг (кыт. куньмо) деген титулга ээ болгон (көрсөтүлгөн эмгек, 12-13 б.). Усундар өз эркиндигин, мамлекеттүүлүгүн узак мезгилдер бою сактап кала беришкен. Арийне, Жети-Суудагы Усун урук союзунун тарых-таржымалы толук деңгээлде изилдене элек. Усундар тууралуу акыркы кабарды 435-жылы алардын борборуна ("Өрөөндөгү кызыл шаар") келген кытай элчиси Дун-Дин кабарлаган. Элчи бул мезгилде Жети-Суу аварлар тарабынан чабуулга алынганын жазат (Зуев, 1960,№ 2,121). Усундардын кыргыздар менен теги өтө жакын экендигин кытай булактарындагы чагылдырылган уламыштар да тастыктай алары шексиз. "Окуя Теңир тоодо болуп өтүптүр. Дүйнөгө бир наристе келип, өз убагында баса албай бечел болуп калган баланы журтка таштап кетишет. Жолдо келе жаткан чоочун адам эне-карышкыр эмизип жаткан наристе баланы көрүп калат. Жолоочу асыранды бечел балага Каба деп ат койот. Жал сымал чачы бар наристе, кийинчерээк Жалдуу Каба деген лакап ат менен белгилүү болуп калган". Санжыра боюнча Жалдуу Кабадан бүгүнкү кыргыздардагы саяктардын бир уругу тарайт (Абрамзон, 1990, 303). Байыркы кытай булактарында (Цзинь Ханьшу) "Кунь-мо" деп аталган усун князы өлкөдөгү кичи ээликти башкарып калат. Кунь-Монун атасы Нан-доу-ниге кол салышып өлтүрүшөт, чочуган эли сюннулардын ээлигине кире качууга аргасыз болушат. Жаңыдан төрөлгөн Кунь-мону асырап алган киши наристени шейшепке ороп чөптүн арасына тамак таап келүү үчүн катып кетет. Кайрылып келген чоочун киши наристени эне-карышкыр эмизип жаткандыгын, ошол эле учурда бир үзүм этти мыкчый кармаган карганын айланып учуп жүргөнүн көрөт. ...Кунь-Мону Шаньюй асырап алып, өз баласындай бапестеп чоңойтуптур...; ...Шаньюй эр жеткен Кунь-мого өз атасынын элин, аскерин кайрып берет. Ал эр жетип душмандарынан жасалган ызаасы үчүн өч алат (Зуев 1960, 122). Уламыштагы айтылган карышкыр жана карга усундардын тотемдик ишенимин чагылдырат. Байыркы түрктөрдө да жогорудагыдай маанилеш уламыштардын болгондугун кытай жыл баяндары чагылдырат. Бул параллелдер абройлуу алымдардын илимий пикирлери кара усундардын (сары усундар) кыргыздардын курамындагы эң байыркы этнокомпоненттердин бири экендигин тастыктары шексиз.

**Кара чоро** - геноним. Санжыранып маалыматтарында азык, черик, чекир саяк, саяк, багыш уруулары Кара чородон тарашары чагылдырылат. Геноним байыркы мезгилдерден белгилүү. Энчилүү ат Таластагы ташка чегерилген кыргыз руникалык жазма эстеликтеринде (VI-X кк.) "Кара чур" формасында (болжолу, антропоним) эскерилет (караңыз: Жумагулов, 1963, 20-21). Талас руникалык жазууларында баяндалган "Отуз оглан" (отуз уул), "Кара чур"(Кара Чоро), "Агулт" (Ак уул) энчилүү аттары (этнонимдери), "Ынал" титул-термини кыргыздарда гана учурайт. Кара Чоро XVI к. жашап өткөн Сайф ад-Дин Аксикендинин "Маджму ат Таварихинде" Тагай бийдин алты уулунун бир катары баяндалган (МИКК, 1973, 208). Профессор Ө.К. Караев "кара" термини түрк тилдүү элдерде (урууларда) "эл", "масса", "көпчүлүк", ал эми "чур"(чоро)

www.bizdin.kg



- титул, энчилүү уруу атын аныктарын белгилеген (Караев, 1994, 35). Чоро - байыркы түрк тилдеринде төмөнкү маанилерди туюнткан: 1. Кожоюн, башкаруучу, ээлик кылуучу; 2. Союз, биримдик, бир жамаат (Жанузаков, 1982,163). Демек, жогорудагы маалыматтар генонимдин так маанисин ачып көрсөтөт. "Манас" дастанында "Кырк чоро - Манастын баатырдык кошуну, нөөкөрү, эң жакын кеңешчилери, жан жолдоштору, кол башчылар, ар башка уруулардын тандалган мыктылары, кылданган баатырларынан куралган кайкашкалардын тобу" деген аныктама берилет ("Манас". Энциклопедия. Т.I, 379). "Кара чоро" геноними кыргыздарда енисей доорунан эле белгилүү болгон. Кыргыздардын кыштымдарынан (VI-XVIII кк. кыргыздарга салык төлөгөн көз каранды элдер, уруулар "кыштымдар" деп аталган. Бул маселе жөнүндөгү маалыматтар профессорлор В.Я. Бутанаев жана Ю.С. Худяковдордун изилдөөлөрүндө терең сыпатталат) болгон шорлордун курамында азыркы учурда "кара чор" аттуу урук сакталып келери аныкталган. Бул шорлордун курамындагы байыркы кыргыз этнокомпоненти болуусу толук мүмкүн. Параллелдери алтайлыктарда (алтай-кижи, теленгиттер) "чорос", шорлордо "кара чор" формаларында кездешери аныкталган (Баскаков, Тощакова, 1947, 217).

**Кара эчки** – мунгуш (жапалак) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 87). Параллелдери дөөлөс жана карабагыш урууларында "ак эчки" формаларында кездешет (Абрамзон, 106). Эчки-теке жаныбары кыргыздардын эзелки тотемистик көз караштары менен байланышта болуп келет. Эчки-теке, аркар, кулжа, элик калк арасында жалпысынан кийик же кайып деген ат менен белгилүү. Кийик-кыргыздарда "кудайдын малы" деген өзгөчө түшүнүктү аныктаган (Баялиева, 1972,16). Жогорудагы фактыларды кыргыздын улак (көк бөрү) спорттук оюну, эчкинин этинин дарылык касиети бар деген ишеними да бекемдей алары шексиз.

**Карабек** - коңурат, солто (талкан) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 117). Антропоэтнонимдер. Параллели түркмөндөрдө "гарабай" формасында бар экендиги аныкталган (Атаниязов, 1988, 40).

**Карагай** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 204). Этникалык аталыш уруу (урук) ыйык деп эсептеген даракка байланыштуукелип чыккан. Параллелдери башкыр жана казактардын курамдарында бар (Кузеев,1974, 185; Жанузаков, 1982, 169).

**Карагана** - басыз, сарттар урууларынын курамдарындагы уруктар. Этникалык аталыштар фауна жана флора дүйнөсүнө байланыштуу келип чыккан. Карагана топ-топ болуп өскөн тикендүү бадал өсүмдүгү (КТТС, 471). Болжолу, жогорудагы урук аталыштары уруунун (топтун) байыркы шаманистик доордогу сыйынган дарактарынын бирин чагылдырышы мүмкүн. Этнонимдердин параллели түркмөндөрдө "караканы" формасында кездешет (Атаниязов, 1988. 41). Карагана Хакас-Минусин ойдуңундагы топонимикалык аталыш катары да маалым (Бутанаев, 1985, 168).

**Карагул** - дөөлөс (кара сакал), чекир саяк (кул жыгач) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 117). Антропоэтнонимдер. Параллели түркмөндөрдүн курамында "гарагул" формасында бар (Атаниязов, 1988, 42).

**Каракчы** - басыз уруусундагы бөлөкпайдын курамындагы урук (Абрамзон, 117). XVII к. биринчи жарымындагы Чыгыш Түркстандын саясий турмушунда активдүү роль ойногон кыргыздардын (Булгачылар уруулук тобу) жетекчилеринин бири Каракчы бий болгону маалым (Караев, 1994, 81).

**Каранай** - каңды уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 208). Бул

www.bizdin.kg



ат менен Ноокат районундагы айыл белгилүү (СГНК, 1988, 106). Кара +най:най. ир. 1. Флейта; 2. Тамеки тартуучу канжанын бөлүгүнүн аталышы; 3.түшт. Түтүкчө сыңар нерселердин жалпы аталышы; 4. түшт. Мылтыктын ок чыгуучу түтүкчөсү, кош най - кош ооз мылтык (Юдахин, 550). Этноним биринчиден"кара чоро" (флейта), экинчи бир маанисинде "кара мылтык" деген сөздү аныкташы мүмкүн.

**Каратай** - тейит уруусунун курамындагы урук. Каратай - Кара-Суу районундагы айылдын аталышы катары да маалым (СГНК, 1988, 109). Параллели түркмөн-емуттардын курамынан "гаратайлы" формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 45).

**Каратал** - сол канат кыргыз урууларынын жана оң канаттагы солто уруусунун аскердик урааны. Өткөн замандарда (XVI-XVIII кк) сол канат кыргыз уруулары байырлаган Чыгыш Түркстандын аймактары тарыхый булактарда, элдик фольклордун маалыматтарында кенен чагылдырылган. Ушул тарыхый аймактарда сол канат кыргыз уруулары байырлаган Каратал (кытайча - Ха-ла-та-лэ) топоними белгилүү (Абрамзон, 1990, 68). Изилдөөчү М.Г. Рабинович байыркы доорлордон туруктуу сакталып келе жаткан аскердик ураандар негизинен ата-бабалардын эрдиктерин даңазалап, уруулук символдорду, сыйынуучу ыйык жерлерди чагылдырарын белгилейт (Рабинович, 1968, 307). Чыгыш Түркстан жана ага жамаатташ аймактарда кыргыздардын эл катары калыптануусунун негизги этабы жүргөндүгү ырас. Аскердик ураандын мааниси сыйынуучу ыйык даракты аныкташы мүмкүн. Эзелки кыргыз ж. б. түрк-монгол тилдүү элдерде ыйык туткан (тотем) жаныбары, канаттуу кушу (табу), сыйынган тоосу, дарагы жөнүндөгү түшүнүк кенен таралганы маалым. Каракалпактарда "караталшы" аттуу урук бар экендиги аныкталган (Жданко 1950, 37).

**Каратегинчи** – дөөлөс уруусунун курамындагы урук (топоэтноним). Этникалык аталыш бүгүнкү Тажикстандагы Каратегин аймагына байланыш-туу келип чыккандыгы маалым. Элдик фольклордун айрым маалыматтары топонимикалык аталыштын Кара жана Тегинай деген легендарлуу болмуш инсандардын аттарына байланыштырышат. Каратегин +чи; -чы, -чу мүчөлөрү кыргыз тилинде "кайсыл жерден", "кайсыл жердик" деген маанини билдирет.

**Карача** – кыпчак уруусунун курамындагы ири уруктардын бири. Уруулук энчилүү ат үй жаныбарларынан болгон төөгө байланыштуу келип чыккан. Мисалы, "миң карача төө сайдым, миң кара кашка бээ сайдым" (КТТС, 744,745). Караханийлер мамлекетинде "карача" термини "теги хан тукумунан эмес" деген маанини билдиргени маалым(Караев,1995,54). Тувалыктардын тилинде "хараача" боз үйдүн түндүгүн, ал эми "харача" үйдүн (боз үйдүн) босогосун түшүндүрөт (Монгуш Кенин Лопсан, 1995, 260). Этнонимдин паралледери казак, түркмөн, лакайлардын курамдарында чагылдырылат(Жанузаков, 1982, 169; Атаниязов, 1988, 43; Кармышева, 1954, 37). Крым жарым аралында азыркы учурда орто кылым доорлоруна таандык Карача-Кытай аттуу топонимикалык аталыш сакталып келет (Лезина.,Суперанская,1985, 81)."Карача" этнониминин баштапкы мааниси түрк-монгол элдерининин мифологиялык, диний түшүнүктөрүндө кенен таралган тотемдик жаныбар төөгө байланыштуу келип чыгышы чындыкка жакын.

**Карга** - моңолдор, чекир саяк урууларынын курамындагы уруктардын аталышы(Абрамзон, ТКАЭЭ,Т.V,118).Этнонимдин параллелдери хакас, түркмөн, казак, өзбек-коңурат, башкырлардын курамдарында бар (Бутанаев, 1990, 73,74; Атаниязов, 1988, 46; Жанузаков, 1982, 169; Кармышева, 1976, 212). Азербайжандарда бүгүнкү күндө "гаргалы" аттуу урук бар экендиги аныкталган (Ахундов,

www.bizdin.kg



Гейбуллаев,1978,-№2,53). Р.Г. Кузеев башкырлардагы "карга" уругунун тегинин байыркылыгын белгилейт (Кузеев 1974,332). Хакас этнографы, профессор В.Я. Бутанаев бирюсии-хакастардагы "харга" этнониминин (суг харгазы, таг харгазы) баштапкы маанисинде тотемдик негиз бар экендигин белгилейт. Хакастар (хакас-бирюсиндер) карганы ыйык тутушкандыгын, бул канаттууну табу (тыюу салуу) иретинде "кара таан" деп аташкандыктарынан байкоого болот (Бутанаев, 1990, 74). Тунгус тилдүү элдерде (эвенктерде) харга " харга "жапайы бугу" маанисиндеги этникалык аталыштар бар. Мындан сырткары, жапайы бугу (эвенкче - "харги") - шамандардын идеологиясындагы тотемистик башатты аныктайт. Харги - шамандардын башкы колдоочусу, жетекчиси, устаты катары түшүнүк калыптанган (Анисимов 1951, 194-198). Карга - тува шамандарынын түшүнүгүндө оорулуунун жарасын айыктырууга жана өзүнө душман шаманды издеп табууга жардам берген (Монгуш Кенин Лопсап, 1995, 147). Бул мисалдар жалпы карга «харга" харги терминдеринин баштапкы тотемистик негизин аныктап жүрбөсүн. Тунгус тилдүү элдердин мифологиясында карга дүйнөнү жаратууга катышкан аялдын элесин берген. Ошондуктан, бул канаттуугa багышталып, курмандык чалыпган көрүнүштөр арбын кездешет (Анисимов, 1951, 195). Арийне, кыргыздарда каргага тотемдик канаттуу катары тутунушканын айгинелеген фактылар болбогону менен башка түрк, моңгол жана тунгус тилдүү элдерде бул канаттуунун этникалык аталыш, мифологиялык түшүнүк катары сакталып калышы урук аталышынын капысынан пайда болбогондугун бышыктайт. Жунгар (ойрот-калмак) уруулук бирикмесине киришкен дөрбөт (дэрбэт) жана баиттерде "харгачууд" - "каргалар" аттуу уруктар болгондугу маалым. Бул фактылар карганын моңгол тилдүү урууларда да тотемдик канаттуу болгондугун тастыктары шексиз (Бутанаев, 1990, 73-74).

**Карды** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу 1995, 14). Этнонимди байыркы карлык//карлук уруулук бирикменин аталышы менен байланыштырса болот. Түрк тилдеринде көпчүлүк учурда -лы мүчөсү -ды мүчөсүнө өзгөрүп айтылат. Карлы//ды + к; кар//лы (ды) + к " карлык ж.б. Этнонимдин параллелдери түркмөндөрдөн - "гарлык", өзбектерден - "карлук" формаларында кездешет (Атаниязов, 1988, 46-47). Карлуктар бүгүнкү күндө өзбектердин курамына сиңип бара жаткан өзгөчөлөнгөн этнографиялык топ катары маалым. Бул этнографиялык топтун тили, маданияты, каада-салты учурда жергиликтүү ираи-тажик тилдеринин, маданиятынын, каада-салтынын таасирлерин өтө күчтүү алган. Этникалык аталыш кытай жыл баяндарында (Тан династиясынын мезгили) 648-ж. "хэ-лу" формасында чагылдырылат. "Таншу" берген маалыматтарга караганда, карлуктар VII к. Батыш Түрк каганатынын саясий турмушунда үстөмдүк абалды ээлешкени маалым (Зуев 1960, 125).Араб жана фарси тилдүү булактарында карлуктар "харлух", "халлух" деген аттар менен белгилүү болушкан (Бартольд В.В. Соч. Т.I, -с.547). VI к. таандык айрым тарыхый булактарда бул уруулук бирикме "үч өгүз" кийинчерээк "үч карлук" деген ат менен белгилүү болгондугу маалым (Гумилев, 1967, 61-62; Урстанбеков., Чороев, 1980, 76). Көчмөн турмуш менен күн көрүшкөн карлуктар VII-VIII кк. Жунгария, Батыш Алтай, Иртыш дарыясына жамаатташ аймактарды мекендешкен. 755-ж. аскердик кагылышууда күчтөнүп келе жаткан уйгурлардан жеңилгеиден соң, карлуктар түргөштөрдүн жерине сүрүлгөн (Караев, 1989, 91). Аз сандуу карлуктар кыргыздар жетектеген антиуйгурдук согуштук-саясий коалицияга киришкени маалым. Карлуктар IX к. орто чендеринде азыркы Кыргызстандын айрым аймактарын (батыш аймактары) кучагына камтыган чакан мамлекет түзүшкөн. Фарси тилиндеги анонимдүү тарыхый булак "Худуд ал - аламда" карлуктар кыргыздардын түштүк тарабындагы кошуналары катары

www.bizdin.kg



учкай кабар айтылат. Ушул эле булакта кыргыздардын карлуктарга чукул байырлаган "кесайим" аттуу уруусу эскерилет (Шаниязов, 1964, 9). Демек,840-жылдан кийин Енисейдан журт которгон айрым кыргыз уруулары карлуктарга коңшу турун калышкан (Урстанбеков, Чороев, 1990, 76). Профессор К.Ш. Шаниязов тарыхый деректерге таянып, кыргыздар IX-X кк тартып, Ысык-Көлдүн чыгыш бөлүгүн байырлай баштаган деген жогорудагы пикирге үндөш көз карашын айткан (Шаниязов, 1964, 9). Карлук каганынын ордосу азыркы Жамбул шаарына жакын жерде жайгашкандыгы маалым (Зуев, 1960, 126). Кыргыз-карлук алакалары б.з. VIII к. эле башталган. Бул уруу (урук) кыргыздардын этникалык курамына ушул тарыхый мезгилде кирүүсү мүмкүн.

**Каржаады** - бостон уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1999, 196). Этнонимдин так мааниси азырынча аныктала элек. Лакап (кошумча) аттан улам келип чыгышы да мүмкүн. Урук атынын параллели түркмөндөрдүн курамында "гаржав" формасында бар экендиги белгилүү (Атаниязов, 1988,46).

**Кармыш** - баргы, дөөлөс, кыпчак урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 118). Этникалык аталыштар байыркы түрк тилдеринде "аралаш", "курама эл", "калк" маанилерин берет (Жанузаков, 1982, 149). Түркмөн тилинде "кармыш" - аралаш, конгломерат, теги түрдүү деген маанини туюнтат (Атаниязов, 1988, 44). Бул мисалдар этникалык аталыштын "уруу", "уруулук бирикме", "союз" деген маанилерди аныктарын чагылдырат. Анткени, эзелки көнчүлүк этникалык аталыштар "адам", "уруу", "эл" деген маанилерди туюнтарына "курд", "морд + ва", "уд + мурт" ж.б. мисал боло алары шексиз. Этнонимдин параллелдери түркмөн, казак, лакай, өзбек-коңураттардын курамдарында бар (Кузеев, 1974, 46; Атаниязов, 1988, 44; Шаниязов, 1974, 147; Кармышева, 1976, 233). Айрым иликтөөчүлөр кармыштардын тегин Дешт-и Кыпчак түрк тилдүү урууларынын чөйрөсү менен байланыштырышат (Шаниязов, 1974, 147). Р.Г.Кузеев да башкыр-кармыштардын тегинин кыпчак-ногой этникалык чөйрөсү менен байланышы бар экендигине токтолот (Кузеев, 1974,120).

**Катаган** - сарттар, чекир саяк, катаган тобу - сарттар урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 113). Катагандар жөнүндө маалыматтар алгач ирет, Рашид ад-Диндин "Жами ат-Таварихинде" ("Тарыхтар жыйнагы", XIVк.) чагылдырылат. Автор "катакин" / / "хатакин" уруусун монгол-жеруңдардын курамына кошот (Рашид ад-Дин, Т..I, Кн.I,-с.178). Н.А. Аристов катагандарды Орто Азияга Чыңгыз-хандын жеңип алууларынын учурунда көчүп келишкендигин жазат (Аристов 1896, 405). Кыргыз дастандарында, санжыра-уламыштарында катагандар байыртадан кыргыз урууларынын бири экендиги айтылып келери маалым. Айрым маалыматтарда, Чыгыш Түркстандагы Хотан жана Яркенд округдарынын ортолугунда өздөрүн "кыргызбыз" деп аташкан 1000 үйлүү катагандар жашашары тастыкталат. С.М. Абрамзон бул катагандардын теңир тоолук кыргыздардан бир айырмасы, көзү өткөн кишини жоктоп аза тартуу, кайгыны билдирүү, келгендерге тамак-аш тартылгандан соң башталарын белгилейт (Абрамзон, 1972, 70-71). Учурда, Өзбекстан жана Тажикстандын түштүк аймактарында (Кашка-Дарыя, Сурхан-Дарыя, Коргон-Төбө), Афганистандын түндүгүндө "катаган" деген түрк тилинде сүйлөгөн этнографиялык ири топ жашайт. Илимий адабияттарда бул топ"өзбек-катагандар" деген ат менен да белгилүү. Тарых илиминдеги абройлуу этнограф Б.Х. Кармышева өзүнүн көп жылдык илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында XVII к. эскериле баштаган катагандардын насили кыргыз деген тыянакка келет (Кармышева, 1976, 241). Бул маселе этнограф И.Б. Молдобаевдин иликтөөлөрүндө да көтөрүлгөн (Молдобаев,1995,149-150). Лорддун берген маалыматтарында катагандардын

www.bizdin.kg



он алты уруусунун бири -"басыз" ден аталганы чагылдырылат. Басыз - кыргыздын сол канатындагы ири уруунун аталышы катары белгилүү. Мындан сырткары, өзбек-катагандар (илимий адабияттарга өзбек-катаган деген ат менен кирип калган) жашаган аймакта Солто, Басыз топонимдери катталган. Биздин иликтөөлөрүбүздө курамына лакайлар кирген "өзбек-катагандардын" кыргыздар менен терең этникалык байланыштары аныкталды. Чарбасындагы, маданиятындагы, каада-салттарындагы, табигый жашаган шарттарындагы окшоштуктар, этнонимиялык ж.б. параллелдер этнограф Б.Х. Кармышеванын илимий далилин толук кубаттайт. Кыргыз эпосторунун дээрлигинде катагандар орто кылымдардагы кыргыздардын бир уруусу катары чагылдырылат.

**Качканак** - дөөлөс (ай тамга) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 204). Антропоэтноним.

**Качыке** - чекир саяк уруусундагы кулжыгачтын курамындагы урук (Абрамзон, 118). Этнонимдин параллели солто уруусунда "качы", баргыларда «качыбек» формаларында учурайт. Академик Б.Ө. Орузбаева лингвистикалык иликтөөлөргө таянып, качы "качыке " качыбек " качаган деген энчилүү аттардын "катаган" этноними менен этимологиялык байланышы бар деген пикирин айтат (Орузбаева, 1985, 116). Автор этноантропонимди Тувадагы Качың топоними, алтайлыктардагы Качы, Качын антропонимдери, хакастардагы-качин (хаас) этноними, Кача энтропоними менен салыштырып, жалпы генетикалык байланыштын бар экендигин белгилеген көз карашын айтат (көрсөтүлгөн эмгек, 117-б.). Бул жүйөлүү илимий көз караш адистердин тарыхый-этнографиялык негиздеги иликтөөлөрү менен бекемделиши зарыл.

**Кашка** - басыз сары багыш, тейит урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 113). Кашка - теги байыркы титул-этноним. К.К. Юдахин "кашка" сөзүнүн бир маанисин "уруу башчысы", "жол башчы" дегенди түшүндүрөөрүн жазат (Юдахин, 363). Кашка. 1. Уруу башчысы, уруунун жол баштаган аыкылманы, көсөмү; 2. өтм. Өткүр, тартынбаган, тайманбаган (КТТС, 493). Энесайлык кыргыздардын уруулук курамында "кашка" ("хасха") деген уруу (этноним) болгон. Этнонимдин параллели байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз этнокомпоненттери басымдуулук кылган азыркы хакас-качиндерде "хасха" формасында белгилүү. Мындан сырткары, хакастардын курамында "хаска хыргыс", "хасха пүрүт", "хасха пүүр", "хасха иргит" сөөктөрү белгилү. "Хасха" - бүгүнкү хакастардын курамындагы ири урук (сөөк) болуп эсептелет (Бутанаев., Молдобаев, 1988,12). "Кашка" титул-этноними Енисей кыргыздарынын коомдук-башкаруу системасында кенен колдонулгандыгын төмөнкү далилдер аныктайт: "Енисей кыргыздарынын коому социалдык жиктелүүдө байыртадан эки катмарга бөлүнүшкөн: "Хасха сөөк" - ак сөөктөргө (башкаруучу, аристократиялык уруу) кыргыздар, ал эми "пара сөөк" - боз сөөктөргө "кыштымдар", көз каранды уруулар киришкен. Кыргыздардын уруу башчыларынын ысымдарына "кашка" титулу жалганып айтылганы маалым. Мисалы, Алтын Кашка, Матыр Магнай Кашка, Тармагай Кашка, Курбан Кашка, Барчык Магнай Кашка, Улагач Кашка ж.б., Кашка - орто кылымдардагы моңголдордогу нойон (он миң башы, князь) титулуна дал келген (Бутанаев, 1990, 22). XIV к. аягында (1399-1445 жж.) кыргыздар Угечи Кашканын (Гүйличи, Мөңкө Темир деген аттар менен да белгилүү болгон) жетекчилиги астында ойрот-монгол урууларына үстөмдүккө жетишкендиги белгилүү. Мындан сырткары, абройлуу изилдөөчүлөр Жунгар (Ойрот) хандыгына кыргыздар негиз салган деген илимий негиздүү тыянактарын кытай жыл баяндарындагы даректүү маалыматтарга таянып далилдешет (Бейшеналиев, 1989, 9). Бул титулду кийинки Жунгар хандары да

www.bizdin.kg



алып жүрүшкөндүгү жөнүндө (мисалы, Чукула-Кашка) маалыматтар бар (МИКК, 1973, 223). Түрк-осмон тарыхчысы Сейфи Челеби "Таварих" аттуу эмгегинде (XVI к. аягы) төмөнкү кызыктуу маалыматтарды келтирет: "Кашкар тарапта "кыргыз" аттуу бир эл (уруу) жашайт. Алар моголдор (монголдор) сыяктуу эле көчмөндөр. Кыргыздар көп сандуу уруу (эл). Алардын ханы жок, бектери - "кашка" деп аталары маалым" (Караев 1994, 74-75). "Кашка" - кыргыздарда, хакастарда, өзгөчө "Манас" дастанында титул, жетекчи маанисинде колдонулушу кыргыз жана хакас элдеринин түпкү тамыры бир экендигин ырастарында шек жок ("Манас". Энциклопедия, Т.I, 1995, 286-б.). Фольклорчу Т. Абдракунов да өз иликтөөлөрүндө "кашка" титул-этноними жөнүндө бир топ кызыктуу ой - пикирлерин айтат (караңыз: Абдракунов Т. 1995, -№2, 7-12-беттер.,). Демек, "кашка" этникалык аталыш жана титул катары кыргыздарда енисей доорунан (V-IX кк.) белгилүү. Ошону менен бнрге, кыргыздын саруу уруусунда - "онтогор кашка", мунгуш уруусунда -"эрке кашка", дөөлөс уруусунда - "чулум кашка" аттуу параллелдери сакталып келет. Шорлордун гарыхый фольклорунда "хашхалар" - тулкусу жаныбар сыяктуу болгон мифологиялык эл катары чагылдырылат (Бутанаев, 1999, 185). Болжолу, шорлордун бул фольклордук маалыматы байыркы кыргыздар жөнүндө кыйыр маалымат берери ырас. Анткени, мезгилинде бүгүнкү шорлордун ата-бабалары кыргыздардын кыштымдары (көз каранды, салык төлөгөн уруулар) болушкандыгы маалым.

**Кашка таман**- саруу уруусундагы жети уруктуу курамындагы урук (Абрамзон, 118).

**Кашка тамга** – саруу (жети уруу) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров,1995,146). Параллели "хасха" формасында хакастардын курамында бар. Хашха (хаска) – енисейлик кыргыздарда аскер титулун да билдирген (Бутанаев, 1999, 183). Эн тамганын аталышына байланыштуу этнонимдердин дээрлигинин байыркылыгы аныкталып келет.

**Кашка тамга** - саруу уруусунун (жети уруу) курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 146). Уруунун эн тамгага байланышкан этникалык аталыштардын тегинин байыркылыгы эбак далилденген (караңыз: кашка этноними).

**Кашкар** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 119). Этноним Чыгыш Түркстандын Кашкар аймагына байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. Бул аймактагы уйгурлардын бир бөлүгү (этнографиялык топ) "кашкарлыктар" деп аталат. Топоэтноним. Аталган аймакты кыргыз уруулары эзелтеден байырлап келишери маалым. Этнонимдин параллели казактардын курамында бар экендиги аныкталган (Тынышпаев, 1925, 66-74). Кара-Суу районунда Кашкар-Кыштак аттуу айыл бар (СГНК, 1988, 113).

**Кашкары** - тынымсейит уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 1960,20). Энчилүү ат Чыгыш Түркстандагы Кашкар топонимине байланыштуу келип чыккан. Айрым маалыматтарда тынымсейиттердин бир бөлүгү (курамына кашкары уругу кирген Токтогул тобу) ич ара чыр-чатактардан улам Батыш Кытайдын чектерине жер которушуп, узак убакыт туруп калышкан. Азыркы жайгашкан аймакка, Токтогулдун тогуз уулунун бешөөсүнөн тараган урпактары келип отурукташышкан. Калган бөлүгү Шинжаңда турушары айтылат (Абрамзон, 1960, T.IV, 20). Кашкары - энчилүү урук аты катары ушул мезгилде калыптанса керек.

**Кашкелең** – азык уруусундагы геноним (Аттокуров, 1999, 73). Кашкелең – бийиктик, ашуу, Чоң Кеминге кошулуп аккан суу катары белгилүү (СГНК, 1988, 117-118).

www.bizdin.kg



**Кашкулак** – баргы (савай) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров,1995, 72). Кашкулак – суусар тобуна кирүүчү, ичке тумшуктуу, буттары кыска, денеси жумуру, узун кылчак жүндүү жапайы айбан (КТТС, 493). Этноним тотемизмдин таасири астында келип чыгуусу мүмкүн.

**Кебек** - дөөлөс уруусундагы зумбулдун курамындагы урук (Абрамзон,118). Кебек - арна, таруу, конок сыяктуу эгиндердин сокуга салып актагандан, түктөгөндөн же тартылгандан кийинки эленип алынган кабыгы (КТТС, 495). Этнонимдин келип чыгышына башка мааниде да аныктама берүүгө болот. Параллели алтайлыктарда (алтай-кижи, телеңгиттер) -“көбөк”, түркмөндөрдө -“ковек” формаларында бар экени маалым (Баскаков, Тощакова, 1947, 216; Атаниязов, 1988, 79). Түрк тилдериндеги ит, барак, адай (хакасча), көпак көпек ” көпай ж.б. синонимдеш сөздөр. Көпек - түрк тилдеринин огуз бутагында сүйлөгөн азербайжан, гагауз, түркмөндөрдө, кыпчак бутагындагы кара калпактарда “иттин дөбөтү; “дөбөт” маанисин түшүндүрөт (караңыз: Щербак 1961,127). Махмуд Кашгари “көвүк муш” - “жапайы мышык” деген маалымат берет. (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 163). Болжолу, кебек = көбөк = көпөк = көбүк = көвүк варианттарындагы сөздүн баштанкы маанисинде “дөбөт”, “жапайы дөбөт”, “жапайы ит” деген түшүнүк жатат. Элдик санжырадагы мифологиялык “сары иттер” жөнүндө уламыштарга кайрылсак, суунун көбүгүнөн боюна бүткөн ханышалар жөнүндө айтылат. Мифологиялык уламыштагы суунун көбүгү көпөк = көбөк = кебек - “ит”, “дөбөт ит”, “жапайы иттин дөбөтү” маанисин аныктоосу мүмкүн. Бул мифологиялык уламыш бүгүнкү лакайларда да бар экендиги маалым (Кармышева, 1976, 24-25). Демек, этнонимдин байыркы маанисинде тотемистик негиз жатат деген тыянакка келүүгө болот.

**Кедей** - баргы, бугу, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 118-119). Этнониимдердин параллелдери казак, түркмөн, башкырлардан кездешет (Атаниязов, 1988, 48; Жанузаков, 1982, 169; Кузеев, 1974,210). Кедей: 1. Оокат-тиричилиги начар, турмушу жетишсиз, жарды, кембагал; 2.Бир нерседен кемчил, толук жетиштүү эмес, бай эмес, жеткилең боло бербеген абалда; Кедей II. Бою өтө кичине, кыска болуу, жепирейип көрүнүү (КТТС, 405). Лакап-этнонимдер. Бул уруктардын теги Саян-Алтай этникалык чөйрөсү менен тыгыз байланышкан. Р.Г. Кузеевдин пикиринде башкыр-кудейлер эрте орто кылымдар мезгилинде бөлүнүп чыгышып, Орто Азия аркылуу Түштүк Урал тарапка көчүп өтүшкөн. Изилдөөчү, профессор Р.Г. Кузеев талаа-токой зонасын байырлаган бүгүнкү кудейлердин антропологиялык айрым өзгөчөлүктөрүн эске алып, бул этникалык компоненттин оболу Алтай-Түндүк Кавказ тарапка, андан соң, бажгарддар (башкорттор) менен бирге Урал тарапка журт которгон деген илимий жүйөлүү пикирин айтат (Кузеев, 1974, 210-211). Аталган этникалык компоненттердин Саян-Алтай менен байланышын тувалардын курамындагы “кедеоорчак” уругу да далилдей алары шексиз (караңыз: Л.П.Потапов, 1969, 48).

**Кезек сары** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 119). Этнонимдин параллелдери тожулук-туваларда “кезек хуулар”, хакастарда “кезегет” формаларында кездешери маалым (Сердобов, 1971, 208; Бутанаев, 1990, 69,70).

**Кезек таз** – саруу уруусундагы бош моюндун курамындагы урук (Абрамзон, 119). Этнонимдин параллели ушул эле уруудагы колпочтун курамынан “кезек сары” формасында кездешет (Абрамзон, 119). Алтайлыктарда “кезек хуу” аттуу урук бар экендиги аныкталган (Баскаков., Тощакова, 1957, 63).

**Кекте** - тейит уруусунун курамындагы урук. Этноним лакап аттан улам келип чыккандыгы байкалып турат. Кекте - бирөөгө каршылыгын, кеги бар экендигин көрсөтүү, кек сактоо, кекенүү (КТТС, 500). Лакап этноним.

www.bizdin.kg


**Келдике** - айрым информаторлордун маалыматтарында өз алдынча уруу экендиги чагылдырылса, айрымдары багыш уруусуна кошуп жүрүшөт. С.М. Абрамзон жогорудагыдай өз алдынчалыкка ээ уруктар, топтор татаал этногенетикалык процесстерди аныктоодо көмөк берерин белгилейт (Абрамзон, 1990, 42-43). Параллели баргы уруусунун курамында бар (Абрамзон, 119).

**Келдике** - санжыра боюнча легендарлуу Кара Чородон тараган, чакан уруу (Абрамзон С.М. ТКАЭЭ,Т.IV, 87). Автор кийинки иликтөөлөрүндө урууну кыргыздардын курамына сырттан келген этнокомпонент катары карайт (Абрамзон, 1990, 39).Арийне, бул көз караш тактоолорго муктаж.

**Кененбай** - саруудагы бош моюндун курамындагы урук (Абрамзон, 119). Антропоэтноним. Параллели казак, каракалпактарда бар экендиги маалым (Жанузаков, 1982, 87). “Кинен” - хакастарда согуш кудайын жана аңчылардын колдоочусун аныктайт. Мисалы, кинен төс - кырг. аңчылардын колдоочусу (Бутанаев, 1999, 42).

**Кенже** - саруу уруусундагы ай тамганын курамындагы урук, топ (Абрамзон, 119). Антропоэтноним. Параллелдери баргы, сары багыш, саруу (бош моюн) урууларында, казактарда “кенже- каптагай” формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 169).

**Кенже тукум** – дөөлөс (ай тамга) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров,1995,204). Параллели казактарда “кенже гара”, “кенже каптагай” формаларында кездешери маалым (Жанузаков, 1982, 160).

**Кереит** - дөөлөс уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 119). Этникалык аталыштын параллелдери түрк-монгол элдеринде өтө кенен таралган. Этноним монголдордо - “кирей”, ногой, кара-калпак, казактарда - “керей”, “кереит”, “керейли” формаларында кездешет (Дебедева, 1958, 224; Керейтов, 1994, 13; Бутанаев, 1999, 44; Жанузаков, 1982, 169-170; Атаниязов, 1988, 48). Молдавиянын түштүгүндөгү Кереит-Мунга, Киреид топонимдери орто кылымдардагы кереиттердин калтырган изин чагылдырат (Баскаков, 1964, 13). Изилдөөчүлөрдүн айрымдары эрге орто кылымдардагы кереиттер монгол тилдүү болушкандыгын белгилешет. Кереиттер X-XI кк. монгол тилдүү урууларды ичиндеги эң кубаттуу уруулардан болгон (Авляев, 1984, 378). X к. кереиттер Гобиден чыгыш тарапка карай башында хан турган ири уруулук бирикме катары белгилүү болушкан (Керейтов, 1994, 15). Арийне, енисейлик кыргыздарда да керейит аттуу уруу болгондугун аныктаган далилдер бар. Кереиттер (хакасча - керейт) енисейликк кыргыздардын Исар улусуна киришкен жана 1703-жылы Жунгарияга зордук менен көчүрүлгөн кыргыздардын бир уруусу болгон (Бутанаев, 1999, 44). Болжолу, XI-XII кк. кереиттер Онон жана Керулен дарыяларынын ортолугун байырлашкан (Цыдендамбаев, 1976, 25-26). XIII к. Рашид ад-Дин кереиттерге азыркы Монголиянын чыгыш тарабы, андан ары Улуу Кытай сепилине чейинки аралыктагы бир нече урууларды баш ийдиргендигин маалымдаган (Рашид ад-Дин, Т.I. Кн. I, 27-28). Кереиттердин жол башчысы Цзинь императорунан Ван-хан титулун титулун кабыл алган (Керейтов, 1994, 15). 1203-жылы Чыңгыз-хан кереиттерди жаңы түптөлүп жаткан көчмөн империяга баш ийдирет. Христиан (несториан) динин тутунушкан кереиттердин XIII к. кийинки тарыхый тагдыры монгол тилдүү уруулар менен ажырагыс жүрдү (караңыз: Тынышпаев, 1925, 12). Ушул тарыхый окуялардан соң, монгол урууларынын негизги толкуну менен кереиттер батышты карай журт которушкан. Кыргыз-монгол этникалыкмаданий алакалары XI к. баштап өнүгө баштаганы маалым. Кереиттер этникалык компонент катары кыргыздардын курамына XII-XIII кк. кеч эмес кирген. Жаңы түзүлүп, калыптанып

www.bizdin.kg



жаткан этникалык-маданий кырдаалда кереиттер кыргыз, кыпчак, огуз тилдүү уруулардын курамдарына сиңе баштаган десе болот. Кереиттер кийинчерээк, Орто Азиянын саясий окуяларына жигердүү катышышкандыгы маалым. Н.А. Аристов Хайду хандын аскерлеринин басымдуу бөлүгүн керей жана найман уруулары түзгөндүгүн белгилейт (Тынышпаев 1925, 14). Тарыхчы Мухаммед Хайдардын жазган маалыматтарына караганда, кереиттер Улукбектин 1425-ж. Моголистанга жасаган жоортуулунда эскерилет. Могол аскерлери түндүк же батыш тарапка жоортуул жасашса, аскерлердеги командачылык оң канаттагы кереит, чорос, дохтуйларга ыйгарылар эле (Юдин, 1965, 53). Этникалык аталыштын чечмелениши боюнча бир катар көз караштар бар. Оболу, этникалык аталыш Саян-Алтай тоо кыркаларына канатташ аккан Кирей суусуна байланыштуу келип чыгат деген көз карашты Н.А. Аристов айткан (Аристов, 1894, 354).Абул Гази Бахадур-хан элдик этимологияга таянып, “кара кой” деп чечмелейт (Абул Гази, 1906, 42). Таанымал ногой илимпозу, профессор Р.Керейтов Ногой ордосунун, кийинки ногой этносунун калыптанышында негизги ролду ойногон кереиттердин энчилүү атына “кара ит”, ”чоң ит” маанисинде аныктама берип, тегин байыркы тотемдик жаныбар итке байланыштырат (Керейтов, 1994, 13). Белгилей кетчү маселе, кереиттердин батышка оогон басымдуу бөлүгү XIV-XVI кк. карата кыпчак тилдеринин бир диалектисинде сүйлөп калышкан десе болот. “Кереит” сөзү калмак-монгол тилдеринде “каргалар” маанисин туюнтат. Монголтаануучу Г.О. Авляев бир катар негиздүү иликтөөлөрдүн жыйынтыгында этноним тотемистик түшүнүктүн таасири астында калыптанган деген көз карашын айтат (Авляев, 1984, 379).

**Керимбай** - солто (талкан) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,119). Антропоэтноним. Карим / / Керим ар. айкөл, берешен ж.б. (Жанузаков, 1982, 144). Параллели сары багыштардын курамында бар экендиги аныкталган.

**Керки тамга** - басыз уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 119). Этникалык аталыш байыркы кыргыз мезгилине (VI-IX кк) доорлош. Уруктар тобунун эн тамгасы учу иймек керкини элестетет. Керки - балтадан кичине,жыгач чабуу, кертүү үчүн колдонулуучу курал (КТТС, 310). Бул эн тамгага окшош белгилерди Орхон-Енисейдеги руникалык жазуулардан да кезиктирүүгө болот. Саяк уруусунун эн тамгаларынын бири да ушул ат менен белгилүү (Абрамзон С.М. ТКАЭЭ, -Т.V, 99-100). Эн тамгалардын параллелдери казактарда (шылбыр тамга), хакастарда (кызыл), ногой жана кара калпактарда (ыргаклы) бар экендиги белгилүү (Тынышпаев, 1925, 32-75; Бутанаев, 1980, 100-103; Жданко, 1950, 39-62). Ал эми этникалык аталыштын параллелдери түркмөндөрдүн, өзбектердин, азербайжандардын курамдарында бар (Аристов, 1896, 140; Шаниязов, 1974, 125; Гейбулааев, 1981, 92).

**Кернейчи** - сары багыш уруусундагы жети кулдун (моңолдор) уруусунун курамына кирген урук (Абрамзон С.М. ТКАЭЭ, -Т.IV, 36). Параллели түркмөндөрдүн курамынан “керней” формасында кездешери аныкталган (Атаниязов 1988, 78). Керней-музыкалык үйлөмө аспап, Орто Азия жана Иранда аскердик кабар берүүчү музыкалык аспабы катары колдонулган. Керней көбүнчө сурнай менен бирдикте аткарылып, жоокерлерди, элди чогултуу үчүн тартылган (“Манас”. Энциклопедия, Т.I, 292-293). Этникалык аталыштын келип чыгышы жоокерчилик доорлор менен байланышкан.

**Кесек** - ичкиликтер (Булгачы) уруулук тобундагы эң ири уруулардын бири (Маанаев, 1969, 25). Элдик санжыра боюнча легендарлуу Долон бийдин иниси Сабатайдан тарашат (А. Тургунбаев, уруусу мундуз, Базар-Коргон району). Кесектер - теги байыркы кыргыз урууларынан болуп эсептелишет.Ушул уруунун

www.bizdin.kg



курамындагы сибирчи/сибирчилер, кызыл аяк, сары үсүн (сары усун), кара үсүн (кара усун), бөксө ж.б. уруктар биздин айткан оюбузду бекемдейт. Кара кесек "Манас" дастанында эпизоддук кейипкер катары белгилүү ("Манас".Энциклопедия, Т.І, 275). Этнонимдин параллелдери казактарда "кара кесек", "караул кесек", тожулук туваларда "кезек" (хуулар), "кезек соян", башкырларда "кесе" (табын) формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 169; Вайнштейн, 1961, 23; Сердобов, 1971, 208; Кузеев 1974, 270-273). Эң кызыктуусу, бүгүнкү хакас-сагайлардын курамындагы кезегет (кедегет) сөөгү (уругу) енисей кыргыздарынын түз урпактары экендиги аныкталган. Бул маселеде абройлуу алымдардын илимий негиздүү пикирлери бар (Бутанаев, 1990, 69-70). Бул фактылар кесектердин Борбордук Азиянын (Саян-Алтай) этникалык чөйрөсү менен түз этникалык алакаларын чагылдырары ырас. Башкыр санжыралары башкыр-кеселердин Алтай, Монголия тарантан Байчогур баатыр баштап келгендигин баяндайт. Белгилей кетчү маселе, башкыр-кеселерде тукыз (тогуз), монгол (монгол), таз, кахас ж. б. майда уруктар бар экендиги маалым (Кузеев, 1974, 271).

Р.Г. Кузеев "башкыр-кеселердин" тегин кыргыздардагы "кесек", тувалардагы "кезек-хуулар" уруулары менен жалпылыкта караган көз карашын айтат. Венгр изилдөөчүсү, академик Д.Немет мадярлардагы Kesz, Keszi, Keszu энчилүү аталыштарынын (этнонимдер, топонимдер) башатында түрк тилдүү уруулардын негизи жатарын белгилеген. Р.Г. Кузеев элдик фольклордун маалыматтарына, илимий иликтөөлөрдүн тыянактарына, этнонимиялык параллелдерге таянып, кесе(к) уруусунун тегинин Саян-Алтай этникалык чөйрөсү менен түз байланышына токтолот (Кузеев, 1974, 273-274). Демек, бул илимий тыянак, кесек уруусунун энесай кыргыздарынын урпактары деген далилдөөлөрдү бекемдейт. Кесек/кезек/кизек түрк тилдеринин дээрлигинде "бөлүк", "нерсенин бөлүгү" маанисин туюнтат. Этникалык аталыш уруулук бирикменин, мамлекеттик бир бөлүгү дегенди аныкташы мүмкүн.

**Кесек сары** - жетиген, саруу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 119). Этноним мааниси жагынан өң - түстү аныктайт. Кесек - өңчөй, ылгый, жайаң (КТТС, 514). Демек, сөз "өңчөй, ылгый, жалаң сары" дегенди туюнтат. Параллели казактарда "кара кесек", туваларда "кезек хуулар" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 160; Потапов, 1967,45).

**Кийик** - найман (кийик найман) уруусунун курамындагы урук (Маанаев, 1969,25). Кийик-аркар, кулжа, элик, бөкөн, бугу, эчки сыяктуу жапайы аңдардын жалпы аты (КТТС, 1984, 518). Жапайы аттарды бириктирген жалпы энчилүү аттын башаты байыркы адамдардын диний ишеними - тотемизмге байланыштуу келип чыккан. Бул багыттагы маалыматтар элдик жомок-уламыштарда, эпостордо (мис., "Кожожаш" ж.б.) да кенен чагылдырылат. Кыргыздар жакынкы мезгилдерге чейин колдонуп келген жылдын календардык аттарында кулжа айы, бугу айы, чын куран, жалган куран айлары бар. С.М. Абрамзон жылдын бул айларын тотем жаныбар үчүн курмандык чалчу (түлөө өткөрүүчү) мезгилдер болгон деген жүйөлүү пикирин айтат (Абрамзон, 1946, 130-131). Кийик (марал) Түштүк Сибир элдеринин мифологиясында кенен чагылдырылат (Потапов, 1935, -№4, 139). Кыргыз этнографы Т.Баялиева да өз изилдөөлөрүндө бул маселеге кенен кайрылган (караңыз: Т.Д. Баялиева, 1972).

**Килет** - чоң багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 119). Б.Х. Кармышева кыргыздардагы "килет" этнокомпонентин орто кылымдардагы карлуктардын курамында чагылдырылган "гилат"аттуу уруусу менен жалпылыкта карайт (Кармышева, 1976, 48). Бул этникалык аталыштар (мажаки,гилат) Түштүк Тажикстандагы бүгүнкү карлуктардын курамында да сакталып кал-

www.bizdin.kg



гандыгы ырас (Абрамзон, 1990, 53). Карлуктар кыргыздар менен кошуна гана жашабастан, чарбалык-экономикалык, маданий-этникалык алакаларда да болуш-кандыгы ырас. Кыргыздар аз(ач), карлук уруулары менен бирге, антиуйгурдук аскердик-саясий коалицияны жетектегиндигин тарыхый булактар тастыктайт. Килеттер кыргыздардын курамына VIII-XII кк. кеч эмес жуурулушкан этноком-понент катары кароого болот.

**Ким билди** - саруу уруусундагы жети уруктун курамындагы урук (Абрамзон, 119). Этноним болжолу, лакап аттан улам чыккан.

**Кичи мышык**-мундуз уруусунун курамындагы урук (Абрамзонү, 119). Этнонимдин келип чыгышы лакап атка байланыштуу экендиги байкалып турат. Параллели солто уруусунун курамында "мышык" формасында кездешет (Абрамзон,125).

**Кобуке**-саруу уруусундагы ай тамганын курамындагы урук (Абрамзон, 119).Кобу: -ке сөз жасоочу мүчө."Хобу"тувалардын тилинде "чөл", "чөлдүк", "таала", "таалалык" маанисин туюнтат (Тувинско-русский словарь, 1968, 478).

**Кодогочун** - мунгуш уруусундагы жагалмай тамганын курамындагы ири уруктардын бири (Аттокуров,1995,86). Кодогочун - Ноокат районундагы айылдын аталышы катары (этнотопоним) белгилүү. С.М. Абрамзон кодогочун уругун кыргыздардын курамына кирген орто кылымдардагы монгол этнокомпоненти катары караган пикирин айтат (Абрамзон, 1990, 58). Ойроттордун (жунгарлардын) XVII-XVIII кк. тарыхын чагылдырган жазуу булагы "Илэтхэл шастирде" - "хотохочин" калмак санжыраларындагы жунгар хандарынын түпкү ата-бабаларынын бири катары баяндалат (Санчиров, 1990, 53). Этнонимдин так мааниси азырынча аныктала элек. Арийне, С.М. Абрамзондун монгол компоненти жөнүндөгү пикирн айрым илимий негиздүү тактоолорго муктаж.

**Кодор** - саруу урууларындагы бош моюндун курамындагы урук (Абрамзон, 119). Антропоэтноним. Кодор. ир. годар. алп, балбан (Жанузаков 1982, 145).

**Кожо** - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 119). Параллелдери кожоакмат (күркүрөө), кожобек (сары багыш), кожоберди (чекир саяк), кожомберди (кара багыш, солто), кожокелди (кытай) формаларында учурайт. Антропоэтнонимдер. Кожо. ар. 1.Устат, молдо, урматтуу, бай, соодагер, кожоюн; 2.Төрт халифтин биринин тукумдарынын титулу (Жанузаков, 1982, 145). Параллелдери казак, түркмөн, каракалпактардын уруулук курамдарынан көп санда учурайт.

**Кожоке** - бөрү уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 119). Этнонимдин параллелдери солто уруусунда жана казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 170). Кожоке - Ноокат районундагы айылдын аталышы катары белгилүү (СГНК, 1988, 116). Этнотопоним.

**Кожомшүкүр** - кыпчак уруусунун курамындагы ири уруктун аталышы (Төрөкан уулу, 1995, 159). Бул уруктун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү коңшулаш Өзбекстанда турушат. Этноним болжолу, кыргыздар ислам динин толук кабыл алгандан соң (XV-XVI кк.), пайда болуусу мүмкүн. Биринчи компоненти кожо: 1. Мухаммед пайгамбардын же алгачкы халифтердин тукуму; 2. Кожоюн, ээ (КТТС, 528). Шүкүр / шүгүр - кудайга ыраазычылык билдирүү, кудайга шүгүр (Юдахин, 915).

**Кожотоо (кожотоу)** - кесек уруусунун курамындагы урук. Кытайлар Шинжаңдагы уйгур, кыргыз, казак ж.б. мусулман-түрктөрдү "чантоу" деп аташканы маалым. "Чан" - чалма, "тоу" - баш же "чалма кийгендер" маанисин түшүндүрөт (караңыз: Малов, 1957, 140). Кожо 1. Мухаммед пайгамбардын же алгачкы халифтердин тукуму, бүткүл мусулмандардын диний башчыларына

www.bizdin.kg


берилүүчү наам; 2. Кожоюн, ээ (КТТС, 528). Этноним "баш кожо", "кожо башкарган урук, топ" маанисин берүүсү мүмкүн.

**Козу** - кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 120). Этнонимдин параллели казактарда "козы" формасында кездешери белгилүү (Жанузаков, 1982, 170).

**Козу мерек** - басыз уруусундагы керки тамганын курамындагы урук (Абрамзон, 120). К.К.Юдахин "мерек" сөзүн "канжар" маанисинде чечмелейт (Юдахин, 525). Сөздүн өтмө маанисинде "бала канжар" маанисин аныкташы мүмкүн. Ушул эле уруунун курамында этнонимдин "тешмерек" (берек), "маматберек" (мерек) деген параллелдери бар.

**Козугуна** - азык уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 120). Козуга =козугуна "аркардын козусу" маанисин аныктайт (Юдахин, 392). Махмуд Кашгари "Сөздүктө" төмөнкүдөй аныктама берет: "Козугунак - кыргый жана ылаачын сымал канаттуу куш, ал шамалдын жардамы менен гана учат" (Махмуд Кашгари, Т.I, 481). Козугуна + к ;-к байыркы түрк тилдеринде көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө. Бул мүчө көпчүлүк этникалык аталыштардын жасалышына катышат (Серебренников, Гаджиева, 1979, 88). -к мүчөсүнүн кыргыз тилинде көптүк маанини түшүндүрөрүн кыргыз тилчиси М. Толубаев кулак, кирпик, айак, билек, шыйрак ж.б. сөздөрдүн семантикасына таянып далилдейт (Толубаев, 1991, 243). Сөз катары байыркы формасын сактап калган этнонимдин адегендеги мааниси тотемизмди туюнтушу ыктымал.

**Койлон** - генонbackим. Элдик санжыра боюнча Койлондон кыргыздын оң канатына кирген кооз Жедигер уруусу тарайт. Генонbackим орто кылымдардан белгилүү. Сайф ад-Дин Аксикендинин "Мажму ат-Таварихинде" (XVI к.) төмөнкүдөй маалыматтар чагылдырылат: "...Тагай баатыр, андан Кулан (Койлон), Куландан Ядгар (Жедигер) уруусу келип чыгат" (МИКК 1973, 208). Сайф ад-Дин Аксикенди жазган маалыматтар соңку учурдагы кыргыз санжыра маалыматтары менен да дал келери анык. "Мажму ат-Таварихте" генонимдин"кулан" формасында чагылдырылышы, анын баштапкы маанисин аныктоого көмөк берери шексиз. Кулан - жапайы жылкы, монгол тилдеринде хула(н) формасында айтылат (Щербак, 1961, 95). Демек, "Манас" дастанындагы айтылуу Аккула "жапайы ак боз түстүү жылкы, аргымак" маанисин берет десек болчудай. Арийне, генонbackим монгол жана тунгус-манжур тилдүү элдерде айрым башка маанилерди да туюнтушу мүмкүн. Эвенк тилинде "калун" - жаныбардын түсүн, "кайлун" - жылкынын өңү - түсү; монголчо "хайлун" - дарыя кемчети (Новикова, 1972,116).Кыргыз (түрк) жана монгол тилдери тарыхый-аймактык жалпы бир чөйрөдө, жалпы бир кыртышта өнүккөндүгүн изилдөөлөр эбактан далилдеп келет. Ошондуктан генонимдин монгол чөйрөсүндөгү маанисине көңүл бурсак: Жунгар (Ойрот) хандыгы боюнча маалыматтарды камтыган "Сиюй-Тучжиде" чек араны кайтарып, ага көз салып коргогон "калун" деген мамлекеттик-аскердик кызмат жөнүндө даректер баяндалат. Жунгар (Ойрот) тилинде "калун" - "чек ара аскерлери" дегенди туюнткан (Чернышев, 1990, 70). Кайлундардын (чек ара аскерлери) мамлекетте төмөнкүдөй милдеткерликтерди аткарышкан: 1. Мамлекеттин карамагына кирген, уруулардын убактылуу пайдалануусуна бөлүнүп берилген мал жайыттардын чек араларынын бузулбашын көзөмөлдөө; 2. Айыл чарбасына, кен казуу иштерине, устаканаларга чегерилип, жазасын өтөгөн кылмышкерлерге көзөмөл салуу; 3. Сооданын жүрүшүн көзөмөлдөө; 4. Мал урдоонуу болтурбоо; 5. Качкындарды көзөмөлдөө; 6. Зарыл учурда мамлекеттик маанилүү кагаздарды өз даректери боюнча жеткизүү кызматы: 7. Салык жыйноо (Чернышов, 1990, 99-100). Чындыгында эле, жогорудагы маалыматтар

www.bizdin.kg



калундар чек ара иштери гана эмес, аскердик-полицейдик, салык жыйноо функцияларын да аткарышкандыгы байкалып турат. Ошону менен бирге, жунгар-ойрот хандарынын негизги тиреги болгон, өзгөчөлөнгөн катмарды түзүшкөн калундар институту жана "калун" (койлон) термини эрте орто кылымдардан эле белгилүү болуусу мүмкүн. Ушундан улам, калун-койлон терминдери баштапкы бир маанини туюнтат деген тыянак келип чыгат.

**Койон тукуму** – кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,120). Этнонимдин параллели казактардын курамынан "коянак", "коян кулакты", "кояншы" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1988, 170). Хакастардагы том уругу (сөөгү) боз коенго, бурут (пүрүт) уруусу ак коенго сыйынары маалым (Бутанаев, 1999, 186).

**Койсары** – баргы уруусунун (ардай, кара баргы) курамындагы уруктар (Абрамзон, 120). Этникалык аталыштын параллели казактарда бар экендиги аныкталган (Жанузаков 1982, 170). Койсары бий деген атактуу инсан жана ал жетектеген кыргыз уруулары өткөн кылымдарда Орто Азиянын жана Чыгыш Түркстандын саясий турмушуна өтө активдүү катышышкандыгы маалым. Бул маалыматтар жазма булактар менен илимий адабияттарда кенен чагылдырылган.

**Койчу** - кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 120). -чы сөз жасоочу мүчө катары кесиптин, кыймыл-аракетин маанисин билдирет. Параллели түркмөндөрдөн "чайнаяк" формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 50).

**Кокондуктар** - кесек уруусунун курамындагы урук (Маанаев, 1969, 25). Этникалык аталыш кыргыз лингвисти, профессор Ш.Жапаровдун далилдөөсүндө Кокон тоионимикасына байланыштуу келип чыккан. Окумуштуулардын иликтөөлөрүндө кыргыздар Кокон ордосу жана анын саясий турмушунда өзгөчө орунду ээлешкен, иш жүзүндө бийлик чылбырын колдоруна алышып, толук башкарышкандыгы тийиштүү маалыматтардын негизинде тастыкталат. Кокон тактысын кыргыз төбөлдөрү толук көзөмөлгү алышып, анын башкы аскер күчүн түзүшкөнү маалым. Бул маанилүү фактылар кыргыз аалымдары К. Үсөнбаев, Б. Жумабаев, К. Молдокасымовдор ж.б. иликтөөлөрүндө чагылдырылат.

**Коңулчу** - саруу уруусунун курамындагы урук. Коңул - бир нерсенин астындагы, боорундагы көңдөйчө, коңул (КТТС, 547). -чы / -чу мүчөлөрү түрк тилдеринде продуктивдүү колдонулат жана адамдардын кесибин, социалдык абалын, жашаган аймактарын аныктайт (Каратаев, 1994, 54-55).

**Коңур уулу** - чекир саяк уруусунун чоронун курамындагы уруу (Абрамзон, 120). Антроноэтноним. Параллелдери казак, түркмөндөрдүн, башкыр, ногойлордун уруулук курамдарында бар (Жанузаков, 1982, 170; Атаниязов, 1988,50; Баскаков, 1940, 132-140).

**Коңурат** - кыргыздын эзелки урууларынын бири (Абрамзон, 120). Элдик санжыранын маалыматтарында Булгаачылар уруулук тобуна, айрым варианттарында оң канатка киришери баяндалып жүрөт. Этникалык аталыш XIII к. белгилүү жана өз кезегинде азыркы Монголиянын аймагын байырлаган күч-кубаттуу, көп сандуу уруулардан болгон (эскертүү: монгол тилдүү уруулар азыркы Монголиянын аймагына IX-X кк. чыгыш, түндүк-чыгыш тараптардан жер которуп келишкен; тагыраак айтканда, бул аймакты кыргыз,уйгур ж.б.түрк тилдүү уруулар эзелтеден байырлап келишкен). Ошол учурдагы коңураттардын уруулук бирикмесине бир нече ири уруктар киргендиги маалым: инкирас, олкунут, каранут, кункулут (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 160-166). Монгол санжыраларында Көк Теңирден тарары баяндалган коңураттар (монг. "хонкират")

www.bizdin.kg



Чыңгыз хандын жана анын мураскорлорунун тушунда хан сарайда өзгөчө сый-урматтуу абалга ээ болушкан. Улуу каган жана анын уруулаш тууганда-рынын басымдуу бөлүгү коңурат кыздарына үйлөнүшкөн. Чыңгыз хандын энеси жана улуу байбичеси Бөртэ коңурат кыздары болушканы маалым (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн. I, 160-163; Тынышпаев, 1929, 18; Жданко, 1950, 118). Арийне, орто кылымдардагы коңураттардын кайсыл тил тобунда сүйлөгөнү илимде алигече тактала элек. Деген менен, XI-XIII кк. түрк-монгол этникалык алакалары өтө бат жүргөн процесске айлангандыктан, айрым уруулардын кайсыл тил тобуна киришкендигин аныктоо өтө кыйынга турары ырас. Буга көчмөн табигый шарт, материалдык маданияттын, каада-салттын үлгүлөрүндөгү, диний-мифологиялык көз караштардагы жалпы окшоштуктар, чарба жүргүзүүдөгү жалпылыктар да негизги ролду ойногон. Мисалы, Абул Гази Бахадур хан (XVI к.) "Түрк санжырасында" ("Шежарай и-түрк") коңураттарды насили монгол тилдүү уруу экендигин жазат (Абул Гази, 1906, 47-48). Бирок, айрым иликтөөчүлөр өз маалыматтарында коңураттарды таза түрк тилдүү уруулар экендигин далидөөгө аракеттенишкен (Навширванов, 1926, Т.III, 83). Коңураттар XIII к. Чынгыз-хандын жеңип алуу жүрүштөрүндө өтө жигердүүлүк менен катышышкан (Тынышпаев, 1925, 18). Бул уруу кийинчерээк, Батый-хан негиз-деген Алтын Ордонун мамлекеттик-саясий турмушунда да өзгөчө абалды ээле-гендиги маалым (Атаниязов, 1988, 30). Бул фактылардын дээрлиги коңурат-тардын монгол жанырыгынын тушунда батышка жер которгондугун ырастайт. Н.А. Аристов Жучилердин мамлекеттик-башкаруу системасында, баш ийген элдерди башкарууда коңураттар өзгөчө укуктарды алууга жетишишкендигин жазат. Алтын Ордонун таасирлүү ханы Токтонун аялы да ушул уруудан чыккан-дыгы маалым (Кузеев,1974,182). Дал ушул түзүлгөн тарыхый шарттарда баш ийген элдерге, урууларга жалпы коңурат эн тамгасы тарала баштоосу мүмкүн. Анткени, бул пикирге Алтын Ордонун башкаруучу төбөлдөрүнүн (ак сөөктөрү), кийинчерээк мезгилдеги казак султандарынын уруулук белги катары ушул эн тамганы кабыл алышкандыктары далил боло алат. Маалыматтар коңураттардын өздөрүнүн биримдигин катаал тарыхый шарттарда да сактап калышкандыгын аныктайт (Кузеев,1977,182). Этникалык аталыштын параллелдери казак, кара-калпак, өзбек, башкыр, ногойлордун уруулук курамдарында бар (Тынышпаев, 1925, 18; Жданко, 1950, 118; Кармышева, 1976, 90-93; Кузеев, 1974, 181-183; Керейтов, 1994, 17-18). Мындан сырткары, учурда монголдордун ичинде "гунгир", "гунграт", сары уйгурларда "конграт" аттуу уруктар бар экендиги белгилүү (Лебедева, 1958, 222-224; Тенишев, 1962, 62). Этникалык компонент кыргыздардын курамына Саян-Алтайда монгол тилдүү ж. б. уруулар менен кошуна жашаган учурда эле кирүүсү ыктымал. Этнонимдин мааниси боюнча илим чөйрөлөрүндө бир катар кайчы пикирлер бар. Айрым авторлор этнонимди түз эле коңур түскө (коңур + ат " т; -т монгол тилдеринде көптүк маанини аныктайт) байланыштырышса (караңыз: Навширванов, 1929, Т.III, 83), С.М. Абрамзон энчилүү аттын чыгыш тегин жылкылардын түсүнө карата бөлүнгөн аскердик топтун аталышына жакындатат (Абрамзон, 1946, 129). Ал эми Абул Гази-хан (XVII к.) этникалык аталыштын келип чыгышын монгол санжыра-ларында эскерилген Чурлык Мэргэн Хонхиратка байланыштырат (Абул Гази, 1906, 47) ж.б.у.с., Кыргыз илимпоздорунун дээрлиги биздин баамыбызда С.М. Абрамзондун пикирин колдоп келишери маалым. Арийне, этникалык аталыштын мааниси боюнча бизде башка, тагыраак айтканда, илимий негиздүү далилдер бар. Монгол тилинде "хондхур" - чункур, ойдуң, казылган тереңдетилген жер; бурятча "хонхор" тереңдетилген, чуңкур, ойдуң, колот маанилерин туюнтат (караңыз: Молчанова, 1979, 242). Хонqхич + at ; -т (at) монгол тилдеринде

www.bizdin.kg



көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө. Мисалы, ойрот, дөрбөт, өлөт, тайчиут ж. б., демек, этноним жылкынын түсүн эмес, "ойдуң, колоттуу жерде, өрөөндө жашагандар" маанисин туюнтат. Кыргыздын мундуз уруусунун курамындагы "коткор" (мундуз) этноними да бурят-монгол тилдеринде "ойдуңдагы, түздүктөгү мундуздар" маанисин берет. Топонимикалык аталышка байланыштуу келип чыккан уруу (урук) аттары кыргыз этнонимиясында бир топ санда кездешери маалым. Хакас этнографы, профессор В.Я. Бутанаев сунуш этип жүргөн Хонгорай, Конгурай (Хакасиянын XVIII к. кийинки аталышы) термини "ойдуң", "өрөөн", "терeңдик" маанисин аныктайт десе болот.

**Коңурбай тобу** - сарттар уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 120). Антропоэтноним. Параллелдери казактарда-"коңур бөрүк", түркмөндөрдө - "коңурлы" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 170; Атаниязов, 1988,50).

**Колдо** - төбөй уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 116). Этноним башкыр тилинде "калдау" - "дегээ" маанисин түшүндүрөт. Калдау - башкырлардын "улу катай" уруусунун эн тамгасы болуп саналары маалым (Кузеев, 1974, 222). Дегээ - сабы узун, балыкты сайып кармай турган учу эки ача темир (КТТС, 242). Этнонимдин уруулук эн тамганын атына далилденип келип чыгышы чындыкка жакын.

**Колпоч** - саруу уруусундагы төңтөрттүн курамындагы урук (Абрамзон, 120). С.М. Абрамзон колпочторду кыргыздардын курамына XV-XVIII кк. кирген казак этнокомпоненти катары карайт (Абрамзон, 1990, 59). Мындан сырткары, ушул эле автор чекир саяк, жетиген, чогорок ж.б. уруу-уруктардын казактар менен теги жакындыгын белгилеген көз карашын айткан (аталган эмгек, 59-б.). Арийне, бул көз караш айрым илимий негиздүү түзөтүүлөргө, иликтөөлөргө муктаж.

**Кончой** - черик уруусунун (бай чубак) курамындагы урук (Абрамзон,120). Болжолу, этнонимдин теги байыркы түрк дооруна таандык. Махмуд Кашгари "Сөздүктө" төмөндөгүдөй аныктама берген: Кончой - баш айым. Ал "хатундан" (каншайымдан) эки даража төмөн турат. Мындан улам "Катун-кончой" деп айтылат (Чороев, 1991, 457).Эскертүү:"хатун"-орто кылымдардагы түрк-монгол тилдүү урууларында бийик даражалуу ханышанын, айымдын атына жалганып айтылган.

**Корумшу** - кушчу уруусундагы жооштун курамындагы урук (Абрамзон, 120). Корум + шу / -чу.Корум 1. Тоонун беттеринен, жардан, аскалардан урап, шыгырап жыйылган шагыл таштар. 2. Кара корум = карарган түс (КТТС,553). Уруктун аталышы болжолу, жердин рельефине байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. Кара-Корум Чынгыз-хан негиздеген монгол империясынын борбору болгондугу маалым.

**Коткор мундуз** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 120). Этнонимдин түз параллели алтай-телеуттардын курамында бар (Потапов, 1966, 235). Мундуз, коткор мундуз, зулум мундуз этнонимдеринин бир эле мезгилде эки элде чагылдырылышы аталган уруунун Борбордук Азия менен байланышын аныктары шексиз. Аталган алтай жана кыргыз уруктары алгач, бир этникалык кыртышты түзүшү толук мүмкүн (Молдобаев, 1995, 112). Академик Б.Ө.Орузбаева "коткор" сөзүн кыргыз тилине монгол тилдеринен келип киргендигин белгилейт (Орузбаева, 1980, 71). "Хотгор" монголчодон которгондо 1."Ойдуң", "өрөөн"; 2. "Кайкы", "ичин көздөй чункурайган" дегенди аныктайт (Монгол орос толь, 1957, 543). Коткор мундуз этникалык аталышы "ойдуңдагы, өрөөндөгү мундуздар" деген маанини аныктайт десе болот. Жердин рельефине байла-

www.bizdin.kg



ныштуу келип чыккан этникалык аталыштар кыргыз этнонимиясында бир топ санда кездешери аныкталган. Демек, "коткор" - "коңурат" синонимдеш этникалык аталыштар катары кароого болот.

**Котоздор** - ават уруусунун курамындагы урук (Чороев, Урстанбеков, 1990, 87). К.К.Юдахин котоз - топос (топоз) маанилеш сөздөр экендигин белгилейт (Юдахин, 410). Этникалык аталыш байыркы маанисин сактап келет. Эзелки маанисинде төмөндөгүчө аныктама берилет: 1. Нур чачкан, нуру төгүлгөн бугу, марал, топоз; 2.Энчилүү адам аты (ДТС, 475). Qutuz - жогорку даражалуу, ыйык бугу (Махпиров, 1998, 203). Баласагындык Жусуптун "Кутадгу билигинин" (Кут алчу билим) Намангандан табылган нускасынан "Qutuz" аттуу энчилүү атты кезиктирүүгө болот (ДТС, 475). Этнонимдин параллели түркмөндөрдөн "гудуз" формасында кездешип, мааниси "айбаттуу", өтм. "жырткыч" дегенди аныктайт (Атаниязов, 1988, 58). Этникалык аталыштын баштапкы мааниси тотемистик көз карашты чагылдырары шексиз. Ал эми Саян-Алтай шамандарынын ишенимдеринде бугу, бука, топоз жаныбарлары Жер-Эне менен Көк Теңирдин ортолугундагы байланыштыруучу канаттуу мингич аргымакты элестетерин аныктаган фактылар арбын.

**Котон** - солто, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 120). Этнонимди Хотон топоними, хотондор деген этнографиялык топ менен байланышта кароого негиз бар. "Хотон" монгол тилинде: 1."Биргазан" (пеликан); 2."маяк" маанилерин туюнтат (Монгол орос толь, 1957, 543). Этнонимдин параллели түркмөндөрдүн курамынан "готан" формасында кезиктирүүгө болот. Бул термин түркмөн тилинде да жогорудагыдай эле мааниге ээ (Атаниязов, 1988, 30). Тарыхый булактар, этнографиянын, фольклордун, топонимиканын маалыматтары, илимий изилдөөлөр кыргыздардын Тибет, Кашмир, Хотанга чейинки аймактарды мекендешкендигин тастыктайт. Азыркы учурда Монголияда Кытайдан (Батыш Кытай) көчүрүлүп келинген хотондор деген түрк тилдүү этнографиялык топ бар. Саны 3000 чамалуу бул топтун негизин Чыгыш Түркстандын түрк тилдүү калктары түзгөн (Ральдин, 1968, 29). Манжур (Цинь династиясы) бийлигинин тушунда туткундалган хотондор учурда Улан Гомдун Хархира дарыясына чукул жерлерде жашашат. Бир топ этникалык компоненттерди кучагына камтыган бул энчилүү ат жердин аталышына байланыштуу келип чыккан деген көз караштар бар. Айрым маалыматтар бул этнографиялык топтун бир нече кылым илгери Хотон тоолорунда жашашкандыктарын тастыктайт (Абрамзон 1990, 67-68). Хотон топоними "Манас" дастанында да чагылдырылат ("Манас". Энциклопедия, Т. I, 324). С.Е. Малов өз изилдөөлөрүндө хотондордун кыргыздарга этникалык жактан жакындыгын белгилеген жүйөлүү пикирин айтат (Малов, 1957). Жунгар (Ойрот) хандыгынын тарыхы боюнча абройлуу адис И.Я. Златкин "хотон" терминине төмөнкүдөй аныктама берет: Хотон - кандаш туугандыкка негизделген, чогуу чарба жүргүзүшкөн үй-бүлөлөрдүн тобу. Хотондо 4, 10, 50 андан көбүрөөк үй-бүлө болгон. Бир нече хотон аймак же отокту түзүшүп, ал төмөнкү феодалдык ээликти аныктаган. Отоктор же аймактар тобу - улусту, ал эми улустар - Жунгар хандыгын түзгөн (Чернышев, 1990, 59). Биздин пикирде, теги кыргыздарга жакын, учурда Монголияда жашап жатышкан хотондордун энчилүү атынын түпкү мааниси И.Я.Златкин келтирген аныктоого дал келери шексиз. Кыргыздардын курамындагы "котон" этнонимин Жунгар (ойрот) доору, Хотан топоними менен байланышта кароого негиз бар.

**Котур** - тейит уруусунун курамындагы урук, топ (Маанаев, 1969, 25). Антропоэтноним. Котур - бүдүр болуп чыккан теринин кычыштырма жугуштуу оорусу (КТТС, 338). Этникалык аталыш лакап аттан улам келип чыгуусу мүмкүн.

www.bizdin.kg



**Кочкор** - баргы, бөрү, дөөлөс, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 120). Этнонимдин параллели алтайлыктарда (алтай-кижи) "кочкор-мундуз" формасында бар (Баскаков, 1985, 21). Түркмөн ономасты С.Аталиязов этнонимдин чыгыш тегин алгачкы жамааттык коомдогу тотемистик түшүнүктөргө байланыштырат (Атаниязов, 1988, 50).

**Кочкор тейит** - тейит уруусунун курамындагы урук (Маанаев, 1969, 25). Бул уруктун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү Тажикстан жана Өзбекстандын аймактарын эзелтеден мекендеп келишери маалым. Этникалык аталыштын параллели алтайлыктардын (алтай кижи) курамында бар (Баскаков, 1985, 11). Енисей кыргыздарынын түз урпактары катары эсептелген хакастарда "хосхар" сөзү башкача маанини аныктары маалым: Хосхар 1. Эчки-теке, 2. Апрель айы, 3. Чөмүч жылдыз (Малая Медведица, Малый ковш) (Бутанаев, 1999, 191).

**Кош бычак** - багыш уруусунун курамындагы уруктун аталышы (Абрамзон, 121). Этноним уруулук эн тамганын атына байланыштуу келип чыккан. Эн тамганын аталышына байланыштуу келип чыккан этнонимдин байыркылыгы аныкталган. Этнонимдин параллели өзбек-коңураттарда - "кайчылы", казактарда "кайшы / /кайчы" формаларында кездешери маалым (Кармышева, 1976, 90; Тынышпаев 1925, 64).

**Кош кары** – бостон уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,196). Лакап антропоэтноним. Параллелдери түркмөндөрдө "гошмак", "гош хадалы" формаларында кездешери аныкталган (Атаниязов, 1988, 51).

**Кош кулак** - багыш, баргы урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 120). Лакап этноним. Параллели казактардын уруулук курамынан "кос кулак" формасында кездешет. Казак ономасты, профессор Т.Жанузаков этнонимдин мааниси лакап атты аныктарын белгилейт (Жанузаков, 1982, 76).

**Кош пычак** - багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 120). Этнонимдин параллелдери каракалпак жана өзбек-кыпчактардын курамынан "ак пшак" (ак бычак) формасында кездешет (Жданко 1950, 37; Шаннязов, 1974, 130). Этникалык аталыштын чыгыш теги уруулук (уруктун) эн тамгага байланыштуу келип чыккандыгы байкалып турат.

**Кош тамга** – дөөлөс (алангар) уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Аттокуров, 1995, 204). Бул уруктар тобуна төмөнкүлөр кирет: 1.меркит; 2.муркут; 3.гирей; 4.шорон; 5.жору; 6.кысроо; 7.буралар.

**Кош тамга** – дөөлөс, мунгуш урууларындагы уруктар тобунун жалпы аталышы (Аттокуров, 1995, 88, 204). Этникалык аталыштар уруулук эн тамгалардын аттарына байланыштуу келип чыккан. Параллелдери өзбек-коңурат,казак, каракалпак, түркмөндөрдүн курамдарында бар (Кармышева, 1976, 90; Тынышпаев, 1925, 60; Жданко, 1950, 39-62; Атаниязов, 1988, 51). Дөөлөс уруусундагы кош тамга уруктар тобуна төмөнкүлөр кирет: меркит, муркут, гирей, шорон,жору, кысроо, буралар; Мунгуш уруусундагы кош тамга уруктар тобуна төмөнкүлөр кирет: соколок, эрке кашка, улуу катын, төлөйкөн, мангыт: Эн тамга түзүлүштөрү: (мунгуш уруусу боюнча): X + II.

**Кубат** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 121). Параллелдери жетиген, мундуз, сары багыш, солто урууларынын курамдарында бар. Антропоэтнонимдер. Кыргыздын кушчу уруусунан белгилүү инсан Кубат бий чыккан. Кубат бий башында турган кыргыздар Орто Азиянын жана Чыгыш Түркстандын саясий турмушуна өтө жигердүүлүк менен катышышкан. Кубат бий бул чөлкөмдөрдөгү эң ири саясий ишмер жана аскер башчысы экендигин тарыхый жазма булактар, элдик санжыра-уламыштардын маалыматтары ырастайт.

www.bizdin.kg



**Кубатбелек** - сары багыш уруусундагы жантайдын курамындагы ири уруктардын бири. Бул уруктун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү Чоң Кеминди байырлап келишет.

**Кудай менде** - жетиген уруусундагы кыбалдын курамындагы урук, топ (Абрамзон, 121). Антропоэтноним. Параллелдери баргы, бугу, саяк урууларынын курамында бар.

**Кудайкул** - солто (бөлөкбай), чекир саяк (курман кожо), дөөлөс (зумбул) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 121). Антропоэтнонимдер. Параллелдери казак жана түркмөндөрдүн курамынан кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 170; Атаниязов, 1988, 125).

**Кудайлат** - басыз уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 123). Этникалык аталыштын параллелдери тувалардан "хоодай", башкырлардан "кудей" формаларында кездешет (Потапов, 1969, 71; Кузеев, 1924, 210-211). Айрым тарыхый фактылар, лингвистикалык салыштыруулар, топонимикалык аталыштар кудайлаттардын байыркы енисейлик кыргыздардын курамында болгондугун тастыктайт. Тувалардын тарыхый фольклорунун айрым маалыматтары тува элинин курамына жуурулушкан (Тува Республикасы, Эрзин аймагы) кыргыз уруусун Эрзин аймагына Хоодай жана Үстүг аттуу бабалары көчүрүп келгенин баяндайт (Потапов,1969,71). Тувалардын курамындагы "кыргыз" уруусу (эскертүү: тувалардын ичинде өз алдынча "кыргыз" аттуу эки уруу бар). 820-840 жж. Уйгур каганатын багындырган мезгилден эле аталган аймакты байырлап келиши ыктымал. Кызыктуусу, бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуңунда Худалат (Кудалат) аттуу топонимикалык аталыштын сакталып келүүсү олуттуу факт болуп калары шексиз (Бутанаев, 1995, 180). Бирок, бул маселеде айрым бир көз караштар бар. Л.П. Потапов,В.В. Радловдун илимий негиздүү жыйынтыгын колдоп, курамына "хоодай" уруусу кирген эрзиндик тува-кыргыздарды 1663-жылы Алтын-хандар (монгол хандарынын династиясы) тарабынан Минусин ойдуңунан Түштүк Тувага көчүрүлгөн енисейлик кыргыздардын түз тукумдары деген жыйынтыкка келет (Потапов, 1969, 65-66). Хоодай = кудай + лат; -лат сөз жасоочу мүчө. Р.Г. Кузеев башкыр-кудейлердин тегинин Саян-Алтайдын этникалык чөйрөсү менен тыгыз байланышын жазат (Кузеев, 1974, 210-211). Демек, кудайлаттар кыргыз этносунун пайдубалын негиздөөгө байыркы урук (уруу) деген жыйынтыкка келүүгө негиз бар.

**Кудайназар** - саруу уруусунун (жети уруу) курамындагы уруу (Абрамзон, 121). Антропоэтноним. Параллели казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 171).

**Кузгун тобу** – сарттар уруусунун курамындагы. Этнонимдин параллели этнотопоним формасында Крым жарым аралында сакталып келери маалым (Лезина, Суперанская, 1984, 89; Лезина, 1985, 85). Кузгун – Өзгөн районундагы айыл аталышы катары белгилүү (СГНК, 1988, 121). Айылдын аталышы уруктун атынан улам келип чыккан (этнотопоним). Кузгун – түспөлү кара карга сыяктуу болгон ири канаттуу (КТТС,587). Кузгуңда (кузгун + да) – ташкындоо, көбөйүп, ашып = ташып агуу (КТТС, (Тувинско-русский словарь, 1968, 587). Бул канаттуунун аталышы тува тилинде "карга" дегенди аныктайт (Тувинско-русский словарь, 1968, 267) Тува, Түштүк Сибирдин ж.б. түрк тилдүү элдериндеги шамандардын эс-акылында кузгун (карга) оорулуунун шыпаасын издеп-табууда, башка каршылаш шамандарга дуба окууда колдоо күчүпө ээ болгон (Монгуш Кенин Лопсан, 1995, 149).

**Кул жаман** –нойгут уруусунун курамындагы урук. Лакап этноним. Параллели казактардан "кул", "жаман" формаларында кездешет (Жанузаков, 1988, 168, 170).

www.bizdin.kg



**Кул жыгач** - чекир саяк уруусундагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 121). Санжыра баяндары боюнча ушул эле уруктагы айтылуу Ит эмген Кулжыгачтын уулу катары эскерилет. С.М. Абрамзон энчилүү аттын адегендеги маанисин карышкыр деген түшүнүктөн алыс кароого болбой тургандыгын белгилеген (Абрамзон, 1990, 304-305). Анткени, ит карышкыр сыяктуу эле адамдардын эс-тутумундагы эзелки мифологиялык, тотемисттик түшүнүктү чагылдырат. Бул илимий негиздүү маселеге кыргыз жана лакайлардагы эзелтеден сакталып келе жаткан мифологиялык иттер жөнүндөгү уламыштар далил боло алары шексиз (караңыз: Кармышева, 1954, 78; Абрамзон, 1990, 305,306).

**Кулан сарык** - чоң багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,121). Бул уруктун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү Чыгыш Түркстанды эзелтеден мекендеп келишет. Кулан - жапайы жылкы (КТТС,591).Кулан -байыркы түрк доорундагы адамдардын энчилүү аты катары да белгилүү (ДТС, 464). Кулан XVII к. шаар аталышы (Түштүк Казакстан) катары да маалым болгон. XVII-XVIII кк. Фергана өрөөнүнө журт które кулан-кыпчактар (кыргыз-кыпчактар) Кокон хандыгында чоң согуштук-саясий күчкө айланышып, ордодогу бийлик күрөшүнө өтө жигердүүлүк менен катышышкан. Кокон хандыгынын мезгилинде кулан-кыпчактардан Мусулманкул деген ири саясий, мамлекеттик ишмер чыккандыгы маалым (Шаниязов, 1974, 144). Этнонимдин параллели казактарда (кыпшак уруусу) “кулан”, “кулан-кыпчак” формаларында кездешет (Жанузаков, 1982, 170). Бул маалыматтар уруктун келип чыгышындагы кыпчак этникалык чөйрөсү менен байланышын аныктайт десе болот.

**Кулжугач** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 121). Этнонимдин параллели казактардын курамынан “кулшигаш” формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 170).

**Кулун** – бугу, чоң багыш урууларынын курамдарындагы уруктар. Кулун: 1. Жылкынын жаңы туулган баласы, тай болгонго чейинки жаш төлү; 2. өтм. Баланы эркелетүүгө же “туяк”, “тукум”, “бала” деген түшүнүктү билдирүүдө колдонулуучу сөз (КТТС, 593). Хакас тилинде “хулун” 1. Кулун; 2. Жылкынын жашын өлчөөнүн бирдиги. Мисалы, “бир кулун” - хакастарда жыйырма жылга барабар убакытты туюнтат (Бутанаев, 1999, 194). “Кулун” байыркы түрк доорунда (VII-X кк.) адамдын энчилүү аты катары да белгилүү болгон (ДТС, 465). Этнонимдин параллели кыргыздарда этногенетикалык жакындагы аныкталган сары уйгурлардын курамында бар (Малов, 1957, 69-70).

**Кулунчак** – генонbackим. Элдик генеологиянын маалыматтарында Ку уул, андан Көбөш, Көбөштөн –Кулунчак, Кулунчактан – басыз уруусу тарары чагылдырылат (Төрөкан уулу, 1995, 65).

**Кулунчак** - чоң багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 122). Кулунчак I. 1. Кичинекей, жаш кулун. 2. өтм. Өтө жаш, кичинекей бала; II. 1. Ак гүлдүү, гүлдөрү ичке, узун сөңгөгүнө жабыша чыккан куурай; 2. диал. чыгыш (КТТС, 593).

**Курама** - солто, тейит урууларынын курамдарындагы урук аттары. Этнонимдердин параллели өзбек жана казактарда бар экендиги маалым (Кармышева, 1976, 208; Файзиев, 1961, 232-239; Жанузаков 1982, 170). Айрым изилдөөчүлөр (А.П. Окладников ж.б.) этнонимдин чыгыш тегин (курамачиндер) байыркы түрк дооруна байланыштырышат. Бул уруу байырлаган аймактагы жерден табылган руникалык жазуулар да буга мисал боло алары шексиз (Бертагаев, 1970, 128 ). Аталган байыркы уруунун урпактары “курамша = курамчи” деген ат менен Эхирит-Булагат аймагындагы буряттардын курамында сакталып калган.

www.bizdin.kg



Т.А. Бертагаев өз изилдүүлөрүндө курамаларынын тегин монгол тилдүү уруулардын чөйрөсүнө таандык жана "кура-х=хура- х"-"жыйналуу", "биригүү" маанисин аныктарын белгилейт (көрсөтүлгөн эмгек, 128-129 б.). Хурамша ~ курамча; чин; -ча, -шан, -ша; -чин мүчөсү монгол тилдеринде кесипти, кыймыл-аракетти аныктайт. Демек, хурамша=курамча=курамчин этноними бурят-монгол тилдеринде "бир кесипке негизденген адамдардын тобу, жыйыны" маанисин туюнтат. Бүгүнкү күндө өзбектердин курамына жуурулуу процесси жүрүп жаткан, өзүнүн антропологиялык, маданий-этникалык өзгөчөлүгүн сактап калган курамалардын теги, келип чыгышы өтө татаал учурда Ангрен оазисин байырлаган курамалар өздөрүнүн тегин казактын улуу жана орто жүздөрүндөгү уруулар менен байланыштырышат (Губаева, 1991, 39). Азыркы аймакта XVII- XVIIIкк. көчүп келген курамалардын жайгашышы, чарбасы, жергиликтүү этникалык чөйрөдөн айрым өзгөчөлүктөрү Н.А. Аристовдун эмгегинде да чагылдырылат (Аристов, 1894, 386-388). Фергана өрөөнүнө журт которгон курамалар кереит, жалайыр, жапалак, тору айгыр, кара чапан, чувалдак (чуулдак), алчын, уйшун, беш калң (таз), карасыйрак (карашыйрак) ж.б. уруктардан турган. Бул уруктардын таасирдүүсү жалайырлар болушкан (Губаева, 1991, 40). Аталган курама урууларынын дээрлигинин кыргыз этнонимиясында параллелдери бар. Т.А.Бертагаев монгол тилдүү курамчиндердин түрк уруулары менен дайыма алакада болгондугун билдирет (Бертагаев, 1970, 128). Демек, курама этнониминин тегин Борбордук Азиянын этникалык чөйрөсү менен байланышта кароо зарыл деген маселе келип чыгат.

**Курама-кыпчак** -кыпчак уруусунун курамындагы урук (Маанаев, 1969,25). Этнонимдин параллели солто, тейит урууларында "курама" формасында кездешет (караңыз: "курама" этноними). С.М. Абрамзон курама-кыпчактарды түрдүү этнокомпоненттерди кучагына камтыган уруулук бирикме катары карайт (Абрамзон, 1946,129). Бүгүнкү өзбек-курамалардын этностук негизин Дешт-и Кыпчактан келген кыпчак тилдүү (казак) уруулар түзгөн. Анткени, аталган этнографиялык топтун курамында кыргыз этнокомпоненттери да арбын учурары аныкталып келүүдө.

**Курманкожо** – чекир саяк уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 122). Этнонимдин параллели казактардын уруулук курамынан "курман-кожа" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 170).

**Курт бала** - найман уруусунун курамындагы урук."Курт"- байыркы жана азыркы огуз тилдеринде сүйлөгөн элдерде "карышкыр", "бөрү" маанисин туюнтат. Бөрү, карышкыр, гурт/ курт, мачак синонимдеш сөздөр. Этнонимдин биринчи компоненти «курт» адамдардын байыркы тотемисттик түшүнүктөрүн чагылдырат. Карышкырды көпчүлүк түрк-монгол элдери эзелтеден эле ыйык тутушуп, ага сыйынышкандыктары маалым (караңыз: бөрү этноними). Саруу жана дөөлөс урууларында "түктүү курт", "сары курт", "кызыл курт" аттуу негизги тотемдик этнонимдер бар экендиги белгилүү. Этнонимдин параллели түркмөндөрдө "гурт", каракалпактарда "жети курт" формаларында кездешери маалым (Атаниязов, 1988, 55; Жданко, 1950, 32).

**Куртка** - бөрү, кыпчак урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон,122). Байыркы түрк тилдеринде "qu rtga" - жашы улгайган кемпир маанисин туюнткан (ДТС, 469). К.К. Юдахин "куртка" сөзүнө "жапыз бойлуу карагана сымал өсүмдүк" деген маани берет (Юдахин, 450). Этнонимдин параллелдери "куртка мерген"(саяк), "куртка деңиз" (солто) формаларында кездешет. Мындан сырткары, Жумгал жергесинде Куртка (Куртка чеби) топоними бар экендиги маалым.

www.bizdin.kg



**Куртка мерген** - саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,122). Антропоэтноним. Этникалык аталыштын кыргыздардын эзелки аңчылык кесиби менен байланышкандыгы көрүнүп турат. Мерген - мылтык менен уучулук кылуучу адам (КТТС, 406). Этнонимдин параллели өзбек-коңураттардан "мергенчи" формасында кездешерп аныкталган (Кармышева, 1976, 90 - 93).

**Куттук сейит** - багыш, сары багыш, солто урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 122). Этнонимдердин параллели ферганалык көчмөн-өзбектердин курамында бар (Губаева, 1983, 145).

**Кутумбет** - саруу уруусунун курамындагы колпочтун курамындагы урук (Абрамзон,122). Антропоэтноним. Параллелдери солто уруусундагы шалта жана талкандын курамдарында бар.

**Куу сөөк** - моңолдор уруусундагы бөгөнөктүн курамындагы урук (Абрамзон,122).Этникалык аталышты кыргыздардагы "Куу уул" генонимп, орто кылымдардагы "куман" (половец), алтайлыктардагы "куманды", "куу кижи" (челкандар, лебединецтер), туваларда "кезек хуулардын" уруу (урук) аттары менен параллель коюуга болот. Бул багытта таанымал иликтөөчүлөрдүн эмгектери бар. Биздин пикирге жана колдогу болгон илимий негиздүү маалыматтарга таянып, этнонимди "Куу" (ак куу, кара куу) = сөөк (урук) -"ак куу (кара куу) уругу" маанисинде чечмелөөгө болот. Сөөк - хакас тилинде "урук","уруу" маанилерин берери маалым (Бутанаев, 1999, 119-120). Иликтөөчүлөрдүн айрымдары (В.Радлов, Н.А. Аристов ж.б.) алтай-кумандыларды жана челкандарды (куу кижи) түрктөшкөн енисейлик остяктар деген жыйынтыкка келишет. Куу-эзелки хуннуларда, түрктөрдө сыйынуучу канаттуу онгон болгондугун аныктаган фактылар бар. Бул мифологиялык сюжет байыркы славяндардын мифологиясында (Кый, Лебедь ж.б.) да кенен таралгандыгы анык. Байыркы Кытайдагы "Чжоушу" жыл баяндарында төмөндөгүдөй маанидеги уламыштар айтылат: "... түрктөрдүн ата-бабалары хуннулардан түндүгүрөөк жерде жайгашышкан Со мамлекетинен келип чыгат. Алардын жетекчиси Апангпу дегендин он жети бир тууганы болуптур. Алардын ичинен Ичинишиту деген шаман (кам) иниси төрт уулдуу болот. Анын үч уулу эл башкаруучу болуп, бир туугандардын эң кенжеси "Тюкю" деген наам алат. Ортончу уулу ак кууга айланып учуп кеткен имиш. Тюкюдан -Ашина, Ашинадан андан кийинки түрктөр таралыптыр..."(Бичурин Н.Я, Т.1, 221-222). Н.А. Аристов Со өлкөсү жайгашкан аймакты Алтайдагы Куу (Лебедь) дарыясы аккан жерге жайгаштырат (Аристов, 1894, 279). Л.П. Потапов да өз иликтөөлөрүндө жогорудагы айтылган көз карашты колдойт (Потапов 1969, 54-55). Ак куу - Сибир элдеринин мифологиясында түрдүү касиеттеги колдоочу (покровитель) жана сактоочу (хранитель) функцияларына ээ болгон. Маселен, тунгус тилдүү элдерде ак куу аңчылыкты колдоочу касиетине ээ болсо, селькуптарда, бурят, якут жана Саян-Алтай элдеринде ачык тотемисттик белгилерге ээ болгон. Куудан - аялдар үй-бүлөлүк жыргалчылыкты, ынтымакты, сактоочуну, ал эми эркек кишилер аң уулоодогу колдоочуну көрө алышкан (Потапов 1959, № 2, -с.18-19). Г.Н. Потанин бурят-хангиндерде бул уруунун ак куудан тараган деген уламыш бар экендигин жазат. Уруктун өкүлдөрүнө ак кууну өлтүрүүгө, ага зыян келтирүүгө табу салынган (Потанин Г.Н. Очерки Северо-Западной Монголии. Т. IV. Спб., 1883, 23). Бул мифологиялык сюжетке "Огуз каган жөнүндөгү легендадагы тарыхый чындык" аттуу А.Н. Бернштамдын илимий макаласын параллель келтирүүгө болот (караңыз: Огуз этноними). Якуттарда куунун этин жегенге тыюу салынган. Куу - эне тараптагы туугандардын сактоочусу милдетин аткарган. Тувалардагы кезек-хуулар уруусунун өкүлдөрү кызга кудаа түшүү үчүн атын

www.bizdin.kg



алынган ак кууну (кара кууну) болочок кайынга (кайын-журт) алып барса, ал (кайын ата) кызын сөзсүз берүүгө макул болгон. Кара Чоодуларда (тувалардын уруусу) бул салт аркылуу мүлктүк абалын оңдон алууга жетишишкен фактылар катталган. Бул мисалдар уруунун башкы тотеми болгон ак куунун көп кырдуу касиетинин адамдардын аң-сезимине өтө терең сиңгендигин чагылдырат (караңыз:Потанов, Л.П.1952,20-21). Жогорудагы салт закамендик буряттарда да кенен таралгандыгы маалым (Галданова, 1992, 12-14). Атып алынган кууну болочок кайынга (кайын-журт) тартуу кылуу хакастарда "төргiн" (кырг. төркүн) деп аталган. Бул архаикалык, тотемисттик-мифологиялык салт байыркы энелик доор менен тыгыз байланышкан. Терең этникалык-маданий жана социалдык мааниси бар бул салт Л.П. Потапов, В.Я. Бутанаев ж.б. окумуштуулардын иликтөөлөрүндө кенен чагылдырылат.

**Кучкач** I. Баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 122). Этноним көбүнчө суу бойлоп жүрүүчү, бүт денеси кара, анча чоң эмес канаттууга байланыштуу келип чыккан. Кара кучкач - кара чыйырчык (КТТС, 605-606). Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" бул энчилүү ат "qusgac" формасында чагылдырылат (Махмуд Кашгари, Т.1, 455). Мындан сырткары, бөрү, чекир саяк урууларынын курамында да "кара кучкач" деген урук аталыштары бар экендиги аныкталган.

**Кучкач** II. Жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 122). Кучкач-канаттуунун аталышы. Көбүнчө суу бойлоп жүрүүчү бүт денеси кара, анча чоң эмес чымчык (КТТС, 605-606). Этникалык аталыш Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" "Qusgac" формасында чагылдырылат (Махмуд Кашгари, Т.I,455; ДТС, 471). Параллелдери бөрү, саяк, чекир саяк урууларында "кара кучкач" деген урук аталыштары катары белгилүү (Абрамзон, 117). Этноним тотемдик түшүнүктү чагылдырышы да толук мүмкүн.

**Кушчу** - сол канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 122). Айрым учурларда "кутчу" уруусу деп да айтылып жүрөт. Теги байыркы этнонимди куш + чу; -чы: "куш кармоочу", "куш таптаган саяпкер" маанисинде чечмелешет. Башкырлардын уруулук курамындагы "кошсы" этноними да жогорудагыдай эле мааниге ээ (Кузеев, 1974, 215). Алгач ирет, кушчулар азык уруусу менен бирге,("ассиги" жана "гешу") Батыш Түрк каганатынын(VII к.) Нушиби деген аймагына киргендиги кытай жыл баяндарында эскерилет (Бичурин, 1950, Т.I, 288-289). VI-VII кк. кушчулар Орто Азияны каратып алган көчмөн түрк тилдүү уруулардын курамында болушканы белгилүү. В.В. Радлов: "кыргыздын кучу (кушчу) уруусу теңир тоолук кыргыздар менен Енисей өрөөнүнүн этникалык байланышын аныктайт"деген жүйөлүү пикирин айткан (Радлов, 1887,22; Кузеев, 1974,216). "Кушчу" этнониминин байыркы тегин Алтай аймагы менен байланышта кароо зарыл (Кузеев, 1974, 216). Далил катары, С.М. Абрамзон кушчу этноними айрым башка кыргыз уруулары менен бирге Алтай, Чыгыш Түркстан, Иртышка жамаатташ аймактардагы байыркы түрк доорундагы этникалык чөйрөгө таандык экендигин белгилейт (Абрамзон,1971,60). Болжолу, бул энчилүү ат титул катары да кеңири колдонулган. VI к.түркмөндөрдүн каганы Муган-хан "Кущу" аттуу титулга ээ болгондугу маалым (Гумилев 1967, 28). XII к. кушчулар монгол тилинде сүйлөшкөн дөрбөндөгө убактылуу баш ийип калышкан. XIII к. экинчи жарымында кушчулар Батый хандын аскерлериндеги ири кошуун катары белгилүү болушкан (Кузеев, 1974, 216). Батышты көздөй журт которуп, чачыраган кушчулар кийинки ногой, түркмөн, башкыр, өзбек-коңурат, азербайжандардын курамдарына этнокомпоненттер катары киришти (Кузеев, 1974, 214-216; Кармышева, 1976, 90-98; Атаниязов, 1988, 36;Гейбуллаев,

www.bizdin.kg



1986, 59- 68). Этноним жер-суу аттарында Азербайжан жана Туркияда ондон ашык ирет чагылдырылат (Гейбуллаев, 1971, 89). Кыргыздардын этностук пайдубалын түптөөгө орчундуу салымы бар байыркы кушчу уруусу XVII-XVIII кк. Чыгыш Түркстандын саясий турмушуна өтө активдүү катышканы маалым. В.В. Радловдун пикирине таянсак, кушчу этнокомпоненти кыргыздардын курамында эрте орто кылымдардан эле белгилүү болгон. Буга "гешу" (кушчу) уруулук бирикмеси менен чогуу эскерилген бүгүнкү кыргыздардын курамындагы азык (кытай булактарында-"ассиги") этноними да далил боло алары шексиз.

**Көбөй** - солто (бөлөкпай) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 120). Антропоэтноним.

**Көбөн** - сары багыш уруусундагы жети кулдун курамындагы урук (Абрамзон С.М. ТКАЭЭ, Т.IV, 36). Көбөн -"Манас" эпосунда кыргыздардын Алтайдан Ала Тоого көчүү кеңешине наймандардын өкүлү катары катышканы баяндалган эпизоддук кейипкер ("Манас". Энциклопедия, Т.I, 330).

**Көгөй** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 121). Этнонимдин параллели Фергана өрөөнүндөгү кыпчактардын курамында "кугой" формасында бар (Шаниязов, 1974, 143). Алтайлыктардан (алтай-телеуттары) кездешкен "көгөй майман" (найман) уруусу менен аталган уруктун этникалык байланышы болуусу мүмкүн (караңыз: Баскаков, Тощакова, 1947, 216).

**Көйрөң багыш** – багыш уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы. Лакап этноним. Информаторлор этнонимдин келип чыгышынын себептерин бул уруктар тобунан белгилүү бийлер, атактуу адамдардын көп чыгышына байланыштырышат. Бул уруктар тобунун өкүлдөрү Көк-Арт өрөөнүндөгү Кызыл-Сеңир айылында турушары маалым (Информатор: Чанаков А., 25 жашта, уруусу багыш).

**Көк жатык** - мунгуш уруусунун курамындагы эң ири уруктардын бири (Аттокуров, 1985, 88). Параллели кыргыздарга теги жакындыгы аныкталып жаткан лакайлардын курамынан "көк ятык" формасында кездешет (Кармышева, 1952, 46). Көк Жатык - Ноокат районундагы айылдын аталышы катары да (этнотопоним) маалым.

**Көк карга** - каңды уруусунун курамындагы урук (Маанаев, 1969, 27). Этнонимдин параллели "карга" формасында моңолдор уруусунун курамында бар (Абрамзон, 118). Бул уруктун бир бөлүгү Өзбекстандын Анжиян аймагын эзелтеден байырлап келишет (Губаева, 1983, 32) Этнонимдин чыгыш деген байыркы тотемисттик түшүнүк менен байланыштырууга болот.

**Көк кушчу** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 120). Этникалык аталыштын биринчи компоненттин байыркы "көк" термини менен байланышта кароого болот. Могилян хандын (Билге каган) доорунда Чыгыш Хангайдагы Өтүкен деген жердин токойлуу аймагында жашаган түрк тилдүү урууларды көк түрктөр ("токойлуу аймактагы түрктөр") деп аташканы маалым (Кононов А.Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников. VII-IX вв. 1980,44: Атаниязов, 1988,52). Байыркы түрк доорунда "көк" кенен таралган антрокомпонент болгон. Мисалы, Көк Тутук, Көк Эркин ж.б., Казак ономасты В.Махпиров "көк" апелятивине "асман","көк асман", "эркин","негиз, тирек, тамыр" маанисинде аныктама берет (Махпиров, 1997, 194). А.Н. Кононов "көк" - түрк тилдүү элдердин географиялык терминологиясында "чыгыш", "чыгыш тарап" маанисин белгилерин жазган. Ошондуктан, "көк түрк" терминине "чыгыштагы түрктөр" же Чыгыш Түрк каганатынын эли ушундайча аталган.

www.bizdin.kg



Автор мисал катары гагауз - көк огуз, көк түрктөр ж.б. келтирет (Кононов, 1980, 44). Арийне, иликтөөчүлөр чөйрөсүндө бул маселе боюнча бирдей пикирлер жок. Түркмөн ономасты С.Атаниязов "көк" термини географиялык "батыш", "батыш тараптагылар" маанисин аныктарын жазат (Атаниязов, 1988, 52). Айрым булактарда Алтын Ордо мамлекети Көк Ордо же "Батыш Ордо" деп эскерилет (Бартольд В.В. Соч.Т.V, 130-139). Чындыгында, орто кылымдардагы Алтын Ордо мамлекети жана бүгүнкү гагауз этносу түрк тилдүү элдерден батыш тарапта жайгашканын эске алсак, анда "көк кушчу" - "батыш тараптагы, аймактагы кушчулар" дегенди туюнтары ырас.

**Көк көз** - кыпчак уруусунун курамындагы урук. Этноним лакап аттан улам келип чыккандыгы байкалып турат. Кыргыз этнонимиясында адамдардын сырткы келбетине, өңү-түсүнө ж.б. өзгөчөлүктөрүнө байланышкан урук аттары бир топ санда кездешет.

**Көк кыпчак** – кыпчак уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу,1995, 158). "Көк" түсү эзелки кыргыздарда бийиктикти, тазалыкты аныктагандыгын бүгүнкү хакастардын курамынан кездешкен "көк хыргыс" этноними аркылуу да байкоого болот (Караңыз: Бутанаев 1990, 145).

**Көк моюн** - багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 120). Этнонимдин параллелдери "көк моюн" жана "кара моюн" формаларында ферганалык өзбек-кыпчак, каракалпактардын ичинде бар экендиги аныкталган (Шаниязов, 1974, 136).

**Көк такыя** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,140). Параллели бугу уруусунда "кара такыя" формасында кездешет (Абрамзон,118).

**Көк чаар** – баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзан,120). Лакап этноним. Айрым учурда балыкка карата да айтылат(караңыз:Юдахин,1965,830).

**Көк чанак** – оргу уруусунун курамындагы урук. К.К. Юдахин чанак сөзүнө "көздүн айланасы", "нахтанын кабыкчасы", "нокоттун кабыгы, саадагы" ж.б. маанилерде аныктама берет (Юдахин, 844). "Чанак" сөзү туваларда "аттын тээрдиги" маанисин туюнтат (Вайнштейн, 1974, 135). Этнонимдин параллели "кара чанак", "ак чанак" формаларында өзбек-коңураттардын курамында бар (Кармышева, 1976, 11).

**Көк шыйрак** – бугу, бөрү урууларынын курамындарындагы уруктар (Абрамзон, 121). Параллелдери кара калпак жана лакайларда "кара сыйрак" формаларында кездешери аныкталган (Кармышева, 1954, 11; Жданко, 1950,37).

**Көк көз** - кыпчак уруусунун курамындагы урук. "Көк" компонентинин жардамы менен жасалган урук аттары кыргыз этнонимиясында бир топ санда кездешери аныкталган. Параллели Крым жарым аралында этнотопонимдер катары белгилүү. И.Н. Лезина орто кылымдарда жарым аралда "көккөз" деген уруунун көчүп-конуп жүргөндөгү жер-суу аталыштарында чагылдырарын белгилейт (Лезина, 1985, 93). Крым жарым аралы жана андагы окуялар кыргыздын эпикалык чыгармаларында да чагылдырылат (Молдобаев, 1995, 190-191). Орто кылымдардагы Дешт-и Кыпчак түрк уруулары менен кыргыздардын этникалык тыгыз алакалары өз алдынча атайын иликтөөлөргө муктаж.

**Көкө найман** - найман уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Аттокуров, 1995, 189). Этнонимдин биринчи компонентин төмөнкү маанилерде чечмелесе болот. Көкө (Теңир) - кудай (Юдахин, 418); Монгол тилинде "хөхөө" 1. Күкүк; 2. Кыштын өзгөчө суук мезгили, чилде дегенди туюнтат (Монгол орос толь, 1957, 557).

www.bizdin.kg



**Көкчө** – баргы, мундуз урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 120-121). Энчилүү ат "Манас" эпосундагы негизги каармандардын аты катары да белгилүү. Этноним байыркы түрк тилдеринде "Көкса" формасында "көккө жетүүнү эңсөө, самоо" маанисин аныктайт (ДТС, 313). Параллели казактардан "көкше" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 165).

**Көкчө көз** - мундуз, чертике урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 121), Антропоэтнонимдер.

**Көкшүн** – солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 121). Көкшүн 1. Өтө карыган абышка. 2. Кемпир. Көкшүн II. Көөсөсү суубоо, эңсегени басылбоо, самай берүү (КТТС, 567). Байыркы түрк тилинде "көксин" формасында айтылып, "буурул", "абышка" маанисин туюнтат (ДТС, 313).Этноним сөз катары байыркы формасын сактап калган. Энчилүү атты экзоэтноним катары кароого толук негиз бар.

**Көн** – найман (көн найман) уруунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 189). Көн – бодо малдын терисинен жасалып, ийи жакшы жетилбеген булгаары (КТТС, 570). Этноним сөз катары эзелки формасын сактап келет. "Көн"- байыркы түрк тилинде 1. "Ийленген тери", "булгаары". 2. "Түзөтүү", "оңолуу".3. "От", "күйүү" маанисин аныктайт (ДТС, 314). Биздин никирде, этникалык атылыштын биринчи маанисиндеги чечмелениши туура. Анткени, энчилүү урук-уруу аттары айрым учурда кесипти, ишмердүүлүктүн багытын, түрүн да аныктайт. Мисалы, уста (ават), актачы (найман), базарчы (кушчу) ж.б.у.с. Деген менен, этникалык аталыш байыркы мифологиялык-диний көз караштыı аныкташы да мүмкүн. Чыгыш жазма булактары байыркы кыргыздардын күйүп турган отко карата өзгөчө ыйык мамиле жасашарын баяндашат.

**Көн сарык** - саруу уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 149). Этнонимдин биринчи компоненти байыркы түрк тилинде "көн" 1. Ултарылган тери; 2. Күйүү, нерсени күйгүзүү маанисин берет (ДТС, 314). Экинчи компоненти сары + к; өң-түстү аныктайт. Сарык этноними кыргыз, тектеш түрк элдеринин уруулук курамдарында кенен таралганы маалым.

**Көсөө** - баргы, бөрү урууларынын курамындагы уруктар. Көсөө сакал-муруту чыкнаган, сакал-муруту өтө сейрек адам (КТТС, 351). Этнонимдин параллели алтайлыктардын курамынан "көөс", "күзөн", туваларда "күзөн", казактарда «көсеу» формаларында кездешет (Баскаков, Тощакова 1947, 216; Жанузаков 1982, 171). Лакап этноним.

**Көчпөс** - саруу уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Аттокуров, 1995, 198). Бул уруктар тобуна ак чубак, сары болот, канай, ата киши ж.б. кирет. Болжолу, этноним лакап аттан улам келип чыкса керек.

**Көчө туур** - мунгуш (улуу катын) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 88). Лакап этноним. Параллели Араван районундагы түрктөрдүн курамынан "көчө тогор" формасында кездешери аныкталган (Губаева, 1983,70).

**Көчөк** - баргы, кара багыш урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 121). Параллелдери кыргыздын солто уруусунан "бай көчөк", казактардан "көшек", лакайларда "күчөк" формаларында кездешери маалым (Жанузаков, 1982,170; Кармышева, 1976, 99-101).

**Көчөкор** - черик уруусундагы торунун курамындагы урук (Абрамзон,121). Лакап этноним. Параллели казактарда "көшек", "көшебе" формасында бар экендиги маалым (Жанузаков, 1982, 170).

**Күң тууду** – черик уруусундагы бай чубактын курамындагы урук (Абрам-

www.bizdin.kg



зон, 122). Лакан этноним. Энчилүү ат лексика-семантикалык жактан адамдардын социалдык жана мүлктүк абалын чагылдырган топко кирет.

**Күңгөй кушчу** - кушчу уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыш уруктун жер шартынын рельефине байланыштуу келип чыккан. Күңгөй тоонун күн тийген түштүк тарабы (Юдахин, 467). Көк-Арт өрөөнүндө Күңгөй Кушчу аттуу айыл бар. Этнотопоним.

**Күлгө оонар** - кытай уруусундагы уруктун аталышы. Бул уруктун өкүлдөрү Чаткал жергесин мекендешет. Параллели "күлгө оонар" формасында кесектердин ичинде бар экендиги маалым (Аттокуров, 1995, 193).

**Күн тоо (күн тоу)** - кесек уруусундагы кызыл аяктын курамындагы урук. Параллели солто уруусунан "күнтуу", лакайлардан - күнтоу формаларында кездешери маалым (Кармышева,1976,99).Кытайлар XX к. баш чендеринде Чыгыш Түркстандын мусулман-түрктөрүн "чантоу" деп аташкан (Малов, 1957,140). Казактардын уруулук курамынан "жанту","шанту" этнонимдери бар экендиги аныкталган (Жанузаков,1982,168,173). Этникалык аталыш "формасы(түзүлүшү) күн сымал баш кийим кийген адамдар", "чалма кийгендер" маанисин туюнтушу мүмкүн.

**Күн чубак** – жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 122). Этнонимдин параллели черик уруусунда ак чубак, бай чубак формаларында бар экени маалым. Чубак. 1. Нур (күндүн нуру); 2. Жылдын ысык мезгили (Юдахин, 873). "Чубак" байыркы түрк тилдеринде:"Cibaq"–кыргый маанисин туюндурган (ДТС, 145).

**Күркүрөө** - өз алдынча, эч бир топко, канатка кошулбаган урук, топ. С.М. Абрамзон бул уруунун кыргыздардын курамына кечирээк, тагыраак айтканда, жаңы доор мезгилинде жуурулушкан этнокомпонент катары карайт (Абрамзон, 1990, 39). Айрым информаторлор күркүрөө уругун саруударга кошуп жүрүшөт (караңыз: Абрамзон С.М. ТКАЭЭ, Т.IV, 89). Бул көз караш күркүрөөлөрдүн саруу уруусунун өкүлдөрү менен аралаш, чогуу турушкандыгынан улам келип чыккан. Уруунун адегендеги теги болжолу, Алтай аймагы менен байланышкан. Тоолуу Алтайда Күркүрөө деген ат менен өрөөн жана дарыя белгилүү (Баскаков, Тощакова, 1947, 203). Талас аймагында Күркүрөө Суу дарыясы бар(СГНК, 1988, 91). Бул уруунун өкүлдөрүнүн дээрлиги Талас аймагында турушары маалым. Дарыянын энчилүү аты этникалык аталышка байланыштуу келип чыккан. Бул параллелдер этникалык мүнөздөгү маанилүү маалыматтарды берери шексиз. Анткени, Түштүк Сибир жана Кыргызстандын аймактарынан кездешкен Кемин, Чүй, Кулунду, Пачата ж.б.у.с. топонимдердеги параллелдер капысынан келип чыкпашы ырас.

**Күрөң** -өз алдынча урук (топ) катары белгилүү(Абрамзон,122).Бул уруктун келип чыгышы боюнча илимде так маалыматтар жок. Информаторлор бул урукту Тагай бийдин уулу Кара Чородон, айрымдары Наалы эжеден таратышат. Кээ бир информаторлор күрөң уругун Каракол, Ат-Башы, Нарынга Фергана өрөөнүнөн жер которуп келгендигин белгилешет (караңыз: Абрамзон, 1960,Т.IV, 89-90). Этникалык аталыштын адепки формасы күрөн\\күрен болуусу мүмкүн. Этнонимдин параллели мундуз, саяк урууларында бар экендиги аныкталган.

**Күчүк** - багыш, саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 127). Батыш Түрк каганатынын бир аймагы "кушу" деп аталганы маалым. Түркмөн алымы С.Атаниязовдун пикиринде түркмөндөрдөгү "гүжүк" этноними тотемдик ишенимден улам келип чыккан (Атаниязов, 1988, 56).

**Кыдык** – бугу уруусунун курамдарындагы ири уруктун аталышы (Абрамзон,122). Этноним сөз катары байыркы формасын сактап калган. Байыркы

www.bizdin.kg



түрк тилдеринде Qidig: 1. Чет, чек ара; 2. Жээк маанисии түшүндүрөт (ДТС,446). Болжолу, этнонимдин баштапкы мааниси "чек арага чукул жайгашкан уруу, урук", "чек ара кайтаргандар, көзөмөлдөгөндөр" дегенди аныкташы мүмкүн. Этникалык аталыш бүгүнкү тувалыктардын тилинде "чет", "ыраакы чекте", өтмө маанисинде "кысымга алынып сүрүлгөндөр", "чет аймакта жашагандар" дегенди туюнтат (Тувинско-русский словарь, 1968, 122).

**Кыдырша** - ичкиликтер (Булгаачылар) уруулук тобундагы байыркы ири уруулардын бири. Кыдыршалар - Булгаачылар уруулук тобунда Сейф ад-Дин Аксикендинин "Мажму ат-Таварихинде" (XVI к.) эскерилет (МИКК, 1973,208-209). Этнонимдин параллелдери кыргыздын кесек уруусунда жана фергана-лык кыпчактардын курамында бар (Аттокуров, 1995,148). Кыдыршалар кыргыздын эл болуп түптөлүшүнө орчундуу роль ойногон уруулардын бири. Элдик уламыштардын маалыматтарына караганда, кыдыршалар кыргыз-кыпчак тектүү уруулардан болору баяндалат. Өзбекстандын Анжиян облусунун аймагында Кыдырша этнотопоними (айылдын аталышы) бар экендиги маалым. Бул мисал эзелтеден бул уруу мекендеген аймакты чагылдырары шексиз.

**Кызыл аяк** - дөөлөс, кесек, кыпчак урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон,123; Шаниязов,1974,146). Этнонимдердин параллелдери түркмөн жана каракалпактардын курамында бар экендиги аныкталган (Атаниязов, 1988, 58; Жданко,1950,52). Кызыл аяктар Дешт-и Кыпчактагы байыркы түрк урууларынын бири болгон. Жунгар (калмак) чабуулуна чейин эле кызыл аяктар Сыр-Дарыянын жогорку агымы тарабына журт которушуп, түркмөн, каракалпактардын, ал эми бир бөлүгү кыргыз-кыпчактардын курамдарына жуурулушкан (Шаниязов,1974,146). Түркмөн изилдөөчүсү С.Атаниязов "кызыл" + "аяк" "кызыл идиш", "аяк" маанисинде чечмелейт. Автор далил катары түркмөндөрдөгү "дашаяк" этнонимин мисал келтирет (Атаниязов, 1988, 58). Арийне, бул божомол илимий негиздүү токтоолорго муктаж.

**Кызыл баш** - кесек, мундуз, тейит урууларынын курамдарындагы уруктар. Этнонимдердин параллелдери түркмөндөрдүн жана өзбек-коңураттардын уруулук курамдарында да бар (Атаниязов, 1988,58; Кармышева, 1976,90-93). Этнонимдин кыргыз тилиндеги мааниси так аныктала элек. Болжолу, бул параллелдүүлүктөр орто кылымдардагы огуз-түркмөн уруулары менен этникалык алакаларды аныкташы мүмкүн. "Кызыл баш" термини менен XIV к. Ирандагы Сефевийлер династиясынын айланасына биригишип, исламдын шиит багытын кабыл алышкан түрк тилдүү уруулар атала баштаган. XVIII-XIX кк. түркмөндөр ирандыктарды жалпысынан "гызыл баштар" деп аташканы маалым (Атаниязов, 1988,58; Росляков, 1956,102; Савина, 1980,15).

**Кызыл кулак** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 129). Этноним болжолу, лакап аттан улам келип чыккан.

**Кызыл кулан** – саруу (жети уруу) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 146). Кулан – жапайы жылкы (КТТС, 591). Этникалык аталыштын параллелдери казактардан "кулан", "кулан кыпчак", "кулан бой", түркмөндөрдөн "гуланбай", "гуланжы" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 170; Атаниязов, 1988, 54). "Манас" эпосунда "кулан" этноним жана эпизоддук кейипкер катары чагылдырылат ("Манас". Энциклопедия, Т. I, 351). Этнонимдин чыгыш теги тотемистик ишеним менен байланышта карооого болот.

**Кызыл курт** -дөөлөс уруусунун курамындагы урук."Гурт"-байыркы түрк жана азыркы огуз тилдүү элдерде (азербайжан, түрк, түркмөн, гагауздарда) "бөрү","карышкыр" маанисин туюнтат. Этникалык аталыштын параллелдери

www.bizdin.kg



түркмөндөрдө -"гурт", "гурт зекир" формаларында кездешет (Атаниязов, 1988, 55). Башкырларда төмөндөгүдөй уламыш бар: "...өткөн бир алыскы замандарда (болжолу, IX-X кк.) башкорт урууларына башка касташкан уруулардын кысымынанбы, айтор белгилүү бир себептерден улам, Сыр-Дарыяга туташ мекендегеи аймактарын калтырып кетүүгө аргасыз болушат. Учу-кыйры көрүнбөгөн чөлдө ачарчылыктан, суунун жетишсиз-дигинен кырылып калуу коркунучу пайда болот. Ушул кыйын кырдаалда капыстан карышкыр пайда болуп, элди артынан үч ай бою ээрчитип жүрүп олтуруп, Урал тоолоруна алып келиптир. Урал тоолорунун этектериндеги бейиштегидей жайыттарды көрүшкөн башкыр аксакалдары (бийлери) бул жер түбөлүк мекен болуп калат деп чечишеер замат, көк жал карышкыр көздөн кайым болуптур. Карышкыр башкыр элинин тотем-колдоочусу (покровитель) болуп эсептелет (Кузеев, 1974, 129-130). Баш +корт ="баш карышкыр, жол баштоочу карышкыр" маанисин туюнтат. Башкыр (башкорт) уламыштарына маанилеш мисалдар байыркы огуздарда, монгол урууларынын түпкү ата-бабаларында да болгондугу маалым. Карышкыр аталган элдердин эс-тутумунда түпкү ата-баба (прародитель), бир эле мезгилде колдоочусу (покровитель) болгон. Демек, жогорудагы келтирилген мисалдарга кайрылсак, "кызыл курт" этнониминин мааниси "кызыл бөрү","кызыл карышкыр" дегенди аныктары ырас.

**Кызыл кутчу** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). "Кызыл" компоненти жалганган урук-уруу аттары кыргыз этнонимиясында бир топ санда кездешери маалым. Бул компонент көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн пикиринде "сары","көк","кара","ак" түстүү сыяктуу уруктун, уруунун географиялык жайгашуусуна жана географиялык багыттарга карата келип чыккан. Кызыл - "борбордук","ортодогу" маанисин аныктайт(Кайдаров,1985,41). Этнонимдин параллели хакастардын курамына "хызыл" формасында кездешет. Хакас этнографы, профессор В.Я. Бутанаев "хызыл" сөөгүн Алтысар улусундагы кыргыздардын урпактары экендигин жазат (Бутанаев, 1990, 78-79).

**Кызыл сакал** - бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Болжолу, этнонимдик аталыш кошумча аттан (экзоэтноним) улам келии чыккан. Айрым маалыматтар бул уруктун тегинин калмактар менен байланышын чагылдырат (Абрамзон, 1990, 46). Этнонимдип параллели түркмөндөрдө "гызыл сакал" формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 59).

**Кызыл таз** - тынымсейит уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Этнонимдин параллелдери "кызыл таз" формасында казактардын курамынан кездешет (Жанузаков, 1982, 171-172). Лакап этноним.

**Кызыл тебетей** - төбөй уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Этноним лакап аттан улам келип чыгуусу мүмкүн.

**Кызыл тукуму** - черик уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 85). Антропоэтноним. Этнонимдин параллели хакастарда - "хызыл", казактарда- "кызыл" формаларында бар (Молдобаев, 1995, 115; Жанузаков, 1982, 171).

**Кыйра** - кытай, мундуз урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 123). Этнонимдин так мааниси аныктала элек. Моңолдор уруусунун курамында "улуу кыйра", "бала кыйра" деген урук аттары бар экендиги маалым. Этнонимдин параллелдери алтайлыктарда жана казактарда "кый", хакастарда "хый" формаларында кездешет (Баскаков, 1985, 24-25; Жанузаков, 1982, 171; Бутанаев, 1990,75-76). В.Я. Бутанаевдин пикиринде хакастардын курамындагы байыркы "хый" уругу (сөөгү) теги жагынан кет тилдүү урууларга таандык (Бутанаев, 1990, 76). Бул маалыматтар этнонимдин Түштүк Сибирь аймагынын этникалык чөйрөсү менен байланышын аныктайт десе болчудай.

www.bizdin.kg



**Кылжыр** - генонım. Элдик генеологиянын маалыматтарында бугу жана сарыбагыш урууларынын түпкү атасы катары айтылат. Кылжыр - орто кылымдагы (XVI к.) жазылган "Мажму ат-Таварихте" (Сейф ад-Дин Аксыкенди) Гыл(д)жыр формасында Тагай баатырдын уулу катары баяндалган (МИКК, 208). "Кылжыр"- учурда Түштүк Алтайдагы дарыянын аталышы катары маалым (Абрамзон, 1990, 69-70). Генонимдин келип чыгышында Түштүк Алтайдагы кездешкен жогорудагы тононимикалык аттын байланышы болуусу толук мүмкүн. Буга Түштүк Сибирь жана Кыргызстандын аймагында кездешкен окшош, кайталанган топонимикалык аталыштар далил боло алары шексиз. Мисалы, Кулунду, Кемин, Чүй, Нарын, Ачы, Кызыл Сеңир ж.б.у.с. Топонимикалык, гидронимикалык жалпы параллелдүүлүктөрдү изилдөө кыргызтаанууда жаңы ачылыштарды жаратары шексиз. С.И. Руденко өз изилдөөлөрүндө Башкыртстанда Калчир-Табын аттуу аймакты эскерет (Руденко, 1955, 55). Албетте, мындай параллелдердин кокусунан эле келип чыгуусу мүмкүн эмес. Кылжыр - азыркы кыргыз тилинде "мойну кыйшык", "мойну кыйшайган"деген маанини туюнтат (КТТС, 1984, 396).

**Кылыч тамга** - басыз уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 123). Этникалык аталыш байыркы кыргыз (түрк) доорунан маалым. Уруктар тобунун уруулук эн тамгасынын түзүлүшү сабы иймек кылычты элестетет. Кылыч тамга этнониминин параллелдери ногой, каракалпак, башкыр, казактардын уруулук курамдарында бар (Баскаков, 1940, 140; Жданко,1950,39 62; Кузеев, 1974, 374; Тынышпаев, 1925, 62). Эн тамганын формасы хакаскойбалдардын уруулук эн тамгасына өтө окшош экендиги аныкталды (караңыз: Бутанаев В.Я. 1980, 100-103). Кыргыздын жедигер жана саяк урууларынын (саяк ичиндеги бир уруктун) эн тамгалары да жогорудагыдай ат менен белгилүү (Абрамзон С.М. ТКАЭЭ, Т.V, 101).

**Кыпчак** - кыргыздын эң ири, байыркы урууларынын бири. Генеалогиялык маалыматтар боюнча кыпчактар ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобунун курамына киришет. Кыпчактар орто кылымдардагы күч-кубаттуу уруулук бирикмелер катары белгилүү болушкан. Кыргыз-кыпчактардын жайгашкан ареалы өтө кенен аймактарды кучагына камтыйт. Бул уруунун өкүлдөрү Ош, Жалал Абад, Баткен, Чүй облустарынан сырткары, Өзбекстандын Анжиян, Наманган, Тажикстандын Жергетал, Шаартуз, Тоолуу Бадахшан аймактары, КЭРдин Шинжаң Автономиялуу областынын айрым жерлерин мекендеп келишет. Кыпчактар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар кытай жыл баяндарынан белгилүү. Анда (б.з.ч. 201-ж.) хуннулар багындырган жана алардын мамлекетинин курамына кирген "кюсше" аттуу (кытай транскрипциясында) журт баяндалат (Бичурин, 1950, 1, 50). Башка булактарда "кюс-ше", "кин-ча", "хи-бп-са" формаларында да кезигет. Енисейлик кыргыздар менен батыш тарантан (Иртыш) коңшу турушкан (Урстанбеков, Чороев, 1990, 97). Уйгур каганы Моюн Чурдун эстелигинде (751-жыл) кагандын түрк-кыпчактар мамлекетинде 50 жыл такта олтургандыгы баяндалат (Орхон-Енисей тексттери, 128; Малов, 1959, 34,38). Махмуд Кашгари кыпчактарды кыргыз, огуз, тухси, ягма, чигил жана чаруктар менен бирге таза түрк тилинде сүйлөгөнүн белгилейт (Махмуд Кашгари, Т.I, 66). Кыпчактар мусулман жазма булактарында "кыфчак", "кыбчак", орус жыл баяндарында "половец" ,"половцы", батыш жазма булактарында "куман", "коман" формаларында эскерилет. Кыпчактар жөнүндөгү тарыхый маалыматтардын өтө кенендиги, бул уруулук бирименин күч-кубатын, кенен этникалык чөйрөдөгү ордун даана чагылдырган. Мындан сырткары, түрк тилдеринин генеалогиялык классификациясында батыш хунну группасындагы кыпчак

www.bizdin.kg

бутагынын болушу орто кылымдагы бул элдин кийинки казак, кара калпак, татар, башкыр, кумук, карачай, балкар, көчмөн өзбектер, коңурат, катаган,лакай ж.б. элдердин кечки этникалык жүзүнүн биротоло калыптанышына тийгизген чечүүчү ролун аныктай алат. Ошону менен бирге, кыпчактардын түштүк алтайлыктар, кыргыз, түркмөн, уйгур ж.б. элдердин этногенезисине тийгизген орчундуу орду илимде эбактан далилденип келери бышык. Кыпчактардын эрте орто кылымдардан кечки мезгилдерге чейинки этникалык жана саясий тарыхын иликтеп калыбына келтирүү тарых илиминдеги толук чечилбеген маселе бойдон калууда (Кузеев, 1974, 169). Болжолу, VII к. аягынан кыпчактар Саян-Алтай тоолоруна жамаатташ жерлерди мекендешкен же коңшу аймактардан журт которушкан. Г.Е. Грум-Гржимайлонун кыпчак уруулары алтай динлиндеринин батыш канатын түзүшкөн, б.з.ч. III к. хуннулар тарабынан баш ийдирилген деген көз карашын таанымал иликтөөчү М.И. Артамонов колдоп чыккан (Грум-Гржимайло, 1926, 57-59; Артамонов, 1962, 420). Бул илимий тыянактар кытай жана мусулман жазма булактарына таянылып айтылган. Анда бул аймак Иртыш дарыясынын жогорку жана ортоңку агымдарына туш келет (Кузеев, 1974, 169). Чыгыш мусулман булактарында кыпчактар Ибн Хордадбек тарабынан алгач ирет XIк. эскерилет. Бул уруулук бирикме VIII-IX кк. кимактар менен этносаясий карымкатнашта болуп турушкан. Бул элдердин этникалык маданиятынын мүнөзүндө айырмачылыктар кимак жана кыпчактардын этникалык башатынын бир нуктан келип чыгарын далилдебейт (Кумеков, 1972, 42-44). X к. тартып,кыпчак уруулары эки багытка: түштүккө (Мавераннахр), батышка-Волга боюна журт которо баштаган жана бул процесс өзгөчө XI к. күч ала баштайт. Дал ушул мезгилден Сыр-Дарыя жана Арал деңизинин айланасындагы жерлер "Кыпчак талаалары" - "Дешт-и Кыпчак" деп атала баштаган. Кыпчак урууларынын күч алып батышты көздөй журт которуусу печенегдерди түштүк орус талааларына көчүп кетүүсүн аргасыз кылган. XI-XIII кк. Иртыштан Дунайга чейинки эбегейсиз зор аймак жалпысынан "Кыпчак талаасы" деген ат менен белгилүү болуп калган. Кыпчактардын саясий-согуштук күч-кубатынын туу чокусу XIIк. тартып, XIII к. биринчи он жылдыгына туура келген. Кыпчактар борборлошкон мамлекет түзүшпөгөнү менен эбегейсиз зор аймакка үстөмдүк кылышып, ошол доорлордун өтө маанилүү тарыхый окуяларына өз изин калтырышты (Кузеев, 1974, 171). Монгол жапырыгынын тушунда кыпчак урууларынын бир бөлүгү басып алуучуларга баш ийип беришсе, айрымдары Паннонияга (азыркы Венгрия), Балкан жарым аралына көчүп өтүшкөнү маалым. Батыйхан негиздеген Алтын Ордонун негизги бөлүгүн кыпчак уруулары түзүшкөн жана анын батышка карай жортуулуна кыпчактар өтө жигердүүлүк менен катышышкандыгын тарыхый булактар тастыктайт. Шаман динин тутунушкан кыпчактардын, алар ээлеген аймактын этникалык абалы бир кылка болгон эмес жана бул ири уруулук бирикме өз курамына кимак, кыргыз, печенег, булгар, хазар, берендей, истяк, ж.б. угро-фин этнокомпоненттерин сиңиришкен. Мындан сырткары, бүгүнкү казак, каракалпак, башкыр, лакай, кыргыз, түркмөн, алтай, ногой, крым татарлары ж.б. түрк тилдүү элдердин курамдарындагы "кыпчак" уруулары эң ири этнокомпоненттер болуп эсептелет. Бул негиздүү фактылар кыпчактардын аталган элдердин калыптанышына тийгизген таасирин чагылдыра алат. "Кыпчак" этнокомпоненти кыргыздардын этногенезисинде өзгөчө ролго ээ. Бул орчундуу маселеге С.М.Абрамзон да өз иликтөөлөрүндө кайрылып кетет (Абрамзон, 1990, 55). Таанымал түрколог-окумуштуу Н.А.Баскаков кыргыз тилинин калыптанып өнүгүшүндөгү кыпчак тилинин тийгизген таасирин өзгөчө белгилейт (Баскаков, 1962, 297). Чындыгында эле, кыргыз тили түрк тилдеринин генеалогиялык классификациясында чыгыш хунну

www.bizdin.kg



группасындагы өзгөчөлөнгөн кыргыз-кыпчак бутагына кирет. Бул факт кыргыз тилине орто кылымдардагы кыпчак тилинин тийгизген таасирин бекемдей алары шексиз. Кыргыз-кыпчак этникалык алакалары болжолу, б.з.ч. III к. эле башталган болуу керек. Бул процесс кыпчак урууларынын көчмөндөр дүйнөсүндөгү саясий-согуштук кубатынын өсүшүнөн улам күч ала баштайт. "Кыпчак" этнокомноненти кыргыздардын курамына эрте орто кылымдар мезгилинде эле кирүүсү толук мүмкүн. Кыргыздын кыпчак уруусунун курамындагы урук аталыштары, эн тамгалары менен казак-кыпчак, каракалпак-кыпчак, ногой-кыпчак, башкыр-кыпчактардын курамдарындагы этнонимдер, эн тамга белгилеринин ортосундагы этногенетикалык жалпылыктар аныкталды. Бул маселе боюнча Р.Г. Кузеевдин далилдүү фактыларга негизделген илимий пикирлери бар (караныз: Кузеев Р.Г. 1974, 172-175).

Элдик уламыш-санжыраларда, болмуштарда калың кыргызды бирде багыш уруусу, бирде кыпчак уруусу бийлегени айтылат. Мындан сырткары, XVIII XIX кк. кыргыздын кыпчак уруусу Чыгыш Түркстандын жана Кокон хандыгынын саясий турмушуна өтө жигердүүлүк менен катышышып, өздөрүнүн үстөмдүк күчүн көрсөтө алышкан. Чыгыш Түркстандагы ордодогу бийлик күрөшүнө кыпчактар адигине уруулук тобу, кушчу, черик, моңолдор ж.б. кыргыз уруулары менен бирдикте чыгышкан. Кокон хандыгынын тарыхында белгилүү инсан, мамлекеттик-саясий ишмер Мусулманкулдун жана анын уруулаш кыргыз-кыпчактарынын ээлеген орду тарыхта белгилүү. Ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобуна кирген кыпчактар өздөрүн сарт-кыпчактардан (өзбек-кыпчак) айырмалап, тогуз урук кыргыз-кыпчакбыз деп аташат.

**Кыр найза** - баргы уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин орто кылымдардагы аскердик куралдын аталышынан келип чыккандыгы, жоокерчилик доорлор менен байланышын аныктап турат. Арийне, айрым учурларда энчилүү аттардын лакап (кошумча) аттын негизинде келип чыгышы да далилденген. Этнонимдин параллелдери жалаң найза (жетиген), ак найза (найман) формаларында бар.

**Кыргоол** - мундуз уруусунун курамындагы (кан союл) урук (Аттокуров, 1995, 163). Лакап этноним.

**Кыргый** - жетиген уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Кыргыйалгыр, жырткыч куштардын тобуна кирет. Сөздүн өтмө маанисинде "каарман", "эрдик" дегенди түшүндүрөт (Юдахин, 494). Этнонимдин параллели түркмөндөрдө "гыргы" формасында учурайт. Түркмөн ономасты С.Атаниязовдун илимий пикиринде этноним тотемдик негизден келип чыккан (Атаниязов, 1988,60). Махмуд Кашгари "ciboq" сөзүнө "кыргый" маанисинде аныктама берет. "Ак чубак", "бай чубак" - черик уруусундагы уруктар топторунун аталыштары катары белгилүү.

**Кырк баатыр** - жоокесек уруусунун курамындагы урук. Кырк баатыр = кырк чоро синонимдеш сөздөр катары кароого болот. Кырк - эпосто көбүнчө сыйкырдуу мааниде кездешүүчү эпикалык сан. ... Баарыдан да анын ("кырк" санынын) кыргыздардын этногенезинин ("кыргыз") чечмелениши менен чиеленип турушу өтө кызыктуу. Ал эми жалпысынан алганда, ар түрдүү жагдайларда колдонулган "кырк" саны эпосто кыргыз элинин байыркы мезгилдердеги тарыхынан бери карай турмуш-салтынан, дүйнө түшүнүктөрүнөн ачык кабар берет ("Манас".Энциклопедия, Т.I,376). А.Маргулан: "Кырк - элге салт болгон касиеттүү сан - күчтүлүктүн, биримдиктин белгиси". "Кырк уруу эл", кийинчерээк феодалдык коомдогу "кырк нөөкөр", "кырк дос", "кырк чоро", "кырк вазир" деген туюнтмалар адегенде уруу башчыларынын чыгаан бир

www.bizdin.kg



адамдын тегерегине топтолуп, биригишин билдирет (Б.Мухаметканов. Феникс-"Манас" жана Мухтар Ауэзов. "Ала Тоо", 1998, -№8, 103; "Манас" Энциклопедия, Т.I, 372). "Кырк" - орто кылымдарда өтө кенен таралган этникалык аталыш болгон. С. Атаниязов Рашид ад-Диндин маалыматтарына таянып, кырк-теги байыркы огуз урууcу деген ииkирге келет (Атаниязов 1988, 82). Казак изилдөөчүлөрү кырктарды байыркы усундар менен жакын карашат (Востров, Муканов, 1968, 31). Кырк - орто кылымдардагы көчмөн-өзбектердин курамында да эскерилет (МИКК, 1973, 210). Этнонимдин параллелдери "кырк" формасында казак, кара калпак, азербайжандардын, түркмөндөрдүн курамында сакталып келет (Кузеев, 1994, 310; Жданко, 1950, 37; Ахундов, Гейбуллаев, 1978, -№2, 54; Султанов, 1982, 29; Атаниязов, 1988, 82).

**Кырк тамга** – каңды урууcунун курамындагы урук (Губаева, 1983, 40). Уруулук (урук) эн тамга менен байланышкан этнонимдердин келип чыгыш тегинин байыркылыгы эбактан далилденип келет. Этнонимди "кырк урук", "кырк уруу", "кырк уруу эл" терминдеринин синоними катары кароого болот. Кырк тамга – Өзбекстандын Фергана облусунун Вуадил районундагы кыргыздар жашаган айылдын аталышы (этнотононим) катары да белгилүү (Губаева С.С., аталган эмгек, 33-бет). "Тамга" деген сөз сары уйгурлардагы шамандардын кудайларынын аттарына жалганып айтылган (Малов, 1957, 49). Эн тамга белгилеринин басымдуу көпчүлүгү уруулук тотемдерди, сакралдуу ыйык заттарды, адамдардын аң-сезимине баш ийбеген кубулуштардын, космостук объектилердин (күн, ай, Юпитер жылдызы ж.б.,) элестерин чагылдырат. Чыгыш теги байыркы бул уруктун тарыхы кошумча терең иликтөөлөргө муктаж.

**Кырк уруу** - жоокесек урууcунун курамындагы урук (Аттокуров,1995, 194). Этнонимдин параллелдери азербайжан, ногой, башкыр, түркмөндөрдүн уруулук курамында бар (Гейбуллаев, Ахунов 1978, - №2, 54; Кузеев, 1974,310; Атаниязов 1988, 82). Этнонимдин баштапкы мааниси "кырк уруу эл", "кырк уруулук бирикме" ж.б. билдириши мүмкүн. Айрым изилдөөчүлөр "кыргы + з" = "кырк уруу" этнонимдеринин түпкү маанисин синонимдеш сөздөр катары карап келишет. С.М. Абрамзон Д. Банзаров жана Л.Лигетинин кыргыз "кырк + з; -з көптүк маанини аныктаган байыркы мүчө экендигин, кырк(г) + з -"кырк уруу", "кырк уруулук бирикме" маанисин туюнтат деген көз караштарын колдойт (Абрамзон, 1946, -№3, 124). Арийне, -з мүчөсү байыркы түрк тилдеринде (диалектилеринде) көптүк маанини аныктагандыгы ырас (Серебренников,Гаджиева, 1979, 88). Бул маселе Г.Рамстед, В.Банг, Д.Синор, Б.Мункачи ж.б. окумуштуулардын изилдөөлөрүндө эбак далилденген. Кырк//кырклар этникалык бирикмеси байыркы огуз-түркмөн урууларынын курамында да болгондугу белгилүү (Атаниязов, 1988, 82). Мындан сырткары, орто кылымдардан отуз оглан (уул), отуз татар, тогуз-огуз, он ок, үч ок, жүз, миң ж.б. Тарыхый булактар жогорудагы этнонимдердин уруулук ири бирикмелердин энчилүү аттары болгондугун ырастайт. "Кырк уруу" этнонимдик аталышына кыргыз фольклорчусу Т.Абдракуновдун берген кызыктуу илимий ой-пикирлери бар (караңыз: Абдракунов Т. Бабалардан калган сөз. Фрунзе, 1990, 170).

**Кысроо** - дөөлөс (шорон) урууcундагы кош тамганын курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 204).

**Кытай** - сол канаттагы ири уруулардын бири. Кыргыз этнонимиясында бул этнонимдин параллелдери "кара кытай" (кытай), "миң кытай" (баргы, мунгуш), "кытайлар" (чапкылдык) формаларында бар. Этноним башкырларда "катай", казактарда "кытай", "ктай", каракалпактарда "ктай", өзбек-катагандарда "хытай", ногойлордо "кытай" ж.б. формаларда өтө кенен ареалга тараган

www.bizdin.kg



(Кузеев, 1974, 222; Жданко, 1950, 39; Кармышева, 1976, 90-100; Баскаков,1940, 184). Мындан сырткары, азыркы гагауздарда Кыргыз-Кытай, Катай топонимдик аталыштар катарында белгилүү (Баскаков, 1964, 48). Бул этнонимдин теги Борбордук Азиядагы кидан (кара кидандар), түрк элдерине кытай (кара кытай) деген ат менен белгилүү болгон Чыгыш Азиянын (Ыраакы Чыгыш) көчмөн уруулары менен байланышкан. Кидандар кытай жыл баяндарында "Цидань" деген транскрипцияда эскерилет (Зуев, 1960, 128). Кара кытайлар (кидандар) монгол тилдеринин бир диалектисинде сүйлөшкөнү маалым. Кидан уруулары X к. чейин азыркы Монголиянын түштүк-чыгыш аймактарын мекендешкен. Ал эми VI кылымдан түрк кагандарына салык төлөп турушкан (Малов, 1951,38-43). Ушул эле мезгилден тарта кидандар түрк уруулары менен алакалаш болушкан (Кузеев 1974, 223). X к. кара кидандардын тарыхта Ляо деген ат менен белгилүү болгон мамлекети (907-1125 жж.) түзүлгөн. Ич ара согуштардан улам алсыраган Ляо мамлекетин чжурчжендер талкалап салгандан соң, кидандардын бир кыйла бөлүгү батышты көздөй Караханийлердин ээлигине чегинишкен. Кидандар кыргыздардын чегине жакындаганда катуу каршылыкка кабылгандыктары баяндалат (Чороев,1995,107-109). Кара кидандар Жети Суу жана ага жамаатташ аймактарды ээлеп, караханийлерди баш ийдиргени мусулман булактарында кенен чагылдырылган. Бирок, жаңы этникалык чөйрөдө орто азиялык түрктөргө "кара кытай" деген ат менен белгилүү болгон кидандар бат эле түрктөшө башташкан (Кузеев, 1974, 224; Чороев, 1995, 111). XIII к. баш чендеринде наймандарга баш ийип калган кара кытайлар көп узабай Чыңгыз хандын бийлигин таанууга аргасыз болушту. XIII к. тартып кара кытайлар башка түрк-монгол уруулары менен бирге Жети-Суудан батышты көздөй башталган миграциясына катышкандыгын башкыр, каракалпак, ногой, өзбек, казактардын, гагауздардын курамындагы "ктай" этнонимдери жана башка көп сандаган жер-суу аталыштары далил боло алат. Бул этникалык аталыштар кара кытайлардын жогорудагы элдердин курамына жуурулушкандыгын айгинелейт. "Кара кытай" этноними башкырлардын жана кыргыздардын гана курамында сакталып калган. Мындан сырткары, кыргыз, башкыр жана өзбек-катагандардагы кытай урууларынын эн тамгаларындагы өтө окшоштуктар генетикалык жалпылыктарды аныктары шексиз (караңыз: Кузеев, 1974, 225).

X-XIII кк. кыргыз жана кара кытай саясий-этникалык мамилелери өзгөчө иликтөөлөргө муктаж. Анткени, айрым абройлуу изилдөөчүлөрдүн никирлеринде(И.Б. Молдобаев, В.Я.Бутанаев ж.б.) кара кытайлар менен болгон бир нече аскердик кагылышуулардан соң, энесайлык кыргыздар Чыгыш Түркстан, Жети-Суу, Иртыш ж. б. аймактардагы кыргыздардын негизги бөлүгүнөн биротоло бөлүнүп калышкан. Кыргыз этнонимиясында "кытай", "кара кытай","сары кытай", "кытайлар" сыяктуу уруу-урук аттары моңгол тилдүү кара кидандардын кыргыздардын этногенезисиндеги катышын чагылдырары шексиз.

**Кытай** - черик уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Этнонимдин параллели тувалардын курамынан "китат" формасында кездешет (Дулов 1956, 121). Алтайлыктар, хакастар, тувалар бүгүнкү этникалык кытайларды "кыдат", "кытат","хыдат" деп аташары маалым (Бутанаев 1999, 198). Этникалык аталыштын келип чыгышы орто кылымдын өнүккөн доорундагы кара кытайларга (кара кидандар) байланыштуу. Кыргыздар менен кара кидандардын түз этникалык-маданий алакалары X к. баш чендеринен тарта белгилүү боло башташкан. Айрым маалыматтар кара кидандар Чыгыш Түркстан жана Орто Азияга чабуул жасаар алдында, кыргыздардын ээлигине кирген азыркы Туванын түштүк тарабына кийинчерээк согуштук плацдарм болуп калган борбор шаар куруш-

www.bizdin.kg



кандыгын баяндайт. Дал ушул мезгилден тартып аскердик күч-кубаты зор кара кидандар кыргыздарды азыркы Монголиянын аймактарынан сүрүп чыгарышкан (караңыз: Молдобаев, 1995, 73- 76). Этноним "киттуд", "китат" формаларында волгалык калмактардын курамынан да кездешери маалым (аталган эмгек, 77б.).

**Кытай-кыпчак** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Төрөкан улуу, 1995, 162). Өтө кенен ареалга таралган бул этнонимдин келип чыгышы орто кылымдардагы ири этникалык бирикмелер (кытай жана кыпчак) менен байланышкан. Учурда азыркы Молдавиянын Түштүгүндө "Кыргыз-Кытай" деген топоним бар экендиги аныкталган (Баскаков, 1984, 48). Бул этноним капыстан эле келип чыгышынын мүмкүн эместиги ырас. Параллели бүгүнкү казактарда "кытай-кыпчак" формасында учурары белгилүү (Жанузаков, 1982, 171). Бул фактылар этногенетикалык түз байланышты аныктары шексиз.

**Кытайлар** - чапкылдыктар уруусунун курамындагы урук. Этнонимди X-XIII кк. кара кидандар (кара кытайлар) менен байланышта кароо зарыл. Түрк элдеринде кенен таралган бул этнонимдин параллелдери кыргыздарда кытай (кесек), кара кытай (кытай), миң кытай (мунгуш, жедигер), сары кытай (кытай) формаларында кезешери аныкталган. Учурда Түштүк орус талааларында, Түштүк Молдавияда, Крым жарым аралында Карача-Кытай, Орта-Кытай топонимдери сакталып калган (Баскаков, 1964, 48; Лезина, Суперанская, 1985, 81). Келтирилген энчилүү аттын өтө кенен ареалга тараганын аныктайт (караңыз: кытай, кара кытай этнонимдери).

**Кытат** – черик уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Биздин пикирибизде, этникалык аталыш "кытай" этнонимине байланыштуу келип чыккан. Алтайлыктар, тува, шар, хакастар кытайларды бүгүнкү күндө кыдат хыдат деп аташары маалым. Хакас тилинде "хыдат": 1. Кытай; 2. Кытайлык (Бутанаев, 1999,198). Параллели тувалардын ичинен "китат" формасында кездешери аныкталган (Дулов, 1956, 121). К.К.Юдахин бул сөзгө "кара бойок", "капкара" маанисинде аныктама берет (Юдахин, 499).

**Кытат байсу** -саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,123). Бул уруктун байыркы тегин эзелки теле уруулары менен байланыштырууга болот. Байси (байсу) кытай жыл баяндарында (648-ж.) азыркы Эдзин-Голго жамаатташ байырлаган теле урууларынын бири катары чагылдырылат(Зуев,1960,112).С.М. Абрамзон байыркы теле урууларындагы "пу-гу","бай-си" этнонимдерин кыргыздардын бугу, байсу(саруу)уруу аттары менен жалпылыкта караган жүйөлүү пикирин айткан (Абрамзон,1990,63).Демек, бул этникалык компонент кыргыздардын уруулук курамында бери болгондо VII-VIII кк. белгилүү болгон. Анткни, кыргыздар теле конфедерациясына кирген уруулар менен терең этникалык-маданий алакаларда болушкандыгы маалым. Буга бүгүнкү кыргыздардын ичиндеги бир топ санда кездешкен байыркы теле этнокомпоненттери мисал боло алат.

**Кычы мерген** - саруу уруусунун (алакчын) курамындагы урук(Аттокуров, 1995,147). Орто кылымдардагы кыргыздардагы жогорку аскер наамы "мерген" деп аталганы маалым (Бутанаев, 1999, 183). Туваларда "мерген" сөзү бир эле учурда "акылман", "көсөм" деген маанилерди берери маалым (Тувинско-русский словарь, 1968, 293).

**Кээнчим** - сарттар (Адигине) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,119). Этникалык аталыштын мааниси тувалардын тилинде "Хенчэ" - "күз мезгилинде туулган" дегенди аныктайт (Тувинско-русский словарь, 1968, 480).

www.bizdin.kg



# Л

**Лакай** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу, 1995, 87). Кыргыз санжыраларында лакайлар - зулум (чулум), зуркай, замин, шыгай ж.б. уруктар менен бирге, мундуз уруусундагы ири уруктар катары чагылдырылат (А.Тургунбаев, уруусу мундуз, Базар Коргон району). Лакай деген ат менен Түштүк Тажикстан, Афганистандын түндүгүндө жашаган 100 миң чамалуу этникалык ири топ белгилүү (караңыз: Кармышева Б.Х. 1952, -№ 4, 1976,231-234). Учурда лакайлар компактуу жашашып, өзбек тилинин айрым таасирлерин алууда. Бирок, “лакайлардын курамындагы этникалык аталыштар менен бүгүнкү өзбектердин ортосундагы дал келүүлөр жок” (Кармышева, 1954, 18-19). Бул илимге “өзбек-лакай” деген ат менен кирип калган элдин жергиликтүү башка түркий тилдүү этникалык чөйрөдөн (катагандарды кошпогондо) кескин айырмаланып турушунун бир далили. Этнограф Б.Х. Кармышева лакайлардын материалдык жана руханий маданиятындагы, када-салттарындагы, этникалык аталыштарындагы казактар менен өзгөчө жакындыгына токтолгон көз карашын айтат (Кармышева, 1954, 22). Биз ушул эле учурда лакайлардын кыргыздар менен болгон терең этникалык алакаларына ынанарлык фактыларды аныктадык. Биринчиден, “лакай” деген этноним кыргыздардын гана курамынан учурайт. Экинчиден болсо кыргыздардагы “кырк кыз”, “Толубай сынчы” жөнүндөгү уламыштар бүгүнкү лакай элинин эс-тутумунда, фольклорунда күнү бүгүнкүсүндөй сакталып келет (караңыз: Каратаев О.К. Лакайлар деген кимдер // Кыргыз Руху, №11, 1997). Көчмөн шартта жашаган лакайлардын аймагынын табигый шарты, боз үйү, анын курулушу, ички жасалгасы, ички орун-очоктордун аталыштарында кыргыздардан дээрлик айырмасы жок. Тамак-аштарында, аны даярдоонун ыкмаларында кескин айрымачылыктар байкалбайт. Б.Х. Кармышева Түштүк Тажикстан жана Афганистанда жашаган лакайлардын Дешт-и Кыпчак этникалык чөйрөсү менен гана эмес, Түштүк Сибир менен болгон алакларына да токтолот(Кармышева, 1954,19).Лакайлар жашаган аймактардагы барлас жана түрктөрдүн курамдарынан “кыргыз”, ”овлади кыргыз” уруктары катталган. Кыргыз-лакай этникалык байланыштары, алардын этностук жүзүнүн калыптанышы өтө жакын, мүмкүн бир аймакта жүргөндүгүн этнонимиялык параллелдүүлүктөр да (баары 60 тан ашуун) аныктайт. Мисалы, лакай (мундуз)= лакай, кармыш (кыпчак)=кармыш, күнтуу (солто)=күнту, тентек (найман)= тентек, азоо (черик)=азау, беш көрүк (солто)=беш көрүк, досой (саяк)=досой, карача (саруу) =карача, парча (кыпчак)=парча, каллар (кесек)=каллар ж.б.у.с. Саны анчалык көп эмес лакайлар менен кыргыздардын ортосундагы этнонимиялык өтө жакын параллелдүүлүктөр кокусунан эле пайда болушу мүмкүн эмес.

**Лалым кушчу** - Сейф ад-Дин Аксыкендинин “Мажму ат-Таварихиндеги” (XVI к.) кушчу уруусунун аталышынын бир формасы. Бул тарыхый даректе Лалым кушчу уруусу Куу уулдан тарап, кыргыздардын сол канатына кирери баяндалат(МИКК,1973,207). “Лал” - сөзү монгол тилинде “мусулман”, “мусулмандар”,“ислам динине сыйынган” деген маанини түшүндүрөт(Монгол орос толь,1957,228).Демек, этноним “мусулман-кушчулар”,“мусулман динин кабыл алып тутунган, ислам динине сыйынган кушчулар” (кыргыздар) деген маанини туюнтат.

**Лейлек тейит** – тейит уруусунун курамындагы урук. Этноним аймактын аталышына байланыштуу келип чыккан (Топоэтноним). Тейиттер Лейлек, Чоң Алай, Сузакта, Тажикстандын Жерге Тал, Мургаб, Өзбекстандын Жиззак облусунда, Афган Памиринде, Туркияда (Ван аймагы) жашашат. Этникалык

www.bizdin.kg



аталыштын келип чыгышы тейиттердин басымдуу көпчүлүк бөлүгү жашаган Лейлек жергесине байланыштуу келип чыккан десек болот. Топоэтнонимдердин келип чыгышы боюнча В.А. Никонов (1970, 21-22), Д.Е. Еремеев (1970,139), С.Мусаевдер (1991, 163) өз изилдөөлөрүндө кенен токтолушат.

**Лоогандык** - кыпчак уруусунун курамындагы урук. Этноним топонимикалык аталышка байланыштуу келип чыккан. Лооган топоними болжолу, Чыгыш Түркстандын аймагында жайгашкан.

# М

**Маани чагыр** - моңолдор уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Этнонимдин биринчи компоненти "маани" - байыркы түрк сөздүгүндө Орто жана Жакынкы Чыгыштагы манихей дининин негиздеген адамдын атын билдирет (ДТС, 336). Экинчи мааниси кыт. ман: "календарлык аталыш", "төрт жашар кой" дегенди аныктайт (аталган эмгек, 336-б.). Б.з. III к. орто чендеринде пайда болгон диний окуу Түндүк Африкадан Чыгыш Түркстанга чейинки аймактарга таралган (Смагина Е.Б. Манихейство / / Религии Древнего Востока. М.: 1995, 86-87). Манихеизм түрк урууларынын ичине да тараганы маалым. Айрым маалыматтар манихеизм Уйгур каганатынын мамлекеттик дини болгондугун тастыктайт. Арийне, "маани" башка мазмунда да чечмелениши ыктымал. "Маани"-алтайлыктардын тилинде "туу","асаба" дегеиди да түшүндүрөт (Баскаков,Тощакова,1947,107). Этнонимдин экинчи компоненти - "чагыр", "бүркүт" маанисин туюнтары аныкталган (Чороев, 1995, 39). Караңыз: чагыр этноними.

**Мадияр** - саруу уруусунун курамындагы урук. Мадияр X-XI кк. Паннонияга (азыркы Венгриянын аймагыиын орто кылымдардагы аталышы) журт которгон угро-фин (венгр) уруулары менен этникалык алакаларды далилдеши мүмкүн. Бул маалыматтар кыргыз санжыраларында да чагылдырылат (караңыз: «Мурас». 1991, №1, 9). Венгрлер өздөрүн "мадьяр" деп аташары белгилүү. Этноним башкыр каракалпак, ногой, казак этнонимиясында да бар экендиги анык. (Кузеев, 1974, 45; Жданко, 1950, 153-154; Волкова, 1971, 61; Тынышпаев 1925, 30). Бул болсо, аталган этнокомпоненттин кыргыздардын курамына ушул элдер аркылуу келип кирген деп божомолдоого болот. Арийне, бул аталыш Мухаммадйар ысымынын кыскартып айтылышынын түрү (Мамадйар =Мадйар) болушу да ыктымал. Мухаммадйар -"Мухаммеддин досу" деп которулат (Гафуров, 1971, 209). Орто Азиялык түрктөр мадьярларды (венгрлерди) "мажар" деп да аташкан.

**Мажык** – бугу, чекир саяк урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 123). Мажик – "Манас" дастанында (Манжыбек, Шакум) кырк чоронун бири катары баяндалат ("Манас". Энциклопедия Т.I, 386). Этнонимдин параллели казактардын "межик" формасында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 171).

**Майда** - найман уруусунун курамындагы урук. Лакап этноним. Параллели түркмөндөрдүн курамынан кездешери аныкталган (Атаниязов, 1988, 84).

**Майда мундуз** - мундуз уруусунун курамындагы уруктардын аталышы. Бул уруктун өкүлдөрү Көк Арт өрөөнүнүн түштүк - батышын, Өзбек Республикасынын Айым жергесин байырлашат. Майда ир. 1. "Майда", "анчалык чоң эмес"; 2. өтм. "Кичинекей адам", "карапайым адамдар", "карапайым эл" (Юдахин, 510). Болжолу, этноним бөлүнүп калган, өз алдынча урук, топ маанисин туюнтат. Параллели түркмөндөрдүн курамында бар (Атаниязов, 1988, 84).

www.bizdin.kg



Лексика-семантикалык жактан уруктун энчилүү аты этникалык компоненттин даражасын аныктайт.

**Майда үкү** - солто уруусундагы бөлөкпайдын курамындагы урук, топ (Абрамзон,123). Этноннмдин параллели түркмөндөрдүн курамында бар экендиги белгилүү (Атаниязов,1988, 84).

**Майлуу баш** - черик уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Этноним лакап аттан улам келип чыккан.

**Майна** - дөөлөс (зумбул) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Антропоэтноним. Этнонимдин параллели казактарда "майме" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 171).

**Майтык** - кушчу уруусунун (жоош) курамындагы урук (Абрамзон, 133). Этнонимдин бүгүнкү кыргыз тилиндеги мааниси тактала элек. Хакас тилинде "майтых" - жылкынын куймулчагы, чычаңы маанисин туюнтат (Бутанаев,1999, 58; Юдахин, 735). Лакап этноним.

**Маң төбөт** - солто уруусундагы талкандын курамындагы урук (Абрамзон, 124). Этнонимдин параллели бай төбөт (кытай), жолдош төбөт (саруу) формаларында кездешет (караңыз: бай төбөт этноними).

**Маңгыт** - мунгуш уруусунун курамындагы урук. Маңгыт - Ош облусундагы (Араван району) айылдын аталышы (этнотопоним) катары белгилүү (СГНК, 1988, 138). Оболу, маңгыттар тарыхый жазма булактарда XI к. чектеринде азыркы Монголиядагы Орхон суусуна жамаатташ жерлерди байырлашып, кара кытайларга (кара кидандар) көз каранды абалда калышкандыгы баяндалат. Кара кытайлардын кыргыздар менен болгон Түштүк Тувадагы согуштук кагылышуусунан соң, маңгыттар Жунгарияга аргасыз журт которушкандыгы маалым (История Тувы, 1964, Т.I, 144). Фарси тилдүү тарыхчы Рашид ад-Дин мангуттарды (маңгыттар) Чыңгыз-ханга баш ийген монгол урууларынын бири катары карайт (Рашид ад-Дин, Т.I,Кн. 2,187). Айрым изилдөөчүлөр бул уруулук бирикменин Чыңгыз хандын эң мыкты куралданган, согушчан аскердик бөлүгү болгондугун белгилешет (Васильевич, 1970, 31). Монголдордун орто кылымдардагы жазма булагы болгон "Алтан Тобчи" ("Купуя тарых") да жогоруда белгиленген маалыматтарды тастыктайт (Волкова 1973, 77). Ушул учурда тунгус тилдүү эвенктерде "манги", монголдордун курамында (Кобдос аймагы) "мингат" аттуу уруктар бар экендиги маалым (Васильевич, 1970, 26; Рона Таш, 1964, 128). Мындан сырткары, бүгүнкү монголдордун уруулук курамында "мангыт" аттуу этноним бар экендиги аныкталган (Лебедева, 1958, 224). Мангы + т; -т, -д ( -ут; -уд варианттары менен) мүчөлөрү түрк-монгол тилдеринде көптүк маанини билдирет (Жанузаков, 1982, 63). Изилдөөчүлөр тува-мингат жана монгол-мингаттарды XVII к. түрк тилинде сүйлөшкөнүн, ал эми ошол эле тарыхый доордо ойрот-калмактар тарабынан Или жана Таласка көчүрүлгөн бул күч-кубаттуу уруунун тили кийинчерээк моңголдошкондугун белгилешет (Потапов, 1969, 24-51). Р.Г. Кузеев башкырлардагы миң (миңгат) уруусунун теги байыркы Монголиядагы жана Алтайдагы түрк тилдүү чөйрөгө, тагыраак айтканда көөнө уйгурларга таандык деген пикирин айтат (Кузеев, 1974, 306-308). Академик В.В. Бартольд өз иликтөөлөрүндө түрк тилдүү элдерден кездешкен (кара калпак, тува, түркмөн, ногой, казак, кыргыз) бул этноним монгол жеңип алууларынан соң кенен таралгандыгына токтолгон (Васильевич, 1970, 31). Арийне, бул байыркы уруунун теги кайсыл тил түркүмүнө таандык экендигин өзгөчө иликтөө зарыл. Р.Г. Кузеевдин "орто кылым көчмөн доорунда түрк этнонимдеринин монгол, тескерисинче, монгол этнонимдеринин түрк тилдүү

www.bizdin.kg



чөйрөдө калыптанышы асыресе көрүнүш болгон" - деген жүйөлүү пикирине кошулууга болот (Кузеев, 1974, 306).

XIV к. Алтын Ордонун абройлуу төбөлдөрүнөн болгон Нохой нойон негиздеген көчмөндөр улусу орус жана чыгыш мусулман булактарында "маңгыт" деген ат менен чагылдырылат (Волкова, 1973, 76-77). Аталган улустун алкагында кийинки ногой этносунун этникалык жүзү калыптангандыгы маалым. XVI к. чейин бул улус "маңгыт журту" деп аталып кала берген "маңгыт" этнониминин бир эле учурда Монголия, Орто Азия, Түштүк Сибирь, Түндүк Кавказ ж.б. жерлерде эскерилиши XIII к. баш жана орто чендериндеги массалык миграциясынан соң пайда болгон десек чындыкка шайкеш келери бышык. Бирок, аталган этникалык компонент кыргыздардын курамына байыркы түрк доорунда эле кирүүсү мүмкүн. Манги - тунгус тилдүү элдерде (эвенктер)"аюу", тагыраак айтканда, аюу сөзүнүн синоними, экинчи мааниси "ата-баба", "ата-тек" дегенди аныктайт (Васильевич, 1970, 31). Ушул эле сөз эвенктерде аюу келбеттүү адамды туюнтуп, ата-бабалардын духунун мифологиялык символу, шамандардын башкы колдоочусу катары түшүнүк берген. "Манги" сөзүнүн семантикасы "аюу", "ата-бабалардын руху" маанисин аныктайт (Анисимов,1991, 200-203). Албетте, этнонимдин мааниси тотемдик жаныбар "аюу" менен байланышы көрүнүп турат. Тунгус-манжурлардагы шамандар "манги" уруусунан гана чыккандыгын далилдеген маалыматтар бар (Васильевич,1970, 31-32). Ушул эле автор бир катар далилдүү фактылардын негизинде мангилерлин эң байыркы өз алдынча этникалык топ экендигин алгач тунгус-манжурлардын, андан соң, монгол тилдүү уруулардын курамына жуурулушкандыгын белгилейт (аталган эмгек, 34-б.). Демек, мангы (т) этноними кыргыздардын курамынына Борбордук Азияда эле келип кирген деген пикир айтууга негиз бар. Этнокомпонент кыргыздардын курамында Батыш Монголиядан Енисейге (Минусин ойдуңу) журт которгон мезгилде (VI к.) эле белгилүү болуусу мүмкүн.

**Мал табар** - суу мурун уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 123). Этнонимдеги эки компонент тең теги байыркы синонимдеш сөздөр. Этникалык аталыштын экинчи компоненти (табар) Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" "Тawар"-"жандуу, жансыз мал, тавар" маанисин берет (Махмуд Кашгари, Т.I, 343). Сатууга, алмашууга ылайыкталган мал "тавар" деп аталган. Мал Табар - Жайыл районунда айыл, Алайда дарыянын аталышы катары маалым (СГНК, 1988, 137).

**Мала** - кесек уруусунун курамындагы урук. Мала ир. 1. Ачык - сары(малга карата - жээрде), сары сымал, сарыраак; 2. Сейрек, суюк, чанда, анда-санда.Дуу мала - эки заряддуу мылтык, шаш мала - алты заряддуу мылтык (Юдахин,513). Этнонимдин түскө байланыштуу келип чыгышы чындыкка жакын. Түскө (ак, кара, кызыл, сары, көк ж.б.) байланыштуу энчилүү урук-уруу аттары бир топ санда учурайт.

**Малай** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Аттокуров,1995,164). Антропоэтноним. Энчилүү аттын чыгыш теги лакап (кошумча) аттан улам келип чыгышы ыктымал. Этнонимдин параллели казактарда бар (Жанузаков,1982,171).

**Мама** - кыпчак, мунгуш, тейит урууларынын курамдарындагы уруктар. Этнонимдердин семантикасын аныктоо татаал. Энчилүү ат бир нече мааниде чечмеленет. Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" "эгин жанчыган чоң жаргылчакты тегеретчү бука" (Махмуд Кашгари,Т.III.-с.235). Мама 1. түшт. Чоң эне; 2. Карыган бээ (Юдахин, 235). Бирок, этнонимди төмөнкү мааниде чечмелөө кызыгууну туудурары шексиз: Мама тунгус-манчжур тилдүү элдерде шамандын аял кебетелеш дух-жардамчысы, жаңыдан дүйнөгө келген наристелердин жана

www.bizdin.kg



болочок урпактардын сактоочусу (покровитель) деген маанини аныктайт (Мифы народов мира, Т.II, 96). Параллели этнотопоним формасында ("мамалар") Крым жарым аралында кездешери аныкталган (Лезина, Суперанская, 1984,88). Болжолу, бул этнотопоним орто кылымдардагы кыпчак тилдүү урууларга таандык болуусу мүмкүн. Бул ат менен Ноокен районунун аймагындагы тоо белгилүү (СГНК, 137).

**Мамай** - саруу уруусундагы колпочтун курамындагы урук (Абрамзон,123). Антропоэтноним. Параллелдери каракалпак, казактардын курамдарында бар. Крым жарым аралында этнотопоним катары маалым (Лезина, 1985, 89). Мамай-Ноокен районундагы айылдын аталышы (СГНК, 1988, 137). Этнотопоним. Мындан сырткары, бул ат менен бийиктик ж.б. объектилер да аталат (караңыз: Молдобаев, 1995, 191-192; Лезина, 1985, 89).

**Маматберек (мерек)** - басыз уруусунун курамындагы ири уруктардын бири. Этнонимдин биринчи комионенти: Мамат - Мухаммед деген аттын кыскартып айтылышы.Мамат//Мамыт ар."мактоого татыктуу"(Жанузаков,1982,148). Экинчи компоненти - мерек(берек).Мерек - "канжар" маанисин билдирет (Юдахин,525). Демек, этноним "Мухаммеддин канжары" дегенди туюнтат десе болот.

**Мамбет** - баргы уруусунун курамындагы урук, топ (Абрамзон, 123). Параллелдери бөрү, бугу, саруу, солто урууларынын курамдарында жана бүгүнкү казактардын ичинде бар экендиги аныкталган (Жанузаков, 1982, 171). Антропоэтнонимдер.

**Манак** - баргы, басыз, бугу урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 124). Манак VIII-IX кк. Ысык-Көлдөгү Барскан калаасынын акиминин титулу катары белгилүү болгон (Урстанбеков, Чороев, 1990, 113). XIV к. жалайырлардын уруулук курамы "чу-манак" жана "сыр-манак" деген эки ири топко бөлүшкөндүгү маалым (Тынышпаев, 1925, 6). Этникалык аталыштын кыргыз тилиндеги мааниси тактала элек. Алтайлыктардын тилинде "манакай"-буктурма; тува тилинде: "манаг" - 1. Түнкү мезгил; 2. Сакчылар; 3. Түнкү аң улоо маанилерин туюнтат (Молчанов, 1979, 260). Ал эми тува-орус сөздүгүндө төмөндөгүдөй аныктама берилет: 1. Жылкы үйүрүн кайтаруу; 2. Сакчылык: 3. Түнкү аң улоо:. 4. тув. Манагжы «түнкү аң улоо» (Тувинско-русский словарь, 1968, 287). Жогорудагы мисалдар этнонимдин "сакчы", "сакчылар" маанилерин туюнтарын аныктайт десе болот.

**Манап** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 124). Антропоэтноним. Сары багыш уруусунундагы белгилүү тарыхый инсан. Манап XVII к. чегинде жашап өткөндүгү маалым (Абрамзон, 1960, Т. IV, 32). XIX к. биринчи чейрегине чейин сары багыш ж. б. айрым урууларында башкаруунун манап институту болгондугу ырас. С.М. Абрамзондун далилдөөлөрүндө термин "манап" антропониминен эмес, ушул уруктан чыккан, бийлик чылбыры колунда болгон Манаптын тукумундарынын атынан келип чыгат. Мисалы, XIX к. I чейрегинде бугу уруусунун төбөлдөрү "бий" деп аталышынын аныктаган фактылар бар (көрсөтүлгөн эмгек, 32-33-беттер.,). Соңку мезгилдерде (XIXк.) пайда болгон титул-термин башка айрым кыргыз урууларына да тарай баштаган десе болот. Тарыхый жазма булактарда енисейлик, андан соң теңир тоолук кыргыздар уруу, аскер башчыларынын "кашка", "бий" деп аташкандыктарын чагылдырылат. Араб тилинен келип кирген "манап" (ар. маннаф) төмөнкү маанилерди берет: 1. Орун басар, которуу, которулуу; 2. тар. уруулук-феодалдык төбөлдөрдүн сословиеси; 3. Аристократ, ак сөөк (Жанузаков, 1982, 148).

**Манас** - ават, мундуз, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар

www.bizdin.kg



(Абрамзон, 124; Төрөкан уулу, 1995, 89). Түркмөндөрдүн човдур жана игдир урууларында "манас" анчалык чоң эмес уруктар катары белгилүү (Атаниязов, 1988, 85). Манас - казактардын курамындагы этникалык аталыш (урук аталышы) бар экендиги аныкталган (Жанузаков, 1982, 171).

**Мандалак** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 124). Энчилүү ат кыргыз тилине санскрит тилинен келип кирген. Mandaraka - өсүмдөк (ДТС, 336). Мандалак - калпак сымал ири гүлдүү өсүмдүк, жоогазын (КТТС, 418). Этноним өсүмдүктөр дүйнөсүнө байланыштуу келип чыккандыгы байкалып турат.

**Манжы** – бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 124). Манжы – "Манас" дастанында жердин жана элдин энчилүү аты катары чагылдырылат ("Манас". Энциклопедия, T.I, 55). Мындан сырткары, "Манас" эпосунун эволюциялык өнүгүүсүндө эпизоддук кейипкерге айланган. Этноним башка маанини да аныкташы мүмкүн. Хакас тилинде "манжы" төмөнкү маанилерди аныктайт: 1. Шамандын ритуалдык кийимине же таягына (жезл) тагылуучу ыйык деп эсептелүүчү кездеменин кесиндиси(лента); 2. Шамандын "сырткы дүйнө" менен "сүйлөшүүсү" учурунда ритуал аткарылуучу ак кайыңга жана боз үйдүн устундарында илинип туруучу тыйын, түймө–топчу тигилген кызыл түстүү кездеменин кесиндиси, борчугу (лента); 3. Өтмө маанисинде шамандын ритуалдык кийими (Бутанаев, 1999, 59). Этнонимдин келип чыгышында шаманизмдин да таасири болуусу толук мүмкүн.

**Мачак** - саруу, чоң багыш урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 121). Чоң багыш уруусунун курамындагы мачактар учурда КЭРдин Шинжаң автономиялуу областында жашашары маалым. Этникалык аталыштын параллелдери монголдордун курамынан "мачжак", өзбек-карлуктардан "мажаки" формаларында кездешери аныкталган (Писарчик.,Кармышева, 1958 ,82; Лебедева,1958,222)."Мачаq" - байыркы уйгурларга таандык будда динине байланыштуу жазылган текстеринде энчилүү ат катары кездешет(ДТС, 335). Ушул эле терминди Махмуд Кашгари "Сөздүктө" "айбан тезеги" маанисинде чечмелейт (Махмуд Кашгари, T.III,167). С.М.Абрамзондун иликтөөлөрүндө этнокомпоненттин орто кылымдардагы карлуктардын курамындагы "мажаки" уруусу менен теги жагынан жакын экендигин жазат (Абрамзон,1990,91). Демек, мачак уруу аталышы катары кыргыздардын курамында бери болгондо VII-X кк белгилүү.

**Меңдибек** - тынымсейит (шалтак), карабагыш урууларынын курамындагы уруктор (Абрамзон, 124). Антропоэтнонимдер. Параллелдери казак жана түркмөндөрдүн курамдарынан меңдибай, меңди, менме, менлитемир ж.б. формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков 1992,171; Атаниязов,1988,86).

**Меңдуулат** - кушчу уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 124). Этникалык аталыштын биринчи компоненти (мең) байыркы маанисин сактап келет: мең. "туубаса так", "кал" (ДТС, 341; Юдахин, 524). Байыркы түрк тилинде "мең" - "тузак" маанисин да аныктаган (ДТС, 341), Уруктар тобуна онтогор, сакалды, таз кушчу, чилжибут, шара ноот ж.б. кирет.

**Меркит** - дөөлөс уруууусунун курамындагы ири уруктардын бири (Аттокуров, 1995, 204). Этноним оболу, кытай жылнаамасы "Юан-шиде" - "мэ-ли-цзи" (меркит) формасында чагылдырылат. Марко Поло бул уруунун "Түндүк деңизге" жакын турушарын эскерген (Юдин, 1970, 84). Меркиттер XIII к. моңгол тилдеринин бир бутагында сүйлөгөн уруу (эл) болгондугу анык (Михайлов, 1988, 20). Рашид ад-Дин меркиттерди "көп сандаган, моңгол тилдүү эл, Чыңгыз-хан жана анын тукумдарынын душмандары" деп жазат (Рашид ад-

www.bizdin.kg



Дин, Т.I, Кн.I, 114; Абул Гази, 1906, 46). Айрым даректүү булактарда "удуит-меркит" деп аталган бул уруунун курамына төрт урук киргендиги чагылдырылат (уйгур, мудан, тудахиин, жиюн). Иликтөөчүлөрдүн жазган маалыматтарына караганда меркиттер (удуит-меркиттер) XII-XIII кк. Онон, Керулен, Селенга дарыяларына, Тункин өрөөнүнө жамаатташ аймактарды мекендешкен. Этноним монголчо "мэргэд"-"мергендер" маанисин түшүндүрөт (Мельхеев, 1976, 25). Арийне, Markid (мrkt < marakata) санскритче "кымбат баалуу, асыл таш" маанисин берет (Махпиров, 1997, 196). Этникалык компонент кыргыздын дөөлөс уруусунун курамына Түштүк Сибирде эле кирүүсү ыктымал. Параллелдери өзбек-коңурат, түркмөн жана монголдордун курамдарында бар (Кармышева, 1976, 90; Атаниязов, 1988, 87; Лебедева, 1958, 224). Чыгыш Түркстанда Меркит аттуу этнотопоним белгилүү (Абрамзон, 1990, 70).

**Миң кытай** - баргы, жедигер, мунгуш урууларынын курамындагы уруктар. Лексика-семантикалык жактан түркүмдөштүрүүдө этнокомпоненттердин санын, даражасын аныктаган топко кирет. Этнонимдин тегин орто кылымдардагы монгол тектүү кара кытайлар (кара кидандар) менен байланышта кароого болот. Р.Г. Кузеев «миң кытай» эки этникалык бирикменин (миң жана кытайлар) аталышын чагылдырарын белгилейт. Миңдер орто кылымдардын кечки мезгилдериндеги көчмөн өзбектердин тынчы жок, согушчал урууларынын бири болгон. Айрым булактар, маалыматтар миңдер кытайлар менен бирдикте аскер жүрүштөрүнө катышкандыгын баяндайт (Кузеев, 1974, 306-307). Ал эми, Г.Е. Грум Гржимайло өз иликтөөлөрүндө миңдерди "теги белгисиз уруу" - деп жазат. Ошону менен бирге, автор миңдердин монгол тилдүү мингаттар менен байланышын далилдеген жүйөлүү божомолун айткан (Грум Гржимайло, 1926, 533-534). Г.Н. Потанин өз изилдөөлөрүндө миңдерди монголдордогу мынг (мингат) уруусу менен этникалык тыгыз байланышта деген көз карашын айтат. Бирок, Р.Г. Кузеев орто кылымдардагы монголдордо мааниси түрк сөзүн аныктаган уруулар болбогондугун, миндер байыркы түрк дооруна таандык уруулук бирикме экендигин даректүү булактардын негизинде тастыктайт. Автор чыгыш теги байыркы уйгурларга жакын миңдер Орто Азияга (Сыр-Дарыя) монгол чабуулуна чейин журт которуп келишкендигин жазат (Кузеев, 1974, 306-308). Этникалык компонент кыргыздардын курамына монгол жеңип алууларына чейин кирүүсү ыктымал.

**Могол** - аваат уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыштын параллелдери "могол", алтайлыктарда түркмөндөрдө "мугал" формаларында бар (Баскаков, Тощакова, 1947, 216; Атаниязов, 1982, 88) Азыркы Афганистандын түндүгүндө "могол" атуу этникалык топ байырлашары маалым (Кармышова 1876, 99-101). Тажикстандын Коргон-Төбө аймагындагы өзбектерде «мугул» аттуу этнографиялык топ кездешет. Этнонимдин келип чыгышын XIV к. орто чендеринде Чагатай улуусунан бөлүнүп чыккан Моголистан (Могулистан) мамлекети менен байланышта кароого негиз бар. Мамлекеттин этникалык курамын жергиликтүү түрк, Борбордук Азиядан журт которуп келген түрк-монгол уруулары түзгөн. Бул урууларды түрктөшүп кеткен монголдордон чыккан хандар башкаргандыгы маалым (Урстанбеков,Чороев 1990, 119-120). "Могол" этникалык аталышы Моголистандын калкынын бир бөлүгүнө гапа таандык болгон. Кээ бир изилдөөчүлөр моголдорду түрк-монгол урууларынын жуурулушусунан келип чыккан дешсе, айрымдары моголдорду Чагатай улусунан хандарына кызмат өтөгөн өзгөчөлөнгөн кызматтык сословие катары карашат. Ал эми үчүнчүлөрү болсо, моголдорду өз алдынча этникалык топ экендигин белгилешет. XVI к. моголдор Моголистандан кыргыз жана казактардын бирик-

www.bizdin.kg



кен аракеттеринин натыйжасында Чыгыш Түркстанга сүрүлүшкөн (Караев,1994, 72). Мухамед Хайдардын маалыматтарында кыргыздар моголдордон анчалык көп айырмаланбайт, алар (кыргыздар) расмий динди (ислам дини) тутунушкан эмес деп баяндалат (Юдин,1965,7). Тажикстанда (Коргон-Төбө аймагы), Авганистандын түндүгүндө "мугал" аттуу этнографиялык топтор бар экендигин маалым. Бул этнокомпонент кыргыздардын курамына XIV к. кеч эмес кирген десе болот. Жергебиздин Базар-Коргон, Алай аймактарындагы Могол-Коргон, Сарык-Могол топонимдери өткөн тарыхый доорлорду чагылдыраары шексиз (СГНК, 140, 158).

**Мойнок** -саяк (каба), чекир саяк (курманкожо) урууларынын курамдарындагы уруктар. Мойнок 1. Моюн (негизинен төөнүн моюну); 2. Төөнүн, жапайы эчкинин моюн териси; 3. Тоодогу бийик ашуу (Юдахин, 529-530). Экзоэтноним.

**Моканай** - нойгут уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 173).

**Моңгол** - багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 125). Этнонимдин келип чыгышын башкы "монгол" макроэтноними менен байланышта кароо зарыл. Кыргыз этнонимдеринин хронологиялык (мезгилдик) экинчи катмарынын (орто катмар) калыптанышында монгол этнокомпоненттери негизги ролду ээлеген. Этникалык өз ара алакалардын өтө терең жүргөндүгү иликтөөчүлөрдүн эмгектеринде кенен чагылдырылган (Абрамзон, 1990, 53-59). "Моңгол" этноними VIII-X кк. кытай булактарында "мэн-гү", "мэн-ва", "мэн-гү-ли" формаларында эскерилет. Моңгол - халха, ойрот, басан, дүнсин, даур, барга, калмак, бурят ж. б. элдердин жалпы аты (Урстанбеков, Чороев, 1990, 121). Түрк тилдүү элдердин, анын ичинде кыргыздардын этникалык курамына, тилине моңгол компоненттеринин кирүүсү түрк-монгол урууларынын Борбордук Азияда кошуна жашаган мезгилдеринде эле башталгандыгы белгилүү (Абрамзон, 1990, 58-59). Кыргыздар менен монгол тилдүү элдердин, уруулардын ортосундагы мындай байланыштар алардын бири-бири менен узак мезгилдер бою саясий-экономикалык, этникалык карым-катнашта жашагандыгынан улам келип чыккандыгы түшүнүктүү. Түрк элдеринин этногенезиндеги моңгол урууларынын тийгизген таасирин Р.Г. Кузеев (1974), Т. Жанузаков (1982, 93-95), С.Атаниязов (1990, 18), В.У. Махпиров (1990), Ц.Б. Цыдендамбаев (1976, 3-23; 1972), Г.Ф. Саттаров (1969, 1976, 1977), А.Г. Митрошкина (1987) ж.б. окумуштуулар изилдеп келишкени белгилүү. Бир катар тарыхый булактарга жана изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына таянып, моңгол этнокомпоненттеринин кыргыздардын курамына кирген мезгилин болжол менен эки этапка бөлүп алса болот:

1.Кара кытай (кидандар) менен моңгол чабуулдары жана кыргыз урууларынын Чыңгыз-хан негиздеген монгол империясынын курамындагы мезгили (XII-XIII кк.);

2.Кыргыздардын Моголистан мамлекетинин курамындагы мезгили (XIV-XVI кк.).

"Моңгол" этнокомпоненти кыргыздардын курамына XIII-XIV кк. кеч эмес кирген. Этнонимдин параллелдери казактарда "моңгал", түркмөндөрдө "могол-жыклар", телеут-алтайларда "могол" формаларында кездешет (Жанузаков, 1992, 171; Атаниязов, 1988, 88; Потапов, 1969, 23).

**Моңол** - мунгуш уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыштын чыгыш тегин кыргыз тарыхынын Моголистан доору менен байланышта кароого болот. Параллелдери кыргыздарда моңолдор, могол (ават), алтайлыктарда "могол", түркмөндөрдө "мугал", өзбектерде «мугул» формаларында кездешет (Баскаков, Тощакова, 1947; Атаниязов, 1988, 88). Моголистан мамлекетинин

www.bizdin.kg



курамындагы бул этнос башка элдерге бат эле жуурулушуп кеткен (Юдин 1965, 57). Мындан сырткары, бүгүнкү күндө Афганистандын түндүгүндө, Тажикстандын Хатлон (мурдагы Коргон-Төбө аймагынын аталышы) жергесинде "могол", "мугол" аттуу этнографиялык топтор жашашат. XIV-XV кк. моголдордун урпактары болгон бул этнографиялык топтор учурда тажик тилдеринин бир диалектисинде сүйлөп калышкан.

**Моңолдор** - оң канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 124). Этнонимдин параллели түркмөндөрдө "моголжыклар" формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 88). Моңолдор уруусунун тарыхы Кыргызстандын аймагындагы Моголистандын тарыхы менен терең байланышкан. XIV к. 40-ж. ыдырай баштаган Чагатай улусунан азыркы Кыргызстандын аймагы менен Жети-Суу, Кашкарды кучагына камтыган Моголистан мамлекети бөлүнүп чыгат. Бул мамлекеттин этникалык курамын түрк, Борбордук Азиядан журт которуп келген түрк-монгол уруулары түзгөн (Караев, 1985, 77-104; Губаева, 1983, 55). Даректүү тарыхый булактарда Моголистанда байырлаган кыргыздардын этникалык курамына кирген черик, нойгут, тагай, сулдуз, баарын, кушчу, оторчу (саруу), булгачы ж.б. уруулар жөнүндө маалыматтар чагылдырылат (Юдин, 1965, 7). XIV-XVI кк. Теңир Тоодогу кыргыздардын Моголистан менен этникалык жана саясий жалпылыгы болгон (Урстанбеков,Чороев, 1990, 120). Мамлекеттик этникалык курамынын дээрлигин түрк тилдүү уруулар түзгөн. Башкаруучу династия гана түрктөшкөн монгол төбөлдөрүнө таандык эле. Мухаммед Хайдардын жазган маалыматтарына караганда, кыргыздар менен моголдордун ортосунда айырмачылык дээрлик болгон эмес. Өзгөчөлүгү, кыргыздар мамлекеттин расмий дини - исламды тутунушкан эмес (Юдин, 1965, 7). Моңолдор - кыргыздын бир уруусу катары XIV-XVI кк. кеч эмес калыптанган десе болот.

**Моку** - бөрү уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 74). Антропоэтноним.

**Молой** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 124).Айрым изилдөөлөрдүн белгилөөсүндө бул урук сары багыштардын курамына Талас тараптан келип жуурулушкан (Абрамзон, 1990, 43). Параллели саяк уруусунан кездешери аныкталган.

**Момун** - баргы, мунгуш урууларынын курамдарындагы уруктар. Антропоэтнонимдер. Момун - жоош, куулангандыкты билбеген, кудай деп топук кылган адам (КТТС, 433).

**Мөнөк** - баргы(адигине)уруусундагы уруктар тобунун аталышы.Бул топко төмөнкү ири уруктар кирет: 1. Бакшылар; 2. Кандар; 3. Иттер; 4. ма-нак; 5. Түлөөбай: 6. Акбуура (Аттокуров, 1995, 70). Монок хан - хакастардын тарыхый фольклорунда мифологиялык персонаж катары катышат (Бутанаев, 1999, 64). Хакас уламыштарындагы Мөнөк-хандын персонажынын кыргыздын "Эр төштүк" эпосундагы Жер Тыңшаар Мамытка окшоштугу бар.

**Мотой** – кесек уруусунун курамындагы ири урук (Аттокуров, 1995, 193). Антропоэтноним.

**Муңгуш(моңгуш)** - кыргыздын ири урууларынын бири(Абрамзон, 115). Информаторлордун бир тобу бул урууну оң канатка, айрымдары моңолдор уруусу менен бирге кыргыз урууларынын генеалогиялык схемасындагы өзгөчөлөнгөн топту түзөөрүн белгилешет. Муңгуш уруусу кош тамга жана жагалмай тамга деген эки чоң уруктар тобунан турат. Уруунун тегинин байыркылыгын ырастаган ынанымдуу параллелдерди келтирүүгө болот. Дуалдык система хунну,

www.bizdin.kg



байыркы түрк (үч ок, боз ок), моңголдордо (барун гар, дзюн гар) болгондугу маалым. Хуннуларда "бугу" титул - этноними "аскерлердеги оң канаттын башкы командачысы" маанисин аныктаган (Зуев, 1960, 108). Бул система бүгүнкү туваларда (он чак, сал чак), түркмөндөрдө (боз ок, үч ок), каракалпактарда (арысы конрат, он төрт уры) сакталып келет (караңыз: Баскаков, 1985, 24; Аташязов, 1988, 270-272; Жданко, 1950, 60-91). Муңгуш уруусунун энчилүү атынын параллели туваларда "моңгуш" формасында учурайт (Абрамзон, 1990, 55). Ал эми тувалардагы "моңгуш", "кыргыз" уруулары эң ири этнокомпоненттерден экендиги маалым (Дулов, 1965, 131-132). Дуалдык система тува-моңгуштарда да сакталып калгандыгын бул уруунун "ак моңгуш" жана "кара моңгуш" уруктар тобуна бөлүнүүсүнөн байкоого болот. И.Б. Молдобаев эки элдин курамындагы муңгуш//моңгуш этникалык аталыштарын эң байыркы катмарга кошот (Молдобаев, 1995, 113).

Учурунда бүгүнкү Тува жери жана ага жамаатташ аймактар байыркы Кыргыз каганатынын бийлигинде (820-840 жж. XIII к. баш чендерине чейин) узак убакыт болгондугу белгилүү. Бул аймактарды кыргыз уруулары мекендегенин көптөгөн илимий изилдөөлөр, кыргыз эстеликтери, кыргыз эпитафий жазуулары, археологиялык жана фольклордук маалыматтар, азыркы тувалардын курамындагы көп сандуу "кыргыз" уруусу далилдейт. Албетте, бул фактылар этногенетикалык байланыштарды тастыктайт. Мунгуш уруусунун курамындагы уйгур, онтогор, миң кытай, маңгыт, сарылар, жапалак, эрке кашка, тума, беш берен, ачы, моңол, татар, арык, соколок ж. б. урууларынын тегинин байыркылыгын аныктаган талашсыз фактылар бар. Бул аталган уруулардын (уруктардын) тегин Саян-Алтай, Монголиянын этникалык-маданий чөйрөсү менен тыгыз байланышта кароого болот.

**Мундуз** - сол канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 125). Эң байыркы этникалык аталыштардын бири экендигинде шек жок. Сөздүн соңундагы -з мүчөсү (-з/-с) байыркы түрк тилинде -лар мүчөсү сыяктуу көптүк маанини туюнтат. Мисалы, кыргыз, басыз, төөлөс, огуз ж.б. Этнонимдин параллелдери бүгүнкү алтайлыктар менен түркмөндөрдүн курамдарында бар экендиги аныкталган (Потапов,1966,235; Баскаков, 1985, 21-22; Атаниязов, 1988, 89). Тарыхый фольклордун маалыматтарында алтайлыктардын курамындагы "мундуз" сөөгү (уругу) кыпчактар менен генетикалык жалпылыкта каралат. Телеуттардын санжыраларында тоңгон муздан бойго бүтүп төрөлгөн эгиз балдарга Чулум мундуз, Коткор мундуз деген аттар берилери баяндалган (Потапов, 1966,235). Кыргыздын мундуз уруусунун курамындагы "зулум мундуз", "коткор мундуз" аттуу уруктар алтайлыктар менен түз этногенетикалык байланыштарды аныктары бышык. "Мундуз" сөзүн Махмуд Кашгари төмөндөгүдөй маанилерде чечмелейт: 1. Бат аккан (шар аккан) суу; 2. Жорго ат; 3. Жакшы эмес адам (Махмуд Кашгари, Т.I, 427). В.В. Радлов бул сөздү "жөнөкөй", "жупуну" маанисинде карайт (Радлов,Т.4, 2189). Арийне, биздин пикирибизде, Махмуд Кашгаринин биринчи жана экинчи маанидеги чечмелөөсү чындыкка жакын. Анткени, шар аккан суу менен жорго атты синоним сөздөр катары кароого болот. Мындан сырткары, жылкы жаныбары байыртадан кыргыздардын тотемисттик ишенимдеринин негизги объектилеринин бири болуп келгени эбактан далилденип келет. Мисалы, Көк Теңир менен жердин ортолугундагы шамандардын канаттуу аргымагы ж.б.у.с. түркмөндөрдөгү "мундуз" этноними байыркы түрк доорундагы (VI-X кк.) кыргыз-огуз этникалык алакаларынан кабар берери шексиз.

**Мурат** - баргы уруусунун курамындагы урук, топ (Абрамзон, 125). Параллелдери саяк,басыз, бөрү, чекир саяк, төбөй урууларынын курамдарында бар

www.bizdin.kg



экендиги такталган. Мурат - казактарда урук аталышы катары маалым (Жанузаков, 1982, 125). Антропоэтнонимдер.

**Мураталы** – бугу, саруу (агынай, боркемик, бош моюн, алакчын) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 125). Антропоэтнонимдер. Паралпели казактардын курамынан кездешери маалым (Жанузаков 1982, 171).

**Мурзакул** - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 125). Антропоэтноним. Параллелдери башкырларда “мырзалар”, казактарда жана лакайларда “мырзагул” формаларында кездешет (Кузеев, 1974, 234; Кармышева 1959, 9).

**Муркут** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 204). Этнонимдин параллели алтай - телеуттардагы “мөркүт” формасында учурайт. “Мөркүт” - алтайлыктардын тилинде эң байыркы тотемдин бири болгон бүркүттү түшүндүрөт (Баскаков, Тощакова 1947, 111). Этноним кытай жыл баяндарында да чагылдырылат. Болжолу, муркуттар өз алдынча этникалык топ болушкан сыягы. Орто кылымдардагы белгилүү саякатчы Марко Поло “Түндүк деңизге” жакын байырлашкан “бүркүттөрдүн өлкөсү” жөнүндө кабар берген. Маалыматтар муркуттарды XII к. Чыгыш Теңир Тоодо, 1205-ж. кийин Алтай аймагында байырлашарын тастыктайт (Юдин, 1970, 84-85; Козин, “Юань ши”, 151). Муркуттар этникалык компонент катары кыргыздардын жана алтайлыктардын курамдарына ушул мезгилдерде (XIII к.) кирүүсү мүмкүн. Этнонимди “меркит” урук аталышы менен чатыштырбоо зарыл. Анткени, этникалык аталыштардын семантикасы эки башка маанини туюнтат. Бүркүт башка тектеш элдерде да тотемдик мүнөзгө ээ экендиги аныкталган. Мисалы, телеуттардын курамындагы мөркүттөр өздөрүнүн уруулук тотеми Көк Теңирдин улуу кушу ак моюндуу бүркүт экендигине, анын шамандын ритуал учурундагы жардамчы духу болоруна ишенишет (Юдин, 1970, 85). В.В. Радлов “мүркүт” сөзү болмуштуу асман кушун аныктарын жазат (Радлов В.В., Из Сибири, 32). Тарыхый процесстин кийинки өнүгүү баскычтарында бөтөн этникалык, диний чөйрөдө этноним-эвфемизм өзүнүн семантикалык негизинен биротоло ажыраган (Юдин, 1970, 85). Этнонимдин параллелдери баргы уруусунда жана лакайларда “кара куш” формаларында сакталып келет (Абрамзон, 117; Кармышева, 1976, 11).

**Мөңкө** - ават, тынымсейит урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 125). Этникалык аталыш хакас, монгол тилдеринде (хак. “мөңи”; монг. “мөнх”) “түбөлүк”, “түбөлүктүү” маанисин аныктайт (Бутанаев, 1999, 64; Чареков,1990, 20). Байыркы түрк тилинде “mengu”-“түбөлүктүү”, “чексиз” дегенди туюнтат (ДТС, 341). Жунгар (Ойрот) хандыгын кыргыздар негиздегендигин, аны бир топ убакыттарга чейин башкарышып тургандыгын кытай булактары тастыктайт. Жунгар (Ойрот) хандыгынын биринчи башкаруучусу Мөңкө Темир аттуу кыргыз ханы болгондугун кытай таануучу илимпоздор далилдеп жүрүшөт (Бейшеналиев, 1989, 9).

**Мөкү** - бөрү уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 124). К.К. Юдахин төмөнкүдөй аныктама берет: мөкү - токуу станогунун тигүү машинасынын жип түргүчү (Юдахин, 534). Уруктун аталышы кесипке байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. Адамдардын кесибине, ишмердүүлүктөрүнүн өзгөчөлүгүнө байланышкан энчилүү урук аттар кыргыз этнонимиясында бир топ санда экендиги аныкталган.

**Мөнөк** – баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 125). Этнонимдик аталыш монголдун “манх” сөзү менен байланышта. Монгол тилинде “манх” 1. Түбөлүк, түбөлүктүү; 2. Өлбөс-өчпөс, түбөлүк маанисин туюнтат. “Монлах” дайыма, түбөлүккө калтыруу (Монгол орос толь, 1957, 244).

www.bizdin.kg



**Мырзаке** - карабагыш уруусунун курамындагы уруктар бирикмесинин аталышы (Абрамзон, 125). Бул ат менен Өзгөн районундагы ири айыл белгилүү. Этнотононим (СГНК, 1988, 141).

# Н

**Наалы эже** - генеалогиялык баяндарда (санжыралык маалыматтар) Ак уулдун Адигине жана Тагай деген уулдарынан кийинки кызы экендиги айтылат. Геноним. Айрым информаторлор мунгуш жана моңолдор урууларынын тегин Наалы эжеден таратын жүрүшөт. Наал 1. ар. "Така". 2. ир. "Тагдырга таарынуу","кайгы-капа тартуу"(Юдахин, 549). Монгол тилинде "нал" - кызыл асыл таш, рубин маанисин аныктайт (Монгол орос толь, 1957, 260). Биздин пикирде, генонимдин монгол тилиндеги маанисиндеги чечмелениши сөздүн так маанисин чагылдырат. Буряттар да ламанизмди (буддизмдин бир агымы) кабыл алуудан баш тартып, шаман динин жогору тутуп, жер паана издеп түндүк тарапка качкан эки кыз жөнүндө уламыштар бар. Онгонго (касиеттүү сыйынуучу нерсе, зат, жаныбар) "хори кыздарынын бири «Зулатан авгай» (Зулатан таэже) же «Наал (Нала) хатан эзы» деп аталышкан. Буряттар айтылуу "Нал хатан эзин" -күн кудайынын эпитети катары түшүнүшөт, ага сыйынышат (Галданова, 1992,20). Генонимдин адегендеги мааниси анын Борбордук Азиянын байыркы түрк-монгол этникалык, маданий чөйрөсү, шаман дини менен байланышын тастыктайт десе болот. Анткени, геноним бир эле учурда (кызыл) түстү, сыйынган объектини, күн кудайынын эпитетин чагылдырат.Мындан сырткары, кыргыз этнонимиясындагы Наалы эже, Чолпон уулу, Зуура эже ж.б. генонимдер адамзат коому басып өткөн эзелки энелик доордон (матриархат) да кабар берет.

**Нагдай** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Төреканов,1895,14). Этникалык аталыштын так мааниси аныктала элек. Нагдай - Ноокен районундагы айылдын аталышы катары белгилүү (СГНК, 1988, 142). Бул айылда аталган уруктун өкүлдөрү жашашары маалым.

**Назар** - моңолдор (бөгөнөк), солто (бөлөкпай), сары багыш (манап) урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 125). Антропоэтнонимдер. Параллели казактардын курамында бар. Назар ар. 1. Кароо, көз салуу, көз караш; 2. Көңүл бөлүү, колдоо, колдоо көрсөтүү (Жанузаков, 1982, 122,151). Мындан сырткары, кыргыздын саруу (ай тамга), бугу (желдең) урууларында "назарбек" аттуу уруктар (антропоэтнонимдер) бар экендиги маалым.

**Найман** - ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы эң ири уруулардын бири. Даректүү кытай жазма булактарында наймандар VIII к. Байкал көлүнөн түштүктө жашагандыктары баяндалат (Тынышпаев, 1925, 4) Изилдөөчүлөр берген көпчүлүк маалыматтарда IX к. орто чендерине карата наймандар Орхондон Таримге, андан Кара Иртышка чейинки аймактарда эскерилет. Айрым изилдөөчүлөр өз кезегинде наймандардын тогуз-огуз конфедерациясына киргендиктерин жазышат (Керейтов, 1984, 13) XII к. карата наймандар кубаттуу уруулук бирикмени түзө алышкан. Ушул эле кылымдын аяк чендеринде согуштук-саясий таасири бошондоп калган кыргыздарды наймандар жеңилүүгө учуратышкан (Рашид ад Дин, Т.І, Кн.І, 139). Бирдиктүү мамлекеттүүлүктүн түзүлүшүнүн алгачкы этаптарында турган күч-кубатуу наймандар көчмөн түрк-монгол элдеринин бирикмеси катары белгилүү болгон этникалык аталыш монгол-бурят тилдеринде "сегиз" санын түшүндүрөт (Цыдендамбаев, 1975, 25).Академик В.В. Бартольд иликтөөлөрүндө "найман "-сегиз уруктун, уруунун бирикмеси,

www.bizdin.kg


союзу деген маанидe чечмелеген (Керейтов, 1994, 13). Арийне бул көз карашка карама-каршы Н.А. Аристов этнонимди Катун дарыясынын куймасы болгон Найма суусунун аталышынан келип чыккандыгын билдирген пикирин жазат (Аристов,1894,Вып,III-IV,341). Арийне, бул орчундуу маселе илимде дагы эле болсо талаш-тартыш проблема бойдон калууда. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү наймандарды түрк-монгол урууларынын жамаатташ бирикмеси деген пикирге токтолушат. Л.А. Викторова, Р.Керейтов ж.б. иликтөөчүлөр наймандар насили түрк уруусу, кийинчерээк монгол тилдүү уруулардын этникалык-маданий таасирин алган дешсе (Викторова Л.А. Монголы. М.: 1984, 45; Керейтов,1994, 14), Ч.Валиханов аларды (наймандарды) байыркы түрк урууларынын бири деп атайт (Валиханов, Т.1, 1960, 638). XIII к. баш чендерине карата наймандар мамлекеттүүлүктүн алгачкы формасы болгон ири уруулук бирикмелерден турган. Наймандарда жазма маданияты өнүгүп байыркы уйгур алфавитине негизденген жазуусу болгондугу маалым (Керейтов, 1984, 13). Диний ишеним жагынан наймандар христиандар (несториан) болушкан (Урстанбеков., Чороев, 1990, 126). Айрым маалыматтарда моңголдор (Чыңгыз-хан) уйгур арибиндеги жазууну наймандардан кабыл алышкандыктары айтылат (Керейтов, 1994, 13). XII к. аягы, XIII к. башында өз карама-каршылыктардан улам наймандардын уруулук союзу начарлап, ыдырай баштаган эле. Чыңгыз-хандын аскерлеринин кысымы астында наймандар XIII к. баш чендеринде Фергана, Жети-Суу жана Кашкарды көздөй чегинишкен (Аристов, 1894, 432-433; Бартольд, Соч. Т.I, Ч.I, 141). Бул мезгилдерде наймандарды Таян-хан, андан соң, Күчлүк деген хандар бийлеген (Абулгази, 1906, 42).

Батышты көздөй чегинген наймандар Күчлүк хан ас-Сегизинин (“ас-сегизи”-сегиз уруу элдин жетекчиси) жетекчилиги менен кара кытай Гур-ханына баш ийип, 1211-жылы анын тактысын тартып алган. 1218-ж. Чыңгыз-хан тарабынан талкаланып, өлтүрүлгөндүгү маалым (Урстанбеков.,Чороев, 1990, 94). Наймандар кийинки түрк тилиндеги сүйлөгөн элдердин дээрлик басымдуу бөлүгүнүн курамына этнокомпоненттер катары кириште. Этнонимдин параллели казак, өзбек, каракалпак, ногой, башкыр, алтай жана монгол тилдүү буряттардын курамдарынан кезиктирүүгө болот (Тынышпаев, 1925, 14-18; МИКК, 1973, 115; Жданко, 1950, 69-72; Керейтов, 1994, 13-14; Кузеев, 1974; Мельхеев, 1976,24. ж.б.). Бүгүнкү монголдордун курамында да найман аттуу уруу бар экендиги аныкталган (Лебедева, 1958,224). Бул энчилүү аттын параллелдери Түштүк Молдавияда топоним жана гидроним формаларында сакталып калган (Баскаков, 1964, 48). Рашид ад-Диндин жазган маалыматтарына таянсак, наймандар кыргыздар менен XII к. эле алакалаш болгондугун эскерилет (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 139). Учурда эң ири уруу, көп сандуу наймандар кыргыз этносунун түптөлүшүнө негизги ролду ойношкон. Тарыхый маалыматтарга караганда наймандар кыргыздардын курамына этнокомпонент катары XI-XII кк. кеч эмес киришкен.

**Накай** - кушчу уруусунун (жоош уруктар тобу) курамындагы урук (Абрамзон, 125). Этнонимдин бүгүнкү кыргыз тилиндеги мааниси аныктала элек, болжолу байыркы кыргыз сөзү. “Нага”, “нагай”, “нахай” хакас тилинде:1. Салык, аң - тери түрүндөгү натуралай салык; 2. Тыйын чыккандын 50 даана аң терисинен турган таңгак, гизмек маанисин туюнтат (Бутанаев, 1999, 65-66). Энесайлык кыргыздарда тыйын чычкандын териси өз ара жана коңшуна элдер менен жүргөн соодалашууда акча бирдигинин ролун аткарган. “Тыйын” термини соода алакаларынын негизинде аң теринин аталышынан улам келип чыккан.

**Нарай пайман** - найман уруусунун курамындагы ири уруктардын бири.

www.bizdin.kg



Этнонимдин биринчи компоненти бүгүнкү кыргыз тилине белгилүү бир маанини туюндурбайт. Нарай бурят-монгол тилдеринде "жаңыдан дүйнөгө келди, жаңыдан көз жарды" деген маанини аныктайт. Бул сөз өсүмдүктөр дүйнөсүнө карата да айтылары маалым (Щербак, 1961, 100). Ал эми хакас тилинде "нараа" (-й сөз жасоочу байыркы мүчө) - "начар кыймылдоочу", "начар козголуучу", өтмө мааниде "көп көчпөс", "көп жүрө бербес" дегенди туюнтат (Бутанаев, 1999,67; Юдахин, 340). Баамыбызда, сөздүн өтмө маанидеги мазмуну этникалык аталыштын так маанисин чагылдыра алат. Демек, "нарай-найман" - "бир орундан көчпөгөн, отурукташкан, жер иштеткен наймандар" маанисин аныктайт десек болот. Этникалык аталыштын параллели бүгүнкү монголдордун уруулук курамынын "нарай" формасында кездешери байкалган (Лебедева, 1958, 224). Этнонимдин хакас тилиндеги маанисинин сакталып калышы, бул терминдин енисейлик кыргыздар кенен колдонулгандыгын ырастайт.

**Нияз** - сары багыш (манап), ниязбек - сары багыш (жантай), чекир саяк (курманкожо), сары багыш (манап) урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 135). Антропоэтнонимдер. Параллели казактардын курамында бар. Нияз таж. 1. Өтүнүч, суроо, сураныч; 2. Үмүт; 3. Белек, тартуу (Жанузаков, 1982, 171, 152).

**Ногой** - кытай, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 125). Этнонимдин параллелдери каракалпак, казак, өзбек-коңурат, өзбек-кесамир, башкырлардын курамдарынан кездешет (Жданко, 1950, 37; Жанузаков, 1982, 171; Кармышева, 1976, 92, 103, 108; Кузеев, 1974, 162). Мындан сырткары, Түндүк Кавказда кынчак тилдеринин бир бутагында сүйлөгөн ногой (ак ногой, кара ногой) этносу белгилүү. Ногой этносунун атынын келип чыгышы XIV к. аягындагы Алтын Ордонун түмөн башчысы, көрүнүктүү нойон Ногойго байланыштуу (Волкова, 1973, 77). Изилдөөчүлөр орто кылымдын кечки мезгилдериндеги "Ногайлы" доорунун кыргыздардын этникалык жүзүнүн калыптанышына, маданиятына тийгизген таасири жөнүндөгү жүйөлүү пикирлерин айтышат (Кебекова, 1982, 17-18; Керейтов, 1984, 392-394; Молдобаев, 1982, 89-90; 1995, 185-187). "Ногой" этноними "Манас" эпосунун бардык варианттарында эскерилүү менен бирге, Манас баатырдын генеалогиялык санжырасында баяндалат (Молдобаев, 1982,89). Кыргызтаануучу И.Б. Молдобаев кыргыз-ногой этникалык алакалары "ногайлы дооруна" чейин эле, тагыраак айтканда, Түштүк Сибир, Монголия жана ага жамаатташ аймактарда жүргөндүгүн "Манас" эпосунун материалдарына ж.б. фольклордук маалыматтарга таянып айтат. Автор бүгүнкү ногойлордогу "ак ногой", "кара ногой" уруулары (уруулук бирикмелери) "Манаста" да айтылышына токтолот. Негизгиси, эпосто эки тарыхый доор бир мезгилде чагылдырылат деген жүйөлүү маселе көтөрүлөт (Молдобаев, 1995, 185-187). Бирок, "ногайлы" доорунун таасирин да белгилөө зарыл. Кыргыз-ногой этникалык алакаларын уруулук энчилүү аттар, эн тамгалар да далилдей алары бышык (караңыз: Каратаев О.К. Автореф. канд. дисс..., 1994, 14). "Ногой" этнонимине изилдөөчүлөр төмөнкүдөй аныктама беришет: 1. Нохой - тотемдик жаныбар итти түшүндүрөт; 2. Нугайка - (орусча-нагайка) - "өрүлгөн камчы" (Айтмуратов, 1986, 81-82). Биздин пикирде, этнонимдин биринчи маанисиндеги чечмелениши тагыраак. Ит байыртадан бир катар түрк-монгол тилдүү элдердин мифологиясында ыйык жаныбар катары эсептелип, сыйынган тотем-жаныбар болуп келгендиги маалым. Мисалы. буряттардын мифологиясында карышкыр көктөгү ит" ("тэнгэрин нохой") деп аташат (Михайлов Т. М. Из истории бурятского шаманизма. Новосибирск, 1980, 74-75).Сары иттер жөнүндөгү уламыштардын варианттары кыргыздардын байыркы тотемдик ишенимдерин чагылдырары анык.

www.bizdin.kg



**Нойгут** - ичкиликтер уруулук тобундагы байыркы ири уруунун бири (Абрамзон, 125). Айрым маалыматтар бул уруунун бир бөлүгүн Чыгыш Түркстанды эзелтеден мекендешерин баяндайт. Өздөрүн “ойгут” деп аташкан бул уруунун айрым бөлүктөрү көл кылаасында да жашашат (Абрамзон, 1960,87). Этнонимдин параллели “найкит” формасында бүгүнкү монголдордун курамында да бар экендиги аныкталган (Лебедева, 1958, 243). Этникалык аталыш “Манас” эпосунда да кенен чагылдырылып, кыргыздын бир уруусу катары айтылат. Айрым дarектүү булактардын берген маалыматтарына караганда, XVI-XVIII кк. нойгуттар Лоб-Норду жана ага жамаатташ аймактарды мекендешкен. Бул топонимдин (Лоп топоними) нойгут уруусунун эзелтеден байырлаган жери экендиги “Манас” эпосунун көп эпизоддорунда эскерилет (“Манас”. Энциклопедия, Т.I, 383-384 б.; Т.II, 125). XVI к. нойгуттар Кашкардагы Уч чебинин айланасында эскерилет (Караев, 1995, 131).

**Нооруз уулу** - жедигер уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 126). Атропоэтноним. Параллели казактардын курамында “наурызбай” формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 171).

**Норуз** – тейит, келдике урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 126). Антропоэтноним. Норуз (нооруз) кыргыз тилине – иран тилдеринен келип кирген. “Нау”-жаңы, “руз”- жаңы күн, жаңы жылдын келиши маанисин түшүндүрөт. Этнонимдин параллели лакайлардын курамында “науруз” формасында бар (Кармышева, 1976, 11).

**Нурке** – каңды уруусунун курамындагы ири урук (Аттокуров, 1995,208). Параллели казактарда “нурбике” формасында кездешет (Жанузаков, 1982,171).

**Нурмүңкө** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 185). Нур - ар. жарык, жаркыроо, шоола, нур; «мүңкө», «мөңкө» түбөлүктүү (Жану-заков, 1982, 150, 152). Этноним “түбөлүктүү нур, жарык” маанисин туюнтат.

# О

**Оготур** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 126). Этникалык аталыш монгол тилинде: “оготор”: 1. Кыска; 2. Кыска, чолок куйруктуу айбандарга карата айтылат (Монгол орос толь, 1957, 292). Болжолу, этноним лакап аттан улам келип чыккан. -ар; - ер; -ур; -ир мүчөлөрү жалганган этникалык аталыштардын басымдуу бөлүгүнүн байыркылыгы аныкталган.

**Огуз** - байыркы уруулук бирикменин аталышы. Кыргыз санжыраларынын айрым варианттарында геноним катары да белгилүү. Учурда, огуз тилдүү элдер деген тил ажырымын аныктаган лингвистикалык термин бар. Бул тонко Туркия түрктөрү, азербайжандар, түркмөндөр, гагауздар, саларлар, крым татарлары, Ирандагы, Ирактагы, Сириядагы, Балкан жарым аралындагы ж.б. аз сандуу бир катар этникалык топтор кирет. Кытай жыл баяндарында огуздар VI к.“угу”, “вуху”, “вуги”, “вугус” формаларында чагылдырылып, Чыгыш Түркстан, Ысык-Көлгө чектеш аймактарда байырлашары баяндалат (Махпиров, 1998,40). VII к. тартып огуз уруулары Жети-Сууга, Сыр-Дарыяга, Арал жаиа Каспий деңиздерине чукул көчө башташат. Батыш Түрк каганатынын кулашы жана 766-ж. карлуктардын Жети-Сууну ээлеп алышы менен катуу кысымдан улам, огуз урууларынын басымдуу бөлүгү Сыр-Дарыянын төмөнкү агымдарына жер которушат. Жаңы этникалык жана саясий чөйрөдө огуз конфедерациясы IX к. аягы, X к. баш чендерине зор державага өсүп чыккан (Агаджанов,1975,11). Огуздар жергиликтүү алан, масагет тектүү уруулардын айрымдарын өз курам-

www.bizdin.kg



дарына сиңиришкен. XI к. Хазарлардан сокку жеп, Караханийлердин бийлигин таанып, ислам динин кабыл алган Селжук Алдыңкы жана Кичи Азиянын саясий өнүгүүсү, этникалык жүзүнүн зор өзгөрүүсүнө алып келген Селджук империясын негиздейт. Махмуд Кашгари - “огуздар түрктөрдүн бир уруусу, алар түркмөндөр, жыйырма эки уруудан турушат, ар бир урук эн тамгалардын өзгөчөлүктөрүнө карата айырмаланышат” - деп жазат (Махмуд Кашгари, Т.І,89). Огуз конфедерациясынын курамындагы энчилүү аттар, эн тамгалар, уруулук түзүлүш-структурасынын өзгөчө бүгүнкү түркмөндөр менен жакындыгын байкоого болот. Түркмөндөр орто кылымдардагы огуз уруулук бирикмесиндей эле Боз ок жана Үч ок деген ири уруулук фратрияларга бөлүнүшкөнү ырас. Белгилей кетчү маселе, алматылык уйгур ономасты В. Махпировдун огуз (тогуз огуз) конфедерациясына кирген түрк тилдүү элдердин тарыхында (анын ичинде кыргыздар), этногенезисинде, өзгөчө жазма маданиятын (руникалык жазма эстеликтер) жаратууда уйгурлардын ээлеген басымдуу ролу жөнүндөгү илимден алыс субьективдүү көз карашы кенен мүнөздүү илимий тактоолорго муктаж (караңыз: Махпиров, 1998, 39-41).

Демек, түркмөндөрдү огуздардын түз мураскорлору катары кароого болот. Арийне, огуздардын уруулук структурасын анализдеп келгенде, IX-XI кк. “огуздар” деген атты союздаштык белги менен бириккен уруулардын конгломераты катары кароо зарыл. Буга конфедерациянын курамындагы индоевропа, монгол тилдүү этнокомпоненттер так далил боло алат (Толстов, 1948, 245).

Огуз каган жөнүндөгү уламыш Рашид ад-Дин (XIV к.), Абул Газинин (XVI к.) эмгектеринде чагылдырылат. Айрым изилдөөчүлөр Огуз-каган хундардын каганы Модэ Шанүйдүн прототиби экендигин андагы уламыштардагы персонаждардын окшоштуктарына таянып жазышат (Бернштам, 1955, 37-39). Кыргыз санжырасынын айрым бир маалыматтарында кыргыздарды Огуз кагандан тарагандыгы жөнүндө уламыштар бар. Түрк тилдүү элдерде кенен таралган Огуз каган уламыштарынын варианттары эзелки уруулук ири бирикме жөнүндөгү маалыматты чагылдырат десе болот. Огуз-хан уламыштарда карышкыр белдүү, аюу көкүрөк, киш (жапайы аңдын түрү) желкелүү, бука буттуу, алп катары чагылдырылат. Жогорудагы түпкү ата-бабанын образын чагылдырган зооморфтук белгилер тотемистик дүйнө таанууну туюнтуп, теги бир өңчөй болбогон уруулук ири бирикмени аныктаган (Крижяная, 1988, 30). Деген менен, генонимдин түп мааниси жөнүндө илим чөйрөсүндө бирдей пикирлер жок.

1.oguz < oq “жебе” + uz “адам” oquz ~ oguz “ок адам” (Маркварт, 1914);

2.oguz < uguz “ууз” (Березин, 1861; Пеллиот, 1930);

3.oguz < oq ~ og “жебе урук” + uz - көптүк маанини аныктоочу мүчө > oguz - огуздардагы уруунун аталышы (Лигети, 1967);

4.oguz < okuz ~ hokuz “бука”бука тотемдүү уруу (Базен 1953; Синор,1950);

5.oguz < чув. oxa ~ тюркск oqu “жебе урук” + uz көптүк маанини аныктоочу мүчө > oqu - z “уруу” (Притцак, 1952).

6.oguz < oq~ og “жебе, уруу, урук” (~ oq “эне”) + uz / uz көптүк маанини аныктоочу мүчө > oguz “уруу”; (собирательное значение): on oguz “он уруу”, toqguz oguz “тогуз огуз” (Кононов, 1958). Н. А. Баскаков “Огуз” сөзүнүн маанисине “акылман”, “акылдуу” деген аныктама берип Bilge, kgodoj терминдеринин синонимдери катары карайт. (Н.А. Баскаков. Микроэтноним узов (огузов) - черных клобуков в русских летописях. 1983, 42-43).

www.bizdin.kg



**Ойсурак мундуз** - мундуз уруусунун курамындагы уруктун аталышы (Абрамзон, 126). Ойсура - кедейленүү, жакырдануу, алдан таюу, өтм. урушуу, өзүн-өзү токтотпой чатак салуу (Юдахин, 704). Лакап этноним.

**Оң канат** - кыргыздардын уруулук бирикмесинин аталышы. Генеологиялык маалыматтар боюнча оң канаттагы багыш, саяк, черик, моңолдор, мунгуш, баарын, суу мурун, коңурат, баргы, бөрү, жору, кара багыш, сарттар (Адигине уруулук тобу) уруулары кирет. Кыргыздардын уруулук топторго бөлүнүшү алгач ирет кытай жыл баяндарында чагылдырылат. Оң канат жана сол канат кыргыздардын генеологилык схемасы XVI к. Сейф ад-Дин Аксыкендинин “Мажму ат-Таварихинде” баяндалган. Оң канат кыргыз уруулары санжыралык маалыматтарда Ак уулдан тарашат. “Мажму ат-Таварих” боюнча: “Ак огул(уул) ибн Боз оглан, ибн Көктемиш, ибн Долон, ибн Дамбур, ибн Газы бий, ибн Сары бий, ибн Сагын бий, ибн Кафланг бий, ибн Шукур бий, ибн Мары бий, ибн Темин бий, ибн Кулу бий, ибн Арсланг бий, ибн Гуз хан, ибн Лур хан, ибн Ана-л-хак” (МИКК, 1973, 207). Аскердик жана чарбалык-экономикалык керектөөлөрдөн улам келип чыккан уруулук топторго бөлүнүү салты байыркы хунну доорунан белгилүү. Бул салт байыркы түрктөргө, монголдорго, кийинки ойротторго (жуңгарларда), каракалпактарда, түркмөндөргө да мүнөздүү көрүнүш болгон. Учурда түркмөндөрдө “боз ок”,“үч ок”; туваларда “оң чак”, “сол чак”; кара калпактарда “он төрт ру” жана “арысы коңурат” деген уруулук топтордун жиктелүүсү сакталып келет (Атаниязов, 1988, 33; Баскаков, 1985, 19; Жданко, 1950, 35). Оң, сол, борбор болуп бөлүнүү принциптери байыркы “согуштук демократия” дооруна барып такалат. Байыркы кытай тарыхчысы Сыма Цянь “Ши цзиде” хуннулар мамлекеттик башкаруу системасында оң, сол, борбор системасын кабыл алышып, сол канатка - чыгыш хунну, оң канатка - батыш хунну уруулары киререин жазат (Краткая история уйгуров. Алматы, 1991, 56).

**Окчу** - каратегиндик кыргыздардагы кыпчак уруусунун курамындагы урук (Абышкаев, 1965,15). Окчулар байыркы кыргыз урууларынын бири катары “Манас”дастанында эскерилет. С.М. Абрамзон этникалык аталыш уруунун аскердик же чарбалык адистешүүсүнө карата калыптанган деген пикирин айтат (Абрамзон, 1946, 128). Академик Б.Ө. Орузбаев этнонимди “жебе жасоочу уста” (ок + чы; -чы, -чу, -чу морфемалары кесипти ишмердүүлүктү аныктайт) деген мааниде чечмелейт (Орузбаева, 1980,70). Этнонимдин параллелдери түркмөндөрдүн бир нече уруусунун курамынан кездешет (Атаниязов, 1988, 93). Арийне, “ок + чу” (уңгусу) байыркы түрк тилдеринде “уруу”, “урук”, “эл” маанисин да түшүндүргөн (Кононов А.Н. Родословное древо туркмен ..., 1958, 83-84). Караңыз: он ок, огуз этнонимдери.

**Олжобай** - моңолдор уруусундагы бөгөнөктүн курамындагы урук (Абрамзон, 126). Антропоэтноним. Параллелдери кара багыш жана саяк урууларынын курамында бар.

**Олжолу** - кушчу уруусунун курамындагы урук.Параллелдери олжо (кытай), олжочу (саруу), олжобай (моңолдор, кара багыш, саяк), олжоке (солто), олжобай (жору, дөөлөс) формаларында кездешет (Абрамзон, 126). Олжо + чу; -чу сөз жасоочу мүчө. Олжо - табылга (Юдахин, 166). Олжо - хакас тилинде төмөнкү маанилерди аныктайт. 1. Табылга, олжо; 2. Байкоосуз жерден чабуул коюуу (Бутанаев, 1999, 72).

**Олот** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 1960, 137). Этнонимдин параллелдери тувалардын курамынан “өлет”, монголдордон “олют” формаларында кездешери маалым (Баскаков, 1985, 24; Лебедева, 1958, 221). Жогорудагы энчилүү аттардын баштапкы формасы олет / олөт / элөт болуу

www.bizdin.kg



керек. Тарыхый фольклордун маалыматтарында Жунгарлар түндүк элеттор экендиги, алар түпкүсү легендарлуу Элет-Дархан аттуу нойондон тарары баяндалат (Илэтхэл Шастир, 1990,49).Арийне, монголтаануучу В.П. Санчиров бир катар далилдүү даректерге, илимий негиздүү фактыларга таянып, элөттор өз алдынчалыкка ээ уруу экендигин, этникалык аталыш монгол (калмак) тилдеринде "өз алдынча бөлүнгөн", "жамааттан, негизги журттан ыраак жайгашкан эл" маанисин туюнтарын белгилейт. XVI к. чейин элөттор (өлеттер) дөрбэнойроттордун (төрт ойрот) ири уруусу катары эскерилет (Санчиров,1990,49,52). Н.Я. Бичурин элеттер жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтарды берет: ...Жунгариялык элеттер Кобдодон чыгышка карай, тагыраак айтканда Селенга дарыясынын башкы агымына чейинки аймактарды мекендешкен. ...XV к. карата элеттордун саны көбөйүп кеткендиктен, алар (элеттор) ойроттордун курамына кошулгандан соң, калмактардын баары "Чжунгар (Жунгар) элеттору" деп атала башташты (Е.М. Поспелов. Топонимика и историческая география. М.: 1976, 19-20). XVIII к. экинчи жарымында (1753-1756-жж.) элоттордун басымдуу бөлүгү Цинь (Манчжур) империясынын аскерлери тарабынан кыргынга алынганы маалым. Өлеттер «кара калмактар» деген ат менен да белгилүү. Алардын басымдуу бөлүгү учурда Батыш Кытайдагы (Чыгыш Түркстан) Текес суусуна жамаатташ аймактарды мекендешери маалым. Көл кылаасындагы сарткалмактар төңкөрүшкө чейин (XX к. 20-жж.) өздөрү өлөт элиот деп аташчу (караңыз: Абрамзон 1960, Т. IV, 91). Бул мисалдар кыргыз-ойрот (калмак) этникалык алакаларын чагылдырары шексиз.

**Омонок** - кыичак уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Аттокуров, 1995, 185). Бул уруктун өкүлдөрүнүн көпчүлүк бөлүгү Өзбекстандын Коргон-Төбө аймагын байырлаи келишери маалым.

**Он жети үй** - дөөлөс уруусундагы зумбулдун курамындагы урук (Абрамзон, 126). Лакап этноним.

**Ондон** – бугу (арык) уруусунун курамындагы урук (Абрамзан, 126). Бул уруктун өкүлдөрү Каракол, Балыкчы, Кочкор аймактарын байырлап келишет (Абрамзон С.М. 1960, Т.IV, 17). Параллелдери казактарда "он гурт", түркмөндөрдө "он беш" формаларында кездешери маалым (Жанузаков, 1982, 171; Атаниязов, 1988, 93-94).

**Онок** - кушчу уруусунун курамындгы уруктардын бири (Төрөкан уулу, 1995, 14). Бул этникалык аталыш бери болгондо VIII к. белгилүү экендигин байыркы жазма даректер баяндайт. Этнонимдин мааниси "он + ок" ="он урук, он уруу, он уруу эл" маанисин туюнтат. Маселен, огуз= ок(z) + уз; oguz < oq~og "жебе, урук"+uz; -z көптүк маанини аныктоочу байыркы аффикс. "Огуз" – эрте орто кылымдардагы түрк тилдүү уруулардын бирикмеси катары маалым. "Онок" этникалык аталышы тууралуу маалыматтар азыркы Монголиядагы Күлтегиндин эстелигинде (VIII к.) чагылдырылат. Бул этникалык аталышты даниялык окумуштуу В.Томсен 1916-жылы чечмелеп окун чыккан (Кляшторный, 1964,122)."Он ок будун" (он октон, он жебеден куралган калк, эл) Батыш Түрк каганатынын (581-746 жж) калкынын өзөгүн түзгөндүгү белгилүү (Урстанбеков.,Чороев, 1990, 133). Ырасында эле, 635-ж. тарыхый маалыматтарда Батыш Түрк каганатында "беш уруу Нушиби" жана "беш уруу Дулуларда" өзүн-өзү башкаруу укугу болгондугу маалым. Алардын башкаруучулары "шад" титулун кабыл алышып, бийликтин символун чагылдырган атайын жебелерге ээ болушкан (Гумилев, 1967, 213; Атаниязов, 1988, 93). Шад - "жогорку башкаруучу" маанисин туюнтуп, мыйзам түрүндө "кагандын "орун басары",

www.bizdin.kg



"тактынын мураскору" деген маанини аныктаган. Шад титулун алып жүргөндөр жогорку аскердик жана админстративдик башкаруу функцияларына да ээ болушкан (Махпиров, 1997, 129). "Он ок" уруулук бирикмесинин бийлиги өтө кенен аймакка таралып, бул түзүлүштүн административдик борбору Суйаб шаары (Чүй өрөөнүндөгү Ак Бешим шаар чалдыбары) болгон (Урстанбеков, Чороев, 1990, 133). Күлтегинге арналган эстеликте: "... он ок элинен (менин) уулум, Түргүс (Түргөш) каганынан Макра тамгачы, Огуз Билге тамгачы келди" деген маалымат бар (Орхон-Енисей текстери, 1988, 67-69). Кытай жазма даректеринде (Тан династиясынын жазма булактары VII-X кк.) күчтөнүп келе жаткан уйгурлардын кысымынан улам, карлуктардын Су-е (Суйаб), Дан-ло-сы (Талас) тараптардагы жашаган "он окторго" чегингендиги баяндалат (Зуев 1960, 105). Бул тарыхый окуялар VIII к. биринчи жарымына таандык болуусу мүмкүн. Анткени, бул учурда карлуктар кыргыздар башында турган антиуйгурдук коалицияга киришкенин тарыхый даректер тастыктайт. Демек, бул маалыматтардан кыргыздардын айрым бөлүктөрүнүн он ок бирикмесинин админстративдик чек арасына жакын жайгашкандыгын байкоого болот.

Этникалык аталыштын параллелдери тектеш түрк элдеринин курамдарынан учурабайт. Онок (он ок) этнокомпонент катары кыргыздардын курамына Батыш Түрк каганаты жашоосун токтоткондон соң кириши ыктымал.

**Оночор** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 126). Этникалык аталыштын кыргыз тилиндеги мааниси аныктала элек. Монгол тилинде "оноoч"- "көзгө атар мерген" деген сөздү аныктайт (Монгол орос толь, 1957, 301). Этноним бир эле учурда аскердик титулду, адамдардын чарбалык кесибин айкындап турат.

**Онтогор** - муңгуш уруусундагы төлөйкөндүн курамындагы урук (Аттокуров 1995, 86). Этнонимдин параллели черик уруусунда "онтогор", саруударда "онтогор кашка" формаларында кездешери маалым (Абрамзон, 1960, 50). Онтогор (монголчо -"ондогор") бурят-монгол тилдеринде жылкынын кыймыл-аракетине карата айтылат (Монгол орос толь, 1957, 370). Кыргыз лексикасында монгол тилинен келип кирген сөздөр арбын кездешет. Бирок, ошол эле учурда монгол тилдеринде тюркизмдердин бир топ санда экендиги аныкталган. Башкыр этнографы Р.Г. Кузеев орто кылымдардагы көчмөнчүлүк доордо түрк этнонимдеринин негизинде монгол, тескерисинче, монгол этникалык аталыштарынын негизинде түрк этнонимдеринин пайда болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш болгондугун белгилейт (Кузеев, 1974, 306-307).

**Онтогор кашка** - саруу уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 149). Этнонимдин биринчи компоненти: (караңыз: онтогор этноними). Экинчи компонентин төмөнкү маанилерде түшүндүрмө берүүгө болот: 1. Малдын же башка айбандардын маңдайындагы ак тилке, ак так; 2. Чачы жок жылмакай, тасыракай; 3. Тунук, таптаза, кири жок; 4. тар. Уруу башчысы, уруунун жол баштаган акылманы, көсөмү; 5. Өткүр, тартынбаган, тайманбаган (КТТС, 492 493). Этнонимди "уруу башчысы" маанисинде түшүнүү зарыл.

**Онтогор кашка** - саруу уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 149). Этнонимдин биринчи компоненти бурят-монгол тилдеринде "ондогор"- жылкынын кыймыл аракетин аныктайт (Монгол орос толь, 1957, 370). Ал эми экинчи компоненти орто кылымдардагы енисейлик, андан соң теңир тоолук кыргыздардагы мамлекеттик-башкаруу иеархиясындагы титулду аныктаган. К.К. Юдахин "кашка" сөзүнүн бир маанисин "уруу башчысы", "жол башчы" дегенди түшүндүрөрүн жазат (Юдахин, 363). Хакас-качиндерде теги кыргыздарга таандык экендиги аныкталган "хасха" сөөгү (уругу) бар. "Кашка" манса-

www.bizdin.kg



бы орто кылымдардагы монголдордун "нойон" титулуна барабар болгон. Енисейлик кыргыздарынын уруу башчыларынын аттарына "кашка" титулу жалганып айтылганы маалым. Мисалы, Алтын Кашка, Барчык Магнай Кашка, Улагач Кашка ж. б. (Бутанаев, 1990, 22).

**Оожубак** - багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 126). Оож ар. оож ал - түшт. күчкө толуу, кубаттуу болуу, бойдун өсүшү (Юдахин,571).

**Оргу** - ичкиликтер (булгачылар) уруулук тобундагы ири уруктун аталышы. Этнонимдин параллели каңды уруусунун курамынан "ургу" формасында кездешет. Оргу уруусун кыргыздардын курамындагы эң байыркы этнокомпоненттердин бири катары кароого болот. Этникалык аталыш Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" өз алдынча тили (диалекти) бар элдин энчилүү аты катары чагылдырылат. Автор "Сөздүктө" аргу (оргу) тилинен бир топ салыштырма мисалдарды келтиргени маалым (Махмуд Кашгари, Т. I, II Индекс-словарь). Котормочу С.М. Муталлибов "Сөздүктөгү" лингвистикалык маалыматтарга таянып, оргуларды XI к. чегинде жети уруунун жуурулушуусунан соң, келип чыккан этникалык жалпылыктын аталышы деген пикирин айткан (Караев, 1995, 123). XI к. орто чендеринде Жети-Суудан Мавераннахрга аргулар менен бирге карлук, халадж, тухси ж.б. уруулар көчүп өтүшкөн (Шаниязов, 1991,51). Мындан сырткары, "Аргу" XI кылымдан аймактык аталыш катары да маалым. Махмуд Кашгари бул топонимди: а) эки тоо ортолугу; б) Баласагын жана Тараз, Баласагын жана Исфиджиабдын ортолугундагы жайгашкан шаарлардын жалпы аталышы экендигине токтолот. Автор, бул аймакты кийинки мезгилдерде (XI к. чейин) түрк тилдүү уруулар кенен мекендей баштаганын белгилеген (Махмуд Кашгари, Т.I, 148). XIII к. жашап өткөн Жемал Карши "Аргу өлкөсүнө" бүткүл Жети-Суу аймагы кирерин жазат. 1253-ж. Или өрөөнү аркылуу өткөн Гильом Рубрук бул аймактын "Органум" деп аталарын эскерген (Кляшторный 1964, 130). Аталган аймак жөнүндө Рашид ад-Дин да "Жами ат Таварихте" токтолуп өткөндүгү ырас (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I).

Этникалык аталыштын чыгыш тегинин башатын Саян-Алтай аймагы менен байланыштуу экенин азыркы Тожу-Тувадагы (Тува Республикасы) "Оргу" топониминин сакталып калышы да тастыктары шексиз (караңыз: Вайнштейн 1961,40). Оргу этнотопоними Чыгыш Түркстанда да бар экендиги аныкталган (Абрамзон 1990, 70). Учурда этникалык аталыштын параллели сары уйгурларда "өрге" формасында сакталып келери маалым (Малов 1957, 84). Этнонимдин түпкү мааниси жөнүндө да айрым кызыктуу фактылар бар. Оргы - хакас тилинде кийиктин, багыштын музоосу дегенди туюнтат (Бутанаев, 1999, 74). Бул жерден этникалык аталыштын эзелки мааниси тотемистик түшүнүктү аныкташы мүмкүн деген суроо келип чыгат. Албетте, бул маселе кошумча тактоолорду талап кылары шексиз. Тарыхый даректер, топонимикалык аталыштар, этнонимиялык параллелдүүлүктөр, уруунун энчилүү атынын мааниси оргулардын эзелки кыргыз урууларынын бири экендигин далилдери талашсыз.

**Ормош** - жетиген уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 126). Этноним хакас тилинде "ормаш" жип ийрүүчү станоктун күзүгүнүн негизин туюнтат (Бутанаев, 1999, 74). Энчилүү ат адамдардын кесибине байланыштуу келип чыгышы мүмкүн.

**Орок тамга** - каңды уруусунун курамындагы урук. Уруулук энчилүү аттын эн тамгага байланыштуу келип чыкканы аныкталып турат. Эн тамганын түзүлүшү хакастардагы "кыргыз" сөөгүнүн (уругунун) тамгасына генетикалык жакындыгы аныкталды (караңыз: Бутанаев, 1980, 100-103; Кызласов.,

www.bizdin.kg



Леонтьев, 1980, 22-27). Этнонимдин параллели казактардын курамынан "оракты" формасында кездешет (Тынышпаев, 1925, 61).

**Орто канат ойрот уул.** Санжыра боюнча орто канат ойрот уул Долон бийдин ортоңку байбичесинен туулат. Геноним. Орто канат Ойрот уулдан найман, дөөлөс уруулары тарайт деп айтылат санжыраларда (А. Тургунбаев, уруусу мундуз, Базар Коргон району).

**Орустар** - жедигер уруусунун курамындагы ири урук. Орустар - энчилүү ат катары кыргыздарда эрте орто кылымдардан белгилүү. XIII к. баш чендеринде кыргыздардын бир бөлүгү жашаган Еди Орун областын Урус Инал башкаргандыгы маалым. Мамлекеттин башчысын кыргыздар "инал" деп аташчу (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 150). Кыргыздардын "енисейлик" жана "теңир тоолук" деген шарттуу эки топко бөлүнүп калышына кара кытайлардын батышты көздөй журт которуусу себеп болгон."Инал" терминин Махмуд Кашгари" энеси чоң, тектүү, атасы жөнөкөй, карапайым элден чыккан" деген мааниде чечмелейт. (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 1967, 92). Этнонимдин параллелдери кыргыздын тынымсейит уруусунда, өзбек-коңураттар жана түркмөндөрдүн курамдарында бар (Абрамзон 1960,126;Кармышева,1976,91 93; Атаниязов, 1988, 94). С.Атаниязов түркмөндөрдөгү "орыс" этнонимии К. Бокс-ворттун Алтын Ордодо 1361-1375 жж. өкүмдарлык кылган Урус хан менен байланыштырган көз карашын колдогон пикирин айтат(Атаниязов,1988, 94).

**Осмон** - чекир саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 99). Антропоэтноним. Параллелдери түркмөн жана өзбек-коңураттардын курамында бар (Атаниязов, 1988, 95; Кармышева, 1976, 91).

**Онтогор кашка** - саруу уруусундагы геноним (Аттокуров, 1995, 149).

**Оторчу** – саруу уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Аттокуров, 1995, 147). Этникалык аталыштын параллели лакайлардын курамынан "утерчи" формасында кездешет (Кармышева, 1976, 99, 206). Оторчулар XIV-XV кк. Моголистан мамлекетинин тушунан белгилүү. Бул урууну Мухаммед Хайдар тактыга чын дили, ак ниети менен кызмат кылгандыгын, мамлекеттеги аскердик ири күчтү түзгөндүгүн жазат (Караев, 1995, 128). Бабурдун мезгилинде оторчулардан чыккан Султан Акмат Талбал Ош шаарынын акими болуп турган. С.С. Губаева бул уруунун бир бөлүгүнүн Бабур менен кошо жер которуп кеткендигин белгилейт (Губаева, 1983, 60-61). Оторчулар кийинчерээк "барак", "ак барак" деген аттар менен да белгилүү болушкан (Караев, 1995, 128).

**Отуз уул** - генеалогиялык маалыматтар боюнча оң жана сол канат кыргыз урууларынын жалпы аталышы. Ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагылар оң, сол канат кыргыз урууларын ушундайча атап келишет. Отуз уул - бугу, чекир саяк урууларынын курамдарындагы урук аталыштары катары да белгилүү (Абрамзон, 126). Отуз уул - Аксуу районунда айыл аталышы (СГНК, 1988, 149). Этникалык аталыштын параллели "отуз оглан" формасында Талас жергесинен табылган (VI-X кк.) руникалык жазууларда эскерилет (Жумагулов, 1963, 18-19). Г.Ф. Миллер XVIII к. Түштүк Сибирде "отус" аттуу аймактын аталышы бар экендигине өз эмгегинде бир нече ирет кайрылып өткөн (Миллер, 1937,Ч.I, 261,281,573). Мындан сырткары, илимде теги кыргыздарга өтө жакын экендиги аныкталып жаткан сары уйгурларда "оглан" деген урук сакталып келет (Малов, 1957, 81). XV к. жазылган "Шаджарат ал-атракта" ("Түрктөр санжырасы") кыргыздар 40 монгол кызынан, ал эми "отуз огул" (отуз уул) алардын 30 баласынан тарагандыгын баяндаган уламыштар чагылдырылат (Караев,1994,35).Сайф ад-Дин Аксикендинин "Мажму ат-таварихинде"(XVI.к)

www.bizdin.kg



Отуз уул - Салус бек Бул(а)гачи Ак уулдун балдары катары көрсөтүлөт. Тарыхый булактарда Адигине, Мунгуш, Кара багыш, Тагай баатырлар Отуз уулдун балдары экендиги эскерилет (МИКК, 1973, 208-209). Арийне, жогорудагы санжырада эскерилген Адигине,Мунгуш,Кара багыш,Тагай баатыр ж.б. ислам динин расмий түрдө кабыл алган кыргыз урууларынын өкүлдөрү катары кароо зарыл. С.М. Абрамзон отуз уулдун тукумдары катары XVI к. кийин сол канат кыргыз уруулары да атала баштаганын белгилейт (Абрамзон, 1990, 38). К. Сейдакматов "отуз уул" деген термин менен белгилүү болгон кыргыздардын уруулук курамынын түзүлүшү аскердик керектөөлөрдөн улам келин чыккандыгына токтолот. Автор аскердик-чарбалык бул түзүлүш байыркы дуалдык (отуз уул-он уул; оң-ичкилик-сол) системаны аныктайт деген жүйөлүү пикирин айтат ("Мурас". 1991, -№3, 16-17). "Оглан", "огул" (уул) терминдеринин мааниси боюнча бирдей пикирлер жок. В. Банг этнонимди (o- gu-l) - "күч", "жардам", "коргоо" маанисинде чечмелесе, Г. Вамбери (огул, огулан, оглан, олан) - "тукум", "урпактар" түрүндө аныктама берүүгө аракеттенген (Кононов, 1958, 175). Түрколог-аалым А.Н. Кононовдун илимий пикири чындыкка жакыныраак десе болчудай. Автор "огул" сөзүн ("ок+ул") «ок», «ог»-"уруу", "урук", -ул, "кенже эне" формасында чечмелейт (Кононов, 1998, 176). Мисалы, «огул», «оглан» сөзүнө "огуз" (ок + з) терминин параллель коюуга болот. Демек, "отуз уул" - отуз уруу маанисин туюнтушу толук мүмкүн.

"Отуз оглан" сөзү чагылдырылган Таластагы жазуу эстеликтеринде кийинчерээк, кыргыз санжыраларында болжолу, XVI к. эскерилген Кара Чоро генониминин болушу да илим чөйрөсүндө бир топ кызыгууну жаратары шексиз. Айрым абройлуу иликтөөчүлөрдүн пикирлери Енисей жазуулары менен Таластагы эстеликтердин (руникалык жазуулар) тарыхый бир кыртышта жаралганын дагы бир ирет тастыктоодо. Демек, VI-X кк. чегинде эле кыргыз урууларынын айрым бир бөлүктөрү бул аймакта байырлаганбы деген жүйөлүү маселе келин чыгабы? (Бернштам, 1942, 21; Жумагулов, 1963, 5). Ушул эле эстеликтерде чагылдырылган "ынал", "агулт" (ак уул, агул + т) терминдери да кызыгууну жаратат. Фарсы тарыхчысы Рашид ад-Дин кыргыздар (XII-XIII кк.) өз жол башчыларын "инал" дешерин эскерген (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I). Махмуд Кашгари "Сөздүктө" "ынал" - энеси чоң (тектүү, белгилүү, күч кубаттуу) уруудан, атасы "тексиз, караиайым жерден чыккан адам" деген мааниде аныктама берет (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 32-бет). Жогорудагы фактылар "отуз уул" VI-X кк. чейин эле уруулук (этникалык) аталыш катары белгилүү болгондугун тастыктайт. Кыргыз тарыхчысы, профессор Ө.Караев бир катар далилдүү фактылардын негизинде Таласта, IX к. орто чендеринде кыргыздар байырлаган деген ынанымдуу пикирин айтат (Караев, 1994, 35). Буга соңку учурдагы окумуштуулардын илимий тастыктоолору, кыргыз археологдорунун Кыргызстандын Кочкор ж.б. аймактарынан табышкан рун сымал жазуулары да далил боло алары шексиз.

**Отунчу** - тейит уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыш кесипти, ишмердүүлүктү аныктап турат. XIV-XV кк. Моголистанда "утарчы" этноними болгондугу маалым. Параллелдери лакайларда жана өзбек-кытайлардын курамында сакталып келет (Губаева 1983, 59-60; Кармышева 1976, 99,206).

**Очок** – саруу уруусундагы ай тамганын курамындагы урук (Абрамзон,126). Этнонимдин параллели казактардан "ошакты" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 172).

**Оштук** - баргы уруусунун курамындагы урук. Топоэтноним. Этникалык аталыш Ош топонимине байланыштуу келип чыккан десе болот. Баргы уруусунун өкүлдөрү бүгүнкү күндө Ош шаарына жамаатташ аймактарды жердешет.

www.bizdin.kg



# Ө

**Өвез** - кыпчак уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Параллели түркмөн-салорлордон “өвяз-көпек” формасында кездешет (Атаниязов, 1988,35).

**Өтө** - баргы, чекир саяк (курманкожо) урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 126). Параллелдери кыргыздын кытай уруусунан “өтөбай”, казактардан “өтей”, “өтеген” формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 171).

# П

**Падар** - кесек уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыш иран-тажик тилдеринде “ата” маанисин берет (Юдахин, 604). Параллели азербайжан жана түркмөндөрдүн курамдарында бар (Ахунбаев., Гейбуллаев, 1978, № 2,53; Атаниязов, 1988, 96).

**Парча** - кыпчак уруусунун алтыке уругунун курамындагы урук. Сөз маанисинде “нерсенин бөлүгү, бөлүкчөсү”, этнонимияда болсо “түркүн уруулардын, уруктардын, топтордун бөлүкчөлөрү” дегенди туюнтат (Шаниязов, 1974, 139-140). Этнонимдин параллели түркмөн-чандырлардын курамында бар (Атаниязов, 1988, 97).

**Пишпек** – саруу, солто урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 126-127). Этнонимдердин маанилери төмөндөгүдөйчө чечмелейт: Бишкек – кымыз бышуучу, айрандын каймагын, майын алуу үчүн колдонулган курал, бышкыч (КТТС, 165). Санжыралык маалыматтар солто уруусунда Бишкек деген баатыр өткөндүгүн баяндайт.

**Пучук/бучук** - кесек уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Бучук 1. Мурду бузулган. 2. Мурду кетирекей, бучугуй (КТТС, 199). Этноним лакап аттын негизинде келип чыккан (экзоэтноним).

# Р

**Райымкул (ак эчки)** - кара багыш уруусунун курамындагы уруктар (Абрамзон, 127). Антропоэтнонимдер. Параллели казактардан “райымбек”, “райымберди” формаларында кездешет. (Жанузаков, 1982, 172).

# С

**Сабалы** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Этнонимдин параллели “саба” формасында казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 173). Саба + лы; -лы сөз жасоочу мүчө. 1. Сааба: ар. дин. Мухаммед пайгамбардын жардамчысы (Юдахин, 617). Экинчи мааниси: саба - териден жасалып, кымыз куюучу идиш (Юдахин, 618). Бурят-монгол тилдеринде “саба” идиш-аяк, идиш маанилерин берет (Бурят-монгольско-русский словарь, 1951, 393).

**Сабатай** - геноним. Элдик санжыранын маалыматтары боюнча Долон бийдин экинчи иниси катары айтылат. Айрым санжырачылар Сабатайдан кийинки нойгут, жоокесек, кесек, ават, бостон, кыдырша, тейит, дөмөөр, каңды урууларын таратышат (А. Тургунбаев, уруусу мундуз, Базар-Коргон району, Жалал Абад облусу). Сабатай - байыркы түрк доорунан энчилүү ат катары белгилүү.

www.bizdin.kg



**Сабатар** - кушчу уруусундагы жоoштун курамындагы урук (Абрамзон,127). Этнонимдин параллели казактардан "саба" формасында кездешет (Жанузаков, 1988, 172).

**Сабыр** - сары багыш (жети урук) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Антропоэтноним. Параллелдери кыргыздын кыпчак уруусунун жана түркмөндөрдүн курамында бар экендиги аныкталган. Айрым изилдөөлөр этникалык аталышты V к. (463-ж) византиялык жана армян тилдүү жазма булактарында эскерилген савир аттуу байыркы түрк тилдүү уруунун аталышы менен жалпылыкта карашат (Бартольд, Соч. T.V, 578; Аталиязов, 1988, 100). Экинчи бир окумуштуулар сабирлердын (савирлер) тегин эзелки суварлар (бүгүнкү түрк тилдүү чуваштардын ата-бабалары) менен этногенетикалык жактан байланыштырышат (Баскаков, 1980, 200). Эзелки сабирлердин карт тарыхка калтырган изи Азербайжандын топонимиясында да чагылдырылат (Гейбуллаев, 1980, 95). Элдик санжыраларда "авир" жана "савир" деген кыргыздарга теги жакын эл жөнүндө, ошол Сабир деген уруунун энчилүү атынан азыркы Сибир жергесинин топонимикалык аталышы келип чыгары айтылары маалым (А. Тургунбаев, уруусу мундуз, Базар-Коргон району). Этникалык аталышты түркөлог Д.Е. Еремеев сувар (сув + эр), суу (дарыя) адамдары маанисинде чечмелейт (Еремеев, 1970, 134-135). Н.А. Баскаковдун пикиринде сабир (sabir) sap = sep - этиш: "биригүү, биргелешүү, жыйналуу"; + ач - кыймыл-аракетти жасаган тараптын аты-жөнүн аныктоочу суффикс (Баскаков, 1984, 110).

**Савай** - баргы уруусунун курамындагы ири урук (Аттокуров 1995, 72). Савай-Арык деген ат менен Кара-Суу районунун аймагындагы айылдын, өрөөндөгү агып өткөн дарыянын аты белгилүү (СГНК, 1988, 153). Мырзакенин курамына кирген уруктар тобуна төмөнкүлөр кирет: мурат, малкаш, калча, кашкулак, атабек.

**Саганды** – жедигер уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 170). Согонду – Алай районундагы айыл аталышы катары белгилүү (СГНК 1988,161).

**Садырбай** - багыш (найман) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,127). Антропоэтноним. Параллели түркмөндөрдүн жана өзбектердин курамында бар (Атаниязов, 1988, 100; Караев 1979, 8).

**Сазан** - бостон, кара багыш, черик урууларынын курамындагы урук аттары (Абрамзон, 127). Параллели түркмөндөрдө "сазанда" формасында кездешет. Этникалык аталыштын мааниси "музыкант", "обончу" дегенди аныктайт (Атаниязов, 1988, 100). Бул термин байыркы түрк тилдүү элдердеги аскердик-иерархиялык мансапты (аскер чини) да аныкташы ыктымал.

**Сака** - саруу, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 127).Сака 1.Абалак, сака; 2.диал. тарых. Шайлоо мезгилинде ташталуучу тегерек предмет, нерсе (Юдахин,623). Бул сөз бою кыска кишилерге карата да айтылат. Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" "saqa"- тоонун этеги деген маанини туюнтат (Махмуд Кашгари, T.III, 226). Болжолу, этнонимдер лакап аттан улам келип чыккан.

**Сакалды** - кушчу уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 127). Бул уруктун тегинин байыркылыгы талашсыз экендигин бир топ фактылар ырастайт. Этникалык аталыш орто кылымдардагы (XI-XIII кк.) Дешт-и Кыпчак түрк урууларынын (кыпчактар) курамында "сокал" (сакал) формасында чагыл-дырарын орус жыл баяндары чагылдырат (Баскаков, 1984, 72). Мындан сырткары, бүгүнкү күндө кыргыздар менен байыркы этногенетикалык жалпылыгы далилденип жаткан сары уйгурларда "сокалыг" аттуу уруу аталышы белгилүү (караңыз: Тенишев 1962, № 1, 212). Профессор В.Я. Бутанаев

www.bizdin.kg



хакастардын курамындагы "соххы" уруусунун енисейлик кыргыздардын түз урпактары экендигин иликтөөлөрүндө далилдеп келет (Бутанаев, 1990, 60). Демек, мындай этникалык аталыш аркылуу байыркы энесайлык кыргыздардын курамында жогорудагыдай ат менен уруу же уруулук топ белгилүү болгон дегенге толук негиз бар. Сакалды - Ноокен районундагы айылдын аталышы катары да маалым (СГНК, 1988, 134).

**Сакоо** - кычак, саруу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 127). Этнонимдер лакап аттан улам келип чыккандыгы көрүнүп турат. Энчилүү аттардын параллелдери кыргыздарга теги жагынан жакындыгы аныкталган өзбек-катагандардын, түркмөндөрдүн курамдарында бар (Кармышева, 1976, 105; Атаниязов, 1988, 160).

**Сакоо** - саруу уруусундагы элети уруунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Лакап этноним. Параллели лакайларда "сакоо", түркмөндөрдө - "саков", "саковы" формаларында кездешери маалым (Кармышева, 1976, 99; Атаниязов, 1988, 101).

**Сакчы** - бөрү уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 74). Этникалык аталыш жоокерчилик доорлор менен байланышкан. Сакчы - көзөмөлдөөчү (орус тилинде - часовой) маанисин берет. Хакас тилинде төмөнкүлөрдү аныктайт: Сах: 1. Күчтүү; 2. Буктурма коюу, күтчү жер; 3. Аң уулоочу жер; 4. Убакыт ж.б. (Бутанаев, 1999, 111).

**Сакы** - нойгут уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Аттокуров 1995,173). Бул топко төмөнкү уруктар кирет: кожояр, досой, байбол, ботояр, атаяр. Этникалык аталыштын параллелдери казак, түркмөндөрдө бар (Жанузаков, 1982, 172; Атаниязов, 1988, 102). С.Атаниязов түркмөн-салорлорду (түркмөн-сакылар) "сак"(скиф) этноними менен байланышта караган көз карашын айтат (Атаниязов 1988, 102, 100-101).

**Салык** - солто (талкан) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Параллели түркмөндөрдүн курамынан кездешет. Этникалык аталышка С. Атаниязов В.В. Радловдун маалыматтарына таянып, "тамга", "белги" маанисинде аныктама берет (Атаниязов 1988, 102).

**Сапалак** - мундуз уруусунун курамындагы урук. Сапалак-Аксы аймагындагы айылдын аталышы катары маалым (СГНК,154).Бул сөздү К.К. Юдахин "мамык, мамык жүндүү" маанисинде чечмелейт (Юдахин, 634).Этнонимдин параллелдери каракалпак жана түркмөндөрдөн кездешет. С. Атаниязов этнонимди "ыкма", "кыймыл", "маневр" маанисинде чечмелейт (Атаниязов, 1988, 103; Жданко, 1950, 37).

**Сарай** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Бул уруктун чыгыш тегин орто кылымдардагы Дешт-и Кыпчак түрк уруулары менен байланышта кароого болот. Сарай - тарыхый булактарда көчмөн-өзбектердин (XVI к.) бир уруусу катары да чагылдырылат (МИКК, 1973, 211). XVIII-XIX кк. Фергана өрөөнүндө сарай уруусунун "акбуралы-сарай", "каркаралы-сарай", "канжыгалы-сарай" уруктары көчүп келишкени ырас (Губаева, 1991, 32-33). Жогорудагы аты аталган уруктардын биринчи компоненттери бүгүнкү кыргыздарда жана Кыргызстанда урук (уруу) аттары, аскерий ураандар, жер-суу аталыштары катары маалым. Сарай этнокомпоненти кыргыздардын этникалык курамына эрте орто кылымдарда эле кирген. Мезгилинде кыпчак ж.б. уруулар мекендеген Крым жарым аралында Сарай-Миң этнотопоними сакталып калган (Лезина, Суперанская, 1985, 81).

**Сарай** - бөрү уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Этникалык

www.bizdin.kg



аталыштын теги байыркы жана орто кылымдардагы кыпчак чөйрөлөрүнө таандык болуусу мүмкүн. Сайф ад-Дин Аксикендинин "Маджму ат-Тавари-хинде" сарайлар көчмөн - өзбек (кыпчак тилдүү уруулар) уруулардын бири катары чагылдырылат. (МИКК, 1973, 210). XV-XVII кк. орус документтери Крым хандыгында (Крым жарым аралы) "Сарай миң" аттуу уруу болгондугун баяндайт (Лезина, Суперанская, 1984, 81). Сарай - Кара Суу районундагы көп калктуу ири айылдын аталышы катары (этнотопоним) да маалым.

**Сарбан** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Этнонимдин кыргызча мааниси тактала элек. Бурят-монгол тилдеринде "Сарбан" - бот. эрмен, шыбак, шыраалжын дегенди аныктайт (Бурят-монгольско-русский словарь,1951,398). Энчилүү ат өсүмдүктөр дүйнөсүнө байланыштуу келип чыккандыгы байкалып турат. Сарбан - Сокулук районундагы айылдын аталышы (этнотопоним) катары маалым (СГНК, 1988, 155).

**Саргалдак** - бугу, кушчу, солто урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 127). Лакап этноним. Энчилүү ат өсүмдүктөр дүйнөсүнө байланыштуу келип чыккан. Саргалдак - сары гүлдүү өсүмдүктүн түрү (Юдахин, 636). Параллели казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 172).

**Сарман** - солто (бөлөкпай) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,127). Антропоэтноним. Этникалык аталыштын параллелдери казактардан "сарман", төркмөндөрдөн "сарван", "сарванлы" формаларында кездешет (Муканов, 1974, 67; Атаниязов, 1988, 103). Сарман. монг. сар "ай"+ ман сөз жасоочу аффикс (Жанузаков, 1982, 156).

**Сарт калмактар** – кыргыздардын курамына жуурулушуу процесси аяктап бара жаткан этнографиялык топ. Монгол тилдеринин батыш бутагында сүйлөгөн сарт-калмактар XX к. баш чендерине чейин тилдик, каада-салттагы айрым өзгөчөлөктөрүн сактап келишти. Лама (Будда) динин тутунган кара калмактар же өлөттөрдун (элйоттор деген ат менен белгилүү) басымдуу бөлүгү Чыгыш Түркстанда турушары маалым (Абрамзон, 1960, Т.IV, 93). Сарт калмактар көл кылаасынын (Ысык-Көл) Бөрү-Баш, Челпек, Зындан, Кара-Кыя, Ак-Булак айылдарында турушат.

**Сартай** – сары багыш уруусундагы манаптын курамындагы урук (Абрамзон, 127). Антропоэтноним. Параллели казактардын курамында бар экендиги маалым (Жанузаков, 1982, 172).

**Сартек** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Этнонимдин параллели "сартах" формасында хакас-соххылардын ичинде бар экендиги белгилүү (Бутанаев 1999, 109).

**Сарттар** - оң канаттагы (адигине уруулук тобу) ири уруулардын бири (Абрамзон, 127). Бул энчилүү ат менен кыргыздын төбөй уруусундагы чакан урук белгилүү. Этнонимдердин параллелдери бүгүнкү алтайлыктардан (алтай-кижи, теленгиттер) "сарт", тувалардын курамынан "сат" формаларында кездешет (Баскаков.,Тощакова, 1947, 216; Дулов, 1965, 123). Этникалык аталыш Кытайдын Тан династиясынын жыл баяндарында (VII-IX кк) Ша-то формасында батыш түрк урууларынын бири болгон чигилдердин (кыт. чу-юе) Ин-Со-Юлдуз дарыяларына туташ байырлаган бутагы катары баяндалат (Зуев, 1960, 127). Сарт - байыркы санскрит тилинде "Sartga"-"соодагер" дегенди түшүндүрөт(ДТС, 490). Махмуд Кашгари "Сөздүктө" бул терминге жогорудагыдай эле мааниде аныктама берет (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 1967, 210). Мындан сырткары, кыргыздар Чыгыш Түркстандын, Орто Азиянын өрөөндүү жерлеринде отурукташып жер иштетишкен, соодагерлик кылган түрк, иран тилдүү калкын жалпысынан "сарт" деп аташканы маалым. Болжолу, байыртадан көчмөндөр

www.bizdin.kg



тарабынан отурукташкан иран-түрк тилдүү элдер жалпысынан ушул термин менен аталып келет.

Арийне, бул этникалык аталышка башка маанидеги да аныктама берүүгө болот. “Сарт” бүгүнкү саха-якуттардын тилинде “ылаачын, шумкар” дегенди аныктайт (Новикова 1972, 137). Этнонимдин уңгусу “сар” (-т монгол тилдүү элдерде көптүк маанини аныктоочу сөз жасоочу мүчө) кыргыз, калмак, чагатай тилдеринде “айры куйрук”, монголчо “кулаалы”, алтай, туваларда “сары”, татарча “сарыша” шумкарды туюнтат (Новикова, 1972, 137). Демек, этноним (сар + т) өзүнүн байыркы маанисин сактап калып, “шумкарлар, ылаачындар уруусу” дегенди түшүндүрөт. Байыркы Чыгыш тарыхый булактары кыргыздардын жырткыч куштарга (мисалы, бүркүт, ылаачын) тотем катары сыйынышкандыктарын баяндашат. Буга Гардизинин, Рашид ад-Диндин берген маалыматтары далил боло алары шексиз. Этникалык аталыштын алтайлыктарда, туваларда сакталып келерин эске алганда, сарттар уруусун кыргыздардын курамындагы эң байыркы этнокомпонент катары кароого негиз бар. Хакас профессору В.Я. Бутанаев соңку мезгилде жарыялаган фундаменталдуу сөздүгүндө бүгүнкү хакас-сагайлардагы “сартха” терминине “атканда үн чыгаруучу жаанын жебеси” маанисинде аныктама берет (Бутанаев, 1999, 110).

**Сары** - коңурат уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 153). Этникалык аталыштын параллелдери түрк-монгол тилдүү элдерде кенен таралган. Түркмөн окумуштуусу С. Атаниязов “сары” этнонимин “сарык” энчилүү аталышынын байыркы формасы катары карайт (Атаниязов, 1988, 103). Кыргыз тилинде этникалык аталыш түстү аныктаса, бурят-монгол тилдеринде “sar” жылдын айы, “zar” бурят. бугунун эркеги, “шar”. монг. - бука маанилерин туюнтат (Вяткина 1933, 50). Караңыз: саруу, сарык этнонимдери.

**Сары баарын** - баарын уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 128). Баарындар орто кылымдардагы монгол тилдүү уруулардын бири катары («баарын», «байрин», «бахрин») эскерилет (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.II, 78). Кийинчерээк (XV-XVI кк.), баариндер теңир тоолук моголдордун курамында кушчу, тагай, дуулат, черик ж.б. уруулары менен бирге болгондугу баяндалат (Юдин, 1965, 7-54). Барун - монголчо “батыш, батыш тарап” маанисин туюнтары белгилүү (Чареков, 1974, 18). Барунгар - “сол кол”, “сол канат” дегенди да түшүндүрөт. Ал эми кыргыз тилинде “баарын” ителги менен ылаачындын аргындашуусунан келип чыккан алгыр кушту аныктайт (КТТС, 109). Болжолу, этнонимдин баштапкы мааниси тотемдик жырткыч алгыр кушту билдирет (Баарын этнонимин караңыз).

**Сары багыш** - оң канаттагы эң ири уруулардын бири (Абрамзон, 128). Генеалогиялык жактан бугу уруусу менен жакындыгы аныкталган. Этнонимдин биринчи компоненти уруунун географиялык реалиядагы жайгашуусунан улам келип чыккан (Мисалы, кара багыш, ак багыш, сары багыш ж.б.). Экинчи компоненти - багыш: Этнонимдин чыгыш теги адамдардын байыркы тотемистик түшүнүктөрү менен байланышкан (караңыз: багыш этнонимин). Сары багыштар XVIII к. кытай (Цинь) жазма булактарында (“Сиюй - тучжи”) Са-ли-ба-ха-ши формасында чыгыш кыргыздар уруулук тобунун негизги урууларынын бири катары чагылдырылат. Булактарда сары багыштарды Маматкул башкарары чагылдырылат (Абрамзон, 1960, T.IV, 31-32).

**Сары баргы** - баргы уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 128). Этникалык аталыш уруктардын географиялык жайгашуусуна байланыштуу келип чыккан.

www.bizdin.kg



**Сары баш** - кытай уруусундагы төңтөгөрдүн курамындагы урук (Абрамзон, 128). Этнонимдин параллели өзбек-кыпчактардын жана казактардын курамында бар экендиги аныкталган (Шаниязов, 1974, 132; Жанузаков, 1982, 172).

**Сары боор** - бугу, бөрү урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 128). Этникалык аталыштын параллелдери бугу уруусунда "кара боор", түркмөндөрдө "кара багыр" формаларында кездешери маалым (Атаниязов, 1988, 40).

**Сары каңды** - каңды уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 208). Этнонимдин параллели казактардын каңды уруусунун курамынан "сары канлы" формасында кездешет. Бул параллелдер кыргыз-каңдылардын жана казак-каңдылардын түз этногенетикалык алакаларын болгондугун аныктайт. А.Т. Кайдаров казактардагы канлы уруусунун "кара каңлы", "сары каңлы", "кызыл каңлы", "ак каңлы" сыяктуу уруктарына диференциялашуусу уруктун же уруунун түскө карата болгон географиялык жайгашуусун айгинелерин белгилейт. Сары канлы "жогорку" же "түштүк каңлылар" маанисин туюнтат (Кайдаров, 1985, 41). Мындай көз караш А.Н. Кононов, Н.А. Баскаков ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде да чагылдырылат (Кононов, 1975; Баскаков, 1964,-№2).

**Сары калпак** - басыз, бугу, кытай, сары багыш, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 128). Чыгыш Түркстандын тарыхын чагылдырган "Тазкира и-Ходжаган" аттуу эмгектеги кыргыздар тууралуу маалыматтарды чагылдырган бөлүгүндө (XV-XVIII кк.) кушчу, кыпчак уруулары менен катар "сары калфак" (сары калпак) уругу жөнүндө чагылдырылат (Абрамзон, 1990, 71).

**Сары кашка** - кытай уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 128). Бул уруктун өкүлдөрү Чаткалды мекендеп келишет. Кашка - уруу башчысы, көсөм, жол баштоочу (Юдахин, 363). Параллели багыш уруусунун курамында бар (Аттокуров, 1995, 60). Бул сөз титул-этноним катары (кашка) кыргыздар Енисей чөлкөмүндө жашаган мезгилден бери белгилүү. "Кашка" этнониминин параллели бүгүнкү хакастардын курамында "хасха" формасында сакталып келет (Бутанаев, 1990, 19).

**Сары курт** - дөөлөс уруусунун курамындагы уруктун аталышы (караңыз: "кызыл курт" этноними).

**Сары көбөң** – солто (талкан), черик (бай чубак) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 128). Лакап этнонимдер. Көбөң – көпкөлөң, көпкөн өңдүү. Көбүнчө жылкыга карата айтылат (КТТС, 1984, Т. I, 559).

**Сары кыпчак** – кыпчак уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу 1995, 158). Этнонимдеги "сары", "кыпчак" компоненттери байыркы этникалык аталыштардан болуп саналат (караңыз: "сары", "кыпчак" этнонимдери). Параллели казактардын курамынан "сары кыпшак" формасында кездешери маалым (Жанузаков, 1982, 104). Мындай окшоштуктар этникалык жалпылыкты аныктары шексиз.

**Сары кытай** – кытай уруусундагы төмөн тамганын курамындагы урук (Абрамзон, 128). Изилдөөчүлөр этнонимдин чыгыш тегин орто кылымдардагы моңгол тилдүү кара кидандар (кара кытайлар) менен байланыштырышат (Абрамзон, 1990, 58-59; Кузеев, 1974, 222-226 ж.б.). Р.Г. Кузеев башкыр, кыргыз, кара калпак, өзбек жана ногойлордогу "кытай" урууларынын этникалык жакындыктарын уруулук эн тамгалардагы окшоштуктарга таянып далилдеген жүйөлүү пикирин айтат (көрсөтүлгөн эмгек, 225-бетти караңыз).

www.bizdin.kg



**Сары молдолор** - коңурат уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,128). Этнонимдин параллели кесек уруусунда "кара молдо" формасында кездешери аныкталган. Түркмөндөрдө "молла", "моллалы", "моллаташ" ж.б. этникалык аталыштар бар (Атаниязов, 1988, 88).

**Сары моюн** – жетиген кушчу урууларынын курамдарындагы уруктардын аталышы (Төрөкан уулу, 1995, 12; Абрамзон, 128). Кара калпак изилдөөчүсү Д.Айтмуратов этнонимдин экинчи компонетин ("моюн") байыркы сяньбийлердин курамындагы "муюн" аттуу уруу менен параллел карап, мааниси көөнө түрк тилинде "чач", "көкүл" дегенди аныктайт деген ииkирин айтат (Айтмуратов, 1986, 102-105). Эгерде, автордун пикирине кайрылсак, этнонимдин экинчи мааниси "сары чачтуулар" деген Борбордук Азиядагы (Түштүк Сибир) байыркы этникалык аталышты (VII-VIII кк) чагылдырышы бышык.

**Сары сокучу** - саяк уруусунун курамындагы урук. -чы/-чу сөз жасоочу мүчө катары кесиптин, кыймыл-аракеттин маанисин билдирет. Параллели "сокучу" формаларында чекир саяк уруусунан (курманкожо, чоро) кездешет (Абрамзон, 129). Этноним адамдардын чарбалык ишмердүүлүгүнө байланыштуу келип чыккан.

**Сары уйгурлар** - Кытай Эл Республикасынын Ганьсу аймагында жашаган этнос. Админстративдик борбору Сунань шаары. Кытайлар юйгу, ал эми сары уйгурлар өздөрүн югур (угур) деп да аташаары маалым (Языки мира: Тюркские языки, 1997, 345-346). Теги түрк тилдүү бул этнос учурда тили айрымаланган төрт топко бөлүнөт. Биринчилери түрк, экинчилери монгол, үчүнчүлөрү кытай, калган бир бөлүгү тибет тилдеринде сүйлөп калышкан. Сары уйгурлардын учурдагы саны 6 миңге чукул. Түрк тилинде сүйлөгөндөрү "ойлук" (кырг. өрөөндүк), "таглык" (кырг. тоолук) деген топторго бөлүнүшөт. Негизги кесиптери мал чарбачылык (Малов, 1957; Тенишев, 1962, -№1). Натыйжада, түикү теги бир тилде сүйлөгөн юйгулар (сары уйгурлар) учурда өз ара кытайча баарлашышат. Сары уйгурлар "Синь-Тан Шуда" байыртадан эскерилет. Айрым маалыматтарда алар бүгүнкү жашап жаткан жерлерине VII-VIII кк. Борбордук Азиядан (Монголия, Алтай) жер которуп келишкен. Сары уйгурлар будда динин тутунган юйгулардан (кытайча сүйлөгөн сары уйгурлар) айырмаланып шаман динине көбүрөөк маани беришери аныкталган. Сары уйгурлар жөнүндөгү маалыматтар Д.Позднеев, Г.Н. Потанин, С.М. Малов, Э.Р. Тенишевдердин изилдөөлөрүндө чагылдырылган. С.М. Малов өз иликтөөлөрүндө бүгүнкү сары уйгурлардын тили чыгыш теги жагынан эң байыркы тил экендигин жазат (Малов, 1957, 7). Байыркы тилдин сакталышына шаманизди тутунушкан сары уйгурлардын ислам дининин жана буддизмдин түздөн-түз таасиринен обочо тургандыгы, экинчиден, теги үч башка тилдер; кытай, монгол, тибет тилдеринин чөйрөсү да негизги роль ойногон. С.М. Малов негиздүү иликтөөлөрүндө сары уйгурлардын тилин кыргыз тилинин тарыхый калыптанышынын баштапкы стадиясы деген пикирге келип токтолот (Малов, 1957, 7).Э.Р. Тенишев илимий изилдөөлөрүндө сары уйгурлардын тилинде байыркы кыргыз тилинин таасиринин күчтүү экендигин далилдеген ынанымдуу пикирин айтат. Автор фуюй кыргыздары менен бирге сары уйгур тилин байыркы кыргыз тилин изилдөөдө негизги курал катары кызмат кыларын билдирет (Тенишев, 1962, 64-65). Профессор Ө.К. Караев кыргыз-сары уйгур этнонимиясындагы айрым параллелдер этникалык алакаларды далилдешин билдирерин жазат (Караев, 1989, 20). Токтоло кетчү маселе, изилдөөчүлөр сары уйгурлардын тили байыркы жана бүгүнкү уйгур тилинен обочо турарын белгилешет. С.М. Малов бул этносту кыргыздашкан уйгурлар деген илимий негиздүү пикирге

www.bizdin.kg



токтолгон (Малов, 1957, 7). Сары уйгурлар IX к. Уйгур каганатын талкалап, батышты көздөй журт которгон, орто кылымдык айрым уйгур элементтерин өзүнө камтыган байыркы кыргыздардын бир бөлүгү дегенге толук негиз бар. Буга сары уйгурлардын тилинин (лексикасынын) бүгүнкү кыргыз тилине өтө жакындыгы, негиздүү маалыматтардан болгон уруу урук аталыштарындагы генетикалык жалпылыктар далил боло алат: Мисалы, кыргыз-кырхыс, коңурат-коңрат, анжиянчы (баргы) - анджан, кулунтай (саяк)-кулун, манак (баргы,бугу) - мнак, ондон (бугу) - он, оргу - орге, баят (тейит) - пайат, бай (сарбагыш) - пай, соколок (муңгуш)-сокаллыг, жети урук (саруу) - жети, сулдуз (мундуз) - султуз, темир (баргы, басыз) - темирт, тобок (саяк) - товык (яглахкыр),туманчы (найман) - туман, шарттык (жору) - шартек, отуз уул - оглан (отуз оглан), уранхай (тынымсейит) - орангат ж.б. Сары уйгурлардын тилинде, маданиятында ж.б. Түштүк Сибирдин элементтери арбын кездешет. Айрыкча, сары уйгур тилинин илимде хакас жана шорлордун тилине жакындыгы аныкталган. Бул мисалдар сары уйгурлардын кыргыздар менен этногенетикалык бир кыртыштагы жалпылыгын аныктары шексиз экендигин далилдейт.

**Сары усун** – кесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,195). Этникалык аталыштын параллелдери казактарда "сары уйсун", "уйшун" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 172-173). Салыштырыңыз: "кара усун" этноними.

**Сары чаа** - черик уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 128). Этнонимдин биринчи компоненти түстү, экинчи компоненти хакасча "согуш", "жаа" маанилерин түшүндүрсө, бурят-монгол элдеринде "цаа"- "түндүк бугусу" дегендии аныктайт (караңыз: Бутанаев, 1993, 20; Монгол орос толь, 1957, 588). Тувалардын тилинде "чаа" сөзү "жаңы", "жаңыдан", "согуш", бир эле учурда "татыктуу", "өтө мыкты" маанилерин туюнтат (Тувинско-русский словарь,1968, 503). "Чаа" сөзү кыргыз тилинин лексикасынын эң байыркы катмарына кирүү менен бирге, өткөн доорлордогу жоокерчилик турмуштан кабар берет; унутулуп калган аскер терминин чагылдырат десек жаңылбайбыз.

**Сарык** - моңолдор, саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 128). Этникалык аталыштын параллелдери казак, түркмөн, тува, каракалпак, хакас, өзбектердин курамдарынан кездешет (Жанузаков, 1982, 172; Атаниязов, 1988, 104; Шаниязов, 1974, 30; Бутанаев, 1999, 110). Хакастарда (хак. сарыг) куштардын тилин билген кишини, экинчи бир маанисинде Ирлик хандын жер алдындагы кызматкери "сарыг" деп аталары маалым (Бутанаев, 1999, 110).

**Сарымсак** - багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 128). Антропоэтноним. Энчилүү аталыш өсүмдүктөр дүйнөсүнө байланыштуу келип чыккан. Сарымсак-пияз сыяктуу желе турган өсүмдөк (КТТС, 123).

**Саты** - баргы, бугу, төбөй урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 128). Энчилүү ат катары байыркы түрк доорунан белгилүү (ДТС, 491). Саты - Сузак районундагы айылдын аталышы катары да маалым (СГНК, 1988, 160).

**Сатыбалды уулу** - басыз уруусундагы кудайлаттын курамындагы урук, топ. Бул топтон кудайлаттардын белгилүү бийлери чыккандыгын элдик санжыранын маалыматтары жана өткөн кылымдардагы орус изилдөөчү-саякатчыларынын жазган эмгектери чагылдырат.

**Саяк** - оң канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 128). Санжыра боюнча саяк уруусу Тагай бийдин Кара Чоро деген уулунан тарайт. Бул маалыматтар Сайф ад-Дин Аксикендинин (XVI к.) "Мажму ат-Таварихинде"

www.bizdin.kg



да чагылдырылат (МИКК, 1973, 207). Этнонимдин Түштүк Сибирдеги сойон (соеттор) этникалык байланышы кошумча иликтөөлөргө муктаж. Хакас этнографы, профессор В.Я. Бутанаев сагай (хакас сөөгү) этноними менен кыргыздын саяк уруусунун жакындыгын билдирген илимий негиздүү көз карашы бар (караңыз: Бутанаев, 1990, 1999, 2000, 2001). Тува шамандарынын лексикасында "саяк" - жорго жүрүш маанисин аныктары белгилүү (Монгуш Кенин Лопсан, 1995, 234). Лакайлардын "алтымыш" деген уруусунун түпкү атасы "Аннакул саяк" деп аталары маалым (Кармышева, 1952, 18).

**Сегиз бек** – сары багыш уруусундагы манаптын курамындагы урук (Абрамзон, 128). Орто кылымдардагы (XI-XIII кк.) Дешт-и Кыпчак түрк урууларында "сакз" (сегиз) аттуу энчилүү уруу аты болгондугугун орус жыл баяндары маалымдайт (Баскаков, 1984, 72). Этникалык аталыштын параллели "сегиз сары" формасында казактардын курамынан кездешет (Жанузаков, 1988, 173).

**Сибирчилер** - кесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995,193). Элдик этимологияда этнонимдин чыгыш тегин Сибир топоними менен байланыштырышат. Сибир + чилер кыргыздын ичкилик диалектисинде "сибирликтер" деген маанини түшүндүрөт. Этноним кыргыздардын эсиндеги байыркы тарыхый мекенди чагылдырышы мүмкүн. Хакастардын (сагай-хакастар) курамында "Сибичин" аттуу урук бар экендиги маалым (Бутанаев, 1999, 112).

**Согур** – тейит уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыш сөз катары байыркы формасын сактап калган. "Sogu r" зоол. "суур" маанисин берет (ДТС, 507). Махмуд Кашгаринин "Сөздүгүндө" "сугур" кескелдирик сымаал жаныбарды туюндурат (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 235). Бул сөздүн байыркы экинчи мааниси "ачытылган сүттөн жасалган курут" дегенди да аныктайт (ДТС, 507). Болжолу, этникалык аталыштын түпкү мааниси тотемистик түшүнүктү чагылдырат.

**Сокок** - тынымсейит уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 128). Сокок - байыркы түрк тилине "soqaq" 1. Сайгак 2. Жердин географиялык наамы(ДТС, 509). Этнонимдин баштапкы мааниси тотемистик негизди аныктшы мүмкүн. Ал эми топоэтноним катары тынымсейит уруусунун кечки орто кылымдарда Чыгыш Түркстанды байырлаган мезгилин да чагылдырат.

**Соколок** - мунгуш уруусунун (кош тамга) курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 89). Уруктун тегинин байыркылыгы талашсыз. Параллелдери сары уйгурларда "сокалыг", хакастарда - соххы (хакастарда "к" тыбышынын ордуна "х" көбүрөөк колдонулат) формаларында кездешет (Тенишев, 1962, 59-66; Бутанаев, 1990, 60- 61). Алтайлыктардагы "сакал" этнонимин да жогорудагы этникалык аталыштар менен жалпылыкта кароого негиз бар (Баскаков, 1985, 13). Хакастардагы "соххы" сөөгү (уругу) учурда "ах соххы", "хара соххы", "хасха, соххы","көк соххы" деген уруктарга бөлүнөт. Хакас этнографы, профессор В.Я. Бутанаев бир катар далилдүү маалыматтарга таянып, "соххы" сөөгүнүн енисей кыргыздары менен түз тамырлаш экендигин аныктаган ынанымдуу илимий пикирин айтат (Бутанаев, 1990, 60). Кыргыздардын хакастар, алтайлыктар жана сары уйгурлар менен этникалык жалпылыктарын эске алсак, анда "соколок" байыркы кыргыз урууларынын бири деген илимий негиздүү тыянакка келүүгө болот.

**Сокур** - бугу, кушчу, сары багыш урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 128-129). Лакап этнонимдер.

www.bizdin.kg



**Сокур бөрү** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 129). Ушул эле урууда "аксак бөрү" аттуу урук кездешери маалым. Этнонимдердин келип чыгышында тотемдик негиз болуусу да ыктымал.

**Сол канат** - кыргыздардын уруулук бирикмесинин аталышы. Санжыра боюнча сол канатка чоң багыш, басыз, мундуз, саруу, кушчу, кытай, жетиген, төбөй уруулары кирет. Бул уруулук бирикме XVI к.Сайф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму ат-Таварихинде" чагылдырылат. Сол канат уруулар легендарлуу Ку уулдан тарайт. "Ку огул Солдун келип чыгышы: Ку огул ибн Сары Буга бий, ибн Лаклак бий, ибн Атан бий, ибн Абул бий, ибн Кувай бий, ибн Кункайды бий, ибн На'аш, ибн Кенже Мурат, ибн Бай Мухаммед, ибн Сары Мухаммед бий, ибн Сүйүндүк бий, ибн Назар бий, ибн Жарам бий, ибн Михран бий, ибн Нури бий, ибн Кемин бий, ибн Дервиш бий, ибн Мунин бий, ибн ... бий, ибн Дауле бий, ибн Гуза аз-Дин Клыч, ибн Лур Бузург, ибн Анал хак (МИКК,1973, 207-208). Уруулардын белгилүү бир топ, канаттарга бөлүнүүсү байыркы хунну доорунан белгилүү. Хуннуларда оң же сол канат аскерлердин башчысы, башкы командачысы бугу ("бугуг") деген титул менен аталганы маалым (Зуев, 1960, 108). Байыркы кытай булактары (Хань династиясы, "Ши-цзи" б.з.ч. III- б.з.III кк.) хуннулардын аскердик-башкаруу системасында оң, сол, борбор принциптери сакталарын, сол канат - чыгыш хунну уруулары, оң канат - батыш хунну уруулары болуп бөлүнөрүн чагылдырат (Краткая история уйгуров, 1991, 56). Байыркы огуздар Боз ок, Үч ок деп аталган уруулук бирикмелерге (24 уруу) бөлүнүшкөн. Бул дуалдык бөлүнүү азыркы түркмөндөрдө сакталып келет (Атаниязов, 1988, 33). Каракалпактар "он төрт ру" (уруу) жана "арысы конграт" деген эки канатка бөлүнүшөт. Чынгыз хан жана анын мураскорлору монгол тилдүү урууларды жана жаңыдан баш ийдирилген элдерди Барунгар жана Зюнгар (Жунгар) деген эки топко (канаттарга) бөлүп башкарышканы маалым. Мындай башкаруу принциби аскердик жана чарбалык-экономикалык керектөөлөрдөн улам келип чыккан. Аскер жыйноодо жана согуш аракеттеринде бул аскердик-чарбалык система өзүнүн артыкчылыгын көрсөткөн. Мындан сырткары, жайыт бөлүштүрүүдө, жаңы конушка орун которууда, салык жыйноодо ж.б.у.с. башкаруу системасында көчмөн уруулар, элдер үчүн өзгөчө тартипти орнотууга көмөк берген. Оң, сол, борбор принцибиндеги аскердик-чарбалык бөлүнүүлөрдүн башаты "согуштук демократия" мезгилине барып такалат (Краткая история уйгуров, 1991, 56).

**Солто** - кыргыздын оң канатындагы ири уруулардын бири (Абрамзон,129). Санжыралык маалыматтарда Ак уул, Ак уулдан - Тагай бий, Тагай бийден - Богорстон, Богорстондон - Эштек, Эштектен - Солто уруусу тарагандыгы баяндалат (Турдубай Умар уулу. Кыргыз санжырасы, 1991, 5). Уруулук символдордун бири болгон эн тамганын (Ай тамга) сары багыштардын уруулук эн тамгасы менен генетикалык жакындыгы байкалат. Этнонимдин параллели "солтус" формасында кыргыздарга теги жакын сары уйгурлардан кездешери маалым (Малов, 1957, 103). Бүгүнкү сары уйгурларда байыркы Түштүк Сибир (Минусин) этнокомпонеттери арбын учурайт. Солту + с; -с көптүк маанини аныктаган байыркы сөз жасоочу мүчө. Уруунун түпкү бабаларынын бири катары эсептелген "Эштек" генониминин параллелдери бүгүнкү башкыр жана кара калпактардын курамында бар. Ногой менен казактарда башкырлар "истяк = иштек" деген ат менен белгилүү болуп келишкендиги анык. Р.Г. Кузеев өз изилдөөлөрүндө башкырлардын курамындагы истяктар менен солто уруусунун эн тамгаларынын окшоштугу этникалык терең алакаларды аныктарын тастыктаган пикирин жазган (Кузеев, 1974, 205). Мындай маанидеги этногенетикалык жалпылыктарга профессор И.Б. Молдобаев да өз иликтөөлөрүндө токтолуп

www.bizdin.kg



өтөт (Молдобаев, 1995,183). Бүгүнкү башкырлардын этникалык курамына VIII-IX кк. жана XI-XII кк. эки этап менен кирген "кыргыз" этнокомпоненттеринин бар экендиги такталды. Бул мисалдар байыркы доорлордогу кыргыз-башкыр этникалык терең алакаларынан кабар берери бышык. Мындан сырткары, кыргыз-башкыр этникалык жакындыктарын чагылдырган этнографиялык, фольклордук, лингвистикалык ж.б. параллелдер бир топ санда кездешери далилденип келет. Ушул эле учурда солто уруусунун курамында кыргыз урууларынан жана сырттан келип кирген башка этнокомпоненттер бир топ санда учурайт. Өз учурунда В.В. Радлов солтонун курамынан жетиген, кутчу (кушчу), саруу, моңолдор, кыпчак, кытай, мундуз, азык урууларынын айрым учкундары бар экендигин жазган (Абрамзон, 1960, Т.IV, 27).

**Соно** - бугу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 129). Соно 1.Сууда сүзүүчү жапайы канаттуулардын жалпы аты. 2. Өрдөк, жапайы өрдөк (Юдахин, 653).

**Сопу** - нойгут, солто уруусунун курамындагы уруктар (Абрамзон, 129). Этноним кыргыздарга ислам дини киргенден кийин пайда болгондугу байкалып турат. Сопу - дин кызматкери, такыба (КТТС, 252).

**Соройгон** - басыз уруусунун курамындагы урук, топ. Антропоэтноним. Энчилүү ат лакап аттан улам келип чыккандыгы маалым.

**Субан** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,129). Этникалык аталыш VII-VIII кк. Жети-Суудагы дуулаттардын курамындагы "суван" уругу менен параллель кароого болот (Востров, Муканов, 1968, 46). С.Атаниязов "суван" этнонимин Л.Н. Гумилевдун маалыматтарына таянып, байыркы түрктөрдүн су(сө) - "эне-карышкыр", -ан байыркы сөз жасоочу мүчө деген пикирин колдойт (Атаниязов, 1988, 107). Байыркы уламыштарда көөнө түрктөр мифологиялык укмуштуу карышкырдан тарагандыгы баяндалат. Кумандылардагы (куу-кижи) "со" этноними жөнүндө Н.А. Аристов да жогорудагыдай айтылган пикирди колдогон (Аристов, 1894,5). Келтирилген фактылар уруунун эзелки доорго таандык экендигин, этнонимдин аталышынын байыркы лексикалык катмарга таандыктыгын аныктайт. Этнонимдин параллели бүгүнкү казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 172).

**Сулдуз** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу, 1995, 87). Этникалык аталыш орто кылымдардан белгилүү, XIII-XIV кк. Азербайжан, Иран, Хорасан жана Мавераннахрды жердеген түрктөшкөн монгол тектүү уруулардан болгон. Бул уруунун өкүлдөрү Чыңгыз хандын жана анын мураскорлорунун хан сарайында өзгөчө сый-урматка ээ болушкан, мамлекеттик башкаруу системасында бийлик орундарын ээлешкен. Даректүү булактар сулдуздардын бир бөлүгүнүн Монголияда жашарын, экинчи бир бөлүгү монгол аскерлеринин Кытайга жасалган жортуулуна катышканын, үчүнчүлөрү болсо, Хулагу хан менен Иранга жер которушкандыгын ырастайт (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн. I, 174-175; Кармышева, 1976, 173). Андан соңку маалыматтарга назар салсак, Мухаммед Хайдар өз ээлигинде сулдуздарды Моголистандын курамына киргендигин баяндайт (Султанов, 1982, 13). Академик В.В. Бартольд сулдуздардын эмирлери өз кошундары менен Аксак Темирдин алгачкы жортуулуна катышкандыгын жазат (Бартольд В.В. Соч. Т.II, Ч.II, 159). Бул маалымат сулдуздардын Аксак Темирдин бийлигин тааныгандыгын айгинелейт. Этнонимдин параллели Ирандык Азербайжандагы түрк тилдүү шахсевендердин курамында сакталып келет (Кармышева, 1976, 172). Бул мисалдар сулдуздардын Иранга Хулагу хан менен келишкендиги маалымдайт. Изилдөөчүлөр Моголистандагы сулдуздар Жаңы Тараздын айланасын мекендешип, кийинчерээк моголдордун

www.bizdin.kg



курамына жуурулушкандыгын белгилешет (Юдин,1965,54). Сулдуздар кыргыздардын этникалык курамына Моголистан доорунда эле кирүүсү мүмкүн. Этнонимдин параллели сары уйгурлардын курамынан “солтус” формасында кездешет (Малов, 1957, 103).

**Сурнай** - кыпчак уруусунун курамындагы урук. Сурнай: «зурна» (ир,сурна, сурнай, сөзмө-сөз которгондо майрамдык флейта) - үйлөмө музыкалык аспап. ... Көпчүлүк учурда сурнай керней менен бирдикте аткарылып, жарчыга кабар айттыруучу, жоокерлерди, элди чогултуучу аспап катарында да ойнолгон (“Манас”. Энциклопедия, Т.II, 257). Этникалык аталыш аскер терминине байланыштуу келип чыккандыгы байкалып турат.

**Суу мурун** - кыргыздын он канатындагы анчалык чоң эмес уруунун аталышы (Абрамзон, 129). Этникалык аталыштын параллели казактардын курамында “суумурын” формасында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 173).

**Сөгөттүк жору** - жору уруусунун курамындагы урук. Этноним жер-суу аталышына байланыштуу келип чыккан. Сөгөт - Талас областындагы Манас аймагынын айыл аталышы катары белгилүү. Мындан сырткары, “Сөгөтү” деген ат менен Талас, Жети Өгүз райондорунун аймагында дарыя, агып суулар, өзөндөр аталат(СГНК,1988,162). Тибетке жамаатташ байырлашкан сары уйгурлардын (сары югур) жеринде Сөгүт-Көл аттуу дарыя бар. Ушул эле этностун тилинде тал дарагы “сөгүт” деп аталары маалым (Малов, 1957, 104). Кыргыз уруулары Тибет, Кашмирге чейинки аймактарга көчүп-конуп жүрүшкөндүктөрү маалым. Этнонимдин чыгыш тегинин ушул аймак менен байланышы болуусу мүмкүн.

**Сөлпү** - азык уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 129). Сөлпү - туура түзүлүштө, формада эмес. Адамдарга карата айтышат (КТТС, 540). Этнонимдин мааниси анын лакап аттын негизинде келип чыккандыгын айгинелейт.

**Сүт эмген** - саруу уруусунун курамындагы урук. Этноним эзелки мифологиялык уламыштардан кабар берет. Сүт эмген жана Ит эмгендин окуялары жөнүндөгү мифологиялык уламыштар, алардан тараган муркут (дөөлөс), кулжыгач (чекир саяк) уруктары жөнүндөгү маалыматтар кыргыз санжыраларында чагылдырылат (караңыз: Абрамзон, 1990, 304-305). Мифологиялык уламыштын сюжети окшош болгон аналогдору байыркы хуннуларда, түрктөрдө да белгилүү болгондугун кытай жыл баяндары эскерээри маалым. Бул фактылар мифологиялык уламыштын кыргыздардын эс-тутумунда эзелтеден сакталып келе жаткандыгын айгинээлери бышык.

**Сүтөй** – сары багыш уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Этнонимдин параллели орто кылымдардагы (XI-XIII к.к.). Дешт-и Кыпчак түрк урууларынын (кыпчак уруулары) курамдарынын эскерилет (Баскаков, 1984, 74).

**Сыдык** - чекир саяк (курманкожо) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 127). Антропоэтноним. Параллели түркмөндөрдүн курамында бар (Атаниязов, 1988, 100).

**Сырты кара** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Төрөканов, 1995,14). Этнонимдин параллели “сыртыгара” формасында түркмөндөрдүн курамында бар (Атаниязов, 1988, 109). Энчилүү ат лакап аттын негизинде келип чыгышы мүмкүн.

www.bizdin.kg



# Т

**Тагай** - геноним. Элдик санжыра боюнча Ак уулдун экинчи баласы Тагайдан оң канат кыргыздардын айрым урууларынын түпкү ата-бабалары тарайт. Генонимди Моголистан доорундагы булактарда учураган ысымдар менен чаташтырбоо зарыл. Генеалогиялык схема Сайф ад-Дин Аксикендинин "Мажму ат-Таварихиндеги" (XVI к.) да чагылдырылат: "...Тагай бахадурдун (баатырдын) алты уулу ыйык Мир Жалил Маулан Азамдын кабыл алуусуна келишти. Сейид (Мир Жалил) келгендер үчүн бата тиледи. Алар Тагай баатырдын уулдары эле: Кулан (Койлон). Гылджыр (Кылжыр) Богостон, Кара Чоро, Саяк жана Дөөлөс. Койлондон-Йадгар (Жедигер), Гылджыр (Кылжыр) - бугу, Богостондон (Богорстон) - (уруу) - солто, Кара Чородон (уруу) ... саяк тарайт (МИКК 1973, 208).

**Тагайберди** - кесек уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 193). Параллелдери түркмөн жана казактарда бар (Аттокуров, 1988, 109; Жанузаков, 1982, 172).

**Таз баргы** - баргы уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 129). Аталган урууда мындан сырткары, кара баргы, сары баргы аттуу уруктар топтору бар экендиги белгилүү. Түскө карата бөлүнүү байыркы түрк тилдүү урууларда, анын ичинде кыргыздарга да мүнөздүү көрүнүш болгондугу ырас. Муну енисейлик кыргыздардын урпактары болгон хакастардын уруулук курамынан да байкоого болот. Мисалы, "ах хыргыс", "хара хыргыс", "сарыг хыргыс" ж.б.у.с. (Бутанаев, 1990, 258). Этнонимдин параллели алтайлыктардан "тас кергил", "тастар" формаларында кездешет (Баскаков,Тощакова, 1947, 217).

**Таз кушчу** - кушчу уруусундагы меңдуулаттын курамындагы урук (Абрамзон, 129).

**Таз кыпчак** - кыпчак уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Төрөкан уулу, 1995, 198). XI-XII кк. орус жыл баяндары кыпчак (половец) уруулук бирикмесинде "таз" аттуу уруу болгондугун кабарлайт (Баскаков, 1984, 74). Ушул эле тарыхый булактарда (1107-ж.) бул энчилүү ат антропоним катары да кездешери маалым. Дешт-и Кыпчактагы аскердик-саясий таасири зор Боняк хандын бир тууган иниси ушул ысым менен белгилүү болгон (Шаниязов, 1974, 145). Таздар эрте орто кылымдар доорундагы белгилүү кыпчак урууларынын бири болгондугун тастыктаган далилдер бар. Монголдордун катуу кысымына дуушар болгон таздар, болжолу бир нече өз алдынча топторго бөлүнүп кетишип, соңку мезгилдердеги калыптанган туркий элдердин этностук курамдарына жуурулушкан (Шаниязов, 1974, 145). Бул кыргыздардын уруулук курамындагы "таз кыпчак", башкырлардагы кыпчак бирикмесиндеги "таз", кыпчак тилдүү кара калпак, курама, өзбек-коңурат, өзбек-катаган, өзбек-мангыттардагы "таз" этнокомпоненттери далил боло алары шексиз (Кузеев, 1974, 52-57; Абрамзон С.М, ТКАЭЭ, Т.IV, 129; Жданко, 1950, 101; Шаниязов, 1974, 145). Этнонимдин параллелдери алтайлыктардып курамынан тас кергил (туба, кергил), тастар (куманды), тувалардан "тас" формаларында кезиктирүүгө болот (Баскаков, Тощакова, 1947, 217; Сердобов, 1971, 119). Этникалык аталыштын өтө кенен ареалга таралышы кыпчак этнокомпонентинин соңку элдердин калыптанышына тийгизген таасирин аныктары бышык.

**Таздар** - бөрү, тастар - черик урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 129). Этнонимдин биринчи компоненти -таз/-тас чачы жыдып түшкөн

www.bizdin.kg



адам (ДТС, 543); экинчи мааниси; таз - чачты жыдытып түшүрө турган ооруусу бар адам (КТТС, 566). Этнонимдин экинчи компоненти: -дар, -тар; - көптүк маанини түшүндүргөн - лар мүчөсүнүн өзгөргөн формалары. Этнонимдин параллели алтайлыктардын (кумандылар) курамында "тастар" формасында бар (Потапов, 1969, 60-61). Кумандылардын санжыраларында тастар уруусу телеуттардан ооп келишип, жуурулушкандыгы баяндалат (Потапов, 1969, 61). Таз//даз//тас//тос формаларындагы уруу-урук аттары казак, башкыр, ногой, өзбек (кыпчак), түркмөндөрдүн курамдарында бар (Кармышева, 1976, 103; Шаниязов, 1977, 106; Востров., Муканов, 1968, 81; Кузеев, 1974, 355). Р.Г. Кузеев бул этнонимдин чыгыш тегин байыркы түрк доорундагы Саян-Алтай аймагына байланыштырат (Кузеев, 1974, 355). Таз - орто кылымдардагы кыпчак (Дешт-и Кыпчак) урууларынын курамындагы урук болгондугун орус жыл баяндары чагылдырат (Баскаков, 1984, 74).

**Таздар** - нойгут уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Аттокуров, 1995, 175). Бул топко төмөнкү уруктар кирет: жабай, жайылчы, чалтак, газды, карасаадак.

**Тайлак** - баргы, кыпчак. чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 123). Тайлак - төөнүн тайлагы (Юдахин, 689). Этнонимдин келип чыгышында тотемизмдин таасири болуусу мүмкүн. Анткени, көпчүлүк түрк элдери, анын ичинде кыргыздар төөгө ыйык жаныбар катары мамиле жасашкандыгы белгилүү.

**Тайлак улуу** - чекир саяк уруусундагы чоронун курамындагы урук (Абрамзон, 129). Антропоэтноним. Тайлак Цинь аскерлерине жана Кокон хандыгына каршы көтөрүлгөн элдин жетекчиси, баатыр. Агасы Атантай баатыр менен бирге чет элдик баскынчыларга бир нече ирет катуу сокку урушкандыгы маалым. Антропоэтнонимдин параллели баргы, кыпчак урууларында "тайлак" формасында бар экендиги белгилүү.

**Тайчы** - басыз уруусунун курамындагы урук.Орто кылымдарда (XIV к.) жашап өткөн фарси тарыхчысы Рашид ад-Дин бул сөзгө төмөнкүдөй аныктама берет: «Тайши» кытай тилинен которгондо "устат жана улук окутуучу" (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 158). Т.Жанузаков этнотерминди тибет тилинен келип киргенин, анын «устат», «окутуучу», «тектүү киши» маанисин аныктарын жазат (Жанузаков, 1982, 157). XVII-XVIII кк. калмак (ойрот) хандары, аскер башчылары "тайши" титулун алып жүрүшкөндүгү маалым. Орто кылымдардагы енисей кыргыздарында «батыр тайша», «мерген тайша» деген аскердик сословие болгондугу маалым (Бутанаев, 1999, 133). Болжолу, бул иерархиялык титул билимдүү, кат тааныган адамдарга, жол башчы, иш билги көсөмдөргө берилген.

**Так атар** - ават, жоокесек урууларынын курамдарындагы уруктар. Этнонимдердин келип чыгышы кыргыздардын байыркы жоокерчилик турмушу менен байланышкан. Ошол эле учурда айрым этнонимдер адамдардын кесибин да аныкташы мүмкүн (мисалы, аңчылык ж.б.).

**Талас** - моңолдор уруусунун курамындагы урук. Топоэтноним. Этноним Талас аймагына байланыштуу келип чыккандыгы калетсиз.

**Талкан** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 129). Этникалык аталыш эзелки маанисин, формасын сактап келет. Байыркы түрк тилдеринде "talqan" куурулган ун, талкан ун; өтм. мүнөзү бошоң адам дегенди билдирет (Юдахин, 696). Бул сөз катары бурят-монгол тилдеринде төмөнкү маанилерди туюнтат: Талхан 1. Нан; 2. Ун сыяктуу майдаланган дары (Монгол-орос толь, 1957, 388). Этнонимдин параллели түркмөндөрдүн курамынан "талханлы" формасында учурайт (Атаниязов, 1988, 110).

www.bizdin.kg



**Талма** - азык уруусундагы козугунанын курамындагы урук (Абрамзон,129). Параллели Крым жарым аралында Талма-Богаза этнотопоними формасында сакталып келет (Лезина, 1985, 85).

**Талпак** - тейит уруусунун курамындагы урук. К.К. Юдахин бул сөзгө (этнонимдик аталышка) төмөнкүдөй аныктамаларды берет: 1. Жүндү сабаа үчүн кулундун терисинен жасалган төшөнчү; 2. Төшөнчү үчүн жасалган жапайы аңдын териси ж.б. (Юдахин, 697). Этноним үй буюмдарынын аталышына байланыштуу келип чыккандыгы байкалып турат.

**Тама** - ават уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 210). Этникалык аталыш байыркы доорлордон (VIII-IX кк.) белгилүү. Параллелдери казактардан, каракалпак курамалардан «тама», башкырлардан «тамьян» формаларында кездешет (Кармышева, 1954, 101; Кузеев, 1974, 165). Иликтөөчүлөр тамалардын тарыхый мекени Алтай жергеси экендигин белгилеп келишкен жана тамаларды “Кыргыз жергесинде” жашаган туматтар (тумет) менен генетикалык жалпылыкта карашат (Кузеев, 1974, 166). Караңыз: “туума тукум” этноними.

**Тантык** - тейит уруусунун курамындагы урук. Лакап этноним. Тантык - мааниси жок супсак, тантырак (КТТС, 570). Уруктун аталышы лакап аттын негизинде келип чыккандыгы байкалып турат.

**Таранчы** - бөрү, кыпчак урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 129). Таранчы - чымчыктын түрү (Юдахин, 306). Таранчы шинжаңдык уйгурлардын бир аталышы. Экзоэтноним. Уйгурлар жайгашкан жерине карата өз ара кулжалык, яркендик, кашкарлык, турпандык, хотанлык ж.б. болуп айырмаланышаары маалым. Айрым маалыматтарга караганда, уйгурларга бул энчилүү атты жунгарлар (кара калмактар) беришкен. XVII-XVIII кк жунгар аскерлерин дан азыктары менен камсыз кылуу максатында Чыгыш Түркстандын түрк тилдүү отурукташкан этносторун (уйгурларды) дыйканчылык талааларына көчүрүп түшүшкөн. Ойрот өкүмдарлыгы үчүн дан багып, эгин эккен уйгурларды жунгарлар “таранчылар” деп аташкандыгы маалым.

**Тарыкчы** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 129). Tarikci - таруу сээп, эгин айдаган дыйкан (ДТС, 532). “Taruq” орто кылымдардагы кыпчак (Дешт-и Кыпчак) тилинде “кандаш тууган”, “бир тууган” маанисин түшүндүргөн (Баскаков,1984,53). Тарык. диал. “таруу” ж.б. (Юдахин, 712).-чы мүчөсү адамдын кесибин да аныктары маалым. Чыгыш Түркстанда (Турфан оазиси) монгол доорунда дыйкандар маселеси боюнча иштеген чиновниктерди “Тарикчи-бег” деп аташкан (Краткая история уйгуров, 1991, 209).

**Тасма** - жору уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 129).

**Тата** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 129). Этникалык аталыш кытай жыл баяндарында VII-VIII кк (Да-а-ши-дэ) Tat-a(o)- si-tek формаларында эскерилет (Зуев, 1960, 119). ”Тат” этноними жана таттар (татарлар) “он октор” менен бирге, ханзаада Күлтегинге арналып жазылган эстеликте эскерилип, акыркылардын он окторго (Батыш Түрк каганаты) көз каранды абалда тургандыгы баяндалат. Таш бетине түшүрүлгөн маалыматтарды, анын ичинен ”тат” этнонимин 1916-жылы даниялык окумуштуу В.Томсен окуп чыккан (Кляшторный, 1964, 122). В.Томсендин чечмелөөсү Махмуд Кашгаринин “Сөздүгүндөгү” маалыматтар (XI к) менен бекемделет. Махмуд Кашгари: ”...таттар ислам динин кабыл ала элек уйгурлар же кытайлар (тат-тавгадж) деп жазат (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, 1967, 252). Байыркы түрк сөздүгүндө(ДТС) “тат” сөзү “чет жердик”, “уруусу бөтөн”, “мусулман эмес уйгурлар” мааниде чечмеленет (ДТС, 541). Абул Гази Бахадур хан (XVI к.) “тат” термини менен

www.bizdin.kg



Иран, Хорасан, Мавераннахрдын княздарын атайт (Кононов А.Н. Родословное древо тюрков, 56). Академик В.В. Бартольддун никиринде караханийлер доорунда (XI-XII кк.) "тат" сөзү бутпарас-уйгурлар жана Чыгыш Түркстандын теги ирандык мусулмандарга карата айтылган (Бартольд В.В. История культурной жизни Туркестана, 1927, 24). Е.Зуевдин белгилөөсүндө "тат" термини Чыгыш Түркстандагы келгин мусулман-согдиялыктарды да аныктаган (Зуев, 1960, 119; Кляшторный, 1964, 122-123). Тата - Алай тоолорундагы ашуу катары да маалым (СГНК, 1988, 169).

**Таталай** – мундуз (бөөбек) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров,1995, 163). Лакап этноним. Татала; кытайлардын үнүн бийик көтөрүп, өкүм сүйлөшү; кытайча "таа-таа" (караңыз: К.К. Юдахин 1965, 713).

**Татар** - мунгуш уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 87). Ош облусунун Кара Суу районунун аймагындагы ушул ат менен айыл аталары белгилүү (СГНК, 1988, 169). Этнотопоним. Бул этникалык аталыш менен бүгүнкү күндө Волга боюндагы, Астрахань, Крымдагы ж.б. түрк тилдүү элдер белгилүү. Этноним байыркы кытай жылнаамаларында "да-дань", "да-да", Орхондогу руникалык жазууларда "татар" формаларында VIII к. белгилүү. "Татар" этноними тууралуу Моюн Чурга арналган көөнө түрк эстелигинде "...татарды жооптошууга чакырдым, койон жылы (751- ж.)" деген маалыматтар бар (Орхон-Енисей текстери, 123-б). Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын тушунда "отуз татар" деген эл болгону Күл Тегинге арналган эстеликтеги маалыматтардан улам белгилүү. Махмуд Кашгари "Сөздүктө" татарларды "түрктөрдүн уруусу" деп жазат (Кыргыздар. II китеп, 451). Арийне, орто кылымдардагы татарлардын кайсыл тил чөйрөсүнө таандык экендигин далилдеген ынанымдуу булактар жокко эсе. "Ак татарлар" жана "кара татарлар" деп бөлүнгөн бул этнос өтө көп сандуу, кубаттуу уруулардан болгон. В.В. Бартольд кара татарларды түрктөшүп кеткен моңгол уруулары деген пикирин айткан (Бартольд В.В. Соч. Т.II, Ч.I, 616). XII-XIII кк. карата татарлар Анкара-Мурэн суусуна жакын жерге кыргыздар менен кошуна байырлашары айтылат (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 102). "Татар" этнокомпоненти кыргыздардын курамына дал ушул мезгилде кирүүсү ыктымал.

Чыңгыз-ханга күч менен баш ийдирилген татарлар кийинки түрк тилдүү элдерин энчилүү атынын келип чыгышына, калыптанышына чечүүчү роль ойношту. Батый хандын Европага жасаган чабуулунда монголдор аскерлердин өтө аз бөлүгүн түзүшкөндүгүнө карабастан, хан ордосунда жалпысынан "татар" энчилүү аты калыптана баштаган. Этноним байыркы мезгилде "тат" формасында болуусу мүмкүн. Татар, кажар, сувар, хазар, болгар ж. б. этникалык аталыштардагы -ар, -ер, -ор, -ур, -ир мүчөлөрү чыгыш теги байыркы көптөк маанини билдирген сөз жасоочу мүчөлөр болуп саналат (Цаплин, 1975, 94). Д.Е. Еремеев ар/ер/ир сөзүн түрк тилдерине иран тилдеринен хунну жана байыркы түрк доорлорунда келип киргендигин белгилейт (Еремеев, 1970, 133). Арийне, таанымал түрколог Н.А. Баскаков ар/ер/ир/р мүчөлөрү этиштик негиз катары "киши", "күйөө" дегенди түшүндүрүп, азыркы учурда да байыркы маанисин сактап калган деген пикирин айтат (Баскаков, 1990, 204). Татарлар VIII к. тартып эле кыргыздар менен алакалаш болгону анык.

**Татыраң** – моңголдор уруусунун курамындагы урук. Татыраң. диал. тоо өсүмдүгүнүн аталышы (Юдахин, 714). Лакап этноним.

**Таш коюн** - саруу уруусундагы жети уруунун курамындагы урук (Абрамзон, 130). Этнонимдин параллели "тас журек" формасында казактардын курамынан кездешет (Жанузаков, 1982, 173). Айрым изилдөөчүлөр "таш//даш"

www.bizdin.kg



сөзүн "тышкы", "сырткары жайгашкан" маанисинде чечмелешет (Аташиязов, 1988, 62-63).

**Таш моюн** - саруу уруусундагы оготурдун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 146). Лакап этноним. Параллели казактардын кураиында "тас жүрек" формасында бар (Жанузаков, 1982, 173).

**Таш токум** – сары багыш (жантай) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 130). Антропоэтноним. Параллелдери түркмөндөрдөн "даш", "даш атар", "даш аяк" формаларында кездешет (Атаниязов, 1988, 62).

**Тегерек** - чапкылдык уруусунун курамындагы урук. Лакап этноним.

**Тежик** - суу мурун уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 130). Тежик -тил албаган, кепке, сөзгө келбеген, өз билгенин бербеген, кежир, мүнөзү терс (КТТС, 585) Этноним адамдын кулк-мүнөзүн билдирип турат. Лакап этноним.

**Тейит** – ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы ири уруулардын бири. Уруунун тегинин байыркылыгын, анын курамындагы түрк-огуз, кыпчак ж.б. этнокомпоненттер аныктайт. Мисалы, геклен, текрен, кызыл баш, эрсары ж.б.у.с. Мындан сырткары, бул уруунун ичинде енисейлик кыргыздарда, Борбордук Азиянын башка түрк-монгол элдеринде учураган этнокомпоненттер кездешет. Тейиттердин бир бөлүгү Афган жеринде, Түркияда, Тажикстан (Жерге-Тал, Мургаб), Өзбекстандын (Жнззак, Ташкент облустары), Чыгыш Түркстандын (Кытай Эл Республикасы) айрым аймактарын эзелтеден байырлап келишет. Тейиттер кыргыз этносунун пайдубалын куруунга негизги роль ойногон уруулардын бири.

**Теке жунус** - солто, тейит урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 130). Этникалык аталыштын параллели түркмөндөрдө ири уруунун энчилүү аты катары маалым. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде XI-XII кк. белгилүү болуп келген теке уруусунун энчилүү аты тотемизмдин таасири астында келип чыккан (Атаниязов, 1988, 112). Теке кыргыздарда да тотемдик сыйынуунун обьектиси болгондугун уламыш-санжыралар, дастандар ("Кожожаш") чагылдырат. Бул фактыларды кыргыздар эзелтеден колдонуп келген жылдын ай аталыштары (теке айы) да бекемдери ырас. Тотем-жаныбарлардын ичинен кыргыздар аңчылыктын обьектиси болгон эчки-текеге өзгөчө маани беришкен (караңыз: Баялиева, 1972, 16). Теке (tehe) - байыркы түрк тилинде "шаман" маанисин да аныктагандыгы маалым (ДТС, 61).

**Теңизбай** - бугу, жору урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 130). Этникалык аталыштын бүгүнкү кыргыз тилиндеги мааниси аныктала элек. Хакас тилинде төңис (төнгис) - төмөнкү маанилерде аныктайт: 1. Атактуу, ак сөөк бай; 2. Укум-тукуму тектүү жерден чыккан; 3. Бай адам. Хакасча - "төңис пай" - укум - тукумдуу өтө бай адам (Бутанаев, 1999, 153). Демек, этникалык аталыш байыркы кыргыз сөзү экендигине толук ынанууга болот.

**Текрен** - тейит уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыштын параллели түркмөндөрдүн курамында бар экендиги маалым. Айрым иликтөөчүлөр "текрен" сөзүн тотемдик жаныбар болгон теке сөзүнүн бир формасы катары карашат. Тек + р (- ер) + ен: уңгуга жалганган мүчөлөр көптүк маанини түшүндүрөт (Атаниязов, 1988, 112). Абул Гази өз эмгегинде монгол жана уйгурлардын ортолугунда өзгөчөлөнгөн "текрин" аттуу уруу болгондугун жазат (Абул Гази, 1906, 38). Акыркы иликтөөлөр этникалык аталыштын байыркы кыргыз-огуз маданий-этникалык алакаларын чагылдырарын далилдеди.

**Телмин** - бостон, жоокесек урууларынын курамдарындагы уруктар

www.bizdin.kg



(Аттокуров, 1995, 196). Этнонимдин кыргызча мааниси тактала элек. Монгол тилинде - "тэлмэн" - "жорго", "жорго жүрүү" дегенди туюнтат (Монгол орос толь, 1957, 438). "Жорго" сөзү этнонимдин толук маанисин ачын берет десек болот. Анткени, бул термин адамдарга карата да көп айтылары маалым.

**Телпек** - кыпчак, көк телпек - тейит урууларынын курамындагы уруктар (Аттокуров, 1995, 199). Телпек - ичкилик диалектидеги эркектин баш кийими (Юдахин, 721-722). Этнонимдин параллели "кийиз телпек" формасында өзбек-коңураттарда бар (Кармышева, 1976, 90-93).

**Темир** – баргы, басыз, бугу урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 130). Антропоэтнонимдер. Параллелдери казактардын, каракалпактардын курамдарында бар (Молдобаев, 1995, 136; Жанузаков, 1982, 173 Каракалпакско–русский словарь, 1958, 786). Крым жарым аралында көптөгөн уламыштарды жараткан "Темирджи" топоними маалым (Лезина, 1985, 88). Кыргыздар темирге (металл катары) байыртадан өзгөчө маани берип, турмуш тиричилигине өтө кенен пайдаландыктары кытай ж.б. тилдүү жазма булактарда чагылдырылат. Махмуд Кашгари кыргыздар ябаку жана кыпчактардай эле темирге өтө урматтоо менен мамиле жасашкандыктарын жазат: "...алар (кыргыздар) шерт бергенде (касам ичкенде), кимдир бирөөгө убада кылганда кылычты кынысын алып, эгер убада бузулса көк кирип, кызыл чыксын, канга бөлөнүп чыксын. Бул шерт бузулса темир сени өлтүрсүн, үч өлсүн дешет. Алар (кыргыздар) темирге аздектеп мамиле жасашат (Махмуд Кашгари, Т. I, 342; Чороев, 1997, 129-130). Кыргыз темир кенчилери өндүргөн металлдардын сапаты, кол өнөрчүлөрдүн жасаган буюмдары Кыргыз каганатынан алыскы жерлерге белгилүү болгондугун кытай жыл баяндары кабарлаган.

**Тентек** - тейит уруусунун курамындагы уруктун аталышы. Этнонимдин параллели лакайлардын курамында "тентек овлад" формасында кездешет (Кармышева 1954, 14). "Овлад" - иран тилинде "атасы", "теги" маанисин туюнтат. Тентек - шок, шайкелең, тынчыбаган (КТТС, 588). Лакап этноним.

**Терекбай** – чекир саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 130). Антропоэтноним. Параллели дөөлөс уруусунда "карагайлы" формасында кездешет (Аттокуров, 1995, 204). Караңыз: бай терек этноними.

**Тескей** - бостон уруусунун курамындагы урук. Тескей тоонун күн тийген түндүк тарабы (Юдахин, 729). Урук өз атын жайгашкан жер-шарттын рельефине байланыштуу алган десе болот. Мисалы, күңгөй кушчу (кушчу) ж.б.

**Теш мерек (берек)** - басыз уруусунун курамындагы урук. К.К. Юдахин этнонимдин экинчи компоненти "мерек" - канжар маанисинде чечмелейт (Юдахин, 525). Демек, этноним толук маанисинде "курч канжар" дегенди туюнтат. Ушул эле учурда аталган урууда маматберек (мерек), козумерек этнонимдери бар экендиги маалым.

**Тилеке** – багыш, баргы кумыз курамындагы уруктар (Абрамзон, 130). Этникалык аталышты хакастардагы (сагайлар) "тиилек" сөөгү (уругу) менен параллел кароого болот. «Тиилек» Борбордук Азиянын эң байыркы этникалык аталыштарынын бири болуп саналат. Хакастар жана тувалар алтайлыктарды жалпысынан да "тиилек" деген ат менен аталары маалым (Бутанаев, 1980, 69). Бул этноним профессор В.Я. Бутанаевдин далилдөөсүндө хакастардын курамына телеут жана теленгиттерден келип киргендигин белгилейт (Бутанаев, 1990, 69). Телеут жана теленгиттердин теги, өзгөчө тилдери бүгүнкү кыргыздарга өтө жакын экендиги ынанымдуу далилдер менен ырасталган. Тилеке = телек = теле(к) этнокомпоненти кыргыздардын курамына орто кылым-

www.bizdin.kg



дарда эле кирүүсү мүмкүн.

**Тилекмат** – бугу уруусундагы белектин курамындагы урук топ, (Абрамзон, 130). Антропоэтноним. Тилекмат тарыхый инсан болгондугу маалым. Кыргыздын улуу ойчул, философ инсанынын учкул сөзгө айланган акылман сөздөрү эл арасында бүгүнкү күнү да айтылып келет. Тилекматтын акылмандыгы, сөзмөрдүгү, көрөгөчтүгү кыргыздар жашаган аймактардан да алыскы жерлерге белгилүү болгондугу маалым.

**Тобок уулу** - саяк уруусундагы сарыктын курамындагы урук, топ (Абрамзон, 130). Антропоэтноним. Параллелдери казактардан "тобыкты" сары уйгурлардан "товык" формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 173; Малов, 1957, 84).

**Товур кыпчак** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 1980, 34). Бул уруктун өкүлдөрү Чыгыш Туркстандын (КЭР) аймактарын мекендеп келишет. Этникалык аталыштын биринчи компонентинин мааниси: Товур / тобур 1. Тон; 2. Товура - диал. кыбыра (праправнук) түрүндө чечмеленет (Юдахин, 739- 740). Мундуз уруусунун курамында синонимдеш этникалык аталыштардын (жогор тон, төмөн тон) параллелдери кездешери маалым.

**Тогой** - басыз уруусундагы кудайлаттын курамындагы урук. Этнонимдин параллелдери казактардын курамынан "тогай", "сары тогай" формаларында кездешет (Жанузаков, 1982,179).

**Тоголок баш** - кытай уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 130). Этнонимдин параллели өзбек-катагандардан "томалак" формасында кездешери аныкталган (Кармышева, 1976, 108). Лакап этноним.

**Тогуз** - багыш уруусунун курамындагы урук . Этноним "тогуз урук", "тогуз уруу эл деген маанини туюндурат. Тогуз - "докуз", "токус", "дукуз" формаларында бир катар түрк элдеринде этникалык аталыштар катары кездешери маалым. Н.А. Баскаков тубаларлардын (алтайлыктардын курамындагы этнографиялык топ) курамындагы "тогус" этнонимин лингвистикалык иликтөөлөрдөн соң, Орхондогу рун жазууларында чагылдырылган "тогуз огуз" этникалык аталышы менен тектеш деген жыйынтыкка келет (Баскаков, 1958, 28). Р.Г. Кузеевдин жазган илимий пикирин да жогорудагы көз карашка жакын кароого болот(Кузеев,1974,203-204). Тогуз-огуздар этносаясий бирикмеси кыргыздар менен алакалаш болушкан. Ошону менен бирге, "тогуз огуздар уруулук бирикмеси Чыгыш Түркстан жана ага жамаатташ аймактардагы калктын негизги бөлүгүн түзүшкөндүгү маалым (Чоротегин,1995,21-22). Таанымал изилдөөчү Л.Н.Гумилев да этнонимди "тогуз жамаат", "тогуз эл" маанисинде чечмелейт (Гумилев,1967,61-62). Тогуз-огуздар конфедерациясында VII к. орто чендеринен уйгурлар (бугу, чыгыш карлуктар, басмыл, уйгур,хунн, байырку, тонгра, сыгне, киби) бийлик тизгинин алышкандыгы ырас (Гумилев,1993,370; Чоротегин,1995,22,ж.б.). Тогуз ("Токсоба", токс+опа) уруулук бирикмеси орто кылымдардагы кыпчактардын да курамында болгондугу белгилүү(Баскаков,1984,49). Мындан сырткары,Шинжандагы(КЭР)кыргыздардын ичинен "товур кыпчак","кара кыпчак" жана "тогуз кыпчак" ири урук аталыштары аныкталган (Шаниязов,1974,117-118). Этнонимдин параллелдери каракалпак, түркмөн, башкыр, өзбек, алтай, ногой, гагауздардын курамдарынан учурайт (Жданко, 1950, 167; Атаниязов, 1988, 64), Кузеев,1974, 203-294; Кармышева, 1976, 93, 215; Потапов, 1972, 53, 54; Баскаков, 1964, 49).

**Тогуз кыпчак** - кыпчак уруусунун курамындагы ири урук (Шаниязов 1974,117-118). Бул уруктун өкүлдөрү Кытай Эл Республикасынын Шинжаң

www.bizdin.kg


(Чыгыш Түркстан, КЭР) аймагын эзелтеден мекендеп келишери маалым. Айрым маалыматтарда тогуз кыпчактар товур кыпчак, кара кыпчак уруктары менен бирге эскерилет(Абрамзон,С.М.ТКАЭЭ,Т.П,338).Орто кылымдардагы кыпчактарда (Дешт-и Кыпчак уруулары X-XI кк.) "токсоба","токсобичи" (тогуз уруу) аттуу уруулар болгоидугун орус жыл баяндары чагылдырат (Баскаков, 1984,74).Н.А.Баскаков, Р.Г.Кузеевдер"тогуз"этникалык аталышынын Орхондогу жазма эстеликтерде чагылдырылган "тогуз","тогуз огуздар" менен түз этногенетикалык байланышы бар экендигин өз иликтөөлөрүндө белгилешкен (Баскаков, 1958, 28; Кузеев, 1974, 203-204). Теги байыркы этникалык аталыштын мааниси "тогуз уруу кыпчак", "тогуз уруунун биримдиги" дегенди туюнтат. Параллели кыргыздын багыш уруусунан "тогуз" формасында кездешери аныкталган.

**Тогуз уул** - моңолдор, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон,130).Этнонимдердин параллелдери алтай, казак, башкыр, гагауз, ногой, тува, өзбек, нурата түркмөндөрүнүн уруулук курамдарында бар экендиги маалым(Атаниязов,1988, 64; Кузеев,1974, 203-204; Кармышева, 1976, 93, 215). "Тогуз" этникалык аталыш катары VII-VIII кк. таандык Орхондогу руникалык жазууларда чагылдырылат (Кузеев, 1974, 203 -204). Мындан сырткары, "тогуз огуз"аты менен байыркы уйгурлар белгилүү болгону маалым. Л.Н.Гумилев этнонимди"тогуз жамаат","тогуз уруу"деген мааниде чечмелейт(Гумилев,1967, 64).Демек,«тогуз уул»-«тогуз уруу» синонимдеш сөздөр катары кароого негиз бар.

**Тогузбай** – бугу (белек), саруу (ай тамга) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 130). Антропоэтнонимдер. Параллели казактарда "тогызбай" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 173).

**Тогунай** – саруу, мундуз урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 130). Этноним сөз катары байыркы формасын сактап калган. Сөздүн уңгусу тогун:алгачкы формасы "togan" болуу керек. "togan"-байыркы түрк тилинде "бүркүт" маанисин берет (ДТС, 571). -ай мүчөсү уңгу сөзгө уланганда кичирейтип, эркелеткен мааниге ээ. Ушул мүчөнүн жардамы менен куралган этнонимдер тектеш түрк элдеринде да кездешет (караңыз: Волкова, 1971, 61; Жанузаков, 1982,164-173; Атаниязов, 1988, 144-164 ж.б.). Этнонимде байыркы тотемдик негиз бар десек болот.

**Токбай** – солто (күнтуу) уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 131). Антропоэтноним. Параллели казактарда "токабай" формасында кездешет (Жанузаков,1982,173). Захреддин Бабурдун "Бабур-намэсинде" Фергана өрөөнүндө "токбай" аттуу уруу эскерилет. А.Д. Гребелиндин пикиринде "токбайлар" Дешт-и Кыпчактагы сарай уруусунан бөлүнүп чыгышкан (Губаева, 1983, 64).

**Токмок** - ават жана саяк урууларынын курамдарындагы уруктар. Параллели түркмөндөрдүн курамында бар (Атаниязов,1988,114). Топонимикалык аталыштар катарында Кыргызстандан сырткары, Казакстан жана Түштүк Россиянын аймактарында кездешери аныкталган. Токмок этноними алгач ирет 1425-жылы Шараф ад-Дин аль Йездинин "Зафар намесинде" эскерилет (Ахмедов Б.А. О роли письменных источников в изучеиии этногенеза узбекского народа//Общественные науки в Узбекстане. 1981, № 12, 45). Этнонимди айрым изилдөөчүлөр XIV-XV кк. Дешт-и Кыпчакта көчүп жүргөн "токмок"деген уруунун энчилүү аты менен байланышта карашат (Өмүрзаков, 1985, 14-15). Айрым маалыматтарда бул энчилүү ат менен уруулук-мамлекеттик бирикме белгилүү болгондугун билдирген пикирлер айтылары маалым (Бартольд В.В. Т.II,Ч.I,102; Ахмедов, 1981, 45,402; Петров, 1961, 37). Кыргыз алымы С.Өмүр-

www.bizdin.kg



заков XV к. 50-60 жж. Чүй өрөөнүнө убактылуу көчүп келген эки жүз миң казак-өзбек урууларынын курамында "токмок" аттуу уруу болушу мүмкүн деген пикирин айтат (Өмүрзаков,1985,15). 1574-жылы ордостук монголдор Чечен Контайжи жана Буян батыр өңдүү контайжилердин жетекчилиги астында казактын токмок уруусуна каршы согуштук жүрүш уюштурушкан (Чернышев, 1990, 36-37). Токмоктор бул мезгилде Тарбагатайда көчүп-конуп жүрүшкөн. Токмоктордун айрым бөлүгүнүн бул өлкөмдө (Жети-Суу аймагы) калгандыгын XVIIк. орус булактарынын алтай кыргыздарынын жана токмоктордун жерлерин ойроттор басып алды деген маалыматтарынан билсе болот (Бурковский А.Р. Борьба киргизского народа за свою независимость//Страницы истории и материальной культуры Киргизстана. -Фрунзе,1975,76). Токмок этноним жана топонимикалык аталыш катары кыргыздардын курамында, Кыргызстанда XVIIк. кеч эмес калыптануусу ыктымал (Өмүрзаков, 1985, 15).

**Токол** - саруу уруусундагы жети уруунун курамындагы урук (Абрамзон, 130). Лакап этноним. Этнонимдин параллели ферганалык өзбек-кыпчактардын курамында бар. К.Ш. Шаниязовдун пикиринде "токол" этнокомпоненти кыргыздардын курамына кыпчак этникалык чөйрөсүнөн келип кирген (Шаниязов1974, 142). Байыркы түрк тилинде "toga" - оруу, ооруулуу маанисин берген (ДТС, 569).Токол 1. Мүйүзсүз(малга карата айтылат);2. өтм. Жардамга муктаж адам; 3. Бутаксыз (даракка карата айтылат); 4. этногр. Кичүү аял (Юдахин, 743). Лакап этноним.

**Токоч** - бугу, дөөлөс урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон,130). Токоч - үйдө бышырылган нан (Юдахин, 743). Бирок, бул сөз бурят-монгол тилдеринде "тохош" - "төөнүн килемден токулган ээри" маанисин берет (Могол орос толң, 1957, 414). Этнонимдин монгол тилинде чечмелениши анын чыныгы маанисин ачып берет десек болчудай. Анткени, кыргыздарда эзелтеден үй тиричилигинде колдонулган буюмдарга байланыштуу келип чыккан энчилүү аттар кенен таралган. Мисалы, очок (саруу), шырдак (мундуз), пишкек (саруу, солто) ж.б.у.с.

**Токсоба** - саруу уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу, 1995, 70). Жерге-Тал районундагы кыргыздардын курамында да (найман уруусу) "токсоба" аттуу чакан урук бар экендиги аныкталды. Этнонимдердин параллелдери каракалпак, казак, өзбек-коңураттардын курамдарында бар (Жданко, 1950, 45,153; Жанузаков, 1982, 173; Баскаков, 1940,132-140; Волкова, 1971,61; Кармышева, 1976, 90).Этникалык аталыш Дешт-и Кыпчактын түрк тилдүү этникалык чөйрөсү менен байланышкан. Токсоба орто кылымдардагы Дешт-и Кыпчак түрк урууларынын аталышы катары белгилүү болгон. А.Зайнчковскийдин пикиринде"оба "(токс+оба), "опа" байыркы түрк тилдеринде "уруу","урук" маанисин берет (Баскаков,1984,49). Орус тарыхый жазма булактарында "токсоба", "кулоба","билюкоба" аттуу кыпчак (половец) уруулары чагылдырары бул пикирди бекемдери бышык (Баскаков, 1985,70-73,76). Токс+ оба: Н.А. Баскаков туура белгилегендей "тогуз уруу", "тогуз уруу эл" маанисин берет. "Обо" деп диний жөрөлгө, ырым-жырым жасоо үчүн жасалган курулушту, ушул максатта үйүлгөн таш дөбөнү да аташкан (Есбергенов, 1984, 363). Каракалпактардагы кыпчак уруусунун аскердик урааны "Токсоба" деп чакырылары маалым (Жданко,1950, 45). Бул мисалдар аталган уруктардын баштапкы тегинин кыпчак тилдүү этникалык чөйрө менен байланышын аныктарында шек жок.

**Токтоболгу** – геноним. Санжыралык маалыматтар боюнча Каратал, Каратандан –Токтоболгу, Токтоболгудан сол канаттагы кушчу уруусу тарайт (Төрөкан уулу, 1995, 12).

www.bizdin.kg



**Токтогул** – тынымсейит уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы (Аттокуров, 1995, 115). Санжыра боюнча Токтогулдун тогуз уулу болуптур. Уруулар ортосундагы өз ара чабыштардан улам, токтогулдун тукумдары Батыш Кытайда узак убакыттар бою туруп калышат. Азыркы турган жерине беш уулдун тукумдары көчүп келишет. Аларды калмак же калмакылар деп кошумча ат менен да атап коюшкан. Калган төрт уулунун тукумдары жөнүндө маалыматтар белгисиз (Абрамзон, 1960,Т.IV,20). Параллели багыш уруусунун курамында бар (Аттокуров, 1995, 64).

**Токтоку** - сары багыштын курамындагы жантайдын ичиндеги урук. Бул уруктар тобуна айкөө, токтоку, кубатбелектер кирери маалым. Бул уруктун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү Чоң Кемин аймагын байырлап келишет.

**Токту** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 131). Этнонимдин параллели түркмөндөрдө “токлы” формасында кездешет. Түркмөн алымдары З.Ш.Навширванов жана С.Атаниязовдор энчилүү аттын келип чыгышын орто кылымдардагы “тог” этноними менен байланыштырат (Атаниязов, 1988, 114).

**Токум тейит** - тейит уруусунун курамындагы урук. Этноним сөз катары байыркы маанисин сактап калган. Махмуд Кашгари “Сөздүгүндө” “токум -бээ болуп пайдаланууга жарап калган жылкы” маанисин туюнтат (Махмуд Кашгари, Т.I, 366). Бул термин А.М. Щербактын изилдөөлөрүндө да чагылдырылат (Щербак, 1961, 155). Ал эми азыркы кыргыз тилинде “токум” төмөнкү маанилерди аныктайт. 1. Тээрдик ; 2. Ээр (Юдахин, 745).

**Токум тейит** - уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 199). Этнонимдин биринчи компоненти - токум: 1. Тээрдик; 2. Ээр токум (Юдахин, 745). Махмуд Кашгари “Сөздүктө” “токум” сөзүн “айгыр” формасында чечмелейт (Махмуд Кашгари, Т.I, 366). Айрым изилдөөчүлөр бул этнонимге башкача аныктама берип жүрүшөт. Тарыхчы К.И. Петров “токум” этнонимин байыркы “тогуз” этникалык аталышы менен жакындыкта карайт (Петров, 1963, 70-71). Д. Айтмуратов этнонимдин биринчи бөлүгүн маанисине карата “ток”- тук// түй ” “чач”, “чачтуулар”, “узун чачтуулар” маанисинде чечмелейт (Айтматов, 1986, 111). Арийне, бул пикирлер кошумча тактоолорго муктаж.

**Толубай** - баргы, бугу (белек) урууларынын курамдарындагы уруктар, топтор (Абрамзон, 134). Антропоэтнонимдер. Энчилүү урук аттарынын мааниси тувалардын тилинде “мөндүр”, “толук”, “абдан көп” маанилерин туюнтат (Тувинско-русский словарь, 1968, 170).

**Толуман** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук (Төрөкан уулу, 1995, 155-156). -ман мүчөсү зор ареалдагы этникалык аталыштардын, топонимдердин, антропонимдердин жасалышына катышат. Изилдөөчүлөр “киши”, “адам” деген маанини туюнткан мүчөнүн индоевропа тилдеринен киргендигин белгилешет (Баскаков, 1972, 227; Тепляшкина, 1970, 184; Аманжолов, 1959, 54; Жанузаков, 1982, 112-113). А.П. Дульзон бул сөз жасоочу мүчөнүн Сибир жана ага жамаатташ аймактарга кет, түрк тилдүү уруулардын таралып, жайгашышына чейин эле тарагандыгын жазат (Дульзон, 1962, 23-25). Арийне, айрым иликтөөчүлөрдүн пикирлеринде бул мүчөнүн чыгыш теги азырынча тактала элек (Боронов, 1988, 193). Ал эми бул сөздүн экинчи бир формасы “толум” Махмуд Кашгаринин “Сөздүгүндө” аскер куралын аныктары баяндалат (Махмуд Кашгари, Т. I,372).

**Томолок** - сары багыш уруусундагы манаптын курамындагы урук (Абрамзон, 132). Антропоэтноним. Энчилүү ат болжолу, лакап аттан улам келип чыккан. Тарыхый фольклордун маалыматтары бул уруктун түпкү атасы (Кудаяндын иниси) кыргыздардын Сыр-Дарыя тарапка жасаган жоортуулуна жетекчилик

www.bizdin.kg



кылгандыгын баяндайт (Абрамзон, 1960, Т.IV, 36). Этнонимдин параллели өзбек-катагандардан "томалак" формасында кездешет (Кармышева, 1976, 105).

**Тооке** - баргы уруусунун курамындагы урук(Абрамзон,131). Тооке -басыз уруусундагы ири уруктун энчилүү аты катары да маалым. Этнонимдердин параллели казактарда "тауке" формасында кездешет (Жанузаков 1982, 165).Бул ат менен Кара-Суу районундагы айылдын аталышы белгилүү (СГНК,1988,178).

**Токтобай** - дөөлөс уруусундагы ири уруктардын бири. Бул уруктун өкүлдөрү Ноокаттын Төөлөс айылдык өкмөтүнүн аймагын мекендешет. Антропоэтноним.

**Торбо** - кесек уруусунун курамындагы урук. Торбо түшт. 1. Дан салынуучу анчалык чоң эмес кап 2. (ат торбо) же элеси баштык (Юдахин, 753). Этнонимдин так мааниси аныктала элек.

**Торгой** - бугу, жетиген урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 131). Этникалык аталыштын параллели түркмөндөрдөн "торгай" формасында учурайт. С.Атаниязов этнонимдин келип чыгышында тотемизмдин таасири бар экендигин белгилейт (Атаниязов, 1988, 115).

**Торпок** - саяк, чапкылдыктар урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон,134).Торпок:1.Алты айдан бир жашка чейинки музоо;2. диал. Музоо, торпок (жалпы аталышы); 3. Аюунун мамалагынын бир жашка чейинки аталышы (Юдахин, 753-754). Лакаи этноним.

**Тору** - баргы, бөрү, черик урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 131). Тору - баргы уруусундагы эки уруктун (бакал, таз баргы) энчилүү аты катары белгилүү. Этнонимдин параллелдери алтайлыктарда "торо", казактарда "торы" формаларында кездешет (Баскаков., Тощакова, 1947, 218; Жанузаков, 1982, 173).

**Тору-Айгыр** - кыпчак уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 131).Тору-Айгыр - көл кылаасындагы топонимикалык (айыл аты) аталыштар катары да белгилүү (СГНК, 1988, 179). Этникалык аталыш VII к. кытай жыл баяндарында (Тан-шу) Си-цзе -"айгыр" формасында эскерилет (Зуев, 1960, 116).631-632 жж. бүтүндөй Борбордук Азияны каптаган оор жуттан алсыраган айгырлар уруулук бирикмеси сыирлардын бир бөлүгү (сы-йзе) менен Тан империясынын чектерине чукул көчүп ачарчылыктан баш калкалашкан. Айгырлар андан соң кытай жыл баяндарында дагы бир нече ирет эскерилет (Зуев 1960, 115-117).Бул байыркы этнокомпонент кыргыздардын курамына VII-IX кк. кеч эмес кирген деп болжол кылууга болот.

**Тору ойчу** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 131). "Тору" компоненти уланган урук аталыштары кыргыз этнонимиясында бир топ санда кездешет.Мисалы, тору айгыр (кыпчак), тору (кара багыш, баргы) ж.б. Этнонимдин параллели казактарда "торы" формасында бар (Жанузаков, 1982, 173). Этнонимдин экинчи компоненти "ойчу" - ой + чу: "ой"- түздүк, талаа, ойдуң (Юдахин, 561); -чы/-чу мүчөлөрү адамдардын кесибин, "кайдан", "кайсыл жерлик" экендигин аныктайт. Мисалы, каратегинчи, туманчы, кара мыкчы ж.б.у.с.

**Торук** - багыш уруусунун курамындагы урук. Этнникалык аталыш орто кылымдардан (XI-XII кк.) белгилүү. Дешт-и Кыпчак урууларынын (кыпчак уруулары) тилинде "toruk" кандаш туугандар, бнр атадан тарагандар маанисин аныктаган (Баскаков, 1984, 53). "Тарыг" хакас тилинде "тору" түсүн, "торых" сапаттуу эмес тери (кой териси) маанисин туюнтары маалым (Бутанаев, 1999,

www.bizdin.kg



150-151). Параллели түркмөндөрдөн “торрых” формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 118). Торук - Аксы жергесиндеги топонимикалык аталыш катары белгилүү. Этнотопоним (СГНК, 1988, 179).

**Торутай** - дөөлөс уруусундагы (гирей) кош тамганын курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 204). Этникалык аталыштын параллели казактарда бар (Жанузаков, 1982, 173).

**Тосой** - басыз, мундуз урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 131). Этнонимдин параллелинин “досой” формасында лакайлардын курамында бар экендиги маалым (Кармышева, 1976, 99-101).Тосой - Өзгөн районундагы айылдын аталышы катары да маалым. Этнотопоним.

**Тотугуш** - кандуы уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Урук аталышы лакап аттан келип чыгуусу ыктымал.

**Тотуя** - тынымсейит уруусундагы жаманактын курамындагы урук (Абрамзон, 131). Этнонимдин эзелки мааниси аныктала элек. Параллели Тотия формасында Көк-Арт өрөөнүндөгү айылдын аталышы катары маалым (СГНК, 1988, 179).

**Тубай** - саруу уруусунун курамындагы ири уруктардын бири (Абрамзон, 132). -й/-ай, -ый, -ой, -ей/ байыркы түрк дооруна таандык көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө. Этнонимдин оболку формасы туба(й) болуу керек жана тува/тыва, тубалар, (туба-кижи), тубиндер этникалык аталыштары менен жалпы кароого негиз бар. Этноним адегенде “дубо” формасында VI-VIII кк. азыркы Хубсугул көлү жана Енисей дарыяларынын ортолугундагы аймактарды байырлаган уруулук бирикменин энчилүү аты катары эскерилет (Потапов, 1969, 179; Сердобов, 1971, 36-37). Кытай жыл баяндарында “дубо-телелердин курамындагы өзгөчөлөнгөн уруу” деген маалыматтар бар (Кюнер, 292). Бүгүнкү тува (тыва) элинин энчилүү аты катары калыптанган байыркы “дубо” этноними Кытайдын Вей, Суй жана Тан (Тхан) династияларынын жыл баяндарында өтө кенен чагылдырылган (Сердобов, 1971, 39; Потапов, 1965, 189). Дуболор (дубо - кытай транскрипциясындагы туба этноними) кыргыздардан түштүк-чыгыш, уйгурлардан түндүк-батыш тараптарда жашашып, өз учурунда энесайлык кыргыздар менен алакалаш болуп турушканы анык (История Тувы, Т.I, 57-58). Дуболордун чарбачылыгынын негизин аңчылык, балык уулоочулук, жыйноочулук түзүп, айрым топтору мал чарбачылыгы менен күн көрүшкөн (Сердобов, 1971, 41). Рашид ад-Диндин “Тарыхтар жыйнагында” (“Жами ат-Таварих”) дуболор XII-XIII кк. Баргуджин Токум деген жерде кыргыздарга кошуна жашагандыктары (Тумат формасында) эскерилет (Рашид ад-Дин Т.I, Кн.I, 128). Аталган “тумат” этноними азыркы хакастардын курамында сакталып келет. Бүгүнкү хакастардын камлар (хампар) уруусунун курамына “тумат” жана “хыргыс” сөөктөрү (уруктары) кирет. Хакастардын тарыхый фольклорунда бул сөөктөр кыргыз элинин бир бөлүгү болушкандыктары чагылдырылган. Бул жер азыр да Тумат чазызы (“Туматтар талаасы”) деп аталып келет (Бутанаев, 1990, 80). Бул маселе боюнча изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн пикиринде дубо = тубо = туба уруулары оболу самодий (кет) тилдеринде сүйлөшкөн (Вайнштейн, 1970, 219; Потапов, 1969, 181-182). Тубалардын самодий тилдүү урууларга тектеш экендигин И.Георги, М.А. Кастрен, В.В. Радлов, П.Пелльо сыяктуу абройлуу иликтөөчүлөр да белгилешкен (Вайнштейн, 1970, 219). XVII-XVIII кк. карата Минусин ойдуңунда калган тубалардын (тубиндер) дээрлиги түрк тилинде сүйлөшүп калышкан. Эң кызыктуусу, орто кылымдардагы енисейлик кыргыздар (XVII-XVIII кк.) өзгөчөлөнгөн элитардуу Тубин (Туба) уругун түзүшкөнү белгилүү (Бутанаев,

www.bizdin.kg


1990, 58). Таанымал изилдөөчү Л.П. Потапов самодий тилдүү тубалар кыргыздар тарабынан түрктөшкөнүн далилдүү фактыларга таянып жазган (Потапов, 1972, 55). С.Вайнштейн XVII кк. тубиндердин энесайлык кыргыздар менен этногенетикалык жакындыктарын белгилейт. Ал эми ошол эле мезгилде орус булактары тубиндерди (туба) енисейлик кыргыздардын бир бөлүгү (Г. Миллер) экендигин баяндайт (Вайнштейн, 1961,34). Байыркы дуболор (тубалар) этнокомпоненти кийинки тува/тыва, алтайлык тубаларлар (йыш кижи), тофаларлар (карагастар), хакас-тубиндердин этногенезинде негиздүү роль ойногон десе болот, буга этнонимиялык аталыштардагы (кыргыздардагы "тубай" этнонимин эске алганда) окшоштуктар да мисал боло алары шексиз. Ошону менен бирге, байыркы бабаларыбыз жана XVП-XVIII кк. чейинки енисей кыргыздары да бул этникалык процесстен четте калбаган. Эзелки кыргыз-самодий тилдүү урууларды этникалык алакаларына бүгүнкү кыргыздардагы желдең, туматай, тума тукум (най-ман), тубай ж.б. сыяктуу уруу (урук) аттары далил боло алары бышык. Енисей кыргыздары түзгөн улуу мамлекетке көз каранды, салык төлөгөн элдер "кыштымдар" деп аталып, алардын бир бөлүгү самодий, кет тилдүү уруулар болгону маалым. Тубай этнокомпоненти кыргыздардын этникалык курамына Енисей доорунда (V-IX кк.) эле кирген десе болот. Анткени, бул урук курамына кирген саруулар кыргыздардын ичиндеги теги байыркы уруу болорун анын эн тамгалары, эзелки этнокомпоненттери далил боло алары анык. Этнонимдик айрым изилдөөчүлөр "токой", "бийиктик" маанисинде чечмелеп жүрүшөт (Вайнштейн, 1970, 218). Чынында эле, бүгүнкү алтайлыктардагы тубалардын йышкижи - "токой адамдар", "токой кишилери" деп аталышы кызыгууну жаратары шексиз. Анткени, этникалык аталыштардын келип чыгышына жаратылыштын табигый шарты жана рельефи да таасир бергендигин аныктаган фактылар кездешет.

**Тубар** - солто уруусунун курамындагы урук, топ (Абрамзон, 132). Антропоэтноним. Тубар. Кытай жибек кездемесинин түрү; Лакап этноним.

**Туйгун** - кыпчак уруусунун курамында. Туйгун 1. Ак шумкар; каса туйгун - чыныгы алгыр шумкар; 2. Баатырдын оң манилүү эпитети (Юдахин, 763). Этнонимдин чыгыш тегинде байыркы тотемдик негиз бар. Жырткыч канаттуу куштар эзелтеден сыйынуунун объектиси болуп келгендиги белгилүү. Легендарлуу Огуз каган өз тукумдарына таратып, тартуу кылган онгондордун (сыйынган, ыйык деп эсептелинген жаныбар, канаттулар) дээрлигин жырткыч куштар түзгөн. Уруктун мүчөлөрү онгон- канаттунун этин жешкен эмес (Бернштам, 1935, 37-38). Тотемизм - кандайдыр жаныбарга сыйынуу гана эмес, байыркы адамдардын диний түшүнүктөрүнүн системасы, ошол коомдогу укук нормалары болгон. Адамдар жаныбарлардын кайсынысына сыйынбашсын, өздөрүн ошол жаныбарлар менен каны бир туугандарбыз деп эсептешкен. Уруулук түшүнүктөрдүн жаңыдан калыптанып жаткан мезгилиндеги адамдардын кыялында этнографиялык тотем коомдо үстөмдүк кылган магиялык күч катары, коллективдин сактоочусу (покровитель), түпкү атасы (родоначальник) катары кабыл алына баштагандыгын изилдөөчүлөр тарабынан далилденип келет (караңыз: Вяткина, 1933, 55). Кыргыз этнонимиясында онгон-канаттууларга байланышкан энчилүү урук-уруу аталыштары бир топ санда кездешет. Мисалы, үкү (солто), жапалак (мунгуш), кыргый (жетиген), жагалмай(мунгуш), кара куш (баргы) ж.б.у.с.

**Туманчы** - найман уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллели байыркы кыргыздардын урпактары катары далилденип жаткан бүгүнкү сары уйгурлардын курамында "туман" формасында кездешет (Малов, 1957, 127). Мындан сырткары, этнонимди "туума/тума" урук аттары менен тектеш кароого

www.bizdin.kg


болот. Тума + н + чы; -н мүчөсү байыркы түрк-монгол тилдеринде көптүк маанини аныктагандыгы далилденген (Рамстедт, 1957; Котвич, 1962; Баскаков,1962; Бертагаев, 1974). -чы мүчөсү азыркы кыргыз тилинде "кайсыл жерден", "кайсыл жердик" деген маанини түшүндүрөт. Мисалы, каратегинчи (дөөлөс) ж.б. Арийне, этнонимдин негизинде топонимикалык аталыш да жатышы мүмкүн.

**Тумар** - жоокесек уруусунун курамындагы урук. Тумар - эт. амулет, талисман (Юдахин, 765). Лакап этноним.

**Туума кашка** - бугу уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллелдери кыргыздын найман уруусунан "туума тукум", түркмөндөрдөн "догма" формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 64). Этноним эки компоненттен туруп, теги Түштүк Сибирдин этникалык чөйрөсү менен байланышкан. Биринчи компонент "туума" - хакас тилинде "темир устанын колдоочусу, сактоочусу", кет тилдеринде "кара" маанисин түшүндүрөт (Бутанаев, 1986, 101; Дульзон, 1962, 25). Тума (+ т): компонентин XVIII к. энесай кыргыздары менен жамаатташ жашаган туматтар менен жакын кароого болот (караңыз: "кашка" этноними). Бүгүнкү хакастардын курамындагы качиндерде чыгыш теги байыркы кыргыздарга таандык "хасха" сөөгү (уругу) бар экендиги маалым (Бутанаев, 1990,22). Келтирген фактылар этнонимдин энесай кыргыздары менен байланышын тастыктайт.

**Туума тукум** - найман уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыштын биринчи компонентинин (туума) параллели түркмөндөрдөн "догма" формаларында кездешет. С.Атаниязов түркмөндөрдөгү "догма" этнонимине "күңдөн, токол аялдан туулган баладан тараган тукум, урук, уруу" деген аныктама берет (Атаниязов, 1988, 64). Арийне, этникалык аталышка илимий негиздүү так аныктама берүүгө болот. Тума - хакас тилинде "темир устанын сактоочусу, колдоочусу" дегенди туюнтса, кет тилдеринде "кара" маанисин түшүндүрөт (Бутанаев, 1999, 156; Дульзон, 1962, 25). Байыркы түрк каганы бир эле учурда башкы темир устанын функциясын да аткарган. Эзелки көчмөн түрк тилдүү элдерде темир уста шамандардын коомдогу таасири аябай күчтүү болгон (караңыз: Потапов, 1991, 123-125). Демек, байыркы кыргыздарда да шаман (кем) жана темир уста синонимдеш түшүнүктөр болгондугун байкоого болот. Шамандардын жана темир усталардын генетикалык-ритуалдык байланышын байыркы түрктөрдүн (кыргыздардагы) турмушундагы, чарбасындагы темир устанын ээлеген ордун тастыктайт (көрсөтүлгөн эмгек, 124). От менен байланышкан темир усталардын коомдогу кесиби ыйык эсептелип, замандардын түпкүрүнөн адамдардын эс-акылында жашап келе жаткан от кудайын чагылдырат. Туума тукумдарды байыркы кыргыз урууларынын бири катары кароого толук негиз бар. "Тумалар (тумат) Энисейдин жогорку агымындагы кыргыздар өлкөсүнүн чегинде (ичинде) жашашат" (Рашид ад-Дин, 1952, Т.I, Кн.II, 122). Туматтар XIII к. енисейлик кыргыздар менен тутумдаш жашагандыгы ырас. Бул жер тарыхый булактарда Баргуджин-Токум деп аталат (Караев,1994,57,58). Р.Г. Кузеев башкырлардагы тамьяндардын тарыхый мекенин деп Энесайдын жогорку агымын (Кичик-Хем) көрсөтөт (Кузеев, 1974,165-166). Башкыр-тумалар (тамьян - фонетикалык айрым өзгөрүүлөргө учураган формасы). Урал жана Волга дарыяларынын батыш тараптарына X к. кеч эмес тагыраак айтканда печенегдердин толкуну менен келишкен. Бул процесстин казак-тамалар менен да терең тарыхый-этникалык байланышы бар (көрсөтүлгөн эмгек, 166-б). Этникалык аталыштын параллелдери башкырларда - тамьян, казак, каракалпактарда «тама», өзбек-курамаларда «тама», лакайларда «кара тума», алтайлыктарда «тумат», «кара тума», туваларда, хакас-кызылдарда «тумат» формаларында кездешет (Кармышева, 1954, 23, Файзиев, 1963, 46; Потапов, 1969, 23; Бутанаев,

www.bizdin.kg



1999, 157). Бул параллелдүүлүктөр орто кылымдардагы “Кыргыз өлкөсүндөгү” тумалардын(тумат ”тума + т; -т көптүк маанини билдирүүчү сөз жасоочу мүчө) кийинки миграция болуу ареалын чагылдырат. Этникалык аталыштын мааниси, тумалардын оболку локалдашуусу, тарыхый булактардын баяндоолору, Саян-Алтай аймагындагы этнонимиялык, топонимикалык маалыматтар тумалардын (тумат) байыркы кыргыз урууларынын бири экендигин тастыктары шексиз.

**Төбөй** - сол канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 131).Академик Б.Ө. Орузбаева этнонимди “төө” маанисинде чечмелеп, сөз катары байыркы формасын (Tewaj) сактап калгандыгын белгилейт (Орузбаева, 1980, 78). Махмуд Кашгаринин “Сөздүгүндө” “tew”, “tewaj” формасында берилип, “төө” дегенди аныктайт (Махмуд Кашгари. Индекс-словарь, 259). Этнонимдин чыгыш теги Борбордук Азиядагы көпчүлүк көчмөн элдер ыйык жаныбар катары сыйынышкан төөгө байланыштуу келип чыккан десе болот (караңыз: Ак буура, Атан, Буурахан, Буурлар ж.б.) Этнонимдин параллелдери кыргыздын саруу уруусунда “тубай”, каракалпактарда “тубей”, казактарда “тобей” формаларында сакталып келет (Жданко, 1950, 35; Жанузаков, 1982, 173).

**Төңтөгөр** - кытай уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 132). Этнонимдин кыргыз тилиндеги мааниси азырынча белгисиз. Бурят-монгол тилдеринде “тонтогор” - “бийик”, “жоон сан” дегенди түшүндүрөт. (Бурят-монгольско-русский словарь, 1951, 441). Болжолу, этникалык аталыш башкы, чоң урук, уруу маанисин аныктайт.

**Төкө** -сары багыш уруусундагы жети кулдун курамындагы урук (Абрамзон С.М,ТКАЭЭ,Т.IV,36).Параллели саруу уруусунун курамында бар(Абрамзон, 131).

**Төкөлдөш** - солто уруусунун курамындагы урук. Бөлөкбай уругунун курамына кирген төкөлдөштөр С.М. Абрамзондун белгилөөсүндө теги кыргыз-кыпчактарга таандык (Абрамзон, 1960, Т, IV, 26). Учурда Бишкек шаарынын кварталдарынын бири Төкөлдөш деп аталат. Этнотопоним.

**Төлөбай** - баргы, жетиген (кыбал) урууларынын курамындагы уруктар (Абрамзон, 134). Антропоэтнонимдер. Параллели казактардын курамында бар (Жанузаков, 1982, 173).

**Төлөйкөн** - мунгуш уруусундагы ири уруктардын бири (Аттокуров, 1995, 86). Этнонимдин кыргыз тилиндеги мааниси азырынча чечмелене элек. Бирок, бурят-монгол тилдериндеги параллелдери бир топ кызыгууну пайда кылары шексиз. «Төөлейх» бур.-монг. 1. Койдун бышырылган башы; 2. Сөөмөй, колдун сөөмөйү (Бурят-монгольско-русский словарь, 1951, 445). Төлөй + көн; -хан/хэн/-хон/ мүчөлөрү бурят-монгол тилдеринде кичирейтип, эркелеткен маанини аныктаган сөздөргө жалганып айтылат (аталган эмгек, 837-б). Койдун бышырылган башы бүгүнкү моңголдордо сыйлуу, конок кишилерге тартылары маалым. Мүмкүн, бул энчилүү ат төлөйкөн уругунун мунгуштардын ичиндеги өзгөчө ээлеген абалына карата келип чыккандыр (Этнонимдин биринчи маанидеги чечмелениши). Болжолу, бул терминди кыргыздар өз учурунда колдонуп, кийинчерээк унутуп калышы мүмкүн. Этнонимдин параллелдери саяк уруусунда “түлөйкөн”, багыштарда “төлөйкөн” формаларында кездешет. Төлөйкөн - Араван, Кара Суу район-дорунун аймагындагы айыл аталыштары катары белгилүү. Этнотопонимдер (СГНК, 1988, 179).

**Төлөк** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 131). Этникалык аталыштын параллелдери багыш, саяк, солто, чекир саяк урууларында бар. Этнонимдин байыркы формасы теле=теле(к) болуусу мүмкүн. Л.П. Потапов телек толан, теленгут, телеут, түлүш этнонимдеринин келип чыгышын VI-VIII кк.

www.bizdin.kg



теле / телес / төлөс конфедерациясынын чөйрөсү менен байланыштырат (Потапов, 1969, 56-57). Эгерде телек, теленгит этнонимдерин, Төлөк сумонун (аймагын) байыркы теле, долонго (доланьгэ) урууларына аталыштарына салыштырып карасак, анда тувалардын бир бөлүгүнүн түпкү бабалары теле уруулары болуп чыгары анык (История Тувы.Т.I.1964,112). Байыркы теле / телес этнониминин параллелдери алтайлыктарда телеут, теленгит, туваларда телек, теленгит, кыргыздарда дөөлөс / төөлөс формаларында калыптанган. Хакастардагы тиилек (телег) уругунун (сөөгүнүн) чыгыш тегин изилдөөчүлөр тиилектерди Борбордук Азиянын жана Түштүк Сибирдин тарыхындагы эң байыркы этникалык аталыштарынын бири экендигин белгилешет. Мындан сырткары, "тиилег" (тилег) хакастардагы хызыл жана ызыр сөөктөрүнүн "төси"(онгону) болгондугу маалым (Бутанаев, 1990, 69). Ошону менен бирге, хакастар бир эле учурда теленгиттерди (алтайлыктарды) "тиилег" деген ат менен да аташат. Төлө + к. -к мүчөсүнүн чыгыш теги байыркы мезгилге таандык экендигин тарыхый эстеликтерде кездешкен кыпчак, кимак, кумук, созак өңдүү ж.б. энчилүү аттар аркылуу далилденет (Жанузаков, 1982, 116): -к мүчөсү көптүк санды билдирип, түрдүү этнонимдердин жасалышына катышат. Байыркы түрк тилдеринде бул сөз жасоочу мүчө өтө продуктивдүү колдонулган (Серебренников, Гаджиева, 1973, 88).

**Төмөн жете** - багыш уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995,60). Айрым санжыралык маалыматтарда генoним катары баяндалат. Этникалык аталыштын параллели Орто Азия түрктөрүнүн (Түштүк Тажикстан, Түштүк Өзбекстан) ичинен "овлади жетта" формасында кездешери маалым (Кармышева 1976,79). Этникалык аталыш бери болгондо XIV к. белгилүү. Чагатайларда моголистандыктар "жете" же "каракчы" деген ат менен таанымал болушкан (Караев, 1995, 44-45). XVI к. Мавераннахрдын чагатайларын көчмөндөр "караунас" (карагунас) - "аралаш тектүү", "таза тектүү эмес эл" деп аташса, ал эми чагатайлар өз кезегинде Жети-Суу тараптагы көчмөн урууларды ордого баш ийүүнү каалабаган эркиндиги үчүн "жете" же "эркин талап-тоноочулар" деген лакап ат менен аташканы маалым (Губаева, 1983, 71).

**Төмөн тамга** - кытай уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 131). Бул уруктар тобуна (Буудай жана Бөгөжү) генеалогиялык маалыматтарда 10 го жакын урук кирет. Мисалы, бөгөжү, кара текей, ногой, сары кытай, төрдөш, кара мыкчы ж. б. Башкырлардагы "катай", өзбек-катагандардагы "хытай", каракалпактардагы "ктай" урууларынын этногенетикалык байланыштарын уруулук эн тамгалардагы окшоштуктар айгинелей алары шексиз (караңыз: Кузеев,1974,225). Этнонимдин параллелдери саяк уруусунда "төмөн чекти", казактардын курамында "төменги шекти" формаларында кездешет (Абрамзон, 131; Жанузаков, 1982, 173).

**Төмөн тон** - мундуз уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллелдерин ушул эле уруудан "жогору тон", кытай уруусунан "төмөн тамга", саяк уруусунан "төмөн чектн" ж. б. формаларда кезиктирүүгө болот. Этнонимдин экинчи компоненти байыркы "тон" термини менен байланышкан. Алтайлыктардын курамынан төмөнкү этнонимиялык параллелдерди мисал катары келтирүүгө болот: алтай-кижилерде "тонжон", "туу тонжон", "чарлызак тонжон", теленгиттерде "тонжон", туба-кижилерде "тонду", кумандыларда "тон" (Баскаков, 1985, 21-22). Бул урукту курамына камтыган мундуз уруусунун параллели алтай-кижилерден "кочкор мундус", "чеберек мундус", "чулум мундус" түрүндө кездешерин эске алсак, жогорудагы окшоштуктар этникалык алакаларга факт болуп калат. Муну мундуз уруусунун аталган аймактагы этникалык чөйрө менен генетикалык тыгыз байланышынын далили катары кароого болот.

 www.bizdin.kg

**Төмөн чекти** - саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 131). Этнонимдин параллели казактардын уруулук курамынан "төменги шекти" формасында кездешери маалым (Жанузаков, 1982, 173). Изилдөөчүлөр этнонимдин уруулук эн тамганын түзүлүшүнө, атына байланыштуу келип чыккандыгын белгилешет (Молдобаев, 1995, 143).

**Төр уулу** - багыш уруусунун курамындагы урук. Лакаи этноним.

**Төрдөш** - кытай уруусундагы төмөн тамганын курамындагы урук (Абрамзон, 132). Этнонимдин параллелдери алтайлыктардын (алтай кижи жана теленгиттер) курамдарынан "төдөш" формасында кездешет (Баскаков., Тощакова, 1947, 217). С.М. Абрамзон "төрдөш" этнонимин байыркы кытай булактарында жана таш бетиндеги жазууларда (эпитафий эстеликтери) чагылдырылган тардуштар менен (тардуш этноними) жалпылыкта карайт (Абрамзон, 1990, 65). Тардуштар алгач, кытай жыл баяндарында "Янь-то" формасында VII к. тартып эскерилет. Чыгыш теги теле урууларынан болгон тардуштар VII к. Түрк каганатына баш ийип калышкан (Зуев, 1960, 106-108). 628-638 жж. саясий аренада башы көтөрүлгөн тардуштардын бийлиги күчөп, 648-ж. чейин кыргыздар аларга убактылуу көз каранды абалда болушканы маалым (Бернштам, 1991, 264). Арийне бул маселе айрым тактоолорго түзөтүүлөргө арзыйт. Анткени, 634-ж. кыргыздар Тан императорунун сарайына Кытайдан келген элчиликке жооп иретинде атайын ыйгарымдуу элчилик жиберген. Жазган жооп катында Кытайдын Тан императору кыргыз каганына мамлекет башчысы экендигин жана өзүнүн терең урматтоону аныктаган салам-дубайын жолдогон. Бул мезгилде (VII к.) кыргыздар өз мамлекеттүүлүгүнө ээ болушканы анык. А.Н. Бернштам да ушул көз карашка токтолот (Бернштам, 1991, 265). Аталган уруулук бирикме (тардуштар) сирлер менен бирге (сир-тардуштар ", "се-янь-то"), Өтүкөн (Otuqen) тоолоруна жамаатташ жерлерди байырлашкан (Зуев, 1960, 107). "Тардуш" терминин мааниси байыркы түрктөрдө "батыш - оң канат", "батыш бөлүгү" дегенди аныктаган (Абрамзон, 1990, 65). Билге кагандын аскерлеринин оң канатын тардуштар түзгөндүгү маалым (Кляшторный, 1964, 138). Ю.А. Зуев бир катар изилдөөлөрдүн негизинде тарду(о)-ш; -ш көптүк маанини аныктаган мүчө деген жыйынтыкка келет (Зуев, 1960, 108). Мындан сырткары, Орхондогу рун жазма эстеликтеринде өтө кызыктуу маалыматтар бар. Мисалы, 732-ж. Күл Тегинди көмүү азаасына өкүл катары "... Түргөш каганынан Макарач, ... кыргыз каганынан күмбөз куруучу, эстелик ташка жазуу (тамга) салуучу Тардуш Ынанчу-Чур келди" - деп баяндалат (Кляшторный, 1964, 126). Могилян (Билге) каганга арналып тургузулган эстеликте: "Кул Чур баш болгон Тардуш бектер ..., Төөлөс бектер мени колдогон"-деген эскерүү бар (Орхон-Енисей текстери 1982, 110-б.,). Моюн Чурдун эстелигинде (756-767 жж.): "... эки уулума йабгу шад деген наам бердим, мен аларды башкаруу үчүн тардуш, төөлөс журтуна бердим" - деп баяндалат (Орхон-Енисей текстери, 1982, 128). Этноним кыргыздардын курамына "төрдөш" формасында кирген десе болот. Болжолу, тардуштар дал ушул мезгилде кыргыздарга баш ийип турушкан. Анткени, эстеликтеги "... кыргыз каганынан тамгачы Тардуш Ынанчу Чур келди"-деген маалымат жөн жерден айтылбашы анык.

**Төрт кара** - кытай уруусундагы төңтөгөрдүн курамындагы урук (Абрамзон, 132). Этнонимдин параллели лакайларда "төрт уул" формасында кездешет (Кармышева, 1954, 11). Алтайлыктардын курамында (теленгит, ач-кыштым) бул этнонимдин параллели "төрт ас" формасында сакталып келет (Баскаков., Тощакова, 1947, 218).

**Төрт таз** - солто уруусуиун курамындагы урук (Абрамзон, 132). Парал-

www.bizdin.kg



лелдери лакайларда "төрт уул", алтайлыктарда (теленгит, ач кыштым) "төрт ас" формаларында кездешери аныкталган (Кармышева, 1954, 11; Баскаков., Тощакова,1947,218). "Төрт"- орто кылымдардагы кыпчактарда (Дешт-и Кыпчак түрк уруулары) этникалык аталыш болгондугун орус жыл баяндары чагылдырат (Баскаков, 1984, 65).

**Төрт төлөк** - солто уруусундагы талкандын курамындагы урук (Абрамзон, 1960, 132). Этноним лексика-семантикалык жактан этникалык компоненттердин санын аныктап турат. Урук аталышынын экинчи компонентинин чыгыш теги (төлөк) байыркы теле /телес /төлөс этнонимдери менен байланышта (караңыз: төлөк этноними).

**Төрө** - коңурат уруусунун курамындагы урук, топ. Антропоэтноним. Параллели казактардын курамынан "торе" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 173).

**Төө каңдат** - кушчу уруусунун курамындагы урук. Каңда - жука темирден (какылтырдан) жасалган идиштин же башка буюмдардын жыртык-тешиктерин калай менен данакерлеп бүтөө (КТТС, 462). Болжолу, этноним адамдардын, топтун, уруктун кесибине, ишмердүүлүгүнө байланыштуу келип чыккан.

**Төөчү** - кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,132). Этникалык аталыш адамдардын кесибине байланыштуу келип чыккан. Параллелдери төркмөндөрдүн курамында "түйе" формасында кездешет (Атаниязов, 1988,65).

**Түгөл** - чекир саяк, сары багыш урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 132). Параллели кыргыздын басыз уруусунун курамынан "түгөл бука" формасында бар экендиги маалым. Энчилүү ат казактарда "түгөл" формасында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 173).

**Түгөл же Түгөл аксуулук (аксуулук Түгөл).** Геноним. Айрым санжыралык маалыматтарда басыз жана мундуз урууларынын түпкү легендарлуу аталары катары баяндалат. С.М. Абрамзондун пикиринде геноним Чыгыш Түркстандындагы кыргыздар байырлаган Аксуу топоними менен байланышкан (Абрамзон, 1990, 68). Чындыгында, аталган кеңири аймактарда кыргыздардын орто кылымдардагы тарыхына тамырлаш Манас, Каратал ж.б. жер-суу аттары арбын кездешет. Генонимдин параллелдери басыз уруусунан - "түгөл бука", сары багыш уруусунан - "түгөл" формаларында учурайт (Абрамзон, 132).

**Түктүү курт** - саруу уруусунун курамындагы уруктун аталышы (караңыз: "кызыл курт" этноними).

**Түлкү** - коңурат, нойгут урууларынын курамдарындагы уруктар. Этнонимдин параллели түркмөндөрдө "тилки" формасында кездешет. С.Атаниязовдун пикиринде этнонимдин келип чыгышында тотемдик негиз жатат (Атаниязов, 1988,113). Түлкү - сары багыш уруусунун курамындагы антропоэтноним катары белгилүү (Абрамзон, 132).

**Түлкүчөк** - суу мурун уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 132). Этнонимдин параллелдери өзбек-катагандарда жана түркмөндөрдүн курамдарында бар (Кармышева, 1976,105; Атаниязов, 1988, 113).

**Түлөөберди** - бугу уруусунун курамындагы урук, топ (Абрамзон, 132). Этнонимдин параллели түлөөберди (сары багыш), түлөөлү (баргы), түлөөгул (бугу) ж.б. формаларда кездешет. Бүгүнкү Минуссин ойдуңуна туташ жашаган шорлордо да "тюлбер" аттуу уруктун бар экендиги маалым. Түлөө: 1. Түлөө, түлөп түшкөн малдын жүнү; 2. Тилек кылуу, каалоо, өтүнүч, сураныч; 3.

www.bizdin.kg



этногр. Курмандык чалуу, түлөө өткөрүү маанисин түшүндүрөт. Этнонимдин чыгыш теги байыркы Енисей (Минусин) аймагына таандык. В.В. Радлов IX к. кыргыздар мекендей баштаган азыркы Тувадан (Уюк жана Туран дарыяларынын ортолугу) табылган таштагы жазуудан түлүбер / тюлбер деген этникалык аталышты чечмелеп окуп чыккан. Окумуштуу тюлбер этнонимин енисейлик кыргыздардын уруулук аталыштарынын бири катары карайт. Эстелик-эпитафий Кыргыз каганатындагы жогорку даражалуу бийлик адамы Учин Күлүк-Тиригке арналганы маалым (Потапов, 1972, 146). Тюберлер X к. азыркы Тувапын түндүк аймактарында, Минусин ойдуңуна жамаатташ жерлерде көчүп-конуп жүрүшкөн (Потапов, 1972, 160). Л.Р. Кызласов эпитафиялык эстеликтердеги эн тамгалардагы параллелдерге таянып, IX к. тюлберлер Минусин ойдуңунан азыркы Тувага кыргыздардын уйгурларга жасалган чабуулунда көчүп келишкенин белгилейт (Кызласов, 1960, -№3, 107-111). Түрк окумуштуусу Х.Н. Оркун, А.Н. Бернштам, С.Е. Маловдор “Тюлбер-хан, ханга берилүүчү белек, атайын төлөнгөн салык” маанисинде чечмелешет (Бернштам, 1946, 155; Малов, 1952, 19). Бирок, бул көз карашты айрым изилдөөчүлөрдүн айткан пикирлери, илимий тыянактары төгүндөп тургансыйт. Г.Ф. Миллер өз эмгегинде томдук казак-орустарга 1616-ж. салык төлөгөн “Тюльбер волосту” жөнүндөгү маалыматты берет (Миллер Г.Ф. История Сибири, Т.I, 1937, 321). Бул факт таштагы чегерилген байыркы кыргыздарга таандык этникалык аталыш менен дал келет. XVII-XVIII кк. тюльберлер Кузнецк шаарына жакын Том дарыясына жамаатташ жерлерди байырлашкан. Айрым орус тилдүү документтерде тюльберлер “тюлюберди”(түлүберди) деген формада чагылдырылат (Потапов, 1972, 153). Тюльберлердин каада-салтын, жашоо-турмушун көрүп, күбө болгондор телеут, алтай (түштүк алтайлар), качин, батыш тувалыктарга этногенетикалык жалпылыкта деген назар салышат (Потапов, 1972, 153). Кыргыздардын телеут, түштүк алтайлыктар, хакастар, тувалардын айрым этнографиялык топтору менен этнографиялык жалпылыктары аныкталган. Л.П. Потанов XVII-XVIII кк. тюльберлер (И.Георги “тюльберти” деп атайт) IX-X кк. таштагы жазууларда эскерилген тюльберлердин тукумдары экендигин, дини шаман, теги телеуттарга жакындыгын белгнлейт. Тюльбер = түлбер = тюлберти варианттарында берилген этнонимди бүгнкү кыргыздардын түлөөберди, түлөөлү ж.б. уруктары менен параллел кароого толук негиз бар. Демек, жогорку маалыматтардан улам, тюлберлер (түльберлер) енисей кыргыздарынын бир уруулук бирикмеси болгон деген тыянак чыгарууга болот.

**Түмөн** - мунгуш уруусунун курамындагы урук. Түмөн - сансыз көп, миң сан, он миң (КТТС, 629). Түмөн “он миң”, “он миң аскер коюуга кудурети жеткен область, аймак, эл” (Радлов В.В, Т.III, 1602-1608; Малов, 1959, 629). Түрк-монгол тилдүү уруулардын орто кылымдардагы уруулук бирикмелери негизги сокку уруучу аскердик бирдиктер - түмөндөргө бөлүнүшкөн. Бул аскердик бирдик - он миң (бир түмөн) жоокерден турган. Параллелдери казактардын жана сары уйгурлардын (сарыг югур) курамдарынан кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 173; Малов, 1957, 115).

**Түнгатар** - саяк уруусундагы кабанын курамындагы урук (Абрамзон,132). Этнонимдин параллели казак жана башкырлардын уруулук курамдарында бар экендиги маалым (Жанузаков,1982,173; Кузеев,1974,196). Түнгатар - “түнкү нөөкөр” маанисин туюнтат. Р.Г.Кузеев башкырлардагы ай, кудей, эт эмген (ит эмген) жана түнгатар уруктарынын тегин Орто Азиянын этникалык чөйрөсү менен байланышта караган пикирин айтат (Кузеев, 1974,196, 268, 269). Демек, этноним байыркы аскер терминининин таасири астында калыптанган деген тыянакты айтууга болот.

www.bizdin.kg



**Түркмөн** - кандды уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 208). Этнонимди "түркмөн" макроэтноними (түркмөндөр) менен параллел кароого болот. Этникалык аталыш тарыхый булактарда VIII к. баш чендеринде эскериле баштайт (Атаниязов,1988,116-117). Айрым изилдөөчүлөр "түркмөн" этнонимин "түрк" же "түркке окшош" маанисинде чечмелеп жүрүшөт. Түркмөн-огуздар азыркы байырлаган аймактарда IX-XI кк. көчүп өтүшкөн жана өтө кенен ареалга тарап кетишкени маалым. Түрк тилдеринин генеалогиялык классификациясында түркмөндөр батыш хунну группасынын огуз тилдеринин тобунда сүйлөшөт (Баскаков, 1962, 206). Түркмөндөр Афганистандан, Иран, Сирия, Ирак, Түркия, Өзбекстан, Казакстан, Россия ж.б. жерлерде да бир кыйла санда, компактуу жашашат.Чет өлкөдөгү түркмөндөрдүн болжолдуу саны 10 млн. кишиден ашат. Кыргыз-түркмөн (огуз) этникалык алакалары IX-XI кк. өтө активдүү жүргөн. Буга кыргыз-түркмөн этнонимиясындагы 187 параллель далил боло алары шексиз (Каратаев О.К. Рукоиись канд. дисс..., 1994, 117). Каңды уруусундагы "түркмөн" этноними байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз-огуз этногенетикалык жана этномаданий алакаларын чагылдырат десек толук болот.

**Түрктоо (түрктоу)** - кесек уруусунун курамындагы урук. Этнонимди төмөнкү мааниде чечмелөөгө болот. Кытайлар Чыгыш Түркстандын мусулман-түрктөрүн "чантоу" деп аташкан. "Чан" - чалма "тоу" - баш, тагыраак айтканда "чалма кийгендер" маанисин түшүндүрөт (караңыз: Малов, 1957, 140). "Түрк"-түрк, тоу-"баш"; Этноним "мусулман-түрк" маанисин берет десе болот.

**Тынай** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 132). Антропоэтноним. Тынай бий - кыргыз тарыхындагы белгилүү инсан болгондугу маалым.

**Тынымсейит** - оң канаттагы уруулардын бири (Абрамзон). Айрым информаторлор тынымсейиттерди генеологиялык жактан бугу уруусунун курамына кошуп жүрүшөт. Бирок, информаторлордун басымдуу көпчүлүгү бул уруунун өкүлдөрүн, тынымсейиттерди өз алдынча уруу экендигин белгилешет. С.М. Абрамзон изилдөөлөрөндө тынымсейиттерди өз алдынча уруу деп жазат (Абрамзон, 1960, Т.IV, 19-20). В.В. Радлов бугу уруусу жөнүндө берген маалыматтарында тынымсейиттер жөнүндө эскербейт. Ал эми Ч.В. Валиханов бул уруунун чыгыш тегинин Батыш Кытай менен терең байланышы жөнүндөгү пикирин айтат(Абрамзон, 1960, Т.IV, 19-20).

**Тырайма** - мундуз уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 163). Этноним уруктун түпкү уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 163). Этноним уруктун түпкү энесине коюлган лакап аттан улам келип чыккандыгын санжыралык маалыматтар тастыктайт (А.Тургунбаев 74 жашта, уруусу мундуз, Базар-Коргон району).

**Тээке** - мунгуш уруусунун курамындагы ири уруктардын бири. Тээке - байыркы түрк тилинде "шаман" деген маанини аныктаган (ДТС, 121). Саян-Алтайда монгол тилдүү элдер сыяктуу эле кыргыздар шаман динин аздектеп, ага сыйынып келишкени маалым. Бул диндин айрым ритуалдык компоненттери бүгүнкү күнү да жашап келерин билебиз. Шаман дини Саян-Алтай элдеринде табигый жана тарыхый жол менен өнүгүп олтуруп калыптанган (Потапов,1991, 84 -85). "Шаман" термини илимий айлампага өткөн кылымдарда изилдөөчүлөр тарабынан тунгус-манчжур тилдеринен алынып киргизилген. Бул термин шамандардын иеархиялык кызмат титулун аныктаган. Байыркы кыргыздарда шаман "кам" деген ат менен белгилүү болгондугун кытай жана мусулман жазма булактары тастыктайт. Кыргыздардын бир бөлүгү Теңир-Тоону биротоло мекендеген

www.bizdin.kg



соң, бул иерархиялык - диний термин “бакшы” (санскритче -“бахши”, кытайча -“баоши”) деген түшүнүк менен алмашышы мүмкүн. “Тээке”- шаман дининдеги иеархиялык - башкаруу терминин да аныкташы ыктымал. Тэх - монгол тилинде “жанайы тоо текеси” дегенди туюнтат (Монгол орос толь, 1957, 444). Тээке - Кара-Суу районундагы айылдын аталышы катары да белгилүү. Этнотопоним (СГНК, 1988, 186).

# У

**Узун жете** - багыш уруусундагы (бадам) уруктар тобунун аталышы (Аттокуров, 1995, 60). Бул уруктар тобуна төмөнкүлөр кирет: 1.чыгар; 2.төбөй; 3. чоткара. Этникалык аталыштын параллели Орто Азиялык түрктөрдүн (Түштүк Тажикстан, Түштүк Өзбекстан) “овлади жетта” формасында кездешери маалым (Кармышева, 1976, 79). Этноним бери болгондо, XIV-XVI кк. белгилүү. Чагатайларда моголистандыктар “жете” же “каракчы”, “талап-тоноочулар” деген ат менен маалым болушкан (Караев, 1995, 44-45). XVI к. Мавераннахрдын чагатайларын көчмөндөр “караунас” (карагунас) - “аралаш тектүү”, “таза тектүү эмес эл” аташса, ал эми чагатайлар өз кезегинде Жети-Суу тараптагы көчмөн урууларды ордого баш ийүүнү каалабаган эркиндиги үчүн “жете” же “эркин талап-тоноочулар” деген лакап ат менен аташканы маалым (Губаева, 1983,71).

**Уйгур** - мунгуш, тейит урууларынын курамдарындагы уруктар. Этнонимдер кыргыз-уйгур алакаларын чагылдырары шексиз (Абрамзон, 1990, 54). Каратегиндик кыргыздардын ичинде да ушул эле ат менен уруктун аталышы белгилүү. Санжырачылар бул уруктун тегин кыдырша, каңды, нойгуттар менен жалпы карашат (аталган эмгек, 54-б.). Учурда бул энчилүү ат менен Кытай Эл Республикасында жашаган ири этнос белгилүү. Кыргыздардын жана уйгурлардын ортосундагы этникалык-маданий, саясий-экономикалык жана маданий байланыштар VIII-IX кк. жүрүп келет. Уйгурлардын түпкү ата-бабалары чиди, динлиндер болушкан, алар кийинчерээк “гаогюй”, “теле” деген ат менен тарыхка кириштти. VI к. төрт телес уруулары (юаньхэ, пугу, тунло, баегу) юаньхэ уруусунун айланасында урую союзун түзүшүн, хуйхэ деген ат менен белгилүү боло баштаган (Краткая история уйгуров, 1995, 11). VI к. 30 ж. күч ала баштаган Түрк каганатына, 609-жылдан Чыгыш түрк каганатына баш ийип калышат. 618-жылдан түптөлө баштаган Тан династиясы менен алкалаш, союздаш, айрым учурларда согушуп турушкан. Уйгурлар тогуз-огуз конфедерациясынын курамына кирген мезгилдер да болгон. 744-жылы Чыгыш Түрк каганатынын урандысында борбору Орду Балык (Хара Балгас шаар чалдыбары) шаары болгон Уйгур каганаты түзүлөт (аталган эмгек, 106-б.,). 746-жылы Пэйло дүйнөдөн кайткандан соң, такка Моюн Чур олтурган. 756-жылы уйгурлар чиктерди, кидандарды, 758-жылы кыргыздарды баш ийдиришет (Чороев, 1988, 181). Кыргыздар уйгурларга формалдуу гана көз каранды болушкан жана иш жүзүндө көз каранды эмес ички жана тышкы саясатты жүргүзүшкөн. Айрым даректүү маалыматтардагы кыргыз жана уйгур чектеринин ортолугу салт атчан эки айлык жол экендиги буга далил боло алары анык. IX к. баш чендеринен Борбордук Азиянын согуштук-саясий аренасында кыргыздар күч ала баштайт. 820-жылы кыргыз Ажосу (Ажю) өз аскерлери менен уйгурларга каршы согуштук аракеттерди баштады. Жыйырма жылга созулган согуш кыргыздардын толук жеңиши менен аяктады. Бул 840-жыл болучу. 100 000 кыргыз аскери Гюйлу Мохэнин (Кюлүг Бага Тарган) жетекчилиги менен уйгурлардын борборун басып алын, өрттөп жиберишти (Краткая история уйгуров, 115). Өз жеринен кыргыздар

www.bizdin.kg



тарабынан (азыркы Моңголиянын аймагы) сүрүлгөн уйгурлардын бир бөлүгү Гоби чөлү аркылуу Кытайга (Хуаньхэ дарыясынын башталышы) көчүп өтүштү, экинчи бир бөлүгү чыгыш тарапа ооп, калган айрым бөлүгү азыркы Чыгыш Түркстанга баш калкалашкан. Азыркы Чыгыш Түркстанга аймакка журт которгон уруулар кийинки уйгур этносунун калыптанышына олуттуу роль ойношту. Тарыхый жаңы түзүлгөн кырдаалда айрым уйгур уруулары кыргыздардын курамына жуурулушту. Буга кыргыздарга тарыхый-этникалык жакындыгы далилденип жаткан бүгүнкү сары уйгурлар мисал боло алары шексиз.

**Уйгур булга** – каңды уруусунун курамындагы урук. Хакас тилинде "булгах" (алт. булга): 1. Мамлекеттик төңкөрүш; 2. Элдик толкундоолор (Бутанаев, 1989, 96). Параллели казактарда "булгаши" формасында кездешери аныкталган (Тынышпаев, 1925, 9).

**Уйгур тейит** – тейит уруусунун курамындагы ири уруктун аталышы (Абрамзон, 1990, 54). С.М. Абрамзондун пикиринде тейиттердин курамындагы "уйгур" этноними байыркы кыргыз-уйгур этникалык алакаларын чагылдырат. Санжыралык маалыматтар уйгур-тейиттердин кыдырша уруусу менен теги жакындыгын аныктайт (көрсөтүлгөн эмгек, 54 бет). Этнонимдин параллели казактардан "уйгур-найман" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 173).

**Уйлар** - каңды уруусунун курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 208). Уй - эзелтеден адамдардын тотемистик ишеничтерин аныктап келери ырас. Гардизи байыркы кыргыздардын бүркүт, кирпи, сагызган жана уйга сыйыншарын жазган (Абрамзон, 1946, 143). Этнонимдин чыгыш тегинин байыркылыгын бир катар илимий изилдөөлөр далилдеп келет. Буга монгол тилдүү элдердин адамдардын кыялында түшүмдүүлүктүн, молчулуктун, бейкут турмуштун символу катары жашап келет (Мифы народов мира. Энциклопедия, Т.II, 5).

**Улаан** - коңурат уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 133). Кыргыз монголтаануучусу С.Сыдыковдун пикнринде "улаан" сөзү кыргыз лексикасына монгол тилдеринен келип кирген жана "кызыл", "жээрде" деген маанини аныктайт (Сыдыков, 1992, 96). Жаныбарлардын, өзгөчө жылкынын өңтүсүнө карата айтылышы мүмкүн. Шор тилинде "улан" дан сакталуучу үкөктү туюнтат (Бутанаев, 1999, 163).

**Улуу катын** - мунгуш уруусунун курамындагы (кош тамга) ири уруктун аталышы (Аттокуров, 1995, 87). Этнонимдин биринчи бөлүгү этникалык компоненттин даражасын аныктайт. Орто кылымдардагы түрк-монгол династияларында тектүү жерден чыккан аялдарга, ханышаларга өз аттарына "хатун" ("катун") термини жалганып айтылган. Бул термин улуу даражалуулукту, тектүүлүктү аныктап турчу (Монгол орос толь, 1957, 519). Сары уйгурларда "катын" тектүү жерден чыккан аял, бийик даражалуу чиновниктин аялы маанисин туюнтат (Малов, 1957, 56). Туваларда "кадын" сөзү "падыша аял", "ханыша" дегенди туюнткан (Тувинско-русский словарь, 1968, 217). Бул сөз кыргыздарда "улуу аял", "байбиче" маанисин да түшүндүргөн. Улуу Катын - Ноокат районундагы айылдын аталышы катары белгилүү. Этнотопоним.

**Улуу кыйра** - моңолдор уруусундагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 132). Фратриалдык энчилүү аттын так мааниси азырынча аныктала элек. Ушул эле уруудан "бала кыйра" аттуу уруктар тобунун аталышын кездештирүүгө болот.

**Уман каңды** – каңды уруусунун курамындагы ири уруктардын бири. Этнонимдин так мааниси азырынча чечмелене элек. Болжолу, энчилүү ат топонимикалык аталыштан улам келип чыккан.

www.bizdin.kg



**Уранхайлар** - тынымсейит уруусунун курамындагы урук. Бул уруктун чыгыш тегин Борбордук Азия менен байланыштыруу зарыл."Уранхайлар" деген ат менен тувалар (тубалар), саха-якуттар, Түндүк-Батыш Монголиянын түрк тилдүү этностору белгилүү. Көпчүлүк тарыхый булактар"уранхай" байыркы түрк-монгол этникалык чөйрөсүнө таандык этноним экенин далилдейт (Вайнштейн, 1961, 30). Уранхай (байыркы монгол тилинде- "Хурэнхэй") этнониминин түпкү мааниси "суук, табийгаты катаал аймактын адамы", тагыраак айтканда "биздин тилди түшүнбөгөндөр" деген маанини аныктайт (Николаев, 1973, 194-195). "Уранхай" терминин якуттардагы "тонг жон" - "биздин тилди түшүнбөгөндөр", "тили буруулар" деген сөздүн калькасы катары кароо зарыл (аталган эмгек, 194-195 беттер). Тарыхта бир этнос экинчи бир этноско ат берген учурлар (экзоэтноним) арбын кездешери маалым. "Алтан Тобчиде" уранхайлар монголдордун мифологиялык түпкү ата-бабалары менен бир мезгилде эскерилет. Рашид ад-Дин уранхайларды эки топко бөлөт: токой уранхайлары жана түздүктөгү уранхайлар. Токой уранхайлары кори, тумат, баргуттарга жакын (Баргуджин-Токум) аймактарды байырлашат. Автор уранхайларды Кыян жана Нөкүстөн таралып, насили моңгол урууларынан эмес экендигин белгилейт (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 156). Демек, XII-XIV кк. монголдордо азыркы Моңголиядан түндүктө жайгашкан түркий тилдүү элдер, уруулар жалпылыгынан "уранхайлар" деген ат менен белгилүү болгон. Уранхайларда моңголдошуу процесси кийинки мезгилдерде тездик менен жүргөндүгүн Н.А. Аристов да белгилеген (Аристов 1894, 345). Бул монгол тилдүү уруулардын аталган аймакка миграцияларын чагылдырат. Ал эми XVIII-XIX кк. тартып, моңголдор туваларды гана "уранхай" деп атагандыктары анык (Аристов, 1894, 345). Бул этникалык аталыш монгол тилдүү ж.б. элдерде да кеңири тараган. Мисалы, "уранхай" деген урук аталышы буряттардын этнонимиялык системасында беш ирет, Волгалык калмактарда бир ирет кайталанат. Ал эми якуттар салтанаттуу учурларда өздөрүн "урянхай-сахалар" деп аташат. Бул якуттарды байыркы "урянкат" уруулары менен байланыштырып, бул элдин этногенезиндеги түштүк компонентин айкындайт. С.И. Вайнштейндин пикиринде уранхайлар (болжолу, тувалардын ата-бабалары) өз алдынча (XIII к. башы) ири уруулук бирикме болгон (Вайнштейн, 1961,31). Ушул мезгилдерде урянхаттар (уранхайлар) менен моңгол урууларынын айрым бөлүктөрү жуурулушкан десе болот. Буга моңголдордун курамындагы "урянхай" этноними мисал боло алат (Лебедева, 1958, 224). Көпчүлүк булактарда азыркы тувалар жана аларга жамаатташ жашаган элдер, уруулар уранхайлар , бул аймак "Уранхай жергеси" деп аталат (караңыз:Аристов,1894,348-349; Вайнштейн, 1961,31). "Уранхай" этнокомпоненти кыргыздардын курамына X- XIII кк. кеч эмес кирген десек болот. Анткени, байыркы кыргыздар жалпы негизден "уранхайлар" деп аталган уруулар (бүгүнкү тувалар ж.б. ата-бабалары) менен узак убакыттар бою жамаатташ, алакалаш жашашканы маалым. Мүмкүн, уранхайлар өз учурунда энесай кыргыздарынын да этностук курамына кирген. Буга кыргыздар менен этногенетикалык жалпылыктары далилденип келе жаткан сары уйгурлардагы (сарыг югур) "ораңгат" этноними да далил боло алат(Малов, 1957, 82).

**Ургу** - каңды уруусуну курамындагы урук (Аттокуров, 1995, 208). Этнонимдин параллели "оргу" формасында ичкиликтер уруулук тобундагы ири уруунун аталышы катары белгилүү. Азыркы Тоджу-Тувада (Тува республикасы) Оргу аттуу топоним бар экендиги маалым (Вайнштейн, 1961, 40). Махмуд Кашгари "Сөздүктө" Аргу топоними жөнүндө маалымат берет (Махмуд Кашгари, Т.I, 148). Эң кызыктуусу, кыргыздарга этногенетикалык жакындыгы аныкталган бүгүнкү сары уйгурларда (сарыг югур) "өргө" аттуу урук аталышы

www.bizdin.kg



бар (Малов, 1957, 84). Бул фактылар этникалык аталыштын кыргыздардын курамында енисей доорунан белгилүү экендигинен кабар берет. Анткени, Энесайдагы Улуу Кыргыз каганатынын курамына кирген азыркы Туванын аймагында Оргу топониминин, IX-X кк. кыргыздардын айрым бөлүктөрү жетип, жуурулушкан сары уйгурларда "Өрге" этнониминин сакталып келиши биздин пикирибиздин туура экендигин тастыктайт. «Оргы» хакас тилинде бугу, марал маанисин туюнтат (Бутанаев, 1999, 74). Этнониминин баштапкы маанисинин тотемизм менен да байланышы болуусу мүмкүн (караңыз: оргу этноними).

**Уста** - ават уруусунун курамындагы урук. Уста - өз ишин билүүгө жетишкен кылдат адис (КТТС, 649). Этникалык аталыштын параллели өзбек-дүрмөндөрдүн курамында бар экендигип маалым (Кармышева, 1976, 108). Бул сөз жыгач уста менен темир уста деген маанини да аныктайт. Темир устанын байыркы түрктөрдөгү (кыргыздардагы), өзгөчө шаман динин тутунган элдердеги коомдук турмуштагы ээлеген ролу өтө салмактуу болгондугун ырастаган булактар бар. Тарыхый маалыматтарга караганда, байыркы Түрк Каганатындагы мамлекеттик бийликте кесиби темир уста шамандардын коомдогу таасири өзгөчө күчтүү болгон. Япон чыгыш таануучусу Масао Мори өз иликтөөлөрүндө байыркы түрк доорундагы каган бир эле убакта темир устанын функциясын аткарганын чагылдырган кытай булактарындагы (Чжоу династиясынын мезгили) уламышка токтолуп, бул шаман дининин өнүгүп, калыптанышынын алгачкы этабы катары карайт (Потапов, 1991, 123). Шамандардын жана темир усталардын генетикалык-ритуалдык байланышын байыркы түрк тилдүү уруулардын күндөлүк турмушундагы, чарбасындагы темир устанын ээлеген орду тастыктайт. Уруулук коомдо бир эле мезгилде эки кесипти тең аркалагандар (шаман-темир усталар) Түштүк Тувада жакынкы мезгилдерге чейин жашап келди (көрсөтүлгөн эмгек, 124-бет). Буряттарда шаман - темир усталар өздөрү жаңыдан даярдалып, колдонуучу буюмдарга (балка, казык, тери буюмдары ж.б.у.с.) алгач, ырым-жырымдарды аткарышып, бөтөн адамдарга, өзгөчө аялдардын бул заттарга жакындоосуна тыюу салышканы белгилүү. От менен тыгыз байланышкан темир устанын кесиби ыйык эсептелип, замандардын түпкүрүнөн адамдардын эс-акылында жашап келе жаткан от кудайын кыйыр чагылдырат. Байыркы кыргыздарда темир иштетүү, зергерчилик кылуу жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн археологиялык табылгалар тастыктап келери бышык. Бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуңунда эзелки кыргыздар иштеткен эбегейсиз зор шахталардын чалдыбарлары сакталып калганы далил боло алат. Түркүн металлдардан ширелип, аткарылган зергерчилик буюмдары кыргыздардын өлкөсүнөн алыскы жерлерге да белгилүү болгону ырас. Буга кыргыздар өндүргөн сапаттуу темир металлынын кытайлар жана түрктөр өзгөчө баалагандары далил боло алат.

**Уста кочкор** - дөөлөс уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Этникалык аталыштын параллели түркмөндөрдө "устажол" формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 119).

**Утай найман** - найман уруусунун курамындагы урук (Абышкаев, 1965,15). Этникалык аталыштын биринчи компоненти азыркы Кытайдын Шеньси провинциясында Утай аттуу топонимикалык параллели бар экендиги маалым. Утай топоними эзелки кытай жыл баяндарында да чагылдырылат (караңыз: Зуев, 1960, 115). Азыркы Батыш Кытайдын аймактарын кыргыздар байыртадан мекендеп келишерин далилдеген көптөгөн тарыхый даректер бар. Этникалык аталыш болжолу, топонимикалык энчилүү аттан келип чыгышы мүмкүн. Параллели казактарда "өтей" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 171).

www.bizdin.kg



# Ү

**Үкү** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 139). Бул урук "чоң үкү","майда үкү" деген эки чоң топко бөлүнүшөт. Казактардагы "казбек" аттуу уруктун өкүлдөрү өздөрүнүн тегин үкү менен тууганчылык байланышта экендигин белгилешет (Баялиева 1972, 27). Бул көрүнүш албетте, тотемистик ишенүүдөн келип чыккандыгы ырас.Үкүнүн канатын, сөөгүн кыргыздар дарылоочу ырым-жырымдарды (төрөт учурунда, жаш балдардын ооруулларын айыктырууда) өткөрүүдө колдонушкандыгы маалым. Кыргыздарда бул жырткыч канаттуууга зыян кылууга, атууга тыюу (табу) салынган (Баялиева, 1972, 27 ,28). Тотем-канаттуулардын бири болгон үкүнүн канатын шамандар кийимкече жасалгасы үчүн өтө кеңири иайдаланышкан. Хакас-качиндердеги шамандар үкүнүн куйрук-канаттарын баш кийимине, ал эми ошол эле ритуалдык кийиминин колтугуна куйрук-канаттарынын айрым фрагменттерин тигип коюшкан. Шамандардын эс-тутумундагы үкүнүн канаттары тоо чокусуна көтөрүлүп учуп, анын кожоюндары менен сүйлөшүүгө көмөк берген. Ал эми үкүнүн тырмактарынын жардамы менен аска беттерине коно алышкан (Потапов, 1991, 209-211).Бул жасалгалар шамандардын символикалык канаттарын аныктап, дуба окуу мезгилинде үкүнүн ж.б. канаттуулардын (мис, бүркүт) ритуалдык процесстеги ролун чагылдырган (көрсөтүлгөн эмгек, 212-бет).

**Үлүмжү** - сары багыш уруусундагы манаптын курамындагы урук (Абрамзон, 133). Этнонимдин мааниси кыргыз тилинде чечмеленбейт. Бурят-монгол тилдеринде "үлэмжэ": 1. Абыдан, өтө, бир кыйла зор; 2. "Мансап, жогорку укуктуу" дегенди туюнтат (Бурят-монгольско-русский словарь, 1951,507).

**Үсөн** - кушчу (жоош), солто (талкан) урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 133). Антропоэтнонимдер. Параллели казактарда "усен" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 173).

**Үч абышка** - саруу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 133). Лексика-семантикалык жактан энчилүү аттын биринчи бөлүгү этникалык компоненттердин санын аныктайт. Абышка - кары киши, чал, карыя (КТТС, 19). Этнонимдин параллелдери жетиген, дөөлөс урууларынан "абышка" формасында кездешет (Абрамзон, 103).

**Үч багыш** - солто уруусунун курамындагы урук (Ч. Валихановдун маалыматы боюнча). Өзбекстандын Анжиян областында (Жалал-Кудук, Үч-Коргон) Үч-Багыш, Кара-Багыш, Чоң-Багыш аттуу этнотопонимдер сакталып калгандыгы аныкталган (Губаева, 1983, 85). Бул фактылар кыргыз урууларынын локализациясын чагылдырат.

**Үч баргы** – баргы уруусунун курамдарындагы уруктар тобунун аталышы (Абрамзон, 133). Баргы уруусу «кара баргы», «сары баргы», «таз баргы» аттуу ири уруктар топторуна бөлүнүп, жалпысынан "үч баргы" деп да аталары белгилүү. Этноним "үч уруу", "үч уруктун бирикмеси" деген маанини туюнтат. Мындай уруулук бирикмелер байыркы түрк доорунан белгилүү. Мисалы, "үч огуз", "үч карлук", "үч курыкан" (ДТС, 621).

**Үч куртка** - найман уруусунун курамындагы урук. Лексика-семантикалык жактан түркүмдөштүрүүдө этнонимдин биринчи бөлүгү этникалык компоненттердин санын, даражасын аныктары маалым. Экинчи бөлүгү "куртка" байыркы түрк тилдеринде Qurtka - "карыган кемпир" маанисин туюнтат (ДТС, 469). Параллелдери бөрү, солто, саяк, тейит урууларынын курамдарында "куртка" формаларында кездешери аныкталган.

www.bizdin.kg



**Үч тамга** – черик (куба) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров,1995, 85). Этникалык аталыштын параллели казактарда “үч танбалы”, каракалпактарда “үш таңба” формаларында кездешери аныкталган (Жанузаков, 1982, 173; Жданко, 1950,37). Эн тамга эзелгеден малга же уруунун (уруктун) башка менчигине белги катары гана колдонулбай, өзгөчө касиети бар күчкө да эгедер деген ишенич болгон. Сары уйгурларда үч тамгалуу белги (Ач тамга, Йаг тамга, Суң тамга) шамандардын кудайларынын аттары болгон. Бир эле учурда “тамга” сөзү “чырак”, “жарык берүүчү” маанилерин туюнтканы маалым (Малов, 1957, 110). Кызыктуусу, сары уйгурлар шаманды (кырг. бакшы) “элчи” деп аташары белгилүү. Демек, шаман темир усталык, көзү ачыктык касиеттер менен бирге, элчилик милдетти да аткарган.

**Үч урук** - моңолдор уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 133). Этноним “үч уруктун бирикмеси”, “союзу” маанисин берет. Этнонимдин параллели түркмөндөрдүп курамында “үч уруг” формасында кездешет (Атаниязов, 1988, 120). Бул этникалык аталышка байыркы “үчок” уруулук бирикмесинин энчилүү атын параллель коюууга болот.

**Үчөй** - саяк уруусундагы кабанын курамындагы урук (Абрамзон, 133). Параллели Минусин ойдуңунан (Хакасия) “үчей” формасында топонимикалык аталыш катары кездешет (караңыз: Бутанаев,1995,155). Иликтөөчүлөр көңүл бөлчү меселе бүгүнкү айрым кыргыз этникалык аталыштарынын параллелдери Минусин ойдуңунда жер-суу аттары катары сакталып калышында болуп жатат. Мисалы; баргы = Барга, ак баш (мундуз, басыз) =Ах Паш, алай (баргы) = Алай берт, каратал =Харатал, кудайлат (басыз) =Худалат, кузгун (сарттар) =Хусхун, корумчу (басыз) =Хорым, бай терек (сары багыш) =Пай Тирек, кара куш (баргы) =Хара Хус, күчүк (бугу) =Күчүк ж.б.

**Үчөк тамга** - каңды уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыш байыркы түрк доорунан (VI-VII кк.) белгилүү. Тамганын түзүлүшү бир учка бириктирилген үч жебени элестетет. Этноним “үч жебелүү, үч уруунун, элдин союзу, бирикмеси, конфедерациясы» деген маанини туюнтат (Бартольд В.В, Соч. Т.I, Ч.I, 577). Эн тамгага байланышкан этнонимдердин эзелки теги илимде, тарыхый булактарда эбактан далилденип келет (караңыз: Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 84-86).

**Үчөк//үч ок** - басыз уруусунун курамындагы урук. Этникалык аталыштын баштапкы формасы “үч ок” теги байыркы этнонимдерден экендиги калетсиз. Мааниси (үч ок) «үч уруктун, уруунун, элдин союзу» дегенди туюнтат, Түркмөн ономасты С.Атаниязов “үч бир туугандан, теги бир атадан тараган топ, уруу, уруулук бирикме” маанисинде аныктама берет (Атаниязов, 1988, 120). Байыркы огуз тилдүү уруулардын бирикмеси, алар негиздеген мамлекеттик түзүлүштүн сол канаты “үч ок”, оң канаты - “боз ок” деген аскердик-башкаруу бирдиктерине бөлүнүшкөндүгү маалым (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I, 85-86). Огуз каган жөнүндөгү уламыштарда каган үч уулуна үч жебе ыйгарып, мамлекеттин сол канат бөлүгүн (урууларын) башкарууга укук бергендиги баяндалат (көрсөтүлгөн эмгек, 85-бет). Түркolog илимпоздордун басымдуу көпчүлүк бөлүгү “ок”, “жебе” терминдерин “урук”, “уруу”, “эл” маанилерин туюнтарын белгилешет (Кононов Н.А., Родословная туркмен..., 83-84). Этникалык аталыштын параллели бүгүнкү түркмөндөрдө “үч ок” формасында уруулук бирикмесинин аты катары сакталып калган (караңыз: Атаниязов, 1988, 120).

www.bizdin.kg



# Х

**Халфа тоо (Калпа тоу)** – кесек уруусунун курамындагы урук (Абышкаев, 1965, 15). Бул уруктун өкүлдөрү эзелтеден Жерге-Тал аймагын (Тажикстан) мекендеп келишет. Кытайлар Шинжаңдагы мусулман–түрктөрдү "чантоу" деп аташкандыктары белгилүү. "Чан"- чалма, "тоу"- баш, "чалма кийгендер" маанисин түшүндүрөт (Малов, 1957, 140). Халфа: калпа 1. Эшеңдин жолун жолдоочу, ишин улантуучу дилгир адам, ушундай адамдын наамы; 2. Диний тарбия берүүчү, үгүт жүргүзүүчү; 3. тар. Кичже группада окугандарга көз салып, көзөмөлдөөчү медресе окутуучулары (КТС, 450) Этноним "башкы калпа", "калпа уругу, тобу" маанисин аныкташы мүмкүн. Ушул эле уруудан (кесек уруусу) түрктоо, мадатоо, бийтоо, кожотоо ж.б. урук аталыштары кыргыздардын Чыгыш Түркстандын байыркы аймактары менен этникалык жана тарыхый байланышын аныктайт десе болот.

# Ч

**Чаа** - солто уруусундагы геноним. Айрым изилдөөчүлөр, информаторлор уруктар тобунун аталышы катары да карашат (Абрамзон, 1960, Т. IV, 19). «Чаа» хакас тилинде "согуш", экинчи маанисинде "жаа" дегенди туюнтат. Минусин ойдуңундагы (Хакасия) кыргыз жоокерлеринин сөөктөрү коюлган бейиттер жана аларга арналып тургузулган таш эстеликтер "чаа тастар" же"согуш таштары" деп аталары маалым. Ал эми бурят-монгол элдеринде "цаа" - түндүк бугусу, "цаатан" - бугу багуучулар дегенди түшүндүрөт (Монгол орос толь, 1957, 588). Генонимдин так мааниси кошумча изилдөөлөргө муктаж.

**Чаа басар** – кара багыш уруусунун курамындагы урук. Болжолу, бул аталыш аскер терминин аныктайт "Чаа" хакастарда "согуш", "жаа" маанисин аныктарына кайрылып кеткенбиз. Бурят-монголдордо "ца" деген сөз бугунун аталышын аныктайт (Монгол орос толь, 1957, 588). Минусин (Хакасия) ойдуңундагы енисейлик кыргыздар калтырган эстеликтерди (жазуу эстеликтери) жергиликтүү калк эбактан бери эле "чаа тастары"же"согуш таштары" деп аташары белгилүү.

**Чаар баш** - кара багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 131). «Чаар» ала түстү билдирет (Юдахин, 830). Этноним лакап аттан улам келип чыккан.

**Чагалдак** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 133). Этнонимдин биринчи компонети "чагал" алтайлыктарда (телеуттар) шамандык терминологияда жер менен Көк-Теңирди байланыштырган канаттуу аргымакты аныктайт. Бул аргымак шамандын ритуал учурундагы бубенин элестеткен (Дугаров, 1988, 147). Хакастардагы "чагал" сөзү да шамандын бубенин билдирет (Бутанаев, 1999, 205). Бурят-монголдордо "загалмай//чагалмай" сөзү жылкынын өзгөчөлөнгөн түсүн да аныктайт. -май компоненти байыркы иран тилдеринен келип кирип, мааниси мифологиялык кушту аныктары маалым. Этнонимдин параллелдери уруктар тобунун аталышы (мунгуш уруусу), уруулук эн тамгалардын аттарында (сары багыш, бугу ж.б.) сакталып калган.

**Чагар** - азык уруусунун курамындагы урук. Айрым маалыматтарда геноним катары белгилүү. Этноним монгол тилинде "чахар" - "хан сарайдагы кызматкер, нөөкөр" деген маанини туюнтат жана уруунун энчилүү аты катары бери болгондо XIII кылымдан белгилүү. Этникалык аталыш катары Ички Монголиядагы

www.bizdin.kg



(Кытай Эл Республикасы) монголдордун курамында кездешет (Народы мира: Историко-этнографический справочник, 1988, 153). Ушул эле этникалык аталыш "чахара" формасында монголдордун курамында сакталып келери маалым (Лебедева, 1958, 224).

**Чагыр** - баргы, моңолдор урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 134).

**Чагырык** - дөөлөс уруусундагы абышканын курамындагы урук (Абрамзон, 135). Этноним адамдардын чарбалык кесибине байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. Чыгырык 1. Дөңгөлөк сыяктуу тегеренчү нерсе; 2. тарых. Пахтаны, чигитинен ажыратуучу, кол менен айлантып, иштетилүүчү машина; 3. Шакек сыяктуу тегерек темир; 4. Дөңгөлөк (Юдахин, 882). Этнонимдин параллелдери "жагырык", "кара жагырык", "сары жагырык" формаларында алтайлыктардын (туба кижи) курамында бар (Баскаков, 1985, 22).

**Чаңгыл** - саруу уруусундагы ай тамганын курамындагы урук (Абрамзон, 133). Чаңгыл - таза эмес, башка түс аралашкан (Юдахин, 845). Болжолу, бул урукту сырттан келип кирген этнокомпонент катары кароого болот. Маселен, кармыш (кыпчак) этноними "аралаш", "конгломерат" маанисин аныктайт (Атаниязов, 1988, 44).

**Чал тейит** - тейит уруусунун курамындагы ири урук (Абышкаев, 1965,15). "Cal" - байыркы түрк тилдеринде "куу", "куп-куу" маанисин аныктаган (ДТС, 137). Этнонимдин параллелдери "чал" формасында лакай, өзбек-жүздөрдө, ал эми "чалжиут" түрүндө казактарда бар экендиги аныкталган. К.Ш. Шаниязов "чал ногой", "чал моюн" урууларын байыркы кыпчак этникалык чөйрөсүнө кирген компоненттер катары карайт (Шаниязов, 1974, 136). Аталган этнонимдер этнокомпонентер жалпылыктарды аныктайт десе болот.

**Челекчи** - оргу уруусунун курамындагы урук. Челекчи - Ноокат районундагы айыл аталышы катары да белгилүү. Этнотопоним (СГНК, 1988, 195). Этноним жер-суу аталышына байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. -чы/-чу мүчөсү адамдардын кесибин, жашаган аймактарын аныктары маалым.

**Чала казак** - бир катар этнокомпоненттерди кучагына камтыган, курамы татаал өз алдынча урук катары маалым (Абрамзон, 133). С.М.Абрамзондун пикиринде бул уруктун курамынын калыптанышында кыргыздын солто, моңолдор урууларынан, уйгур, өзбектерден (Батыш Кытайдан журт которгон) кирген этнокомпоненттер негизги орунга ээ (Абрамзон 1960, Т.IV, 92). Бул уруктун өкүлдөрү Чүй, Талас аймактарын мекендеп келишет. Арийне, бул маалыматтар кошумча илимий негиздүү тактоолорго арзыйт.

**Чала манап** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон,133). Антропоэтноним. Энчилүү ат лакап аттын негизинде келип чыккан.

**Чалай** - төбөй уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 133). Параллели түркмөндөрдөн "чалай" формасында кездешери аныкталган (Атаниязов, 1988, 127).

**Чалике** - кушчудагы меңдуулаттын курамындагы урук (Абрамзон, 133). Хакас тилинде "чалыг" төмөнкү маанилерди туюнтат: 1. Аңчылыкты колдоочу кудай ж.б.; 2. Идол, бут, жаныбарлардын терисинен жана кездеменин түрлөрүнөн жасалган идол (Бутанаев, 1999, 107). Айрым кыргыз этнонимдеринин хакас тилиндеги маанилерде түшүндүрүлүшү кыргыз-хакас этникалык жалпылыгынын дагы бир далили болору шексиз.

**Чандеки** - найман уруусунун курамындагы урук (Абышкаев 1965, 15). Бул уруктун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү Каратегинди мекендеп келишет. Басым-

www.bizdin.kg



дуу бөлүгү Кадамжай жергесин байырлашат. Чандеки - аталган аймактагы (Кадамжай) айыл аталышы катары маалым.

**Чапкылдыктар (чапколдуктар)** - ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы анчалык чоң эмес уруунун аталышы. Этнонимдин мааниси кыргыздын ичкиликтер диалектисинде "оң кол тараптагылар", "оң канаттагылар" дегенди туюнтат. Бул уруу ичкиликтер уруулук тобунун генеалогиялык схемасында өзгөчөлөнгөн абалда турат. Уруунун келип чыгышы жөнүндө санжырачыларда бирдей пикирлер жок. Айрым санжырачылар чапкылдыктарды оң канатка, кай бирлери сол канатка кошуп жүрүшөт. Тарыхчы Ж. Малабаев бул урууга арналган атайын иликтөөсүндө айрым булактарга таянып, чапкылдыктарды чекир саяк уруусундагы чапкынчылар менен генетикалык жалпылыкта карайт (Ж. Малабаев, Чапкынчылар, 1996, 58). Автор чапкылдыктардын (чапкынчы - Ж. М,) келип чыгышын XVIII к. баш чендери деп белгилеп, кыпчак этникалык чөйрөсүнүн ролуна өзгөчө баа берет (аталган эмгек, 56-бет). Арийне, бул көз караш кошумча тактоолорго муктаж. Ангкени, бул уруунун курамында орто кылымдардын өнүккөн мезгилине таандык этнокомпоненттер бар. Чапкылдыктардын бир бөлүгү Өзбекстандын Ташкент (Пушкин, Бөкө ж.б. райондору), Жизак (Достук, Бахмал райондору), Тажикстандын айрым аймактарын эзелтеден мекендеп келишет.

**Чапкынчы** - чекир саяк уруусундагы кулжыгачтын курамындагы урук (Абрамзон, 133). Чапкын - башка элге урууга кол салуу (КТТС, 683). -чы кесипти, жашаган аймакты аныктоочу сөз жасоочу мүчө болуп саналат. Көпчүлүк санжырачылар бул урукту Булгачылар (Ичкиликтер) уруулук тобундагы чапкылдыктар менен теги бир экендигин белгилешет. Тарыхчы, профессор Ж. Малабаев айрым фактыларга таянып, чапкынчы жана чапкылдыктардын генетикалык жакындыктарын далилдеген жүйөлүү илимий негиздүү пикирин айтат (Малабаев Ж. Чапкынчылар, Бишкек.: 1996, 57).

**Чарым** - баргы уруусунун курамындагы урук. К.К. Юдахин бул сөзгө "таман териси", "жаныбарлардын тери алдындагы, этиндеги тарамышы, чарымы" деген аныктама берет (Юдахин, 851). Этнонимди хакастардын курамындагы "чарын" урук(сөөк) аталышы менен байланышта кароого болот. XVII - XVIII кк. айрым орус тилдүү булактарда чарындар - "ярин" деп да бурмаланып жазылып жүрүшөт (Бутанаев, 1990, 62). Енисейдин сол жээгин байырлап келишкен чарындардын теги кет тилдүү урууларга жакын экендиги жөнүндө пикирлер бар. Хакас этнографы, профессор В.Я. Бутанаев хакастардагы чилдег/чилдег, кыргыздардагы желдең (баргы, бугу) этноним-дери ("денг" - кет тилинде "адам", "киши") генетикалык жактан кет тилдүү урууларга жакын экендигин белгилейт. Автор бул фактылар теңир тоолук кыргыздардын тегинин Енисей чөлкөмү менен байланышын тастыктарын жазат (Бутанаев, 1990, 67).

**Чач** – чекир саяк уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 133). Чач: 1.Ак чач; 2.Абышка (Юдахин, 838). Этнонимдин параллелдери өзбек-коңураттарда, лакайларда "чач" формаларында кездешет(Кармышева, 1976, 90-101).

**Чаян** - саруудагы ай тамганын курамындагы урук (Абрамзон, 133). Этникалык аталыш хакастарда (ак чайаан) бурханизм динин, жаратуучу, ак дин маанилерин аныктайт (Бутанаев, 1993, 29). Мындан сырткары, "чайаан" сөзү хакас тилинде төмөнкү маанилерди туюнтат: 1.Жаратуу, жаралуу; 2. Тагдыр (көрсөтүлгөн эмгек, 207-бет). Тува шамандары колдонгон терминологияда "чаяннар"- кудай, кудайлар маанисин аныктайт (Монгуш Кенин-Лопсан, 1995, 202).

www.bizdin.kg



**Чегетер** - бостон уруусунун курамындагы урук (Абышкаев, 1965, 15). Бул уруктун өкүлдөрү Каратегинди мекендеп келишет. Этнонимдин параллели ферганалык өзбек-кыпчактардан "чекли" формасында кездешери аныкталган (Шаниязов, 1974, 142). Мындан сырткары, кыргыздардын курамында "өйдө чекти" (саяк), "төмөн чекти" (багыш) этнонимдери бар экендиги белгилүү (Абрамзон, 126, 131).

**Чегитур** - бостон, тейит урууларынын курамдарындагы уруктар (Абышкаев, 1965, 15). Этнонимдердин параллелдери башка элдерден кездешпейт. Байыркы түрк тилинде - "cektuz" 1. чекит; 2. түйүндү байлоо, тартуу деген маанини туюнтат (ДТС, 143). Болжолу, этнонимдин баштапкы мааниси "топ", "урук", "уруу", "эл" дегенди аныкташы толук мүмкүн. Себеби, аталган маанидеги этнонимдер кыргыздардан башка түрк, монгол, угро-фин тилдүү элдерде да кенен тараганы маалым.

**Чеке чабар** - баргы (мөнөк) уруусунун курамындагы урук (Аттокуров 1995, 70). Лакап этноним. Параллели казактарда "шекти" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 173).

**Чекир саяк** - кыргыздын оң канатындагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 133). Санжыралык маалыматтарда бул уруунун Кара Чородон тарары баяндалат. В.В. Бартольддун пикиринде "чекир" сөзү чакыр//чекир "нөөкөр", "көзөмөлчү" же исламга чейинки түрктөрдөгү "хан сарайындагы нөөкөрлөр" маанисин туюнтат (Бартольд В.В, Соч.Т. II, 209). "Чекир" термини менен өткөн кылымдардагы түркмөндөрдө менчик малды жана жайытты кайтарган куралдуу жоокер-уландардын тобун аташканы белгилүү (Атаниязов, 1988, 128). Арийне, этникалык аталыштын биринчи компонентинин байыркы формасы чекир = чакыр = чагыр формаларында да болуусу мүмкүн. Чагыр - байыркы сөз маанисинде "бүркт" дегенди аныктайт (Чороев, 1995, 39). Параллелдери түркмөндөрдүн сакар, арсары, геклең, салыр урууларынын курамдарында бар (Атаниязов, 1988, 128).

**Черик** - оң канатка кирген ири уруулардын бири (Абрамзон, 133). Этникалык аталыш бери болгондо VII-VIII кк белгилүү жана эң байыркы кыргыз урууларынын бири катары маалым. Кытай жыл баяндарында эскерилген "чэ-ли" этноними Л.Базен тарабынан "чериг" формасында окулган. Кытай булактарынан башка маалыматтарда ("чериктер") VII к. "сак документинде" чериктердин бүгүнкү Чыгыш Түркстанда локалдашуусу эскерилет. Чыгыш түрк мамлекетинин каганы Эл каганды Тан династиясынын аскер башчысы, полководең Ли Цзин жеңгенден соң, чериктер Юну Чжуну акимчилигинин аймагына жайгаштырылат. Ушул окуялардан соң, чериктер башка түрк тилдүү уруулар менен бирге, Тан династиясынын императорунун (Тан династиясы Кытайдын тарыхындагы эң бир күч-кубатуу мамлекет катары белгилүү болуп, б.з. VII-X кк. жашаган) Тай-Шань аттуу ыйык тоого жасаган сыйынуу церемониясына катышышкан (Зуев, 1960, 120-121). Демек, чериктер күч-кубаттуу Тан империясына убактылуу көз каранды абалда болуп калышкан. XI к. Махмуд Кашгари чериктерди («Сөздүктө» "жаруклуг" формасында берилет) Жети-Сууда игрек жана чомулдардын ортолугуна локалдаштырат (жайгаштырат). Ю.А.Зуев "чэ-ли" (чериктер) уруусунун бир бөлүгү азыркы Ички Монголияда "шарылар" (сары) менен кошуна байырлашкандыктарын жазат (көрсөтүлгөн эмгек, 121-бет). Бул маалыматтар Чыгыш Түрк каганаты кыйраган соң, чериктердин айрым бөлүктөрүнүн Ички Монголия, айрымдарынын Жети Суу тарапка оогондугун көрсөтүп турары анык. Чыгыш Түрк каганаты кулагандан соң, чериктердин бир бөлүгүнүн кытайларга убактылуу баш ийип калышкандыктарын

www.bizdin.kg


жазма булактар чагылдырат (Бичурин, Т.I, 265). Болжолу, чериктер кыргыздардын курамына дал ушул тарыхый окуялардан соң кирүүсү мүмкүн. Айрым тилчи - түркологдордун пикирлерине караганда "черик" байыркы мезгилдерде кыргыз (түрк тилдери) санскрит тилинен кирип, "аскер", "кошуун" дегенди аныктаган (ДТС, 144). Махмуд Кашгаринин "Дивану лугат-ит түрк" сөздүгүндө "черик" - "аскер", "жоокер" деген маанини түшүндүрөт (Махмуд Кашгари, Индекс-словарь, .327). Орхондогу Моюн Чурдун эстелигинде (756-757 жж.): "Душман Селенгеге чейин черик коюшту"-деген жазуу бар (Орхон-Енисей текстери, 1988, 128). Черүү (санскр. цериг) "аскер", "кол", "кошуун"; "аскерлерден куралган согуштук күч", айрым учурда "жортуул" маанисинде да айтылат ("Манас". Энциклопедия, Т.II, 333). Ушундан улам, черик этноними байыркы формасы менен маанисин азыркы мезгилге чейин өзгөрбөй сактап калгандыгын байкоого болот.

**Чечей** - сары багыш уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 134). С. М. Абрамзон бул уруктун сары багыш уруусунун курамына Талас тараптан келип жуурулушкандыгын белгилейт (Абрамзон, 1990, 43).

**Чилжибут** - кушчу уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 134). Этнонимдин биринчи компоненти "чил", иран-тажик тилдеринде "кырк" маанисин билдирет. Этнонимдин экинчи компоненти байыркы түрк тилдеринде "cubit» - "түс", "өң" маанисин аныктаганы маалым (ДТС, 168). Демек, бул урук аталышынын толук мааниси "кырк өң", "кырк түс" дегенди туюнтары шексиз. Этнонимди "кырк уруу", "кырк эл, журт" деген сөздүн калькасы катары да кароого болот.

**Чиркей** - баргы, саруу, саяк урууларынын курамдарындагы уруктар (Абрамзон, 134). Этнонимдер лакап аттан улам келип чыккандыгы байкалып турат.

**Чогорок** - мургабдык кыргыздардын (тейит уруусу) курамындагы урук аталышы катары маалым. Аксак Темирдин небереси Захриддин Бабур "Бабур Намэде"( XVI к.) Ош шаарына жамаатташ тоолордо «чаграк», «чограк», «чагрек» аттуу көчмөн уруу жашарын эскерет (Абрамзон, 1990, 48). Изилдөөчүлөр кыргыз уруусунун «Бабур-намэде» эскерилерин өз изилдөөлөрүндө эбак белгилешкен (Маанаев 1969, 26). Профессор Т.К. Чороев (Чоротегин) байыркы "чагыр" этнокомпонентинин кыргыздардын курамына "чогорок" формасында киргендигин белгилейт (Чороев, 1995, 40). Исламга чейинки түрктөрдөгү "чакыр" термини "нөөкөр", "хан сарайынын сакчысы" маанисин берген (Бартольд В.В. Соч. Т.I, Ч.I, 209). Этникалык аталыштын баштапкы формасы (чогор + ок) "бүркүт" маанисин туюнтушу мүмкүн. "Чогор"- бүркүт, "ок"- жебе, урук, уруу, эл; Чогор + ок "бүркүт уруусу" дегенди аныктайт. Фарси тарыхчысы Гардизи байыркы кыргыздардын канаттуулардан бүркүткө өзгөчө маани берип сыйынышарын өз эмгегинде эскерген (Абрамзон, 1946, 130).

**Чоң** - саруу уруусунун (агынай) курамындагы урук (Абрамзон,135). Антропоэтноним. Параллели түркмөндөрдөн курамында бар (Атаниязов, 1988, 130).

**Чоң багыш** - сол канаттагы ири уруулардын бири (Абрамзон, 134). Чоң багыштар теги байыркы кыргыз урууларынын бири болуп эсептелет. Чоң багыш өз алдынча ири уруу катары Сайф ад-Дин Аксыкендинин "Мажму ат-Таварихинде" (XVI к.) кыргыздын сол канатында эскерилет (МИКК, 1973, 208-209). Этнонимдин келип чыгышы адамдардын байыркы тотемисттик түшүнүктөрү менен байланышкан (караңыз: багыш этноними). Чоң багыш - Ноокен районундагы айылдын аты катары белгилүү (СГНК, 1988, 198). Мындан сырткары, Чоң багыш этнотопоними Өзбекстандын Анжиян аймагында да бар

www.bizdin.kg



экендиги аныкталган. Чоң багыштардын басымдуу бөлүгү Чыгыш Түркстанды (КЭР) ээлтеден мекендеп келишет. Бул уруунун курамына аскалы, каңдабас, кулан сарык, бечине (пичине), килет, кулунчак ж.б. кирет. В.В. Радлов чоң багыштарга аскалы, торо, мачак, үч тамга, каңдабас, кош тамга, куан - дуан уруктары кирерин жазат (Абрамзон, 1960, Т.IV, 87). Элдик уламыштар сол канат кыргыздардын эң бир күч-кубаттуу уруусу болгон чоң багыштардын калмактар тарабынан ууланган суудан эпидемия тарап, басымдуу бөлүгү ошол массалык ооруудан кырылып калганын кабарлайт. Болжол менен, XVII-XVIII кк. чоң багыштар Алай жана ага чектеш азыркы Кытайдын территориясындагы жерлерди мекендешкен. Учурда, чоң багыштардын басымдуу бөлүгү Чыгыш Түркстандын (Кытай Эл Республикасы) аймагын мекендеп келишет. Ириде, бул аймактарды кыргыз уруулары байыртадан мекендеп келишери илимде эбак далилденген.

**Чоң кыргыз** – каратегиндик кыргыздардагы бостон уруусунун курамындагы урук (Абышкаев, 1965, 15). Бул уруктун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү Сузак районундагы Кара Дарыя өрөөнүн мекендеп келишет. Этнонимдин биринчи компоненти “чоң” - “оң канаттагылар”, “оң кол тараптагылар” деген маанини да туюнтары белгилүү. XVII-XVIII кк. енисейлик Кыргыз мамлекетинин Алтысар улусу «Чоң Кыргыз» деген ат менен да белгилүү болгон (Бутанаев, 1990, 45). Параллели мундуз уруусунун курамында бар (Төрөкан уулу, 1985, 90). Айрым информаторлор чоң кыргыздарды мундуз уруусуна кошуп жүрүшөт.

**Чоң мурун** - солто уруусундагы күнтуунун курамындагы урук (Абрамзон, 134). Этноним лакап аттан (экзоэтноним) улам келип чыкандыгы маалым. Кыргыз этнонимиясында адамдардын сырткы келбетине ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карата калыптанган урук аттары бир топ санда учурайт. Этнонимдин параллели кыргыздар менен этногенетикалык жакындыгы аныкталган лакайлардын курамында “зор бурун” (чоң мурун) формасында кездешет (Кармышева, 1976,105). Ал эми каракалпактардагы “кең танау” аттуу этнонимди “чоң мурун” сөзүнүн синоними катары кароого болот (караңыз: Жданко, 1950, 37).

**Чоң мурун** - солто уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 134). Лакап этноним. Параллели өзбек-коңураттардын курамында “зор бурун” формасында чагылдырылат (Кармышева, 1976, 108).

**Чоң таман** - кытай уруусундагы төңтөгөрдүн курамындагы урук (Абрамзон, 134). Лакап этноним. Параллели казактардын уруулук курамынан “таманбай” формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 172).

**Чоң төбөй** - төбөй уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 134). Этнонимдерге жалганып айтылган “чоң” сөзү көпчүлүк учурда этникалык компоненттердин санын, даражасын да аныктайт. Байыркы түрктөрдө сол канатта (тарапта) жайгашкан урууларга “чоң” компоненти кошулуп айтылган (ДТС, 153). Мисалы, чоң багыш (сол канаттагы ири уруу), чоң үкү (солто), чоң (саруу) ж.б.

**Чоң өтүк** – солто уруусундагы жети кулдун (жоо чалыш) жана талкандын курамындагы уруктар (Абрамзон, 134). Лакап этнонимдер.

**Чокой** - жетиген уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 134). Этнонимдин параллели чокой/чокай формасында башка тектеш түрк элдеринин курамдарында көп ирет кездешери байкалган (Аталиязов, 1988, 130). Чокой - териден жасалган бут кийим (Юдахин, 865). Болжолу, лакап аттан улам келип чыккан.

**Чокон** - саруу (алакчын), солто урууларынын курамындагы урук (Абрамзон, 134). Антропоэтнонимдер. Сөздүн байыркы формасы “чоqан”= “чоgan” - топ ойноо үчүн ылайыкталып ийилген таяк” маанисин берет (ДТС, 156).

www.bizdin.kg



**Чолок туума** - моңолдор уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 134). Этнонимдин параллели түркмөндөрдө "догма" формасында учурайт. С.-Атаниязовдун пикиринде этнонимдин түркмөн тилиндеги мааниси "күндөн туулган баладан тарагандар" дегенди туюнтат (Атаниязов, 1988, 64). Арийне, "туума" сөзүн тумат ~ тума ~ туба ~ тува этнонимдеринин бир формасы катары да кароого болот.

**Чоно** - бугу уруусунун курамындагы урук. Антропоэтноним. Этнонимдин мааниси бурят-монгол тилдеринде «чино» карышкыр, бөрү дегенди аныктайт (Щербак, 1961, 161). Карышкыр түрк-монгол тилдүү элдерде эзелтеден ыйык туткан, ага сыйынган жырткыч жаныбар катары маалым. Мисалы, монголдор тегин касиеттүү марал (Гао Марал) жана карышкырдан (Бортэ Чино) тарапышары уламыштарда чагылдырылат. Кытай авторлору түрк каганы менен карышкырдын аталышын синоним катары карашкан (Зуев, 1960, 121-124). Этнонимдин параллелдери бөрү, мачак (саруу) ж.б. формаларда сакталып келет.

**Чоро** - чекир саяк уруусунун курамындагы урук(Абрамзон, 1960, Т.IV,134). Чоро эпикалык баатырдын максатташтары, чоролору (Юдахин, 868). Ойрот-калмак (Жунгар) мифологиясында көптүк түрдө "чорос", "цорос" деген дербет жана жунгар княздарынын байыркы ата-бабалары катары айтылат. Ойроттордо (жунгар калмактары) "цор", ортоңку кыпчак тилинде "чора", "шора", "чоро" терминдери "баатыр" деген маанини билдирген. Чыгыш теги боюнча байыркы түрктөрдүн аскердик-башкаруу титулу болуп эсептелген "чур" (чор), (чура) "чора" сөзү байыркы фарси тилинде "жоокер, "баатыр" деген түшүнүккө ээ экендиги, бирок кийинки түрк тилдеринде (байыркы түрк доору) титул катары (хан менен бектин ортосундагы) мансаптык даражаны аныктагандыгы маалым ("Манас". Энциклопедия,Т.II, 337). Чур (чор), (чура) чоро титулунун негизинде ошол байыркы түрк доорунан баштап эле көптөгөн адам аттары белгилүү болуп, күндөлүк турмушта колдонулуп келген. Буга байыркы түрк руникалык жазмаларында чагылдырылган Агуш Чур, Бег чур, Ил Чур, Чур өңдүү ысымдар күбө (көрсөтүлгөн эмгек, 337-бет). Чоро - термини кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармаларынын ичинен "Манаста" гана салттуу түрдө туруктуу айтылат (көрсөтүлгөн эмгек, 337-бет). Чоро - энчилүү ат катары кыргыздарда байыртадан эле белгилүү (караңыз: Кара Чоро генонимi). Чоролор өз алдынча уруу катары XIII к. эскериле баштайт. С.М. Абрамзон өз иликтөөлөрүндө чекир саяктардагы чоро уругун Моголистандагы чорос уруусу менен жалпылыкта караган пикирин айтат (Абрамзон 1990, 62). Чоро + с; -с/-з.көптүк маанини аныктоочу байыркы сөз жасоочу мүчө экендиги маалым. Профессор Ө.Караев чоростордун бир бөлүгү XIII к. Чыгыш Түркстандан Чагатай улусуна журт которгондугун жазат. Чоростор Моголистандын (өзгөчө Чыгыш Түркстанда) саясий турмушуна активдүү катышкан (Караев, 1995, 132). Захреддин Бабур өзүнүн мемуарларында (Бабур-намэ) Моголистандын аймагында чорос аттуу уруунун болгондугун тастыктайт (Губаева, 1983, 56). Чынында эле, чоростор бүгүнкү булгаачы (уруулук бирикме), тагай (генеоним), кушчу, дуулат, баарғы уруулары менен бирге эскерилет (Юдин, 1965, 56-59). Этникалык компонент кыргыздардын курамына дал ушул тарыхый доордо кирүүсү мүмкүн. "Чорос" этноними бир эле учурда ойрот-калмактардын да курамында эскерилет. Жунгар (дэрбет) хандарынын басымдуу көпчүлүгү "чорос" аттуу аристократиялык (ак сөөк) уруудан чыгышкан. Муну "Илэтхэл Шастирден" башка монгол жана калмак булактары да тастыктайт (Санчиров, 1990, 55). Жунгар хандыгы коомдук-саясий түзүлүшү жагынан башында хан турган негизги төрт ойрот уруусунун союзу болгон. Ар бир уруунун башчысы тайджи (да-тобцзи) деп

www.bizdin.kg



аталчу. Чорос уруусунун чоң тайджиси уруулук бирикменин жетекчиси болуп, бир эле учурда хан деп да аталган (Чернышев, 1990, 57). XIV к. аягында(1399-1445 жж.) кыргыздар Угечи Кашка (Гүйлүжү, Мөңкө Темир) жетекчилиги астында ойрот-монгол урууларына үстөмдүккө жеткендиги белгилүү (Бейшеналиев, 1989, 9). Демек, Угечи Кашка ойрот-калмак урууларын бириктирген кыргыздын чоро(с) уруусунан чыккан деген жыйынтыкка келүүгө болот. Жунгар (Ойрот) хандыгын кыргыз уруулары негиздегендиги илимде эбак далилденген.

**Чортон** - баргы уруусунун курамындагы урук (Абрамзон, 134). Чортон зоол. балык, балыктын түрү (Юдахин, 869). Мундуз уруусундагы "зуркай" этнониминин мааниси тунгус-манжур тилдеринен которгондо "чортон балык" дегенди аныктайт (Вяткина, 1933, 40). Бул балык эвенк тилинде да "чордон" деп аталары маалым (Новикова,1972,141). Балык чыгыш элдеринде молчулуктун символун аныктаган.

**Чот** - ават уруусунун курамындагы урук. Чот - кыргыз тилинде "сабы кетмендикиндей сапталып, отун кесүү үчүн, жаруу үчүн колдонуучу курал" маанисин берет (КТТС, 701). Этнонимдин параллелдери алтайлыктарда (кумандылар) "чооты", хакастарда "чода" туваларда "чооду" формаларында кездешет (Потапов, 1969, 60; Бутанаев, 1990, 65). Хакас тарыхый санжырасында "чода" сөөгүн (уругу) 1703-ж. күч менен Жунгарияга көчүрүлгөн енисейлик кыргыздардын калган бир бөлүгү катары баяндайт. Хакас-качиндерде "чода-хырхыс", "чода-пүрүт", хакас-кызылдарда "чода - хырхыс" аттуу уруктар бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет (Бутанаев, 1990, 65). В.Я. Бутанаев Түштүк Сибирдин аймагынан бир топ санда кездешкен чода = чооты = чооду этнонимдерин өтө байыркы замандагы Түштүк Сибирдеги этностордун субстраты катары карайт (Бутанаев, 1990, 65). Этнонимдин параллели монголдордо "чжот" формасында учурары маалым (Лебедева,1958,224). Сойоттор жана түздүктөгү тувалар тожутуваларды ушул мезгилде да "чооты" (чооду) деп аташары белгилүү (Бутанаев, 1990, 65). Келтирилген фактылар аталган этнонимдин параллели енисей кыргыздарында да болгондугун ырастады. Бул факты-материалдар аталган этникалык компоненттердин түпкү теги бир экендигин ырастайт.

**Чотон** – кытай уруусундагы кыйранын курамындагы урук (Абрамзон, 134). Антропоэтноним. Параллели казактардан "шотан" формасында кездешет (Жанузаков, 1982, 173).

**Чотур** – саруу уруусунун курамындагы урук. Этнонимдин параллели түркмөндөрдүн курамынан "чотыр" формасында кездешери аныкталган (Атаниязов, 1988, 131). Кыргыздын басыз уруусунда "чотур каман" аттуу урук бар экендиги маалым: «Чотур» байыркы түрк тилдеринде мүнөзү чукул: терс мүнөз маанисин аныктаган (ДТС,157).Чотур – мурду чоң адам (Радлов, Т.II, 2025-2026). Бул сөз азыркы кыргыз тилинде бетинде сепкили бар адамга карата да айтылат (Юдахин, 869). Этноним болжолу, лакап аттан улам келип чыккан.

